Окуучунун Китеп Текчесине

Касымалы Баялинов

# КӨЛ БОЮНДА

ОКУУЧУНУН КИТЕП ТЕКЧЕСИНЕ

**Касымалы Баялинов**

# КӨЛ БОЮНДА

Роман (**3**)
Повесть (**310**)

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 41

Бишкек
**«Кутаалам»**
2016

УДК 821.51
ББК 84Ки7-4
Б 34

**Баялинов Касымалы**
Б34 КӨЛ БОЮНДА: Роман, повесть: **(АЖАР) Б.: – «Кутаалам»,** 2016. – 328 б.

ISBN 978-9967-468-77-1

**К. Баялинов**

**КӨЛ БОЮНДА**

Көркөм редактору Ю. Ким
Комп. калыптоочу А. Арыкбаев
Корректор К. Абдиева

Басууга 12. 01. 2016 кол коюлду. Кагаздын форматы 60х84 1/16.
Офсет кагазы 80 г. Көлөмү 20,5 накта басма табак. Нускасы 500 даана.

«Кутаалам» басмасында даярдалды.
Бишкек ш., Горький көчөсү, 1.
**www.kutaalam.kg, e-mail.: kutaalam2012@gmail.kg**
Тел.: + 996 (312) 530 974, 534 863

Б 4702300100-16
ISBN 978-9967-468-77-1

УДК 821.51
ББК 84Ки7-4
© «Кутаалам», 2016

# КӨЛ БОЮНДА

Роман

Июнь айы. Кечетен бери күн көнөктөп жаап, бүгүн түш оой гана басылды. Самсаалап көктө асылган ак булуттар таарынып ажырашкан балдардай болуп бөлүнө, үзүлө баштады. Бирин-бири куушуп, алыскы Тянь-Шандын чокуларына жол тартты.

Түн кирди. Берметтей тизилген сансыз жылдыздар жымыңдашып, жер жүзүнө көрүндү. Жаркыраган сулуу ай да өзүнүн мээримдүү, муңайым, түнкү жарыгын ойго-тоого, жерге-сууга жиберди. Аба коңур тартты, бак-дарактар, көк майсан чөптөр истерин аңкытып, ого бетер көркүнө келди, жашарды. Дүйнө, таңдай катырган жайдын ысык чилдесинде салкын суу менен жуунган кишидей сергиди, эс алды.

«Келгиле эми мында» дегенсип, миң түрдүү күүгө салып, делебени козгоп, шаар багынын музыкасы ойнолду. Музыканын үнү угулганда, шаар жаштары бирдемеси унут калгансып, шашып, колтукташып бакты көздөй жөнөштү.

Шаар багынын дал орто жеринде «Ударник» кинотеатры. Анын батыш жагында Каракол суусу. Ал кирген буурадай коркунучтуу көбүк чачып, таштан-ташка тийип, өзүнүн коркунучтуу үндөрүн чыгарып, эңкейишти көздөй элирип, күркүрөп, шаркырап агып жатты.

Кинотеатрдын алды азан-казан эл. Элдин бир четинде орто бойлуу, оор салмактуу, кең ийиндүү, жашы жыйырма эки-жыйырма үчтөр чамасында сары чийкил, арык чырай жаш жигит бир чоң карагайдын түбүндө отурду.

Бул Жапар деген жигит.

Жапар партиянын райкомунун инструктору болуп иштөөчү. Мурда мугалимдик да кылган. Эми эки-үч күндүн ичинде ал аскерге согушка кеткени жатат. Жапар Пржевальскиде педагогиялык окуу жайынан окуган, көптөн бери сүйгөн, келечекте кызык, сонун турмушту куруу үчүн шерттешкен Жамиласына кезигүүгө, ага акыркы сөздөрүн айтып, аны менен коштошууга атайын бүгүн райондон келген.

Жапар шаарга келери менен эле Жамиланы издеп барган. Аны турган үйүнөн таба албай, кечте кинодон жолугушууга ага кат жазып калтырган. Жапардын мында, бак түбүндө күтүп турган себеби да ошол.

– Жапыке, сени биз кайда экен деп издеп жүрсөк, мында турбайсыңбы, – деген бир кезде Жамиланын үнү чыкты.

– Ооба, мен мындамын, – деди Жапар күлүп.

Жамила жалгыз эмес эле. Айша деген кыз менен ал бирге келген. Айша токтоо, муңайым, көп сүйлөбөй турган, эс-акылы бар кыз эле. Жамила болсо шайыр, сөзмөр, суйкайган, жароокер кыз. Ал жарашыктуу кийинүүнү, учуру келе калса тырмактарын боётууну, оюн-күлкүнү, кино-театрда жүрүүнү жаратуучу. Ошентип булар кулк-мүнөздөрү, жүрүш-туруштары жагынан бири-бирине кайчы келишсе да, башка кыздарга караганда, кандайдыр экөөнүн көңүлдөрү жакын эле.

Жапар Жамила аркылуу Айша менен таанышкан. Айшанын үйүндө да бир-эки курдай болгон. Фронтто Талып аттуу жигити бар экендигин да ал Жамиладан уккан.

Жапар кыздар менен кол кармашып көрүштү. Эсенчилик сурашты. Экөөнүн ортосуна түшүп алып, аллей менен басты, аны-муну, жокту-барды сүйлөшүп келип, аскерге чакыргандыгын аларга айтты.

Бул сөздү укканда демейде шайыр, сөзмөр Жамиланын кабагы бүркөлдү, сөзү токтолду. Башын төмөн салып, терең ойго баткандай. Бир кезде Жамиланы сөзгө катыштырмакчы болуп, Айша:

– «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген эмеспи. Жапар ага, армияга барганыңыз жакшы. Өзүңүз теңдүү, кыргыз жигиттеринин көпчүлүгү азыр армияда жүрбөйбү... – деди.

– Аныңызга рахмат – деди Жапар эки жагында бара жаткан кыздарга алмак-салмак көз жиберип. – Армияга баруу, Ата Мекенди коргоо биз сыяктуу жигиттердин ыйык милдети. Мен ал милдетимди үнсүз-сөзсүз аткарбасам болобу...

Бир топко чейин булар үнсүз-сөзсүз жүрүп олтурушту. Айша «сүйүшкөн эки жардын ортосуна кыпчылып мага эмне жок. Кетейинчи өздөрүнчө ээн-жай сүйлөшсүн» – деген ойдо болду. Бирок ал кандай кылып бөлүнүүнүн айласын таба албады.

Аллейдин тиги учуна чыгып кайра тарта берген кезде булардын каршы алдынан педагогиялык окуу жайынын үч-төрт кызы чыга келди. Араң келе жаткан Айшага шылтоо табылды.

– Жамилаш, – деди Айша Жамиланы карап. Сен Жапар ага менен басып турчу, тиги кыздарда азыраак жумушум бар эле мен азыр...

Айша кетти. Жапар менен Жамила өз эркинче калышты.

– Жамила, – деди Жапар Жамиланы колдон алып, – менин тилегим ушул эле. Мен эми ал тилегиме жеттим, армияга кете турган болдум. Бирок сен менден күдөр үзбө, кат жазып тур, мени унутпа, макулбу. Жамилаш. Ошент. Мен сени сүйөм, отурсам, турсам да элесиң дайым менин көз алдымда.

Жапар бир аз унчукпай турду да, кайта сөзүн улантты:

– Ким билет, жаным, балким мындан кийин көпкө чейин көрүшө албаспыс...

– Койчу, Жапыке, андай сөзүңдү. Кантип эле көпкө чейин көрүшпөйлү.

– Ошондой жаным, жол алыс. Алдыда көп тоскоолдор бар. Берлинге кирмейинче, жоону жеңмейинче мен үйгө кайтпайм. Буга ишен, жаным. Чоң кубаныч менен алдыңа келем.

Жапар Жамиладан көзүн алган жок. Эмнегедир экөө бирдей унчугушпай калды.

– Мен кайтканда, мени сен кандай кубаныч менен каршы алар экенсиң? – деди Жапар бир аздан соң Жамиланы карап.

– Эмне менен кубантам, Жапыке? Мен болсом, кыргыздын карапайым кызы. Менде эмне эрдик? Менин жүрөгүм сенде. Эсен-соо келишиңди гана тилейм. Ошондо да Жапыке, өзүмдө болгон бир кубаныч менен сени тосуп алгым келет. Бирок ал ойдо бар, иште жок, кыялдуу нерсе сыяктуу.

– Ал эмне ой, Жамила? Айтсаң, мен да билейин.

Жамила унчукпай калды.

– Кулагыма эле шыбырасаң.

Жапар күлүңдөп, эңкейип, Жамилага кулагын тосту.

– Педучилищаны бүткөндөн соң, пединститутка кирсем, дагы да окусам дейм, – деди Жамила.

– Дегеле жакшы болот. Жамилаш, ошент. Эмнеге сен буга күмөн кыласың? Бул сенин өз колуңдагы иш. Окуйм десең, окуйсуң да. Окуууга тоскоол барбы?

– Анын ырас, Жапыке. Өзүң айткандай ал менин колумдагы иш. Бирок кирүү экзамени өтө оор деп угам. Минтип согуш болуп, чачтан

көп иштер болуп жатса, экзаменден өтө алар бекемин? Менин коркунучум ошол.

– Өтөсүң, Жамилаш, өтөсүң. Аракет кыл. Аракет кылсаң, тилеңдин орундалышында шек жок,

– Аның ырас, Жапыке, билбейм, анда берки тилекчи?

– Дагы кайсы тилек?

– Билбей жатасыңбы?

«Ооба, билбей жатам» дегенсип, Жапар далысын күйшөдү.

– Эмесе, бери эңкейчи, айтайын, – деп Жамила назик үнүн дирилдетип, ооз учунан шыбырады: – «Сенсиз мен кантип жалгыз туралар экем?»

– Жаным, Жамила, – деди Жапар бирден үнүн чыгарып. Кабагың бүркөлбөсүн, кайрат кыл. Арабыз алыс болсо да, тилегибиз бир жерде Бири-бирибизге беришкен убадабыз жүрөгүбүздө бекем сакталат. Буга ишен, жаным, ишен!

– Ооба, ошондой, – деди Жамила да.

* * *

Күн уламдан-улам төмөндөп, илеби кайтып, Ала-Тоонун чокусуна жакындай берди. Көл жактан кечки салкын коңур жел согулуп, август айынын аптабына чаңкаган адамдарды бир аз эс алдыргандай, сергиткендей болот. Эртеден бери көйкөлүп, күн нуруна чагылышып, көз уялтып, тынч жаткан Ысык-Көл да, ал желге чайпала баштады.

Покровка пристаны. Пристанда көл үстүндө билинер-билинбес чайпалып, «Киров» пароходу турат.

Пароходдун жөнөшүнө бир аз убакыт бар эле. Армияга кетип бара жаткан жаштарды узата чыккан колхозчулар топтошуп, сүйлөшүп, пристандын четинде турушат.

«Кеңеш» менен «Өрнөктүн» карыялары да:

– Убакыт деген ушинтип бат эле өтөт тура. Кече эле булар жаш балдар эмес беле. Эми карабайсыңарбы? Минтип жигит болуп, аскерге кетип бара жатышат.

– Мына Жапар, тигине Нурбай, Асан болсо, антип тигинде турат, – дешип, баш ийкешип, өз ара сүйлөшүп жатышты.

Булардын, ичинде Нурбайдын атасы – Тургун да бар. Карыялар Тургундун көңүлүн көтөрмөкчү болуп Нурбайдын бала кездеги кылык-жоругун, аюуну атып өлтүргөн эрдигин айтышып, сүйлөшө кетишти.

Нурбай мергенчиликти атасы – Тургундан үйрөнгөн. Тургун революциядан мурда мергенчилик менен жан сактаган киши эле. Революциядан кийин да Тургун өзүнүн мурдагы сүйгөн кесибин таштаган жок. Нурбайды ээрчитип, ой-тоону кыдырып, мергенчилигин кылып жүрдү. Бирок соңку кездерде Тургундун колунун күчү, көзүнүн курчу кетип, карылыгы жетип, мергенчиликти ал таптакыр токтотуп, колхоздун коюна өткөн.

Нурбай бала кезинде эле аң уулоону жакшы көрүүчү. Атасы үйдө жок кездерде анын мылтыгын колуна алып, далай кекилик-чилдерди аткан күндөрү да болгон.

Күндөрдүн биринде, «Мен келгенче койлорго жакшылап, көз бол» деп, Тургун өзү колхоз жыйналышына – кыштакка кеткен.

Нурбай атасынын мылтыгын ийнине асынып, өзүн кадимки чоң мергенчиге окшотуп, Көк-Чалчыкка койлорду жайып чыккан.

Бир кездерде аска ташты айлана оттоп жаткан калың кой бери жогору Нурбайды карай үркөт. Койлорго эмне болду деп бала таңыркап, чуркап барып, аска таштын үстүнө чыгып, эки жагын карайт. Кандайдыр бир саксайган кара неме аска таштын алдында турат. Жакшылап караса – аюу. Баланын жүрөгү шуу дейт түшөт. Көп ойлонуп турбастан, мылтыгын ийнинен ала коюп шыкаалап туруп, тарс бир коёт. Ок аюунун көчүк жагына тиет. Аюу очорула түшүп, бери бурулуп, үстү жагында турган баланы көрөт. Жарадар болуп, жаны ачынган аюу аска таштын сол жагы менен жогору баланы көздөй тарталаңдап жүгүрөт. Эмне кылуу керек? Аска таштын үстү жагы ачык бет. Аны менен качса аюу жеткендей, жашынса ал тапкандай. Нурбай аска таштын оң жагы менен ылдый карай чуркайт. Аюу турган жерге келип, жогору жагын караса, өзү турган жерде аюу турат. Нурбай дагы атты эле, ок аюунун оң капталына тиет. Аюу күркүрөп, кыжырланып, таш менен баланы урмакчы болуп, колу менен асканы сыйпалайт; бирок колуна эч нерсе илинбейт. Дагы ал ылдый карай очорулуп жүгүрөт. Нурбай асканын экинчи жагы менен дагы жогору чуркап чыгып, алды жагын караса, аюу төмөн жакка эчак жетип, ал жерде жоосу көрүнбөгөн соң, мойнун буруп, жогору жакты карап турган экен. Нурбайды көрөрү менен эле ал жогору умтулат. Нурбай болсо, төмөн карай чуркайт. Ошентип Нурбай менен аюу бирин-бири куушуп, аска таштын асты-үстүнө бир нече курдай түшүп чыгышат. Акырында Нурбай аска таштын алдында туруп, жүрөгүн токтотуп,

өрөпкүбөстөн, үстү жагында турган аюуну так башка атат. Аюу өзүн көздөй кулайт. Нурбай жогору аска таштын үстүнө чуркап чыгат. Андан ары чуркайт... Жүрөгү дүпүлдөп, арт жагынан аны аюу кууп келе жаткандай болот. Нурбай коркконун ошондо билет. Койлор эчак кырды ашып кеткен. Койлоруна жетип, чогултуп, үйүнө айдап барат.

Тургун жаңыдан гана жакадан келип, атынан түшүп, колхоздо болгон жаңылыкты Күмүшкө айтып, сүйлөшүп олтурган кези экен. Нурбайдын купкуу өңүн көрө коюп, Тургун:

– Балам, садагам, эмне болдуң? Бир жериң ооруп турабы, малың аманбы? – деп, ордунан тура калат.

– Аман, атаке! – дейт Нурбай өрөпкүп. – Бир аюу аттым. Өлдү окшойт.

– Ботом, эмне дейт? Кантип?

Тургун чочуп кетет, бирок, Нурбайга ишенбейт.

– Кулунум, корккон экен го – деп, Күмүш да чочуп, ордунан турат. Коркcондо колдонгон илгеркинин жорук-жосунун кылып, сөөмөйүн баласынын оозуна салып, таңдайына тийгизип, «апаптап» коёт.

– Эмне дейсиң, балам? Чын айтасыңбы? – дейт Тургун кайра баласына.

Нурбай болгон иштин баарын да айтат. Тургун үнсүз-сөзсүз атына дароо мнниp, кап салынып, ошол жакты көздөй чүү коёт. Тургун аска таштын алдынан аюунун өлүгүн таап, союп, этин артынып, терисин атына жая салынып, күлүңдөп, зор кубаныч менен үйүнө кайткан.

Мына эми карыялар ошол аюунун тарыхын баш ийкешип сөз кылышты.

Тургун уулуна бурулду:

– Балам сен, карыялардын айтып жаткан сөздөрүн угуп жатасыңбы? «Карынын сөзүн капка сал» деп, алардын сөзүн унутпа. Бооруң бекип, боконоң ката элек кезиңде өз өмүрүңдү талашып, аюу менен кармашып, аны башка атып, жеңдиң эле. Эми бойго жеттиң, жигит болдуң, сени өстүргөн Мекениң! «Карышкыр койго карайт, эр жигит жоого карайт» деген. Эми сенин караганың, бет алганың– батыштагы канкор жоо. Аюу сенин жаш өмүрүңө кол салган болсо, эми фашисттик жырткычтар бүткүл Мекенге кол салып олтурат! Аюуну кандай жеңген болсоң, жоону да ошондой жеңе көр!

Күмүш баласынын көкүрөгүнө башын койду:

– Садагам, ошенте көр. Жоону жеңип, аман-эсен кайтсаң болду. Энеңдин ак сүтү сени колдогусу бардыр, кулунум.

– Макул, апаке! Макул, атаке! – деди Нурбай салтанаттуу күлмүңдөп. – Бир огумду да бекерге кетирбейм. Фашисттик жырткычты жер менен жексен кылмайынча, – артынан түшкөнүм түшкөн.

– Жакшы айттың, уулум! Жакшы! – деди Тургун, уулунун сөзүнө ыраазы болуп.

– Жакшы, жакшы! – деди карыялар да.

Күмүш жеңинин учу менен көзүнүн жашын сүрттү.

Пристандан бир аз алыс, арабага жөлөнүп, сүйлөшүп, Айсулу менен Асан турат. Асандын антип турганын карыялар байкашып, алар жөнүндө да сүйлөштү. Бирок эки жаш аны сезишкен да, билишкен да жок. Анткени, алардын өз кызыктары өздөрүндө.

Асан, Иликбайдын кенже баласы. Улуу баласы – Балтабай. Ал Өрнөк колхозунун сүт фермасынын башчысы болчу. Ал да бүгүн армияга кетип бара жатат.

Асан МТСте тракторист болуп иштөөчү. Бала кезинде ал ар нерсеге шыктуу эле. Көбүнчө, көп тетиктүү нерсе көрсө, аны үйрөнөм деп, такыр жаны тынчу эмес.

Бир күнү Балтабай стол саатын сатып келди. Балтабай жок кезде Асан аны колуна алды да, анын бардык тетиктерин ажыратып чыгарды. Ошол кезде Балтабай келип калбасынбы. Тетиктери жерде чачылып жаткан саатты көрө коюп:

– Кайда менин камчым? Буга мен көрбөгөндү көрсөтөйүн! – деди Балтабай ачууланып.

– Токто, байке, токто! Ачууланбасаң! – деди Асан.

– Кантип ачууланбайм? Бүтүлүү буюмду бүлдүрүпсүң. Жок, сен менден эми кутула албайсың. Тентектик эмне экенин мен сага билгизем.

– Кечке чейин токтолсоң, – деди Асан.

Балтабай ачуулана колун силкти да тышка чыкты.

Кеч чайга олтурганда:

– Сен, бул тентектигиңди коюп жүрөсүңбү, жокпу? Же, сен, менден бирди көрөсүңбү? – деди Балтабай Асанга ачуусунун тарабаганын билгизип.

– Эмнеге? – деди Асан.

– Эмнеге – дейт тура. Саатты эмне кылдың?

Асан, агасынын эмне үчүн ачууланып жатканын түшүнбөгөн кишиче, далысын күйшөдү. Колун сунуп, саатты көрсөттү:

Саат чыкылдап, стол үстүндө жүрүп жатат. Шыңгырап, үнүн чыгарып, мурункусундай коңгуроосу да кагылды.

– Жыйнадыңбы? – деди Балтабай мурутунан жылмайып.

– Кагылайын Асаным, – деди Иликбай да Асанды карап. – Сенин колуңдан бирдеңке келет экен го, илгерки заман болсо, балам, сен эчтемкеге жарабас элең. Эми бирдеңкеге жарайт экенсиң.

Биринчи ирет колхозго МТСтен трактор келди. Асан тракторду ээрчийт да жүрөт. Тракторчуну Асан эң бир бактылуу житит деп билди. Ошол жигиттей болгусу, тракторду айдагысы келет. Ошол жөнүндө Асан күн да, түн да ойлонот. Бул оюн Асан бир күнү атасы Иликбайга да айтты.

– Коё тур, уулум. Бир аз чоңой. Анан тракторчу болорсуң, – деп Иликбай карыя да баласынын көңүлүн жоошута турган.

Ошол жылы күздө, МТСте трактористтердин үч айлык курсу ачылды. Асан биринчи болуп ошого кирип, аны жакшы баа менен бүтүрүп, а дегенде тракористтин жардамчысы болуп иштеди. Барабара өз алдынча тракторист болуп иштей да баштады.

Колхоздун председатели да, колхозчулар да Асандын атынан айтпай, «Асаке-Асаке!» дешип, кадырлаша турган болду. Айсулу менен кездеше келгенде:

– Көрдүңбү, сүйгөн жигитиңди? Билип кой. Ал эми баягы Асан эмес, кадимки тракторист, трактор айдайт, – деп Асан өзү да компоё турган.

Мына эми Асан арабага таянып:;

– Мен келгенче эмне иш кылар экенсиң, Акиш? – деп сурады Айсулудан.

– Эмне иш кылат элем? Окуйм, – деди Айсулу.

– Аның абдан жакшы! – деди Асан баш ийкеп. – Кайдан?

– Сен окуган жерден.

– Трактористтердин курсунанбы? – деди Асан таң калып.

– Ооба.

– Койчу жок сөздү. Трактор айдоо кыздардын иши бекен? – деди Асан Айсулунун мунусун жаратпай.

«Мени эмне минтип кемсинтет?» – деп Айсулу Асанга өз ичи-

нен таарынды. Бирок таарынса да, армияга узап жаткан сүйгөн жарын ал кейиткиси келген жок.

Асан да ал сөздү айтарын айтып коюп, эмнегедир, өзү да уялгансып калды. Айсулуну трактор айдоону үйрөнөт, деген ишеним такыр анда жок эле.

Пароходдун козголор убакты жакындады. Асан менен Айсулу сөздөрүн бүтпөй кол кармашып, пристанды көздөй жүгүрүшкөндө, Айсулунун үстүндөгү үлбүрөгөн ак көйнөгү түнкү салкын желге желбиреп бара жатты.

Иликбай карыя эми улуу уулу Балтабайды карады. Балтабай да аскерге чакыруучулар менен бирге согушка кетип бара жатат. Ал башкалардай эмес, үстүндө аскерче кийими, белинде тапанчасы, башында боз шапкеси, шапкесинин маңдайында беш бурчтуу кызыл жылдызы бар. «Тамак-ашыңарды мындай салгыла, андай болгула», – деп ал жаш жоокерлерге аны-муну айтып түшүндүрүп жүрөт.

Аскерге чакырылгандар өз кийимдери менен. Кийимди аларга Фрунзеден бермекчи.

Балтабай Финляндия согушуна катышкан, андан соң ал кенже офицерлерди даярдоо окуусунда да болгон. Райондук аскер комитетинде да старший сержант болуп иштеген. Согуш башталганда Балтабай аскерге чакырылуучу пунктунда кызматта болчу. Мына эми ал өзү да согушка бара жатат.

Балтабайдын жеңил-желпи басканы, белиндеги тапанчасы, такырайтып кырдырган башына кийген боз шапкеси пристанда турушкан үч-төрт баланы таң калтырды. Алар батынып, Балтабайга барышкан жок. Көздөрүн Балтабайдан албай, карап турушат. Бир кезде балдардын бирөө бөлүнүп:

– Атаке! – деп, Балтабайдын жанына жүгүрүп келди. Бул – жашы он бир, он экилерге келген Балтабайдын баласы – Сатар эле.

Балтабай Сатарды эркелетип, эңкейип бетинен өптү. Сатар атасынын шапкесин колуна алып, анда кадалган беш бурчтуу жылдызды алаканы менен сыйпалап, башына кийди да, өзүн ал кызыл аскерге окшотту. Ар жагында турган балдар бирде Сатарды, бирде Балтабайды карашып, ичтеринен ага күндөшкөндөй болушат. А, Сатар болсо, атасынын тапанчасын кармалап:

– «Менин атам ушундай, көрдүңөрбү? Командир!»– дегендей маанини билдирет.

Эң акыркы коштошуу мезгил жетти. Аскерге чакырылгандар параходго түшө баштashты. Балтабай гимнастёркасынын этек-жеңин тарткылап, куруң ондоп курчанды да, уулуна кайрылды:

– Сатар, садагам! Мен азыр жөнөйм, кош! Энеңдин тилинен чыкпа, сабагыңды жакшы оку. Кат жазып тур, макулбу?

– Макул, атаке! – деп Сатар да командирине чест берген жоокерче какайып тура калды. Сатарга кошулуп, «Макул, ошентебиз!» – дегенсип, берки балдар да какайып тура калышты.

* * *

Түнкү саат он чамасы. Асманда алтын ай ак булуттарды жиреп, батышка карай жылып кетип бара жатат. Пароходдун үстү ай жарыгына ала көлөңкө тартып, төмөн жагы күңүрттөнөт. Пристанда эл батпайт. Эмнегедир колун булгап, кыйкырып, бышактап ыйлап жаткан аялдар да бар. Пароходдо армияга кетип бара жаткан жаштар. Барынын да жүзү жарык, кубанычтуу. «Согушка кетип бара жатабыз», – деген аларда ой да, коркунуч да жок.

Келди кезек коштошоор,
Тартабыз сапар алыс жол.
Жоону жеңип келгенче,
Кошкула журт аман бол!... –

деп, алар ырдашат, күлүшөт, каткырышат.

Жапарды энеси Бурулча узатып чыккан, Тойчубек болсо, узата албай калды. Анткени, ал, ошол кезде сыртта, малчылардын үстүндө болчу.

– Атаганат, ушундайда атасынын жоктугун карачы, көрүп калса болот эле – деп, Бурулча кейип, күйкөлөктөп, пристандын четинде турду.

Пароход козголду.

– Кош энеке, жакшы тур, атама салам айт! – деп Жапар колун булгап кыйкырды. Бирок анын үнү элдин ызы-чуусунан, толкундардын шарпылдаган, пароходдун моторунун дүкүлдөгөн үндөрүнөн Бурулчага жакшы угулбады.

Он эки ай көтөрүп, омурткасы сыздап, күн тынымын, түн уйкусун бөлүп, ак сүтүн берип, азап менен багып өстүргөн ардактуу баласы Жапар, таш боор жоо менен согушууга кетип бара жатканда мээримдүү эне кантип чыдап тура алат?

– Кош, каралдым, кош! – деди да бышактап, жашып, пристанга олтура кетти.

## II

Август айынын аяк чени.

Кийик өңүгөн мергенчидей карагайдан-карагайга далдаланып калың токойду аралап, батышты бет алып, советтик эки чалгынчы келе жатты. Алардын бирөө Жапар, экинчиси – Микола Иващенко.

Жапар чалгынга бүгүн гана чыгып олтурган жери жок. Ал чалгында мындан мурда да, алда нече курдай болгон. Далай оттун, далай өлүмдүн ичинен чыгып, далай эрдик көрсөтүп, «Тянь-Шандык чалгынчы» деген наамды алган.

Ырас, Жапар а деп согушка келгенде чочуп, коркуп жүрдү. Бирок бара-бара көнүктү.

Ал мындайча болду:

Согуш талаасы. Жапар окопто жатат. Ал чын согушту көрө элек. Ошентсе да Жапар немецтин учкан самолётторун көрдү. Немецтер жактан атылган замбиректердин үндөрүн да укту. Жер-суу дүңгүрөп, аба жаңырып, каршы-терши замбиректер атылып жатты.

Немецтердин самолеттору а деп учуп келгенде Жапар көзүн жумуп, башын окопко катып, «мен эми өлөт экемин» деп ойлоду.

Бул окуя немецтердин бомбардировщиктеринин түнкү чабуулунда болду. Бир кезде асман күрүлдөдү. Жапар башын акырын көтөрүп карады. Бирок эч нерсени түшүнгөнү жок, түтүндөнүп карарган асманды устарадай кылып кайкыган тилке-тилке шоолалар көрүнөт. Прожекторлор жарык кылганда, анын самолёт экени таанылат. Прожектордун жарыгынан самолёт качып буйтайт, акырында күйүп-жана баштады.

Жапар кубанды, Ал өмүрүндө мындай эч бир кубанганы жок эле.

– Тигине, карачы! Биздикилер атыптыр, фашисттик самолёт күйүп жатат, – деди Жапар жанындагы жолдошу Миколага.

– Ооба, күйүп жатат. Ошондой болсун, – деди Микола да.

Жапарда болгон мурунку коркунуч жоголду. Эми анда коркунуч ордуна кандайдыр бир кубаныч пайда болду.

Немецтик самолёттор дагы учуп келгенде, Жапар коркпостон асманды тике карады. Биздин шумкарлар да атырылып асманга учуп чыкты, жалтанбастан аларга качырып кирип, мөндүрдөй ок жаады-

рып, болот текөөрлөрүн салганда алардын кайсы бирөөлөрү асманда өрттөнүп, жерге түшүп, кайсы бирөөлөрү далдактап кайра качып жатты.

Аны көргөндө Жапар кубанды. Өзү да бала барчын бүркүт болуп, абага шаңшып учуп чыгып, жоруларды кыргысы, өлтүргүсү келди.

Жапар жаткан окоптун ар жагы снаряддар түшүп, ар кайсы жери оюлуп эшилген сары талаа болчу. Талаанын оң жагында жалгыз аяк жол бар, ал жол батыш жакта суунун аркы өйүзүндө турган кичине бир селого барып кирет. Селонун бери жагы суу, бойлору токой.

Селону немецтер басып калган. Анда өрттөлгөн үйлөрдүн түтүндөрү буркурап асманга чыгат. Немецтер селону талаганын, эч бир жазыксыз абышка-кемпирлерди, катын-балдарды кыйнашканын, өлтүргөнүн жоокерлер жакшы билишет.

Селодон качып чыккан бир топ колхозчулар жоокерлерге келип, фашисттерден көргөн кордуктарын, муңун-зарын айтышты, муштумун түйүп, немец жакты көрсөтүп:

– Балдарым!

– Иничектерим! Биз үчүн, элиңер-жериңер үчүн душмандан өч ала көргүлө! – дешип, көз жашын көлдөтүштү. Душман тылында, селодо бир да киши калбаганын, алар баары да душман тылында партизандык кылып кетишкенин да алар айтышты. Карыбыраак калган бир колхозчу Жапардың жанына басып келди да, жоолук менен ороп көтөргөн бирдеңкесин ага көрсөттү. Жапар үңүлүп ага караса – төрт-беш жашар бала. Ал эчак өлгөн. Анын жибектей жумшак, алтындай сары чачы соккон желге кыймылдап, желбиреп турат.

Колхозчу көзүнүн кыйыгы менен колундагы баласына карап алып, терең үшкүрдү да:

– Чиркин, бала деген кыйын экен, күн-түн дебей менин оюмдан такыр чыкпай койду. Тогуз жылча бала көргөнүм жок эле. Аялым экөөбүздүн зарлап жүрүп тапкан балабыз жалгыз ушу болчу. Эми мени бótодой боздотуп, фашисттик жырткычтар жалгызымдан ажыратты. Шордуу энеси, эгерде ал аман болуп, баласынын өлгөнүн билген, көргөн болсо, байкуш эмине болор эле. Армияга жазылайын деп, эми шаарга бара жатам.

Жапар упчукпастан сапёрлорго барды да, алардан күрөк алып, колхозчуга жардамчы болуп, көр казышты. Микола да кол кабыш кылышып, Жапар менен бирге баланы көмүштү. Колхозчу жөнөмөкчү

болгондо, Жапар: Карыя, кайгырбаңыз. Балаңыз үчүн биз душмандан өч алабыз, – деди да, аны менен кол кармашып коштошту.

– Ошентебиз карыя, кайгырбаңыз, – деп Микола да Жапардын сөзүн кубаттады.

Ушундан тартып, Жапар менен Миколанын ортосунда кандайдыр бир жакындык, достук пайда боло баштады. Ал достук бара-бара чыңалды. Экөө ажырагыс болуп, согушка кирсе да бирге кирип, чалгынга барса да бирге бара турган болушту.

Мына ошондо Жапар село менен токойдун карама каршысында окопто жатып, колхозчунун баласы жөнүндө ойлогон... «Ушул жерге совет элинин бир жеткинчеги көмүлдү. Анын гүлдөгөн өмүрүн мыкаачы фашисттер өчүрдү, өлтүрдү. Ушул жерди кашык каным калганча коргоого, мүрзөнү немецтерге тепсетпеске мен ант беремин» – деген болучу Жапар.

Ошентип Жапар такшала баштады. Кийинчерээк ал коркуудан калды, чыйралды, чыңалды. Атылган октор, жарылган мина, снаряддар ал үчүн бир көнүмүш иш болду. Анын үстүнө, бүгүн чалгынга бирге бара жаткан Иващенкодой көптү көргөн, көптү билген, башынан мурда оор кыйынчылыктарды өткөргөн, тажрыйбалуу чалгынчы жолдошу бар. Андай жолдош менен Жапар жердин жети кат түбүнө кирип кетсе да ыраазы.

Иващенко – украиналык жигит. Халкин-Гол, фин согуштарында болгон адам. Жашы 35–40тар чамасында. Катын-балдарын немецтер басып калган. Алардын өлүү-тирүүсү ушул күнгө чейин ага белгисиз.

Сүйгөн жарын, асыл балдарын эстегенде Иващенконун оозунан көк түтүн чыгып, тапка келген кыргыйдай алга умтулат да турат. Бул, анын «Куру кайрат таш жарат» болуп, өзү барып, жоого урунуп, өлгүсү келгендиктен эмес, жолуна жолто болгон немецтерди көбүрөөк өлтүрүп, үй-бүлөсүнө тезирээк барып, аны азаптан тезирээк куткаргысы келгендиктен болгон иш эле.

Чалгынчылар өтө этияттык, чебердик менен келе жатышты. Айлана жымжырт. Чайыры тамган кызыл кабык карагайлар гана качырап, шуулдап, сүйүү сөздөрүн сүйлөшкөндөй, маектешип бирине-бири баш ийкегендей, жүгүнгөндөй болушат. Күндүн алтын шооласы ай-ааламга таралды, чөптөрдүн үстүндөгү сымаптай көйкөлгөн шүүдүрүм көз уялтып жаркырайт. Кандайдыр бир коркок коён чыга келип, кулактарын сербеңдетип, кыл муруттарын күн нуруна чагыл-

тып, ар кайсы жерге чочоюп отура калып, алдыңкы эки буту менен бетин жууунду да, кайдадыр бир жакка житип жоголду. Канаттуу куштар да шактап учуп, бутактан бутакка секирип конуп, миң түрдүү күүгө салып сайрап жатты.

Мунун баары да көзгө жылуу, жүрөккө жакын... Бул жер – киндик кесип, кирин жууган, жыргалда, кубанычта жашаган украина элинин – совет элинин жери.

Бир бурулушка келе берген кезде биздин позиция жакка атылган мылтыктын үнү угулду. Чалгынчылар тык токтой калып, ал жакты караштЫ. Адегенде аларга эчтеңке көрүнгөнү жок. Бир топтон кийин аны Жапар көрө койду:

– Тигине, көрдүңбү, каскасы күнгө жаркырай түштү.

– Кана? Мен көрө албай жатам. Азыраак алга басып, тиги көрүнгөн карагайдын түбүнө баралычы.

Чалгынчылар өбөктөшүп, буттарынын учу менен акырын алга басып, карагайга келишти.

– Мен такыр көрө албай койдум. Кана кайсы жерде? – деди Микола ооз учунан.

Жапар Миколаны жеңден тартып:

– Көрдүңбү... тигине... – деди.

Чалгынчылар демин ичине алып, жашырынышып, былк этпестен ошол жакты караштЫ. Бир-эки минутадан соң эки карагайдын ортосундагы бутактар кыймылдап, кандайдыр бир карарган эме көрүндү.

– Ий... Эми көрдүм. Немецтин солдаты экен. Эмне кылган менен сен менден жаштык, көзүң курчтук кылды, – деди да Иващенко: – Це-не наш, фашист, мабуть маты у него нездорова була, подывысь як брыкается, – деп ал ооз учунан өз эне тилинде кобурап, сүйлөнүп алды.

Жапар украинча бул сөздүн маанисине түшүнбөсө да Иващенкону түшүндү. Анткени, Иващенко менен анын оюу, жолу бир. Көздөгөн максаты да, тилеген тилеги да башка эмес. «Өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололу», деп айтышкан ыйык сөздөрү экөөнүн тең жүрөгүндө.

– Эмине кылалык, атып салалыкпы? – деди Жапар.

– Жок, тирүүлөй колго түшүрөлүк.

Иващенко засадага Жапарды калтырып, жашырынып, солдатты

көздөй жөнөдү. Коён аңдыган илбирстей боортоктоп жылып олтуруп, немецтин арт жагынан келип, далысынан аны басты да калды.

«Тил» даяр.

Немец эки көзүн алаңдатып, безгек болгон кишидей дене боюн калтыратып, ордунан турду. Үңкүйүп, башын төмөн салып, бөйпөңдөп чалгынчылардын алдына – жолго түштү.

Чалгынчылар туткунду өтө этияттык, акырындык менен айдап алып келип, командирге тапшырышты.

– Оо! «Тил» кармап келген турбайсыңарбы. Жарайсыңар, азаматтар, – деди командир.

– Микола кармады, мен кармаганым жок, жолдош командир, – деди Жапар.

– Жок «тилди» алып келген Жапар болду. Мен ага жардамчы гана болдум, – деди Микола.

Командир мурутунан күлдү:

– Кимиңер кармап, кимиңер алып келсеңер да ишке жарадыңар, – деди да командир, Жапарга эки кат сунду. Ал каттын бири атасы – Тойчубектен, экинчиси – сүйгөн кызы Жамиладан болчу. Жапар каттарды алып мындай чыккан соң:

– Кана, тылда эмине жаңылыктар бар экен? Окучу, – дешип жоокерлер Жапарды тегеректеп, ортого алышты,

Жапар эң абал атасынын катын окуду. Анда төмөнкүдөй сөздөр жазылган:

«Каралдым, Жапар!

Мен сырттан келсем, сен армияга жөнөп кетипсиң. Ошентип мен сени көрө албай, коштошо албай калдым. Аталык сөздөрүмдү айтып, батамды берип, өз колум менен улуу жолго сени узата албай калганыма мен абдан өкүндүм.

Тынч жаткан элибизге бүлүк салып, алтын уйкубузду бузуп, улуу партиябыз берген ырыс-таалайды тартып алмакчы болгон канкор жоону тирүүлөй жуткум келет. Айла жок...

Бул менин гана тилегим эмес, мен сыяктуу миңдеген кишилердин, кыргыз элинин тилеги.

Уулум, өзүң билесиң, мен сага алда нече курдай айтканым бар. Энең экөөбүз Совет өкмөтүнө чейин эч бир жакшылык көргөнүбүз жок эле. Өмүрүбүздүн көбү турмуштун тепкисинде, кедейчиликте өткөн. 1917-жылы Турпандан кайтканда Караколдо өзбек, татар бай-

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 41

ларына малай болдук. Мен ошондо жаш Совет өкмөтүн коргоо үчүн өз ыктыярым менен кызыл гвардияга жазылып, Лепси – Капал согушуна кеттим.

Ал кезде ал-абалыбыз өтө оор эле. Боору бекип, боконосу ката элек жаш Совет өкмөтүн душмандар төрт тараптан тең курчап алды. Ошондо биз Совет өкмөтүнүн жеңерине ишендик. Биз, гвардеецтер курсагыбыз ток, кийимибиз бүтүн болбосо да батышта да, чыгышта да, түндүктө да, түштүктө да арстандарча алыштык. Акыры жеңип чыктык.

Совет өкмөтү болбогондо сенин мындай адам болууң, болбооң күмөн эле. Сени окутуп, тарбиялап, маданияттуу адам кылып чыгарган Совет өкмөтү. Сен ал өкмөтүңө карыздуу, милдеттүүсүң. Сен ал карызыңды айныбас антың, адал кызматың менен аткарууң, актооң керек.

Уулум, атаңдын айткан сөздөрүн ук! Сен жаш коммунистсиң. Сен дайым алдыда бол. Биздин бактыбызды, бүткүл адам баласынын бактысын сакта, жоодон качпа. Баатыр бол. Жоого жалтанбастан качырып кир. Качырганда колуң титиреп, көзүң ирмелбесин. Башкаларга үлгү көрсөт, алар сенин артыңан ээрчигендей болсун. Биздин ишибиз чындыкта, албетте, биз жеңип чыгабыз, мында эч бир шек жок.

Алыста – тылда жаткан биз тууралу ойлонбо. Биз Кызыл Аскердин жеңишин камсыз кылуу үчүн ойдогудай иштеп жатабыз. Тынч убакта жумушка чыкпаган абышка-кемпирлер жапырт жумушка чыгышты. Колхоздо жумушка жарарлык эр бүлө аз болгон соң, кол кабыш кылайын деп малдан мен талаа жумушуна келдим. Председатель кылып коюшту. Кээ бирөөн үгүттөп, кээ бирөөнү жемелей, келин-кесектерди уялтып, жумушка чыгарып жатам. Өзүм күн-түн дебей талаадамын. Үйгө жумасына бир келсем келем, келбесем жок.

Өзүң билесиң, сен барда энең үй кызматында жүрчү эмес беле. Эми ал эпкиндүүлөрдүн бири. Звеного башчы, орокто анын звеносу колхоз боюнча алдыда. Жакында энең бир жыйналышта жаштарды уялтып, мелдешке чакырып, аларды намысына келтирди. Ошондон кийин жумушка кеч чыккан жаштарды көрөсүң, «кемпирден калгандан көрө өлгөнүбүз жакшы», – дешип алар таң сүрө жумушка чыгып, күн бата үйгө кайтып, иштеп жатышат.

Шүгүрчүлүк, колхозубуз жаман эмес. Мамлекеттик бардык

пландан кутулдук. Согуштук заёмго жазылууда да, танкалык колоннага акча жыйноодо да биздин колхоз алды болду».

Уулум Жапар! Кызыл Армиянын даңктуу баатыр жоокерлеринин, мекендин ардактуу, асыл уулдарынын бири бол. Сендей жоокер уулу менен мендей атаң сыймыктана, мактана алат,

Кош, уулум.

Атаң: *Тойчубек*».

Жапар мындан кийин Жамиланын катын окуду. Жамила катында шаарда, мектепте, элде болгон жаңылыктарды жазып келип, катынын аягын төмөнкүдөй сөздөр менен бүтүргөн:

«Секетим Жапар, сени мен сагындым. Үзбөй кат жазып тур. Мен берген убадамда, айткан сөзүмдө турам. Менден кам санаба. Мен сени сүйөм, сени күтөм...

Кат жазган: *Жамилаң*».

– Мына кубаныч...

– Мына сүйүү...

– Өзүң мында минтип эрдик көрсөтүп жатсаң, анда ата-энең антип ийгиликке ээ болуп, сүйгөн кызың тигинтип сени күтүп жаткан турбайбы – дешти жоокерлер.

Жапар кагынып, силкинип, салкын суу менен бети-колун жуунду, тамактанды. Үстүндөгү шинелин чечип, белин бошотту, элден келген эки каттын кош кубанычына батып, таттуу уйкуга кетти...

* * *

Ата Мекенди коргоодо көрсөткөн эрдиктери үчүн командование Иващенкону үчүнчү даражадагы Даңк ордени, Жапарды Кызыл Жылдыз ордени менен сыйлады. Анын үстүнө Иващенко старший сержант, Жапар сержант деген наамды алышты. Ошондо да эки дос өздөрүнүн сүйгөн иштерин ташташканы жок, кезек-кезек чалгынга барып жүрүштү.

Күндөрдүн биринде Жапар жалгыз чалгынга барып, «Н» пунктуна топтолгон душмандын күчүн билип кайтты. Биздикилер чабуул коюуга даярданышты. Жапар автоматын колуна алып

Колго сени алайын,
Тетигиңди карайын.
Майлап, күтүп, бапестеп.
Чоң жеңишке барайын.

Анда жаза чаппасаң,
Кызматымды актасаң,
Болбос менде эч арман
Жоо өлүктү таптасам.

деп, күңкүлдөп ырдап, автоматын майлай баштады.

Чабуул күн чыга башталды.

Биздикилер душмандын шаштысын кетирип, куушуруп кирип барышты. А дегенде душман шашып калып, дайынсыз чачыранды атышты. Бирок бир аздан соң эсин жыйып, күчүн топтоп, бардык жактан окту жамгырдай жаадырышты. Душмандын самолёттору да учуп келип, биздин позицияга бомба ташташты. Биздин самолёттор да атырылып, асманга учуп чыгып, алар менен атышып жатты. Абада октор тарсылдап, жерде замбиректер күрүлдөп, снаряддар да учуп келип жарылып, жерди астын-үстүн кылды. Эки жактан тең чыгымдар көп болду. Бир кезде Жапар жанында атышып жаткан жолдошунун окко учканын көрдү. Анын ордуна экинчиси турду. Бирок ага да ок тийди. Жарадар болду. Ошентсе да ал пулемётун таштаганы жок. Мындай катуу коркунучтуу согуштарда туруктуулук, кажыбас кайраттуулук керек эмеспи? Жоокерлердин эч кимиси да мындан корккон да, качкан да жок. Ким үчүн, эмне үчүн согушуп жатканын алар өздөрү жакшы билет.

Согуш эки саатча созулду. Согуш канчалык узарган сайын ошончолук Жапардын кыжыры келди. Жалтануу, коркуу деген Жапарда болбоду. «Жоодон качпа, баатыр бол» деген атасынын сөзү ага жаңы дем, жаңы күч берди. Анда кандайдыр бир баатырдык пайда болду. Чарчаган колуна, талган көзүнө карабастап, автоматын ары-бери жылдырып, тынбастан ата берди.

Бир кезде Жапар, андан аркан бою алыстыкта жаткан командир Соловьевди көрүп калды. Ал башын көтөрүп, айланасында атышып жаткан жоокерлерди карады. Анын оттой жанган көзүнө Жапардын көзү учурай түштү. Ал көз, Жапарга кандайдыр бир иш жөнүндө айткысы келген сыяктанды. Командир колун көтөрүп, оозун ачып, «Алга!» деп айта берген кезде, кайтадан жерге жыгылып кетти.

Муну Жапар көрдү, жылып жанына жетти. «Бүткөн боюна снаряддын чачырандысы тийген экен» деп ал ооз учунан айтууга гана араң жарай алды. Үн жок, сөз жок селдейип командирге үңүлүп карап турду. Командирдин жыгылганын башка жоокерлер да көрүштү:

алар атуудан токтолушту. Ал жерде кыска минуталык, коркунучтуу жымжырттык пайда болду.

Дал ушул оор минутада Жапар секирип туруп:

– Алга! За мной! Ура! – деп кыйкырды. Анын үнү толкунданып, алыска алда кайда угулду.

Жапар алга карай жүгүрдү. Анын артынан агылып башка жоокерлер да чуркашты. Жоокерлердин эч кимиси да мурда мындай жааган окко каршы чыгышканы жок эле. Жапардын бул кыйкырыгы аларга кандайдыр бир күч, кандайдыр бир кубаныч, шаттык туудурду. Жоокерлер өлөрүнө, тирилерине карабастан ураалап кыйкырып, Жапардан калбай кетип бара жатышты.

Жапар мылтыгын бекем кармап, штыгын алга карай сундуруп, жоокерлердин эң алдында кетип бара жатат. Анын оттой жанган көзү алды жакта.

– У-р-а-а!

– У-р-а-а!

Советтик жоокерлердин күчтүү, каардуу ураалаган үндөрүнө немецтер каршы туралбады, качышты. Мына Жапар немецтерге аралаша түштү. Анын курч штыгы бир немецтин аркасына барып кадалды. Ал доңузча өкүрүп барып, бет алдынан жыгылды. Жапар штыгын дароо андан сууруп алды. Дал ошол кезде Иващенкону Жапар көрүп калды. Ал бир немецти кууп бара жаткан кези болчу. Иващенко аны саюуга жакындап калганда, Иващенконун өзүн саюуга арт жагынан бир фашист ага жакындап калган. Жапар немецти дароо штык менен капталга коюп өттү. Ал да үстөмөнүнөн барып жыгылды.

– Мекен үчүн алга!

– Алга! Алга! – дешип, Жапар менен Иващенко жеткендерин сайгылап, жетпегендерин аткылап, фашисттерди кууп кетип бара жатышты. Бир кезде Жапардын көзү караңгылана түштү, жыгылып кетти. Ордунан туруп, басмакчы болду эле, кайра дагы жыгылып кетти.

– «Шайтан сайып, мен жарадар болгон экемин» – деди Жапар. Эки колу менен жер таянып алга жылды. Бул, Жапар үчүн оңтойлуу, табигый бир иш сыяктанды. Дагы алга жылып, башын көтөрүп:

– Алга! Алга! – деп команда бере берди.

Жапар умтулуп, алга жыла берип, тикенектүү бир түп бадалга эптеп жетти. Анын арасынан чабуул коюп, «Н» пунктуна кирип бара жаткан жоокерлердин карааны көрүндү. Жапар бардык күчүн жы-

йып, эки колу менен жер таянып, дагы команда бермекчи болуп, башын өйдө көтөрдү, бирок башы айланып, жер-суу көчүп, кайта жерге жыгылып кетти...

### III

Жапар керебетте жатып, бир аз кыймылдады. Бүткөн бою, сай сөөгү сыздап, ооруйт; сол буту көтөрүлтпөйт. Жанына жай табалбай кыйналып, онтоп жатты...

– Кайрат кыл, балам, кайрат кыл! – деген бирөөнүн мээримдүү үнү угулуп, Жапар жаткан кроваттын жуурканын оңдоп жапкандай болду.

Жапар көзүн ачты. Жанында улгайган бир орус аялы олтурат.

– Эсиңе келдиңби, балам? Жакшы! Өмүрүң узун болот экен, – деди аял.

Бул – госпиталда санитарка болуп иштеген Глаша деген аял эле. Жаш өмүрүн сактоого доктурлар гана аракет кылбастан, санитарка Глаша да аракет кылганын Жапар кийинки күндөрдө эсинен чыгарган жок. Жапар жаны менен алпурушуп кыйналып, оор абалда жаткан кездерде Глаша келип, Жапардын көңүлүн көтөрүп, «жамандыктын жакшылыгы да бар, жакшылык алдында, балам» – деп да алда нече курдай айткан.

Мына азыр да:

– Кайрат кыл, сакаясың, балам. Үйүңө кетесиң. Келинчегиң барбы? – деп сурады Глаша.

Жапар башын чайкады.

– Болбосо сүйгөн кызың бардыр.

Жапар жарадар болгондон бери эч бир жылмайганы, күлгөнү жок эле. Азыр биринчи ирет жылмайды.

– Мына, көрбөйсүңбү, сүйгөн кызың бар тура. Ошол жөнүндө көбүрөөк ойлон, балам. Ооруңду унутасың, – деди да Глаша ордунан туруп, тышка чыкты.

Палатанын ичи жымжырт... Ызылдап ары-бери учкан чымындар да бүгүн көрүнбөйт. Тынчтыктын кучагында, кроватта жатып, Жапар көйкөлгөн көк жашыл Ысык-Көлүн, сүйгөн жары Жамиласын көз алдына элестете баштады

* * *

Мына Жапар менен Жамиланыи Пржевальскиде таанышкан биринчи күнү. Жаңы жылда студенттердин зоок кечесинде таанышкан.

Жыйналган жаштар «Жаңы жыл, жаңы бакыт» менен бирин-бири куттукташты. Чынында да Жапар ошол кечте Жамила менен таанышып, көптөн самаган бактысын тапкан болчу.

Жамила менен Айшаныкында конок болгонун Жапар көз алдына элестетти. Убакыт кеч эле. Кыздар тамак даярдай башташты. Жапар полго салынган көлдөлөңгө отуруп, тегерек кичине столдун үстүнө коюлган кол лампанын жарыгына газет окуп жатат. Лампа күчү жок күйөт. Анын алсыз начар нуру үйдүн төрүнө жетпей, караңгылыкка житип жоголот. Бөлмөнүн коңул-бурчтары ала көлөңкө тартып, ачык көрүнбөй, андагы буюмдар жашырынган сыяктуу.

– Жапар ага, – деди Жамила бир кезде эшиктен кирип, – руксат этиңиз, бир минутага лампаңызды алайын.

Жамила лампаны колуна алып, колдо сүзгөн ак ккуга окшоп, толкуй басып, бөлмөнүн бурчтарынан бирдеңке издегендей болду. Лампаны колуна кармап, Жапардын бет алдынан өтө бергенде, Жапар анын ак жуумал жүзүнө, кара кашына, моймолжуган бото көзүнө көзүн түшүрдү. Жамиланын жүзүндө ошондой бир жагымдуу, сүйкүмдүү сулуулук бар эле.

Коноктон соң Жапар Жамиланы узатып чыкты.

Кечки саат он чен. Асман ачык, көк деңизинде сүзүп жүргөн сансыз жылдыздар бир-бири менен ым кагышып, жымыңдашат... Сулуу ай да, өзүнүн сүйкүмдүү түнкү жарыгын ай-ааламга жиберип, батыш жакка сүзүп кетип бара жатат. Алыста – алда кайда баштарын туман чалган кардуу Ала-Тоонун чокулары элес-булас шаңданат. Кең талаада көшүлүңкү тартып, жаратылыштын түнкү тынчтыгы ичинде мемиреп, уктап жатат...

Эки жаш килемдей тошөлгөн, гүлүн чачкан, жыпар жыттуу көкжашыл жаш чөптөрдүн үстү менен катар басып, сүйлөшүп жүрүп олтуруп, Жамиланын үйүнөн өткөнүн билбей да калышты.

Жолдоката Жапар ой-тилегин, дарт-арманын, ашыктык кумарын Жамилага баштан-аяк баарын да айтты. Жамила башын төмөн салып, ынтасын коюп, сөздү угуп, унчукпастан жүрүп олтурду.

– Жамилаш, – деди бир кезде Жалар токтой калып.

– Мен сени жан-дилим, чын жүрөгүм менен сүйөм. Күн да, түн да мен сени ойлоном. Сенин элесиң дайым менин көз алдымда. Сен мага бардык нерседен жакын, бардык нерседен кымбатсың. Сени мен эч кимге да теңебейм. Сени күндө көрүүгө, күндө сени менен

сүйлөшүүгө, ичтеги дарт-арманды, кубаныч-жыргалды сени менен бөлүшүүгө ар качан мен даярмын. Сенин да ошондой болууңду мен каалайм. Сени менен кол кармашып, биргелешип, келечекте сонун турмуш өткөрүүгө, маңдай чачыңды сылап, эркелетип, сенин жумшак, муңайым күлкүңдү угууга мен кумармын. Сүйүү-сүйүлүү эки жаштын ортосунда боло турган чоң бир бакыт. Ал бакытты ким болсо да алгысы, аны менен ким болсо да кубанычтуу кызык турмуштун эшигин ачкысы келет. Кайсы бир арамзаада, арсыз адам өзүнүн митаамдык, жалган сүйүүсү менен башкалардын бактысына жолтоо болгусу келет. Бирок мен андай ойдон оолакмын. Сенин бактыңа бөгөт болоюн деген менде такыр ой жок. Мен кайта сенин бактылуу болууңду тилейм. Менин сүйүүм да жалган сүйүү эмес, чыныгы сүйүү. Мен сени сүйөм. Эгерде сенден да мен бир ооз «сүйөм» деген сөздү уксам, анда менде арман болбос эле.

Жамила унчуккан жок. Күлүмсүрөп, башын төмөн салып, Жапардын акыл-эсине, өтө урмат, ызат менен ойдо жок иштерди козгоп, олуттуу-орундуу сүйлөгөнүнө ага өз ичинен чоң баа берди. Жапарды жалгыз гана сүйлөтүп коюп, өзүнүн унчукпай келе жатканын ал орунсуз таап, бир-эр нерсе айтмакчы болду эле, бирок да кыз балада боло турган жалпы уялчаактык аны жеңди. Ал ага багынды, кысылды, уялды. Өзүнүн ой-тилегин чечилип, Жапарга айтып бере албады. Жароокер, жагымдуу көзү менен гана Жапарды астыртан карады да, күлүмсүрөп тим болду.

– Жамилаш, неге унчукпайсың – деди Жапар. Менин жаңкы айткан сөздөрүм көңүлүңө оор тийген болсо, анда мени кечир.

– Жок, анчейин, өзүмчө эле, – деди Жамила.

Булар шаар сыртында Каракол суусунун үстүндө салынган көпүрөгө келип токтошту. Алыстан – мөңгүдөн бери таштан-ташка тийип, көбүк чачып, жол тартып келген Каракол суусу көпүрөнүн алды менен шаркырап-күркүрөп агып жатты. Бир кезде мурункудан да өтө муңдуу, шумдуу кылып, көңүлдү эритип, жүрөктүн эң түпкү, эң ичке жеринде жаткан сырды тапкандай, алда кимди кол булгап чакыргандай, шаар багынын музыкасы ойнолду.

Жамила көпүрөгө таянып, башын төмөн салып, тилсиз, сөзсүз агып жаткан тентек сууга көзүн салды. Эмнегедир ал, түпсүз терең ойго баткандай болду. Жапар аны оң колу менен имере кучактап, сол колу менен анын колун кыса кармады. Эки жаштын ысыган денелери

бирине-бири тийишкен кезде, үлбүрөгөн жазы ак көйнөктүн ары жагындагы Жамиланын жүрөгүнүн тынымсыз дүпүлдөп соккону Жапардын кулагына угулду,

– Айтсаң, Жамилаш, мени сүйөсүңбү? – деп Жапар Жамиланын ай нуруна чагылышкан аппак жүзүн тике карады.

– Мындай сөз менен мени эмне кыйнайсың? Өзүң билсең боло! – деди Жамила.

– Билем, жаным, билем. Ошентсе да өз оозуңдан сенин бир ооз ширин сөзүңдү уккум келет.

Жамила ийменгенсип күлүмсүрөп, унчукпай бир аз турду да, күмүш көкөн сыяктуу шыңгыраган коңур үнүн чыгарып, дандаана кылып туруп:

– Билбейм, Жапыке! Сенде болгон сезим менде да бар сыяктуу. Балким, сенин издегениң ошол чыгар, – деди.

Жапар бул учурда өзүнүн эмне экенин билбей кетти, жаш көңүл коргошундай балкып, жаштыктын жеңилгис таасирине, мастыгына берилди. Жамиланы кучактоого өзүн көздөй тартты. Ал да ага ийиле берди.

* * *

Жапар көзүн ачты. Жанында, доктор менен сестра турат. Сестра Жапардын бутундагы бинтин чечти. Доктор орундукка олтуруп, Жапардын бутуна көзүн салып, бир аз турду да, башын көтөрдү.

– Жолдош доктор, менин жарам кандай? – деп сурады Жапар доктордон.

– Чынын айтсам, иничек, жаратың начар. Бутуңду кесмейинче боло турган көрүнбөйт, – деди доктор.

– Кантип? – деди Жапар чочуп. – Жок! Жок кестирбейм!

– Кесмейинче болбойт, – деди доктор мурунку сөзүн кайталап.

– Жок-жок! Бутумду кеспей айыктыр! Доктор болгонуңар кайсы? Чолок болсом, Берлинге баралбай калам. Берлинге чейин барам деген убадам бар. Бардык аракетти кылып, мени кайра аскер катарына кошо көрүңүз.

– Үч жумадан бери сенин бутуңду кеспеске аракет кылдык. Бирок болбоду. Өмүрүңдү, ден соолугуңду сактоо үчүн, албетте, биз бутуңду кесүүгө аргасыз болуп олтурабыз, – деди карт доктор өтө сабыр менен ишендире сүйлөп.

– Жок, доктор. Бирөөгө мен жүк болгум келбейт. Жоокер болгум келет, – деди Жапар көз жашын кылгыртып.

– Жоокер да, тылдын советтик адамы да болосуң. Азыр биздин бардык оюбуз согушта. Жоону жеңүүдө согуштун бардык участкаларына да жоокерлер керек.

– Доктор оң колун Жапардын ийнине койду да, сөзүн улантты: Ошондой, иничек, Берлинге чейин барам деп убада берген болсоң, анық абдан жакшы иш. Бирок сенин ал убадаңды эми башкалар аткарат. Алардын аткарарында шек жок. Сен Мекендин кызматын аткардың. Сага эми атак! Даңк!

Доктор да, сестра да чыгып кетишти. Санитарка Глаша гана Жапардын жанында калды. Жапардын башындагы жаздыгын оңдоп салып:

– Кайгырба, уулум! – деди Глаша Жапарга тааныш боорукер сөзү менен. – Уулум, сен бош жигиттерден эмес көрүнөсүң. Мунжу болсоң да, буттуулардан кем иштебессиң, деп ойлойм. Эл сени колдоор.

Глаша мындан башка да бир нече сөз сүйлөдү. Жапар көпкө чейин анын сөзүн тыңшады да, докторду чакыртты. Докторго ал операция жөнүндө өзүнүн макулдугун билдирди, Мындан башка эч бир айла калбагандыгын Жапар өзү да сезген болчу.

* * *

Операция болгонуна бир канча убакыт өттү. Жапардын алы начар. Бирок барган сайын ал күч-кубатына кире баштады. Ой-санаасы госпиталдан четтеп, алып учуп, алыска Кыргызстанга кетет. Көз алдына ата-энеси, Жамиласы, колхозу, – дагы-дагылар элестеп көрүнгөндөй болот. Ал төшөгүнөн тургусу, элине баргысы, иштегиси келет.

Жапар ата-энесине, тааныштарына, Жамилага кат жазды. Катта ал өзүндө болгон иштерди жашырганы жок. Баарын да айтты. Бирок Жамилага жазаар алдында ал көп ойлонду, толгонду.

Жапар Жамиласын кантип ойлонбойт! Жамила дегенде ак эткенде так этип, анын алтын сөзүн, назик үнүн угууга кумар эмес беле. Аны менен бирге өткөргөн балдай таттуу, канттай ширин күндөрү, нечен муңду айтышып, нечен сырды түйүшкөн жайкы айлуу түндөрү бүгүнкүдөй Жапардын көз алдында.

«Жамила мени сүйөт, – деди өз ичинен Жапар, – мага берген

убадасы бар. Бирок ошол убадага сүйөнүп аны күттүргөнүм кандай? Азыр мурункудай эмес, муижумун, жарым жанмын. Жарым жанымды ага таңганым, жүк болгонум, адамгерчиликке жатпайт го. Жамила жаш, анын да көрөйүн деген күнү, ичейин деген суусу бар. Кой, андан көрө мен ошол жөнүндө ойлоноюн. Сүйгөн жарыма жарым жанымды байлап, аны азапка, убайымга калтырбайын. Башыма түшкөн мүшкүл ишти билдирип мен ага кат жазайын. Мени күтсө да, күтпөсө да ал өзү билсин. Эгерде, катыма жооп бербесе, демек, ал менден кеткени ошол. Кокустан буга ал таарынып жүрбөсүн? Таарынса да кантем? Мындан башка айла жок. Анын таарынчысы мен үчүн бир чоң кубаныч да».

Жапар кат жөнүндө Глаша менен да кеңешти.

– Ошент, балам, ошент! – деди Глаша да. – Кат жаз, акыл-эси болсо сени күтөр. Кишинин ким экени ушундайда билинет.

– Аттиң! – деди Жапар терең үшкүрүп. – Андай күн болсо, менде эмне арман? Анда менин кайгым-капам жазылар, ооруган жерлерим басылар эле!

Бир канча убакыт өттү. Жапар ата-энесинен, эски досу Султан Байкожоевден, Миколадан кат алды. Жамиладан кат да, кабар да жок. Кат узарган, алыстаган сайын Жапарды кайгы-капа басты. Көңүлү бөлүндү. Оюнан Жамила чыкпады. Аны ойлогон сайын, жаш жүрөгүн бирөө мыкчыгандай, кыскандай болот.

– «Мени ал унуткан, башка бирөө менен кеткен экен», – деди Жапар күңгүрөнүп.

Микола катында тааныш жоокер жолдошторунан Жапардын адресин билгенин жазган. «Арабызда байланыш болсун, кийин бирибизди бирибиз табышпай калбайлык. Жок дегенде, үй адресиңди жибер» – деп да ал катында сурап жазган экен.

Тойчубек менен Бурулчанын уулуна жазган каты мындай болчу:

«*Кымбаттуу уулубуз, Жапар!*

*Катыңды алдык. Жаш денеңе так түшкөнүн билдик. Кан төгүлгөн мынча согуш болуп жатса, анчалык денеңе из калбаса болобу? Ага кайгырба, алтын башыңдын аман калганына сүйүн. Ата-энеме жүк болот экемин деп да ойлонбо. Шүгүрчүлүк, сени жер каратпай, багып ала турган бизде кудурет бар.*

*Тез кел, уулум, сени күтөбүз.*

Кат жазуучу ата-энең».

Бул кат Жапарды бирде кубантса да, бирде кайгыртты.

– «Албетте, – деди Жапар ойлонуп. – Алар менин ата-энем. Мени алар мунжу болду, иштен чыкты деп, мурункудай эле маңдайыман сылап, эркелеткиси, баккысы келишет. Мен бала эмесмин. Мен кантип алардын карамагында, багуусунда болом?»

– Жок! жок! – деди Жапар бирден үнүн чыгарып, ата-энесине жооп бергенсип.

Жамиладан жооп келбегени эсине түштү да, бүркөлгөн кабагы, ачуулуу үнү менен мурунку сөзүн кайталап – жок! жок! – деди Жапар.

* * *

Бир күнү Глаша:

– Жолдош, Жапар сизди 18-палатада жаткан бир жоокер чакырат, – деди эшиктен кирип.

– Ал кайдагы жоокер? Мени ал кайдан билет? – деди Жапар таңданып.

– Сыягы, сиздин элден болсо керек. Оор жарадар. Шайманы бош.

Жапар балдагына таянып, аксаңдай басып, он сегизинчи палатага барып кирди. Палатадагы бурчта – кроватта башы-колу ак даки менен таңылган бир жоокер жатат. Ал абдан өзгөргөн, арыктаган, жаагы шимирилип, көзү уясына батып, эрди кеберсип, өңү купкуу...

– Кел, курдаш, отуруңуз, – деди ал Жапарды көрүп.

Жапар жанына отурду. Жоокер башын жастыгынан көтөрүп, Жапарга карап, бирдеңке деп сүйлөмөкчү болду эле, үнү каргылданып, тамагы кырылдап, жөтөлө баштады. Жөтөлгөн сайын көкүрөгүнөн кан аралаш какырык чыкты.

– Курдаш, – деди ал бир кезде алсыз, начар үнү менен: – мен сизди сураштырып, кыргыз экендигиңизди билип, чакырттым. Алым начар, эл-журтту көрө ала турган көрүнбөйм.

– Андай дебе, курдаш, – деди Жапар, ата кайрат айтып. – Өлүмдү күн мурунтан болжой айтууга болбойт. Айыгып кетерсиң. Кайрат кыл. Менин жараларым да сеникинен оор болчу. Мына, эми көрбөйсүңбү, медицинанын күчү менен өлүмдөн аман калдым. Сабыр керек.

– Аныңыз ырас, – деди жоокер алсыз үнүн акырын чыгарып, – сабыр керек. Бирок мен адам болуудан калдым. Сыягы, өпкөмө да ок тийген көрүнөт. Башка жараларым айыкса да, өпкөм айыкпады. Күн

сайын көкүрөгүмдөн чыккан кандар көбөйүп, алым начарланып бара жатат. «Жан бар жерде, өлүм бар» деген. Ажал жетип күн бүтсө, үйдө жатса да, киши өлөт эмеспи, курдаш. Ата Мекен, жер үчүн, совет элинин ырыскы, таалайы үчүн, кан майданда өлгөн өлүмгө өлүм жетеби. Мен бул өлүмгө кайгырбайм.. Бирок мен эң жакшы, эң жакын көргөн кишимди көрө албай, акыркы сагынычтуу сөздөрүмдү ага айталбай кетип бара жатканыма кайгырам. Эгерде ошону көрүп, акыркы сөздөрүмдү ага айтып, аны менен коштошуп өлсөм, анда менде арман болбойт эле...

Жоокер көзүн жашылдантты, колун жууркандан чыгарды да, жастыгынын алдынан бир конверт сууруп чыкты.

– Курдаш, – деди ал конверт ичинен бир жапырак кагазды алып жатып: – мен ошол кишимден согушта жарадар болор күнү ушу катты алдым. Көрсө, бул кат менин соңку катыма жазган жообу экен. Меп ал катымда өзүмдүн орден менен сыйланганымды жаздым эле. Мына анын каты, окуп көр.

Катта төмөнкү сөздөр жазылган болчу:

«Кагылайын Талып!

Катыңды алдым. Окудум. Сагынычым бир аз жазылайын деди. Ошондо да курган жаш жүрөк сени эстейт. Эстеген сайын сени көргүсү, сени менен сүйлөшкүсү, ичтеги дарт-арманын сага айткысы келет. Бирок сен жоксуң... Сен алыста – батышта адилеттикти, чындыкты, эркиндикти талашып кан майданда жүрөсүң.

Садагам Талып. Сок, душманды аяба! Жоодон качпа. Качып өлгөндөн көрө, атып өлгөнүң жакшы.

Орден менен сыйланыпсың. Аныңды мен катыңдан окуп, төбөм көккө жеткендей болуп кубандым. Сенин ал сыйлыгың өзүң үчүн да, элиң үчүн да, мен үчүн да эң кымбат. Ал сыйлыкты алуу үчүн далай оттун, далай өлүмдүн ичинен чыккан чыгарсың; далай оор кыйынчылыктарды башыңан өткөрүп, далай сонун эрдиктерди көрсөткөндүрсүң. Ал эрдиктериң менин сүйүүмдү тутандырбаса, өчүрбөйт. Кайта ал теңтуштарым ичинде менин баркымды, кадырымды көтөрөт.

Секетим Талып, армияга жөнөөрдө колумду кармап туруп: – «Жашыба, Айшаке, ыйлаба... Сабагыңды жакшы оку. Тылда мыкты иште. Мен жеңиш менең кайтам» – деген аманат сөздөрүң ушул күнгө чейин жүрөгүмдө сакталуу. Мен ал аманатыңды аткардым. Жыл сайын бардык сабагымдан «отлично» деген бааны алам. Быйыл дагы

окуумду ойдогудан бүтүрмөкчү болуп жатам. Сен келгенче бир колхозго барып мугалима болуп, колхозго жардам көрсөтсөмбү деген оюм бар. Өзүң билесиң, колхоздордо азыр жумушка жарарлык эр бүлө аз. Буга сен кандай дейсиң. Бул жөнүндө кеңешинди эмки катында жазарсың.

Башка эмне дейин. Жаза турган да көп анчалык жаңылык жок. Баса, Жамила деген кызды сен билесиң го. Анын да Жапар аттуу сүйгөн жигити бар эле. Ал да армияга кеткен. Ошондон жакында кат келди. Оор жарадар болуптур. Госпиталда экен. Докторлор бир бутун кесиптир. Кичи пейил, жакшы жигит эле, бечарага кыйын болгон экен.

Былтыр күздө биздин шаарга кайдандыр бир жигит келди, горторгдо иштейт. Мактанчаак, сылаң короз эме экен. Мага асылып жүрүп, менден тилеги таш капкан соң, эми Жамилага жабышты, аны тооруп жүрөт. «Жаныңа жакын үйүр кылба, бул Жапардын чыпалагына тең келбейт» деп, мен Жамилага алда нече курдай айттым. Билбейм, эмне болуп чыгарын...

Эми сөзүмдү токтотоюн. Түн ортосу болуп калды. Эртең эрте туруп сабакка барам.

Катымдын артында төмөнкү төрт сап ырымды сага арнайм:

Кан майданга аттандың.
Сапар чегип узак жол,
Сыйыңды угуп шаттандым.
Куттуктайм секет аман бол!

Айшакең.»

Жапар катты окуп чыкканда жинди боло жаздады. Өңү кумсарып, көзү ымыр-чымыр болуп, бүткөн бою дүрүлдөп, бир топко чейин каттан көзүн албай, турду да калды.

Бир кезде Жапар башын өйдө көтөрдү да сөзгө келди:

– Эмесе, курдаш, таанышалык Айшанын жазган катындагы Жамиланын сүйгөн жигити мен болом... – деди ал.

– Жапарсыңбы...

– Ооба, Жапармын, – деди да, Жапар Талыпка колун сунду. Талып өзүнө-өзү ишенбеген, чочуган кишидей Жапарды карады, анын ажарсыз өңүнө бир аз кызыл жүгүрдү. Жашооруган, талган көзүн жалжылдатып, ууртунан билинер-билинбес күлүмсүрөп, Жапардын колун кысты.

– Мына кызык... мына күтүлбөгөн кезигүү... – деди Талып. Бир

аз убакыт өткөндөн соң. – Мен ошол Айшага кат жаздырайын деп сени чакырттым эле. Оң колдон болсо ажырагам... Акыл-эсим да бир жерде эмес.

– Жакшы болот, жазып берейин.

Талып Жапарга төмөнкү сөздөрдү жаздырды:

«Сүйгөнүм Айша.

Мени сен жалындуу жаш жүрөгүң, айныбас ак көңүлүң менен сүйүпсүң... Мунуңа мен чоң ыразымын. Мен да сени ошондой сүйгөмүн. Буга сен ишен. Мен сенин жазганыңдай, айтканыңдай болдум. Аманатыңды аткардым. Улуу тилек, улуу жолдо кайрылып келбес, сени көрбөс алыс жолго кете турган болдум. Кантебиз, жазмыш ушул... буга кайгырба, кайрат кыл...»

– Жаш жигит, болду эми, палатаңа бар, обход болот. Көп сүйлөшүүгө болбойт – деп, сестра келип Жапарды шаштырды.

– Кош, эми Талып, – деди Жапар ордунан туруп, – мен эми кетейин, сен тынч Жатып, эс ал. Катыңдын аягын эртең келип жазып берейин. Калган-каткан сөздөр болсо, ошондо сүйлөшөлүк.

Каны качкан кайгылуу өңүн бузуп, кабагын бүркөп, алсыз үнүн акырын чыгарып:

– Кош, Жапар, кош! – деди Талып.

Жапардын өмүрүндө бул бир күтүлбөгөн, үч уктаса түшүнө кирбеген окуя болду. Талыпты госпиталдан жолуктурам деп, ал эч ойлогон жок эле. Мына эми Талыпты кокустан жолуктуруп, мында – госпиталда аны өлүм тооруп, Жамиланы анда – Кыргызстанда кандайдыр бир арсыз жигит тооруп жатканын билди. Жүрөгү уйгу-туйгу болуп, узун санаа, түпсүз кыял аны курчап алды...

Талып минтип кыйналып өлүм алдында жатса да өзүнүн эртеңки көрөр күнүн, ичер суусун ойлобостон, Айшасын ойлогонуна Жапардын зээни кейиди, аяды... «Ашыктык өлүмдөн да күчтүү» деген ушул экен деди. Эртеси Жапар эрте турду. Талыпка барып, бир аз ага кайрат айткысы, көңүлүн көтөргүсү, кечеги каттын аягын жазып бүтүргүсү келди. Балдагын колуна алып, аны полго такылдата уруп, коридорго чыгып, Талыптын палатасына жөнөдү.

– Балам, кайда баратасың? – деди Глаша алдынан чыгып.

– Жолдошума...

– Барууга болбойт, жолдошуң кан кусуп жатып, бүгүн таңга жуук каза тапты.

Жапар шалдая түштү, бирөө анын үстүнө муздак суу куйгандай, мойнуна жылан оролгондой болду.

– Айтмакчы, – деди бир аздан соң Глаша, – анын колунда ууш-талган бойдон бир кат калган экен. Окуйлук десек, түшүнө албадык. Сыягы, үйүнөн келгенби, кандай, ал каты мына.

Глаша чөнтөгүнөн катты алып Жапарга сунду. Ал кат кечеги Жапардын өзү окуган Айшанын каты. Ал кат уйпаланган, чет-жакасы айрылган, тытылган.

Көрсө, Талып эсинен танып бара жатканда да сүйгөн кызы Айшасын эстеп, анын ыйык катын колуна алып, дагы бир ирет көз жүгүртүп, окуп чыккысы келсе керек. Кат мына ошондо уучунда ууш-талган бойдон кала бериптир.

– Кайран жигит, сүйгөн жарын көрө албай, ага акыркы коштошуу сөзүн айта албай, гүлкайырдай солгон экен – деди да, Жапар оор үшкүрдү...

## IV

Жапар Фрунзеге келип түштү. Аркасында асынган баштыгы, таянган эки балдагы бар. Муздай тасырайып жайылып жаткан вокзалдын асфальт аянтынан басып өтүп, суналган кара бактуу узун аллейдин ичине түштү. Төмөндөн жүрүп келип, телеграфтын теке маңдайына келе берген кезде, аллейдеги скамейкалардын бирөөнө отуруп, эс алды. Жанынан ары-бери, каршы-терши адамдар өтүп жатты. Тааныш-мааныш киши кезигип калбаспы деп, Жапар алардан көзүн алганы жок.

Эмне кылуу керек? Азыр эле түшүп алып жөнөп кетүүгө машина табылар бекен? Жок, табылбас. Демек, машина табылганча мында эки-үч күн убакыт өтөрү шексиз. Андай болсо, ага чейин Жапар кантип чыдайт? Көптөн көрүүгө ынтык болгон Жамиласына өзүнүн Фрунзеге келгендигин билдирбей, ал кантип чыдап тура алат? Анын үстүнө Жамиланы «тооруп жүрөт» деген суук кабар анын тынчын алып жатпайбы...

Кабар алганда, ал кантип алат? Телеграмма жиберүү керекпи? Жок, телеграмманын жообу келгенче да үч-төрт күн убакыт өтүүгө мүмкүн. Анда кантет? Кантсе да телефон аркылуу сүйлөшүү керек.

Жапар акырын ордунан туруп, Дзержинский көчөсүнөн өтүп, келишкен эки кабат чоң бир көк үйгө – телеграфка келип кирди.

– Пржевальск менен сүйлөшүүгө болобу? – деп Жапар кичине терезенин ар жагында отурган эрди кызыл жаш аялдан сурады.

– Бир аздан соң байланыш башталат. Заказ кылсаңыз болот, – деди аял.

– Рахмат, заказ кабыл алыңыз: Педагогиялык окуу жайы, Жамила Тургунбаева.

– Телефон номерин айтыңыз.

– Телефон номери эсимде жок. Педагогиялык окуу жайы десеңиз берер.

Жаш аял башын көтөрүп, Жапарды тике карады. Жапардын башындагы пилоткасына, үстүндөгү боз шинелине, аркасына көтөргөн баштыгынын акырегине арчындалган эки боосуна көзү түштү да, анын армиядан келе жатканын айныбай билип:

– Жакшы болот, күтүңүз бир аз. Сүйлөшөсүз, – деди аял.

Жапар, Жамила менен сүйлөшөт экемин, анын ал-жайын билет экемин деп, жүрөгү дүкүлдөп, өз ичинен кымыңдап, кубанып отурду. Бир кезде:

– Пржевальски... биринчи кабина, – деген аялдын үнү чыкты.

Жапар дароо кабинага кирип, трубканы колуна алып, кулагына тосту.

– Пржевальск... Пржевальск...

– Угуп жатам. Сизге ким керек эле? – деген ал жактан эркек кишинин үнү чыкты.

– Мага Жамила керек. Ооба, Жамила Тургунбаева.

– Бизде андай кыз жок.

– Кантип жок?.. Сиздерде окуйт,.

– Токтоп туруңузчу, сураштырайын, – деп ал киши эмнегедир буйдалгансып калды. Кобур-собур сөздөр, бирин-бири чакырышкан үндөр, тарс-турс эткен табыштар Жапарга угулуп турду.

– Сизге ким керек эле? – деген бир кезде кандайдыр бир аялдын үнү чыкты.

– Мага Жамила керек. Жамиланы телефонго чакырып коюңуз...

Аял бирдеңке деп сүйлөгөндөй болду. Сөздөрү даана угулбады. Анда-санда гана анын «Жамила... Жамила дейсиңби... Фрунзеге...» деген сөздөрү арадан зорго угулду.

– Кайда? Фрунзегеби? – деп Жапар алда нече курдай кыйкырып сурады. Бирок телефон шуулдап мындан башка сөздөрү угулганы жок.

Жапар Жамила менен сүйлөшө албаганына өкүндү, кабагы салынып, капаланып кайта көчөгө чыкты.

– «Бул эмне деген кеп? Фрунзеге эмне үчүн келет? Мында келе турган анын эмне жумушу бар? Анда мени тосуп чыкты бекен? Жок, кайдан тосуп чыксын. «Келе жатамын» деп, мен ага телеграмма бергеним, кат жазганым жок эле го. Анан эмне болду? Жок, бул жаңылыш чыгар...» – деди Жапар кетип бара жатып.

Жапар эмнеси болсо да Пржевальскиге тезинен жетмекчи, «тооруп» жүргөн жигиттен Жамиланы ажыратып алып калмакчы болду. Телеграфтан Сталин көчөсүнө түшүп, Горвоенкоматка бет алды.

* * *

Жапар таң сүрө бир топ жүргүнчүлөр менен бирге Фрунзеден жөнөдү. Бет алдынан соккон жумшак жел бар. Шоссе жолду жарып өткөн чоң кыштакка келе бергенде, күн кызарып уясынан чыкты. Иңир шооласы да тарап, жер жүзүнө жарыктык, тиричилик кирди. Канаттуу куштар ойгонуп, чыйылдап, түнөгүнөн учуп чыкты. Алыстан койнун ачып, кучагын жайып, Боом капчыгайы көрүнөт. Капчыгайдын чыгыш жагы – Капкак тоосу, батыш жагы – Түндүк тоосу; эки тоону аралап шаркырап Чүй суусу агат. Чүй суусунун жээгинде суналган узун шоссе жол менен Жапар түшкөн машина Чыгышка карай чимирилип бара жатты, Жапардын арт жагында да убай-чубай келе жаткан машиналар бар. Боомдон бери карай суурулуп чыккан машиналар да көзгө илешпей чымын-куюн болуп, Фрунзеге өтүп жатышты.

«Мурункудан да азыр машиналар көбөйгөн экен го», деди Жапар өз ичинен.

Мына Тайгак көпүрөсү, ал капчыгайдын оозунда. Анын бери жагы – кум-шагылдуу көк зоо. Көк зоонун бетинде бийик шатысы, салмоор сузгусу бар бир экскаватор турат. Болоттон жасалган сузгусу менен ал жерден таш-топуракты сузуп алып, чет жакка ыргытып жатты.

– Апей, темир жол тиги бийик беттен өтөбү? – деди чокчо ак сакалы бар карт жүргүнчү.

– Ооба, аксакал, – деди кимдир бирөө.

– Баракелде! – деди карт башын чайкап. – Совет өкмөтүнөн айлансак болот. Илгери биз бала чакта тиги бийик бетте жалгыз аяк жол

болор эле. Ошол жол менен жөөлөп-жалаңдап, араңдан зорго өтүүчүбүз. Эми минтип даңгыраган жол болуп, темир жол салынып жаткан тура.

– Мындан да сонун кызыкты көрөсүз, аксакал, – дешти жүргүнчүлөр күлүп.

– Жолду салгандар ким? – деди карыя.

– Үч областтын колхозчулары. Ичинде сизге окшогон карыялар да бар.

– «Үч область» – деди Жапар көңүлүнөн. – «Демек Ысык-Көл областынан да бар го, тааныш-маапыш бирөө кезигип калбас бекен».

Машина Тайгактан өттү. Тайгактын алды жагында жер кепе, палаталар.

– Жол куруучу колхозчулардын штабы ушул, – деди дагы кимдир бирөө жүргүнчүлөрдөн.

Машинаны жүрүшү бир аз аялдаган кезде, Жапар:

– Кайсы областтан болосуздар? – деп сурады иштеп жаткандардан.

– Фрунзе областынан.

– Ысык-көлдүк кайда?

– Алды жакта. Орто көпүрөдө.

Машина жүрүп келип «Каргаша кемпирден» өттү. Каргаша кемпир, кемпирге окшогон аска таш. Чын-төгүнүн ким билсин, элдин жомогуна караганда, дүйнөдө бир мастан кемпир болгон экен. Ал ушул жерде туруптур. Элге тынчтык бербептир. Элдин каргышына калып, аска ташка айланган имиш.

Жол төмөндөп, суу боюна түштү. Суу бою жапжаш тал, чычырканак. Андан кыргоолдор аркы өйүзгө барпырап учуп жатты. Караган, шакка жашынып, төмөн түшүп, суу ичип, кайра бери чыгып, таштан-ташка секирии, койкоңдоп жогорулап жөргөлөп кетип бара жаткан кекиликтер. Кайдадыр бир жактан коркок коён чыга келип, кулактарын сербеңдетти да, жылт коюп көздөн кайым болду. Аркы өйүздө көк чалкакта бир топ кийик белди бет алып, эшик-төрдөй жерди бир секирип, качып бара жатышат. Кийиктерди көргөндө кызып кетип, Жапар:

– Тубайт! Тубайт! – деп обдула кыйкырды.

– Тубайт! Тубайт! – деп, калгандары да кыйкырышты. Кийиктер белди ашып көрүнбөй калышты.

Бирин-бири тиктешип, саламдашып, бетме-бет турган капчыгайдын аскалары эртеңки күн нуруна жаркырайт. Кебездей ак булуттар чокуларга таянып, көк жүзүндө сүзүп жүрүшөт. Мунун баары да Жапардын көзүнө алда кандай жылуу учурайт.

– Кагылайыи Ата Мекеним! – деди Жапар. – Сенден да жакын, сенден да кымбат дүйнөдө эмне бар?

Машина бирде жогору көтөрүлүп, бирде төмөн түшүп, жүрүп келип, «Кыз-Күйөөгө» жетти. Шофёр машинасын токтотту. Жерге түшүп, радиаторуна булактан суу куя баштады. Жүргүнчүлөр да машинадан түшүп, салкын булактан кочуштап суу ичишти, жуунушту, сергишти.

Жолду ката темир жол жөнүндө сурап келе жаткан бизге тааныш карыя:

– Бактылуу балдарсыңар, – деди ал. – Окуп да, иштеп да, сүйгөн жарыңар менен кошулуп да жүрөсүңөр. Жолуңарда тоскоол жок. Илгери ушундай бекен? Ал турмуш кайдан эстен чыксын.

Эки тоонун жылгасынан маңдай-тескей агып түшүп, төмөндө Чүй суусуна кошулган эки булакты карыя колун сунуп көрсөттү:

– Көрдүңөрбү, балдарым, – деди карыя. – Качандыр бир кезде бул эки булактын бирөө кыз, бирөө жигит болгон экен.

– Кантип? Айтыңызчы аксакал, – дешти жүргүнчүлөр карыяны ортого алып.

– Бул өзү узун аңгеме.

– Мейли, узун болсо да айтыңыз, угабыз, – деди Жапар да сөзгө аралашып.

– Макул, эмесе, айтайын, – деди карыя. Жайланып олтуруп шапшай сөзүн баштады: – Ысык-Көлдө бир бай болгон экен. Бети айдай, бели кындай анын бир сулуу кызы болуптур. Бай кызын өзүнө окшогон бир бай абышкага бермекчи болот. Бай абышка кыздын атасына короосу менен кой, үйүрү менен жылкы берет. Бирок кыз эс-акылы бар, койчу жигитти сүйөт. Той болор күнү койчу жигит айсыз караңгы түндө кызды алып качат. Бай булардын качканын сезип калып, артынан жигиттерин чаптырат. Эки жаш өздөрүнүн да, минген аттарынын да өлөр-тирилерине карабастан, качып жүрүп олтуруп, ушул капчыгайга кире бергенде, жолу бүтүп, туюкка капталышат. Кайда барарын биле алышпай, дабдаарып, кыйналып турушканда артынан байдын куугунчулары келишет да, буларды кармап алышат. Кызы

койчу менен качканга бай арданып, буларга өлүм жазасын берүүгө жигиттерине буйрат. Кызды бул тоонун жылгасына, жигитти тиги тоонун жылгасына алып чыгып, экөөнү да мууздашат. Бирок алардын кандары бирден булакка айланып, таштан-ташка тийип, шылдырап, төмөн карай агып, Чүй суусунан барып кошулушат. Ошентип тирүү кезинде кошула алышпаган эки жаш, өлгөндөн соң кошулушкан экен.

– Көрдүңөрбү, – деди карыя сөзүн аяктап. – Сүйүшкөн эки жаш жолсуз туюкта ошентип курман болушту. А силер болсоңор, карагылачы, алдыңарда кандай даңгыр жол!

Карыя эмнегедир өңүн бузуп, унчукпай калды.

Жомоктогу окуянын адилетсиз, ырайымсыздыгына тигил турган капчыгай, аска таштар да, карыяны курчап мында турушкан жүргүнчүлөр да нааразы болгондой кабактары бүркөө, сүрдүү эле.

Шофер сигнал берди. Жүргүнчүлөр машинага түшүп, жай-жайына олтурушту. Машина козголду.

Орто көпүрөгө келишти. Көпүрөдө тосмочу солдат турат. Ар кайсы жерде колхозчулардын палаталары. Палаталардын жандарында кемегеде казандар асылып, тамактар бышырылып жатат. Түш мезгилге жакындаган кез эле. Колхозчулар күрөк-аспаптарын көтөрүп, андан да, мындан да түшкү тамакка келип жатышты.

Тосмочу солдат басып келип:

– Жүрүүгө болбойт. Тиги өйүздө аска таш жардырылат. Бир саатча күтөсүздөр, – деди шофёрго.

– Андай болсо, ырас болот. Эс алабыз, – деди шофёр.

Жүргүнчүлөр машинадан түшүштү. Жапар да эптеп этияттык менен машинадан түштү. Көлөкөлүү жерге барып, бир ташка көчүгүн коюп олтурду. Арт жактан келе жаткан машиналар да, биринин артынап бири келип токтоп жатышты.

Жолдун чет жагында бир чоң ак палата турат. Аны эл курчап алган. Чертилген комуздун, «бали-бали!» деген колхозчулардын үндөрү чыгат. Жапар ал жакка кулагын салды.

Тилге жолдош, үнгө дем.
Комузду чертип ырдайлы,
Бабабыз черткен бул комуз,
Баркына жетип ырдайлы.

деп, комузга салып ырдалган үн чыкты.

– Бали-бали!

– Кайран Осокем! – деген үндөр угулду

– Ботом бул ким? Биздин ысык-көлдүк Осмонбек ырчыбы? Ал бул жакка кайдан келип жүрөт? – деди Жапар.

Комуздун үнү чыккан жакка шашып кетип бара жаткан бир колхозчудан, Жапар:

– Айтыңызчы жолдош, тигил жакта ырдап жаткан ким? – деп сурап калды.

– Ысык-көлдүк Осмонбек деген ырчы.

– Кайран Осокем, – деди Жапар.

Жапардын кубанычы койнуна сыйганы жок. Балдагына таянып, палатаны бет алып басты.

Жапар палатага жакын келгенде эшик алдында олтургандар: «Армиядан келаткан бала экен, мындай боло бергиле» дешип, орун бошотуп, эшик алдынан тура калышты. Үйдөн да, эшик алдынан да орун жетпей, ырчынын өзүн да, комуз черткенин да жакшы көрө албай, өкүттө болуп, палатаны айлана басып, тынчы кетип араң турган кандайдыр бир сугалак жигит, эшик алдынан орун бошой түшкөнүн көрө коюп, дароо анда лып олтура калды.

– Ой, тур, кандай немесиң? Берки кишиге орун бер, – деди кимдир бирөө сугалак жигитке. Сугалак жигит кылчайып Жапарды көрдү да ордунан турду,

Куттуктайм эмгек балбанын.
Эмгскте жеңиш алганын,
Боомдун тоосун уратып.
Поезддин жолун салганын.
Ырдабай кантип коёюн,
Эмгектин алгыр балдарын.

деп, Осмонбек ырчы комузуна кошуп ырдап жиберди.

– Бали!

– Ракмат!

– Көп жаша, Осоке! – деген үндөр туш-туш жактан жаңырды.

Осмонбек төрдө, элдин орто жеринде олтурган болучу. Чөнтөгүнөн ал кол жоолугун алып, чекесинин терин сүрттү да, Жапарды көрө койду:

– Өнүң эле жылуу учурайт, кагылайын, сен Жапарсыңбы? – деди Осмонбек.

– Ооба, менмин, Осоке!

Осмонбек ордунан туруп, Жапарды келип кучактады. Жапардын балдагын көрө коюп, дагы да аны кучактады, маңдайынан өптү. Андан соң колхозчуларга бурулду. – Бул менин курбум Тойчубектин баласы – Жапар. Кеңеш колхозунан. Согуштан келе жаткан тура, кагылайын. Оңой согушпаган көрүнөт. Көрдүңөрбү, денесине так түшүрүп кайтыптыр.

– Азамат!

– Ракмат!

– Кагылайын, балам! – деген үндөр чыкты.

Колхозчулар биринен сала бири келип, Жапар менен кол кармашып көрүштү. Осмонбек Жапарды жанына олтургузду. Согуш жайын, кайсы жерде кандайча жарадар болгонун Жапардан ал сурады. Жапар Осмонбектин суроосуна жооп берип келип, өзү да анын мында кандайча болуп келгендигин сурады. Темир жолдо иштеген колхозчуларга комуз чертип көңүлүн көтөр деп райком аны мында жибергенин айтты да:

– Колумдагы комузум, оозумдагы ырым да бул жерде ишке жарап атат. Алдыңкыны мактап, арттагыны айыптап, элдик курулуштун адамы болуп жүрөм, кагылайын, – деди Осмонбек.

* * *

Бир кезде тарс-тарс деген үн чыгып, кандайдыр бир күчтүү жаңырык угулду.

– Мына аска жарылды, – деп, палатада олтургандар тышка чуркап чыгышты. Осмонбек менен Жапар да тышка чыкты.

Орто көпүрөнүн ар жагынан тумандаган чаң уюлгуп асманга чыгат.

– Олтуруңуздар машинага. Бир аздан соң жөнөйбүз, – деди шофёр.

Осмонбек ырчы Жапарды машинага чейин узатып келди.

– Кайыр, кош, балам. Жакында мен да элге барып калармын. Ата-энңңе менден салам айт. Биздин «Өрнөккө» барып калсаң, Жутабай менен Чүкөбайга да менден салам де.

– Макул, Осоке! Бардыгына салам айтам. Жакшы туруңуз. Кайыр, кош! – деди Жапар да.

Осмонбек колтуктап Жапарды машинага олтургузду. Машина жөнөй бергенде Осмонбекке колхозчулар келип, бир нерсе жөнүндө сурагандай болушту. Алыста – көпүрөнүн үстүндө кетип бара жаткан

машинаны колун сунуп көрсөтүп, Жапар жөнүндө аларга Осмонбек бирдеңке деп айткандай болду.

Машина ээ-жаа бербей алып учуп, бат эле жарылган аскага барып жетти. Жаралгандан бери жанга багынбай, жол бербей, менменсинген чоң аска, чаңы асманга чыгып жарылып, күкүмдөлүп, түптүз болгон да калган.

Машина муну жандап өтө берди.

Машина айланып өтчү чоң боз тумшук да тең жара кесилген. Кесилген жерде бака-шака түшүп колхозчулар иштеп жатышат. Миңдеген чарчы метр жер казылып, топурагы алынып, таштары талкаланган. Чүй суусунун кайсы бир тармактары башка жакка бурулуп, ал жерге темир жолдун нугу түшкөн. Жүрүүгө бөгөт болгон мурунку дөң, тумшуктардын дайны жок: түптүз жерге айланган. Көрсө, мунун баарын да колхозчулар иштешкен экен.

– Бах! Баракелде, совет элинин күчүнө!– деди Жапар. – Кандуу майданда канкор жоо менен антип салгылашып жатса, мында– тылда минтип аска-тоону омкоруп, жол салып жаткан тура. Мындай элдин мизин ким кайтарат, ким жеңет? Андай күч жок дүйнөдө!

Түш ченде Жапар Рыбачыга келди. Рыбачыдан ары ал пароход менен Пржевальскиге барат. Пржевальскиден ары Жапардын үйү анчалык алыс эмес: бар болгону он сегиз гана километр.

Пароход түндө келген. Аны менен келген жүргүнчүлөрдүн көпчүлүгү түндө эле Фрунзеге кетишкен. Калгандары машина күтүп, Киртранстын эшигинин алдында турушат.

Жапар балдагына таяна аксаңдай басып, Киртранска келди.

– Жапар, сенсиңби курбум! – деген бирөөнүн үнү чыкты.

Жапар кылчайып караса, эски досу Султан деген жигит.

– Султаке!– деди Жапар. Башка сөз айталбады. Эки дос кучакташып көрүштү.

Султан мурда Жапар менен бирге райкомдо иштешкен. Согуш чыгар жылы обкомдун өндүрүш бөлүмүнүн инструктору болгон. Согушка кетүүгө канчалык аракет кылса да, аны обкомдо калтырышкан. Султан тапшырылган жумушту аткармайынча жаны тынбаган ишмер, мыкты жигит эле. Досунун анысын да Жапар жакшы көрчү.

– Досум, келгениң жакшы болду, – деди Султан.

«Эсен-соо» деп барып, Жапардын балдагына көзүн түшүрдү да, кайта ал унчукпай калды. Аны Жапар сезе койду, күлдү.

– Сөзүңдүн аягына эмне чыкпадың, досум? Ден соолук болсо, ушинтип калды. Чолокмун. Бирок, чолок бутум менен эки буттуудан кем иштебесмин деп ойлойм.

– Азамат! Ракмат, курбум! Ушул сөздү айтарыңды мен билдим эле. Эр жигиттин башына эмнелер келип, эмнелер кетпейт. Кайрат керек, кайрат!– деди Султан. Жапарды кайра да кучактады. – Жүр эми, досум! Бир жерге олтуралы. Сагынышып калдык. Сүйлөшөлү. Күндүн ысыгын карачы. Пиво ичелик. Эми, эмне кылайын деген оюң бар? Кайда иштемекчи болосуң? Иш көп. Обкомдун өндүрүш бөлүмүнө барасыңбы? Анда барсаң, экөөбүз кандай иштээр элек...

– Жок, мен институтту бүтүргөмүн. Мугалим болгум келет. Алыскы арттагы бир колхозго барып, мугалим болсом дейм. Иш канчалык оор болсо, ошончолук мага жеңил болор дейм.

Экөө сүйлөшүп жүрүп олтуруп, Киртранстын ресторанына келишти. Ресторанга олтурушуп, тамак-аш заказ кылышты.

– Кана, Султаке, элде кандай жаңылыктар бар? Айтчы! Өзүң билесиң, эки жылдан бери мен элден четтеп калдым, – деди Жапар.

– Жаңылык көп, досум. Покровка районуна райкомдун секретары болуп Курманов деген жигит келди. Сен аны билсең керек. Мурда ал Фрунзе обкомунда иштеген экен.

– Кайсы Курманов?– деди Жапар бир аз ойлонуп. Мен армияга кетер жылы Ысык-Көл обкомунда инструктор болуп иштеген Курманов деген жигит бар эле, ошол болуп жүрбөсүн?

– Дал ошонун өзү,

– Эмесе, билем. Ал мыкты жигит.

– Ооба, ошондой экен. Мурунку секретарь кабинетинен чыкчу эмес эле. Бул болсо, райондон чыкпайт. Качан болсо, колхоздордо жүргөнүн көрөсүң. Айтмакчы, ал мурда бир кездерде сен сыяктуу мугалим да болуптур.

– Анысын мен билгеним жок эле.

– Ооба. Фрунзенин педучилищасын бүтүптүр. Ошондо окуп жүргөндө комсомолго өтүптүр. Андан барып мугалим болгон, партияга өткөн экен.

– Эмесе, жакшы. Барганда таанышарбыз, – деди Жапар.

– Кана, Султаке, биздин райондо быйыл жазда айдоо планы кандайча өттү? Мен ошону билгим келет.

– Сонун, досум! Район быйыл областтын өтмө Кызыл Туусун

алды. Ошондон өзүң биле бер. Область болсо, согуш башталгандан бери мамлекеттик пландан тышкары өлкөнү коргоо фондусуна жүз миң центнер буудай берди.

– Жүз миң дейсиңби? – деди Жапар таң калып.

– Ооба. Жүз миң.

– Өзүң мында эмне жумуштап келдиң эле? – деди Жапар Султандан.

– О-о, сураба досум! – деди Султан колун шилтеп. – Жумуш чачтан көп. Промкомбинат, типография, балык артелдеринин иштерин текшермекчи элем. Азыр ошого бара жатам. – Султан саатына карады.

– Эми досум, шашпай олтуруп, тамак ич. Пароход кечте жөнөйт. Колум бошору менен келип мен сени өзүм узатам.

Султан Жамиланы билгендиги Жапардын эсине түштү. Аны сурасамбы, сурабасамбы деи бир аз турду да:

– Султаке, эсиңдеби? Пржевальскидеги педучилищада окуган Жамила деген кыз бар эмес беле? Ошонун кайда экенин биле алдыңбы? – деп сурады Жапар.

– Унутпасам, мен аны жакында ушул Рыбачыдан жолуктурдум го, – деди Султан айтар-айтмаксан болуп. Анткени, Жамила менен болгон иш Султандын өзүнө да түшүнүксүз эле.

Мындан эки ай мурда Султан Киртранстын короосунан көз айнекчен кишиге көзү түшкөн. Ал бирде конторго кирип, бирде короого машиналарга барып, жаны тынбай ары-бери жүгүрүп жүргөн. Бир кезде ал жигит шофёрго барып, колун булгап, бирдеңке жөнүндө ага айткандай болду. Шофёр эмнегедир башын чайкады. Жигит андан Киртранстын алдында турган жүргүнчүлөргө жүгүрүп келди да, алар менен да баш ийкешип сүйлөшө кетти.

– Машинага олтургула, азыр жөнөйт, – деген бир кезде бирөөнүн үнү чыкты. Жүргүнчүлөр машинага чуркашты. Жаңкы көз айнекчен жигит да көчөнүн аркы өйүзүндө, көлөнкөдө олтурган жаш аялды көздөй жүгүрдү. Бара жатып ал бир аз токтой калып, көз айнегин колуна алып, кол жоолугу менен улам-улам сүрттү:

– Жамилаш, бол батырак. Машина жөнөгөнү жатат, – деп ал алыстан кыйкырды.

Султан бул аялга жакын жерде гана турган болчу. «Ботом бул ким? Жамилабы?» – деп Султан аялды көздөй басты. Жакындап барса, Жамила.

– Жамиласыңбы, кайдан? – деди Султан.

Жамила чочуп кетти, бурулуп карап, Султанды көрүп, ордунан тура калды.

– Султаке! Жапардын жакын жолдошу эмес белең. Кезиккениң жакшы болду, – деди Жамила.

Жамила Султан менен кол кармашып көрүшкөнчө, баягы жигит жетип келди.

– Бол, Жамилаш. Тигине машина жөнөгөнү жатат. Кечигебиз, – деди жигит.

– Чоңмурун, бир аз токтосоң, – деди Жамила.

– Жок-жок!

Чоңмурун бир колуна чемоданды алып, бир колу менен Жамиланы жетелеп, машинага жүгүрдү. Бул кезде машинанын мотору күрүлдөп, жөнөөгө ыкыс коюп калган эле.

Жамила бурулуп, Султанга бирдеңке деп айтмакчы болду эле, Чоңмурун ага мүмкүндүк берген жок. Кызды ал сүйрөгөн бойдон машинага алып барып, жүргүнчүлөрдүн жардамы менен дароо аны машинага олтургузду. Чоңмурун оор жүктөн бошогондой терең үшкүрдү да, чекесинин терин сүртүүгө кол жоолугун алмак болуп, чөнтөгүнө колун салганын Султан көрдү. Жамила тиштенип, эмнегедир өкүнгөндөй болду. Машина жолго түштү. Алар узаган соң «күйөөсү экен го» деди да, Султан өз жумушуна кетти.

Ошондогу Жамила менен кезигишкенин Султан эми Жапарга айтты. Бирок «күйөөсү экен го» деген ошондогу оюн Жапарга азыр ал айткан жок.

– Кечир, досум, мен эми жумушума барайын, шашып жатам. Кечте пристандан жолугушабыз, – деди Султан. Официанткага акчасын төлөп, тышка чыкты.

Бул кабарды укканда Жапарды бирөө ийне менен астыртан жүрөккө сайгандай болду.

– Оо, шумдук! Бул кандай иш болуп кетти. Жамила ошого тийген экен го, – деди Жапар. Акырын ордунан туруп, балдагына таянып, тышка чыкты.

Бабалары айланасында жашап өткөн, өзү жээгинде көпөлөк кууп, чабак уруп, ойноп өскөн карт Ысык-Көлгө дарт-арманын айтчудай Жапар ага бет алып, сенделип басты.

– Оо, тажрыйбасыз жаш жүрөк!.. Алданган экенсиң го. Менин

сүйүүм... сүйүүм ушуну менен бүткөн экен го... – деди Жапар, кетип бара жатып.

Бирок Жапар жаңылышты. Анын сүйүүсү, сүйүүгө күйүүсү эми гана башталды.

Ысык-Көл адам сөзүн угат бекен. Адам сырын чечет бекен. Ал дүлөй, ал сөздү укпайт, сырды чечпейт. Ал долу. Долуланса, тоодой болуп толкундайт.

Жапардын ичи бук болуп, жүрөгү согуп, деми кысталды, үшкүрүгү таш жарып, бүткөн бою салмактанып, оор тартты. Пристандын батыш жагында, көлдүн жээгинде жаткан бир устун карагайга келип, көчүгүн коюп олтурду.

Кайгы-муңга баткан Жапарды сергитип, ага жаңы дем, жаңы-күч берип, аны чачтан сылап, беттен сүйүп эркелеткиси келгенсип, чыгыш жактан Кызыл Омполду көздөй жумшак жел жүрдү. Ал жерге көгүш тартып, көйкөлүп жаткан Ысык-Көл түрдөнүп толкундады. Ал толкундар алда кайдан сапар тартып келип, Жапар турган жээкке урулуп, кайра тарта берген кезде, акактай ак тамчылар туш-туш жакка чачырады.

Кандайдыр бир балыкчы жигит жел кайыкка түшүп, Жапардын так алдынан кыя тартып, белес ашкан кишидей бирде өйдө чыгып, бирде төмөн түшүп, толкундар менен бирге толкуп, ырдап, алыстап кетип бара жатты.

Пристанда кандайдыр үч-төрт бала кайырмак салып отурушат. Алардын жанынан жүк ташыгыч жумушчулар, баштарына таар каптарын жамынышып, мыкчыя басышып, каршы-терши өтүшүп, пароходдон жүк ташып жатышат. Ыраакта көк жүзүнө акын торгой пайда болуп, канатын желбиретип, каалгып учуп, миң түрдүү күүгө салып сайрады да, кайдадыр бир жакка барып конду.

Адамды суктандыра, кызыктыра турган жаратылыштын бул жарашыктуу көрүнүшү Жапарга эч бир таасир кылган жок. Ал жараксыз, таштанды кишидей жетимсиреп, эки колу менен эки жаагын таянып, алыста – алда кайда түрдөктөлүп, толкуп жаткан Ысык-Көлдүн үстүнө көз жиберип, өткөн-кеткенди эсине түшүрүп, Жамила жөнүндө ойлонду да отурду.

Жапар Жамиланы кантип ойлобойт? Кантип аны эсинен чыгарат? Ал аны көп кишинин бириндей сүйгөн бекен? Ал аны жан жүрөгү, назик көңүлү менен сүйгөн.

Анын сүйүүсү чыныгы сүйүү, таза сүйүү болчу. Аны менен сүй-

лөшкөндө, аны менен колтукташып бирге жүрүшкөндө бүткөн бою коргошундай балкып, дүйнөдө ал өзүн бактылуу деп санаган. Кан кечип кан майданда, от кечип өрт ичинде жүргөндө да, «алыста – Кыргызстанда колуктум бар» деп ал ага чоң медер, жөлөк кылган. Ошентип сүйгөн Жамиласы бүгүнкү күндө кайда кетти? Кимге барды?

– Оо, тажрыйбасыз жаш жүрөк!.. – деди Жапар. – Тажрыйбасыздык кылып, «мен кандай сүйсөм, ал да сени ошондой сүйөт» деп жүрүпсүң. Сени ал чын дили, ак пейли менен сүйбөптүр, бекерге ишендирип, улакча ойнотуп жүрүптүр. Сен аны билбепсиң, алданыпсың.., Ал эми күйөөгө тийиптир!

– Бул кандай арсыз жигит, – деди Жапар өзүнө-өзү суроо берип. – Бул кандай арсыз жигит. Кыргызстанда кыз табылбай калгансып, эмне үчүн ал менин Жамилама көз артты, эмне үчүн аны менден ажыратты. Аны айныткан ошол арсыз жигиттин өзү го!..»

Жапар ал жигитти ичинен өтө жек көрдү. Фрунзеге чейин аны артынан кууп барып, алкымдан алгысы келди, унчукпас мылтык болсо, алыстан туруп аны аткысы да, өлтүргүсү да келди. «Кой, бул жарабайт... Мындан эмне пайда? Качкан куш кайра келип тууруна кончубу» – деп Жапар кайра өзүнө-өзү кайрат айтты.

– «Ким билет, – деди Жапар бир кезде, – ким билет, балким, буга Жамиланын өзү айыптуу чыгар. Жамила макул болбосо, ал жигит эчтеңке кыла албайт эле го. Госпиталдан жазган катыма жооп жазбаган себеби да ошол турбайбы. Алты санымдын бүрөөнөн ажыраганымды укканда, ал мени «адам катарынан чыкты» деп кемсинткен, чанган экен го. Мени таштап башка бирөөгө тийип кеткен экен го...»

Жапардын бирде алкынган жүрөгү, жашыган көңүлү токтолду, бүткөн бою чыйралды. Кабагы кайратына, көзү айбатына келди.

– Жок! – деди Жапар бир кезде чочугансып. – Жок! Мен адам катарынан чыкканым жок. Менде кадимкидей күч да, кубат да бар. Мен али да болсо, элим үчүн, Ата Мекен-жерим үчүн тылда кызмат кыла алам. Алтын башым, кызыл тилим аман турганда мен элден кем иштебейм, эч кимден кем калышпайм, – деди да ал, томогосун алганда жутунган бүркүттөй алга обдулуп, ордунан секирип тура келди.

* * *

Параход Пржевальский пристанына токтоду. Жапар пароходдон түштү. Шаар менен пристандын экөөнүн ортосунда жүк тарткан

арабакечтердин бирөө менен ал шаарга келди. Күн кеч. Үйү болсо алыс – райондо. Эмне кылуу керек. Кылт этип оюна Айша түштү да, адресин арабакечке айтты. Арабакеч аны Айшанын үйүнө алып келип түшүрдү.

Айша үйүндө жок болчу, сууга кеткен. Энеси Уулжан короодо отун-суусун жыйнаштырып жүргөн.

– Амансызбы, энеке, – деди Жапар. Күлүмсүрөп, Уулжандын жанына басып келди.

– Шүгүр, айланайын, – деди Уулжан. Жапарды тиктеп, бүшүркөп бир аз карап турду да, ал: – Ботом, өңүң эле жылуу учурайт, сен кайсы баласың? Армиядан келе жатасыңбы? – деди.

– Ооба, энеке, армиядан келе жатам. Мени таанybай калган турбайсызбы. Мен былтыр... дей берген кезде мелтилдете эки чака суу көтөрүп, дарбазадан Айша кирди. Ал көрөрү менен эле Жапарды таанды.

– Жапар ага! – деп, ал чакасын жерге коё коюп, жүгүрдү...

Көз байланган кез. Үйдө лампа күйүп турат. Уулжан конок камылгасын кылып, оозгу үйгө от жагып, май сызгырып, тамак жасап жатат. Үйдүн ичи ала көлөкө. Кандайдыр бир жетим көпөлөк лампаны чарк айланып, айнекке согулуп, дырылдап учуп жатты.

Айша менен Жапар кичине тегерек столдун жанында аркы-беркини сүйлөшүп олтурушту. Жапар Талып жөнүндө айткысы келсе, Айша Жамила жөнүндө айткысы келет. Бирок бирин-бири аяшат, бирин-бири кайгырткысы, муңайткысы келишпейт.

«Кандай кылсам? – дейт Жапар өз ичинен: – кандай кылсам, Талып жөнүндө айтсамбы-айтпасамбы? Айтканда бечаранын ындыны өчүп, чоң убайга, азапка калар. Айтпасамбы. Айтпаганда, Талыптын же өлүү, же тирүүсүн билбей жаш өмүрү гүлдөй солуп, оор азапка, кайгыга ошондо калар. Учу кыйры жок узакка созулган азаптан көрө азаптын бирден болуп бүткөнү жакшы эмеспи. Кой, айтайын, болгон ишти жашыруу мага адамгерчиликке жатпас».

Айша да өз ичинен сызып, ойлонуп отурду:

– «Капырай, Жапардын бул эмнеси? Жанындай жакшы көргөн, күндө көрүүгө, күндө сүйлөшүүгө кумар, ынтак болгон Жамиласын бат эле ушинтип унутуп коёбу? Жок, кайдан унутсун. Сурар... Бүтүн келбей, мунжу болуп келгенине Жапар кайгылуу, капалуу чыгар. «Бул кейпим менен Жамилага кантип көрүнөм» деп, ошо жөнүндө

көбүрөөк ойлоно турган чыгар. Эмне кылсам, айтсамбы? Жок, өзү сурамайынча айтпайын. Кана, сураганы? Сураса, эмгиче сурабайт беле. Жок, мындай кылыш жарабайт. Баары бир, кийин угат. «Эмне жашырдың» деп анда мага таарынар. Кой, сурабаса да, эптеп эбин таап айтайын...»

Ошентип эки жаш дүйнөнүн кучагында, терең ойдо болуп отурушту.

Түтөп күйүп бара жаткан лампанын билигин төмөндөтүп басып, тамагын кырып, керектүү бир сөз айтчудай болуп, эки-үч курдай Айшаны жал-жал карап алды да, Жапар:

– Айшаке! – деди.

– Эмне, агатай.

– Бир нерсе сурайын, айтасызбы?

Айша жалт Жапарды карап алды.

«Мына, эми Жамила жөнүндө сурайт экен. Сураса, эмне деп жооп берем» деп ал кысылды. Башын төмөн салып, күлүмсүрөп:

– Ал кандай суроо экен? Билсем айтайын, – деди Айша.

– Билесиз. Сизди билет деп сурап жатам.

– Макул, айтайын.

– Дүйнөдө «сүйүү» деген нерсе барбы?

– Неге болбосун, бар.

– Бар болсо сиздин сүйгөнүңүз болгонбу?

Айша байкоосуздан карматып, айбы ачылган кишидей болду, кызарды, кысылып уялгансып, бир аз турду да:

– Кечириңиз, – деди Айша. – Мен сиздин бул суроoңузга жооп бербестен туруп, өзүңүзгө бир ооз суроо берейин. Эң обол ошого жооп бериңиз?..

– Кана, сураңыз.

– Сурасам, өзүңүздүн сүйгөн кишиңиз болгонбу?

– Албетте, болгон. Аны өзүңүз да биле турган чыгарсыз.

– Эмесе, ошол кишиңизден менин да сүйгөн кишимдин бар экенин уккан чыгарсыз.

Шакылдата жүрүп келе жатып, жарга капталган жолоочудай экөө бирдей сөздөн тык токтолушту. «Кайсы жагынан кыялап өтүп кетели» деп, акылдашкан кишилердей бирине-бири тике карашты. Бирок эки жаштын жалындуу көздөрү көпкө чейин тиктешип тура алышпай, ылдый көздөй тайгаланып түшүп жатты.

Албетте, бул алардын уяңдыгынан, же назиктигинен болгон иш эмес эле. Бул – алар, бирин-бири аяшкандыктан, ар кимисинин керт баштарындагы оор, коркунучтуу окуяны айтып, бирин-бири кайгырткысы, муңайткысы келишпегендиктен болгон иш эле.

Экөөнүн ортосунда «сүйүү» деген маселе козголду, шылтоо табылды. Айша ушул учурдан пайдаланып, Жамила жөнүндө мурда оозанып, Жапарга айткысы келди.

– Бир нерсеге таңым бар, Жапар ага?– деди Айша бир кезде күлүп.

– Кандай нерсеге?

– Ошол мен билген, өзүңүз сүйгөн кишиңизди унутканыңызга.

– Жок, Айшаке, – деди Жапар анын сөзүн бөлүп, – Мен аны унутканым жок. Ал менин күн да, түн да эсимде, көз алдымда. Оюмдан ал чыкпайт. Бирок...

Жапар кабагын чытыды да, эмнегедир сөзүн улантпай унчукпай калды. Бул сөздү укканда Айша Жамиланы бирөөдөн билген экен, же өзү жөнүндө айтып жатат болдубу экен деп ичинен ойлонду. Эмнеси болсо да, ал бул сөздүн түйүнүн чечкиси, билгиси келди:

– Эмне үчүн андай дейсиз, Жапар ага? Бул сөзүңүзгө мен түшүнө албадым. Түшүндүрүп айтсаңыз.

Жапар каргылданган кайгылуу үнүн бир аз жогору көтөрүп, Айшаны карап, Жамила жөнүндө Султандан уккан сөзүн айтты да, кайгылуу-капалуу түр менен терең үшкүрдү.

Айша ордунан козголуп, оң колун Жапардын ийнине коюп, өзүнүн сүйкүмдүү үнүн чыгарып:

– Жапар ага, кайгырбаңызчы. Мейли, Жамила кетсе кетсин, сизге да буюрган бирөө турган чыгар, – деди.

Мындай боорукер, жагымдуу, жылуу сөздү укканда Жапарды кандайдыр бир укмуштуу кубаныч басты. Айшанын колу тийгенде пайда болгон кубанычты ал өзүнүн кыймылы, табышы менен бузчудай болду, былк этпеди, сөз айтпады, унчукпады.

Жапардын унчукпаганы – анын али да болсо кайгырып отуруунун белгиси го дегенсип, Айша:

– Муңайба, Жапар ага, муңайбаңызчы? Мен сизден суранам? – деди.

Жапар башын көтөрүп, азыр гана биринчи ирет көрүп отургансып, Айшаны тике карады. Эки жаштын жалындуу көздөрү бирине-бири учурашканда эриксизден жылмайышты.

– Айшаке! – деди бир кезде Жапар, – Айшаке, мен сиздин айтканыңыздай болоюн, кайгырбайын. Кайгырган менен эми эмне пайда? Адам баласынын турмушу ушундай болот турбайбы. Мурда мен кандай элем? Алты саным аман, абада учкан куштай, көлдө сүзгөн чабактай эмес белем? Мына эми, мен быйыл минтип, чыгып келе жатып жыгылып басынган аттай болуп, чолок болуп, бутумдан ажырап отурам. Бешенеге бүткөн жазмыш ушул турбайбы.

Жапар башын төмөн салып, дагы да сөзүнөн токтолду. Кош кайгы Жапардын жүрөгүнүн тынчын алып, муңайтып, кайгыртып жатканын көрүп, өзүнүн мээримдүү, жумшак сөзү менен анын кайгысына аз да болсо тең орток болгусу келип назик үнүн чыгарып:

– Жапар ага, дагы сизден суранам, кайгырбаңызчы, – деди Айша.

Жапар шылкыйткан башын жогору көтөрүп, Айшаны карады:

– Макул, Айшаке, иш өткөн соң кайгырган менен эмне пайда, – деди. – Макул, Айшаке, кайгырбайын. Сен да кайгырбайсыңбы, мен эгерде сага бир окуя айтсам...

– Ал эмне окуя экен, айтыңызчы, – деди Айша. Анын өңү туманга капталган күндөй болуп, бир аз бузула, өзгөрө түштү.

Жапар айтсамбы, айтпасамбы дегенсип, аны тиктей бир аз турду да:

– Айшаке, – деди ал. – Мен Талыпты көрдүм.

– Эмне дейсиз, Жапар ага? – деп Айша чочуп кетти. Калтыраган жумшак колу менен Жапарды колдон алды. – Чын айтасызбы, төгүн айтасызбы?.. Кайдан? Госпиталданбы?.. Эмне деди?..

Жапар төрт бүктөлүп төш калтасында сакталып келген бизге тааныш Айшанын өз каты менен Талыптын катын алды да, ага сунду.

Айша каттарды алып ачканда, эң обол өзүнүн каты көзүнө чалынды.

– Агатай, бул менин катым го, сиз муну кайдан алып жүрөсүз, – деди Айша. Жүрөгү, колдо уушталган чабактай секирип, колу калтырап, берки катка көзүн жүгүрттү.

– Оо, шумдук! Бул эмне деген кат? Түшүнө албадым. Айтсаң агатай, деги өзү аман-эсен барбы?

Жапар Талыпты «өлдү» деп айтууга оозу барбады. Тили күрмөлдү башын чайкоо менен гана Талыптын өлгөндүгүн ал араң билдирди.

– Оо, шордуу бактысыз жаным! Талыптан айрылган экенмин го, – деди Айша. Башка сөз айталбады, эки көзүнөн эки тоголок жаш тоголонуп этегине түштү.

## V

– «Уулуң келе жатат» – деген кабарды укканда Тойчубек токтоно албады. Эки колун бирде аркасына алып, бирде чөнтөгүнө салып, бир үйгө кирип, бир тышка чыгып, ары-бери басты. Бурулча да дирилдеген колу менен жүктөн ала кийизин сууруп чыгып, жерге салып, идиш-аягын жыйнаштырды.

Бир кезде эшик алдына келип араба токтоду. Арабада келе жаткан Жапарды көргөндө бала-бакыра, абышка-кемпир дебей колхозчулар аны менен бирге ээрчип келишти.

Тойчубек уулу менен кучакташып көрүштү. Бурулча бир чөйчөк суу ала чыгып, эскиче ырым-жырым кылып, сууну Жапардын башынан тегеретип ыргытты. Анан барып уулун кучактап, бетинен өөп көрүштү да, ыйлап жиберди...

– Оо, бышактаган кургур, десе! Эмнеге ыйлайсың? Кайта кубанбайсыңбы?– дешип, кемпирлер аны туш-туш жактан жемелешти.

– Чиркин, бала деген кыйын турбайбы, – деди Бурулча, көзүнүн жашын жеңинин учу менен сүртүп. – Муунум бошоп, чыдай албай баратам. Анан кантейин, токтобой жүрүп тапкан жалгыз каралдым эле... Ушул каралдым армияга кетерде «көрөмбү, көрбөймбү» деп, сарсанаа болуп бир ыйладым эле, эми бир ыйлап отурам. Андагы ыйым – кайгы, зардын ыйы болсо, эмки ыйым – кубанычтын ыйы эмеспи, байбичелер.

– Ооба, ооба калети жок.

– Байкуш, анан кантсин, – дешти кемпирлер баш ийкешип.

– Кана, карыялар, эшикке турбай үйгө киргиле, – деди Тойчубек.

Колхозчулар Жапарды ээрчий үйгө киришти. Жапарды ортого алып, уй мүйүз тартып отурушту. Жапар шинелин чечип, балдагын сол жагына коюп, аркасын тамга жөлөп, элдин ортосунда отурду. Анын көкүрөгүндөгү «Кызыл Жылдыз» ордени үйдө отургандардын баарына да жаркырап көрүндү. Келин-кесектер: «Биздин күйөөлөрүбүз да ушинтип орден тагынып, аман-эсен келип калар бекен» дегенсип, бирин-бири түртүшүп, күбүрөшүшүп, жымыңдашты.

Атасы менен энесинен тартып, так эшик түбүндө отурган чолок мурун, кара тоголок балага чейин көз жүгүрттү да, Жапар:

– Агайиндер, барыңар да көзүмө жылуу учурайсыңар. Туулуп өскөн жер, эл-журт деген кыйын экен го, – деди.

– Атаганат десеңчи...

– Сен өзүң да биздин көзүбүзгө жылуу учурап жатасың кагылайын...

– Тойчубек, деги сенин ырысың бар экен, минтип уулуң аман-эсен келип олтурат. Эми жоону жеңип берки балдарыбыз да аман-эсен келишсе, анда той үстүнө той болгон болор эле, – дешти отурган карыялар.

– Жоону жеңерибизде шек жок, – деди Жапар. – Балдарыңар да келишет, кубанычка да батасыңар, той үстүнө той да жасайсыңар.

– Оозуңа май, кагылайын, ылайым ошондой болсун. «Сокурдун тилегенн эки көз» деп, биздин издегенибиз ошол эмеспи, – деди ортодо отурган аксакал абышка. Этек-жеңин кымтыланып, оңдонуп отуруп, Жапарды карады. – Балам, согушта кандай жаңылыктар бар? Биз кары киши аны-мунусуна көп түшүнө албайт экенбиз, «бүгүн биздикилер мынча шаар алышты» десе эле кубанып калабыз.

Душмандын жүрөгүн түшүрүп, жер дүңгүрөтүп, кулак угуп, көз көрбөгөн эрдиктерди көрсөтүп, батышка карай чабуул коюп, жоону сүрүп кетип бара жаткан совет уулдарынын ийгиликтерин Жапар айтканда, карыялар: – «Баракелде!..», «Балдарга кудай кубат берсин...» дешип, бирин-бири карашып, баш ийкешип, күлүңдөштү. Немецтердин кыйнашканын, өлтүргөнүн, далай шаар, далай кыштактарыбызды талкалашканын, өрттөгөнүн айтканда, «Ой жүзү кара, немец дегениң анык эле жүзү кара экен го!..» – дешип желпинип, тиштерин кайрап, кыжырланышты.

– Мына ошондуктан, – деди Жапар отурган колхозчуларга кыдырата көз жүгүрүп, – биз тылда мыкты иштейли, фронтко көбүрөөк жардам берели. Эл үчүн, туулуп өскөн жер үчүн, силердин бак-таалайыңар, ырыскыңар үчүн канкор жоо менен арстандарча алышып жаткан эрлерден биз эч нерсени аябайлы.

– Калети жок, садагаң...

– Антпесек болобу? – дешкен сөздөрдү оттургандар туш-туш жактан жаадырышты.

* * *

Райкомдун контору. Контордун алды арык. Арыкта аккан суу бар. Суу боюна тигилген көп терек. Теректердин көк-жашыл жаш жалбырактары жерге көлөңкө түшүрүп, болор-болбос жайкы желге желбиреп, кыймылдап турат.

Көлөңкөдө мамы. Мамыда байланган токулуу эки ат. Аттар куйруктарын шыйпаңдатып, ылаалап, анда-санда баштарын чайкап, бышкырып коёт. Аттардын алды-артында бир топ таранчы бирде секирип, бирде жөргөлөп, бирде уча качып, бирде кайра келип коно калып, тезектерди чокулап, жем издеп жүрүшөт.

Жапар жакындаганда топ таранчы тобу менен дыр коюп, көтөрүлүп учту да, теректердин бирине барып конушту. Кайдадыр бир жактан эрингендей үнүн каргылдантып чакырган короздун үнү угулду.

Жапар дрожкадан түшүп, атын теректердин бирине байлады.

Райондо аны «Кеңеш» мектебине директор кылмакчы болгонун Жапар өзү мында келбестен мурда эле уккан. Бирок Жапар ага барбас болгон. Албетте, даяр тамак, даяр төшөк, өз үйүндө, ата-энесинин кашында иштегенге кайдан жетсин. Ал Жапар үчүн табылгыс бир дары эмеспи. Бирок ата-энесиие келгенине мына бир жума болот. Ошондон бери Бурулчанын көмүскө жерде көзүнө жаш алып, көрүнөө жерде жаш баладай Жапарга айланып үйрүлгөнү, атасы – Тойчубек да Жапарды ишке кошпой барын да өзү иштегени Жапарга жакпады. Жапар аларга оор жүк сыяктанды. Жакшы ой, жакшы тилек менен «эс алсын, балам» деп көпчүлүк ишине Тойчубек Жапарды такыр кошкону жок. Ага-ини, тааныштары көчөдө жолугуша келгенде, «А кайран жигит, кайран бала!» – дешип, баштарын чайкашат. Алардын аяп айткан сөздөрү да Жапардын көңүлүн көтөрбөстөн, кайра анын кыжырын келтирип, сол бутуна дагы бир балдак керек кылгандай болот.

– Жок, – деди Жапар өзүнөн өзү. – Ата-эненин алдында минтип тура берсем, оозунан шилекейин агызган жаш балага айланат экем. Андан көрө ата-энеден алыс башка колхозго кетейин. Башка элдин ичине барып, башкача турмуш күтөйүн, иштейин.

Жапар ушул ой, ушул тилек менен мында келе жатып, районого кирген болучу. Райононун башчысы Жапарды көрө коюп, зор кубаныч менен каршы алды. Согуш жөнүндө Жапардан эки-үч ооз сурап келип, ордунан туруп чоң салтанат менен:

– Сиздин ал-жайыңызды эске алдык, – деди ал Жапардын балдагына карап алып:

– Сизге жайлуу жер болсун – деп, өз колхозуң «Кеңеш» мектебине директор кылмакчы болдук, макулдаштык.

Жапарга директорлук бул кызматты Районо Курманов мурда эле телефон менен айткан.

Жапардын кайда, кайсы мектепке директор болушу райононун башчысы үчүн баары бир эле. Бирок Курманов Жапарды «Кеңеш» мектебине жибер деи айткандан соң, анда ал пайдалангысы келди да, Жапарды өзү жиберип жаткансыды. Райононун башчысынын мунусу – Жапардын кийин мага пайдасы тиер бекен деген иши эле.

Райононун башчысы сөзүн бүтүрдү да, эми Жапар мага ракматты жаадырат го дегенсип күлүңдөп орундугуна кайра олтурду.

Бирок анын мунжусунтуп айткан сөзүнө терикти да:

– Өз колхозума барбайм, – деди Жапар.

– Неге барбайсың, жолдош Тойчубеков? Анда үйүң, ата-энең бар, – деп райононун башчысы таңданып.

– Барбайм, себеби бар, – деди Жапар, – «Өрнөк» колхозунун мектебинде орун бар деп уктум. Мени ошого жибериңиз.

Райононун башчысы мурункусунан бетер таң калды.

– «Өрнөк» дейсиңби? – деди ал. – Ооба, анда директорлук орун бар. Бирок андан элдин баары качып жатса, сен кантип барасың? Ага барам дегениң кандай? Мектеби абдан начар. Анда окуу менен ишиң болбой, ремонт менен ишиң болот. Ремонттун азыр жеңил эмес экенин билесиңби?

– Билем, – деди Жапар кесе сүйлөп.

– Анын үстүнө мугалимдери да жаш, тажрыйбасыз. Колхозу да начар. Анысын да билесиңби?

– Билем, – деди Жапар мурунку сөзүн кайталап.

– Билсең эмне ага барам дейсиң? – деди райононун башчысы. «Өз алыңды билбей туруп, эмне сен өз үстүңө анчалык жүктү үйөсүң?» дегенсип, Жапардын сыңар бутуна дагы да ал астыртан карап койду.

Жапар унчукпай калды.

– Аа, түшүндүм-түшүндүм, – деп райононун башчысы кытмырланып күлүп койду. – Сезип жатам. Болгондо, анда сүйгөн кызың бар го?

Мындай обу жок, орунсуз сөзгө Жапар чыдап тура алган жок. Өңүн сурдантып, жаман көзү менен райононун башчысын тике карады да:

– Жибериңиз, мени «Өрнөк» колхозуна, – деди Жапар.

– Макул-макул, – деди райононун башчысы кайта кайпалактап. – Бирок бул маселени мен Курманов менен макулдашуум керек. Менин буга каршылыгым жок, барсаң бар.

* * *

Азыр Жапар терекке атын байлап жатып, жаңкы өзү тилеген кызматы жөнүндө райкомдун секретары эмне деп айтар экен деп ойлонду.

Жапар согуштан мурда райкомдо иштеген. Андан кеткенине мына быйыл үч жыл болот. Өзүнө тааныш коридор, эшиктерине көзүн салып бара жатканында, алдынан күзөтчү карыя Койчуманов чыга келди.

– Жапар балам? Сенсиңби? – деди да Койчуманов, Жапардын балдагын көрө койду. – Жүзү кара, тынч жаткан элге мынчалык түйшүк салды. Сага дагы бир бакпас балаа бар чыгар!

Жапарга Койчуманов райкомдо эски кызматкерлерден эч кимиси калбаганын, көпчүлүгү согушка кеткенин, райкомдо мал чарбачылыгы боюнча иштеген Кадыркул деген жигит гана калып, ал да болсо, азыр колхоздордо жүргөнүн айтты.

Алдыңкы бөлмөдө олтурган жаш аял секретарга Жапардын келгенин билдирди. Бир аздан соң Жапарды ал кабинетке киргизди.

Курманов кимдир бирөө менен телефон аркылуу сүйлөшүп жатты эле. Жапарга баш ийкеп көрүштү да, орундукка отурууга ишарат кылды. Жапар Султандан Курманов жөнүндө укканы эсинде. Эми ал өз көзү менен Курмановду көрдү. Курманов жашы кырк бештер чамасында, сакалын кырдырган, кара мурут, орто бойлуу, толмоч, чыйрак киши эле.

– Түшүндүм! Кыскарт эми! – деди Курманов трубканы үйлөп.

Сүйлөшүп жаткан киши Курмановго толугураак айтайын деди белем, айтор ал дагы бирдеңке деп сүйлөп жатты.

– Түшүндүм, – деди Курманов, анын сөзүн бир топко дейре тыңшап туруп. – Жакшы! Ошондой кыл! Мен макулмун! – деди да, трубканы кайра ордуна илип койду.

Жапар колун ага сунганча телефон дагы шыңгырады.

– Угуп атам, – деди Курманов. Телефонду кулагына тосуп. – Даркан сельсаветинен? Бул ким? Арстанбексиңби?.. Бүгүн биз үчүнчү ирет сүйлөшүп жатабыз го! Кандай, эмне жаңылык?.. – Сельподо

кезмал жок дейсизби? Неге? Мына кызык!.. Ал жөнүндө эмне мага айтасың? Андай кылуу жарабайт иничек... Өзүңдө демилге болуу керек да, аракет кыл. Эмне?.. Аракет кылдым дейсиңби? Телефон кагуу аракет эмес, баруу керек. Баруу... Райторгго бар, бир эмес эки бар. Шадыбаевди жакадан албайсыңбы? Макул, мен да аган телефон урайын... – деди Курманов. Телефонду ордуна койду да, сабын бурап жатып Жапарды карады:

– Кечир, иничек. Азыр жумуштун кызуу кези: оруу жыюуга даярдык көрүп жатабыз. Мында болгон иштерди угуп отурсаң, мага да зыян болбос.

– Райондун бардык иши менен таанышат экемин да, – деди Жапар күлүп. – Албетте-албетте, – деди Курманов. Трубканы колуна алды. – Райторгду бериңиз. Райторг. Жолдош Акбаевсиңби? Саламат! Курманов сүйлөп жатат. Айтыңызчы, сельпонун базасында эмнелер бар. Ширеңке... башка дагы? Арак дейсизби? Анын болорун билген элем. Сенин ага жөндөмдүү жайың бар экени мага көптөн белгилүү... – Курманов Жапарды карап, көзүп кысып койду: – колхозчуларга кезмал кайда? Кант, чай?.. Дарканга болсо, сен анда аракты толтурупсуң. Оруу жыюу жакын калбадыбы. Календарга карайсыңбы? Кантип?.. Жеткирүүгө транспорт жок? Аныңа ким ишенет? Акы-чүкүңдү билбейм... жолдош Акбаев, жонуңа көтөрсөң да, кезмалды Дарканга жеткиресиң.

Курманов трубканы жайына койду.

– Эх, – деп Курманов Жапарга бурулду. – Даркан сельсоветине делинген кезмал, кант, чай өткөн айда эле берилген. Али күнчө аны колхозго жеткирбептир. Машинанын майы жок дейт, май болсо, балону жарылат, балону болсо, шофёр ооруп калат. Мына жок шылтоо!..

Курманов дагы телефонду какты.

– Раисполком! – деди ал кыйкырып. – Турумбековсуңбу? Ооба, Курмановмун. Угуп жатасыңбы? Тиги райторгда отурганың кандай неме? Ушул күнгө чейин колхозчуларды кезмал менен камсыз кылбаптыр го. Араба менен алып барууга да болот эле го. Ошого өзүң көз салчы. Баса, Турумбеков: чөп чабуу, чөп ачытуу жумушу райондо кандай жүрүп жатат. Бардык колхоздордо бүттүбү? – Керегеде илинип турган райондун картасына Курманов көз жүгүрттү. Картадан чөп чабуу бүткөн пункттарга көк желектер сайылган болчу.

– «Согуштагы картадай го, – деди көңүлүнөн Жапар. – Мага да ушундай бир карта керек экен».

– «Үлгү» колхозу менен Сталин атындагы колхоз кандай? Бүтүшкөн бекен?.. Жакшы болуптур! – деди Курманов. Трубканы кулагына тозгон бойдон ал ящиктен эки көк желек алып чыгып, картага илди. – Башкаларынан кабар жокпу? Болору менен мага кабар кыл.

Курманов трубканы илди да, Жапарга карады:

– Ошентип, Жапар, «Кеңеш» колхозунда калмакчы болдуңбу?

– Жок, жолдош Курманов, «Өрнөккө» бармакчы болдум.

– Неге андай? «Өрнөккө» эмнеге барасың? Кеңеште калтыр деп мен өзүм районого дайындабадым беле?

– Өз каалоом боюнча «Өрнөккө» бармак болдум.

Курманов буга таң калып, түшүнбөстөн далысын күйшөдү.

Жапар райондо айтпаган сөзүнүн баарысын да азыр айтты. Секретарь башын көтөрүп Жапарды карады:

– Анда мектеп да, колхоз да начар экени кабарыңда барбы?

– Бар.

Курманов унчукпай калды.

– Албетте, – деди Курманов бир кезде башын көтөрүп. – Согуштан кийинки өз турмушуңду баштаганы жаткан турбайсыңбы? Мунуң жакшы, кубанычтуу, большевиктик иш. Мындай кылсаң, бир бутуң менен болсоң да, алга кетесиң.

Жапар күлдү.

– Бир нерсе эсиме түштү, – деди Жапар, – ушул сөздү мен госпиталда жатканымда санитарка орус аялынан уктум эле.

– Эмесе ошондой. Оюңа кошулам... – деди Курманов. Ордунан турду да, Жапардын колун кысты.

Курманов дагы бирдеңке айтмакчы боло бергенде эшик кагылды, бир киши кирди. Бул күзөтчү карыя айткан райкомдун инструктору Кадыркул деген жигит эле. Жапарды ал таанычу.

– Курбум, Жапар! – деди Кадыркул. – Кайдан жүрөсүң? Согуштанбы?

Эки дос кучакташып көрүштү. Аны-муну сурашып, бир аз олтурушкан соң, Кадыркул Курмановго райондо болгонун, кайсы бир колхоз эгин оруута киришкенин, «Кызыл-Дыйкан» колхозу али күнчө чөп чабуусун бүтпөй, чөбү күйүп бара жатканын айтты.

– Эмне? Бүтүшпөптүрбү? – деди секретарь. – Чөп чабуучу машина алышкан эмес бекен?

– Ооба, – деди Кадыркул.

– Кантип? Райпромкомбинаттын машинасычы?

– Жок, албаптыр.

Секретарь телефонду дароо колуна алды.

– Мага райпромкомбинатты бериңиз. Райпромкомбинат? Хасановсуңбу?.. «Кызыл-Дыйкан» колхозуна эмне үчүн чөп чабуучу машинаңды жиберген эмессиң? Эмне?.. Өзүбүздүн чөптү?.. Жолдош Хасанов: сенин системаңда канча киши иштейт? Кырктан ашык дейсиңби? Тепкедей жериңди алар орок менен орсо да бүтпөйбү?.. Согуш үчүн неге иштебейсиңер? Үгүт-насаат иш силерде начар экен, жолдош Хасанов... Эмне? Чалгы жиберем? Жок, чалгы менен сен өзүң чап. Колхозго машина керек... машина... Угасыңбы? Бүгүндөн калтырбай жибер... Эртең райкомдун бюросуна сенин ишиңди коём. Жок! Жок! Бүгүндөн калтырба!

Курманов телефоңду ордуна койду.

– Кадыркул, сен промкомбинатка бар, бүгүндөн калтырбай, машинасын жиберсин. Ошого өзүң көз сал.

Кадыркул Жапар менен коштошту:

– Дагы көрүшөрбүз, Жапыке. Сенде болом.

– Ошент, Кадыке. Күтөм сени – деди Жапар да.

Кадыркул кеткен соң:

– Ошентип, иним, «Өрнөккө» барам деп өзүң суранган турбайсыңбы? «Төөгө минип, эчкиге жашынба» деген лакап бар. Мектептин директорумун деп башка иштен кача көрбө. Иш көп. Сени оруу-жыюу мезгилинде ал колхозго райкомдун уполномочени кылып дайындасак, кандай болор экен, буга эмне дейсиң?

– Каршы эмесмин.

– Андай кылсаң, иничек, бизди көп кыйынчылыктан бошотосуң. «Өрнөктү» үзгүлтүктөн чыгаруу – биздин алдыбызда турган чоң маселенин бири болуп олтурат. Колхоз четте, партиянын уюму да анда начар. Сага окшогон жигиттин анда болушу, жашырган менен болобу, чоң кубаныч.

– Күн мурунтан мактабаңыз, аксакал, – деди Жапар өзүн оңтойсуз сезип. – Балким, мен тапшырган жумушуңузду алып жүрө албасмын.

– Жемелөөгө качан да болсо убакыт табабыз. Бирок иштин башталышында мактап койсо, зыяны жок. Ошондойбу? – деп Курманов күлүп койду.

– Анда канча коммунист бар, – деди Жапар Курмановдон.

– Үчөө. Сени менен төрт киши болот. Секретары Жутабай деген карыя. Ал көптү көргөн, далай оор, далай кыйынчылыкты башынан өткөргөн, партиянын эски мүчөсү, кайраттуу, мыкты киши. Иште тажрыйбасы, колхозчуларга баркы, кадыры бар.

– Экинчиси – Чүкөбай. Мурда ал байларда батыраак болгон. Азыркы кезде колхоздун председатели. Колхоз ишине берилген, жаны тынбаган эң бир сонун киши. Бирок бир кемчилиги: көңүлү жумшак, унутчаак; ким мурда айтса, ошонун сөзүн ээрчийт да, кийин ага өзү өкүнөт да жүрөт. Аны колго алуу керек. Өз оюна коё берсең, ишти бузат. Мен ага бул жөнүндө алда нече жолу эскерттим. Сөгүшү да бар. Улгайган киши. Партияга согуш башталар жылы эле өткөн. «Кемчилигимди партияга өткөндөн бери түшүндүм, мүмкүнчүлүк бергиле, мен аны эми жоём» деп убада да берген. Аны сен эскер. Кемчилигин жойсо жакшы, жойбойт экен – анда ал жөнүндө ойлонуу керек.

– Үчүнчүсү – Зуура деген келин. Ал оор басырык, эс-акылы бар. Колхоздун башкы чабаны. Эри Шекербек жардамчы.

– Кантип? – деди Жапар.

– Оо, бул кызык окуя! – деди Курманов күлүп. –

Шекербек чабан. Зуура анын жардамчысы экен. Зуура ишти өз оюнча жүргүзөйүн десе, Шекербек эрсинип ага каршы болуптур. «Муну кызматынан алгыла. Болбосо мени мындан ажыраткыла» деген маселени Зуура башкарманын жыйналышында коёт. Чындык Зуура жакта болуп, Шекербектин ишке тоскоол кылганын колхозчулар көрүшөт да, Зууранын чабан, Шекербекти ага жардамчы кылып шайлашат.

– Шекербек кантти?

– Кантсин? А дегенде ал таарынды. Андан соң «менин аялымдай аял жок» деп отурса-турса да, Зууранын мактай баштаган.

Жапар да, Курманов да күлүп калышты.

– Зууранын колдошуң керек, – деди Курманов сөзүн улантып. – Китеп, газета окууга өтө ынталуу келин; сабатын көтөрүүгө сен ага жардамдаш бол. Эми комсомол жөнүндө айтайын. Комсомолдун он мүчөсү бар. Партия уюму ага жакшылап жетекчилик кылса, ал бир кыйла чоң

күч эмеспи. Комсомол жумушун да сага тапшыргым келет. Муну сен барганыңда Жутабайга айт. Башка сөзүм жок. Баса, – деди Курманов бир аздан соң. – Ал жакка качан баргың келет? Жакында гана армиядан келбедиңби? Үйүңдө бир аз эс ал. Шашпай барсаң болот.

– Оруу-жыюу кирип келди деп өзүңүз айтып отурбайсызбы? Буйдалууга болбойт. Эртең эле жөнөйм.

– Жарайсың, иничек, жарайсың! – деди Курманов. – Ишиңиздин ийгилигине тилектешмин.

## VI

Жапар «Өрнөк» колхозуна келди. А дегенде эле Жутабай менен таанышты. Жутабай аны учётко алды да, ошол күнкү кечте партиянын жыйналышын чакырды.

Жаңы орун, жаңы кызмат. Жаңы кызматты колго албастан туруп, албетте, анын бары-жогу менен таанышуу керек эмеспи. Жапар ошондой кылды. Ал колхоздун короо-жайы, эгин талаасы, жумушка жарарлык бүлөсү, кыскасы, колхоздун ички-тышкы иштеринин баарысы менен таанышты. Мектепке келди. Талкаланып, сынып жаткан терезелердин айнектерин, рамаларын, тең жара бөлүнүп буттары сороюп талаада – күндө жаткан парталарды, какжырап, калыбынан тайган эшиктерди, тепкичтерди көрдү. «Секретарь төгүн айтпаптыр. Мектептин ремонтун ушул баштан колго албасам болбойт экен» деди Жапар өз ичинен.

Бирок колго кандайча алмак? Колхоздо чөп чабуу, чөп үйүү, чөп ачытуу, эгин сугаруу, отоо, дары-дармек өсүмдүктөрүн кесүү жумуштары кызуу жүрүп жатпайбы. Анын үстүнө эгин такта болуп, алды аз күндө орулганы жатат. Колхоздо бүлө аз. Жыгаччы усталар да жетишпейт. Бар болгону – колхоздун эки жыгаччы устасы, бир темирчи устасы бар. Алар эртеден кечке чейин колхоздун жумушунда.

Жапар мектептин ремонту жөнүндө ойго батып, эмне кыларын биле албай курулушту көздөй басты.

Курулушта эки абышка арабанын дөңгөлөгүн жасап жатышат. Алардын бирөөнүн өңү сары, тиши кетик, үстүндө жамачылаган кирдүү ак көйнөгү, жүн салып шырыткан эски шымы, буурул тарткан бөдөнө куйрук чокчо сакалы бар. Жүрүш-турушуна, кыял-жоругуна, сөзүнө караганда элпек, тил алгыч, ак көңүл адам көрүнөт. Экинчиси – кең далылуу, төшү жайык, чапжаак, күмүш аппак сакалы жай-

калып эки ийнине түшкөн, оор басырык, буржугуй келген абышка. Майланышкан тери жаргак шымына үстүндөгү жеңил, эски, боз бешмантын шымаланып алган. Белинде кайыш илгичи, илгичинде кыны, кынында кыргыз устасы жасаган бычагы бар.

Алардын жанына басып келип, Жапар:

– Иш илгери болсун, карыялар, – деди.

– Айтканыңыз келсин, балам, – дешип экөө бирдей баштарын көтөрүп, жарыша жооп кайтарышты.

Кетик тиш абышка чебелектеп, деңгөлөктүн ар жагына бир чыгып, бер жагына бир чыгып:

– Мен кармап турайын, сен үстүнөн ур, – деди жолдошуна. – Ур... дагы азыраак... болду, жетишет...

– Дөңгөлөк жасап жаткан турбайсыздарбы?

– Ооба, балам, колхозубузда араба аз, жетишпейт. Орокко чейин эптеп бир араба жасап чыгаралы деп аракет кылып жатабыз, – деди тегерек сакал абышка. Чекесинин терин жеңинин учу менен сүрттү да, кетик тиш абышкага: – Муну алып барып, тиги жакка коюп, беркисин алып кел, – деди.

Кетик тиш абышка дөңгөлөктү тегеретип жөнөдү.

Жапар мектептин ремонту жөнүндө кандай кылып, айтуунун айласын табалбай турду. Председатель менен сүйлөшүп буларды бир нече күнгө бошотуп алсамбы деп да ойлонду. Жок, болбойт. Анда колхоздун жумушуна бир топ тоскоол болот. Буга председатель да, өзү да макул эмес. Анда кантет? Түндө, ай жарыгында иштесе, колхоздун жумушу да, мектептин ремонту да бүтөр эле. Бирок буга абышкалар макул боло коёр бекен? Жок, макул боло койбос.

Жапар мына ошого окшогон терең ойго батып турганда, кетик тиш абышка экинчи дөңгөлөктү тегеретип алып келип, түркүккө жөлөп койду. Чөнтөгүнөн мүйүз чакчасын сууруп чыгып, наспай чекти.

– Берчи мага да азыраак, – деди тегерек сакал абышка. Кетик тиш абышканын алаканынан бир чымчып наспай алды да, мурдунун эки таноосуна алмак-салмак кармап жыттап, көзүнөн жашын чыгара эки-үч курдай чүчкүрдү. Көз жашын жеңинин учу менен сүртүп, Жапарды карап:

– Балам, согушта кандай жаңылыктар бар? – деп сурады.

– Баса, балам, ошо согуш жөнүндө айтчы, – деди кетик тиш абышка да жолдошунун сөзүн кубаттап.

– Согушта жаңылыктар көп, карыялар. Биздикилер душманды кырып, чегинтип, кууп кетип бара жатышат.

– Оозуңа май, кагылайын.

– Аларга чала болот.

Тегерек сакал абышка бармагы менен сөөмөйүндө чымчылган бойдон турган наспайдан дагы бир-эки ирет жыттап, чүчкүрдү да:

– Балам, – деди ал. – Бул немец дегениң ошончолук эле көппү? А дегенде бизди жаман шаштырып кирип келди эле го.

– Жок, карыя бизден көп эмес.

Кетик тиш абышка бирдемесин жоготуп, анын кайда калганын эстейин дегенсип, ойлонуп бир аз турду да:

– Ботом, – деди ал чочугансып. Ботом, андай болгондо согушту мынча узартпай эле үй-оокатты катын-балага таштап, а дегенде согушка барыбыз барсак болмокчу экен. Бирөөбүз колдон, бирөөбүз буттан алсак, немец дегениң эчак эле ойрону чыкмакчы экен...

– Оо, Чепем, өзгөчө сен барсаң кыйратат элең го?

– Каркыбарым десе, мага ок тийсе да, сен жакалашкан немецтин бир бутуна жармашсам бирдеңке чыгарат элек го, – дешип абышкалар карт-карт күлүшүп, бирин-бири шылдыңдашты.

– Кайратыңарга кагылайын, карыялар, – деди Жапар да күлүп. – Бирок азыркы согуш байыркы замандын согушундай эмес. Азыркы согушка тим эле бара берсе болбойт. Даярданып, окуп, согуш өнөрүн үйрөнүп, анан баруу керек. Партия менен өкмөтүбүз да ошону айтып, бизди өнөргө, билимге чакырып отурат. Биз билимдүү, өнөрлүү болсок, техниканы өздөштүрсөк, бизди эч ким эч качан да жеңе албайт.

– Айтканың ырас, кагылайын.

– Калети жок.

– Калети жок болсо, – деди Жапар, – балдарыңардын өнөрлүү, билимдүү болушун эмне үчүн каалабайсыңар?

– Ботом, эмне болуп? – деди чочугансып кетик тиш абышка.

– Каалаганыңар ушулбу? – деди Жапар колун шилтеп көрсөтүп. – Карагылачы, мектебиңердин тайда тамтыгы жок: терезе, эшиктери, парталары сынган, астыңкы тактайларынын аралары алсырап, майышып араң тураг. Аны ушу күнгө чейин ремонттой албапсыңар. Эми бир жарым айдан кийин окуу башталат. Ошондо балдарыңар эмне болот? Мектеп деген жаңкы мен айткан өнөр, билимдин ачкычы. Ал ачкыч колуңарда турса, андан толук пайдаланууну билбепсиңер.

Ушинте турган болсок, канткенде биз өнөрлүү, билимдүү элдердин катарына кошулабыз?

– Айтканыңдын төгүнү жок, балам, – деди тегерек сакал абышка. – Колу кургурдун бошобой жатканы да, болбогондо өз мектебибизди оңдоп, түзөтүп алуудан эмине качалык.

– Аныңыз ырас, карыя. Колуңуздар бошобойт, бирок ошондо да убакыт табуу керек – деп, Жапар балдагын оң колуна алып, бир жыгачка көчүгүн коюп отурду. – Каалаcаңыздар, мен сиздерге бир көргөн ишимди айтып берейин.

– Айт, кагылайын, айт.

– Ошент.

– Ноябрдын аяк чени, – деди Жапар сөзүн улантып. – Күн кеч. Биз эки жоокер болуп немецтерден бошотулган Украинанын кыштактарынын биринде, бир үйдө болдук. Жашы 50–55 терге келген үй ээси кемпир бизди ырайымдуу, жылуу жүзү менен каршы алып, колунда бар тамагын берип, сыйлап жатты. Бир кезде кайдандыр бир жактан – жумуштан чалы келди. Биз менен учурашты. Бети-колун жуунуп, биз менен отуруп тамак ичти.

– Кечиресиздер, балдарым, – деди абышка. Мен азыр мектепке барамын. Мектебибизди немецтер бузуп кетишкен. Он чакты абышка ошону он күндөн бери түндө айдын жарыгында ремонттоп жатабыз. Антпесек, күндүз колубуз бошобойт – колхоздун курулушунда, талаа жумушундабыз.

– Алда, кудай ай, такыр жаның тынбайт да. Бул балдар менен сүйлөшүп, азыраак отуруп эс алсаңчы, – деди кемпири күйкөлөктөнүп. – Тиги эшигиңди карачы, арасы ажырап, жаракаларынан кирген суукка адам чыдагыс. Башканы коё туруп, обол эшигиңди түзөтүп алсаң боло.

– Оо, кемпирим! – деди абышка ордунан туруп, чолок сары тонун кийип, белин курчанып жатып. – Немецтерден качып, партизандарга кошулуп, ак кар, көк муздун үстүндө конуп, түнөп жүргөнүбүздө да эчтеме болгонубуз жок эле, эми эшиктин жаракасынан кирген суукка бирдеме болмок белек? Чыдагын бир аз, кемпирим, мектептин ремонту бүткөндөн соң, эшигиңди бат эле оңдоп берем.

Абышка биз менен коштошуп тышка чыкты. Биз ал патриот украиндик чалдын өзүнө да, демилгесине да чоң ыраазы болдук.

– Көрдүңүздөрбү, – деди Жапар абышкаларды карап. – Далай

оор азапты, кыйынчылыкты баштарынан өткөргөн, далай оттун, өлүмдүн ичинен чыккан, үй-жайлары талкаланып, мал-жандары бүлүнгөн украиндык чалдар «арыдым-аздым» деп жатып албастан, ошентип күн-түн дебей мектебин да, чарбасын да кайтадан калыбына келтирип жатышканда, тынччылыкта жаткан сиздер, эмне болупсуңар? Чарбаңар болсо, чачылган жок, үйүңөр болсо үстүңөрдө. Силер ал украиндык чалдардан үлгү алууңар керек эмеспи?

Жапар сөздөн токтолду. «Эмне деп жооп берер экен?» дегенсип, абышкаларды көзүнүн кыйыгы менен карады.

– Кана, карыялар, алтын шилекейиңерди чачыратып, менин суроомо жооп бергиле? – деди Жапар.

– Иничегим, – деди тегерек сакал абышка. – «Жакшы сөз ташты эритет» деп, баятан берки айткан создөрүң бүткөн боюбузду эритти. Биз өзүбүз да уялып калдык. Жаңкы өзүң айткан украиндык чалдай болууга, айдын жарыгына салып түнкүсүн мектепти ремонттоого мына биз сага убадабызды бердик.

– Макул, ошентелик, бул каркыбарым турганда биздин колубуздан келбей турган иш жок. Мектептин ремонтун кудай ала койсун, аны айдын аягына чейин эле бүтүрө коёбуз, – деп кетик тиш абышка да жолдошунун сөзүн коштоп койду.

* * *

Жапар курулуштан келе жатып кызыл үйгө кирди.

Кызыл үйдүн ичи каңгырап бош. Чаңга бастырылган эки бурчта эки шкаф турат. Экөөнүн тең оозу бек. Эки буту калтылдаган, майышкан бир орундук. Эшик алдында, бурчта дат баскан, эскирген, калбыр болуп тешилген темир печь. Анын ичи жык толгон күл, кагаз жабыштырылган терезелери азыноолак соккон желге дырылдап үн салат.

Жапар бурчта турган шкафтардын кулпуларын кармалап, тарткылап көрдү. Бирөөнүн оозу ачылып да кетти. Көрсө, ал көз көрсөтүү үчүн гана салынып коюлган кулпу экен.

– Агатай, эмне кылып жатасыз? – деген артынан бирөөнүн үнү чыкты. Жапар бурулуп караса, артында бир жаш келин турат.

– Столго жайылбай, колхозчуларга окулуп берилбей, кулпуланып жаткан бул кандай китептер деп, ачып көрмөкчү болуп жаттым эле, сиз келип калбадыңызбы, – деди Жапар күлүп.

– Ооба, сиздин мында келгениңизди көрүп келдим эле.

– Эмесе, кызыл үйдүн бирдеңкесин алып кетпесин деп келген турбайсызбы.

– Жок, катыгүн.

Жапар шкафтын оозун жапты да, аялды карап:

– Карындаш, бул кызыл үйдүн башчысы ким болот, билесизби? – деди.

– Мен боломун.

– Баса, ошондой деңиз, дурус... эмесе жарык дүйнө көрбөй камалып жаткан китеп, журналыңыздарды мага көрсөтүңүзчү.

Аял кысылып, кыйыктанган кишидей кежигеси кер тартып, араңдан зорго козголду да, шкафтан оозун ачты. Адам колу тийбей нече күндөн бери чанда жаткан эски китеп, журнал, газеталарды сууруп чыкты. Жапар, аларды бирден колуна алды, чаңдарын үйлөдү, сүрттү, барактарды карады. Зоя Космодемьянская, Түлөбөрдиев, Шопоков жөнүндө жазылган газета, журналдарды, алардын сүрөттөрүн көрдү, керектүү плакат, ураандар да тапты.

– Карындаш, эмне үчүн буларды илип койбогонсуз?

– Кышында илгенбиз.

– Демек, кышта илинүү менен гана булардын иши бүткөн экен да... Эми эмне илбедиңиз?

Аял бул суроого жооп бере албады, уялды, төмөн карады.

– Качантан бери кызыл үйдүн башчысы болуп иштейсиз?

– Былтыртан бери.

– Андан мурунчу?

– Колхоздо иштөөчүмүн.

– Азыр колхоздо иштебейсизби?

– Жок, иштеп эле жүрөм.

– Аныңыз жакшы экен, карындаш. Бирок бул ишиңиз начар, – деди Жапар. – Атыңыз ким?

– Зейнеп.

– Күйөөңүз барбы?

– Бар.

– Кайда?

– Армияда.

– Кат алып турасызбы?

– Алып турам.

– Эмне деп жазат?

– «Колхозго жардам кыл, тылда мыкты иште, душмандын жеңилерине аз калды» деп жазат.

– Көрдүңүзбү, – деди Жапар анын сөзүн бөлүп. – Кан майданда жүрсө да, күйөөңүз тыл жөнүндө ойлонгонун. Күйөөңүз фронттон ошентип кат жазса, сиз тылда – кызыл үйдө мындай иштегениңиз жарайбы? Жарабайт. Бул ишиңизди күйөөңүз укса, анын көңүлү чөгөт болуп, жоокерлердин ичинде, ал сөзгө, уятка калбайбы... Кой, карындаш, мындай кылбаңыз, мен председателге айтайын. Ал жумуштун орчундуу жерине бир боз үй алып барып тиктирсин. Сиз ошого кызыл үйдү көчүрүп барыңыз, коздоп ичин жасаңыз, чоң столду коюңуз, анын үстүнө китеп, журнал, газеталарды жайыңыз. Мына бул турган Зоя, Шопоков, Түлөбердиевдердин сүрөттөрүн жана плакат, ураандарды үйдүн керегелерине илиңиз. Ата Мекендик согуштун жүрүшү жөнүндө да аларга дайым билдирип туруңуз.

– Жакшы болот, агатай, ошентейин, – деди Зейнеп

* * *

Жапар да мындан партиянын жыйналышына кетти. Жыйналышта күн тартибине партия уюмунун секретарын кайрадан шайлоо жана оруу-жыюуга даярдык көрүү жөнүндө эки маселе коюлду.

– Секретарь сен эмессиңби? Неге бул маселени коёбуз? – деди Чүкөбай Жутабайга.

– Менде билим жок. Улгайып да калдым. «Билимдүү миңди жыгат, билектүү бирди жыгат» деп, билимдүүлөрдөн шайлайлы. Мында Жапар балам да олтурат. Ал мурда райкомдо иштеген. Окуган, көптү көргөн жигит. Менин оюмча секретарлыкка ушул Жапар ылайык болор эле.

– Андай эмес, – деди Жапар ага каршы болуп. – Сизде билим болбогону менен тажрыйба бар. Тажрыйбаңыздан биз, жаш коммунисттер, үйрөнүүбүз керек. Сиз эле бизге жетекчилик кылыңыз. Мен болсом, силерге жаңы эле келип олтурбаймынбы. Ишиңер менен да көп анчалык тааныш эмесмин.

– Жапар туура айтат, – деди Чүкөбай да Жапарга кошулуп. – Жутабай сен колхоздо көптөн бери иштеп келатасың. Колхозчулардын чоңунан кичинесине чейин сага тааныш. Сенден кимиси болсо да ийменип, кимиси болсо да сени сыйлашат. Өзү айткандай, Жапар

бизге жаңы эле келип олтурат. Колхозчулардын сырын билгенче ага качан? – Чүкөбай көзүнүн кыйыгы менен Жапардын сыңар бутуна карап койду. – Жапар мектепти жолго коюп бере алса, ошо да бизге чоң олжо.

Жапар кабагын чытыды. Бирок сыр билгизбей унчукканы жок.

Секретарлыкка Жутабайдын өзүн калтырышты.

Жутабай ордунан туруп, оруу-жыюу жакындаганын, бирок колхоздо ага даярдык начардыгын айтып Чүкөбайдын кемчилигине, күйкөлөктүгүнө, колхозго жетекчилик кыла албай жаткандыгына, унутчаактыгына токтолду.

«Бул чоочун кишинин көзүнчө мени уялтат?» – дегенсип Чүкөбай кабагын бүркөдү.

Жутабай аны сезди; токтоп бир аз турду да, кайта сөзүн улантты.

– Чүкөбай, мен сендеги кемчиликтерди айтып жатам. Ага мени жаман көрбө. Партиянын жыйналышында андай кемчиликти айтпасак болобу? Мен сени таарынсын деп айтып олтурган жерим жок, кайта ишибиз оңолсун ден айтып олтурам.

– Айтканда, далил менен айтпайсыңбы? – деди Чүкөбай сузданып.

Зуура булардын сөздөрүн угуп, бир четте баятан бери үнсүз-сөзсүз тынч олтурду эле.

– Далил сурасаңыз, аксакал, толуп жатат, – деди ал бирден үнүн чыгарып, Чүкөбайды карап.

Өткөн жылы жазда, кой кызуу төлдөп жаткан кезде арык-торук койлорго, оттуккан козуларга деп Зуура атайы тоодон жакага чөп сурап келген. Ошондо Чүкөбай: «Макул, артыңан жибертем, сен кете бер» – деи, Зууранны кайта узаткан. Бирок Чүкөбай аны эсинен чыгарып коюп, чөп жиберткен эмес. Зуура убара болуп кайра экинчи ирет келген. Ушунун баарын айтып келди да:

– Эсиңдеби ошол? – деди Зуура Чүкөбайдан.

– Эсимде, – деди Чүкөбай ооз учунан.

Зуура экинчи дагы бир болгон ишти Чүкөбайдын эсине салды.

Асандын сүйгөн кызы Айсулу трактористтер курсуна кирейин десе, ата-энеси кашайып ага болбой коёт. Ошондо Чүкөбай кызды жактабай, кыздын ата-энесин жактаган. Муну да айтып келип:

– Аялдарга ушундай мамиле кылыш жарабайт? Минтип олтурсак, бизде кайдан кадр болот? – деди Зуура.

– Айсулу жөнүндө айтканың туура, балам, – деди Чүкөбай. – Бул чөйрөдө Айсулудай трактор айдаган кыз барбы? Райондо эмес, областта да жок. Ошондой эмеспи? Муну мен моюнга алам. Анда азыраак жаңылыштым. Бир жаңылышармын, эки жаңылышармын, үчүнчүсүнө келгенде – ушинтип уят болот экемин да-а!

Чүкөбай борсулдап күлдү.

– Сени уят болбосун деп эскертип айтып олтурбайбызбы? – деди Жутабай да күлүп.

– Айтканыңар туура! – деди Чүкөбай да шашып.

– Жакшы иштесең, – деди Жутабай сөзүн улантып. – Колхозубуз артта калбайт эле. Биз, коммунисттер, колхоздо авангарддык ролду аткара албай жатабыз. Комсомол уюмуна да жакшы жетекчилик кыла алганыбыз жок.

– Комсомолдордун канча мүчөсү бар? Баса, он киши деп уктум беле, – деди Жапар.

– Ооба, он. Секретары Оморбек деген бала.

– Аны мен жакшы бала деп уктум го, – деди Жапар кайта да сөзгө аралашып.

– Ооба, мыкты бала.

– Андай болсо, партияга эмне албайсыңар?

– Айтканың туура, – деди Жутабай Жапардын сөзүн коштоп. – Бирок бул иш оюбузга келгени жок, комсомолецтерге бир жооптуу жумуш тапшырып, андан кийин да, биз аны партияга алсак болот.

Жыйналыш аяктады. Жакын аранын ичинде колхоз активдеринин жыйналышы чакырылсын. Жыйналышта оруу-жыюуга даярдык көрүү жөнүндө Жутабай доклад жасасын деп чечим кабыл алышты.

* * *

Эртеси Жапар Чүкөбайды ээрчитип талаа жумушуна чыкты.

Чүкөбай – өзү да чүкөдөй, башы да чүкөдөй болгон шашма, күйкөлөк, бирок ичинде арамдыгы жок, ак көңүл киши эле. Ал талаа жумуштары менен Жапарды тааныштырып келип, болгон кемчиликтерди колхозчулардан көрдү.

– Түгөнүп калышсын, баары да жалкоо, тил алышпайт. Анан кантип биз оңололу? – деди Чүкөбай күйкөлөктөп.

– Андай эмес, – деди Жапар ага каршы болуп, – колхоздун иши-

нин начардыгына колхозчулар айыптуу эмес, колхоздун башчысы, агитаторлор айыптуу.

– Кантип? Эмне үчүн?

– Азыраак сабыр кылыңыз, – деди Жапар председателдин сөзүн бөлүп. – Аларды сиздер ишке жакшылап тарта албаган чыгарсыздар.

– Андай эмес, иничек, айыптын баары алардың өздөрүндө.

Жапар канча айтса да Чүкөбай өз билгенин бербеди.

* * *

Экөө тең өз оюнда кала беришти.

Активдердин жыйналышы кечки саат сегизде башталды. Жыйналышты Чүкөбай ачып, сөздү Жутабайга берди.

Жутабай карыя колхоз жумушу, оруу-жыюуга даярдык көрүү жөнүндө шашпай толук сүйлөп келди да, кемчиликтерге токтолду.

– Эмнесин жашырабыз? – деди Жутабай. – Колхоздун иши начар. Ишибиз жакшы болсо, колхозубуз ушул күнгө түшөт беле. «Көңүл кири айтса кетет, көйнөк кири жууса кетет» деген. Жүрөгүмдү өйүгөн бир ишти мен бул  жерде айта кетейин. Колхозубузда кол күчү жетишпей жаткан кезде, «мен агитатормун», «мугалиммин» деп, колхозго жардамы тийбей, же анда жок, же мында жок, эт менен челдин ортосунда жан бакты болуп жүргөндөр да жок эмес. Эми мындан ары ошолор анысын коюп, колхозго пайдасын тийгизсе экен.

Столдун четинде орундукта отурган кара тору, жаш жигит бирөө аны астыртан чымчып алгансып:

– Ал ким экен? Көрсөтүп айтпайсызбы? Орду жок эле сүйлөй бересизби? – деди.

– Жакшы болот, балам айтайын, – деди Жутабай ал жигитти карап алып. – «Шектүү секирет» деп, секирип жатасың балам, макул айтайын. Мектепти шылтоо кылып, иштебей жүргөн агитаторлордун бири мугалим балам, сенсиң. Чычаласаң чычала, болгон ишти айтуу керек.

– Жутакем туура айтат. Эки күндүн биринде районго чапкылайт да турат.

– Ат бербей койбойсуңарбы, барса жөө барсын, – дешти отургандар туш-туш жактан чуулдашып.

– Ой, токтой турсаңарчы, чуулдап Жутакемди сүйлөтпөдүңөрго, – деп председатель шашкалактап, бир отура, бир тура калып, столду муштагылады.

– Мугалим балам, – деди Жутабай карыя, ал жигитти карап, сөзүн улантып. – Сен мени эч нерсе билбеген, айланада болуп жаткан иштерди байкабаган дөдөй, тытма сакал абышкалардын бири деп жүрөсүң го. Жок, балам, мен сен эмес, сенден башка агитатор, колхозчулардын да эмне кылып, эмне коюп жүргөндөрүн жакшы билем. Сен быйыл жазда «сабагым бар, колум тийбейт» деп, кош айдоого эч бир пайдаңды тийгизгениң жок эле. Эми быйыл эмне болду? Жок дегенде, жумуштун өтө кызып күчөп жаткан кезинде, колхозго пайдаңды тийгизсең боло. Кой, балам, мындай кылышың жарабайт. Уят. Колхозго жардам кыл.

Жутабай бурулуп, оң жагына карап, «кимдер келди экен дегенсип» келин-кыздар жакка көзүн жүгүрттү да:

– Баса, мында Зейнеп балам да отурган экен. «Көзүнө айткан сөздүн кайбаты жок» деген. Бул балам да, «мен кызыл үйдүн башчысымын» деп, колхозго жардамы тийбей жүрөт.

Баятан бери Жапардын көзүнө көп илинбеске аракет кылып, жашырынып бурчта отурган Зейнептин башы жерге кире түштү. Анткени, ал, кече Жапарга «колхоздо иштеп эле жүрөм» деп айткан эле. Эми ал сөзүнүн жалгандыгы чыгып калып Жапардан да, элден да өтө уялды, кызарды, төмөн карады. Отурган келиндер Зейнепти карашып, бирин-бири түртүшүп, кыткылыктап күлүштү.

– Эми сөзүмдү кыскартайын, – деди Жутабай карыя тебетейин кийип жатып, – «тууган күйдүрүп айтат, душман күлдүрүп айтат» дегендей мен силерди күйдүрүп айтып отурам, балдарым. Болбогондо биз эл сыяктуу иштебей турган, эл сыяктуу эмгек кыла албай турган эмне жөнүбүз бар? «Кеңеш» колхозу менен биздин суубуз да, жерибиз да бир. Алардын бизден эч кандай айырмасы жок. Алар жыл сайын эмгек алышат. Ошолорду көргөндө адамдын ичи күйөт экен. Кече жакында бир жумуштап «Кеңеш» колхозуна барып калдым, жыйналышы болуп жатыптыр. «Эмне сөздөрү бар экен, угайынчы» деп, эшик түбүнө отура калдым. Жайкы талаа жумушу жөнүндө сөз болуп жатыптыр.

– Жылдагыдай мол түшүм алалы. Чоң-кичине, кары-жаш дебей баарыңар да оруу-жыюу жумушуна чыккыла, эгерде жалкоолук кылсаңар, жумуштан качсаңар, «Өрнөк» колхозчуларындай болосуңар, – деп председатель айта бергенде: – «Алардын бетин кудай көрсөтпөсүн», – «алардай болгондон көрө өлгөнүбүз жакшы эмеспи», – деш-

кен үндөр чыкты. Ошондо уялганымдан кетпеген жеримден тер кетип, өлбөгөн төрт шыйрагым калды. Акырын жылып кайра чыктым. «Эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт» деген, балдар. Бизге да намыс керек. Өткөн иш өттү. Эми мында ары мыкты иштейли.

– Албетте-албетте, мыкты иштейли, – деди Чүкөбай да.

Жутабай карыя сөзүн бүтүрүп, этек-жеңин кымтыланып, кайра ордуна отурду..

– «Карынын тили жатык, укканга сөзү түгөнбөйт» деп, Жутакемдин сөзүн уктуңар, – деди Жапар да ордунан туруп: – Ушул Жутакемдин айтканындай бололу, жакшы иштейли.

Иш планы каралды. Кимдир бирөө кереге газетасын чыгаруу жөнүндө сунуш киргизди.

– Бул туура сунуш, – деди Жапар да анын сөзүн коштоп. – Газетанын редколлегиясын да, редакторун да бүгүн дайындап кетели.

– Редколлегиясы бар эмепи?

– Редактору да бар.

– Алар ким, мында барбы? – деди Жапар.

– Жаңкы Жутакем айткан мугалим жигит.

– «Мугалим жигит» дебей атынан айтпайсыңарбы.

– Неге болбосун, бар. Аты – Кожобек.

– Редколлегиянын мүчөлөрүчү?

– Алар да бар. Мында отурушат, – деп Оморбек бет алдында отурушкан Зейнеп менен Нуруйланы көрсөттү.

– Кана, жолдош редактор, эмне үчүн ушул күнгө чейин кереге газетаны чыгарбадыңыздар?

– Кагаз жок болуп эле чыгара албай келдик.

– Кой, болбогон сөздү. Өзүң мугалим болуп туруп кагазың жок болсо, кагазды мен эле таап берейин, деги кереге газетаны чыгаргылачы, – деди кимдир бирөө.

– Көрдүңүзбү, – деди Жапар колун силкип. Кожобекти карап. – Мунуңуз жок шылтоо. Мындай кылышыңыз жарабайт. Мындан ары үзгүлтүксүз кереге газета, күжүрмөн баракчалар чыгаралы, ардак тактасын, кара такта уюштуралы.

Мындан кийин Жапар кызыл үйдү чоң кырманга көчүрүү, плакат, ураандар менен, жолбашчы, маршалдарыбыздын, Ата Мекендик согуштун баатырларынын сүрөттөрү менен аны кооздоо, комуз, тогуз коргоол, дойбу, шахмат сыяктуу нерселерди анда коюу, брига-

да, звено, агитаторлор арасында социалисттик мелдешти уюштуруу, анда озуп чыккандарга сыйлык берүү, колхозчулардын жыйналышында аларды коштуруп ырчыларды ырдатуу жөнүндө сүйлөгөндө: «баракелде балам, сөзүңө, – кагылайын, ошондой болсун», – «дегеле жакшы болот» дешти отургандар.

Жыйналыш тарай берген кезде корукчу Турдубай карыя бир топ атты дүбүрөтүп, короого айдап кирди.

– Ботом, бул эмне экен? Карагылачы балдар, – деди председатель шашып.

Эшик тушунда отурган бир жигит бурулуп карап:

– Түкөм экен, бир топ ат айдап келиптир, – деди.

– Балакет болуп эгинге кирген экен го, – деди председатель күйкөлөктөп. – Кана, чыккылачы тышка.

Колхозчулар тышка чыгышты. Түн ортосу эчак ооган. Алтын ай көк деңизинде эңкейиштеп батышка карай сүзүп бара жатат. Айлана тынч...

Жалгыз гана ары-бери качкан аттардын бышкырыгы менен Турдубай карыянын анда-санда: «так-так!» деген үнү бул тынчтыкты бузгандай болот.

– Так, так!.. Аркы аттарды бери короого тосуп койгула! – деди Турдубай карыя, – Деги ушул аттардын азабын тарттым. Арабакечтёр бул аттарын же кайтарып алышпайбы, же болбосо, чөп салып, короого байлап коюшпайбы. Жайлоого коё беришкенсип, агыта беришет да турушат.

– Эмне? Эгинге кириптирби? – деди председатель.

– Чөпкө.

– Кайсы чөпкө?

– Орто алыштын алдындагы чабыла элек чөпкө.

– Алда түгөттөр ай, э! – деди председатель этек жеңин чапкылап. – Быйыл булар дагы чөптү түгөтөт экен го. Ал ачыткыга арналган чөп эмес беле? Аны «чаап, тарткыла» деп, мен бая күнү эле айттым эле, көрсө, аны эмдигиче чабышкан эмес турбайбы. Алда кесептер ай, э! Ушулардын пайдасынан зыяны көп. Минте берише турган болсо, былтыркыдай биз быйыл да чөпсүз калат экенбиз го.

– Жарыктык, «чаап-тарткыла», деп айткан болсоңуз, анын артынан түшүп, өзүңүз текшербейсизби? – деди Оморбек.

– Бул ошентип айтып коёт да, унутуп калып, артынан күйкөлөк-

төп жүрө берет, – деди күлүп Жутабай карыя. Деги мен ошону өзүм чаап тарттырайын, мага эки бригададан бештен он аял чыгарып бергилечи.

– Сакалыңан айланайын, Жутаке. Ошенте көр, бул кесек ит бүлөгө ишенсек, арам өлөбүз, – деди Чүкөбай.

Килемдей төшөлгөн көк майсаң чөптөр эртеңки жумшак, коңур желге билинер-билинбес чайпалат. Айланада чымчыктар чыйпылдап, чымын-чиркей ызылдап жаратылыштын жайкы сулуулугун ого бетер көркүнө келтирет. Бирин-бири куушкан ак көпөлөктөр кол тийбеген сонун гүлдөргө анда-санда коно калышып, чырмалган мурут-тарын жазып жиберип, алардан даам татышып, кайтадан бет алды жакка учуп кетип жатышат.

Председатель алыста, көз учунда чөп чаап жатышкан аялдарды Жапарга көрсөтүп:

– Көрдүңбү, иничек, таң атпай аялдар чөп чаап жатышат. Жутакем, түндөгү берген убадасына жеткен экен, – деди.

Булар арыктын жээгиндегн жалгыз аяк жол менен бастырып жүрүп олтуруп, чалгычы аялдардын туурасына чыгышты.

– Болгула, кагылайындар. Тиги жакта башкарма менен Жапар да келе жатышат, – деген Жутабай карыянын үнү угулду.

Жутабай карыя колуна өзү бир чалгы алып, «карыганда менин чалгы чапканымды алар көрүп калышсын» дегендей кылып, күмүш сакалын жайкалтып, мыкчыя басып, аялдардын артынан түштү. Белин бүкүрөйтүп, далысын куушуруп, бутун солбуй таштап, колун көтөрүп шилтегенде күмүш сакалы бирде анын оң акырегин, бирде сол акырегин сыйпай жайкалып, чалгысы күнгө чагылыша түшүп барып, калың көк майсанга сойлоодо. Анын артынан убай-чубай аялдар түшкөн.

– Тетиги аялдын чалгы шилтегени бош эмес го? – деди Жапар председателди карап, Жутабайдын артынан удаалап бара жаткан аялды көрсөтүп.

– Ырас, иничек, байкаган экенсиң, – деди председатель күлүп. – Ал – Зуура. Колхоздун чабаны. Жыл сайын оруу-жыюуда баккан койлорун күйөөсү Шекербекке таштап, тоодон келип колхозго жардам кылышат. Көрдүңбү, эми минтип, чөп чабышып жүрөт. Чөп чабууну ага а дегенде Жутабай карыя үйрөткөн. Деги дээринде бар аял экен, чөп чапканды бат эле үйрөнүп алды, аялдардын алды болду. Өзү ша-

йыр, куудул. Кайда болсо да бирдеңке айтып элди күлдүрөт да турат. Колхоздун өгүнкү бир өткөн жыйналышында «эркексиз аялдардын күнү өтпөйт» деген лакабыңарды биз текке чыгардык. Эми силер чалгы чапканды бизден үйрөнгүлө, – ден ал эсепчи менен айтышып, аны такыр сүйлөтпөй койду.

– Макул, эми биз чөп чапканды силерден үйрөнөлүк. А сен өзүң кимден үйрөнгөнсүң? – деп эсепчи андан сурап калды.

– Кимден үйрөнмөк элем? Мага акем үйрөттү, – деди Зуура да күлүп. – Ошондогу уялганымды кантейин. Акем артыма келип, сакалын ийниме арта салып, «балам, чалгыңды мындай карма, чалгыны шилтеген сайын оң бутуңду солбуп т-ашта» дегени. Анан ал мени менен бирге чалгы шилтешип, бирге басканда бүткөн боюм жый–рылып, кетпеген жеримден тер кетти эле деп, Зуура отургандардын баарын да кыраан-каткы күлдүргөн. Муну укканда Жутакем өзү да эрксизден мурутунан жылмайын күлүп койгон.

Чалгычы аялдар солдун аягына чыгышты.

– Аке, чалгыбызды кайрап бериңизчи.

Аялдар биринен сала бири келип, Жутабай карыянын жанына тура калышты.

Жутабай карыя белиндеги майланышкан кара илгичке илинген көгүлтүр жылма кайрак ташты сууруп чыгып, ага бир-эки курдай түкүрдү да, чалгыларды шаңшытып, оңду-солду кайрады.

Чалгычы аялдар чалгыларын Жутабай карыяга кайратып алып, кайра тартып, биринин артынан бири түшүп, мурункуча чөптөрдү шартылдатып чаба баштады.

– Жутаке, бери келип кетиңизчи! – деди председатель Жутабайды.

Жутабай сакалын жайкалтып, салмак менен бут шилтеп, аларды көздөй басты.

– Иш илгери, карыя! – деди Жапар, Жутабай карыя жакындаганда андан мурда оозанып.

– Айтканың келсин, балам.

– Жутаке, айып көрбөңүз. Сиздин бул кызматыңыз үчүн аттан ыргып түшүп, колуңузду кысып, кучакташып көрүшсөм болот эле, бирок айла жок: курган буттун айынан атка минсем, түшө албайм, түшсөм мине албайм.

– Эчтемке эмес, кагылайын. Алтын жаның бар эмеспи...

Жапар ат үстүнөн туруп, Жутабай менен кол кармашып көрүштү.

– Жутаке, карысаңыз да кайратыңыз кадимкидей экен го? – деди Жапар күлүп.

– О, балам! Кайрат болгон менен дарман жок. Жаш кезим болсо, анда бирдеңке дээр элем. Чиркин, жаштык деген кол жеткис бир алтын турбайбы.

«...Ат арыбас болсочу,
Жаш карыбас болсочу.
Жаратканы чын болсо,
Жай-жайына койсочу...»

– деп, Токтогул акын бекеринен айткан эмес экен. Эми биз карыдык. Канчалык аракет кылсак да, кубат мурункудай эмес, бели кургур талып, көтөрүлтпөй кетет.. Болбогондо, жумуш менден калган, балам.

Арыктагы сууну көздөй жулунуп кетип бара жаткан атын башка бир салып, кайра буруп, бастырып:

– Жутаке, муну бүгүн чаап бүтөсүздөрбү, – деди Чүкөбай.

– Күн бата бүтүп каларбыз, – деди Жутабай председателге. – Сен бизден кам санаба. Түнгө калсак да, бүгүн чаап бүтөбүз. Андан көрө сен тиги чоң кырманды чаптырып, тегиздетип, суу жайдырып, таш менен таптасаңчы. Эми жакында эгин орулганы турат, ошондо кантесиңер?

– Алда балакет баскырлар ай, ээ! Аны мен бая күнү эле чапкыла деп айттым эле. Чабышкан эмес турбайбы.

Председатель атын моюнга бир салды да, жолго бура тартты.

* * *

Бир жума өттү.

Түн. Ай жарык... Колхоздун контору. Анда ала көлөкө түшүрүп, көк жашыл түтүн чыгарып, айнексиз шам күйүп турат. Шамдын жанында үч киши сүйлөшүп отурат. Алардын бирөө – Чүкөбай, экинчиси – Жапар, үчүнчүсү – эсепчи.

– Ошентип, орок башталды, – деди Жапар колундагы карындашы менен столду тыкылдатып, столдо жаткан дептерине анда-санда көз жиберип. – Кана, сиздерде айдалган эгин канча?

– Баса, эсептеп көрчү, – деп председатель эсепчиге бурулуп.

Эсепчи оң жагына кайрылып, шкафтын оозун ачты, ал жактан

иш кагаздарын сууруп чыгып, столго койду. Аны барактап, ар кайсы жерлерине токтоп, счетун тарсылдата кагып келип:

– Күздүк буудай – элүү гектар, жаздык буудай – жүз кырк беш гектар, арпа – кырк гектар, сулу – отуз гектар, таруу – жыйырма гектар. Баш аягы – ак эгини, кара эгини болуп, – быйыл бизде эки жүз жетимиш гектар жер айдалган экен, – деди эсепчи.

– Дурус, ал эми мамлекетке төгөрүңөр канча?

– Мамлекетке төгөрүбүз, – эсепчи счётун кайра кагып, – сегиз жүз центнер. Кызыл армиянын фондусуна бере турганыбыз – үч жүз центнер, МТСтин натура акысына былтыр берилбей мойнубузда калган жүз центнерди кошкондо, баш-аягы болуп, бир миң эки жүз центнер төгөбүз. Жана да эки жүз центнерче эгин карызыбыз бар.

Жапар айдалган жана малекетке төгүлө турган эгиндин эсебин, дагы бирдеңкелерди эсептеп, дептерине жазды да:

– Эгиниңердин чыгышы да, даны да жакшы, – деди башын көтөрүп, – орто эсеп менен алганда эгин аянтыңар ар бир гектарынан он центнерден түшүм берет. Бирок кеминде он беш центнерден түшүм бере турган участкаңар да бар. Кыскасы, эсеп кылып көрсөм, жок эле дегенде силер быйыл эки миң жети жүз центнер эгин аласыңар. Быйыл ушул эгиниңерди силер коромжу кылбай, карга бастырбай, өз убактысында оруп-жыйнап алсаңар, мамлекеттик пландан да, МТСтен да, карызыңардан да кутуласыңар. Үрөнүңөр да толот, курсагыңар да тоёт. Ошондуктан биз азыр бардык күчтү эгинди оруу-жыюу, бастырууга жумшайлы, мамлекеттик планды район боюнча биринчи болуп бүтүүгө аракет кылалы. График боюнча биз күнүгө төгүү пунктуна жетимиш центнерден төгүп туралы. Ошондо биз мамлекеттик планды он сегиз күндө аткарган болобуз.

– Бул айтканың ырас, – деди председатель Жапардын сөзүн коштоп. – Бирок оруу-жыюу, бастыруу, пристанга эгин тартуу маселеси бизди кыйнайт го. Өзүң билесиң: бизде бүлө да аз, бар болгону – алты гана арабабыз бар. Ал кайсынысына жетет?

– Эч нерсе эмес, карыя. Аракет кылалы. Чийне уюштуралы. Колхозчулардын эч кимисин калтырбай баарын да жумушка, орокко чыгаралы. Эки жерге темия, мала таш уюштуралы. Эртең МТСтен бир молотилка келет, аны чоң кырманга коёлу, эгин аянтына ысык тамак уюштуралы. Антпегенде, колхозчулар түшкү тамакка үйлөрүнө келип, далай убактыларын бошко өткөрө турган көрүнөт.

– Ысык тамак дейсизби? – деди Чүкөбай чочугансып.

– Ооба, ысык тамак.

– Жок, ал колдон келбейт.

– Эмне үчүн колдон келбейт? Аракет кылсак, колдон келип калар.

– Кантип аракет кылабыз? Кампада бир ууч эгин жок.

– Эч нерсе эмес, аксакал. Аракет кылсак, береке болот. Сиз андан көрө анын отун-суусун, тузун, үйүн, тамак жасай турган адамдарын дайындаңыз. Ун-талканды болсо, мен табайын.

– Оозуңа май, кагылайын. Андай күн болсо мен эртең эле үйдү көчүрүп барып, кызыл үйдүн жанына кондурам. Баса, иничек, – деди председатель кубанып, тамагын кырып, обдулуп, – кызыл үй үчүн да бир боз үй көчүрүп барып, кырман жанына тиктиргемин, аны көрдүңбү? Кооздоп, жасап коюшуптур. Жана кечинде барсам Нуруйла, Зейнеп, Кожобектер болуп, «газета чыгарабыз» деп жатышыптыр. Сенин бая күнкү айткан сөздөрүң аларды уялткан көрүнөт.

– Ооба, мен да көрдүм, ырас кылыпсыз. Эми ошонун жанына кызыл такта, кара такта орнотолу, – деди да Жапар эсепчиге бурулду: – Кана, жолдош эсепчи, бүгүн биринчи күндүн эсебин алдыңбы?, Канча эгин орулган экен?

– Ооба, алдым. Эсепчи кагаздарын оодарып карап, счётун тарсылдтып какты:

– Биринчи бригада 8 гектар, экинчи бригада – 3 гектар, кол менен оргону, чалгы, машина менен чапканы болуп, баш-аягы бүгүн 18 гектар эгин орулган экен.

– Кара басып экинчи бригада эмне үчүн 3 эле гектар жер оргон? – деди председатель күйкөлөктөп.

– Машинасын сындырып алышыптыр.

– Машинасын? Машинасын дейсиңби? Сындырын алышыптырбы? Түгөттөр, дагы бүлдүргөн экен, ээ! Эми кайда баруучумун? Бар болгону эки машинабыз бар эле, анын бирөө сынса, анда биз союлат экенбиз да. Аны качан сындырышыптыр ?

– Билбейм, жана түш ченде курулушка сүйрөтүп келип ташташты. Биздин усталар көрүп, МТСтин усталары болбосо, бул биздин колдон келбейт дешти.

– Эмесе, балакет баскан турбайбы. Эми эмне кылчубуз, же бүлөсү кургур жетишсечи. Аны мен эми МТСтен барып оңдотуп кел-

генче үч-төрт күн өтөт го? Бул кесепеттер эгинди орбой жатып минтип сындырып-бүлдүрүп отурушса, эгинди качан оруп, жыйнайбыз? Булар биздин түбүбүзгө жетет экен го. Биз быйыл да былтыркыдай эгинибизди күбүлтүп, элге-журтка уят болот экенбиз.. Атаганат, эң болбогондо, быйыл мамлекеттик планды аткарып, өкмөт алдында жүзүбүз жарык болсо болбойт беле, – деп председатель желпинип, күйкөлөктөп, бир отура, бир тура калды.

– Андай эмес, аксакал, – деди Жапар. – Өткөн ишке өкүнүч жок. Кайгыруу, ачуулануудан пайда чыкпайт. Андан көрө анын чарасын көрөлү.

– «Өйдө тартса өгүз өлөт, ылдый тартса араба сынат» болуп, мен ошонун чарасын таба албай жатпаймбы. Эгерде колхоздо кол күчү жетишсе, анда мен сынган бир машинага мынчалык кейип-кепчибейт элем.

– Кодхозчулардын баарын да жумушка чыгарсак, кол күчү деген ошол болот – деп, Жапар эсепчиге карады. – Жумушка жарай турган кол күчүңөр канча?

– Алтымыштан ашпайт

– Түтүнүңөр канча?

– Сексен жети.

– Ошол сексең жети түтүндүн жумушка жарай тургап алтымыш эле адамы барбы?

– Дагы бар. Бирок болгон менен өңчөй эле абышка-кемпирлер, бала-бакыралар.

– Жок, ошолор да жумушка жарайт, – деди Жапар. – Биз эптеп аларды жумушка чыгаралы. Мына, кол күчү деген ошол болот.

– Оо, кокуй, десе! – деди Чүкөбай Жапардын сөзүн жаратпай. – Аларга ишенген менен болобу? Аларды жумушка чыгарам деп, ар кимисине барып, айтып да, ачууланып да, жалынып-жалбарып да көрдүм, бирок эчтеңке чыккан жок. Бирөө белине шылтаса, бирөө көзүнө, бирөө колуна шылтаса, бирөө бутуна шылтайт.

– Деги колхозуңарда жумушка чыкпаган абышка-кемпирлериңер канча?

– Бир топ бар.

– Бир топ болгондо?

Эсепчи шкафтан колхозчулардын тизмесин сууруп чыгып, аны үңүлүп карап алып счётун өзүн көздөй тартты:

– Иликбай бир, кежир тургун эки, Жоробай үч, – деп ал бир топ карыялардын аттарын айтып, счётко салып, кагып келип: – «Мына көрдүңбү, он беш киши» дегенсип ал счётун Жапар менен председателди көздөй жылдырды.

Жапар счётту карап алды да:

– Эми кемпирлериңер канча? Аларды да буга кошчу, – деди.

Эсепчи бир топ кемпирлердин аттарын айтып, аларды абышкалардын санына кошуп, счётко салып, тарсылдатып кагып келип:

– Бардыгы бизде оорулуубуз деп, жумушка чыкпай жүргөн жыйырма үч абышка-кемпир бар экен, – деди ал.

– Мына, көрдүңөрбү, – деди Жапар колун силкип. Силер колхоздо кол күчү жетишпейт дейсиңер. Кол күчү деген ушулар эмеспи. Силер аны жакшылап уюштуруп жумушка чыгаралбай отурасыңар, жолдош счётовод, – деди Жапар эсепчиге карап. – Биз экөөбүз эптеп ушуларды жумушка чыгаралы. Сен эртең эрте туруп, аларды контор-го жыйнагын. Мен алар менен кеңешме өткөрөйүн. А сиз, болсоңуз, – деди Жапар председателге бурулуп: – Мен сизге кат жазып берейин, эртең МТСке барып машинаны оңдотуп келиңиз. Мен эртең абышка-кемпирлер жыйналганча, ысык тамакка ун, талкан таап кайтайын. Сөз ушу болсун.

Түнкү саат он эки чен.

Жапар, Чүкөбай, эсепчи болуп контордон чыгышты. Ай асманда ак булуттарды жиреп, батышка карай жылып кетип бара жатат. Жаратылыштын жайкы түнү да көшүлүңкү тартып мемирейт... Алыста, алда кайда, тоо этегинде түн сакчысы болуп, анда-санда зикир чалган бабыргандын үнү угулат. Кыштак таттуу уйкуда. Жалгыз мектеп жактан дүкүлдөгөн үн, жылтылдаган от чыгат.

– Бүгүн да баягылар иштеп жатышкан экен го, – деди председатель. – Жүргүлөчү, бара кетелик.

Мектептин ичи ала көлөңкө. Бир жак капталында кагаз чапталган шишеси бар кирдүү калай лампа түтөп, күйүп турат. Буржугуй карыя балбанга түшчүдөй болуп, чечинип, көйнөгүнүн жеңдерин өйдө чыканагына чейин түрүнүп алган. Ал бир жалпак, кыска тактайды тамга тиреп алып, сүрүп жатат. Белиндеги анын чачылуу узун кыны салпактап, бирде анын алдына, бирде артына түшөт.

Кетик тиш абышка да эңкейип, бир партанын сынган жерин мык

менен кадап жатат. Тамдын бооруна түшкөн анын көлөкөсү эрбеңсербең этип, абышканы ээрчип, туурап, эминени иштесе, ал да ошону иштеп жаткан сыяктанат.

– Иш илгери! – дешип, булар капысынан мектепке кирип келишти.

Абышкалар чочуп кетти. Экөө бирдей, баштарын көтөрдү,

– Ботом, жети түндө булар ким десек, силер турбайсыңарбы, – деди буржугуй абышка.

– Ооба, бизбиз, карыялар. Силердин ишиңиздерди көрөлүк деп келдик, – деди Жапар күлүп.

– Келгиле, балдар.

– Келгениңер жакшы, – дешип экөө бирдей жарыша жооп беришти.

Абышкалар ачык жүздөрү, шат көңүлдөрү менен буларды каршы алышты. Кетик тиш карыя адатынча чөнтөгүнөн мүйүз чакчасын сууруп чыкты, аны терезенин тактайына эки-үч курдай тыкылдатып ургулап, алаканына бир атым наспай салды. Наспайды ээрди менен тишинин ортосуна таштап жиберип, оозу-башын кыймылдатып, наспайдын даамын алып, бир аз турду, тилинин учу менен оозундагы наспайды ал шарт эттирип терезеден алыс түкүрдү да, чокчо сакалына түшкөн түкүрүктөрүн колунун учу менен сыйпап, сүрттү. Буржугуй карыя да жолдошунан бир чымчым наспай алып, жыттап, эки-үч курдай чүчкүрдү, какырынды, «кудая бергениңе шүгүрчүлүк» деп, сакалын сылап, аларды карады:

– Балам, бая күнкү сага берген убаданын аягына чыгалы деп эле ушинтип, түн катып иштеп жатабыз. «Эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт» деп, балам, бизди сен намысыбызга келтирбедиңби.

– Ооба, ушинтпедиңби? – деди кетик тиш абышка да анын сөзүн кубаттап... – Жумуштун бир тобу бүтүп калды: парталарын оңдоп жатабыз. Айтоор, эмнеси болсо да, окуу башталганча мектепти оңдоп бүтөбүз.

Буржугуй карыя кылчайып жолдошуна карап:

– Бул, Чепем турганда бүтпөй турган жумуш жок. Баарын да бүтүрөбүз, – деп мурутунан жылмайып күлүп койду,

Түн ортосу ооп калды. Ошого карабастан, Жапар квартирасына келгенден соң кызматын, турмуш-жайын билгизип, Миколага кат жазды.

* * *

Таң атты. Таң сүргөндөн тартып, эмгек жарчысы болуп, канаттарын кагып, анда-санда моюндарын созуп, көздөрүнүн ак челин тескери айлантып, чакырып жаткан короздордун үндөрү да басылды. Уйлардын мөөрөгөнү, кой-козулардын маараганы, канаттуу куштардын сайраганы, көчөдөн ары-бери өткөн мал-жандарга иттердин арсылдап үргөндөрү – дүйнөгө жаңылык киргизгендей, колхоздогу эртеңки жумуштун башталышын билгизгендей болот.

Тойчубек күндөгүсүнөн бүгүн эрте туруп, трайке кемселин даки куру менен мыктап курчанып, атына минип:

– Болгула, батыраак, күн чыгып калды, жумушка чыккыла! – деп, короо-короону кыдырып, бастырып жүрдү. Атын жулунтуп, дрожкасын чимирилтип, кара жол менен салып уруп келе жаткан Жапарды көрүп, Тойчубек:

– Ботом, бул таң атпай кайда бара жатат? Районгобу? – деп, атын тык токтотуп, тура калды.

Жапар «Өрнөк» колхозуна райкомдун уполномочени, мектебинин директору болуп келдим дегенде, Тойчубек: – «Ай, балам, начар жерге барган экенсиң, кыйналасың го. Эли да жаман, жалкоо эле» деп айтканда, Жапар: «Эч нерсе эмес, атаке. Мындай кыйынчылыктар далай баштан өткөн. Аскердин командири жарашса, алынбай турган жоо, жыгылбай турган чеп болобу? Колумдан келишинче аракет кылып көрөйүн. Жамандан жакшы, жалкоодон ударник болушу мүмкүн» – деп ал атасына жооп кайтарган. Энеси Бурулча да: «Балам, сен тамак-аштан куруйсуң го? Колхозчулары былтыр эмгек күнгө эчтеке албай калды деп уктум эле, дандары жок чыгар. Келип-кетип, киркогуңду жуудуруп, тамак-аш бышыртып алып жүр, кагылайын», – деп энелик камкордук сөзүн ал да нечен курдай айткан. Бирок Жапар кетеринде «келип-кетип турам» деп энесине канчалык убада берсе да, жумуштан колу тийип, үйүнө көп келе алган жок. Көбүнчө, ал оруу-жыюу башталгандан тартып, үйүнө келүүнү такыр токтоткон. Жапардын күнү да, түнү да «Өрнөк» колхозунун эгин аянттарында, кырмандарында өткөн. «Бир келип кетсин» деп, энесинин алда нече курдай айттырганына ал, – «энекем капа болбосун, жумуштан чолоом тийбей жатат» деп жооп кайтарган. Мунун баарын да Тойчубек жакшы билет. Анын үстүнө уулунун эрмек үчүн, жумушун таштап, бастырып жүрө бербес мүнөзүнө да көзү жетет.

– Деги жайчылык болгой эле, мынчалык эмне шашып келе жатат? – деп, Тойчубек чочуп, уулунан көзүн албай карап турду.

Жапар кыштактын тушуна келе бергенде атын бирден бура тартып, колхоздун конторуна жөнөдү. Тойчубек да уулун утурлап, желдире бастырып, Жапардын алдынан чыкты.

– Балам, жайчылыкпы?

– Жайчылык, атаке! – деп, Жапар атын тык токтото калды.

– Эмнеге шашып мынчалык эрте чыктың балам?

– Бир зарыл жумуш болуп.

– Кандайча жумуш?

– Азыраак эле бирдеме.

– Азыраак бирдеме болгондо?

– Колхозго жардам сурап келдим.

– Жардам сурап? Кандай жардам? Унаа күчүбү, адам күчүбү?

– Жок, атаке, унаа да эмес, адам да эмес.

– Анан эмне?

Жапар «Өрнөк» колхозунун ал-жайын атасына түшүндүрүп келип, колхозчуларга ысык тамак үчүн жардамга эгин сурап келгендигин айтты.

– О, кокуй десе! – деди Тойчубек күлүп, санын чаап. – Эгинди эми жаңыдан оруп жатпайбызбы? Эгинди оролук, жыйнайлык, бастыралык, мамлекеттик пландан кутулалык, үрөндү топтойлук, анан артыгы болсо, көрө жатарбыз.

– Жок, атаке, – деди Жапар да күлүп. – Артыгы болгондо бергениңиз жардамга жатпайт. Жардамды ушундай кыйналып, кысталып жатканда көрсөткөнүңүз жакшы. Бир айга чейин «Өрнөк» колхозунуя өзүндө да эгин болот. Бизге азыркысы керек.

– Ошондой де, балам, – деп Тойчубек атынын жалын карап, чекесин тырмап, ойлонуп бир аз турду да, башын көтөрүп, Жапарды карады. – Андай болсо, балам, бул маселени мен өзүм жалгыз чече албайт экемин. Жүр, конторго. Башкарманын жыйналышын чакырайын, сүйлөшөлүк.

Жапар колхоздун конторуна келип түштү. Тойчубек дароо башкарманын мүчөлөрүн чакырып, жыйналыш ачты.

– Агайындар, – деди Тойчубек. – Бул отурган иниңер бир маселе жөнүндө келип калыптыр. Мен аны силерсиз чече албадым.

– Ал кандай маселе экен?

– Кана, айтсынчы...

– Айтайын, туугандар, – деди Жапар күлүп. – Сиздер эки жылдан бери «Өнөк» колхозун сүрөөнгө алын, чоң жардам көрсөтүп келген экенсиздер. Аныңыздарга колхозчулар кат-кат ракматтарын айтышып, ушу күнгө чейин алар силерди ооздорунан түшүрүшпөйт. Жериңер бир, ичкен сууңар бир, коңшулаш колхозсуңар. Ошентип, бириңерге бириңер туугандык, социалисттик жардам берип турганыңар жакшы.

– Жардам жагын биз ага жакшы эле берип жатабыз, – деди четте отурган чокчо сакал карыя. Былтыр эгин ташпыруу планы бүтпөй калганда алар үчүн 150 центнер эгин төктүк. Быйыл жазгы кош айдоодо өзүң сыяктуу райкомдон да киши келип, «жери айдалбай кала турган болду, үрөн карыз бергиле», деп отуруп алганда, анын сөзүн кыя албай, 100 центнер үрөндү дагы бердик.

– Бергениңер жакшы, аксакалдар, жакшылыгыңар унутулбайт. Эми да бергиле.

– Деги ошол «Өрнөк» колхозунун оңолор күнү болорбу? Качан болсо бизге жүк болот да турат, – деди отургандардын ичинен кимдир бирөө акырын үнүн чыгарып.

– Оңолуп калар, алгандарын да берер. Быйыл эгини жакшы, – деди Жапар.

– Деги бизге бергенин коюп, өздөрү сураганын койсо экен, – деди баягы киши дагы кабагын чытып.

– Андай эмес, аксакал, – деди Жапар ал кишиге карап. – Эгерде сиз ээн талаа, эрме чөлдө кетип бара жатып, аты өлүп ээр-токумун көтөрүп, эки арада жөө калган кишини көрсөңүз ага жардам бербей, аны жалдыратып таштап кете алар белеңиз? Албетте, жок. Жардам бересиз.

– Ал айтканың ырас, кагылайын, – дешип отургандар Жапардын сөзүн кубатташты. Бирок «Өрнөк» колхозуна жардам берүү жөнүндө «же бар, же жок» деп эч кимиси ачык айта алышпай бирин-бири карашып, тилдери буулуп, отурду да калышты.

– Кана, сүйлөгүлө. Эмне деп жооп беребиз? – деди Тойчубек. – Эмнеге тартынасыңар. Берсеңер – беребиз деп, бербесеңер – бербейбиз деп ачык жообуңарды айтпайсыңарбы?

Ортодо отурган тегерек сакал, тоголок мурун, жашы элүү-элүү бештерге келген бир карыя:

– Мага сөз берчи, – деди.

– Ал, сүйлө.

– Сүйлөсөм, – деди ал көкүрөгүн көтөрүп, эки жагын каранып, – Жапар балам улуу боюн пас кылып мынчалык бизге келип калыптыр. Ошол сураганын бергиле, балдар. «Өрнөк» колхозуна караганда, биз мыкты колхоз турбайбызбы? Аванса алганча биз эптеп чыдап турарбыз. Колхозчуларыбыз да эгинден куру алакан эмес. Былтыркы алган эгиндерин ушу күнгө чейин түгөтө албай келе жаткан колхозчуларыбыз да бар. Эки-үч жылдан бери эмгекке эчтеме алышпаган «Өрнөк» колхозунун колхозчуларындай кайда болсун.

«Жаш чырпыктын ийилгени – сынганы, жаш адамдын уялганы – өлгөнү» деп, Жапарды уялтып жер каратып жибергенибиз болбос. Бизди, берет деп үмүттөнүп, ишенип келген чыгар. Болуптур, берелик... – деп анын сөзүн дагы бирөө коштоп барып таштады.

– Үч центнер эгин табылып калар, – дешип башкалары да ал экөөнүн сөзүн кубатташты.

Жапар аларга кат-кат ракмат айтып, колдорун кысып коштошуп, тышка чыкты. Колхоздун кампасынан үч центнер эгин алып келип дрожкага салышты. Жапар кудуңдап сүйүнүп, башкарманын мүчөлөрү менен кол кысышып коштошуп, дарбазадан чыгып жөнөй бергенде, Тойчубек:

– Жолдош уполномочун, үйгө барып, энең менен жолугушуп, чай-пай ичип кайтпайсызбы? – деди күлүп.

– Ракмат, жолдош председатель. Көрсөткөн жардамыңыздар чайдан да артык болду. Убакыт жок, жыйналышым бар. Энеме салам айтып коёрсуз. «Келбей кетти» деп капа болбосун, – деди да, Жапар келген жолу менен кайра «Өрнөк» колхозун көздөй жол тартты.

* * *

Счетовод бир ат минип, үй-үйдү кыдырып жүрөт. «Балдарды чуркатса эле буларды жыйнайт эле го, бийерге мени убара кылышты» деп ал анда-санда ооз учунан күңкүлдөп коёт.

Бир үйдүн тушуна келди да, счетовод терезени какты:

– О, Кожоке!

– Эмине?

– Контордо жыйналыш болуп жатат, сизди чакыртып жиберишти.

– Таң атпай ал эмине жыйналыш?

– Алиги бизге уполномочун бала сөз угузат экен.

– Эмне сөз?

– Билбейм, согуш жөнүндө дейт.

– Эмесе, баралы, балам, баралы, – деди Кожомкул карыя.

Эсепчи андан атын шарт камчыланып алып, кежир Тургундун үйүн көздөй жөнөдү. Тургун – барып турган кежир, өз билгенин бербеген, кыялы терс, азыраак кулагынын каңшаары бар адам эле. Бирок, анткен менен ал кемпири Күмүштүн тилинен чыкчу эмес. Жалгыз баласы Нурбай армияда. Андан төрт-беш айдан бери кат келбегенин эсепчи жакшы билет. Эсепчи эң обол армияга кеткен балдар жөнүндө, эгерде сурап калса, анын баласы Нурбай жөнүндө, Күмүштү көндүрүп – анан барып кежир Тургунду эпке келтирмекчи болду.

– Байбиче, үйдө барсызбы?

– Бармын, ботом, сен кимсиң?

– Менмин, байбиче. Бери чыгыңыз.

Күмүш бөкчөңдөп үйдөн чыкты.

– Энеке, азыр Тукем менен сиз конторго келе коюңуз. Жыйналыш болот экен, чакырып жатышат.

– Ботом, ал кандай жыйналыш?

– Алиги бизге келген уполномочун аскерге кеткен балдар жөнүндө сөз угузат экен.

– Оо, берегөр кудай! Бир жакшылык болот экен го... Менин Нурбайымды билет бекен, айланайын, сурадыңбы?

– Балким, биле турган чыгар. Барганда сурайбыз. Эми көп токтобой, Тукемди ээрчитип алып, батыраак келе коюңуз.

– Макул, айланайын, баралы.

Эсепчи атын моюнга бир салып, мындай бастыра бергенде аппак, чокчо сакалын сербеңдетип, бакча жактан кежир Тургун чыга келди. Көчөнү айланып кетип бара жаткан эсепчини көрдү да, ал:

– Кемпир, тиги эмне деп жүрөт? Дагы жумушка деп чакырып келиптирби? – деди.

– Ай, сени кудай албады го – деп, Күмүш кежир Тургунга жакын басып келип, үнүн чыгарып: – Жыйналыш болот экен, жыйналыш, – деп кыйкырып айтты.

– Жыйынтыгы болот экен, эмненин жыйынтыгы?

– Жыйналыш болот экен.

Кежир Тургун жактырбай кабагын чытып, колун силкти.

– Баягы күйкөлөк, дагы күйкөлөктөп бизди жыйнап алып, эпке-сөзгө келбестен, жумушка чыккыла деп каарын төккөнү жатса керек. Чаап алса да мен барбаймын, – деп ал кежирленип тескери басты.

– Ботом, токточу бери. Ушинтип эле элден-журттан бөтөнчө дайыны жок тырандай бермей адатың бар да. Ушунуңду коюп жүрсөңчү, – деп Күмүш, үнүн чыгарыбыраак: – урушка кеткен балдар жөнүндө дейт, – деди.

– Эмне дейт? Урушка кеткен балдар жөнүндө. Нурбайды билет бекен? Сурадыңбы?

– Ооба, сурадым, билсе керек.

– Кокуй, кемпир, эмесе, жүр, баралы. Анан бая эле айтпайсыңбы? – деди кежир Тургун.

Эсепчи короо-короону кыдырын, жумушка чыкпаган абышка-кемпирлердин бирин калтырбай чакырды да «болсо, болбосо да айтып өтөйүн» деп, анткор кемпирдин үйүнүн эшигинин алдына келип токтоду.

Анткор кемпирдин аты Айнагүл болчу. Бирок өзүнүн анткордугунан «Анткор кемпир» аталып кеткен. Колхоз жумушу дегенде ал анткор ооруп, өз жумушуна келгенде оорубай соо болуп, анткорлоно турган кемпир эле, эри эчак өлгөн. Жалгыз уулу Сүйүнбай колунун туткагынан кесилип кетип, уруш чыгар жылы гана бошонуп келип, кайра армияга кеткен. Келини болсо, былтыр башка бирөөгө – күйөөгө тийген.

– Энеке, барсыңбы? – деп кыйкырды эсепчи ат үстүнөн.

Үн жок... сөз жок...

Энеке, үйдө барсыңбы?

– Бармын, – деген чаңырган, ачуулуу анткордун үнү чыкты.

– Бери чыгыңыз, энеке, сүйүнчү.

– Болсун, айланайын, сен ким элең? – деп Анткор кемпир жумшап, шашып үйүнөн чыгып келди да, эсепчини көрдү. – Ботом, бул кайсы бала десем, сен турбайсыңбы? Эмнеге сүйүнчүлөп жүрөсүң, кагылайын? Сүкөшүмдөн кабар бар бекен?

– Сыягы бар окшойт. Уполномочун жигит сизди конторго чакырып жатат. Эми батыраак келе коюңуз.

– Макул, барайын.

Анткор кемпирди да эптеп эпке келтиргенине кубанып, эсепчи жигит конторго жөнөдү.

* * *

Дал ушул кезде батыштан чыгышка карай созулган шоссе жол менен салып уруп Жапар келет. «Алар жыйналып калышкан чыгар, кечиктим го» деп Жапар анда-санда башын көтөрүп, күндү карайт, Күн аркан бою көтөрүлгөн. Жол боюнда чымчыктар чыйпылдап, чегирткелер ызылдап, эртең мененки жайкы күнгө алар эркелегендей, кубангандай болушат. Бул жолду нечен курдай басып өтүп кадик болгон сопол куйрук кери тору ат да дрожканы чимирилтип, кезек-кезек башын чулгуп, бышкырып, таскагын жазбай келе жатты.

Жыйналышта Жапар сөздү эмнеден баштайт. А дегенде эле аларга жумуш жөнүндө айтууга болобу. Жок, болбойт. Анда алар жок жерден шылтоо таап, бирөө көзүм десе, бирөө белим дээр, бирөө колум десе, бирөө бутум дээр да, жумушка чыкпай коёр. Анда кантет? Эмнеси болсо да, алардын патриоттук сезимин козгоп, эрксизден эмгекке чакыра турган сөз табуу керек да.

Бул ойго келгенде кыргыздын армиядагы балдары Жапардын эсине түштү

– Ооба, а дегенде мен Ата Мекендик согуш жайынан, ошолордон баштап, анан барып колхоз жайынан айтайын, – деди Жапар.

Ушуга окшогон учсуз-түпсүз ойго батып келе жатып, колхоздун короосуна келип атынын киргенин да Жапар сезбей калды.

– Келатат, тынч отургула, – деген контор жактан үндөр чыкты. Жапар атын мамыга дароо байлай салып, конторго кирип, абышка-кемпирлер менен учурашып, төргө өттү.

Анткор кемпир, менин белимдин оорусу бар экенин эл билсин дегенсип, «О, кокуй, белим!» деп, озондой түшүп бөсогодо отурду.

Отурган абышка-кемпирлерди кыдырата бир сыйра карап, жаагын таянып, ойлонуп бир аз турду да:

– Ардактуу ата-энелер! – деди Жапар. – Сиздер менен таанышайын, бетме-бет олтуруп сүйлөшөйүн деп, мен сиздерди мында чакырттым. Буга капа болбоңуздар.

– Жок, садагаң, эмнеге капа бололук...

– Таанышканыңыз жакшы, – дешти отургандар жарыша сүйлөп.

Жапар чөнтөгүнөн жүз аарчысын алып, чекесинин терин сүртүп, отургандарга дагы бир сыйра көз жүгүрттү.

– Кандай, курсагыңыздар ток, кайгыңыздар жок, күүлү-күчтүү турасыздарбы?..

– А, кагылайын, – деди кимдир бирөө абышкалардан. – Курсактан эчтеңке боло турган көрүнбөйбүз, армияга кеткен балдар эле аман-эсен келишсе экен, ошолордон санаабыз тынчыбай жатат.

– Эмнеге санааңыздар тынчыбайт? – деди Жапар. – Балдарыңар батышта силердин ата-конуш жериңерди, алтын-күмүш кениңерди коргоп, канкор жоо менен арстандарча алышып жатышпайбы. Сиздер алардан кам санабаңыздар. Асан, Сүйүнбай, Мурадыл, Нурбай, – баары да аман-эсен.

– Балам, билсең ошо балдар жөнүндө айтчы, – деп Кожомкул карыя башын өйдө котөрүп, тышы майланышып жыртылган малакай тебетейин колуна алды. Анын жанында отурган орсок тиш, абышка да этек-жеңин кымтыланып, оңдонуп отурду. Контордун оң жак бурчунда отурушкан үч-төрт кемпир да бир-бирине баш ийкешип, тамшанышып, ынтааларын койгондой болушту. Бирде кемпирин, бирде Жапарды карап, баятан бери кетүүчүдөй коомайланып араң отурган кежир Тургундун каңшаар кулагы да бир нерсени чалганга окшоду.

– Ботом, биздин Нурбайды айтып жатабы? Эмне дейт? Жакшылап укчу... – деп, ал кайрылып кемпиринен сурады эле, кемпири: «Тынч отур, укпай калсаң, кийин айтып берермин» дегенсип, аны жоон сандан астыртан нукуп койду.

– Балдарыңарды билем. Кантин билбей коёюн? – деди Жапар. Биз баарыбыз да Ысык-Көлдөн бирге жөнөгөн болучубуз. Согушта да бирге болдук. Асан, Сүйүнбай «Кызыл Жылдыз» ордендери, Мурадыл болсо, медаль менен сыйланышты. Командирлерибиз келип: «Кыргыздын кыраан уулдары» деп, алардын колдорун кысып, куттукташты. Ошондо биздин төбөбүз көккө жеткендей болду.

Эсепчинин ою ойдогудай чыгып, Жапар армияга кеткен балдары жөнүндө айтып жатканына ал абдан кубанды.

Бир четте көзүнүн шоросун кир жоолугу менен анда-санда сүртүп коюп, башын төмөн салып үңкүйүп, жер чукуп, сөз тыңшап отурган Иликбай карыя баласы Асандын орден менен сыйланганын укканда башын бирден жогору көтөрүп, кайкаңдап, эки жагын каранып: «Менин балам ушундай, көрдүңөрбү?» дегенсип, күлүңдөп, – «Баракелде, балдарга кудай кубат берсин!» деп, оң колунун учу менен сакалын улам-улам сыйпады.

– Мен госпиталдан чыгарда Нурбайдан кат алдым. Баары да аман-эсен экен. Нурбай катында «Элге барып калсаң, ата-энеме са-

лам айт, бизден кам жебесин. Биз алардын ак чачын уятка калтырбайбыз, жеңиш менен барабыз. Бирок алар колхоздо мыкты иштешсин. Фронтко көбүрөөк жардам беришсин. Алардын берген жардамы менен Совет жерин душмандан тазалап, биротоло жеңип, Берлинге кызыл тууну орнотобуз», деп жазыптыр.

Эсепчи бет алдында отурган кежир Тургундун көзүнө көзүн учуратып, – «көрдүңбү, уулуңдун жазган катын... а? Сен болсоң мында кежирленип, жумушка чыкпай жүрөсүң» дегендей маани билдирди. Күмүш да уулунун каты жөнүндө кежир Тургундун кулагына үнүн чыгарып бирдеме деп айтты. Кежир Тургун өзүнүн жумушка чыкпай келгендигине уялдыбы, же баласынын орден менен сыйлангандыгына кубандыбы, – айтоор, анын бүткөн бою тамылжып, тердеп, бырыш бетине кызыл жүгүрдү.

– А садагаң кетейиндер... Кан майданда жүрүшсө да, бизди унутушкан эмес экен го,– деди Күмүш.

– Менин Мөкүшүмдөн бир жылдан бери кат жок. Деги аман-эсен бар болду бекен? – деп кандайдыр бир жыртак кемпир бышактап ыйлап жиберди.

– Оо, бышактаган кургур! Аскерде сенин эле Мөкүшүң бар бекен? Эки-үч жылдан бери кат-кабар албаган биздин кандай жаныбыз бек? Мунун баласаагын... – дешип, кемпирлер аны жемеге алышты.

– Койсоңорчу, адамга сөз угузбас болдуңар го – деп, Иликбай карыя желпинип, ачууланды.

Бышактаган ый, күбүр-шыбыр сөз, уу-чуу басыла түштү.

– Ардактуу абакелер, энелер! Мен силерге нааразы болуп отурам, – деди Жапар.

– Ботом, эмне болуп?

– Кандайча?

Абышка-кемпирлердин кубанычтуу кебетелери жоголуп, алда кандай нерсеге таң калгансып, мостоюп, Жапарды тике караштьı.

– Мына силер балдарыңардын жанакы айткан аманатын ушул күнгө чейин толук аткарбапсыңар. Эртеңки күнү алар келип, «силер үчүн, силердин жыргалыңар үчүн, таалай, бактыңар үчүн душман менен согуштук... жеңдик, келдик. А силер болсоңор тылда колхозго жардам көрсөтпөпсүңөр...» деп айтып калышса, ошондо эмне деп жооп бересиңер? – деди да, Жапар колун көтөрүп, талаа жакты көрсөттү. – Тигине, көрдүңүздөрбү, колхозуңарда бүлө жетишпей, эги-

ниңер орулбай, талаада жатат. А силер болсоңор, ошону көрүп-билип отуруп, үйүңөрдө – өз көр оокатыңарда жүрөсүңөр. Кечээ жакында өткөн кыргыз элинин улуу акыны Токтогул:

«...Жаман адам белгиси,
Өз камы үчүн жүгүрөт.
Жакшы адам белгиси,
Эл камы үчүн күйүнөт».

– деп ырдаган экен. Көрдүңөрбү, Токтогул акын ошентип бардык өнөрүңдү, эрдигиңди эл үчүн жумша, эл үчүн кызмат кыл, эл аркылуу атагыңды чыгар деп ырдап отурат. Эгерде силер мындан ары да ушинте бере турган болсоңор, силерге атактуу акындын арбагы кантип ыраазы болот? Тигине, карагылачы, – деди Жапар колун көтөрүп эшик жакты көрсөтүп, – колхозуңарга силер эмес, «Кеңеш» колхозу да жардам берип жатат. Ысык тамагыңарга эгин берди. Тигине, ал дрожканын үстүндө турат.

Абышка-кемпирлер кылчайып, дрожканы карап, үч кап эгинди көрүп, өз ара күбүрөштү.

– Кана, ардактуу карыялар, буга, эмне дейсиңер? Алтын шилекейиңерди чачыратып, менин бул суроомо жооп бергиле.

Жапар сөздөн токтолду. Контордун ичи жымжырт... Кыбыр эткен жан жоктой. Жалгыздап терезеге конгон көк кашка кара чымындар терезенин айнектерине урунуп, дырылдап, ары-бери учуп жатты.

– Балам, мага бир ооз сөз берчи, – деди бир кезде Иликбай карыя колун көтөрүп. – «Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат» деп, сенин баятан берки айткан сөздөрүң бизди ийитти, каныбызды кайнатты, кайратыбызга келтирди. Колхоздун кандай жумушу болсо да, мына мен турдум.

– Оо, каркыбарым! – деди анын жанында отурган Кожомкул карыя Иликбайды санга чаап, – «Манастан Чубак кем бекен» дегендей, сенден мен кем бекем. Мына мен да жумушка чыктым. Эң болбогондо, эгин үйгөнгө, кырманга эгин ташууга кантип жарабайын.

– Балам, «бөлүнгөндү бөрү жейт», деп ушул абышкалардан бөлүнүп калышым мага да болбос. Мына мен да жумушка чыктым, – деди кандайдыр бир кылтыгый көз абышка.

Күмүш кежир Тургунду жеңден тартып, «жаның болсо, сен да бирдеме деп сүйлө» дегендей кылып, астыртан аны акырын дагы нукуду:

– Айтылган сөздөрдү угуп жатасыңбы? – деди кежир Тургундун кулагына кыйкырып.

– Ооба, угуп жатам, – деди кежир Тургун. Ордунан обдулуп, Жапарды карап, колун көтөрдү:

– Балам, мага да сөз берчи.

«Кежир Тургун дагы кежирлигин карматып, элдин ыркын бузбагай эле» деп, эсепчи күйкөлөктөдү.

– Сүйлөңүз, карыя, – деди Жапар.

– Сүйлөсөм, «жоого барсаң баарың бар, доого барсаң бириң бар» деп, көпчүлүктөн бөлүнүп калышым жарабас. Мен да жумушка чыгайын, балам, – деди ал тамагын кырып Күмүшкө карап алып. Мен мурда узануучу элем. Аны кийин коюп кеттим эле. Эми Дөөтү байгамбарга сыйынып, ошол кесибимди кайтадан баштайын.

– Рахмат, Түкө, рахмат! – кубанганынан эсепчи кыйкырып жиберди.

– Жумушка чыкпай, жатып ичер биз бекенбиз? Мына биз да жумушка чыгабыз, – дешти башкалары да.

– Кайратыңардан кагылайын, карыялар, – ракмат... – деди Жапар. Карыялардын кайратына, айткан сөздөрүнө толкунданып бир аз турду да, кемпирлерди карады.

– Эми байбичелер эмне дээр экен? Кан майданда арстандарча алышып жаткан уулдарыңарга силер гүл азык камдагыла. Силердин камдай турган азыгыңар, «алсаңар алдыңар, албасаңар калдыңар» болуп, тигинтип бышып, ыргалып, талаада турат. Кана, энекелер, карыялардан калышпай эми силер да бирдеме дегиле!..

Кемпирлер бирин-бири карашып жылмайышты, жылмайган сайын беттеринин бырыштары ого бетер жыйрылып, көркүнө келип, кандайдыр бир кубаныч аларды ээлегендей, бир жакка кол булгап чакыргандай болду.

– Балам, мага бир-эки сөз берчи, – деди Күмүш колун көтөрүп, ордунан козголуп. – Ушул тытма сакалдардан калышкандан көрө өлгөнүбүз жакшы. Мына биз да жумушка чыгалы. Балдарга биз жардам бербегенде, анан ким жардам берет эле?

– Ооба, айланайын, ошентели.

– Макул, балам. Биз да жумушка чыгалы, – дешти башкалары да Күмүштүн сөзүн кубаттап.

– Рахмат, энекелер, силерге дагы, – деди Жапар. – Эмесе, иш

мындай болсун: байбичелерден бир киши, карыялардан бир киши бригадир болуп шайлансын. Кана, кимди шайлайсыңар.

– Иликбай болсун.

– Күмүш болсун, – дешти туш-туш жактан.

* * *

Эртеси Жапар эрте турду. Жуунуп-кийинип, колхоздун конторуна келди. Председателди баш кылып, колхоздун башкармасынын мүчөлөрүн чакыртып, кыска мөөнөттүк жыйналыш ачты. Жыйналышта эгинди коромжуга учуратпоо, уурдатпоо жөнүндө сүйлөп келип, төгүү пунктуна эгин тапшыруучуларга, кырмандарга баш-көз боло турган ак ниеттүү адамдарды дайындоону айтты. Отургандардын баары да Жапардын сөзүн кубатташып: «Дегеле ырас болот, ошентелик» – дешти. Ары кетишти, бери кетишти. Ал болсун дешти, бул болсун дешти. Акыры келип, Чорток карыяны баш кылып беш кишини төгүү пунктына дайындашты. Кат билет эмеспи, ага жардамчы болсун дешип, беш кишинин бирөөнө Кожобекти көрсөтүштү. Иликбай карыяны кырман башчысы, Оморбекти кырман таразачысы кылып дайындашты. Орокчуларга Жутабай, эгин ташуучуларга Кожомкул карыялар бекитилди. Жогорку кырмандын милдетин Чүкөбай, ойдогу кырмандын милдетин Жапар алды.

Жапар жыйналышты бүтүрүп контордон чыга берерде, чабарман карыя келип, ага бир кат берди. Жапар аны ачып окуп көрсө, ал кат фронтто калган, кан майданда кучакташып дос болушкан жан жолдошу – Иващенконун каты. Иващенко катында өзүнүн жарадар болуп, госпиталда жатып чыкканын, отпуска алганын жазып келип, катынын аягында мындай деген:

«*Кымбаттуу жолдошум Жапар!*

*...Чоң кубаныч: Украинанын бир топ жери душмандын колунан бошотулду. Ошонун ичинде менин селом да бар. Катын-баламды издеп кетип бара жатам. Табам деген үмүт чоң. Таап калсам, кубаныч үстүнө кубаныч болору шексиз. Уруш басылганда сага конокко барып, аскалуу Ала-Тооңду, көйкөлгөн сонун Ысык-Көлүңдү, меймандос кыргыз элиңди өз көзүм менен көрөм. Колхоздон жазган катыңды алдым. Чоң рахмат.*

*Кош, аман бол.*

Жан жолдошуң: *Иващенко*»

Жапар кубанды. Катты кайта-кайта окуп чыкты. Катты окуган сайын ал Иващенкону көргөндөй, аны менен сүйлөшкөндөй болду. Ошол замат отуруп, ал Иващенкону мейманга чакырып кат жазып жиберди.

## VII

Күн кечтеп, көз байланган кез.

«Кеңеш» колхозунун контору. Тойчубек бригадир, звеновойлорду жыйнап алып, эртеңки жумуш жөнүндө алар менен кыска мөөнөттүк жыйналыш өткөрүп жаткан.

Бир кезде шаардыктарча кийинген, колунда кичине чемоданы бар, орто бойлуу, кара тору, сүйкүмдүү бир кыз эшиктен кирди. Отургандар анын алыстан, райондон келген кыз экенин божомолдой:

– Илгери өт, балам, илгери өт! – дешти.

– Рахмат, ушундай эле отурайын, – деди кыз.

– Жок... Өткүн-өткүн! – деп Тойчубек да козголуп, жанынан орун бошотту.

Кыз отургандардан ийменип, этек-жеңин кымтыланып, өтө акырындык, урмат менен алга басып өтүп, Тойчубектин жанына барып отурду.

«Кеңеш» колхозуна бул кыздан мурда да райондон жумуштап, бир аял келип-кетип жүрө турган. Ал аял улуу-кичүүнү, ак сакал, көк сакалды көзүнө илбей столду муштагылап, таркылдап сүйлөп, коркутуп келип, коркутуп кетип жүрчү. Ошонусунан ал аял элге жек көрүнүп, кийин кызматынан алынган. Бирок бул кыз андай болбой, элден ийменип, этек-жеңин кымтыланып, төмөн карап отурганына Тойчубек да, башкалары да аны ичтеринен жаратып, жакшы көрүп отурушту.

Бул кыз – Айша болчу.

Шаардан бир топ окуучу балдар, кыздар менен Айшаны, районго, колхоз жумушуна жиберишкен. Аларды райондо колхоздорго бөлгөндө Айшанын шыбагасына «Кеңеш» колхозу тийип, бүгүн мында келген.

Жыйналыш бүттү. Тойчубек карыя бригадир, звенолорду жайжайына таратты да, Айшаны карап:

– Балам, бул жердик эмес көрүнөсүң, кайдан?– деди.

Айша Тойчубекке келген жумушун айтты.

– Жакшы болот, балам. Эмесе, жүр. Биздин үйгө барып кон. Жумуш жөнүндө болсо, эртең сүйлөшөрбүз, – деди Тойчубек.

Бурулча а дегенде бул кызды оозунан папирос кетпеген, сылыксыпаа сөздү билбеген, райондон келип-кетип жүрө турган баягы өзүнө тааныш аялдай бир эме го деп көп анчалык жараткан жок. Бирок Айшанын ийменип, кымырынып-кымтынып отурганын, берген суроолоруна сылык-сыпаа жооп бергенин көрүп, Бурулчанын чытыган кабагы бир аз жазылайын деди.

Тойчубек бир аздан соң ордунан туруп, камчысын колуна алды да:

– Бурулча, эми сен коногуңду жакшылап күтүп ал, мен төмөнкү кырманга барып, пристанга эгин жөнөттүрөм, – деди.

– Тамак ичип, анан барсаң боло.

– Жок, тамакты кырмандан ичем.

Тойчубек кетти. Бурулча эшикте кайнап турган самоорун үйүнө көтөрүп кирип, дасторкон жайып, сары май, каймагына чейин алып келип, дасторконго койду.

– Балам, кайдан келдиң, райондонбу? – деди Бурулча чай сунуп жатып.

– Жок, энеке, шаардан.

– Кызматта белең?

– Окучумун.

– Ошондой де, балам, – деп Бурулча Айшанын берген жообуна ыраазы болгонсуду. Колундагы чайынан эки-үч курдай ууртап алды да, чыныны кайта столго коюп, Айшаны карады. – Балам, ата-энең барбы?

– Атам жок, энем бар.

– Энең кайда?

– Шаарда.

– Сенден башка да балдары барбы?

– Жок, жалгыз эле баласы менмин.

– Эмесе, мендей турбайбы, кагылайын. Биздин да жалгыз балабыз бар. Быйыл май айында армиядаи кайтты.

Айша «Кеңеш» аттуу колхоздо Жапардын ата-энеси бар экендигин мурда эле билчү. Бирок «Кеңеш» атындагы колхоз райондордо көп да. Жапардын ата-энеси ошол колхоздордун кайсынысында турарын ал билүүгө көп кунт коюп алар жөнүндө ойлогон да эмес. Райондо аны «Кеңеш» атындагы колхозго барасың дегенде сураштырып,

председатели Жапардын атасы экенин Айша билген болчу. Бирок Айша эчтемке билбеген-укпаган кишидей жылмайып, төмөн карап, чайын ичип, Бурулчанын сөзүн тыңшап отура берди. «Уулуңузду мен билем, тааныйм» деп айтуудан ал ийменди, унчукпады.

– Ушул баламды армияга узатканымда, – деди Бурулча сөзүн улантып, – көз жашымды көлдөтүп: «О, кудай! Элим жоону жеңип, жалгыз уулум кайта аман-эсен келээр күн болор бекен?» деп тиледим эле. Тилегим орундалды. Уулум келди, – деди да Бурулча терең үшкүрдү. Бирок кагылайын, жазмыш ошол экен, уулум бир бутунан ажырап келди. Кантейин, кайгым көп.

Айша кейип-кепчиген Бурулчанын өңүн көрүп, анын көңүлүн бир аз көтөрмөкчү болуп:

– Андай дебеңиз, энеке. Уулуңуздун алтын башынын аман келгенине кубанбайсызбы, – деди.

– Ал айтканың ырас, кагылайын, ырас.

* * *

Эртеси Тойчубек күн чыга кырмандан келди. Чайга отурду.

– Балам, – деди Тойчубек Айшаны карап. – Сен өзүң окуучу экенсиң. Сени эми бир жайлуу жерге жайлаштырайын.

– «Жайлуу жер» деп кайда жиберет элек? Биздин үйдө эле турсун. Бизде кайсы көп бүлө турат?

– Макул, андай болсо, дегеле жакшы болот, – деди да Тойчубек Айшаны карады. – Балам атың ким?

– Атым – Айша.

– Эмесе, Айша балам, биздин үйдө эле тура бер. Бүгүнчө эс ал. Эртең өзүңдүн сүйгөн бир кызматыңа коёрмун.

Чайдан соң, Тойчубек эшикке чыгып, атына минип, кайта жумушуна жөнөп кетти. Бурулча да бутуна эски ботинкесин, үстүнө эски көйнөгүн кийип, майланышкан кичине кара көнөчөккө айран куюп алып, Айшага:

– Садагаң, мен жумушка кетем, кечинде келем. Сен үйдө кал. Курсагың ачса, үкөктө нан, каймак бар. Тартынба. Өз үйүңдөй бол, – деди.

– Жок, энеке, мен да сиз менен бирге барам. Үйдө жалгыз кантип калат элем? – деди да Айша чемоданын алып, андан үстүнө бир эски көйнөк, бутуна бир эски туфли кийди. Жолдо карата астыңа са-

лып, отуруп келген жалаң кат эски, таар жуурканын жана да кандайдыр бир газетаны колуна алды.

– Кана, энеке жүр эми, – деди Айша.

Күн көтөрмө бою өйдөлөгөндө булар, үйдөн чыгып, ай талааны көздөй бет алышты.

Кылкылдап баш аягына көз жетпеген, ыргалып бышып турган калың буудайдын алды жагындагы жалгыз аяк жол менен жогорулап, басып келе жатышты.

– Ушул менин звеномдун буудайы. Сугаттан да, отоодон да өксү болгон жок эле. Көрдүңбү, секет, кандай болуп чыкканын, – деди Бурулча.

– Энеке, эмне, сиз звеного башчысызбы?

– Ооба, кагылайын, былтыр болбой шайлап коюшту.

Арыктын жээгиндеги буудайдын түбүндө топтошуп отурган жети-сегиз кыз-келинге келип токтолушту.

– А, катүгүн, ушинтип олтуруп аласыңарбы? Тургула, кагылайындар, күн көтөрүлүп калды, – деди Бурулча өзүнө адат болгон мээримдүү, жылуу сөзүн айтып.

Келин-кыздар орундарынан туруп, тарап, өз-өздөрүнө бөлүнүп берилген жерлерине барып, буудайды шартылдатып оро башташты. Бурулча да орууга киришти.

Айша да карап турган жок. Жеңин чыканагына чейин түрүп алып, аягы менен турган буудайларды колу менен жулгулады. Бурулча аны көрүп, «чунак кыз эмне кылганы жатат?» деп ичинен ойлонду. Айша бир колтук кылып буудайды жулду да, аны көтөрүп барып сууга салды, кайта келип дагы жулду. Бул жулгандарын да бир колтук кылып алып барып, сууга салып, мурункусун кайта алып келип, арыктын жээгине койду. Өзү анын жанына отуруп, беш талдан, он талдан кылып баштарын байлап, боолук жасап, бир жагына шакылдатып коё берди.

Бир кезде Айша даяр болгон боолуктарын көтөрүп келип, орулуп жаткан аңыздын четине – көлөңкөгө койду. Күн тийип кургап кетпесин деп үстүнө өзүнүн ала келген жаңкы таар жуурканын жапты. Бурулчанын оруп, чөк таштап кетип бара жаткан буудайларын бат эле боолап жиберди. Ал боолангандарын бай тигип отургуза коюп, берки келин-кыздардыкын да боолай баштады.

– «Капырай, колу колуна тийбеген бул кандай кыз?» дешип, келин-кыздар да Айшаны анда-санда карап, ага аң-таң калышты.

– Акиш, мында келчи, көзүмө кылкан түштү окшойт, – деп, Бурулча бир кезде көзүн ушалап, Айшаны чакырды. Айша жүгүрүп келип, көйнөгүнүн төш чөнтөгүнөн таза, ак кол жоолугун сууруп чыгып, анын учу менен Бурулчанын көзүнөн кылканын алды.

– Энеке, сиз чарчаган чыгарсыз, азыраак эс алыңызчы. Аңгыча мен оруп турайын.

– Кой, садагаң. Колуңду чалдырасың.

– Жок, энеке, чалдырбайм.

Айша Бурулчанын орогун алды да, буудайды шартылдатып оро баштады. Бурулча ага ишенбеген кишидей, Айшаны ээрчий басып, башын чайкап, өзүнөн-өзү кымыңдап:

– Садагаң, сен бул орок оргонду кайдан үйрөнгөнсүң? – деди.

– Колхоздо жүрүп.

– Кайдагы колхоздо?

Айша уруш чыккандан бери жыл сайын оруу-жыюу мезгилинде колхоздорго чыкканын, иштегенин, ошондо орок орууну үйрөнгөнүн айтты.

– Баса, ошондой де, балам– деди Бурулча.

Бирок колхозго жардам беребиз, иштейбиз деп жыл сайын райондон да, шаардан да далай келин-кыздар келип-кетип жүрүшөт. Алардын көбү орок оргонду эмес, боолук жасаганды да билишпейт, «Деги дээринде бар кыз экен, аман эле болсун» деп, Бурулча өз ичинен Айшага ыраазы болуп, ага миңдеген алкышын айтты.

Түш болду. Келин-кыздар ала келген тамактарын жешти да «эс алабыз» дешип, баштарын көлөңкөгө катып, ар кайсы куурай, буудайдын түптөрүнө жата кетишти. Алардай антип Айша жатканы жок. Ал жети-сегиз боону тикесинен тегерете коюп, үстүнө дагы бир сыйра жаткыра боолор коюп, анын үстүнө ала келген таар жуурканын жапты да, Айша:

– Энеке, «алачыкка» кирип эс алыңыз! – деп Бурулчаны чакырды.

Бурулча Айшанын жасаган алачыгына келип:

– О, какмарлар, мында келгиле! – деп, келин-кыздарды жанына чакырды. – Силер жадаганда ушинтип, көлөкө жасап алганды да билбейсиңер.

Айша, келин-кыздардын жанына олтуруп, ала келген газетаны колуна алып, согушта болуп жаткан жаңылыктарды, Зоя Космодемьянская, Чайкина жөнүндө жазылган макалаларды аларга окуп берди.

## VIII

Күн Ала-Тоонун чокусуна аркан бою калган кез эле.

Кызыл үй. Кызыл үйдүн бер жагында эки такта. Экөө бирдей карагай түркүккө кадалып, жерге мыктап орнотулган. Бирөө кызыл, бирөө кара. Кызылында ударниктердин, карасында жалкоолордун тизмеси бар.

Кызыл үйдүн кырчоосунда илинген колхоздун кызыл желеги. Ал батыштан соккон кечки жумшак желге акырын желбиреп турду.

Кызыл үйдүн ичи кызыл-тазыл. Үйдүн сол жак капшытында чоң стол. Анын үстүнө кызыл сатин жабылып, эки жагына эки скамейка коюлган. Столдун үстүнө жайылган китеп, журнал, газеталар. Керегелерине плакат, ураан, жолбашчы, маршалдардын, Ата Мекендик согуштун баатырларынын сүрөттөрү илинген. Андан жогору, керегеде бир тогуз коргоол, чийдин башында бир темир комуз илинип турат.

Оморбек пристанга жөнөтүлгөн эгиндердин эсебин алуу үчүн чотун кагып, дептерине бирдеңкелер жазып жатат. Нуруйла менен Зейнеп да, «эртеңге чейин жазып бүтүрүп, тышка илип коёлу» дешип, кереге газетасын жазып бүтүрүп, аны столдун үстүнө жайып, кеткен каталарын түзөтүп, оңдоп, окуп жатышат. Жапарды көрөрү менен эле алар кымырынып, кымтынып калышты. Оморбек да ордунан тура калды. Жапар кызыл үйдүн ичине көз жүгүртүп келип, Зулайка менен Зейнептин жазып жаткан газетасын көрдү.

Газетанын аты «Жеңиш» болчу. Ал ири тамга менен кооздолуп жазылган. Анын оң жагында Лениндин сүрөтү турат. Газетанын сол жагында «Жеңиш» деген сөздүн алдында «Оруу-жыюуну тездетели» деген баш макала бар. Ал макаланын оң жагында ударниктердин тизмеси, тизменин өз тушунда кимдин канчалык иштегени жөнүндө да маалыматтар турат. Алардан төмөн «Эт менен челдин ортосунда» дегей кичине бир фельетон жазылган. Калыйпа деген келиндин жалкоолугун, жумуштан качкандыгын, бир күн иштесе, экинчи күнү иштебей, окура сыяктуу эт менен челдин ортосунда жүргөндүгүн жазып келип, анын аягын төмөнкүдөй төрт сап ыр менен бүтүрүшкөн:

Эмгектен качпа жеңеке.
Эмгек сага береке,
«Окура» атка сен конбой.
Жарайсың качан керекке.

– О, карындаштар, бул газетаңар сонун газета болуптур го? Бул, бая күнкүдөн да жакшы болуп чыгыптыр. «Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот» деген ушул. Мына эми силер газетанын кадимки кызматкерлери болдуңар да калдыңар, – деп Жапар аларды тамашалап күлдү.

– Карындаштарыңыз газетанын гана кызматкери болбостон, кырмандын да кызматкери болуп жатышат, – деди Оморбек Жапардын сөзүн коштоп.

– Албетте, антпесе болобу? Ошентип кырманда да иштешсин, колхоздо, бүлө аз эмеспи, – деди да Жапар Зейнепти карады. – Газетага материалдарды кандай кылып жыйнап алып жатасыздар?

– Бая күнкү сиз айткандай кылып жыйнап алып жүрөбүз. Анан бригада, звено боюнча да кабарчыларыбыз бар. Алар өздөрү да жазып келип беришет, жаза албагандары өздөрү келип, оозеки бизге айтып келишет, – деди Зейнеп.

– Дурус-дурус... баракелде!..

Жапар газетага дагы бир сыйра коз жүгүртүп, андагы жазылган материалдарды ичинен купуя окуп чыкты. Бир кезде ал башын көтөрүп, келечекте дагы кандай кылып газета чыгаруу, кандай кылып материал жыйнап, кандай кылып аларды пайдалануу жөнүндө Зейнеп менен Нуруйлага дагы бир топ кеңеш берди да, Оморбекке:

– Бүгүн пристанга канча эгин жөнөтүлдү? – деди Жапар.

– Аз болуп калды.

– Аз болгондо?

– Кырк беш центнер.

– Эмне үчүн андай?

Оморбек басылган даяр эгин жоктугун, айла кеткендиктен кече күнкү чарларды байбичелерге калбырлатып, тазалатып жатканын, теминден түшкөн эгиндер аз болуп, пристанга жалаң гана молотилкадан түшкөн эгиндер жөнөтүлгөнүн Жапарга айтты.

– Андай болсо, иш чатак, жолдош Оморбек, – деди Жапар. – Бул темп менен бара турган болсок, анда биз планды күзгө чейин алып барабыз. Кой, мындай кылыш жарабайт. Буга ушул баштан бир чара колдонолу антпесек, кийин кеч болуп калар.

Жапар буга кандай чара көрсөм дегенсип, чекесин тырмап, ойлонуп бир аз турду да:

– Жолдош Оморбек, – деп ал Оморбекти карады. – Биз дайым

түндө иштей турган комсомолдун бригадасын уюштурсак кантет. МТСтен комбайн да келбей жатат. Комбайн келгенче өзүбүз да аракет кылуубуз керек. Антпесек, жумуш жакында бүтө турган көрүнбөйт. Сен, комсомолдун секретары эмессиңби, кечинде комсомолецтерди жыйнап алып, оруу-жыюунун, мамлекетке эгин тапшыруунун маанисин аларга түшүндүрүп айт. Жумуштун арбыбай жаткандыгын да билгиз. Менимче, мындай ийгиликтүү ишке комсомолецтер да каршы боло койбос. Ай чыкканда аларды мында ээрчитип алып кел. Азыр ай жарык. Ай батканча, молотилканы иштетсек, далай жумуш бүтөт. Карыяларды да чыгарып, темин да, малаташ да уюштуралы. Макулбу, жолдош Оморбек? Ошентели.

– Жакшы болот, ошентелик, – деди Оморбек да.

* * *

Түн. Ай сүттөй жарык.

Колхоздун кырманы.

Кырмандын бир четинде трактор турат. Ал тасма кайың менен молотилканын боорундагы кичине дөңгөлөктү чарк айлантып, тарсылдап, ичин кагып, бүткөн боюн солкулдатып жүрүп жатат. Молотилка да бирде шакылдап бирде дүкүлдөп, көп сугунса аптыгып, аз сугунса умсунуп, урунуп-беринип, күрсүлдөп жүрүп жатты...

Молотилкада иштеп жаткан өңчөй комсомолецтер Оморбек жыйнап алып айтары менен эле, алар, «жакшы болот, ошентели» дешип, комсомолдун түнкү бригадасына жазылышып, кырманга келишкен. Алар эми бирөөнөн бирөө өткүсү, бир үймөк эгинди бир түндө эле басып бүтүргүсү келишет. Колдору колуна, буттары бутуна тийбей, боону жерден илип алганча, аны молотилкага алып бергенче шашышат.

Анын сол жагында, «күндүз иштедим, арыдым, талдым» дебестен, алты-жети жылкы менен Иликбай карыя темин басып жатат. Теминдин чет жакасын шыпырып, оодарып жаткан да бир-эки адам көрүнгөнсүйт. Иликбай карыянын оң жагында Кожомкул карыя да эки атка эки комсомолецти мингизип алып, мала таш менен дүкүлдөтүп эгин басат. Алардын бери жагында, кырмандын орто ченинде Жутабай карыя да үч-төрт колхозчу менен бүгүнкү молотилкадан, малаташтан түшкөн кызылдарды желге салып сапырууда. Жел басылган кезде, Жутабай карыя:

– Кел, орток кел! – деп, жогору Санташ жакты анда-санда карап коёт.

Кызыл үй жакта, кемегеде жылтылдап от чыгат. Ал от бирде жалындуу кызыл тилин жалмаңдатып, жалбырттап күйөт да, бирде жалп этип, жок боло түшөт. От жалбырттап жана баштаганда кызыл кыпындар туш-туш жакка учуп чыгып, кемегеде от жагып, кырманчыларга тамак бышырып отурган Айымбүбүнүн элес-булас караанын көрүнө калат да, от өчкөндө ал да кошо караңгынын кучагына кирип жок болот.

Кырманчыларга сорпо-шилең, эт-аш беремин деп председатель бүгүн түшкө жакын тоодогу малга чыгып кеткен. Ошол бойдон ал келе элек.

Жапар бирде молотилкага барып:

– «Кагылайын, карындаштар, иничектер «Түн – бакырдыкы» деген. Ушинтип иштегиле. Бүгүн түн бир үймөктү болуп кетели» – деп айтса, бирде карыяларга келип:

– «Кагылайын, карыялар, ушинтип жаштарга дем, элиңерге күч бергиле» деп, жаны тынбай ары-бери басып, өзү да иштешип жүрдү.

Ай батып, түн ортосу ооган кезде молотилка да, темин да токтоду. Айлана кулак-мурун кескендей жымжырт болду да калды. Түнкү бригаданын кайсы бирөөлөрү үйлөрүнө кетти. Кайсы бирөөлөрү самандын, үймөктүн түптөрүнө жыгылды. Жапар да бир үймөктүн түбүнө барып жата кетти.

Эртеси күн чыга эл кырманга күндөгүдөй жыйналды. Кырман азан-казан. Жапар түндөгү басылган, сапырылган эгиндерди арабаларга салдырды. Пристанга бир жөнөткөндө төрт арабадан ашпаган эгиндер бул сапарда алда канча артып калды. Жутабай карыя ары-бери чапкылап жүрүп, менчиктүүлөрдүн бир аттуу эки жамаат арабасын таап кайтты. Аларга да эгин салышты. Бир өгүз арабага да ончакты кап менен эгин салышып, аны да пристанга узатышты. Кыскасы, пристанга бир жолку жөнөтүлгөн эгин сексен центнерге жетип калды.

– Мына, көрдүңбү, жолдош Оморбек, – деди Жапар. – Биз мындан ары карай күн сайын дайым ушинтип иштей турган болсок, мамлекетке дан тапшыруу планын райондо биринчи болуп бүтөрүбүздө шек жок.

– Албетте, – деди Оморбек да Жапардын айтканын коштой.

Бир кезде председатель жылкычы жигитке челкилдете эки чанач кымыз жүктөтүп, бир семиз койду өңөртүп, атын булоолонтуп жетип келди. Жапар ага комсомолецтерден түнкү бригада уюшулганын, бүгүн түндө да иштешкенин, пристанга бүгүн күндөгүдөн алда канча ашык эгин жиберишкенин айтты эле, Чүкөбай:

– О, кагылайын, кагылайындар! – деп чуркап анысына бир, мунусуна бир барды. Жакшы-жакшы! Баракелде-баракелде! – Эми койду батырак союп жибергиле. Түш болуп калды.

Кой союлду. Эттин баарын, ичек-карды менен казанга салдырышты. Тамагы жаман сугалактар, ишке жалтак жалакайлар бирде күндү, бирде үйдү карап, «качан түш болот, коңгуроо качан кагылат» деп улутунуп, умсунуп жатышты.

Коңгуроо кагылды. Коңгуроонун үнү угулганда орокчулар да, машина менен эгин чаап жүргөндөр да жумуштарын токтотуп, самсып, кырманды көздөй жөнөштү. Пристанга кеткендер да келишти. Жыйнала башташты.

– Таңдайыбыз кургап, жүлүнүбүз үзүлө турган болду. Башкарма алып келген кымызыңдан берсең боло, – деген кимдиндир бирөөнүн үнү чыкты.

Жылкычы жигит эки чанач кымызды челкилдетип кызыл үйгө көтөрүп алып келди. Ал чаначтардын артынан эл убай-чубай кызыл үйгө келишти.

Кымыз куюлду. Улуулата сунулду. Алдына эки, артына бир аяктан кымыз жетти. Чаңдап, чаңкаган колхозчулардын суусундары канып, көңүлдөрү жайланды. Карыялардын кайсы бирөөлөрү чыканактап, жамбаштай кетишти. Кандайдыр бир-эки абышка керегеде илинип турган тогуз коргоолду алып, жерге отуруп, өбөктөшүп, «сен жүр, мен жүр» болушуп оюнга кирди.

Кыз-келиндер, жаштар да тышка чыгып, кызыл такта менен кара тактага барышты. Кызыл тактага жазылган ударниктердин тизмесин окуп, «тиги мынча, бул мынча иштеген экен» дешип өз алдынча дуулдашты.

– Апей, кара тактага Калыйпа жазылыптыр.

– Ал дейсиңби, ал газетага да чыгыптыр.

– Тим кой, жалкоолонгон эме ошондой болсун, – дешип, келин-кыздар Калыйпа жөнүндө газетага жазылган ырды окушуп, кыткылыктап күлүштү.

Келиндердин ичинде бир четте турган Калыйпа буга уялып, элдин көзүнө көрүнбөскө аракет кылып, кызыл үйдү айлана берди.

– Ал эмине экен, балдар? Бизге алып келип окуп бергиле, – деди кызыл үй жактан Иликбай карыя.

Зейнеп менен Нуруйла бул кезде эмгектеринин жемишине кубанып, кереге газетаны тегеректеп окуп жаткан кыз-келиндерди карап, күлүңдөп бир четте турушкан. Зейнеп дароо кереге газетаны кызыл үйгө алып кирип, карыяларга окуп берди. Ударниктердин ичинен Иликбай карыянын да аты чыкты. Ал карыялардын биринчи жыйналышында, орден менен сыйланган баласынын атын укканда, – «көрдүңөрбү, менин балам ушундай» дегенсип, компоюп, – «кудая, бергениңе шүкүр!» деп ал алгыр бүркүттөй эки жагын каранып, аппак сакалын улам-улам сылаган болучу. Иликбай карыя эми да, «көрдүңөрбү, иштесеңер мына мындай иштегиле...» дегенсип, компоюп, күлүңдөдү да, «кудая шүкүр, бергениңе» деп, дагы сакалын улам-улам сылады.

Комузчу Керимкул керегеде илинип турган комузду ала коюп, азоо аттай башын чулгуп, колун алда нече түрлөндүрүп, комузду шартылдатып черте баштады.

– Бали, азамат, черт! – деген үндөр.

Керимкул бир топ чертип келип:

– Мына эми кезекти Зуурага бердим. Зуура да өнөрүн көрсөтсүн, – деп комузун жерге койду.

Оруу-жыюу бүткөндө гана кетемин деп, Зуура сыртка койлоруна кете элек болучу. Зууранын аты аталганда:

– Баса, Зукеш, сен да...

Зуурага темир комуз бергиле.

– Ырас эле ошенткиле, темир комуз каксын, – дешти отургандар кары-жашы дебей дуулдашып.

Жаратылышында шайыр, күлкүлүү, куудулдугу бар Зууранын ким токтотуп турсун. Ал бааланып олтурбастан, «Керимкулдан калсам, мага анын тебетейин кийгизгиле» деп, отургандарды бир сыйра күлдүрүп алып, жеңин чыканагына чейин түрүндү, чийдин башында илинип турган темир комузду дароо ала коюп, аны бозула салды. Комуздун тили гана кылтыйып оозунан көрүндү. Зуура аны эки колдоп бирде эшип, бирде желпип, бирде ышкырып, бирде үшкүрүп кага баштады.

– Жаша, балам, жаша! – деген карыялардын үндөрү туш-туш жактан чыкты.

Баятан бери өз тамашалары өзүндө болуп, бирөө желип, бирөө жеп, бирөөнүн чарасы толуп, бирөөнүкү толбой өкүттө калып отурган эки абышка да тогуз коргоолун четке түртүп, Зууранны карап, эриксизден жылмайышты. Жылмайган сайын бетинин бырыштары ого бетер көбөйүп, шоролуу көздөрү бүтүйүп, кубанычтын кучагына батышты.

Эт бышты. Бышса, түшсүн болду. Келин-кыздар, жаштар ашкана үйгө жөнөштү. Эшиктен чоргосу сынык кара чөөгүндү бир келин көтөрүп кирди. Суу куюлду, колдор жуулду. Табактар тартылды. Эттер желди. Эт артынан кесме келди. Тамак желип, жумушка чыга берер кезде:

– Карыялар, силерде менин бир сөзүм бар, руксат кылсаңыздар айтайын, – деди Жапар.

– Айтагой, кагылайын, айтагой, – дешти карыялар.

– Айтсам, – деди Жапар оңдонуп отуруп. – Колхозуңар эки-үч жылдан бери мамлекетке дан тапшыруу планын аткара албай, эмгек күнгө эчтеме алалбай келген экенсиздер. Эми быйыл мамлекеттик планды мөөнөтүнөн мурда аткарып, эл көзүнө көрүнө турган убагыңар келди. Мен «Кеңеш» колхозун социалисттик мелдешке чакырсак дейм. Буга кандай дейсиңер?

Күтүлбөгөн жерден мындай ишке карыялар таң калышып бирден буга жооп бере алышпады. Үнсүз-сөзсүз отуруп калышты. Бир кезде Кожомкул карыя башын көтөрүп:

– Балам, «Кеңеш» колхозу күрдөлдүү, мыкты колхоз го... Аны менен жарышканыбыз кандай болор экен? «Арстан айга чаап, мерт болуптур» деп, биз аны чакырып коюп, артта калып, элге-журтка уят болуп жүрбөйлү? Андан көрө өзүбүз теңдүү тиги «Бирлик» колхозу менен жарышсак кантет?

– Андай эмес, Кожоке, – деди Жапар. – «Жыгылсаң нардан жыгыл, буйласын кармай жыгыл» деген да кеп бар. Социалисттик мелдешке чыкканга жараша, ошондой колхоз менен жарышалы. Кыйынчылыктан качып, жеңилди көздөй качканыбыз болбос. Кайта кыйынчылыкты каршы алып, оордукту жеңели. Албетте, алдыңкы колхоз менен жарышуу оңой иш эмес, оор. Ошону билип, көрүп туруп, бардык оордукту моюнга алып, ага каршы баралы, аны жеңип чыга-

лы. Маселен, «Кеңеш» колхозунан озуп чыксаңыздар ошондо сиздер эл көзүнө көрүнөсүздөр. Атак, даңкка ошондо ээ болосуздар.

– Жапар балам туура айтат, ошентелик качпайлык, – деп Жутабай карыя да Жапардын сөзүн коштоду, буга отургандардын баары да макул болушту.

## XI

Тойчубектин үйү – Айшанын өз үйүндөй болуп кетти.

Айша эртең менен тура калат да, суу алып келет, самоор коёт, үйдүн ичин шыпырып, жыйнап да жиберет. Сүттү алып барып, сепаратордон өткөрүп келе коёт. Самоорду үйгө алып кирип дасторкон салып, чай да куюп жиберет. Кыскасы, Айша Бурулчанын өз кызындай болуп, үй оокатына, жумушуна каралашып, аны тындырып салды.

– Атаганат, карыганда ушул өңдүү кыз менин келиним болсо, арманым болбос эле, – деп Бурулча ичинен сызып, ичинен тынып жүрдү. Жапакем келип калса, бул кыз менен таанышса, сүйлөшсө, балким, ага да жагып калар беле? Ооба, Жапакемде да эс-акыл бар. Ал кишини сынай, байкай алат. Балакет болуп, Жапакем жактырса да, төкөрсүң деп кыз жактырбй жүрбөсүн? Ай, дүйнө ай! Маңдайга бүткөн жалгызды ушинтет деген эмине!..

Бурулча отурса-турса да, жумушка барса да, келсе да мына ошентип учсуз-түпсүз кыялдын кучагына кирип жүргөн кезинде «Кеңеш» колхозу менен, социалисттик мелдешти түзөбүз дешип, «Өрнөк» колхозунун председатели Чүкөбай, Жутабай карыя, Зуура, Жапар болуп келип калышты.

Тойчубек колхозчулардын жалпы чогулушуң чакыртты да, эл жыйналганча чай-пай ичип келгиле деп конокторду үйүнө чакырды.

Бурулча эшикте уюн саап, музоосун байлап, Айша үйдө лампа жагып жаткан болучу. Коноктор короого киргенде эле:

– Келиңиздер, кел кагылайын, – деди да Бурулча: – Садагам, конок келди, көлдөлөң сал – деп, терезеден Айшага кыйкырды.

Жутабай карыя баштап үйгө кирди. Анын артынан, Чүкөбай, Зуура, Жапар киришти. Бурулча да уулунун артынан кирип бара жатты. Эшик алдында урмат, ызаат менен конокторду каршы алып турган Айшаны Жапар көрө коюп, «Айшаке!» деп кол алыша кеткенин Бурулча көрө коюп, Тойчубекке жүгүрдү. Тойчубек ээрчий келген

колхозчулар менен конок камылгасы жөнүндө тышта сүйлөшүп жаткан болучу.

– Билдиңби кызыкты, билдиңби? – деп Бурулча Тойчубекти колдон алып, четке жетелеп чыкты.

– Эминени?

– Жапакем Айшаны тааныйт экен. Бири-бири менен кол алышып, амандашып калышты. Алиги шаардагы алам деп жүргөн кызы ушул турбайбы. Ооба, ушул экен. Садагаң, өзүнүн издеп келгенин кара. Мени «энеке», сени «атаке» деп, ичи-койнубузга кирип жүргөн себеби да ошол тура. Болду-болду, деги эле ырас болду... – деди да, Бурулча кайра үйгө жүгүрдү.

* * *

Эл толук жыйналды. Тойчубек жыйналышты ачып, «Өрнөк» колхозунун социалисттик мелдешке чакырганын, келишимге кол коюу үчүн анын өкүлдөрү мында келип отурганын көпчүлүккө угузду. «Адам буларды кара, кайсы алына чиренип бизди мелдешке чакырышат экен?» дешип, көпчүлүктүн арасы астыртан күбүр-шыбыр сөз болду.

– Койгон шарттары эмне экен? Шартын угалы, – дешти отургандар.

– Шарты, – деди Тойчубек, – оруу-жыюу, бастырууну райондон көрсөтүлгөн мөөнөттөн мурда аткаруу, мамлекетке дан тапшырууну он күндүн ичинде аяктоо, МТСтин акысынан да толук кутулуу экен. Буга кандай дейсиңер? Кана, сүйлөгүлө!

Колхозчулар ары кетишти, бери кетишти:

– Оруу-жыюу, бастыруу жөнүндөгү шартына биздин каршылыгыбыз жок, кабыл алабыз, мамлекетке дан тапшыруунун срогун бир аз арылатсак кантет? – дешти.

– Жок, биз анын срогун жети күн кылып да көрсөтөлүк дедик эле, силерди макул болобу, болбойбу деп кайта он күн кылдык, – деп Чүкөбай өз конторунда отургансып, баягы адатын карматып, ордунан тура калды«Сага эмне жок, тынч отур. Биздин шартыбызды өздөрүнчө талкуулашсын» дегендей кылып, Жутабай карыя акырын аны этектен тартып, кайра отургузду.

– Силердин планыңар аз, биздики көп, – деди кимдир бирөө.

– Биздики аз болсо, бизде бүлө да аз, унаа да аз, – деди Жутабай карыя.

– Болуптур, жарышалык.

– Мал чарбачылыгы жөнүндө кандай кылабыз? – деди Тойчубек. – Жарышабызбы?

– Жок-жок! Ал жөнүндө биз ооз ачпайбыз. Силерге теңелүү кайда? Чабаныңар Жакып бар, – деди да Чүкөбай элдин алдында олтурган «Кеңештин» чабаны Жакыпты карап алды. – Жакыпты биз эмес район билет» А бизде болсо, – деп Чүкөбай Зуурага көзүн түшүрдү. – Албетте, аялга жол беришибиз керек, аны мен түшүнөм. Бирок эр кишинин иши башка да. Айтсаң Зукеш, өзүң да. Ошондой эмеспи?

Зуура унчуккан жок. Анын шайыр мүнөзү, сулуу өңү ого бетер сузданды. Өзүн ал мактагысы да, Чүкөбай менен макул болгусу да келбеди.

Зууранын унчукпаганын көрүп, менин айткан сөзүмө макул болуп жаткан экен деп:

– Мына, көрдүңөрбү, менин сөзүмө Зуура да каршы эмес, – деди Чүкөбай жаркылдап.

– Жок, каршымын, – деди Зуура бирде башын көтөрүп.

Күтүлбөгөн мындай сөзгө Чүкөбай аң-таң калып, чебеленип, ордунан тура калды.

– Каршымын дейсиңби? – деди Чүкөбай. – Балким, бүткүл район билген Жакыпты жеңемин деи айткың бардыр.

– Жеңемин деп күн мурун айта албаймын.. Бирок жарышам деп айта аламын, – деди Зуура.

– Жарышам деп, кызым, сен бизди уят кылганы турган экенсиң «Төшөгүңө жараша, бутуңду сун» деген. Жок, буга биз барбайбыз. Кыскасы, мал чарбачылыгы жөнүндө азыр сөз козгобойлу, – деди Чүкөбай.

– Эмне үчүн сөз козгобойбуз? – деди Жапар да сөзгө аралашып.

– Эмнеге айтышабыз? – деди Чүкөбай Жапардын сөзүн жактырбай. Мында өз колхозубузда олтурган жерибиз жок го. Башка жерде олтурабыз. Колхозубузда бул жөнүндө сөз болгон да, мал чарбачылыгы боюнча жарышкыла деп бизге тапшырма берилген да жок эле го?

– Ал жөнүндө жоопкерчиликти мен өзүм алам, – деди Зуура.

– Кызым, сенин жоопкерчилигиң мында аздык кылат, – деди Чүкөбай бир аз жумшарып.

Жутабай булардын сөзүн тыңшап, баятан бери тынч олтурду эле.

– Зууранын сөзүнө мен кошулам, – деди ал башын көтөрүп.

– Мен да кошулам, – деди Жапар да.

Чүкөбай эмне айтарын биле албай, мукактана түштү. Эл дуу күлүп калышты.

– Эмесе, болуптур, жарышалык, – деди Тойчубек. – Жарышканда иш башкача болсун. Маселен, оруу-жыюу боюнча жарышка бизди силер чакыргыла. Мал чарбачылыгы боюнча жарышка силерди биз чакыралы. Ушуга макулсуңарбы? Же каршысыңарбы?

– Анда иш башка, – деди Чүкөбай күлүңдөп – Качуу деген бизде болбойт.

– Качантан бери качпай сен минтип баатыр жүрөсүң? – деген бирөөнүн үнү чыкты.

Олтурган эл дагы күлүп калышты.

– Болуптур, жарышабыз, – деди Чүкөбай колун көтөрүп. – Шартыңар эмне?

– Шартыбыз мындай – деди Тойчубек. – Биринчиден, жүн планын он процент ашыгы менен орундатуу.

– Туура-туура!

– Буга каршылыгыбыз жок! – деген үндөр Тойчубектин сөзүн бөлүштү.

– Экинчиден, – деди Тойчубек. – Малды жакшы семиртүү.

Жакып колун көтөрдү.

– Кана, сүйлө – деди Тойчубек ага

– Орто эсеп менен ар бир койдун оордугун элүү килограммдан семиртүүгө убада берейин. Жакып кыскача айтты. Буга Зуура да каршы болгону жок.

– Жакып, сен кой башын 60–65 килограммдан семирткемин деп айтып жүрбөдүң беле? Эми кайра артыңан кеткениңби? Кандай? – деди кимдир бирөө отургандардан.

– Айткан сөзүмөн кайтпайм. Айтканымды берем. Бирок договорго ушул 50 килограммдан деп жазыла берсин, – деди Жакып.

Эл ортосу күбүр-шыбыр сөз боло түштү.

Тойчубек менен Чүкөбай бирин-бири караштщ. Жакып эмнеге муңу айтып жатканын экөө бирдей түшүнүштү. Чүкөбай ракмат айткансып Жакыпка башын ийкеди.

– Биз менен жарышкандын ал-абалы анчалык эмес да, Жакып ошого жараша, жарышкан жагын артта калбасын деп айтып отурат, – деди Тойчубек элди карап.

Отургандар буга эмне деп жооп кайтарар экен дегенсип, Зууранына карашты.

– Бизге мынчалык көңүл бургандыгыңыздар үчүн чоң ракмат, аксакал! – деди Зуура Тойчубекке. – Бирок, искиткеңиздерге биз зарыл эмеспиз. Жарыша турган болсок, антпей эле тепетең жарышалы.

– Карасаң, өз сөзүн бербейт! – деди, Чүкөбай обдулуп.

– Ошонусу жакшы! – деди Тойчубек күлүмсүрөп. – Жаштарыңар жакшы өсүп келатат, Чүкөбай. Бекерге сен кишилерим жок деп жүрөсүң. Мына киши, – кадр деген!

– Зукеш, биздин эң алдыңкы жаштардан. Кайда оор жумуш болсо, Зуура ошондо. Зуура биздин маңдайыбызга бүткөн сыймыгыбыз эмеспи, – деди Чүкөбай азыркы айткан сөзүн унутуп, кайта буга мактангансып.

Социалисттик мелдешке ошентип эки жак тең кол коюшту.

* * *

Тойчубектин үйүндө толгон эл. Төрдө коноктор. Коноктордон улай олтурушкан «Кеңеш» колхозунун төрт-беш карыясы. Айша жаркылдап, өз үйүндөй болуп, өтө адеп, урмат менен конокторго кызмат кылып жатат. Бирде ал Бурулчанын жанына олтура калып, аны менен бирге шам-шум этип эт жешет да, бирде тура калып, бошоп калган чыны-аяктарга сорпо куюп, конокторго сунат.

Айшанын бул кызматына, жагымдуу, жакшы сөзүнө Жапардын жаш көңүлү жанданды. Жамиланы сүйүп, андан күйүп, мизи кайткан жаш жүрөгү кайта тутана баштады. Бирок муну Жапар Айшага да, башкага да билдирген жок. Анда-санда гана көзүнүн кыйыгы менен Айшаны карап, анын жүрүш-турушуна, мамилесине, кызматына өз ичинен чоң баа берди.

Тамак желди, дасторкон жыйналды, колдор жуулду. Түн ортосу да болуп калды.

– «Кел демек бар, кет демек жок» деген. Эми кайтышалык. «Түн бакырдыкы», – деп Жутабай карыя кетүүнүн сөзүн козгоду.

– Конуп алып эле эртең кетпейсиздерби? Эминеге мынчалык шашасыздар? – деди Тойчубек.

Бурулча да «Жапарым кетип калса, Айша менен жакшылыктуу сүйлөшө албай, калат экен» деп ичинен күйкөлөктөдү:

– Ооба, ошентиңиздер. Бул карыш турган жерге эртең эле барбайсыздарбы?

– Жок, байбиче, кетелик. Эгин тазалатып, сапырта турган кырманда бир топ жумушубуз бар, – деп Чүкөбай да Жутабай карынын сөзүн кубаттап койду.

– Анда, садага, сен конуп кет. Бир айдан бери келгениң ушул эмеспи, – деди Бурулча.

– Ооба, ошент, – деп Зуура да Бурулчаны коштоду.

Жапар энесинин сөзүн кыя алган жок. Калды. Коноктор аттанды. Колхозчулар таращты. Тойчубек да тышка чыгып, атына минип, жумушуна кетти.

Бурулча Жапарга бир карап, Айшага бир карап, экөөнө да жалынып-жалбарып, эмне кыларын биле албады. Иши кылып сөз болсун, Жапар Айша менен сүйлөшсүн деп:

– Жапаке, сен эмне, көптөн бери келбедиң? Айшакенин биздин колхозго келгенине бир топ күн болуп калды. Сен Айшаке менен мурда тааныш белең? – деген суроолорду үстү-үстүнө берди.

– Ооба, энеке.

Жапар Айшаны карап күлдү. Айша да күлдү.

– Билдим, кагылайындар, билдим.

Бурулча эмнени билди? Жапардын алам деп жүргөн кызы ушул экен, Айшанын мында келиши да, уялып айтпай жүрүшү да ошол экен. Айшанын ич коюнга кирип, аны энесиндей, Тойчубекти атасындай көрүп, урматтап жүрүшүнүн себеби да ошол экен деп билди.

Эртеси Бурулча булар өздөрүнчө ээн сүйлөшсүн деп, эшикте уюн саап, аны айдап барып бадага кошуп, үйгө кирбей аны-мунуну иштемиш болуп, бир топко чейин тышта жүрдү. Үй жактан кобур-собур сөздөр, кыткылыктап күлгөн үндөр угулуп жатты.

– Кагылайындар, сүйлөшүп жатат

Бурулча өз ичинен кубанып, кудуңдап коёт. Бирок алар эмнелер жөнүндө сүйлөшкөнүн, эмнелерди чечип, эмнелерди койгонун ал жакшы биле алганы жок. Билбесе да ал ага ыраазы, иш кылып келечектеги сонун, кызык турмуштары жөнүндө гана сүйлөшсө болгону. Бурулчага ошол гана керек.

Бир кезде Айша да, Жапар да тышка чыкты. Бурулчага алар күйөө-кыздай болуп көрүндү, жүздөрү жарык, кубанычтуу. Экөө бирдей катарлашып басып барды да, эшик алдында, арыкта шылдырап

агып жаткан эртеңки салкын сууга бети-колун жуунушту. Бурулча да тышта кайнап турган самоорун үйгө көтөрүп кирди, дасторкон салды. Айша эшиктен кирип, мештин үстүндө турган чакадагы сүттү алып:

– Энеке, мен муну барып сеператордон өткөрүн келе коёюн! – деди.

– Чай ичип туруп анан бар, садагаң?

– Жок, энеке, анда кеч болуп калат. Азыр эле келем.

Айша сүттү алып, жүгүргөн бойдон кетти. Бурулча бар тамагын дасторконго салып, чай куюп жатып:

– Кагылайын, Жапаке, – деди Бурулча. – Сенин алтын өмүрүңдү, аман-эсен келишиңди бир кудайдан тилеп, көз жашымды көлдөтүп ыйладым эле. Кудай менин ал тилегимди, көз жашымды кабыл кылды. Сени көрсөттү, эми, кагылайын, мени келиндүү кыл. Энең карыганда келин күтүп, келиндин жыргалын, убайын көрсүн. Макулбу, өпкөмдү чабайын? Ошент. Мына бул Айша деген кызды өзүң тааныйт экенсиң. Өзү илбериңки адамгерчиликтүү, колунан бардык иш келген, эс-акылы бар кыз көрүнөт. Мүнөзү атаңа да, мага да жакты, Өзүң да байка, биздин тилибизди алсаң, ушуга үйлөн.

Жапар Бурулчага бирден жооп бере алган жок. Энесин тике карай албай жылмайып, ойлонуп турду:

– Макул, энеке, ойлонушайын, – деди Жапар.

Бурулча тамагын кырып, жайланып, Жапарга дагы бирдеңке айта берем дегенде, аттын дүбүртү угулуп, кырмандан Тойчубек да келип калды. Атынан түшүп, үйгө кирип, чайга отурду

– Такыр жаның тынбайт. Жок дегенде, уулуң келгенде үйүңө консоң боло, – деп Бурулча Тойчубекти жемелей кетти.

– Убактым жок, кемпирим. Жапар мени социалисттик жарышка чакырбадыбы. Анан кантип үйдө тынч отурсам болот?

Үй-оокатында, конок камылгасында болуп жүрүп, эки колхоздун социалисттик жарышына, «Кеңештен» Тойчубек «Өрнөктөн» Жапар договорго кол коюшуна а дегенде Бурулча көп анчалык көңүл койгону жок эле. Эми Тойчубек айткан соң:

– Эмне дейсиң? Сени жарышка чакырган Жапар бекен? – деди Бурулча.

– Ооба, – деди Тойчубек Жапарды карап, мени кошто дегенсип көзүн кысып. – Баласы атасына каршы жарышка чыгып отурбайбы.

– Ошондой, энеке. Баласы атасына каршы жарышка чыкса, атасы баласына каршы чыгып отурат, – деди Жапар да.

Экөө бирдей күлүп калышты. Бурулча гана күлгөнү жок. Эмне кылуу керек? – деп ал кайра ойлонуп. – Жарышта «Кеңеш» утса, Жапар кантет? Артка калабы? Жок-жок! «Өрнөк» утсачы? Анда Тойчубек артта калган болот да. Жок, бул да жарабайт!

Ушинтип Бурулча эмне кыларын биле албай, ойго батып бир аз турду да, Тойчубекти карады:

– Абышка, – деди ал Тойчубекке. – Өзүң билесиң, бир ишти колго алса аны аягына чыкмайынча койбогон уулуңдун мүнөзү бар.

– Билем, – деди Тойчубек да эки-үч курдай чайынан ууртап коюп.

– Билсең, уулуңдун ошол ишине жардамчы болсоң боло.

– Кандай ишине? – деди Тойчубек, ал эмне иш экенине көп жакшы түшүнө албай.

– Кандай иш болсун, «Өрнөк» уттурса, уулуң эмне болот?

– Оо, түшүндүм-түшүндүм! – деди Тойчубек мурутунан жылмайып.

– Түшүнсөң, ошол жөнүндө ойлонсоң, – деди Бурулча жемелүү көзү менен Тойчубекти карап.

– Ойлогондо эмне кыл дейсиң? – деди Тойчубек. Маакул, эмесе, бир иш бар, ошону иштейли.

– Кандай иш?

– «Өрнөк» бизден өтсүн, Жапар бизди жеңсин. Мына ойлогондо иштерибиз ушул.

– Тамашаңды коюп жооп айтсаңчы, – деди Бурулча. – Жапарга да, сага да оордук келбесин, ойлонуп иш кылалы десе, сен оюнга чаласың. Көптөн бери район боюнча сен биринчиликти бербей келетасың го. Аныңды мен билем.

– Билсең, ошол. Биринчиликти мен эч кимге бербейм! – деди Тойчубек күлүп.

– Мына ушундайсың, – деди Бурулча да сөзүн улап. – Кулуну баса албай кишенеп, артында калса, энеси ага карабай жөн эле алга кете береби? Жок, антпейт. Бурулуп кайра кулунуна келет.

– Кемпирим, сен эмнени айтып отурасың? – деди Тойчубек, колундагы пияласын столго коё коюп.

– Алга шашканыңды айтып отурам, – деди Бурулча да. – Мына

түндөкүндү алалычы, уулуң үйүңдө конуп жатса, үйүңө конбостон таң атканча эл дүрбөтүп, иштеп келдиң. Эмне анчалык шашасың? Же сенде сыйлык, мактоо кагаздар азбы? Жок, дегенде, быйылкы биринчиликти уулуңа берсең боло.

– Кемпирим, сөзүңө түшүндүм, – деди Тойчубек үнүн чыгарып. «Темпиңди басаңдат, «Кеңешти» артка чегинтип, «Өрнөктү» алга өткөз» деп жаткан турбайсыңбы?

– «Өрнөк» эмес, уулуң Жапар жөнүндө айтып жатам.

– Макул!– деп Тойчубек колун Бурулчага сунду. Андай болсо, эң обол сенден баштайлы.

– Сенден! Ал эмне деген кебиң?– деди Бурулча таң калып.

– Ал мындан: сен стахановчу аталып жүрөсүң го?

– Ооба.

– Ийгилигиң да жогору го?

– Ооба, жаман эмес.

– Эмесе, сен ошолоруңду төмөндөт. Илең-салаң болуп иштегин. Ошентсең – элдин эң артында калганыңды өзүң да сезбей каласың. Башкалар да сенин артыңдан ээрчий баштайт. Ошентсең, «Кеңеш» да, өзүң да артка кетесиң. «Өрнөк» алга өтөт.

– Эмнени айтып отурасың?– деди Бурулча, чочуп.

Экөө бирдей бирин-бири караштты да, унчугушпай калды. Бир аздан соң:

– Албетте, – деди Тойчубек. – Кайсы бир бээлер бурулуп, кулунуна барып, аны ээрчип басат, Андай эне – олдоксон эне. Андай эненин кулуну да мүдүрүлчөөк келет. Алга умтул, кемпирим, алга!.. Артыңан кулунуң ээрчигендей, башкалар сенден үлгү алгандай болсун.

Тойчубек сөзүнөн токтолду. Столдо турган пияласын колуна алып, ичиндеги чайын ичип бүтүрдү да, кайра аны столго койду. «Ойлонсом, айып менде экен, кечир мени» дегендей маани менен Бурулча башын ийкеп, чыныга дагы чай куюп, Тойчубекке сунмакчы болду эле.

– Рахмат, жетишет, башка ичпейм, – деди да Тойчубек Жапарды карады. – Уулум, сен шашпай эле жөнөрсүң. Мен эми жумушума жөнөйүн.

Тойчубек тышка чыгып, атына минди.

Тойчубек жөнөрү менен Айша да сүтүн көтөрүп келип калды, үйгө кирди.

– Кел, садагаң! – деди Бурулча козголуп ордунан туруп. – Эми

Жапакең менен бирге отуруп чай ич. Мен барып, сарайдан ат коштуруп келейин. Жапарды узаталы.

Бурулча күдүңдөп, өзүнөн-өзү сүйлөнүп, сарайды көздөй кетип бара жатты. Оюу анын үйдө калган Айша менен Жапарда. Ал экөөнүн элестери көз алдына көрүнгөндөй, Айша Жапарга чай сунгандай, ага карап күлгөндөй болот. Жапар да Айшанын сунган чайын алгандай, ага бирдеңке деп айткандай болот... Балким, Жапар анын сөзүн Айшага айтып, үйлөнүү жөнүндө ага сөз козгоп жатат болду бекен? Ооба, ошентип жаткан чыгар. Өзү дагы ойлонушайын дебедиби? Экөө бирин-бири сүйүшөт экен го. «Ойлонушайын» дегени – анын сүйлөшөйүн дегени го. Ооба, ошентсин. Экөө ээн-жай олтуруп, жүрөктөрүндө болгон ой-тилектерин бир-бирине айтышсын, сүйлөшсүн. Мен ат-арабаны шылтоолоп, сарайда бир аз токтоюн, – деген учсуз-түпсүз ой менен келип Буруча сарайга кирди.

Сарайда күзөтчү карыя эчак атты кошуп даярдап, «эми качан кабар кылышат?» деп күтүп турган. Анткени, түндө Тойчубек келип, үйдөн кабар болмоюнча ат-арабаны алып барбагын – деп, катуу тапшырып кеткен.

– Мына, арабаны кошуп, даярдап, койдум. Жапар эми жөнөйбү? – деди күзөтчү карыя.

Бурулчанын үйү менен сарай экөөнүн ортосу бир кыйла жер болчу. Бурулча сарайга бат эле жеткендей, көп эле болсо, ага төртбеш минут убакыт өткөндөй болду. «Жок, азыраак токтоюнчу, садагалар өкүттө калышпасын, жакшылап сүйлөшсүн» – деп Бурулча ойлонду да:

– Дагы азыраак токтойлу, чай ичип жатышат, – деди.

Бурулча күзөтчү карыя менен аны-муну, жокту-барды сүйлөштү. Аны менен эмне сүйлөшүп, эмне коюп жатканын өзү да көп барк кылган жок. Бурулчага иш кылып, аз да болсо, убакыттын өтүшү зарыл эле.

Бурулча бир кезде башын жогору көтөрүп, күндү карады. Күн аркан бою көтөрүлүп калган.

– Кагылайын, чоң шашке болуп калган турбайбы? Менин талаадагы жумушум эмне болду? – деди Бурулча чочугансып. – Жүр батыраак, арабаңды айда!

Араба келип, дарбазага токтоду. Короодон Жапар менен Айша чыкты.

– Энеке, мынчалык эмне кечиктиң? Түш болуп калбадыбы? Жумуш эмне болду?– деди Жапар.

– Баса, кагылайын, жумуш эмне болду? Араба даяр болбой жатпадыбы, – деди Бурулча шашып.

«Муну кара, арабага шылтаганын... өзү болбой коёт да» деп, күзөтчү карыя Бурулчаны астыртан акырая карады. Бирдеңке деп Бурулчага айтмакчы болду эле, бирок Жапардан уялдыбы, же председателди сыйладыбы, айтоор, ал эмнегедир унчукпай калды.

– Токто, балам токто!– деди Бурулча чочугансып Жапарды карап, – Унутуп жаткан турбаймынбы. Мен азыр...

Бурулча шашкан бойдон үйүнө жүгүрдү.

– Кош, Айшаке!– деди Жапар Айшанын колун кыса кармап. – Күтүлбөгөн жерден сизди мен мында учуратканыма кубанамын.

– Мен дагы, Жапар ага, – деди Айша. – Эми качан келесиз?

– Келем, Айшаке, келем. Келмек түгүл, сиздин жаныңызда дайым болсом, сүйлөшсөм, сиз менен бирге отуруп ичке толгон чермуңду жазсам дейм. Бирок жумушум бар.

– Аныңыз ырас, Жапар ага, – деди Айша. Жапарды ал тике карай албады. Уялгансып, күлүмсүрөп жер тиктеди.

Бир кезде Айша башын көтөрүп сүйкүмдүү, коңур үнүн чыгарды:

– Жапар ага, мен жакында бир кишиден кат алдым, – деди.

– Кимден?

– Жамиладан. Ал кайта Пржевальскиге келиптир, Сизди сурайт.

– Койчу! Ошентиптирби?– деди Жапар, өңү бузула түштү. Дагы бирдеме деп сурамакчы болду эле, Бурулча келип:

– Мына, садага, ушуну ала кет. Жаткан үйүң утур карар, – деп, бир куржун көзү тамак-аш алып келип, арабага салды.

– Жакшы болот... Кош... энеке! Кош, Айшаке, – деп Жапар шашкан бойдон арабага түштү.

– Кана, айда батыраак!

Басарга жер таппай, тыбырчылап араң турган күрөң кашка соорусуна күзөтчү карыянын шапалагын салдырбастан, алып учуп жөнөдү.

Бурулча уулунун карааны үзүлгөнчө, артынан карап турду. Жапар алыстап, көздөн кайым болгон кезде гана ал Айшага бурулуп:

– Эмне мынчалык шашты экен? Жакшылыктуу сөз айтып, биз

менен да жакшылыктуу коштошкону жок. Ай, балам-балам! – деп башын чайкады.

– Ким билет, энеке... деди да Айша, демин ичине алып, акырын үшкүрдү.

## X

Дасторкондой жайылган узун шоссе жол менен батышка карай чимирилип бир жүк ташуучу машина келе жатат. Ал уңкул-чуңкул, бурулуш жерлер келе калса кашаңдай, чайпала түшөт да, тасырайган тасма жолго чыга бергенде ээлигип ала качып, күүлөнүп жөнөйт.

Үстү толгон жүргүнчү. Ичинде Жамила, Чоңмурун да бар. Алар учкан куш менен жарышып, жер кайып, сызып учуп кетип бара жаткан сыяктанат. Бет алдынан Боомдон соккон жайкы жел Жамиланын коюн-колтугуна кирип, бетин сылап, маңдай чачын желбиретип, эркелетип келе жатты.

Жамила анда-санда көзүнүн кыйыгы менен Чоңмурунду карап коёт.

Чоңмурун өткөн жылы күз айларынын биринде Кыргызстандын түштүк райондорунун биринен ушул шаарга келген. Ал жакта эмне болуп иштеп, эмне үчүн бул жакка келгендиги биз үчүн белгисиз.

Чоңмурун мактанчаак, ала көөдөк жигит. Бирок келбеттүү, бал тилдүү. Айнексиз алысты жакшы көрө албаган көзүнүн азыраак майыбы бар. Анын армияга алынбаган себеби да ошол. Чоңмурун алкагы мүйүз көз айнек салынып, жасанып алып, чачты серпе салып, көчөгө чыга келгенде ал Пржевальск шаарында экөө болсо бирөө, бирөө болсо, жалгыз өзү болуп гана көзгө көрүнө турган. Ошондуктан ал өткөн-кеткен кыз-келиндердин көзүнө түшпөй койгон эмес. Алардын кимиси болсо да, «атаганат, жигит эмес бекен» деи ичтеринен айтучу.

Чоңмурундун оюнда «үйлөнүү» деген бир чоң маселе бар эле. Ал шаарга келери менен эле кайда, кайсы жерде кандай кыз бар экендигин сураштырып билген. А дегенде ал Айша менен таанышып, аны менен бир аз жүргөн, сүйлөшкөн. Эмнегедир бат эле кагуу жеп, андан Жамилага ооду. Жамиланы кино-театрларга ээрчитип бара баштады.

«Жапар менен бирге иштегем, мен анын жакын досумун, Жапар экөөңөргө жакшылыктан башканы каалабайм» деп, ал Жамилага кат-кат айткан. Жамилада ата да, эне да жок, жетим эле; анда ага-ини да, эже-сиңдиси да жок болчу. Жамиланын бул жагын билгенден соң

Чоңмурун ого бетер ага жабышты. Жамилага ал ата да, ага да болгусу келди.

– «Арамза, анткор жигит көрүнөт. Жаныңа муну үйүр кылба», – деди бир күнү Айша Жамилага.

– Кантип? Жапардын жакын жолдошу тура?– деди Жамила.

– Ишенбе ага!

Айшанын сөзүнө уюп, Жамила Чоңмурундан бир аз алыстайын деди. Аны менен мурункудай жолугушпай калды. Ким билет, Уркуя болбогондо, балким, Жамила ага такыр жолобогон болор эле.

Уркуя – көптөн бери шаарда турган, жашы отуздан ашкан, кылмыгый көз, бетинде бир аз чаары бар, өпкө колкосун чаап, жалынып-жалбарып сүйлөгөн аял эле. Ал калпты чындай, чынды жоктой кылып сүйлөп, өз пайдасынын камы үчүн башкаларды жолдон чыгарып да кетчү. Ал дейсиңби? Уркуя ушакка да жакын аял эле. Ал оздон чыккан, бирөөдөн уккан сөз болсо дароо аны илип алып, ага өзүнөн да алда нече сөздөр кошуп, башкаларга таратчу.

Уркуя шаардын күн-чыгыш жагында, эки терезелүү кичине бир бөлмө үйдө турат. Эри армияда, өзү машина тигүүчү. Ал кыздардын көйнөк, кийим-кечелерин тигип, кирлерин жууп берип, өпкө-колкосун чаап, жалынып-жалбарып жатып, көрсөткөн кызматына кыздардан алда канча ашыгы менен акысын алып жүрө турган.

Жамила да кезек-кезек Уркуяга барып, ага көйнөк кечесин тиктирип алып жүрдү.

«Балыкчы балыкчыны алыстан көрөт» дегендей, Чоңмурун да Уркуяны көрбөй калган жок. Жамиланын Уркуяныкына барып-келип жүргөнүн билди. Чоңмурун өзү да Уркуяга кир-кечесин жуудуруп, ага алда канча ашыгы менен акчалар берип, жоомарт, жакшы жигит атанды. Бул, көбүнчө, Чоңмурундун Жамила үчүн кылган иши эле.

Бир күнү Чоңмурун Жамиланын өзүнөн алыстаганын Уркуяга айтты.

Уркуя Чоңмурундун сөзүн угуп, көзүн кымыңдатып ойлонгонсуп, бир аз турду да:

– Кайним, – деди анткор жылмайып, – кайним, макул. Сенин бул кызматыңды мен аткарайын. Аткарсам, мага берериң эмне?

– Сураганыңызды берейин.

– Макул, эмесе, аракет кылайын. Кыз деген абадагы куштай, көлдө сүзгөн чабактай болот. Ага азыраак жем керек. Куштай болсо,

жем көрсөтүп бөпөлөйлүк, чабактай болсо, кайырмакка жем сайып, алдына таштап, илинтелик. Ошентсек бирөө болбосо бирөөнөн бирдеңке чыгып калар, – деди Уркуя кыткылыктап.

– Ракмат, жеңеке, ракмат!– деди Чоңмурун кубанып.

– Аны кандай кылып илинтебиз?

– Анын ой-тилегин билүүбүз керек.

– Кантип билебиз?

– Мен билем, – деди Уркуя анткор күлүңдөп. – Фрунзеге ал окууга кеткени жүрөт. Ошол жакка алып кетсең, бирдеңке чыгат, илинтесиң.

* * *

Мындан көп кечикпей эле атыр самындан тартып, жибек көйнөккө, жибек байпакка чейин Чоңмурун сыйлык кылып Уркуяга берди. Уркуя аларды сандыкка катты да, ишти узакка созуп отурбастан, Жамиланын жуудурууга берген көйнөк-кечелерин шылтоо кылып, ошол замат эле Жамилага барды.

Убакыт кеч эле. Күн батууга жакын калган. Кыздар кайдадыр бир жакка кетишкен. Бөлмөсүндө жалгыз Жамила отурат. Көңүлү суз, кайгылуу, көзү шишип, кызарып, ыйлаган түрү бар.

– Садаган, эмне жалгыз отурасың? Кыздар кайда кетти? – деди Уркуя Жамиланын жанына отуруп.

– Бир жакка кетишти окшойт.

– А, сен эмне жалгыз отурасың? Жүрү, секет, биздикине. Бая күнү мага берген кирлериңди жууп, таптап койдум. Барып алгын, – деп Уркуя каадасынча жалынып-жалбарып, үйүнө Жамиланы ээрчитип келди. Жамиланын жуулган көйнөк-кечелерин столго койду.

– Ракмат, эжеке, – деди Жамила көйнөк-кечесин газетага ороп жатып. – Мунуңузга канча төлөсөм болот? Азыр акчам да жок эле. Бир аз күнгө күтүп турбас бекенсиз?

– Жакшы болот, секет. Азыр мен анчалык деле акчага кысталышым жок. Табылганда берерсиң, – деди да Уркуя жанында турган орундукту жылдырып, – мындай азыраак отурчу. Сүйлөшөлүк. Жалгыз болуп жаман зериктим, – деди.

Жамила орундукка отурду. Уркуя анткор көзүн кымыңдатып, астыртан Жамиланы карады да, аны-муну, жокту-барды сүйлөп келип, жигиг менен кызда боло турган мамилени – сүйүү жөнүндө козгоду.

Өзүнүн да жаш кезинде сүйгөн жигиттерин, алардан алган белектерин да санап өттү. Кандай жигит жакшы, кандай жигит жаман болорун да мүнөздөп айтты. Акырында Чоңмурундун жүрүш-турушун, адамгерчилигин айтып мактады.

Чоңмурундун атын укканда Жамила айыбы ачылган кишидей болуп, эмнегедир кысылды, уялды, төмөн карады. Уркуя муну сезди. Көзүнүн кыйыгы менен Жамиланы карады да, күлүңдөп сөөмөйүн көтөрүп:

– Билем, секет, билем, – деди Уркуя. – Мен билбеген балаа жок. Чоңмурун менен жүргөнүңдү, кийинчерээк кайра андан алыстай баштаганыңды, сени андан бузган кишиңди – баарын да мен билем. Менден жашырба, секет, уялба, айт. Эмнеге антип жүрөсүң?

– Сүйгөн жигитим бар.

– Билем аныңды, Жапар жакшы жигит эле. Чоңмурун анын жакын жолдошу болучу.

– Эжекебай, айтсаң, чын эле Жапар менен ал дос беле?– деди. Жамила толкунданып.

– Дос болгондо да, кандай дейсиң?– деди Уркуя кытмырланып. – Экөө бир-биринен ажырашчу эмес: эгиз балдардай жүрүшчү. Жапар үчүн гана ал сени менен жакындашкысы келип жүрбөйбү. «Жамила – досумдун колуктусу. Ага көз салбасам, көңүлүн ачпасам болбойт»– деп, ал мага алда кече айтты.

– Чын эле ошентип айтты беле?

– Ооба, кагылайын. Сен аны бекерге таарынтып жүрөсүң. Жапар укса, эмне дейт? Кайта аны менен акылдаш, сүйлөш, көңүлүн калтырба.

– Мен аны антейин дегеним жок эле, – деди Жамила айыптуу кишидей башын жерге салып.

– Анан эмне болуп жүрөсүң?

– Жактырбаган кыздар бар.

– Кимиси?

– Айша.

– И... билдим-билдим мен анын жактырбаганын, – деди Уркуя. – Чоңмурунга жете албай жүргөн кыздардын бири ошол Айша. Көрсө, ал өз көмөчүнө күл тартып, сенден акы күндөшүп жүргөн тура. Мен эми аны сен айткандан соң билип олтурбаймынбы?

– Койчу, эжеке, ал антпейт.

– Жок, секет, мага ишенбейсиң? Уксаң кепти. Мен өгүнү бир жумуштап мектепке барып калсам, мектептин коридорунда бир кыз менен Айша сүйлөшүп туруптур. Алардын «Чоңмурун», «Чоңмурун» деген сөздөрү угулду. «Чунак кыздар ал жөнүндө эмне деп сүйлөшүп жатат болду экен?» деп, жашырынып тура калып тыңшасам, Айша аны мактап жатыптыр. Анын көп сөздөрү мага жакшы угулган жок. Анда-санда анын: «Чоңмурундай жигит барбы? Мындай жигит менен өмүр кошкон кызда эмне арман?»– деген сөздөрү угулду.

– Койчу, эжеке, чын айтасыңбы ушуну?

– Чын айтам, секет. Калп айтсам өлүп кетейин.

Жамиланын өңү бузула түштү, кеткиси келди, ордунан турду.

– Ошондой, секет, – деди Уркуя. Ал да ордунан турду. – Чоңмурун Жапардын досу. Ага ишенип кой. Сени «педучилищаны жакшы бүттү» дегенде, ал аябай сүйүнгөн. «Эми институтка кирип окуп калса, Жапар кандай кубанар экен?» деп да ал мага айткан болчу.

– Ооба, жеңеке, «келгенинче институтка кирип окуйм» деп мен Жапарга убада бердим эле, бирок кире ала турган көрүнбөйм: институтка кирүүчүлөр көп көрүнөт.

– Киресиң, кагылайын. Ал сени киргизет.

– Аның ким?

– Ким болмок эле. Чоңмурун. Анын Фрунзеде тааныштары көп. Мен аны билем.

Жамила үнсүз-сөзсүз стол үстүндө жаткан ороолуу көйнөк-кечесин колуна алды да, тышка чыкты.

* * *

Дем алыш күнү. Убакыт кеч, Жамила менен Айша мектептен чыгып, колтукташып, сүйлөшүп, шаар багына келишти.

Кинонун башталышына убакыт али эрте болгондуктан кыздар кассадан билет алышты да, кучак жеткис бир чоң карагайдын түбүнө келип токтошту. Айша башын жогору көтөрүп, эки жагын алды-артын, карагайды карады да:

– Жамилаш, эсиңдеби? – деди Айша. – Жапар армияга кетерде биз аны менен ушул карагайдын түбүнөн жолугушпадык беле?

Жамила да карагайды жалт карап алды:

– Баса, ошол карагай тура. Адам, бирөө айткандай байкоосуздан ушул карагайга келип токтолгонубузду кара.

– Ниетибиз дурус да. Жапар менен дагы ошентип ушул карагайдын түбүнөн, жолуккубуз бардыр.

– Ай, андай күндөр болбойт го эми...

– Неге болбосун, болот. Адам баласы өлбөсө, көрүшөт эмеспи. Сен андан көрө Чоңмурунду жаныңа жолотпо, – деди Айша.

«Ооба билем, эмне үчүн бул сөздү айтып жатканыңды» деп, Жамила Айшанын сөзүн көп жактырбай, тескери карады.

Айша дагы бирдеме деп айтмакчы болду эле, кайдадыр бир жактан:

– Жамилаш! – деген үн чыкты.

Кыздар чочуп кетти.

– Апей, бул ким?

– Жапар болуп жүрбөсүн.

Кыздар үн чыккан жакты кылчайып караршты эле, бактын далдоосунан корооздонуп Чоңмурун чыга келди.

– Жамилаш, тигини көрдүңбү, келе жатат, киного кирбейлик, кетелик – деп, Айша Жамиланы колдон тартты.

Жамила Айшага жооп бергенче, Чоңмурун жетип келди. Ал эсендикке-соолукка келбестен эле:

– Ээ, кыздар, силер да мында экенсиңер го. Киного киргени жатасыңарбы? – деди.

Айша аны жаратпай кабагын чытып, унчуккан жок. Жамила атасына эркелеген кыздай кылыксынып, жайдары, ачык жүзү менен кайта аны каршы алды:

– Ооба, киного киргени жатабыз.

– Дегеле ырас болду. Эмесе, киного бирге кирет экенбиз, – деди Чоңмурун.

– Жок, кечиресиз, – деди Айша Чоңмурунга бурулуп. – Киного биз бүгүн кире албайбыз.

– Эмне үчүн?

– Сабагыбыз бар.

– Эч нерсе эмес, сабагыңар бир түнгө күтүп турар, – деди да Чоңмурун Жамиланы карады. – Ушундай эмеспи, Жамилаш, сен айтчы!

Жамила жылмайды. Башын көтөрүп, Айшаны карап: Айшаке калалык. Агай менен бирге киного кирелик, – деди.

«Муну ант урган, Чоңмурунга биротоло берилген экен. Мейли, калса өзү калсын, мен кетейин», – деди Айша өз ичинен.

– Калгың келсе, өзүң кал, мен кетейин.

– Мейлиң, – деди Жамила кайта ошону тилегендей.

Айша алар менен коштошуп, мындай жөнөй бергенде Чоңмурун колун силкип, Айшаны көрсөтүп, ал жөнүндө Жамилага бирдеңке деп айткандай болду.

Жамила Чоңмурун менен калды. Чоңмурун аны колтуктай басып, бал тилин салып, Фрунзеге алып кетүү жөнүндө сөз козгоду.

– Ошент, Жамилаш. Айтканыма макул деп койсоң Фрунзеге барып окуганың – жакшы.

– Кантип окуйм? Институтка кире албайм го.

– Киресиң, Жамилаш, – деди Чоңмурун – Ага ишене бер. Анткени, институттун директору менин досум. Ага мен сен тууралу кат жаздым. Сенден руксатсыз жазганыма таарынба.

– Эмне деп жаздыңыз?

– Жаздым, Жамилаш, – деди Чоңмурун сөзүн улантып. – «Мен бир тууганы болом» дедим. Антип азыраак кууланбаса болобу? Буга сен ачууланбасаң, Жамилаш? Мунун баарын мен, досум Жапар үчүн иштеп олтурам.

Чоңмурун көпкө сүйлөдү, Фрунзенин сонун үйлөрүн, кинотеатрларын айтып Жамиланы кызыктырды. Жамила Фрунзеге кетмекчи болду.

Ошентип Жамила Чоңмурунду Жапардын досу, жамандыгы жок, ак көңүл, адал ниет жигиттердин бири деп ойлонгон.

Мына ушунун баары да жипке тизген мончоктой жолдуката биринен сала бири келип, Жамиланын көз алдынан өтүп жатты.

Жолго чыкканда Чоңмурун да башкача боло түштү.

Бул, Рыбачыда Султан менен жолугушкандан кийинки окуя.

* * *

Машина күн бата Фрунзе шаарына келди. Жүргүнчүлөр машинадан түшүп, жүктөрүн көтөрүп, туш-туш жакка кете баштašты.

– Эми биз кайда барабыз? – деди Жамила Чоңмурунга.

– Мында, жакында гана, Акмат деген менин бир тааныш жолдошумдун үйү бар. Ошондо барабыз, – деди Чоңмурун.

Чоңмурун Жамиланы кандайдыр бир үйгө ээрчитип алып келди. Үй ээси бир кемпир, бир келинчек буларды каршы алышты. Чоңмурун алар менен кол кармашып көрүштү да:

– Бул менин келинчегим болот. Таанышып коюңуз энеке, – деди ал, Жамиланы көрсөтүп.

– Болсун-болсун, кагылайын, – деп кемпир Жамилага колун сунду.

Күтүлбөгөн жерден мындай сөздү укканда Жамиланын бүткөн бою дүрүлдөп, жүрөгү кысылып, астыртан бирөө аны ийне менен сайгандай болду. «Жок-жок!.. ишенбегиле! Калп айтат. Мен мунун келинчеги эмесмин, таанышымын» – деп Жамила аларга айткысы, кайта артына баскысы, кеткиси келди. Бирок уят да. Мурун тааныш, сырдаш болбогон жат кишилерге Жамила ал сөздү кантип айтат? Эмне кылган менен Жамила турмуштун ачуу-таттуусун көп биле элек, кагуусун көп көрө элек, тажрыйбасы жок кыз да. Кызарып уялган бойдон эрксизден Жамила кемпирге колун берди.

* * *

Түн. Ай жарык. Бак жактан музыканын үнү угулат. Чоңмурун конок аш ичкен соң, «жумушум бар» деп, бир жакка кеткен, келе элек.

Жамила кемпир менен сүйлөшүп олтурду. Ал – Бурмакан деген кемпир. Берки келин Бурмакандын армияга кеткен Акмат деген уулунун аялы Зулайка.

Бурмакан Акматтын армияга кеткенин, андан үзүлбөй кат келип турганын, дагы-дагылар жөнүндө божурап Жамилага айтты. Жамила башын ийкөө менен гана анын сөзүн коштогону болбосо, ага ачылып эчтеңке айтканы жок. Эчтекенин дайыны болбой жатып эле, жат кишилерге Чоңмурундун уялбастан «менин келинчегим» деп тааныштыруунa Жамила ызаланды, капаланды, кабак кашын төмөн салып, үнсүз-сөзсүз отурду.

Мурда тааныш, сырдаш болбогон соң Жамиланын көңүлүндө эмне бар экенин Бурмакан кайдан билсин? «Бечара, ысыкта жолдо чарчаган чыгар, жатып эс алсын» деп, ал:

– Кагылайын, «жол азабы – көр азабы» деген эмеспи, жолдо чарчаган чыгарсың. Төшөк салып берелик. Жатып эс ал. Зулайка, бул келин балама күйөөсү экөөнө жакшылап, жумшактап төшөк салып бер, – деди.

– Жок, энеке! Мага башка салып берсин, – деди Жамила чочугансып.

– Антпе, кагылайын, күйөөсү менен жаткандан да киши уялат бекен? Биз тиги оозгу үйгө эле жатабыз.

– Жок, энеке, ал менин күйөөм эмес.

– Ботом, эмне дейт? Келинчегим дебедиби?

Жамила көкүрөгүн көтөрүп, терең үшкүрдү да, болгон иштин баарын да бирин койбой Бурмаканга айтты.

– И... и... Түшүндүм... түшүндүм, кагылайын. Бул жакшылык көрбөгүр, сени да Айнагүлдөй кылмакчы болгон экен, – деди Бурмакан.

– Айнагүл дегениңиз ким эле?

– Ал да бир байкуш эле.. Айтайын, угуп тур... Балким, керегиңе жарап калар.

Кемпир оңдонуп отуруп, Айнагүлдүн аңгемесине түшүп кетти.

– Мурдагы жылы, күз айларынын бири эле, – ден сөз баштады Бурмакан. – Түштүк райондорунун биринен Чоңмурун бир кыз ээрчитип келди. Бечара ал өтө уялчаак кыз эле. Көрсө ал айылынан башка жакка чыкпаган, кагылбаган, уялчаак, жаш кыз экен. Чоңмурун аны да, сен сыяктуу мында ээрчитип алып келиптир. Үйгө кирери менен эле, аны келинчегим деп биз менен тааныштыра кетти. Мен анын аки-чүкүсүн кайдаи билейин, чын эле ал Чоңмурундун келинчеги экен деп ишенип, колдо бар тамагымды берип, урматтап төргө экөөнө төшөк салып бердим. Айнагүл эмнегедир кыңырылып уялып, мага бирдеңке айтчудай болуп, улам-улам мени карады. Мен аны жаштык кылып, бөтөн үйдө күйөөсү менен жатуудан уялып жаткан чыгар деп ойлондум да:

– Уялба, кагылайын, жата бер. Күйөөң менен жатканга уяласыңбы? – деп, төшөнчүлөрүмдү алып, оозгу үйгө чыктым. Айнагүл да мени ээрчип чыгып келе жатты эле, кайдан жеткенин билбейм, Чоңмурун эшиктен кирип келип, Айнагүлдү токтотуп калды.

Эртеси карасам, Айнагүлдүн өңү бузулуп, эки көзү кызарып, шишип калыптыр. Көрсө ошол түнү ал ыйлаган экен. Мен аны кийин Айнагүлдүн өзүнөн уктум.

Бул сөздү укканда Жамиланын ичи уйгу-туйгу болду. Чоңмурундан көңүлү сууду. Аны ээрчип келгенине өкүндү, кайгырды. «Эсиң барда этегиңди жап» деп ушунчамда Чоңмурундан байланышымды үзөйүн деген ой Жамиланын жүрөгүнөн орун алды.

– Анан Айнагүл эмне болду? – деди бир кезде Жамила кемпирден.

– Уруш чыгар жылы кайра аны түштүк жакка алып кеткен. Был-

тыр келгенде сураштырсам, «ажырашып кеттим» дейт, – деди кемпир. – Эми садагаң, жатып эс ал, укта.

Жамилага керебетке жалгыз өзүнө төшөк салып беришти. Жамила жатты. Бирок ою онго, санаасы санга бөлүнүп, көпкө чейин уктай алган жок.

Бир кезде Чоңмурун келип эшик какты. Зулайка туруп ага эшик ачып берди. Чоңмурун төркү үйгө өтүп, ширенке жандырды. Төшөк өзүнө жалгыз – жерге салынганын, Жамиланын керебетте уктап жатканын көрүп, «бул кандайча мындай болуп кетти?» дегенсип, бирде өзүнүн төшөгүнө, бирде Жамилага карап, таңданып бир аз турду. Ширеңке өчкөндө Чоңмурун төшөгүнө отуруп чечинди. Жамила ойгонуп, менден бирдеңке сурабаспы дегендей кылып, какырынып-түкүрүндү. Бирок Жамила дым чыгарбады. Эч нерсе билбеген-сезбеген, уктаган кишидей болуп тынч жата берди.

Чоңмурун да ойго батып, төшөгүнө ары оонап-бери оонап, чабалактап, көптөн барып уйкуга кетти. Жамила уктабай таңды атырды. Чоңмурун эрте турду да, кайдадыр бир жакка кетти.

Бурмакан, келини Зулайканы базарга жиберди. Өзү да тышка чыкмакчы болду эле:.

– Энеке, мени үйгө жалгыз таштай көрбөңүз, – деди Жамила.

Тышта – короодо болорун, экинчи бөлмөдө окуучу Анаркүл аттуу дагы бир кыз турарын, ал эч жакка кетпесин Бурмакан Жамилага айтты.

* * *

Түшкө жакын эшик кагылды. Үйгө бир кыз кирди. Ал – Пржевальскиде педучилишада окуган Гүлнар деген кыз эле.

– Сени мында кезиктиргеним жакшы болбодубу. Жамилаш, – деди Гүлнар эшиктен кирери менен.

Жапардан Жамилага кат бардыгын, катты Айша Жамиланын адресин Уркуядан угуп, «барарың менен берип кой» деп, ага аны бергенин, Фрунзеге бүгүн гана келгенин – Жамилага айтты.

– Кат кана? – деди Жамила.

Гүлнар катты берди. Катты Жамила окуп чыгып, өксүп-өксүп ыйлады.

Бул, Жапардын Жамилага госпиталдан жатып жазган бизге тааныш каты болчу.

Жапардын жарадар болгонун, кыйналып, оор абалда, жатканын, билгенде Жамиланын көзү караңгылады. Өзү жарадар болгондой жүрөгү тызылдады. Жапарды чындан сүйгөнүн Жамила өзү да ошондо билди.

– Шордуу! Асыл жарым! Жапарым! – деди Жамила. Башка сөз айта алган жок, кайта дагы шолоктоп, ыйлап керебетке жата кетти.

Бурмакан келини, кыздары болуп, Жамилага акыл насаат сөздөрүн айтышты. Жапардын катын Жамиладан алып окушуп, алар өздөрү да ыйлашты.

Жамила бир аз сооронгон кезде.

– Кайгырба, Жамила! – деди Гүлнар. – Көрөсүң, мунун аягы жакшылык менен бүтөт. Чоңмурун келсе да, коркпо. Биз мында Анаркүлдө болобуз.

Чоңмурун кечке жакын эмнегедир көңүлсүз кайтты. Эмнеси болсо да Жамила менин колумда деп, ал шашпастан, чөнтөгүнөн бир бөтөлкө вино сууруп чыгып, столдун үстүнө койду да, Жамилага карады:

– Жамилаш, мен бүгүн керектүү кишилер менен жолугуштум. Институтка алына турган болдуң. Көрдүңбү, ушундай болорун мен мурда эле билгем. Дегеле ырас болбодубу. Эми мен сени куттуктайын... Отур мындай столго.

Жамила унчуккан жок.

– Бирок – деди Чоңмурун сөзүн улап. – Жатаканасында орун жок экен. Анткени менен сага эң сонун квартира таптым. Угуп жатасыңбы?

Жамила унчуккан жок.

– Квартира болгондо кандай? – деди Чоңмурун. Жамиланы сөзгө уюттум, дегенсип кымыңдап, жакасын кармалап да койду. – Полу сырдалган, дубалдары акталган. Төрдө киши бою чоң күзгү, жумшак кровать, кийим салгыч шкаф, – дагы-дагылары толуп жатат. Ошого көч, Жамилаш.

Жамила дагы эле унчуккан жок.

– Эмнеге унчукпайсың? – деди Чоңмурун эмнегедир тынчы кетип коoптонуп.

– Сен – арсызсың! – деди Жамила Чоңмурунга. Бул сөздү айтканда Жамиланын эрди дирилдеп, өңү кумсара түштү. – Мен сенин кылык-жоругуңдун барын да билдим. Жүзү кара экенсиң.

Мындай орой сөзгө ачуусу келсе да, Жамиланын оозунан андай сөз чыкканга Чоңмурун таң калды.

Эмне деп жооп берерин биле албай, ал калтаарып калды.

– Жогол, көзүмө көрүнбөй! – деди Жамила ордунан туруп.

Бардык айыбы ачылганын, Жамилага мындан ары жылуу-жумшак сөздүн пайдасы жоктугун Чоңмурун сезди. Бирок ошондо да Жамиладан ал үмүтүн үзгөн жок, Жамилага эми ал башкача мамиле кылмакчы болду.

– Сен эми менден кайда качып кутуласың? – деди Чоңмурун Жамиланы шылдыңдаган түрдө катуулап. – Пржевальскиден бирге келдик, бир үйгө жаттык, бирге жүрдүк, эми сага ким ишенет? Айтчы өзүң? Андан көрө, Жамилаш, тил ал. Окуйсуң, институтту бүтүрөсүң... Менден артыкты сен кайдан табасың? Экөөбүз өмүр кошолу.

– Өмүр кошчу кишим бар. Андан башканын мага кереги жок, – деди Жамила акырын үнүн чыгарып.

– Жапарды айтып жаткан чыгарсың, – деди Чоңмурун каткырып күлүп. – Минтип мени менен болгонуңду укканда, ал сага үйлөнүүчүбү? Мен да тынч жатпайм. Айтчы сөзүмдү айтам. Ошондо сага Жапар ишенмек беле?

– А, жүзү кара! – деди Жамила. Бетин басып, шолоктоп, ыйлай кетти. Ошол кезде эшик ачылды. Гүлнар кирди. Гүлнардын артынан Анаркүл, Бурмакан, Зулайка да кирип келишти.

– Келиңиздер-келиңиздер! – деп, Чоңмурун шашып калды. – Кана, отуруңуздар!

Алардын эч кимиси да жооп беришкен жок. Гүлнар бери жакындай басты.

– Бул кызды эмне сен мынчалык кыйнадың? – деди ал Чоңмурунга.

Чоңмурундун чачы үрпөйө, көзү алая түштү:

– Эмне? Сен өзүң кайдагы эмесиң? Үй-бүлөнүн жумушуна катыша турган эмне акың бар?

– Жок, бул үй-бүлөнүн жумушу эмес, ойлоп чыгарган иш. Экинчи бөлмөдө олтуруп, мында болгон сөздүн баарын да биз уктук, – деди Гүлнар.

– Мындай ишти иштегени үчүн жоопко тартса да болор эле, – деди Зулайка да.

Чоңмурундун өңү корккон кишидей кубара түштү. Шашкалактап калды.

– О, кокуй десе! Мен тамаша кылып, жатам. Аны кыздар, силер, чын көрүп жаткан турбайсыңарбы? Ишенбесеңер, сурасаңар кимден болсо да.

– Кимден болсо да дейт тура, – деди Бурмакан Чоңмурундун сөзүн бөлүп. – Сенин арамдыгың бизге мурунтан белгилүү го. Таза сууну булгайын деген сен бир барып турган митаам эмессиңби?

Гүлнар Чоңмурунга жакын басып келип:

– Азыр үйдөн чыгыңыз. Болбосо көргүлүктү көрөсүз, – деди аптыккан үнүн чыгарып.

– Акырын-акырын! – деди Чоңмурун ачык турган терезеге карап. – Макул, кетейин, эл укпасын.

Чоңмурундун көз айнекчен көзү капканга түшкөн карышкырдай алаңдады.

Чоңмурунду дагы да коркуткусу келип, ачык турган терезеге жакын басып келди, көчөгө угуза:

– Эми эмне карап турасыз? Кетиңиз! – деди Гүлнар Чоңмурунга.

– Макул, кетейин! Акырын!

Чоңмурун шашып, эшикти көздөй жөнөдү да, кайта бурулду.

– Кокуй, буюмдарым кана?

Зулайка төр жактан эки чемоданды эки колуна көтөрүп, Чоңмурундун алдына ыргытты.

Чоңмурун эки чемоданын эки колуна көтөрүп, же кетерин, же кетпесин биле албай, ордунда туруп калды.

– Сабыр кылсаңыздар, түшүндүрөйүн, – деди Чоңмурун.

Гүлнар дагы ага бирдеңке деп кыйкырмакчы боло бергенде, Чоңмурун шашкан бойдон чемодандарын көтөрүп, мүдүрүлө басып тышка чыкты.

– Токтоңуз! Мунуңузду калтырбай ала кетиңиз, – деди Гүлнар Чоңмурундун артынан.

Столдун үстүндө жаткан анын тамак-ашын Гүлнар тепкичке карай ыргытты. Бөтөлкөдөгү виносу да кошо ыргытылып, тепкич ылдый тоголонуп, ташка тийип талкаланды.

Кыздар шаңкылдап күлүштү! Бурмакан байбиче да көпкө чейин күлкүсүн тыя алган жок. Жамила гана жаздыкка бетин коюп, ийнин солкулдатып, кроватта ыйлап жатты.

– Эмне, кагылайын? – деди Бурмакан аны көрө коюп.

– Уят, мага уят... – деди Жамила шолоктоп.

– Көп эле кайгыра бербечи, Жамилаш! – деди Гүлнар да. Жамиланын жанына басып келип, кроватка көчүгүн коюп олтурду. – Жамандык артка калды, жакшылык эми алдында. Андан көрө болгон иштин баарын айтып Жапарга кат жаз.

– Жок! Жок! Кайсы бетим менен жазам? – деди Жамила көз жашын сүртүп.

– Неге жазбайсың?

– Уят, маскара болдум. Эми кантип ага уялбай кат жазам? Ал антип азап көрсө, мен минтип... Жок-жок! Жазбайм!

– Сен буга айыптуу эмессиң, Жамилаш! Айып Чоңмурунда.

– Уят-уят! – деди Жамила мурунку сөзүн кайталап.

* * *

Ушундан тартып, Жамила Чоңмурундан такыр кол үздү. Окууга кирүүгө өзү аракет кылып, ар кайсы окуу жайларына барды. Бардык жерде окуу жылы аяктап калгандыктан, институтка кирүү экзамени башталганы жок эле. Жамила окууга алынбады. Эмне кылуу керек? Бирер айла болбоспу деп Жамила Наркомпроско келди.

Орто бойлуу, кара тору бир жигит Жамиланы кабыл алды. Жамила институтка кирүү үчүн Фрунзеге келгенин айтты эле.

– Бул эмне деген кеп? Эмне деген балалык, – деди ал жигит. Окууга келген киши күздө, окуу башталарда келбейби. Эмнеге эрте келдиңиз? Мунуңузга мен түшүнө албадым, карындаш. Жамила бул сөзгө айыбы ачылган кишидей болду, кызарды, уялды. «Айт-айтпаса төгүнбү, чынында да мени кудай урган экен, жаңылышкан экемин» – деди ал өз ичинен. Чоңмурунду ээрчип келгенине ал өкүндү, кайгырды. Жүрөгү күйүткө, ичи өрткө толду. Ошол жерде Жамила өксүп-өксүп ыйлагысы, болгон иштин баарын да ал жигитке айткысы келди. Бирок Жамила Чоңмурун менен, болгон ишти ал жигитке кантип айтат? Жок-жок!.. Айтууга болбойт. Намыс керек. Өз айбын өзү ачып, күлкүгө калгандан көрө, жабылуу аяк жабуусу менен калган жакшы эмеспи. Сыр билгизбей батыраак мындан кетүү керек.

– Эмесе, кетейин, – деди, Жамила. Ордунан турду. Эшикти көздөй бурулганда көзүнөн жашы кылгыра түштү.

– Токтоңуз, карындаш, – деди жигит, – ошентиңиз. Институтка

арыз бериңиз да, кайра кетиңиз. Экзамен башталганда, өздөрү сизди чакыртышат.

* * *

Күн чак түш. Күндүн ысыгы мээден өтөт. Көчөдө жүргөн элдин кимиси болсо да күндүн ысык илебинен качкысы, шаар багына киргиси, эс алгысы келет.

Жамила институтка арыз берип, кайра келе жатып, шаар багына кирди; ээндетип бир скамейкага барып отурду. Тамылжыган, ысыган ак жүзү, тердеген денеси, талган көзү күндүн ысык илебинен кутулуп, бир аз сергийин десе да, ичке толгон кайгы, чери анын жаш жанын кыйнады, кысталды. Өткөн-кеткенди эсине түшүрүп, аны кайгыртты. Кайгырган сайын көзүнөн мончок-мончок жаштар акты.

– Оо, шордуу жаным! – деди Жамила терең үшкүрүп. – Сен эми шордуу болдуң. Сен эми элге-журтка шылдың болуп, теңтуш курбу-курдаштарың ичинде уятка, сөзгө калдың. Мен эми алардын алдына кантип барам? Кантип аларды карайм? «Кайсы кырды, кыдырып, кандай сырды сыдырып келдиң?» деп Жапар сураса, ага мен эмне деп жооп берем? Оо, Жапар, Жапар! Жапар мени сен жүрөгүңдүн эң ички, эң назик жеринен сүйдүң эле. Мен да сени ошондой сүйгөмүн. Экөөбүз бирибизди бирибиз сүйүү үчүн гана жаратылгандай сезчү элек. Өлүм гана ажыратпаса бизди башка эч ким, эч кандай күч ажырата албас деп ойлочу элем. Бирок мен жаңылдым. Сенден ажырадым. Кайдагы бир жигитти ээрчип, Фрунзеге келип, мындай күнгө, күйүткө дуушар болдум. Жүрөгүмдүн түбүндө жалгыз сенсиң. Сени гана ойлоном. Ойлоном да, күйүнөм. Алдыңа жыгылып, менин бул маскаралык кылмышымды кечирүүңдү сурап, тизеңди кучактагым, ыйлагым келет.

Бир кезде кимдир бирөө:

– Жамилаш, кайгырбачы, – деп анын арт жагынан маңдай чачын сылады. Жамила чочуп кетти. «Мени издеп артымдан Жапар келген го» – деп, Жамила дароо ордунан тура калды. Караса, жанында күлүңдөп Чоңмурун турат, Жамиланын денеси бирден муздады. Артына чегинмекчи, качмакчы болду. Бирок Чоңмурун аны колдон алып.

– Жамилаш сабыр кылчы, бир аз отур, – деп кайта аны ордуна отургузду. – Мен жетим баладай, артыңан ээрчип жүрүп кайда барганыңды, отурган-турганыңды, – баарын да көрдүм, билдим. Кечээ Наркомпросто, бүгүн институтта болгонуңду да артыңан акмалап

көрдүм. Мына эми ээрчип келип, баятан бери арт жагыңда турам. Бирок жаш көңүлүң кайгынын кучагына батып, мени сен сезгениң жок. Сенин ак жүзүңдүн муңайганы, жароокер, жагымдуу көзүңдүн жашооруганы, жаш жүрөгүңдүн оор азапка, күйүткө калганы, – баары да мага түшүнүктүү болду. Аёлуу жаш жаныңа ошончолук так салганыма, сүйгөнүңдөн ажыратып, алдап мында алып келип, чоң убайга, азапка калтырганыма мен өзүм да өкүнөм.

Чоңмурун сөздөн токтолду. Чөнтөгүнөн кол жоолугун алып, чекесинен терин сүрттү. Бир аздан соң үнүн толкундатып, сөзүн улантты:

– Кечир, Жамилаш, кечир мени! – деди Чоңмурун. – Сени менен өмүрлүк жолдош боломбу деген тилегим бар эле. Ал тилегим орундалбай калды. Сүйүүнүн күйүтү кыйын экен, мен да күйүткө түштүм, өрткө чалдыктым, оюмда жалгыз сен калдың. Бирок сен менден алыстадың. Жакшылыктуу сөз угамбы деп, артыңдан ээрчисем да, сен мага ырайым кылбадың, жылуу сөз айтпадың. Мени кайгырттың өзүң да кайгырдың.

«Болду эми, сөзүңдү кой. Буга окшогон сөзүңдү мен далай уккамын» деп, Жамила Чоңмурунга айткысы, ачуулангысы келди. Башын көтөрдү. Бирок эмнегедир Жамиланын өңү кумсарды. Бүткөн бою калтырап, ага айтайын деген сөзү оозуна кирбеди, унчукпады.

Чоңмурун үнүн дирилдетип, көзүн жашылдантып, бир топто барып кайта сөзүн баштады:

– Мен эми чынымды айтайын, – деди Чоңмурун, – мени түштүк райондордун бирине кызматка жибермекчи болушту. Мен аны Фрунзеге келген күнү эртеси эле билгемин. Бирок мен аны сенден жашырдым, сенден ажырап калбайын деп, сага берген убадам боюнча квартира да таптым. Ошол квартираны табышым, Айшадан ажыратып сени мында алып келишим, «келинчегим» деп Бурмаканга сени тааныштырышым – баары да сени эптеп колго түшүрүү үчүн болгон иш эле. Бирок мен жаңылыштым, айыбым ачылды. Сен менден кеттиң. Жалындуу жаш жүрөгүң менден такыр суунду. Суунган жүрөктү кайтадан тутандыруу колумдан келбесин мен эми билдим. О, Жамилаш! Кечир мени!

Жамила көзүнүн кыйыгы менен Чоңмурунду карады. Чоңмурун мурункудай эмес: жүдөгөн, чачы таралбаган, үстүндөгү кийими уйпаланган, эки жаагы шимирилип, ичине батып, өңү кумсарып, мурунку

көркү кетип, мурду гана ого бетер чоңоюп, оркоюп калган. Жамила Чоңмурундун аянычтуу кебетесин көрдү да, эриксизден жылмайып, дароо ордунан турду.

– Кетесизби, Жамилаш? – деди Чоңмурун чочугансып.

– Ооба.

– Кайда?

– Пржевальскиге.

Жамила илгери басты.

Чоңмурун Жамиланын артынан чуркагысы, аны кармап токтоткусу келди. Бирок Жамила алыстады. Аллейден ары-бери өтүп жаткан калың элге аралашты. Чоңмурундун каны ичине тартып, кумсарып, умсуну кайтпай ачыккан жорудай коржоюп, отурган бойдон ордунда калды.

## XI

Жамила Пржевальск шаарына келди. Ал эми тааныштарына, директоруна, бирге окуп, бирге жүргөн курбу-курдаштарына уялбай кантип көрүнөт? «Кайда барып, кайдан келдиң?» деп сурап калышса, эми эмне деп ал жооп берет? Ушундай кысталганда акыл, кеңеш бере турган шаарда анын Айшадан башка кимиси бар? Ырас, Фрунзеге кетерин ал Айшага айтып, аны менен кеңешип, коштошкон да жок. Балким, ага Айша таарынган чыгар. Таарынса да, ал эмне кылган менен бирге окуган жан кыйбас жакын, жакшы курбусу эмеспи. Ал түтө койбос. А дегенде Айша Жамиланы жемелээр, таарынар... бара бара таарынчысы тарап, анан ал Жамилага акыл, кеңешин айтар.

«Ооба, менин Айшадан башка кимим бар? Эң обол Айшага барайын, ага болгон иштин баарын да айтайын. Андан акыл, кеңеш сурайын» – деди да Жамила, чемоданын колуна алып, Айшаныкына жөнөдү.

Айшанын энеси Уулжан Жамиланы кадимкисиндегидей каршы алды.

– Садагаң, кайта келдиңби? Качан келдиң? Күйөөң кайда? Ал да келдиби? – деген суроолорду Жамилага ал үстү-үстүнө бере баштады.

– Күйөө дегениң эмне, энеке? Күйөөгө тийгеним жок, – деди Жамила.

– Ботом, ким билет, – деди Уулжан, таң калгансып. – Жанакы

Уркуя деген неме «сени күйөөгө тийди, күйөөсү менен Фрунзеге кетти» – деп айтып жүрөт.

– «Оо, жүзү кара, Уркуя! Мени ошол кеткен бойдон тынч койбой мында да мени элге уят кылган экенсиң го? Эми кайсы бетим менен уялбай мектепке барам? Оо, Уркуя, Уркуя! Менин түбүмө жеткен сен экенсиң» – деп Жамила Уулжанга сыр билгизбей ичинен сызып, ичинен күйдү.

– Жок, энеке, – деди ал бир кезде Уулжанды карап. – Жок, энеке! «Мени күйөөгө тийди» деген сөз жалган сөз. Ал анткор Уркуянын чыгарганы.

Жамила Чоңмурун менен болгон окуяны Уулжандан жашырып, Фрунзеге окууга, барганын, окууга кире албай, кайта келгенин айтты эле:

– Айланайын, жакшы болуптур кайта келгениң – деди Уулжан да. – Сени күйөөгө тийди, Фрунзеге кетти деген сөздү угуп Айшакең жаман кайгырды эле. Эми ал сенин кайта келгениңди укса, кандай кубанар экен.

– Баса, энеке, Айшаке кайда? – деди Жамила.

– Колхозго кеткен.

– Кайдагы колхозго?

– Кайсы колхоз эле? – деп Уулжан өзүнө-өзү суроо берип, ойлонуп бир аз турду да: – И-и... баса, Жапар деген бала турган колхозго.

«Жапар дегени ким болду? Чын эле ошобу? Ошого кеттиби? Жок, аты уйкаш, башка бирөө чыгар» – деди Жамила ойлонуп.

– Энеке, Жапар дегениң ким?

– А, садагаң, аны сен деле тааныйсың. Аны менен сен биздикине нечен курдай келбедиң беле? Ай, ушул урушту чыгарган оңбосун. Жибектей чоюлган, кичи пейил, кандай жакшы бала эле, бир бутунан ажырап келиптир.

Жамила Айшанын Жапарга кеткенин билди. Жүрөгү өзүнөн-өзү туйлады. Эмнегедир ал бир кымбаттуу нерсени бүрөөгө тарттырып жибергендей, күндөшкөндөй болду. «Чын эле Айша Жапарга кеттиби? Чын эле экөөнүн ортосунда ошондой иштер болдубу?» деген суроолор Жамилага өзүнөн-өзү берилди. «Жок-жок... андай иштер кайдан болсун. Айшанын армияда сүйгөн жигити бар. Айша аны таштап, кайдан Жапарга кетсин» – деп Жамила кайта өзүнө-өзү жооп берди.

– Ал жакка Айшаке качан кетти эле?

– Бир топ күн болуп калды, кагылайын.

Уулжан ордунан турду:

– Жол келип курсагың ачкан чыгар самоор коёюн, чай ич, садаган.

Уулжан самоорун көтөрүп тышка чыкты, Жамила үйдө калып, үйдүн ичине кыдырата көз жиберди. Үйдүн ичи баягы өзү көргөндөй: эч бир өзгөрүш жок. Жадаганда, чоң күзгү да өз ордунда, тамдын боорунда илинип турат. Жамила мында, Айшаныкына келгенде ал күзгүнүн алдына туруп, эчен курдай каранган, сыланган. Мына азыр да Жамила ага карангысы, маңдай чачын сылагысы, тарангысы келди. Ордунан туруп күзгүгө барды. Бети-башын каранды. Өңү мурункудай эмес: жүдөгөн, азган, арыктаган. «Санаа деген ушул турбайбы. Бир аз күндүн ичинде адам таанығыс болуптурмун» – деп, Жамила, муңайып башын ийкеди. «Ооба, ошенттиң сен» дегенсип, күзгүдөгү өзүнүн сүрөтү да башын ийкеди.

– Күзгүнүн үстүндө, астында, эки жагыңда илинип турган көп сүрөт. Алардын ичинде өзүнүн да, Айшанын да, башка кыздардын да сүрөттөрү бар. Бир жерде армиядаи жиберген Талыптын сүрөтү да илинип турат. Үстүндөгү боз шинели, башындагы пилоткасы, асынган кылычы, байланган тапанчасы Жамилага алда немедей жакын, жакшы көрүндү.

– Ай, бечара ай! – деди, Жамила наалып башын чайкап, – Бул кайсы жакта жүрөт болду экен. Жапар сыяктуу бул да бутунан ажырап келбегей эле. Мейли ажыраса да иш кылып алтын жаны аман келип Айшага көрүнсө болгону.

Бир кезде Уулжан кайнаган самоорду буулантып көтөрүп, эшиктен кирди.

– Энеке, бул жигиттен кабар барбы? – деп, Жамила ага Талыптын сүрөтүн көрсөттү.

Уулжан самоорун жерге коюп Жамиланын жанына басып келди.

– А, кагылайын, – деди Уулжаң үшкүрүп – Ал өлүптүр.

– Койчу, апаке! Аны сага ким айтты? Кимден уктуң?

– Жаңкы Жапар деген бала айтты. Ошол көрүптүр.

Муну укканда Жамиланын жүрөгү колго түшкөн куландай дирилдеди, бүткөн бою чымырады Көзүнүн алды карарды, жашылданды. Кандайдыр бир табышмак сөздү шыбырап ага бирөө айткандай болду: «Көрдүңбү, Талып өлгөн. Талыптын сүйгөн жары Айша эми

Жапарга кетти. Жапарды сүйөт. Сен эми Жапардан айрылдың. Жапар эми Айшаныкы. Айшанын өмүрлүк жолдошу...»

– Оо, шордуу, жаным! – деди Жамила терең үшкүрүп. – «Эттин бышарына күтүп, чыгарарына күтпөй» дегендей, ошончо жылдан бери күтүп келип, аз калганда мен эмне аны күтпөдүм экен? Айша антип макул болуп, өзү издеп барып жатканда, мен эмне аны күтпөдүм экен?

Айшадан менин эмне артыкчылыгым бар? Айша да мен сыяктуу бир кыргыздың кызы го. «Жолоочуну ээрчип, ит өлөт» болуп, кайдагы бир Чоңмурунду ээрчип, элге-журтка уят боло турган менин эмне жөнүм бар? О, жасаган! Мындан ишти, мындай түйшүктү башка кыздардын башына түшүрө көрбө! Муну мен өзүмдүн жүрүшүмдөн, жеңил мүнөзүмдөн таптым. Жапарымдан айрылып, же тигинде, же мында жок, эки ортодо эңгиреп кала бердим, О, бактысыз жаным! – деп Жамила бирден эчкирип ыйлап жиберди.

Дасторкон жайып, нанын салып, чыны-аягын жууп жатты. Уулжан.

– Эмне, кагылайын, эмне болуп кетти? – ден чочуп ордунан тура калды. – Эчтеңке эмес, энеке! Талыпка окшогон бейкүнөөсүз асыл жигиттердин душман колдуу болуп өлүп жатканына зээним кейип ыйлап жатам, – деди Жамила сыр билгизбей.

– Атаганат, десеңчи, – деди Уулжан да Жамиланын сөзүн коштоп. – Баса, Талып кандай жигит эле? Талыпты «өлдү» деп укканда, Айшакең да сендей болуп ыйлаган. Тынч жаткан элибизге бүлүк салып, атаны баладан, баланы энеден, келин-кызды сүйгөн жарынан ажыратып, жаштардын канын төккөн душманга да бир бакпас балаа бар чыгар. Эми кой, садагаң. Отур, чай ич.

Жамила кол жоолугу менен көз жашын сүрттү да, чайга отурду. Бирок чай анын жүрөгүнө баскан жок. Ичи бук болуп, деми кысталды. Ою алып-учуп алда кайда, Жапарда болду.

– Эмне кылсам, – деди Жамила өз ичинен күнгүрөнүп. – Мен эми бул маскарамды, уятымды Жапар менен Айшага, элге-журтка билдирбей башка жакка кетейин, жоголоюн. Азапты – дос, тууганга көрүнөө тарткандан көрө, көрсөтпөй тартайын. Ооба, ушинтейин!

Жамила бул оюнун учуна да чыга алган жок. Жана жүрөгү дикилдеп, кайта ага: «Жок-жок, кетпе! Кеткенде кайда барасың?» «Көпөлөк гүлүн сагынат, булбул үнүн сагынат» деп, Жапарыңды сагы-

нып келбедиңби? Жапар сенин сүйүп жүрүп кезиккен, жүрөк сырын чечишкен жарың эмеспи. Аны таштап сен кайда барасың? Андан көрө сен болгон ишиңди жашырбай Жапарга айт, кат жаз. Эң болбогондо, сенин кайта келгениңди, мурункудай эле сенин сүйгөнүңдү билсин. Эгерде Жапар сенин мунуңду, минтип сүйүү отуна күйгөнүңдү билсе, Айшага үйлөнгөн күндө да сени эстер. Суунган жаш жүрөгү жылынып, шордуу Жамилам, ошондой болгон экенсиң, ээ?» – деп сени ал аз да болсо аяр.

– «Жок! – деди, анын жүрөгү кайта шыбырап. – Жок, Жапарга жазганың болбойт. Анын ой-сырын билбей туруп, уялбай, ага кантип жазасың? Уркуянын тараткан кабарын ал укпай, билбей койду дейсиңби? Уккан чыгар андай болсо, «сени мен мурункудай эле сүйөм, кайра келдим», – деп, сен ага кайсы бетиң менен уялбай кат жазасың? Жазууга болбойт. Андан көрө Айшага кат жаз. Айша эмне кылган менен сабакташ жолдошуң эмеспи. Сени таштай койбос. Акыл-кеңешин айтарга кат жазар».

– Ооба, эмесе, кат жазайын, – деди Жамила жинди болгон кишидей өзүнө-өзү үнүн чыгарып.

– Кимге, кагылайын? – деди Уулжан чочуп башын көтөрүп.

– Айшага, энеке.

– Ошент, кагылайын, ошент. Баса, – деди Уулжан сөзүн улантып. – Унутуп жаткан турбаймынбы. Энең сагынды дегин. Институтка жазган катыңа жооп келди. Күздө экзаменге келсин дептир. Аны да жаз. Сенин мында экениңди укса Айшакең кандай кубанар экен? Ошент, кагылайын, ошент.

«Айша өз убагында арыз берген тура. Ого анын ойдогусундай чыгыптыр. А мен болсом, кимгедир ишендим» – деди көңүлүнөн Жамила. Ичи анын туз сепкендей ачышты.

Жамила балдар үйүнө тарбыячы болуп кызматка кирди да, Уулжандыкында туруп калды.

Жамила башын жерге салып, чоң убайга, кайгыга батып, кеч сайын Жапар менен жүргөн жерлерде болгонун Уулжан алда нече курдай көрдү. Шаар сыртына барып, асма көпүрөнүн үстүнө токтоп, шаркырап аккан Каракол суусуна арыз-муңун айтчудай үнүн чыгарып, ырдаганын да Уулжан көргөн. Мунун баарын да Уулжан кат менен Айшага билдирген.

## XII

Көп кечикпей эле «Өрнөк» колхозу менен «Кеңеш» колхозунун социалисттик мелдеши жөнүндө райондук газетага «Кимиси жеңип чыгар экен?» деген макала басылып чыкты. Макаланы райондун бардык колхозчулары окушту. Кайсы бирөөлөрү буга ишенишпей:

– «Кайта жакшылап окугулачы, башка колхоз болуп жүрбөсүн. Ал колхоздун социалисттик мелдешке чыга турган алы жок эле го» – дешип, макаланы кайта-кайта окушту. «Төшөгүңө жараша бутуңду сун» деп, байкуштар алына жараша эле иш кылышса боло. Андай эле кыйын экен, тиги өзү теңдүү «Бирдик» колхозу менен эмине жарышпайт? Деги ошолордо ар жок белем? – дешип айткандар да көп болду.

– «Кой, антпегиле, балдар. «Аттан кунан чыгат» деп, «Өрнөктүн» бактысы ачыларына көрүнүп жаткан чыгар», – дешип, кай бир карыялар карыялык сөздөрүн айтышты.

– «Алдагы колхоз менен арттагы колхоз жарышат деген эмине кеп? Мындай иш мурда биздин районубузда болгон жок эле. Акыры кандай болуп чыгар экен?» – дешип, бериси район, арысы областка чейин эл кулак түрүп калышты.

Бул кабар угулганда «Өрнөк» менен «Кеңеш» колхозчулары ого бетер намысына келишти. Биринен-бири калбаска, уят болбоско бардык күчүн жумшашты. Күн-түн дебей иштей башташты.

Мына «Өрнөк» колхозунун кырманы. Күн кылкылдап уясынан чыгып келатат. Кырманда толгон эл. Баарынын да жүзү жарык, кубанычтуу. Этек-жеңдерин түрүнүшүп, бака-шака түшүп, иштеп жатышат.

Кырмандын бир четинде балык жон, сары кыр тартылып үйүлгөн чоң үймөк. Үймөктүн түбүндө бир топ молотилканын тегерегинде, үймөктүн үстүндө бир топ аялдар. Кийимдери ар кандай: бирөөнүн башында ак жоолук көйнөк болсо, бирөөндө көк көйнөк. Колдорунда айры. Үймөктүн үстүндө турган аялдар боолорду сайып алып жерге ыргытканда, жерде турган аялдар дароо аны илип алып, кайта жогору молотилкага ыргытышат. Ошондо алардын айрыларынын саптары аскердин найзаларындай сороңдоп, үч ача темирлери күнгө чагылышып, жаркылдай түшөт.

Молотилканын үстүндө, барабанда эки келин. Экөө тең балбанга түшчүдөй жеңдерин түрүнүп, шымаланып, колдоруна жаргак мээлей кийишкен. Көздөрүндө айнек. Үстү-башы чаң.

Алардын бирөө бизге тааныш Зуура – «оруу-жыюуну бүтүрүп, социалисттик мелдешти бир жаңсыл кылып туруп, анан кетем» деп, ал сыртка – койлоруна кете элек. Чөп чабууга колкабыш кылып, эми Зуура эгин басышып жатат. Экинчиси Зуура менен теңтайлашып, андан калбай келаткан Нуржан деген келин. Нуржан төмөндөн ыргыткан боолорду дароо илип алып, Зуурага бергенде, Зуура аны кол учуна тийгизбей биринен сала бирин ары карай жылдырып, молотилкага сугунта берет. Молотилка а дегенде буулугуп, какап-чакап, аптыга түшүп, боолорду жутат; бирде күрүлдөп, бирде дүрүлдөп жүрө баштайт. Болот тиштери боолорду чайнап, майдалап, күкүмдөп, ак самандарды тумандай чубалтып арт жагына ыргытат. Боорундагы жыгач шакшактары да шакылдап, топондуу кызыл буудайларды, кырманга элеп түшүрүп жатты.

Иликбай карыя да жеңин чыканагына чейин түрүнүп, жыртык, эски ак калпагын көтөрө кийип, кырмандын бир четинде түндө басылган эгинди каадасынча анда-санда, – «кел орток, кел!!» деп желге салып, сапырып жатат. Анын ак калпагынын кырчоосуна, сакалына, кирпигине эки эли болуп топондор толгон. Иликбай карыя ага кайыл. Ал иш кылып «жумуш бүтсүн, мелдеште колхозум өтсүн, ар-намыс колдон кетпесин, мамлекетке дан көп берилип, душман тезинен жоюлсун, балдарыбыз батыраак келсин» дейт. Иликбай карыянын бардык тилеги ушул. Бул тилеги үчүн ал кабак-кашына түшкөн топон-чаң гана эмес, андан чоңуна да жанын курман кылууга даяр. Анын жанында Кожомкул карыя да сапырылган кызылды үйрүп, жоруптап куйругун үзүп жатат.

Кемпирлер да жандарын үрөп, дөбө болуп жаткан кызылды калбырлап, кызылын бир жакка, чарын бир жакка төгүүдө.

Жапар жаңы гана орокчулардан келди. Кырмандын бир четине токтой калып, кырманда азан-казан болуп иштеп жаткан колхозчуларга көзүн салды. Тигинде да мында да: «Болгула-болгула» деп бирин-бири сүрөп, кыйкырып иштеп жатышкан колхозчулардын үндөрү чыгат. Ал үн «Алга-алга!» деп, чабуул коюп кетип бараткан советтик жоокерлердин үндөрүнө окшойт.

– Аттиң ай! – деди Жапар аларды карап туруп терең үшкүрүп. – Менин чолоктугум. Чолоктук, сен менин кендиримди кестиң го? Сүйгөн жарым Жамиладаң ажыраттың го. Жамила мени чолоксунтуп, чанып кетти. Оо, Жамила, Жамила!.. Сени мен ушундай кылат

деп, такыр ойлогонум жок эле. Сен сөзүңдө турбадың, убадаңды буздуң, айныдың, чандың. Жетимсиретип, мени таштадың да кеттиң.

Жапар ат үстүнөн, чиренип, көкүрөгүн көтөрүп терең үшкүрдү.

– Жамиланы мен эмне үчүн минтип көп ойлоно берем? Кой, Мен эми аны көп ойлонбоюнчу. Ойлонгон менен эми андан эмне пайда? Качкан куш кайра келип тууруна кончубу? Андан көрө колхоз жумушу, социалисттик мелдеш жөнүндө ойлоноюн, – деди Жапар.

Бул ойго көчкөндө колхоз талаасында ыргалып бышып, башын көтөрө албай турган көп эгиндер, катар учкан каркырадай болуп жарыша эгин оруп кетип бара жатышкан орокчу келин-кыздар, боо байлап жүрүшкөн кемпирлер, араба, чийнелерине зыңгырата боо басып, кырманга алып келип түшүрүп, үйүп жатышкан абышкалар, – баары да Жапардын көз алдына элестеди.

– Мына, – деди Жапар, – турмуш ушул колхозчулар иштеп жаткан жерде тура. Сен, Жапар, белиңди бекем бууп, кайрат кыл, алардан кем калышпа.

Жапардын бүркөлгөн кабагы бирден ачылды. Күлүмсүрөдү. Күлүмсүрөгөн көзү кырманда – сапыргычта иштеп жаткан эки келинге түштү.

Эмнегедир ал эки келиндин иштеген ишинен да сөздөрү көп. Бирде сапыргычты бурап коюп, баш ийкешет да сүйлөшөт. Бирде сапыргычтын жанында дөбө болуп жаткан чар аралаш буудайды бир жакка шилеген болушуп, ташын тазалаган болушат да отурушту.

– Мына кызык! Эл минтип тырмышып иштеп жатканда бул эки келинди кайсы кара басып турат, – деди Жапар. Атынан түшүп аларды көздөй басты.

Келиндер келе жаткан Жапарды көрүп, орундарынан тура калышты. «Булар да эл сыяктуу иштеп жатышкан экен деп айтсын» дегенсишип, сапыргычтын ары жагына бир чыгып, бери жагына бир чыгып, аны-мунусун кармалап калышты.

– Кош, келинчектер? Силерге жол болсун? Эртеден бери сапырган эгиниңер ушул элеби? – деп Жапар сапыргычтын алдында жаткан бир табактай кызылды көрсөттү.

– Анан эмне кылалы? Сапыргыч бузук экен. Тегеренбей койду, – деди келиндердин бирөө.

– Тегеренбей койсо, оңдотуп албайсыңарбы? Андан көрө жашырбай эле жалкоолук кылып жатабыз деп айтпайсыңарбы?

– Биз жалкоолук кылсак, өзүңүз тегеретип көрүңүз, – деди чолок мурун, кызыл бет келин жолдошунун сөзүн кубаттап.

– Көрсө, көрөм. Кана, салгылачы буудайды, – деди Жапар. Аксаңдай басып келип, оң колу менен сапыргычтын сабын кармады.

«Бул кайсы алына бизге минтип сынтагат экен?» дегенсип, чолок мурун, кызыл бет келин сапыргычка удаа-удаа үч-төрт чака топондуу буудай салды.

Жапар сапыргычты ийиктей имерди, бурады. Сапыргыч дүкүлдөп, электери шакылдап, топон, чөп-чар, таштары арт жагына ыргып, алдына мончоктой кызыл буудайлар чубуруп түшө баштады.

– Кана, салгыла! – деди Жапар.

Келин үч-төрт чака дагы да топон салып, «ушуну менен кургурум, дарманың бүтөр, уят болорсуң» дегенсип, жанындагы жолдошуна көзүн кысып, башын ийкеп, күлүңдөдү.

Жапар аны да бат эле сапырып бүттү.

– Кана, салгыла дагы, салгыла!

– Адам, бул кантет? Муну уят кылабыз деп, өзүбүз уят болбогой элек – дешип, келиндер бир-бирине караштьы. Беттериндеги мурунку жылмаюу ордуна, кандайдыр бир суздук, сумсаюу пайда болуп, унчукпастан туруп калышты.

– Кана, салгыла! Эмне карап турасыңар?

Келиндер сапыргычка алмак-салмак дагы да топон салышты. Жапар токтолбостон сапыргычты бурай берди. Бүткөн боюн тер басты. Барган сайын колу талыгандай, шайманы кеткендей болду. Бирок Жапар алдырганы жок. Барган сайын күчөп, өжөрлөнүп сапыргычты чарк айлантып, дүкүлдөтүп, тегеретип жүргүзүп жатты.

Сапыргычтын алды кызылга толуп кетти. Аны кызыл бет келин четке шилеп тартты. Экинчиси уялып, бети кызарып, уятынан эмне кыларын биле албай, башын төмөн салды.

– Кана, салгыла! Эмне, чарчадыңарбы?

Калбырлап, тазалап жаткан кемпирлерден бирөө бөлүнүп жүгүрүп келди:

– Оо, өлүгүңдү көрөйүн какмарлар! Силерде уят барбы, жокпу? Мындан көрө өлсөңөрчү, – деп эки келинди эки жакка түрттү.

Кайдан жеткенин ким билсин, жогорку кырмандан Чүкөбай да жетип келди.

– Ботом, эмне? Эмне болуп кетти? – деди ал.

Кемпир ага болгон ишти айтты.

– Балакет бизди баскан экен, ээ! Ишенген келиндерибиз ушинтип отурушса, ботом, жумуш качан бүтөт? – деп ал каадасынча күйкөлөктөндү.

– Аларда бет бар дейсиңби? – деген кимдир бирөөнүн үнү кемпирлер жактан чыкты.

Кырмандын ортосунда буудай сапырып жаткан Иликбай карыя да күрөгүн таянып, булар жакты карады. Молотилкада иштеп жаткан келин-кыздар да бул экөөн сөз кылып, баш ийкешип, шарактап күлүштү. Жалкоолук кылып ушунча элдин көзүнө түшүп, уят болушканына ал эки келин экөө бирдей өкүнүчтүү кызарышты. Уятынан баштарын көтөрө алышпай, жер тиктешти да калышты.

– Эми эмне карап турасыңар? Кана, иштебейсиңерби, арам какмарлар! – деди кемпир ачууланып.

Кызыл бет келин айыптуу кишидей башын жерге салып, акырын басып келди да, ооз учунан:

– Кечириңиз, Жапар ага! Мөөрөй сиздики, биз жеңилдик. Бериңиз эми бизге сапыргычты, – деди.

* * *

Жапар кызыл үйдөн райондук газетаның соңку чыккан жаңы номерин алыи, жолдо ката, же ат чалдырганда окуюн деп чөнтөгүнө төрт бүктөп салды да атына минди. Кырманды кыя тартып жөнөй бергенде:

– Оо, кайним, бери келип, ачкыл иче кет! – деп аны Айымбүбү чакырып калды.

Айымбүбү кырманчы пристанчыларга тамак бышырып бере турган аял. Ал мындан эки күн мурун Жапарга абдан уят болгон.

Ал мындайча болгон:

Күн аркан бою көтөрүлгөн кез.

– Эң болбогондо токочту көбүрөөк жасап койбойсуңар. Эми биз бул ачыбаган, тузу жок, кара жарма менен кантип жумуш кылсак болот? – деген ашкана жактан кимдир бирөөнүн капаланган үнү чыкты. Бир аздан соң шапалагын сүйрөп пристанчы карыялардын бирөө да үйдөн чыкты.

– Карыя, эмнеге капаландыңыз? – деп, Жапар анын жанына басып барды.

– Эчтеңке эмес, кагылайын, ан чейин, – деди да ал, сыр билгизбеген болуп арабасына түшүп, атын айдап, пристанды көздөй жөнөп кетти.

– «Жок, карыя тамак жайынан наараазы болду го. Аны мага айтпады, жашырды. Мен муну – билейин. «Майда-чүйдө иш» деп, буга мен көңүл койбой койсом, ушундай нерселер барып, чоңго айланып, жумушка кесири тиер» деди да, Жапар ашканага барып кирди.

Күтүлбөгөн жерден Жапардын аш үйгө келип киришине Айымбүбү шашып: «Кел, кагылайын, кел!» – деп ордунан тура калды.

– Ачкыл ичүүгө кирген чыгар. «А... бетим! Эми тузу жок ачкылды уялбай ага кантип берем?» деп Айымбүбү кысылды. Тышка чыкты. Жапар кеткен жок. Отурат. Чыдай албай, Айымбүбү кайта үйгө кирди. «Атайын ачкыл ичейин деп кирген чыгар. Кантип бербей коём? Берейин. Бергенде да тузу жоктутун айтып туруп берейин» – деди да, Айымбүбү сыр чөйчөккө ачкыл куюп келип, Жапарга сунду

– Тузубуз түгөнүп калып, бүгүн ачкыл тузсуз болуп калды, кагылайын.

– Ошенттиби, жеңе? – деп Жапар күлүп, аякты колуна алды. Бир-эки курдай ачкылдан жутуп, кайра берди.. – Такыр табылбай турган нерсе түгөнүп, кыйын иш болгон экен. Башка тамактарыңыз кандай?

– Башкасы бар?

– Наныңыз да барбы?

Айымбүбү кокусунан кармалган уурудай болуп башы жерге кире түштү. Унчукпай калды.

– Жеңе, – деди Жапар. – Жеңе, бул Ата Мекендик согуш баарыбызды үйрөттү. Кимдин кандай, туруктуу, туруксуз экендигин да көрсөттү. Оордук, кыйынчылыктан коркпогон туруктуу, эр жүрөк аял-эркек, кыз-келиндерибиз тылда да, фронтто да Мекенге чоң кызмат кылды: атак-даңкка ээ болду. Бул кагылышта окура сыяктуу эт менен челдин ортосунда жашайбыз деген туруксуз жалкоолор элге-журтка маскара болуп, четке кагылды. Каалосаңыз мен сизге бир болгон ишти айтып берейин.

– Бери жакын отуруңузчу, – деди Жапар жанынан орун бошотуп. – Бир күнү бир топ жоокер болуп, алдыңкы линияда –, окопто жаттык. Тамак ичкенибиз жок: ачпыз. Туш-туш жактан мылтыктын үндөрү чыгат. Баш көтөрүүгө болбойт. Түн... Ай караңгы. Мен жоо-

керлердин чет жагында элем. Бир кезде туура жагымдан кандайдыр дабыш чыкты. Дароо мылтыгымды ошол жакка сундуруп, тыңшап калдым. Дабыш бирде жоголуп, бирде пайда болуп, мага жакындай берди. Мен ансайын демимди ичиме алып, кийик өңгөн мергендей көзүмдү ал жактан алганым жок. Бирок көзүмө эч нерсе көрүнбөйт. Айлана караңгы. Бир кезде дабыш менден аркан бою алыстыкта гана угулду.

– Кимсиң? Көтөр колуңду, болбосо атамын! – деп мен ага кыйкырдым.

– Ой, атпаңыз, менмин– Сонямын, – деди ал.

Сонянын үнүнөн эле мен аны дароо тааныдым. Көрүштүм. Ал бизге тамак бышыруучу кыз болучу. Башка жоокерлер да келишти. Соня аркасына көтөрүп келген бир кап сухарь, консерваларды окопко ыргытты. Оозун ачып, аларды бизге үлөштүрүп берди. Биз кубандык, жедик. Андай тамакты биз мурда жебегендей ал бизге ошончолук дамдуу, ошончолук унутулгус болду.

– Ал кыз кайра кантип кетти? – деди Айымбүбү.

– Биз аны кетиргенибиз жок. Бизди алмаштырууга башка жоокерлер келгенде гана, аны өзүбүз менен бирге ала кеттик.

– Адам ал жакшы кыз экен.

– Жакшы деп айтып коюу менен жумуш бүтпөйт, жеңе, – деди Жапар Айымбүбүнү карап. – Ошондой болууңуз керек. Эгерде ал кыз сиздин ушул кылыгыңызды көрсө, эмне дээр эле?

Айымбүбү унчукпай калды. Жапар кетүүчүдөй болуп, ордунан козголуп, Айымбүбүнү карап:

– Жок нерсени шылтоо кылып, бар тамакты бышырбай, колхозчулардын курсагын ачырганыңыз жакшы иш эмес. Ун-талкан десеңиз, анда бир жөн. Ал туз, отун жок деп айтканыңыз уят иш. Айылда отун, туздан көп нерсе жок. Аны председателге, бригадирлерге айтпай эле, өзүңүз жыйнап ала турган жөнүңүз бар. Сизди мында тынч отургузуп коюп отун, тузду даярдап бере турган бизде бош бүлө барбы? Кана, өзүңүз айтыңызчы!

Ошондон кийин Айымбүбү мурунку жок шылтоосун таштап, отун-сууну өзү даярдады. Түнү бою үйлөрдү кыдырып, кээ бирөөнө жалынып-жалбарып, кээ бирөө менен акыйлашып айтышып, идишаяк жыйнады. Туз да, кошумча дагы бир челек да тапты. Эки араба тезек да түшүрүп алды. Уну да, талканы да бар. Эми эмне кылуу керек?

...Айымбүбү буруксутуп челек-челек ачкыл ачытты. Казан-казан нан жапты. Айылдан жыйнап алган идиш-аяктарды таза жууп, тактанын алдына көмкөрүп, «Дагы эмнеси калды?» дегенсип, үйдүн ичин кыдырата карады. Бирдемеси унут калгансып, үйдөн тышка чуркап чыгып, арыктын жээгиндеги жалгыз түп талга барды. Андан бир топ чырпык сындырып келип, жети-сегиз кичине чалгыч жасап, чийдин баштарына илди. Ачкыл ичүүгө келген колхозчулардын ачкылына талкан салып, ошол чалгычтардан бир-бирден берди. Ошондон кийин колхозчулардын кимиси болсо да, Айымбүбүнүн кызматына чоң ыраазы.

Муну Жапар эчак эле билген. Жапардын анысын Айымбүбү билдиби, билбедиби, айтоор, эмнеси болсо да Жапар менин бул кызматымды «өз көзү менен көрсүн» дегенсип, аны ачкыл ичүүгө чакырган себеби ошол эле.

Жапар үйгө кирди. Үйдүн ичи мурункудай эмес: таза, шыпырылган, кийиз салынган. Ашкана жакта кычкыл жытын буруксутуп, эки челек ачкыл, андан жогору бир үкөк, анда толгон токоч турат.

Айымбүбү таза жуулган эски дасторконго кетмендей болгон бир жапкан токоч салды да, Жапардын алдына койду. «Эми муну да көрсүн» дегенсип, тактаны көтөрүп андагы идиш-аяктарды калп эле бирине-бирин кагылыштырып, шыңгыратып, үн чыгара баштады. Жапар аны караган кезде гана «Жапар көрдү, эми болду» деп, андан бир чоң чыныны алып чыгып, ачкыл куюп келип, Жапарга сунду.

– Бүгүн ачкыл суюк болуп калыптыр, кайним, – деди Айымбүбү. – Азыраак талкан салып берейин. Ток болот.

Айымбүбүнүн мунусу– ачкыл суюк болгондуктан эмес, ошол талкан аркылуу өзүнүн дагы бир өнөрүн Жапарга көрсөткүсү келгендиктен болгон иш эле.

Айымбүбү ашкана жактан азыраак чымчып талкан алып келип чыныга салды да, чий башында илинип турган чалгычтардын бирөөн алып келип, Жапарга сунду.

– Жеңе, сиз мунун чалгычын да камдаган турбайсызбы?

– Ооба, кайним. Бирөө эмес, жети-сегизи бар, караңызчы чийдин башын, – деди күлүп Айымбүбү.

Жапар да ал жакты карап, чалгычтарды көрүп:

– Рахмат, жеңе, рахмат – деди жылмайып.

* * *

Калың буудайдын арасында келин-кыздар, кемпирлер. Алардын ичинде эркек кишилер да жүргөнсүйт. Алар звено-звено болуп, бөлүнүп, шартылдатып, буудай оруп жатышат. Беттери күнгө күйгөн. Маңдайынан мончок-мончок тер агат. Ага карабастан, баары да бир нерсеге шашкандай, кечтен калбай жумуштарын бүтүргүсү келгендей болушат.

Жапар ушуларды бет алып, атчан бастырып келе жатып, бир арыкка кездешти. Арыкта агып жаткан сууну көргөндө аты суугa жулуңду, Жапар атын сугарды. Аты суу ичип жатканда Жапар кызыл үйдөн ала чыккан газетасын чөнтөгүнөн сууруп чыгып, биринчи беттеги советтик информбюрону, мамлекетке эгин тапшыруунун маалыматын, эгин оруу-жыюу жөнүндөгү баш макаланы купуя ичинен окуп чыкты. Экинчи бетти оодарып, анда эгин уурдаган үч кишиге алдына беш, артына эки жылдан суд болгондугу жөнүндө болгон кабарды да окуду.

«Бул дурус кабар экен. «Өрнөк» колхозунун андай жаман аттуусу болбосо да, муну колхозчуларга түшүн дүрбөсөк болбойт» деп, Жапар газетаны кайта чөнтөгүнө салды. Бул учурда атынын суусуну канып, арыктын жээгиндеги көк майсаңды чалып оттоп жаткан кези эле.

Жапар атынын ооздугун салды да, бир-эки курдай камчыланып, желдире бастырып, орокчуларга келди.

– Иш илгери, байбичелер, – деп Жапар атын тык токтотту.

– Айтканың келсин, балам, – деди Күмүш.

– Байбиче, ишиңиз кандай?

– Жаман эмес, кагылайын.

– Энеке, бая күнкү байбичелердин баары да иштеп жүрүшөбү?

– Ооба, кагылайын. Кырманда да, мында да бөлүнүп иштеп жатышат, баса, – деди Күмүш чочугансып, – баса унутуп жаткан турбаймынбы. Баягы анткор кемпир эки-үч күндөн бери жумушка чыкпай калды. Барсам, «мына, артыңан барам, баса бер» деп коёт да, келбей калат. Ошого бир чара колдонбосоң, кемпирлердин ыркын буза турган болду. «Анткор чыкпаса, биз да чыкпайбыз» деп, кээ бир кемпирлер ага атаандашып жатат.

– Макул энеке, аны менен мен өзүм сүйлөшөйүн.

Чекесиндеги киргил терин жеңинин учу менен анда-санда сүр-

түп коюп, чимкиригин шор-шор тартып, кемпирлерге кол кабыш кылып, чөп жыйнап, боолук салып жүргөн кара тоголок баланы көрүп:

– Энеке, тиги бала кимдин баласы? – деди Жапар.

– А, кагылайын, ал Балтабайдын баласы эмеспи. Энеси үч-төрт айдан бери оорулуу. Балтабай өзү армияга сени менен бирге кетпеди беле. Эки-үч жылдан бери кат келгени жок эле, катын-баласынын ырысы бар экен, жакында андан кат келди. Атасынын катынан кийин эле бул бала жумушка чыга турган болду.

– Аты ким?

– Сатар.

– Оо, Сатар, келчи мында! – деди Жапар.

Сатар жыйнап жаткан колундагы буудайын жерге коюп, бетиндеги терин жеңинин учу менен сүртүп, күлүңдөп, басып келди.

– Салоомалекум! – Алейкуммассалам!

Күмүш баланы карап:

– Атаңдын катын берчи. Жапар агаң окуп көрсүн, – деди.

Сатар чөнтөгүнөн ушаланган көк конвертти сууруп чыкты. Кат ошонун ичинде болучу. Анда төмөнкүдөй сөздөр жазылган:

«Кулунум, Сатар!

Алыста кандуу согушта жүргөн атаң, өзүнүн сагынычтуу саламын жиберет. Атаң батышта сенин, сага окшогон миңдеген совет элинин балдарынын жыргалдуу турмушун, оюн-күлкүсүн, түн уйкусун сактап, канкор жоо менен катуу салгылашып жатат. Атаң жоону коркута, досту кубанта турган далай эрдиктерди көрсөттү. Көкүрөгү орден, медалдар менен жаркырады. Көргөндөрүм көп, баарын да катка жазууга болбойт. Барганда баштан-аяк айтып берем. Кулунум, сен да атаңдай бол! Окууңду жакшы оку. Энеңе, колхозго жардам кыл.

Атаң: Балтабай»

Жапар катты окуп, Сатарды карады эле, Сатар:

– «Көрдүңбү, менин атам ушундай», – дегенсип күлүңдөдү.

Жапар катты кайтарып Сатарга берди.

– Садага, энең оорулубу?

– Ооба, байке.

– Ал байкушка жаман болду. Былтыртан бери буту-колу шишип, төшөктөн тура албай калды. Болбосо жумуш ошондон калды эле, кагылайын, – деди Күмүш башын ийкеп.

– Доктурга көрүнгөнбү?

– Көрүнүптүр, арашанга барбасаң айыкпайсың, – дептир.

– Анан эмне барбайт?

– А, кагылайын – деди Күмүш, – кантип барат? Колунда жок.

– Колхоз жибербейби?

– Жиберсе, кана? Жаңкы күйкөлөк башкарма күйкөлөктөп «мына-ана» деп эле, ушул убакка чейин алып келди.

Жапар жумушка чыкпаган абышка-кемпирлерди биринчи ирет жыйнап алып, кеңешме өткөргөндө ушул аял жөнүндө да сөз болгон. Ошондо Жапар бул аялдын ал-жайын билмекчи болуп блокнотуна жазып алган. Бирок Жапар колхоз жумушуна айланып кетип, аны такыр эсинен чыгарып салган. Эми аны Күмүш айтканда, Сатарды көргөндө гана эсине түшүрүп, аскер кызматындагылардын оорулуу үй-бүлөлөрүнө ушул күнгө чейин жардам бердирбегенине абдан өкүндү.

– Эми бар, садага, жумушуңа. Председатель менен сүйлөшүп, энеңди мен арашанга жибертейин, – деди Жапар кичине Сатарга.

* * *

Эки жерде эки лобогрейка. Канаттарын бирде жогору көтөрүп, бирде төмөн түшүрүп, тегеренип-дырылдап, эгин чаап жатат. Экөөнүн тең үстүндө отурган кишилери, аттарынын үстүндө минген балдары бар.

Чүкөбай камчысын үйрүп, колун силкип бирдеңке деп айткансып, ачууланып, лобогрейканын бирөөн жандап бастырып кетип бара жатты. Бир кезде ал буларды бет алып келе жаткан Жапарды көрдү да, лобогрейкадан бөлүнүп, утурлап бери бастырды.

– Ботом, деди Чүкөбай Жапарга жакындап келе берген кезде. – Ботом, ушул Желдеңбайдыкы өттү го мага. «Эгинди жакшылап чап» деп, буга айтып жатып тилим да тешиле турган болду. Карачы, кагылайын, Жапар, – деди ал колун силкип, чабылган аңыздарды көрсөтүп. – Көрдүңбү, тигинин чапкан эгинин, көбүн калтырып, чачып бүтүрүптүр.

Чүкөбай Жапарды ээрчитип, машина менен чабылган аңыздарды кыдырып бастырды. Машинанын тиштерине илинбей ала калган эгиндерди, аңызда калган баштарды көрсөтүп.

– Көрдүңбү, кагылайын, анан кантип кишинин ичи күйбөсүн? «Жакшылап чапкыла, жакшылап тарткыла, жердс бир тал да эгин

калбасын» деп, алда нече курдай айттын эле, эми булардын кылып отурганын карабайсыңбы? Мынча эгинди минтип жерге калтырсак, быйыл да куру калат экенбиз го? Ай, ушулардыкы өттү го! – деди Чүкөбай.

– Аксакал, айтканыңыздай эле аңыздарда калган эгин көп көрүнөт, – деди Жапар. Атына өбөктөп үңүлүп, аңызды карап, кайта ал башын көтөрдү: – Тиги кол менен орулган аңыздарда да жерде калган баштар бар көрүнөт, кыдырып көрдүм.

– Ал жакта да ушундай бекен? Эмесе, бизди балакет баскан экен го. Эми эмне кылчумун, катыгүн!

– Ачуулануу менен жумуш бүтпөйт, аксакал. Андан көрө эми мунун чарасын көрөлүк.

– Кантип чарасын көрөбүз? Бүлөсү кургур жетишпей жатпайбы.

– Ал айтканыңыз ырас, аксакал, – деди Жапар, Чүкөбайдын сөзүн коштоп. – Бирок эсибизден чыгарбайлык, «Кеңеш» менен түзүлгөн социалисттик мелдеш бар. Анда «эгин коромжу болбосун, талаада бир баш да эгин калбасын...» деп көрсөтүлбөдү беле? Текшерүүгө эртеңки күнү «Кеңештен» комиссия келип, «мунуңар эмне», деп сурай калса, ошойдо уят болбодукпу? Ушунчабызда буга бир чара колдонолу.

– Ээ, иничек, – деди Чүкөбай Жапар менен жанаша бастырып. – Аныңа ким каршы болсун. Бүлөсү кургур жетишпегенинен айтып жатам да.

Жапар Чүкөбайга аңыздарда калган баштарды балдарга жыйдыруу жөнүндө айтты эле, ал жактырбаган кишидей колун силкип:

– О, кудай таала десе. Балдарга ишенгенде болобу. Былтыр да баш тердиребиз деп, бир топ баланы жыйнасак, качып болбой коюшкан.

– Эчтеме эмес, аксакал. Эчак каткан карт жыгачтар тезге келгенде, жаш чырпыктардын ийилиши жеңил эмеспи. Тигине, карабайсыңбы. Жумушка чыкпайт деген абышка-кемпирлер да тигинтип иштеп жүрүшөт. Балдар да жумушка чыгып калгысы бардыр, – деди Жапар күлүп.

Бир жерге келе берген кезде атын тык токтотуп, Жапар:

– Аксакал, кичи пейилдикке атыңыздан түшүп, коломтодой жерден мага баш терип бериңизчи. Канча болор экен, көрөйүн, – деди.

Чүкөбай атынан ыргып түшүп метрче жерден бир машак буудай

терип, Жапарга берди. Жапар аны ушалап, буудайды бет аарчысына түйүп чөнтөгүнө салды.

Алар аяңдап жүрүп отуруп шоссе жолдун үстүндөгү жаздык буудайга келишти.

Буудайдын сабагы киши бою, башы бир карыш болуп, ыргалып бышып турат.

– Аксакал, бул буудай да бышкан экен. Комбайнды эртең ушуга салсак кантет.

– Кантип салабыз, – деди Жапар күлүп, – эң обол мунун арыгын түзөттүрөлү. Ага чейин комбайн азыркы чаап жаткан жерин бүтсүн. Үч-төрт күндөн кийин да муну чаптырсак кеч болбос.

Буудайдын баш-баштары орулуп, коркоюп куру сабактары турган жерлерди көрө коюп:

– Ботом, бул жери эмне болгон? Алда балакет баскырлар ай, э! Бирөө уурдап оруп кеткен го, – деди Чүкөбай этек-жеңин чапкылап. –

– Аксакал, элиңерде ушундайлар да барбы?

– Бар, кагылайын, бар. Былтыр эгиндин көбүн ушинтип бүтүрүшкөн.

Булар буудайдан чыгып, жалгыз аяк жолго түшүп, кыштакты көздөй бастырышты. Түш ооган кез. Бет алдынан Боомдун жели согулуп, аттардын көкүл, жалдарын желбиретип бара жатты.

– Токто, аксакал. Бир нерсени байкадыңызбы, – деп бир кезде Жапар атын тык токтотту да, башын көтөрүп, эки жагын карап, мурдун улам-улам тартты.

– Эмне, кагылайын?

– Бир нерсени байкадыңызбы?

– Жок. Ал эмне экен?

– Бир жактан куурулган буудайдын жыты келет.

– Койчу.

– Ырас. Жакшылап мурдуңузду тартып көрүңүзчү, – деди Жапар күлүп.

Чүкөбай да башын көтөрүп, таноосун кыпчып, эки-үч курдай тартты.

– Ырас эле мурдума коңурсуган бир жыт келет.

– Эмесе, ошол болду-болбоду буудайдын жыты.

– Буудайдын жыты экенин сен кайдан билесиң? Балким, башка бир нерсенин жыты чыгар.

Жапар согушта жүргөн кезинде өзүнүн бөлүгү менен душман ээлеген бир селодо чабуул жасаганын, ошондо Жапардын мурдуна бет алдынан дал ушундай бир жыт келгенин, ал жыт немецтер өрттөп качкан складдагы колхоздун буудайынын жыты экенин айтты эле, Чүкөбай:

– Ой, тобо! Ошондой да, иничек... Болсо болор, – деп койду таңданып.

Жапар атын камчылана бастырып, алды жагындагы бир дөңсөөгө чыкты.

Күн төмөндөп, ысык шооласы көздү уялтып, так маңдайга түшөт. Жапар жок издеген кишидей башын көтөрүп, колун серепчилеп, эки жагын карады. Чүкөбай да аны менен бирге бастырып чыгып, «Чунак баланын эмне билгени бар?» деп, таңданып, эки жагын ал да карап турду.

Баш учуна көз жетпеген, кең талаа. Кээ бир жери кубарып, кээ бир жери саргарып, соккон желге шуудурап, ыргалып турган калың эгин; эгиндердин арасында бирде өйдө, бирде ылдый болуп, кыбырап, ары-бери басып, эгин оруп жүрүшкөн орокчулар, орокчулардын сол жагында кырманда эгин сапырып, эгин бастырып жатышкан колхозчулар; жакында, бет алдында, бактары дүмпүйүп, тамдары бозоруп, мемиреп тынч жаткан колхоздун кыштагы, баары да Жапардын көз алдына көрүндү.

Айлана тынч...

Кырман жактан да, кыштак жактан да угулган эч бир табыш жок. Алдындагы аттары бышкырып башын чулгуп, ылаалап, куйругу менен анда-санда жан-жагын ургулайт.

– Көрдүңүзбү, аксакал. Тетиги бүлбүлдөп түтүн чыгып жаткан үйдү, – деди Жапар бир кезде Чүкөбайга бурулуп, колун сунуп көрсөтүп.

– Жок-жок. Кайсы үй? Көрбөй жатам...

– Тетиги көрүнгөн кара бактын алды жагындагы кичине үйдү.

– И, и... эми көрдүм.

– Жүр, ошондо баралы.

Жапар дөңдөн ылдый атын сойолонтуп түштү да, жөнөп калды. Чүкөбай да бирге жөнөдү.

Кыштактын четинде жер кепеге окшоп бир үй турат. Дарбазасы жок. Бар болгону – эки терезе. Ал да сынган, рамаларынын көздө-

рүнүн бир-экөөндө гана айнек болбосо, калгандарына кагаз жабыштырылган. Кишинин киндигиндей болуп үйүнүн төбөсүндө чочоюп мору турат. Жүлүндөй көк түтүн ошондон бирде чыгат да, бирде жоголуп калат.

Жапар бастырып келип, атын тык токтотту. Башын көтөрүп, дагы эки-үч курдай мурдун тартты да:

– Аксакал, атыңыздан акырын түшүп, үйгө кирип, караңызчы, – деди Жапар Чүкөбайга.

Чүкөбай атынан ыргып түшүп, үйгө кирди.

Чүкөбай эмнегедир буйдалгансып калды. Кобур-собур сөздөр, «атаа, жакшылык көрбөгүр ай, э! Ушундайыңдан сен жакшылык көрбөй жүрөсүң» деген Чүкөбайдын үнү угулду. Бир аздан соң, ал бир табак куурулган буудайды оң колуна алып, сол колу менен анткор кемпирди жакадан алып, сүйрөп чыкты.

– Иничек, сенин айткан жаңкы сөзүн туура чыкпадыбы. Буудайды уурдаган ушул тилеги жок тура. Көрдүңбү, – мына бул буудайды? Үйүндө дагы бир баштык буудай турат. Токто, мен аны да азыр алып чыгайын, – деди да Чүкөбай шашып, кайта үйгө кирип, бир баштык буудай көтөрүп чыкты.

Айыбы ачылган анткор кемпир көзүнүн кыйыгы менен бирде Жапарды, бирде Чүкөбайды, бирде баштыктагы буудайды карап, ооз ичинен күңкүлдөдү:

– Аңыздан терип алдым эле.

– Оо, ыйманы жок. Ыйманы жоктун айтканын карасаң... Аңыздан терип алган буудай ушундай болобу. Карабайсыңбы? – деп, Чүкөбай баштыктын оозун ачты. Баштыкта шыкалган буудайдын өңчөй баштары. Баары да оруп алынган ичинде илмектей болуп бир курч кол орок да жүрөт.

Аны көргөндө анткор кемпир тана албай шылкыя түштү. «Эми буга Жапар эмне дээр экен?» дегенсип, Чүкөбай сөзүн токтотуп, Жапарды карады.

«Буга кандай кылсам?» – деп Жапар атынын жалын тиктеп, чекесин тырмап, ойлонуп калды. Бир аздан соң ал башып көтөрүп, Анткорду карады:

– Байбиче, эсиңдеби, – деди Жапар кемпирди карап. – Биринчи ирет биз жүз көрүшүп, кеңешме өткөргөнүбүздө «колхозго кол кабыш кылам» деп убада кылбадыңыз беле? Ал убадаңызды унутту-

ңузбу? Көрдүңүзбү, башкалар тигинтип иштеп жатышат. А сиз болсоңуз минтип жүрөсүз. Бул жөнүндө биз балаңызга жазабыз.

– Кагылайын, балам, андай кыла көрбө. Мындан кийин мен мындай ишти кылбайын – деди.

– Оо, көзүңө ак түшкүр! Кыларын кылып коюп эми акчыланып ыйлап жатканын кара... Андай ыйлайт экенсиң, уурулук кылбай койбойсуңбу. Сурап албайсыңбы, сураганда качан биз сага бербей койдук? – деди Чүкөбай ызырынып.

– Макул, байбиче, – деди Жапар. – Уулуңа мунуңду айтып, кат жазбайлык, иш эми мындай болсун: жалкоолукту, уурулукту таштап, өндүрүштө мыкты иштеп, таман акы, маңдай териңиз, эмгегиңиз менен күнөөңүздү актаңыз. Ушуга макулсузбу?

– Макул, кагылайын, макул.

– Колхоздун жумушуна чыгасызбы?

– Чыгайын, кагылайын, чыгайын.

– Кемпирлердин ыркын бузбайсызбы?

– Бузбайын, кагылайын, бузбайын.

– Алып кел, эмесе, колуңузду, – деди Жапар.

Анткор басып келип Жапарга колун берди.

Мындай жөнөй беришкенде, Чүкөбай:

– Жарайсың, иничек жарайсың! – деп Жапарды далыга какты.

* * *

Күн – эртең мененки саат сегиз.

Колхоздун мектеби. Мектептин ичи кенен, жарык. Алды жагында – чоң кара такта. Тактадан ары – кырка коюлган көп парта. Парталарда отурган – отузга жакын балдар.

Алардын ичинде Сатар да бар.

Жапар балдарга бетин салып, алардын эң алдында отурду.

– Иничектер – деди Жапар бир кезде башын көтөрүп, балдарды карап. – Мен силерге бир кызык аңгеме айтып берейин, угасыңарбы?

– Угабыз, байке, угабыз, – дешти балдар туш-туш жактан чуулдашып.

– Андай болсо, айтайын. Силер немец деген элди билесиңерби?

– Билебиз!

– Жанакы биз менен урушуп жатканбы?

– Ооба, ошол. Алар силердин тынч турмушуңарды, кызык уйку-

ңарды бузуп, атаңарды кул, энеңерди күң кылмакчы болуп, батышта биз менен урушуп жатышпайбы. Ошол немецтер күздүн күнү, биздин кыштак сыяктуу бир кыштакты басып алышат. Кыштактын эркектеринин бардыгы да партизан болуп, токой арасына кетишет. Үйлөрүндө катын-балдар гана калышат. Немецтер короодон-короо, үйдөн-үй койбой кыдырып жүрүп, колдо бар эгиндин баарын да тартып алышат. Ал гана дейсиңерби? Аягы менен турган эгиндерди да ордуруп, чаптырып, бастырып, аны да алышат. Токойдо жүргөн партизандарга, албетте, тамак керек да. Тамаксыз алар немецтер менен согуша алчубу? Ошондо кыштактын силерге окшогон балдары жыйналып, аңыздан аңыз койбой кыдырып, машак терип, үч-төрт центнер буудай жыйнашат. Аны немецтерге көрсөтпөй, акырын тегирменге ун салдырышып, токойдогу партизан аталарына жеткирип беришет. Ал гана дейсиңерби? Балдар күндүз немецтердин санын, курал-жабдыктарын, турган үйлөрүн байкап, партизан аталарына айтып берип турушкан. Партизандар балдардын берген маалыматтары боюнча түндө келип, немецтерге чабуул коюп, аларды кыргынга учурата беришет. Ошондо немецтин бир офицери селодогу балдарды жыйнап алып, аларга конфет, кант көрсөтүп алдап, алардан партизандардын кайда, кайсы жерде тургандарын сураган. Бирок балдардын эч кимиси да ага айткан эмес. Балдардын эң алдында көзүн алаңдатып, коркуп, араң турган жети-сегиз жашар бир баланы жанына чакырып алып, офицер:

– Сен жакшы бала. Мен сага конфет береди. Сен партизандардын кайда жүргөнүн бизге айтсаңчы, – деп ал орусча чала-була сүйлөп, чөнтөгүнөн бир конфетти сууруп чыгат да, балага карматат. Бала бирде конфетке, бирде балдарга, бирде жанында турган үрөйү суук офицерге жалдырап карайт.

– Сен, бала неге токтоду? Коркпо, сен жакшы бала. Партизандарды айтса, биз дагы сага конфет береди, – деп офицер чөнтөгүнөн дагы бир топ конфет сууруп чыгат.

Ошондо бала башын көтөрүп, балдарды караган.

«Балаа болуп, эми бул партизан аталарыбызды айтат экен» дешип, анда турган балдар коркуп, оозу-баштарын кыймылдатып, «айтпа, өлсөң да айтпа!» дегендей маанини билдиришкен.

– Ну, бала, айтсачы! – деген офицер. Бала балдарды жалт карап алат да, офицерге бурулган. Баланын өңүнө бирден суздук, кандайдыр бир каардуу жек көрүүчүлүк пайда боло түшкөн.

Офицер баланы көргөндө корккон мышыктай үрпөйүп:

– Ну, бала, айт! Ато мен сени!..

– Айтпайм! Сенин конфетиңе кызыгып партизан аталарын айта турган мында орустун баласы жок, – деп бала бирден кыйкырган да, колундагы конфет менен офицерди бетке урган!

Офицер жинденген, ызаланган. Эки көзү кутурган иттин көзүндөй боло түшүп, тапанчасын кабынан сууруп чыгып:

– Мына сага, орустук бала! – деп баланы аткан.

Муну укканда баятан бери мурдун анда-санда шор-шор тартып коюп, Жапардын сөзүнө чын ынтасын коюп, тыңшап отурган кетирекей кара тоголок бала:

– Оо, доңуз! – деп өзүнөн-өзү кыйкырып жиберди.

Жапар ага көзүнүн кыйыгын салды да, анын патриоттук сезимине кубанып, мурутунан жылмайды. Бир аздан соң:

– Көрдүңөрбү? – деди Жапар балдарды кыдырата карап алып. – Көрдүңөрбү, фронт жериндеги биздин балдар ошондой. Душмандын тезден жеңилиши, ата-агаларынын аман-эсен батырак үйгө келиши үчүн ошентип эрдик көрсөтүп жатышат. Ошенткен балдарды ким жаман көрсүн? Аларды бүткүл совет эли, кыргыз эли жакшы көрөт. Аларды мен да жакшы көрөм.

Жапар бет аарчысына түйүлгөн кечеги буудайды чөнтөгүнөн алып чыкты. Ичиндеги буудайды алаканына салды.

– Көрдүңөрбү, садагалар? – деди Жапар алаканын жайып көрсөтүп. – Кечээ биз ушуну аңыздын бир метр жеринен терип алдык. Өлчөп көрсөк, оордугу жети жүз грамм экен. Демек, орто эсеп менен алганда, гектарына бир центнерден эгиниңер талаада калыптыр. Колхоздо айдалган эгиниңер үч жүз гектарча келет. Андай болсо, канча эгиниңер талаада калат экен? Кана, эсептеп көргүлөчү.

– Үч жүз центнер экен.

– Туура айтасыңар, үч жүз центнер келет. Эми биз ошончо буудайды талаага калтырганыбыз болобу? Албетте, болбойт. Аны биз коромжу кылбай, жыйнап алуубуз керек. Ошондой эмеспи, садагалар? Кана, өзүңөр айткылачы?

– Ооба, байке, ошондой.

– Андай болсо, кана, жыйнаганыңар? – деди Жапар колун силкип көрсөтүп. – Тиги отурган Сатардан башкаңар үйүңөрдө эле жүрөсүңөр, Сатарды ким жаман көрсүн? Сатарды колхозчулардын баа-

ры да, мен да жакшы көрөм. «Колхоздо балаң иштеп жүрөт» деп, мен анын армияда жүргөн атасына мактап кат жаздым, Силер да колхозго кол кабыш кылсаңар, силерди да айтып кат жазам. Эми, садагалар, жаңкы өзүңөр айткан үч жүз центнер эгинди талаага калтырбагыла. Сатарга жардам кылышкыла, баш теришкиле.

– Макул, байке!

– Ошентели.

– Эмесе, колхозчуларча айтканда – «бригадир», пионерлерче айтканда – «пионержетекчиси» кылып араңардан эки баланы шайлап алгыла. Кана, ага кимди көрсөтөсүңөр?

– Сатар болсун.

– Зийна болсун...

– Зийнаңар ким? – деди Жапар.

– Мына бу, мына бу отурган кыз, – дешип балдар он-он бир жашар бир кызды көрсөтүштү.

– Жакшы болот. Эмесе, ошол экөө болсун. Эртең саат сегизден калбай термеге чыккыла. Мен силерди орокчулардан күтөм, – деди Жапар.

* * *

Жапар түндө председатель, бригадир, звено, кырман баштыктарын жыйнап, алардын иштери менен таанышып сөздөрүн угуп, алдыңкы күндүн иш пландарын түзүп түн ортосу ооган кезде гана жаткан болучу. Ага карабастан Жапар бүгүн эрте турду. Ал эмнегедир шашып, бети-колун жуунуп, дароо атына минди.

Жапар кантип шашпайт? «Кеңеш» колхозу менен жарышкан социалисттик мелдеш бар. Мелдеште көрсөтүлгөн срок да жакындап кирип келди, бар болгону – үч күн калды. Демек кырманга барып, пристанга түндө жөнөтүлгөн, бүгүн күндүз жөнөтө турган эгиндердин эсебин алып, анан балдарды орокчулардан күтүү керек.

Жапар салып уруп кырманга келди. Күн тоо-тоонун чокуларына нурун чачып, жаңы гана кылтыйып чыгып келатат. Убакыт али эрте болсо да, кырманда эл көп. Баары да жайында. Кыз-келиндер чогулушуп, – «Болсочу, эми качан жүргүзөт, күн чыгып калды» дешип, шашкалакташып, молотилканын жанында турушат. Кандайдыр бир үч-төрт аял, сары кыр үймөктүн үстүнөн жерге боо түшүрүүдө. Тракторчу жигит карала-торала болуп, трактордун алдында тыкылдатып

трактордун бирдемесин оңдогонсуйт. Санташтан соккон азыраак жел бар. Ал желге Иликбай карыя каадасынча, – «кел, орток кел!» деп, анда-санда үн салып коюп, эгин сапырууда. Сапырылган эгиндердин чаңы асманга учуп, топону созулуп куйрук болуп, кызылы бет алдына себеленип түшүп жатат.

Арабаларына жык толтура эгин салып, жаңы гана пристанга жүрмөкчү болуп жаткан арабалардын жанында турган Оморбектин жанына Жапар келип:

– Иш кандай, жолдош Оморбек? – деди.

– Эң сонун.

– Сонун болгондо?

– Азыркы жөнөтүлгөн эгинди кошкондо, мамлекетке төккөнүбүз сегиз жүз элүү центнер болот. Эми ашып кетсе эле үч күндүн ичинде планды толук аткарабыз, – деди Оморбек.

– Эмесе, иш жакшы. Бирок ишти дагы күчөтпөсөк болбойт. Кандай кылсак да үч күндүн ичинде планды аткаргандай бололу. Антпегенде, «Кеңешке» уттурабыз, – деп Жапар Оморбекке пристанга эгин жөнөтүү, эгин бастыруу жөнүндө дагы да бир топ кеңеш айтты да, атын шарт камчыланып алып, желдире бастырып, эгин тартып жаткан карыяларды көздөй жөнөдү.

* * *

Кожомкул карыя аңыз үстүндө абышкаларды жыйнап алып, аларга жумуштун арбыбагандыгын, али да болсо, аңыздарда толуп жаткан эгиндердин бардыгын, «биринчи сентябрга чейин ташылбаган талаада эч бир эгин калбасын» деп, «Кеңеш» менен түзүлгөн социалисттик мелдеште көрсөтүлгөнүн айтты. Күндөгүдөн бүгүн эмнегедир жумушка кечигип келген жыртак көз абышкага, Кожомкул:

– Мелдеште артта калбайлы, уят болбойлу, – деп колхозубузда чоң-кичине дебей минтип иштеп жатышканда, сени кайсы кара басып жүрөт? Эгин тарта баштаганыбызга бир топ күн болуп калса да, ошондон бери адамды кубантарлык иш кыла алганыбыз жок. Тиги «Кеңешти» карабайсыңарбы, эгинин ташып бүтүп коюшту деп угуп жатам, – деп ачууланды.

– «Кеңешке» биз кантип тең келебиз? – деди жыртак көз абышка.

– «Кантип тең келебиз?» – деп, сен эмнени айтып отурасың?

Тең келмек түгүл, балдар аны менен мелдешке чыгып отурушпайбы? Бизге да ар-намыс керек го. Мелдеште утулуп, уят болгонубуз кандай? «Түн – бакырдыкы» деген, түндө да иштейли. Азыр ай жарык.

– Кожомкул, мени бир жалкоодон бетер эле сен жемелеп калдың. Андай кыйын экенсиң, мени менен мелдешесиңби? Ошондо сен менин жалкоолугумду же кечигип жумушка келгенимди көрүп ал.

– Макул эле. Качкан – катын. Келе колуңду, – деп, Кожомкул ага колун берди.

– Мына колум!

Эки абышка кол алыша кетти.

– Канчадан ташыйлы?

– Сен эле айт.

– Мен айтсам, күндүз – жыйырма чийнеден, түнкүсүндө – он чийнеден ташыйлы, – деди Кожомкул.

– А, болуптур.

Эки карыя силкишип, дагы да кол алыша кетти.

– Силер анчадан ташыганда, биз эле карап жатмак белек. Биз да мелдешебиз, – деди башкалары да.

Команда бергенде аттарына чуркаган аскерлердей болушуп, карыялар өгүздөрүнө чуркашты. Чийнелерине, арабаларына зыңгырата боо басып, убай-чубай кырманды көздөй жөнөштү.

Дал ушул учурда Жапар Кожомкул карыянын алдынан чыкты:

– Иш илгери, Кожоке!

– Айтканың келсин, балам.

– Кожоке, ишиңиз кандай?

– Жаман эмес, балам, – деп Кожомкул карыя өгүзүн тык токтотту. Азыркы болгон жыйналышты, социалисттик мелдешти, карыялар түнүчүндө да эгин ташымакчы болушканын Жапарга кыскача айтып келип: – Балам, сен бизден кам санаба. Силерди биз «Кеңешке» уят кылбайбыз. Андан көрө, тиги мамлекетке төгө турган эгиниңер эмне болуп атат? Оболу ошону айтчы. Деги «Кеңештен» мурда бүтө турган көрүнөсүңөрбү? – деди

Жапар эки-үч күндүн ичинде пландын толук аткарылышын айтты эле:

– «Сокурдун издегени эки көз» деп, биздин тилегенибиз ошол эмеспи. Ылайым ошондой болсун, кагылайын, – деди Кожомкул.

Кожомкул селт этип, бирдемесин жоготконсуп, эки жагын ка-

ранды да, кырманга жакындап барып калган жыртак көз абышканы көрө коюп:

– Кокуй балам! Тиги жыртак көз кырманга жакындап калган турбайбы. Ал экөөбүздүн ортобузда мелдеш бар, мен андан калбайын – деп, өгүзүн үстөккө-босток койгулап, шашкан бойдон жөнөп калды.

* * *

Күн барган сайын жогору көтөрүлүп, жер-сууну ысытып, орокчуларды боргулдатып тердетет.

Саат сегиз.

Балдардан али дайын жок.

– «Капырай, балдар келбей калып жүрбөсүн?» – деп, Жапар сабырсызданып, бир дөңсөөгө чыгып, эки көзүн кыштактан албай, ат үстүндө карап турду.

Бир кезде строй менен кыштактан бери чыккан балдарды көрүп: «Келе жатышкан экен, садагалар» – деп, Жапар кубанды.

Пионерлер орокчуларга жакындап келгенде, кагылган барабандын:

«Бир, эки, үч!

«Бир, эки, үч!

«Бир, эки, үч!» деп команда берип келаткан Сатардын үндөрү угулду. Эң алдында көтөрүп алып келе жатышкан кызыл желеги да эртеңки жумшак желге желбиреди.

Балдар бир сапка тизилип, моюндарына баштыктарын асынышып, орокчулардын жанына келип токтошту. Орокчулар баштарын көтөрүп, балдарды карап, баары да жылмайышты.

Жапар парадды каршы алгандай, сапка тизилип турган балдарга бастырып келди.

– Мына, Жапар ага. Жыйырма тогуз бала келдик, – деди Сатар.

– Рахмат, иничектер, рахмат, – деди Жапар да башын ийкеп.

## XIII

Күн сайын эрте туруп, атына минип, эгин аянттарына барып, кайсы бригада кайда, кайсы жерде иштеп жатканын, кимдин качан, кайсы убакта жумушка чыкканын текшерүү Жапардын адаты. Жапар ошол адаты боюнча атына минип, желдире бастырып, орокчуларды көздөй жонөп калды.

Күн аркан бою көтөрүлгөн кез. Айлана тынч...

Көз кайкыткан чоң аянтта ыргалып, бышып турган буудайды туш-тушунан камап алып, шартылдатып оруп бара жатышкан орокчулардын орогунун табыштары гана бул тынчтыкты бузгандай болот.

«Карысам да кантип мен силерден калышайын» дегендей кылып, Жутабай карыя да чекесинен мончок-мончок терин агызып, буудай оруп жатат.

Күмүш байбиче менен Анткор кемпир да биринен бири өтүүгө эрегишкенсип, баш көтөрбөй тесте салып, боо байлап, бай тигип, ар кайсы жерге коюп кетип бара жатышты.

Күн ысыгандан ысыды. Бир кезде Жутабай карыя башын көтөрүп, күндү карап:

– Кудайдын күнү ай! Бүгүн өзгөчө ысыганын карасаң... Күндүн көзүндө токумдай булут болсо, күн мынчалык ысыбас эле, – деп, ал маңдай терин жеңинин учу менен сүрттү да, келе жаткан Жапарды көрүп:

– Жапар да келе жаткан экен. Болгула, кагылайындар. Күн көп ысый электе бир топ оруп таштайлы, – деди Жутабай.

– Салоомалейкум, Жутаке, – деди Жапар жанына жакын бастырып келип:

– Алейкумассалам.

– Жутаке, өзүңүз да орокко кирген экенсиз го?

– Ооба, кагылайын. «Бригадирмин» деп компоюп, ат үстүндө бастырып жүрө берсем, жумуш бүтөбү?

– Рахмат, Жутаке, «Миң койду бир серке баштайт» деп, колхозчуларга ошентип өзүңүз башчы болбосоңуз болобу? – деди Жапар. Башын жогору көтөрүп, орокчуларды карады. – Жутаке, орокко баары да чыгып жатышабы?

– Ооба, балам.

– Анткор кемпирчи?

Жапардын сол жагында, орокчу аялдардын арасында боо байлап жүргөн Анткор кемпир Жапардын бул сөзүн уга коюп, башын көтөрүп «Мен мында!» дегенсип, улам-улам тамагын кырып, машинадай ылдамдык менен боо байлай баштады. Жапар аны көрө коюп:

– О, байбиче да байбичелик кылып, тигинде иштеп жаткан турбайбы, – деди Жапар Анткорго угуза.

Жапар Анткорду «анткор» дебей, «байбиче» деп айтканына ал ого бетер кубанды, көңүлү ого бетер көтөрүлүп:

– Болгула, кагылайындар, болгула! – деп башкаларга демилгечи боло кетти.

Анткордун жанында шартылдата буудай оруп кетип бара жаткан кандайдыр бир келин:

Кана, жаштар, оролук.
Кечке чейин бололук,
Фронтко дан берип,
Жоону тезден жоёлук. –

деп, созолонтуп ырдап жиберди. Калгандары да ага кошулушту:

Бир тал эгин талаада,
Орулбастан калбасын.
Эки ортодо арада, –
Боолонбой буудай калбасын.

Орокчулардын артында баштыктарын мойнуна асынып, жайылышып ары-бери басып, машак терип жүрүшкөн пионерлер – балдар да буларга кошулуп ырдап жиберишти:

Армияда атабыз,
Раазы болсун биздерге:
Жазбай атып катасыз,
Сокку урсун Гитлерге.

Алардын жанга жагымдуу, сүйкүмдүү, назик үндөрү толкунданып алыска, алда кайда кетти.

Боргулданып тердеп, үн салып ырдап, баш көтөрбөй орок оруп, боо байлап жатышкан кемпирлерди, келин-кыздарды, машак терип жүрүшкөн балдарды Жутабай карыя башын көтөрүп, кылчайып карап алып:

– Баракелде! Күндүн ысыганын кара, ырдап-күлүп иштеп жүргөн биздин колхозчуларды кара! Тылда ушундай эли бар элди жеңем деген Гитлердин өзү да бир акмак экен го, балам, – деди ал Жапарга.

Алыстан, кырман жактан түшкү тамак мезгили болгонун билгизип, коңгуроо кагылды.

Эки чаначка толтура ачкыл жүктөп, бир куржун көзү токоч салынып, атын дердеңдетип салып уруп, Оморбек да жетип келди.

Оморбек атынан түшпөй жатып эле:

– Сүйүнчү Жапар ага, сүйүнчү Жутаке, – деди шашып.

– Болсун-болсун, кагылайын.

– Эмне, эмне экен?

– Биз «Кеңештен» өтүптүрбүз. Мына, карагылачы, газетада жүрөт – деп, Оморбек атынан ыргып түшүп, райондук газетанын соңку чыккан номерни чөнтөгүнөн сууруп чыкты.

Орокчулар жыйналып калышты. Балдар да келишти. Жапар газетаны колуна алды. Анда район боюнча мамлекетке эгин тапшыруунун сводкасында биринчи болуп «Өрнөк» колхозу жазылган экен.

– Ырас эле «Кеңештен» биз өтүптүрбүзбү? Жаңылыш болуп жүрбөсүн, дагы кайта жакшылап окучу, балам, – деди Жутабай Жапарды карап.

– Ырас, Жутаке, ырас! – деди Оморбек Жапардан мурда озунуп. – Биз тиги кырманда да окудук. Чын эле биз алардан алда экенбиз.

Жапар Оморбекти карап, мурутунан азыраак жылмайды да;

– Жок, жолдош Оморбек, – деди Жапар, – бүгүнкү күнү биз өткөнүбүз менен эртеңки күнү алар өтүп, сводкага биринчи болуп түшүп калар. Аны биз кайдан билебиз? Андан көрө планды алардан мурда аткарып, районго рапорт берсек, ошондо биз аларды жеңген болобуз,

– Буюрса, план да бүгүн бүтөт. Пристанга эртең менен жети араба узаттым. Азыр да кырманда алты арабалык даяр эгин турат. Муну да бүгүн жөнөтөм. Мына, план дегениңиз ошону менен орундалат да калат, – деди Оморбек.

Орокчулар бир-бирине карашып баш ийкешип, күбүрөштү, жылмайышты, жүздөрүндө чоң шаттык кубаныч пайда болду.

– Кана, эми тамакка!

Орокчулар тарап бети-колун сууга жуунушуп, арыктын жээгине чыккан жалгыз түп талдын көлөкөсүнө келип жыйналышты. Уй мүйүз тартып отурушту. Чанач да чечилди. Ачкыл куюлду, улуулата сунулду. Жаңы буудайдын унунан ачытып, бышырган Айымбүбүнүн сонун токочтору колдоруна тийди.

Жутабай карыя колуна тийген бир аяк ачкылдын жартысын тынбай туруп тартып жиберип:

– Бах! Ачкыл болсо ушундай болсун. Кымыздан да кем эмес экен! – деп аягын жерге коюп, «Кудая бергениңе шүгүр!» деп, сакал-мурутун сылап, карт-карт эки курдай кекирди да, калган ачкылына нан малып жей баштады.

Балдар да кырка тизилишип отурушуп ачкыл ичишип, токоч жеп жатышты.

Жапар жаагын таянып, эмне үчүндүр ойлонгонсуп отурду. Орокчулар тамагын ичип болгон кезде, Жапар:

– Жутаке, – деди ал Жутабайды карап. – Планды болсо, ошентип бүтө турган болуптурбуз. Бирок менин бир корккон жерим болуп отурат.

– Ээ, балам, эмне болуп?

– Бизде оруу-жыюу жагы начар болуп атат. Эртеңки күнү «Кеңештен» комиссия келип: «Планыңар го план. Аныңарга талашыбыз жок. Бүтүпсүңөр. А бул оруу-жыюуңар эмне үчүн мындай?» – деп сурап калышса, биз ошондо уят болдук го! Мен ошондон коркомун. Өзүңүз билесиз, биринчи сентябрга чейин оруу-жыюу бүтсүн деп социалисттик мелдеште көрсөтүлбөдү беле?

– Ооба, эсимде.

Жапар колун сунуп, талаа жакты көрсөттү.

– Тигине, караңызчы, эгиниңердин баары да кыйгас бышты. Тиги жолдун үстүндөгү экинчи бригаданын жаздык буудайы... дей бергенде «балаа болуп менин уурулугумду айтып жибербегей эле» деп анткор кемпир:

– Ооба, кагылайын, ал күбүлгөнү араң турат. Аны эртең орбосок болбойт – деп, ал ордунан обдулуп барып отурду.

– Аны оргондо, муну кантебиз? Бул андан бетер бышып, колго келбей жатпайбы, – деди кимдир бирөө келиндерден.

– Байбиче туура айтат. Аны орбосок болбойт, – деди Жапар анткорду коштой. – Менде бир ой турат. Сиздер ага кандай дээр экенсиңер?

– Ал кандай ой экен?

– Айтагой, кагылайын, айт!

Кырманчылар да мелдешип, ай жарыгына салып иштеп жатышканын Жапар айтып келип, орокчулардын да түндө иштешин, антпегенде мелдеште көрсөтүлгөн мөөнөткө чейин оруу-жыюу бүтпөсүн, эгин коромжуга учурашын, күбүлүшүн айтты эле, анткор кемпир баарыдан мурда озунуп:

– Жакшы болот, кагылайын, ошентелик, – деди.

– Какчаңдаган кара баскыр, жөн эле отурса боло. Ошентүкениң менен анткорсуп каадаңча өзүң эле жумушка чыкпай коёрсуң – деген орокчу келиндердин бирөөнүн үнү угулду.

– Анткорго мени коё бергилечи, андай кыйын экен, ал мени менен иштешип көрсүн, – деди дагы бир келин.

– Иштесе иштейм. Мен эмне, айдатып иштемек белем? Эр болсоң, сен мени менен иштешип көр, – деди анткор аны жаман көзү менен карап.

– Макул эле, качпа, сөзүңдө тур, – деп ал келин ордунан туруп келип, анткорду колдон алды.

– Макул, качпайм.

Анткор аны менен кол алыша кетти. Келиндер аларды карап, шаңкылдап күлүштү.

– Биз силерден калышмак белек? Биз да чыгабыз,

– Чыгалык...

– Антпесек жумуш бүтөбү? – дешти орокчулар.

Бир четте өз кызыктары өзүндө болуп отурушкан балдар бирбирине баш ийкешип, күлүңдөшүп, алар да бир нерсе жөнүндө сүйлөшкөндөй, кеңешкендей болушту. Араларынан Сатар менен Зийна Жапарга жакын басып келишти.

– Байке, биз да түндө жумушка чыгалы. Жумуш батыраак бүтүп кетсин, – деди Сатар.

Кечээ эле Чүкөбай буларды «эси жок, чунак балдар, тил алат дейсиңби? Термеге кайдан чыгышсын» деп, Жапарга айтпады беле? Ошенткен колхозчулардын карапайым балдары бүгүнкү күндө термеге чыгып, чоңдордон кем калышпай минтип иштеп жатышпайбы. Иштемек гана түгүл, алар эми эли-журту, Ата Мекени үчүн түндө да жумушка чыкмакчы, чоңдорго кол кабыш кылмакчы, жумушту тезирээк бүтүрмөкчү болуп, өздөрүнүн жалындуу жаш жүрөктөрүнөн чыккан пионердик сөздөрүн айтып жатышпайбы. Мындай сөзгө Жапар кантип элжиребейт? Кантип кубанбайт?

– Рахмат, садагалар, рахмат, – деди Жапар өзүнөн өзү толкунданып. – Бирок силерге түндө чыгууга болбойт!

– Эмне үчүн болбойт, байке? – деди Зийна да нааразы болгонсуп.

– Болбойт, садагалар. Силердин бул кызматыңар да оңой кызмат эмес.

Жапар Зийнаны эркелетип, маңдай чачын сылады да, бетинен өптү.

Бир кезде Жутабай чочугансып, башын көтөрүп, күндү карап:

– Оо, түш ооп калган тура! Кана, тургула эми, жумушка чыгалык, – деди. Ордунан турду. Башкалар да жапырт орундарынан турушту, жай-жайына тарашып, орокко киришти.

Убакыт өткөн сайын, ыргалып бышып турган калың буудайлар жапырыла берди. Бооланган боолор да бай тигилип, ар кайсы жерге коюлуп жатты. Балдардын терген машактары да дөбө болуп көтөрүлө баштады.

Күн төбөдөн эчак оосо да, анын ысыгы али кайткан жок. Мурункудай эле жер сууну жандырып, жан-жаныбар, макулукту чаңкатып, суусатып турат. Бирок орокчуларды да, машак терип жүргөн балдарды да күндүн ысыгы токтото албады. Алар ансайын күчөп, жоону камап алчудай болуп, төрт чарчы келген кенен аянтты уламдан-улам куушуруп, азайтып, буудайын шартылдатып, оруп кетип бара жатышты.

* * *

Чыгыштан батышты көздөй артынан чаңын уюлгутуп көзгө илешпей чимирилип бир көк машина келе жатты. Шоссе жолдун боюндагы ыргалып, бышып турган «Өрнөк» колхозунун жаздык буудайынын тушуна келе берген кезде, аяндап барып токтоду. Ичинен эки киши түштү. Жолдон чыгып басып келип, буудайды көрүштү. Бир аздан соң кайта барып, машинага түшүштү. Машина жүрүп келип, «Өрнөк» колхозуна бурулду.

– Ботом, булар ким болду? – деди Чүкөбай жогорку кырманда туруп. – Барайынчы.

Чүкөбай дароо атына минип, салып-уруп жеткенче машина көп токтобой ары карай жөнөп кетти.

– Тиги келгендер ким экен? – деди Чүкөбай эсепчиден, ат үстүнөн өбөктөп тура калып.

– Райком менен райисполком экен.

– Эмне дейт? Курманов менен Турумбеков бекен?

– Ооба, ошолор!

– Эмне дешти!

– Тиги жолдун үстүндөгү буудайыңарды эмне үчүн орбойсуңар? – деди. Сизди сурады. «Эртең саат тогузда кайта келебиз. Председатель эч жакка кетпесин, бизди күтсүн, эгиндерин кыдырып көрөбүз», – дешти.

– Ошенттиби? Алда кудай алкап кой ай, ээ! Эмесе тиги жолдун асты-үстүндөгү аянттагы бышкан буудайларды көрсөтүп, мени уялтат экен го? Эми эмне кылчумун? – деди Чүкөбай.

– Эмне мынчалык күйүнөсүз, аксакал? – деди эсепчи. – Айсулу комбайны менен бүгүн кечке бизге келет.

– Келсе да ал бир күндө эмне кылат?

– Эмне кылат дейсизби? Али күнчө сиз аны биле элек турбайсызбы. Асан «Өрнөктө» кандай иштечү эле? Айсулу андан артык иштебесе, кем иштебейт. Айсулуну баалаш керек.

– Качантан бери сен минтип иш билгенди, киши баалаганды билип жүрөсүң? – деди Чүкөбай ат үстүнөн.

– Анткен мен эмес, Курманов. Курманов ошентип айтты, – деди эсепчи.

Чынында ошондой эле. Айсулуну комбайны менен «Өрнөккө» жиберүү жөнүндө МТСке Курманов тапшырган болучу.

Бир күнү Курманов МТСке келип, трактордун жанында иштеп жүргөн кыргыз кызын көргөн.

– Оо, сиздерде трактористка болуп иштеген кыргыз кыздарынан да бар экен го? – деген секретарь.

– Ооба, аксакал, – деген МТСтин директору Петров.

– Ал – Айсулу. «Өрнөк» колхозунан. Өткөн жылы ал МТСтин жанында ачылган трактористтер курсунан окуган. Абдан зээндүү кыз. Анын сүйгөн жигити Асан да «Өрнөктө» тракторист болуп иштөөчү. «Андан мен кем иштебейм» деп Айсулу трактордун жанынан чыкпайт: Өзү айтканын бербеген бир сонун кыз.

– Эмесе, өз айтканын ал орундатат го. Кандай дейсиз? – деди секретарь.

– Албетте-албетте, – деди Петров да. – Өткөн жылы трактористтин жардамчысы болуп иштеген. Эми быйыл тракторду ал өзүнчө айдап жүрөт. Майда-чүйдөлөрүн өзү эле ремонттоп ала коёт. Тракторунун бузулганын мен эч бир көрө албадым.

– Андай болсо мыкты кыз экен, – деди секретарь.

– Ооба, ошондой! – деди Петров, да. – Курска «Өрнөктөн» эч кимиси келбей койгон. Бир күнү күтүлбөгөн жерден ушул кыз келип калбаспы. «Мени курска алыңыз» деп, жанымды такыр койгону жок. Алайың десем, «трактор айдоо аялдардын иши эмес» деп ата-энеси болбойт, албайын десем кыз болбойт, эки ортодо калдым. «Эмнеси болсо да курска алайын, кийин сүйгөн жигити Асан менен жарышка чыгып, трактордо иштеп жүрүшсүн» деп ойлондум да, курска алдым. Мына эми минтип өз алдынча трактористка болуп иштеп жүрөт.

Курманов «Өрнөккө» Айсулуну жиберерин эсепчиден укса да, Чүкөбайдын санаасы тынчыганы жок.

– Албетте, Айсулу келсе, абдан жакшы. Бирок эки аянттагы буудайды кантип ал бир түндө чаба алсын? Чапса дагы бир түндө бирөөнү гана чабар. Экинчисин кантебиз? Маселен, жолдун үстүндөгү аянтты?

Чүкөбай атын моюнга бир салды да, кайра жөнөдү.

Бул кезде Жапар төштөгү эгиндерди кыдырып көрүп, кайра жакага келе жаткан кези болучу.

Алдынан чыгып, Чүкөбай:

– Алда кагылайын ай, ээ! Сени издеп барбаган жерим калган жок, – деп шашып, атын тык токтотту.

– Эмне болуп кетти, аксакал?

– Эмне болгону курусун. Бая күнү эле комбайн менен чаптырып сала турганда сен болбой койбодуңбу? Болбогондо бул балакет жок эле. Эми эмне кылчумун?

– Жарыктык, түшүндүрүп айтсаңызчы, Эмнеге күйүп бышып жүрөсүз? «Чаптырып койбогондо» дегениңиз эмне?

Чүкөбай Курманов менен Турумбековдун айткандарын, укканынын баарын да айтты эле, Жапар:

– Оо, жарыктык деее! Бая эле ошентип айтпайсызбы? Мен дагы бирдеме болуп кеткен экен деп жаным калсачы, – деди.

– Апаң кантейин? – деди Чүкөбай этек-жеңин кагынып. – Ушул быйыл өкмөткө жүзүм жарык эле. Бая күнү райисполкомдо болгон башкармалардын бир жыйналышында Турумбеков мени көрсөтүп: «Мына, иштесеңер, Чүкөбайдай иштегиле. Карагылачы, анын колхозу мурда кандай эле, эми кандай болду?» – дегенде, төбөм көккө жеткендей болуп сүйүндүм эле. Эми эртең Турумбеков келип, тиги эки аянтты көрсөтүп: «Башкарма, мунуң эмне?» десе, эмне дейм? Бүгүн түндө Айсулуну бизге Курманов жибермекчи болуптур. Көп болсо, ал бир аянтты чабар. Экинчисин, төштүн түбүндөгүн эмне кылучумун? Мунун акылын эми өзүң тап, кагылайын Жапар.

– Макул, аксакал, акылын табайын, – деди Жапар күлүп.

– Эртең кайсы убакта келем дептир.

– Саат тогузда.

– Оо, эмесе, убакыт көп экен! Ага чейин ал буудайды бир жаң-

сыл кылабыз – деп, Жапар орокчулар менен бүгүнкү түштө болгон кеңешин, алар мындан ары карай түндө да жумушка чыкмакчы болуп, бүгүн түнү ошол жолдун үстүндөгү жаздык буудайды ормокчу болушканын Чүкөбайга айтты.

– Оо, кагылайын-кагылайын! – деди Чүкөбай күлүңдөп. – Дегеле ырас болуптур. Биз баарыбыз да чыгалык. Ошентелик. Мен эми лобогрейкага барайын. Чапкандарын көрөйүн. Ай, ушул Желдеңбайдыкы өттү го мага! Ал дагы бая күнкү биз көргөндөй ала калтырып чапкан болсо, эртең райисполком келгенде өлдүм го?.. – деп атын шарт камчыланып алып, шашкан бойдон атын жолдон бура тартты.

– Кайран киши, – деди Жапар Чүкөбай узай бергенде башын чайкап. – Кайран киши, уюштуруу ишин биле албаган жалгыз айыбы бар. Болбогондо көпчүлүктүн иши дегенде жанын берген, элин, жерин сүйгөн чыныгы патриот адамсың да...

* * *

Ошол түнү жолдун үстүндөгү жаздык буудайды орууга орокчулар бүт чыгышты. Оморбек, Зейнеп болуп комсомолецтер да, агитаторлор да, Күмүш менен анткор да келишти.

Ай тептегерек болуп, аппак нурга боёлуп, акырын көтөрүлдү. Баятан бери аянттын айланасында айдын чыгышын күтүп турушкан орокчулар буудайдын туш-тушунан качырып киришти. Буудайлар шартылдап орула баштады. Кыз-келиндердиң анда-санда гана созолонтуп ырдашкан ырлары гана болбосо, айлана мемиреп тынч уйкуда...

– Болгула, кагылайындар! Таза оргула! – деп Чүкөбай жаны тынбай анысына бир, мунусуна бир барып, ары-бери ат үстүндө бастырып жүрдү. Жапар да, анткор менен Күмүшкө кошулуп, жерге отуруп, орокчуларга боолук жасап берип жатты.

Түн ортосу оогон кезде буудайды оруп бүтүштү. Коломтодой кичине жер калды эле аны Нурийла оруп жиберди. Зейнеп аны бир боо кылып боолады да, бая тигилген боолордун жанына көтөрүп барып койду.

* * *

Түн... Ай жарык. Ыргалып бышып турган калың буудай. Буудайдын бир четинде комбайн, комбайндын жанында кичине трубасын

көккө каратып, каз таманын жерге батырып, алыстан караган кишиге энесин ээрчиген кулунга окшоп, бир трактор турат. Трактордун сол жагында арыктын жээгинде тигилген кара алачык; алачыктан бир аз алыс жаткан кара бочка. Бочканын түбүндө бир жак жаны капшырылган эски кара чака көмкөрүлүп жерде жатат.

– Кайдасыңар, кагылайындар – деген Айсулунун үнү чыкты.

– Мындабыз, эжеке, – дешти кош ат чегилген эки арабанын жанында турган эки бала. Бирөөнүн башында – эскирээк ак калпак, экинчисинде – топу.

– Мен азыр тракторду жүргүзөм – деди Айсулу аларга. – Бирөөңөр аянттын тиги жагынан, бирөөңөр бери жагынан комбайнды тоскула. Кана, жөнөгүлө!

Балдар аттарын айдаган, арабаларын калдыраткан бойдон көрсөтүлгөн жактарга жөнөштү.

– Кана, даярсыңбы? – деди Айсулу бурулуп, комбайн жакты карап.

– Бир аз токто, аз калды... – деген аялдын үнү угулду.

Бул – Айсулуга жардамчы болуп комбайнда иштеген Күлсүн деген кыз эле. Комбайнды майлап бүттү да:

– Бүттүм! – деди Күлсүн.

Айсулу моторун от алдырды. Трактор ичин кагып, солкулдап, бир аз турду да, ордунан козголду. Трактор козголгондо ага чиркелген комбайн да жөнөдү. Комбайндын заңкайган чоң парасы алга карай ала салып, ала салган сайын алдагы буудайларды курч чалгыга кырктырып, транспорттердун лентасына бере коёт. Лента жылганда буудайлар кошо жылып, комбайндын курсагына кирип, андагы молотилканын болот тиштери сабактарын чайнап, саман кылып, арт жагына ыргытканда, мончоктой кызыл буудайлар бункерге чубуруп түшүп жатты.

Минип кетип бара жаткан тракторун жомоктордогу тулпарга окшотуп:

– Чу жаныбар, кара тулпарым, чу! – дейт анда-санда Айсулу.

Буудайдын орто ченине келе бергенде бункер кызылга толуп чыкты.

– Кагылайын, кел бери! – деп Күлсүн, сүрөөнгө алчудай комбайнды жолдо тосуп турган калпакчан балага карап кыйкырды. Калпакчан бала атын айдап, комбайнга жетти. Жандап бастырды. Күлсүн рычагды басты эле, бункердин трубасынан кызылдар жеңдей болуп арабага куюлду. Араба бат эле кызылга толду. Калпакчан бала аттарын айдап, кырманды көздөй жөнөдү.

– Алга, кара тулпарым, алга! – деп Айсулу алга карай жүткүнүп коёт. «Кара тулпары» да Күлсүн рулду кайсы жакка бурса, ошол жакка бурулуп, комбайнды сүрөп, түндүн караңгылыгын тең жарып, күрүлдөп, токтобостон кетип баратат. Түн ортосу ооду. Бункер буудайга нечен курдай толуп, нечен курдай бошотулду.

Кайдадыр бир жактан келе жаткан атчан киши көрүндү.

– «Бул ким болду, Чүкөбай го»? – деди да, Айсулу тракторду тык токтотту.

– Эмне токтоттуң? – деди Күлсүн штурвалда туруп.

– Радиатору кайнап кетти. Суу куяйын, – деди Айсулу.

Айсулу трактордун арт жагына байланган кара чаканы чечип алып, арыкты көздөй чуркады. Арыктан бир чака суу чөмөрүп келип, радиаторго куйду.

– Иш илгери, карындаштар! – деген бирөөнүн үнү угулду. Айсулу башын көтөрүп караса, арт жагында атчан Жапар турат. Көрсө, жаңкы келе жаткан атчан киши – Жапар экен.

– Айтканыңыз келсин, Жапар ага, – деди Айсулу.

– Бүтө жаздап калган турбайсыңарбы?

– Ооба, Жапыке ай батканча бүтөбүз, – деди комбайндын үстүндө турган Күлсүн да.

– Ыракмат, карындаштар, – деди Жапар. – Мен эми кырманга барайын. Ошентип иштей бериңиздер.

Жапар атын четке бура тартып, жөнөй бергенде.

– Эсиңдеби, Айсулу? – деди Күлсүн. – Асан армияга Жапар менен бирге кетпеди беле. Ал жөнүндө билет бекен, сурадыңбы?

Айсулу Жапардан Асанды сурабаса да, анын кайда, кайсы согушта экенин жакшы билгенин, аны менен кат алышып, кат беришип турганын айтты эле:

– О, түгөнгүр! Аныңды эмне мага айтпагансың? – деди Күлсүн. – Эмне деп жазыптыр?

– Эмне деп жазмак эле? Немецтерди биздикилер батышка карай кууп бара жатышыптыр. Жакында Берлинди алабыз дептир.

– Дагы эмне жазыптыр?

– Мындан артыктын кереги эмне? Менин каалаганым ошол.

– Өзүң эмне деп жаздың? Минтип трактористка болгонуңду, колхоздон сыйлык алганыңды жаздыңбы?

– Жок, мактангансып, аны эмнеге жазмак элем. Эмне болгонумду өзү келгенде көрөр.

Айсулу кайта тракторуна минди, рулду кармады. Трактор ордунан козголду. Комбайн мурункудай иштей баштады.

Бир кезде өзүнүн мээримдүү жылуу нурун темирдин ширесиндей ай-ааламга чачыратып алтын күн чыкты. Жер жүзүнө тиричилик кирди. Чымчыктар чыйпылдап, чымын-чиркейлер ызылдап түнөгүнөн учуп чыгышты. Орокчу келин-кыздар да топ– топ болуп, орокторун ийиндерине салып, күн нуруна жаркылдатып ырдашып, төштөгү арнаны карай бет алып кетип баратышат. Бадачы абышка да «өш-өш!» деп колхозчулардын саан уйларын күндөгүдөй чогултуп, артына түшүп, өрдөштү көздөй айдап жөнөдү. Кандайдыр бир баласаак кызыл уй токтоп бери бурулуп, кыштак жакты карап, эки-үч курдай өңгүрөп мөөрөп алды.

Кырман жактан атын дердеңдетип Чүкөбай да жетип келди. Көз жетпеген калың буудай бир түндө чабылып, бүткөнүн көрүп:

– Кагылайындар, бүткөн экенсиңер го? – деди Чүкөбай күлүңдөп.

– Ооба, аксакал, – деди Айсулу.

– Оо, кагылайын, кагылайындар. Мен муну жок дегенде эки күндө араң чаап бүтөсүңөр го деп ойлодум эле. Дегеле ырас болбодубу. Эми жарышта уттурбаган Тойчубекти көрөйүн. Баса, – деди Чүкөбай эки жагын каранып. – Курманов келмек эле, эмне үчүн келбейт? – Келе турган убактысы болду го.

Көп кечикпей, Курманов менен Турумбеков да келишти. Машина келе жатып, чабылган аянтты көздөй бурулганын, ичинен эки киши түшкөнүн, машак терип жүргөн балдар менен сүйлөшкөнүн алыстан Чүкөбай көрдү да, желдире бастырып, жетип барды,

– Бул кандай шумдук? Кече эле бул жерде көп эгин бар эмес беле? – деди Турумбеков таң калып, жанына келип тура калган Чүкөбайды карап. – Тезинен муну оруп-жыйнап алгыла деп айталы дедик эле.

– Ооба, аксакал, ордук да, жыйнадык, – деди Чүкөбай.

* * *

Тоонун этеги. Айдөөш келген кең талаа. Талаанын бир чети Ысык-Көлгө барып такалат да, бир чети колхоздун аянты болуп кетет. Аянттын батыш жагында колхоздун кыштагы. Кыштактын орто

жеринде калың бак, бактын ичи көлөкөлүү көк майсан. Чөптөрдүн жыпар жыты аңкып, бакка кирген адамды өзүнө тарткандай – суктандыргандай болот. Көк чөптүн үстүндө, көлөкөдө алда кимди күткөнсүп, үстүнө кызыл сатин жайылып, айланасына жети-сегиз орундук коюлуп, бир чоң стол турат. Бактың чет жагында, аянтчада төрт үй. Төртөө тең коздолгон. Ичтери таза, шыпырылган. Керегелерине туш кийиздер тартылып, төрлөрүнө кийиз, килем салынган. Үйлөрдөн аркан бою алыстыкта төрт кемеге, төртөөндө тең төрт казан. Казандардын айланасында бака-шака түшүп от жагып, эт бышырып, боорсок жасап жатышкан эркек-аялдар.

– Боорсогуңар кандай, жетишеби? – деп Күмүш бир кезде боорсок бышырып жаткан Айымбүбүнүн жанына басып келди.

– Жетишет, энеке, тиги үйдө дагы бир чоң үкөк боорсок бар, – деди Айымбүбү.

Аялдар боорсокторун бышырып бүтө жаздап калгаң кезде, Сатар болуп көчөдөн бир топ балдар жүгүрүп келишти.

– Келе жатышат!

– Кимдер?

– Конoктор.

Көп кечикпей эле кыштактын тиги учунан бир топ атчан киши көрүндү. Эң алдында кер тору атын чалкактатып «Кеңеш» колхозунун председатели Тойчубек, Чүкөбай, Жапар, Жутабайлар болуп келе жатышты. Бир аздан соң райондун жетекчилери да келишти.

Конoктор келип, аттарынан түшүп, бактын ичине – столго барып отурушту. Көчөнүн тиги жагынан да, бул жагынан да аттуу-жөөлүү келе жаткан колхозчулар көрүндү. Бактын ичи элге толду.

Чүкөбай жыйналышты качан ачсам дегенсип, каадасынча шашып күйкөлөктөп, бир отура, бир тура калып, столдун жанында турду.

Бир кезде Жапар Чүкөбайга бирдеңке деп айткандай болду. Чүкөбай шашып, дароо ордунан тура калды. Эки жагын каранып, тамагын кырып, «Өрнөк» менен «Кеңештин» ортосунда болгон социалисттик мелдештин жыйынтыгына арналган жыйналышты ачты.

– Азыр сөз райисполкомдун председатели жолдош Турумбековго берилет, – деди да ал, бир чоң жүктөн кутулгандай болуп, көкүрөгүн көтөрүп, демин алып, чекесинен терин жүз аарчысы менен сүртүп, жеңилденип, кайта ордуна отурду.

Турумбеков колуна кызыл туу кармап, ордунан турду. Совет эли Ата Мекенин коргоодо башынан далай оор кыйынчылыктарды өткөргөнүн, биздин армия душманды батышка карай сүрүп, кууп кетип бара жатканын кыскача айтып келип:

– Совет элинин кимисинин болсо да жүрөгүндө патриоттук жалын бар. Ал жалын сиздерде да болду. Сиздер кажыбас кайратыңар менен эмгек кылып, мындай чоң абийирге, ийгиликке ээ болдуңуздар. Мунуңуздарды мен куттуктап, райисполкомдун өтмө Кызыл туусун сиздерге сунам.

Отурган элдер чоң салтанат, кубаныч менен кол чабышты.

Чүкөбай кызыл тууну желбиретип колуна алып, а дегенде эмне деп жооп берерин биле албай, мукактанып калды.

– Ракмат... ракмат... – деди Чүкөбай Турумбековду карап. – Ооба, ошондой... биз жаман иштегенибиз жок. Бирок бул тууну сиздин колуңуздан мен албай, Жапар алса болот эле. Анын эмгеги чоң. Биздин колхозду алга сүйрөгөн ошол болду.

Баары да бурулуп, Жапарды карашты, кол чабылды.

– Чынын айтсам, – деди Чүкөбай сөзүн улантып. – Мен канчалык тырышсам да, колхозго жетекчилик кыла албайт экемин, ага көзүм жетти. Мен бекерге эле колхозчуларды иштебейт деп жүрүпмүн. Көрсө, айып өзүмдө экен. Анымды эми билдим. Андан көрө көпчүлүккө эп болсо, ушул жыйналышта Жапарды колхозубузга председатель кылып шайлап алсак дейм. Жапар өзү жаш, жаш болсо да, «көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет» деп, Жапар көптү билет. Андан биз, карыялар үйрөнөлү. Буга кандай дейсиздер?

Курманов сөз алды:

– Чүкөбай, сен өз кемчиликтериң жөнүндө мурда айттың. Кемчиликтериңди жоюп келатасың, бирок өтө акырындык менен, аксакал. Ал жөнүндө ойлонуу керек. Убакыт, мезгил сенден озуп бара жатат, сактан! Сенин артта калышыңды биз каалабайбыз. Сөзүңө караганда, колхоздун жетекчилигин Жапарга тапшырып, өзүң четтегени турган экенсиң. Андай эмес. Жумуш көп. Ар бир киши кымбат. Сунушуңузду кабыл алууга болбойт. Ырас, Жапар колхозго көп жардам кылды. Бирок партия Жапарга чоң, жооптуу жумуш тапшырды. Жапар мектептин директору. Балдарды окутуу, тарбиялоо да оңой жумуш эмес.

– Туура-туура! – деген үндөр чыкты.

– Жакында окуу башталат, – деди Курманов сөзүн улантып. – Бирок Жапар Чүкөбайга ар качан жардамын көрсөтүп тура алат деп ишенем.

Мындан соң мыкты иштеген бир топ колхозчуларга сыйлык берилди. Алардын ичинде түн катып мектептин ремонтун бүтүрүшкөн бизге тааныш жыгаччы усталар, Жутабай, Кожомкул, Иликбай карыялар, Зуура, Анткор менен Күмүш да бар эле.

Анткор кемпир сыйлыкка берилген беш метр чытты колуна алып, президиумдан сөз сурады.

Отургандар чоң-кичине, кары-жашы дебей, «бул эмне деп айтар экен?» – дешип, кемпирдин оозун карашты. Чымын учса да угулгандай элдин ичи жым-жырт...

– Мен силерден бир нерсе сурайын, – деди кемпир отургандарды карап. – Мени силер көптөн бери «Анткор» деп ат коюп, атап келдиңер. Аныңарга мен да каршы болгонум жок эле. Анткени – ал кездеги менин жоругум ошого ылайык болчу. Мен эми ал жорукту таштап, жакшы жорукка көчтүм. Араңарга кошулдум. Алдыңкылар менен бирге минтип колуңардан сыйлык алып отурам. Мени мындан кийин «Анткор» деп айтпай, Айгүл деп өз атымдан айтып, чакырып жүргүлө, кагылайындар.

Отургандар көпкө чейин кол чабышты. Турумбеков туруп келип Айгүлдү куттуктап, колун кысты.

Коноктор үйгө кирди. Дасторкондор жайылды, боорсоктор төгүлдү, чай ичилди. Чайдан соң, кымыз, кымыздан соң эт келди. Анын ортосунда карыялар каркылдап күлүшүп, баш ийкешип, өткөн-кеткенди, аркы-беркини сүйлөштү. Жаштар да комуз чертишти, ырдашты. Пионерлер да моюндарына байланган кызыл галстуктарын желге желбиретип, үйдөн-үйгө чуркашты, ойношту. Алардын ичинде оюндан оюн туудуруп, балдарды оюнга кызыктырып, ойнотуп жүргөн Сатар. Ал өзгөчө кубанычтуу, жүзү жарык...

– Көрдүңөрбү, – деди Күмүш бир кезде жанында отурган аялдарга Сатарды көрсөтүп. – Мындан бир ай мурда баланын кабагы ачылбай, жүдөп кетти эле, эми көрдүңөрбү, кантип жүргөнүн? Мына кубаныч деген!..

– Эмнеге ал антип кубанып жүрөт? – деди кимдир бирөө, аялдардан.

– Кубанбаганда кантсин? – деди Күмүш. – Армиядагы атасынан

көптөн бери кат-кабар болбой кетти эле, аман-эсен экен, кат келди. Отпускага барам дептир. Мына кубаныч. Энеси кызыл жүгүрүк болуп, буту-колу шишип, төшөктөн тура албай калганда, колхоз аны арашанга жиберген. Ал да, «айыгып калдым, жакында кадимкидей соо болуп үйгө барамын» деп кат жазыптыр. Мына, дагы экинчи кубаныч. Ошентип кош кубанычтын ортосунда калган, Сатар кубанбаганда, ким кубансын?

Үйлөрдүн жасалгалуу эң чоңунда отурушкан сый коноктор эттен соң суусундукка кымыз иче башташты. Жапар колуна бир аяк кымыз кармап келип Тойчубекке:.

– Ата! – деди Жапар. – Бул отурган райондук жетекчи кызматкерлерибиз менен «Өрнөк», «Кеңештин» алдыңкы ардактуу колхозчуларынын алдында мен сизге кымыз сунуп, кат-кат рахмат айткым келет.

– Эмнеге, балам, эмнеге? – деди Тойчубек күлүп.

– Берген жардамыңыз үчүн, атаке. Биздин колхоздун ал-абалы өтө оор болуп турган кезде сиз бизге жардам бердиңиз. Социалисттик мелдешке чыктыңыз. Ал мелдеш бизге сүрөөн болду. Ырас, ал кезде биз артта, сиз алда элеңиз.

– Оо, билдим-билдим! – дөди Тойчубек өкүнүчтө болгонсуп. – Ошол менден озгондугуң үчүн мага рахмат айтып жаткан турбайсыңбы, балам?

– Ага сиз өкүнбөңүз, – деди Турумбеков Тойчубекке бурулуп. – Сиз бул мелдеште Жапарга уттурганыңыз менен ишиңиз былтыркыга караганда быйыл жакшы. Алдагыдан арткылар үлгү алып, минтип алга кетиши сиз үчүн да, биз үчүн да чоң кубаныч. Сиздин ал кызматыңызды биз билебиз да, баалайбыз. Андан көрө сиз кайта уулуңузду куттуктаңыз.

Уулу менен өзү жөнүндө мындай жакшы, мактоо сөздү укканда Тойчубек ичинен кубанды. Жапардын колунан дароо кымызды алып жутуп жиберди. Сакал-мурутун сылап, Турумбековду карап, Тойчубек:

– Рахмат мунуңузга, рахмат! Сиздин бул сөзүңүз жалаң мен үчүн эмес, бардык колхозчулар үчүн айтылган сөз болду. Аныңыз үчүн дагы мен сизге рахматымды айтам, – деди.

Тойчубек эмки сөздү башка жакка бурмакчы болуп:

– Баса, балам, сага кат бар. Унутуп кайта алып кеткени жаткан

турбайымбы, мына карылык! – деп төш калтасынан бир конверт сууруп чыгып, Жапарга берди.

Жапар конверттин сыртындагы жазууну көрөрү менен эле Айшанын кол жазуусун тааныды. Көзгө көрүнбөй, колго илинбей турган кандайдыр бир укмуштуу сезим Жапарды кытыгылады. Жапар катты ээн жерде окуюн деп чөнтөгүнө салмакчы болду эле, бирок ага кудурети келбеди. Конверт колун чымыратып, күйгүзүп бара жаткан сыяктанды. Аны айрып, ичинен катты алды. Катында Айша, Жапардын социалисттик мелдеште мөөрөйү үстүн болгон ийгилигин куттуктап келип, аягында мындай деген:

«...Жапар ага, кетеримде мен сизге жолугуша албай калдым. Анын ошончолук себептери болду. Тезинен шаарга келиңиз. Макулбу? Сиз үчүн мында бир чоң кубаныч бар...»

– «Бул эмне деген кат? Эмне деген чакыруу? Эмне деген кубаныч? Анда Айша мени өзүнө чакырып жатабы? Барайын-барайын...» деп Жапар ичинен кымыңдады.

Бир кезде Курманов обдулуп, ордунан козголуп, уй мүйүз тартып отурган элди, Чүкөбай менен Жапарды карап:

– Сыймыгыңыздарга рахмат, эми биз кайтышалык. Менин шаарга бара турган зарыл жумушум бар. Обком чакыртыптыр, – деди.

– Шаарга качан барасыз? – деди Жапар.

– Азыр эле ушундан жөнөйм.

– Андай болсо, мени да ала барыңыз. Шаарда менин да азыраак жумушум чыгып калды.

– Жакшы болот. Кайта мага эрмек болосуз.

Курманов машинада кетип бара жатып:

– Эсиңдеби Жапар, ушул колхозго келериңде экөөбүз сүйлөштүк эле го?

– Эсимде, аксакал. Кантип унутайын. Кеңешиңизге чоң ракмат. Сиздин кеңешиңиз боюнча иштедим.

– Мен ал жөнүндө айтып жаткан жерим жок. «Сыңар буту болсо да, эки буттуудан кем иштебес» деп ойлодум эле. Ошол оюмдун тууралыгын бүгүн мен өз көзүм менен көрдүм. Эл сени кадырлап, баалаганын көрүп, абдан кубандым. Колхозду жогору көтөрдүң, өзүң да өстүң. – Баса, – деди Курманов Жапарды карап, – Пржевальскиде кандай зарыл жумушуң бар эле?

Курманов бардык сырын билгендей Жапар кызарып уялды.

Мамлекеттик жумуш болбосо да, өзүнчө бир зарыл жумушу бар экенин Курманов билди, бирок ал эмне жумуш экенин андан сураганы жок. Сөздү башкага бурду:

– Албетте, мектеп жумушу чыгар! – деди Курманов ал жөнүндө эч нерсе билбегендей.

* * *

Жапарды Айша да, Уулжан да чоң кубаныч менен каршы алышты. Уулжан кайсы тамагын мурда берүүнү биле албай, сыйлуу тамагынын баарын да алып келип, Жапардын алдына койду.

– Тартынба, кагылайын, ичкин-жегин, – деп Уулжан айланыпүйрүлүп, Жапарды күйөө баласындай сыйлады.

Чай ичилип, тамак желип бүткөн соң, Айша:

– Жапар ага, бакка чыгалыкпы? Анда азыр балдар бакчасы ачылган. Аны биздин мектеп шефке алган. Барып көрөлүк. Же чарчадыңызбы, жатып эс аласызбы? – деди Жапарды карап жылмайып.

– Жок, Айшаке, чарчаганым жок. Ушул карыш турган жерден кайдан чарчайын? Ээрчитип Москвага алып барсаңыз да мына мен даярмын, – деди Жапар да күлүп.

Алар бакка келишти. Бактын ичинде, кинотеатрдын түштүк жагында, айланасына гүлдөр тигилген бир чоң көк тунукелүү үй турат. Үйдүн алды кичине аянтча. Аянтчада бир топ балдар топ ыргытып, бирин-бири куушуп, ырдашып, күлүшүп, ойноп жатышат.

– Көрдүңүзбү, Жапар ага, тиги татынакай балдарды. Алардын ойнун ушул жерден бир аз карап туралычы, – деди Айша күлүмсүрөп, башын көтөрүп, Жапарды карап.

Айшанын жароокер, жалындуу көзүнө көзү учураганда, Жапардын бүткөн бою өзүнөн-өзү балкыды. Айшанын акыл-эсине, адамгерчилигине, ал өз ичинен чоң баа берип, ага башын ийкеди, унчукпады.

Үстүнө үлбүрөгөн жибек, ак көйнөк кийген, толкунданган узун кара чачы аркасына жеткен бир кыз күлүмсүрөп балдардын жанында турат.

Бир кезде кыздын жанына беш-алты жашар бир бала чуркап келди.

Кыз аны колуна көтөрүп:

– Садагам, кичине баатырым! – деп жалынып, жалбарып, маңдайынан өптү да, кайра жерге койду.

– Мени, мени да, эжеке! Көтөр! – дешип, башкалары да чуркап келип, кызды ортого алышты.

Кыз, балдардын шагын сындырбай, көңүлүн көтөрүп, кайсы бирөөнүн бетинен өөп, кайсы бирөөнүн башын сылап, ар кимисине ар башка мамиле кылып, жылуу-жумшак сөзүн айтып, эркелетти.

Кандайдыр бир самолёт канаттарын күнгө жаркыратып, шаардын үстү менен айланып учту. Балдар баары да самолётту карап:

«Аэроплан, аэроплан,

Посади меня в карман!..» деп, колдорун булгалап, кыйкырышты. Самолёт шаарды бир аз айланды да, батышты көздөй сызды.

Балдар самолётту жакшыраак көрмөкчү болуп, ачык аянтчага чуркашты. Кыз жалгыз калды. Эмнегедир ал ойлонгонсуп, бир аз турду да, үнүн чыгарып, акырын ырдады:

Көлдүн бети көк шибер.
Көйкөлүп салкын жел жүрсө,
Көл бети уктап жатса да,
Жигит ырдап кыз күлөр.

– Жамила го? – Жамилаш? – деди Жапар ооз учунан. – Бул кайдан? Качан мында келген?

– Жапар ага, Жамилаң сизди мында көптөн бери күтүп жүрөт. Мен аны сизге айтпадым беле? Мына бу катты окуңузчу, – деди да Айша, Жамиланын катын Жапарга сунду.

Кыз ырын улантып ырдады:

Күлдүрсө Жапар сүйүнтүп,
Дүйнөдө менде арман жок.
Күлдүрбөсө күйүнтүп,
Андан мен солдум, күйдүм чок.

– Жамила, Жамилаш! – деп, Жапар токтоно албай эриксизден удаа-удаа кыйкырып жиберди. Жамила чочуп кетти. Бурулуп карады. Жапарды көрдү, көз ачып-жумганча жүгүрүп, Жапарга жетип, аны кучактап, дирилдеген жумшак үнү менен:

– Кечир Жамилаңды, кечир? – Мен куруюн! – деди. Башка сөз айта албады. Шолоктоп ыйлап жиберди.

## XVI

Бурулча бүгүн күндөгүсүнөн эрте турду. Үй ичи жарык. Таң аппак аткан. Кийинип, тышка чыгып, бети-колун жуунду, уюн саады,

аны айдап чыгып, бадага кошту да, кайра келип, от жагып, май сызгырып, нан жасады. Эшик алдына койгон самоору да булоолонуп, кайнап турат. Тойчубек кырмандарын кыдырып келемин деп, таң заардан эле кеткен, келе элек.

Бурулча самоорун көтөрүп, үйүнө алып кирди. Ашкана жакта тамда жөлөнүп турган кичине тегерек столду тегеретип келип, төргө коюп ага дасторкон жайды.

Ошол кезде тыштан аттын дүбүртү угулуп келип, эшик алдына токтоду. «Абышкам келди» деди Бурулча.

Көп кечикпей Тойчубек да атынан түшүп, үйүнө кире тышкы кийимин чечип, төргө өтүп олтурду.

Бурулча кызарып бышкан майлуу токочторду патноско салып келип, Тойчубектин алдына койду.

Тойчубек күндөгүсүндөй бүгүн шашканы жок: «Бергениңе шүгүрчүлүк» деп, тамагын карап, тегерек буурул сакалын улам-улам сылап коёт. Анткени, «Кеңеш» колхозунун оруп-жыюусу бүттү; мамлекетке эгин тапшыруу планын да аяктады. Үрөнү да кампасында толук. Албетте, булар менен гана колхоздун жумушу бүтпөйт да. Колхозчуларга эмгек күнгө эгин берүү, күздүк жана тоңдурма айдоо сыяктуу толуп жаткан жумуштар бар. Жакында жайлоодон жакага малдар түшөт. Алардын жем-чөбүн, кыштоосун, кышкы жайытын ойлонуу керек. Ошентип дагы эле болсо, жумуш көп.

Тойчубек ушул жумуштар жөнүндө бир аз ойлонду да, патностогу токочторду майдалап туурады. Бурулча чай сунду. Бурулчанын сунган чынысын Тойчубек ала берем дегенде, майланышкан бармактарынан чыны жылбыша түштү.

– Байбиче, кол сүрткөндөй бирдеме барбы? – деди Тойчубек Бурулчаны карап.

Бурулча шашып, ордунан туруп, ашкана жакта илинип турган ак сүлгүнү алып келип, эрине сунду.

– Карыганым ушул, күндө алдына коюп жүргөн сүлгүнү бүгүн унутканымды кара, – деди Бурулча.

– Эчтеке эмес, байбичем, карысак да ишке келгенде, кээ бир жаштардан кем калышпайбыз, – деп Тойчубек күлүп, сүлгү менен колун сүрттү, сүлгүнүн айрылган жерин көрө коюп, Бурулчаны карады да: – Байбичем, деги сенин шайманың кеткен экен, мынабу айрыгын жөрмөп да койбопсуң, – деди.

Бул сөзгө Бурулча бир аз териге түштү.

– Жалаң эле ушул сүлгү бекен менин жумушум? – деди кабагын бир аз чытып, – Жумушум чачтан көп. Үйдө жалгыз өзүммүн. Кол кабыш кылар же менде келин болсочу. Уулуңдун мени келиндүү кылайын деген такыр ою жок. Үй жумушун эркек деген билбейт тура.

– Койдум, байбиче койдум, – деди Тойчубек күлүп, чайын ууртап. – Сени мен жемелеп эмне кылайын. Ооба, жалгыз бойсуң. Келиниң жок. Аныңды мен билбейт дейсиңби? Билем. Шаардан Жапар келсинчи... Бул жөнүндө ага өзүм айтайын. Өзүнө ылайык колукту таба албаса, колуктуну мен ага өзүм табам.

Тойчубектин «өзүм табам» дегени ким жөнүндө болуп жатканын Бурулча дароо сезе коюп, бүркөлгөн кабагы жаап ачылган күндөй жарк эте түштү.

– Ылайым ошентип тапсаң экен. Тапканың Жапарыма жакса эле болгону, – деп Бурулча да күлүп, сөздү башка жакка бурду. – Төрт жылдан бери согуш болуп, элибиздин башына оор күндөр түшүп, жыртык-тешиктерибизди бүтөй албай жатпайбызбы. Сельпого кездеме мурдакыдай көп келбей калды, болбосо сүлгүнү жаңыртуу колдон келет эле го.

– Олдо, байбичем ай! – деди Тойчубек. – Өтө эле ашырып жибересиң да. Согуш болуп, элибизге оорчулук түшкөнү ырас. Бирок ага карабастан, турмушубуз уламдан-улам жакшыланып келе жатат. Кечээ күнү сельпого көп кездеме келди. Эгинге берет экен. Эгин болсо, бизде бар. Сельпого барып, өзүңө керектүү буюмуңду ал. Сүлгүңдү жаңырт.

Сүлгүңдү көргөн киши: «Тойчубектин куну кеткен экен» деп, бизге күлбөсүн. Өзүңө да көйнөктүк кездеме алсаң, жакшы болор эле. Жаңы жибек көйнөк кийип бассаң, көзүмө суйсалып жаш келиндей көрүнөрсүң... – деп Тойчубек борсулдап күлдү.

– А, кокуй десе, – деди, Бурулча да күлүп. – Ал кайдагы жаштык, эми жашарбай жамыран калайын. Биз жашаруудан калбадыкпы. Чайдан дагы куяйынбы, абышка?

– Куйсаң куйчу, кемпирим? Чайың да, наның да бүгүн эң эле сонун экен, – деп Тойчубек алдында турган чынысын алып, Бурулчага сунду.

Чайдан соң Тойчубек ордунан туруп, камчысын колуна алып, кечинде гана үйгө кайтарын айтып, атына минип жөнөп кетти.

Бурулча Тойчубекти узата чыгып, дарбазаны жапты. Кайта үйгө кирип, идиш-аягын жууду, самоорун кагып, күлүн түшүрүп, ордуна койду да, сельпого жөнөдү.

Сельподо эл көп. Бирин-бири жөөлөшүп, кездеме сатып алып жатышат. Бурулча колхоздо болгон жаңылык жөнүндө укмакчы болуп, кезек күтүп турган аялдар менен сүйлөшүп, дүкөндүн босогосуна тура калды. Стамбектин баласы Дайыр армиядан кайтканын угуп, Бурулча абдан кубанды.

Бир убакта Бурулчанын кезеги келди. Ал дүкөнчүгө сүлгүлүк, дасторкондук кезмалдар өлчөттү. Тойчубекке ак камсуруптан, Жапарга ак жибектен, өзүнө сатинден көйнөктүк кездеме алды. Акырында бир бөртмө жибек жоолук, көйнөктүк беш метр маркизет алды. Ага кошуп эки кило конфет да алды.

– Байбиче, той берүүчүдөй бул кездемелерди кимге алып жатасыз? – деди кимдир бирөө колхозчулардан.

– Илгери үмүт, кагылайын. Аман, болсок, той да болор, – деди Бурулча.

Бурулча сатып алгандарын дүкөнчүгө таңдырып, көтөрүп алып, мындай жөнөй бергенде, алдынан сельсоветтин секретары чыкты.

– Сизди издеп жүрдүм эле, энеке ырас болбодубу, – деди секретарь.

– Эмнеге, кагылайын? Жайчылыкпы? – деп Бурулча токтой калды.

– Жайчылык, – деп секретарь чөнтөгүнөн бир көк конверт сууруп чыгып, Бурулчага сунду. – Мына кат!

– Эмне кат? Кимге?

– Сиздерге экен! Конверттин сыртын карабайсызбы, Тойчукем менен сизге жазыптыр. Колхоздун конторуна барсам Тойчубек жок экен. Сизге алып келдим. Мына алыңыз.

Бурулча шашып, катты колуна алды.

– Энеке, окуй албасаңыз, мен окуп берейин, – деди секретарь каттын кимден экенин, анда эмне жазылганың билмекчи болуп.

Бирок Бурулча ага макул болбоду. «Катта кандай нерселер жазылганын ким билсин. Бөтөн кишиге окутууга болбой турган чыгар. Баарыдан мурда катты секретарь окуса, андагы сөздү билип, бардык кишиге таратар. Жок, конвертти азыр ачпайын, секретарга окутпайын» – деди Бурулча ичинен ойлонуп.

– Ыракмат, кагылайын. Тойчубек келгенде өзү ачып окуур.

Бурулча конвертти колуна алып, Стамбектин үйүн көздөй кете берди. Бирок конверт алаканын жандырып бара жаткан сыяктуу. Күтүлбөгөн жерден колуна түшкөн бул сырдуу каттын мазмунун билүүгө ою алда кайда алып учат. Барган сайын кадамы басаңдан, бирден ал тык токтоду.

– «Жок, үйгө барайын, оокатымды кылайын. Тойчубек бүгүн эрте келип калса, катты окутайын. Стамбектикине кийинчерек барармын» – деди Бурулча ичинен.

Бурулча үйүнө келгенде да, жаны тынган жок. Столдун үстүндө жаткан көк конверт ары бери өткөн сайын көзүнө чалдыгып, жүрөгүн кытыгылагандай болот. «Азырынча муну көзүм көрбөсүнчү» деп, Бурулча катты дасторкондун чети менен жапты эле, ал да Бурулчага эч кандай жардам кылган жок. Бурулчаны көк конверт ого бетер өзүнө тартып, көңүлүн бөлөт. Үй ичин жыйнаштыра баштады. Көлдөлөң, кийиз, шырдактарын тышка алып чыгып, кагып-силкип, күнгө жайып, желдетип, кайра үйгө киргизди. Күн төбөдөн эчак ооган. Бирок Тойчубек эмнегедир келбейт. Бурулча алып келген буюмдарын чечип карады. Бөтөнчө бөртмө жоолуктан көзүн албай карап турат. «Жапарым Айшага үйлөнөт, ошондо Айшанын башына ушул жоолукту салам. Айшакеме бул жоолук кандай жарашар экен?» – деп Бурулча кымыңдап өзүнөн-өзү күбүрөп коёт.

Бурулча сатып келген буюмдарын сандыкка салды да, үйдүн ичин бир аз желдетмекчи болуп, терезелерди ачты. Койкоңдоп, ары-бери басып, жем издеген бирин-серин тооктор гана болбосо, көчөлөр ээн. Тойчубектин сары тайганы чымындан коргонуп, анда-санда башын чайкап, кулагын силкип, комдонуп, терезенин түбүндө жатат.

Бурулча көчө жакты карап, бир аз туруп, арылай берем дегенде, коңшусунун баласы Арстан үйүн көздөй салып уруп бара жатканын көрдү да:

– Арстан, садагасы, бери мында келе кетчи, – деп, Бурулча аны чакырды.

– Эмне, энеке? – деп Арстан да токтой калды.

– Жумушум бар.

Арстан жүгүрүп келип, үйгө кирди.

– Эмнеге чакырдың, энеке?

– Кат окуй аласыңбы, кагылайын?

– Окуй алам. Кат түгүл, энеке, «Тимур жана анын командасы» деген китепти да окуп чыктым.

Баланын бул сөзүнө Бурулча жакшы түшүнө албай да, анын сөзүн коштомокчу, эки ортого сөз катыштырмакчы болуп:

– Ал кандай китеп? Чоңбу? – деди.

– Чоң, энеке. Ал эң эле кызык китеп. Китептеги Тимур деген баладай жана анын жолдошторундай бололу деп, отрядыбызда бирибиризге убада бердик.

– Эмесе, кулунум, сен кат окуй алат турбайсыңбы, – деди Бурулча да Арстандын сөзүн бөлүп.

– Ооба, мен кыргызча, орусча гана эмес, башка тилде да окуй алам.

– Ботом, башка кайсы тилде?

– Оо, энеке, биздин Советтер Союзунда жетимиштен ашык тилде китеп чыгат.

– Жетимиштен ашык дейсиңби?

– Ооба, энеке, мен болжолдоп кана айтып жатам. Балким, андан да көп болсо керек.

– Ой тобо! Дүйнөдө ар башка сүйлөгөн, ар түрдүү эл болот экен го – деп, Бурулча таңданып унчукпай бир аз турду да, чөнтөгүнөн көк конвертти сууруп чыгып, Арстанга сунду.

– Окучу муну, кимден экен?

Конверттин сыртындагы «Кеңеш» колхозу, Тойчубек менен Бурулчага деген жазууну Арстан ичинен купуя окуп чыкты.

– Ким жазыптыр?

– Ким жазганы белгисиз, энеке. Жазган кишинин адреси конвертте көрсөтүлбөптүр.

– Ошондой бекен? – деди да, Бурулча ойлонгонсуп, унчукпай бир аз туруп калды.

– Эми мен кетейинби, энеке? – деди Арстан.

– Жок, садагасы, катты окуп берип, анан кет. Тойчубек келгенче качан? Ал келгенче, мен бул катты окутпай, кантип чыдап тура алам?

Конвертти Арстан айрып, ичинен төрт бүктөлгөн ак кагазды сууруп чыгып, төмөнкүдөй сөздөрдү окуду:

«Атам менен энеме!

Мен эки-үч ооз сөз жазып, кубанычымды билдиргим келет. Алдыбыздагы шейшембиден калбай, үйдө болом. Келиндүү болдуңуздар. Келиниңизди өз кызыңыздай көрөрсүздөр».

Арстанга катты Бурулча аягына чейин окутпады. Кубанычы койнуна сыйбай, толкунданып:

– О, теңирим! Уулум Айшага үйлөнгөн экен го! Тилегиме жетипмин. Болду-болду, кагылайын, ар жагын окубай эле кой, – деди Бурулча.

– Жапар ага кимге үйлөнгөнүн мында жазбаптыр го энеке, – деди Арстан.

Бирок Бурулча анын сөзүн уккусу да келген жок.

– Айшага садагасы, Айшага. Андан башка кимге үйлөнмөк эле? Айшаны биз өз кызыбыздай көргөнүбүздү Жапар агаң жакшы билет. Ал экөө бирин-бири урматтап, сыйлашканын мен эчак эле сезгем. Ооба, ошенткем.

Дегеле жакшы болду. Жүгүр садагасы, эми үйүңө. Энеңе айт, батырак келсин. Башка коңшу-колоңдорго, келин-кыздарга да айт, келишсин. Шейшемби күндөн калбай келем деген тура. Эртең күнгө шейшемби. Ага чейин конок камына жалгыз өзүм үлгүрө албасмын. Жүгүр батырак, жүгүр – деп, Бурулча Арстанга бир ууч конфет берди.

* * *

Айша Жапар менен Жамиланы шаар багына калтырып, жашырынып, үйүн көздөй жөнөдү.

«Жакын досторуңда кубаныч болсо, ал өз кубанычың эмеспи. Жамила менен Жапардын кубанычы менин кубанычым. Алардан башка жакын менин кимим бар? Жамиланы өз эжекемдей, Жапарды өз агайымдай көрөм. Сүйгөн жарым Талып өлөр алдында ишенип Жапарга кат берген. Ал катты мен Жапардын колунан алып, сүйгөнүмдүн мага арнаган акыркы саламын окудум. Жапар эми менин өз бир тууганымдай».

Айша ушуга окшогон учсуз-түпсүз терең ойдун кучагына батып, үйүнө жеткенин да өзү сезбей калды.

– Жапар кана? Ал кайда калды? – деди Уулжан кызын тосо чыгып.

– Энеке, бүгүн бизде зор кубаныч. Бирин-бири сүйүшкөн эки жаш бүгүн баш кошушту. Биздин үй, эми алардын бакыт бешиги болсун, – деди Айша күлүңдөп, энесин кучактап.

– Ылайым ошондой болсун, кызым. Жамила биздин үйдө жетимсиребес. Жапар да биздин үйдү өз үйүндөй көрөр.

– Энеке, сөз Жамила менен Жапар жөнүндө болуп жатканын сен кайдан биле койдун,?

– Билдим садагаң, билдим. Энекең кантип билбейт? Жамила менин алпештеп өстүргөн өзүң сыяктуу кызым болуп калбадыбы?

– О, кагылайын, энеке, оюмдагы сөздү айттың. Дүйнөдө сендей эне бар бекен?

– Көп мактаба, кызым энеңди, – деди Уулжан бетинин тырыштарын жыйырып, күлүңдөп. – Энең анда көөп кетер. Андан көрө айтчы, өзүң мени качан кубантасың?

– Кубантам, энеке, кубантам. Кааласаң азыр эле кубантам. Менин тилегим орундалды. Мен эми Фрунзете окууга кетем. Мына кубаныч. Мындан артык да кубаныч болобу?

– О, кокуй десе, – деди Уулжан колун шилтеп, мен ал жөнүндө айтып жаткан жерим жок.

– Анан эмне жөнүндө?

– Мен да эл сыяктуу күйөөлүү болгум келет?

– Кагылайын, энеке, андай сөздү айтып, менин жаралуу жүрөгүмдү козгобочу. Талып оюмдан али чыккан жок. Отурсам да, турсам да ал менин көз алдымда. Ай, энеке-энеке! – деп Айша үшкүрдү да, ылдамдай басып, төркү үйгө өттү.

Уулжан кызын ээрчий карады.

– О жаралуу болгон жаш жүрөк! Убакыт, мезгил, жашчылык сага жардам берип, кайгы-капаңды унутар күн болор бекен? – деди Уулжан көзүнөн жашын кылгыртып.

Уулжан Жапар менен Жамила келгенче даамдуу сонун тамактарын даярдады. Айша да майрамдарда гана, жайыла турган чоң дасторконду алып келип, столго жайды. Тышта сары самоор коноктордун келишин күтүп, буусун чыгарып, боркулдап кайнап турат.

Бир кезде Жапар менен Жамила да келишти. Адардын жүздөрү жарык, кубанычтуу. Жамиланын жүзүндө мурунку кайгынын изи да жок.

Жапар чайдан соң Уулжанга кат-кат ыракмат айтып, эртеңки күнү кетүү жөнүндө сөз козгоду эле, Уулжан:

– Кой, балам, андай сөзүңдү. Жамиланын жат кишидей бир кондуруп, эртеси узата турган мен бекен? Биздин үй Жамиланын өз үйү. Үч-төрт күн конок болуп, анан кеткиле. Антмейинче мен руксат бербейм. Жамиланы өзүм узата барам.

Мындай боорукер, энелик, жагымдуу сөздү укканда, Жамила эриксизден көзүнө жаш алды.

– Ыракмат, энеке, бул жакшылыгыңды мен өмүрүмчө унутпасмын. «Өзүм узатам» деген сөзүнө өз энем узатып бара тургандай болуп кеттим.

– Ооба, кагылайын, Айша сенин жан курбуң болсо, мен сенин энеңмин. Мен сени өзүм алып барып, кайын атаңдын босогосун аттатып, Бурулчага өзүм тапшырам. Кайын ата, кайын энең менен турасыңбы, же өзүңчө башка турасыңбы, ал өз жумушуң. Бирок сенин учкан уяң биздин үй, жетим экениңди унут. Азыркы заманда жетим деген болбойт. Сүрт көз жашыңды, тигине көрдүңбү, Айшакең да көзүнө жаш алды.

* * *

Кеч жакындады. Күн алтын нурун көктө асылган булуттарга темирдин ширөөсүндөй, чачыратып, кызарып, уясына батып бара жатат. Кар баскан Ала-Тоонун чокулары караңгылык кучагында.

Шаардан чыккан жол бар. Ал жол, каны качып, саргая баштаган чөптү аралап, жыландай ийрилип, көлдү көздөй бет алат. Бара-бара ал жол көлгө жетип, көлдү жээктеп, батышты карай созулат.

Ошол жол менен арабада төрт киши келе жатты. Эң алдында отурган он эки, он үч жашар бала. Ал оң колуна шапалагын, сол колуна атынын божусун кармап, атты айдап бара жатты. Баланын арт жагында жаздыкка чыканактап бирде оңго, бирде солго термелип Уулжан бара-тат. Уулжандын жанында Жамила менен Жапар. Жамила ойлонгонсуп, анда-санда Жапарды карап, билинер-билинбес күлүңдөйт.

Ысык-Көл көйкөлүп, көгүш тартып, мемиреп тынч жатат. Кандайдыр бир ак чардак жем издеп, анда-санда көлгө коно калып, көл үстүндө айланып учуп жүрөт.

Айлана тынч, жымжырт...

Тынчтыкты бузуп, бир тумшуктан жел кайык чыга келди. Жел кайыкта отурган жигит менен кыз, экөө тең шайыр, кубанычтуу. Бирине-бири суу чачышып, каткыра күлүп, пристанды карай сүзүп кетип бара жатышат.

– Ботом, кандай жинди эмелер, жыгылабыз деп коркпойбу? – деди Уулжан аларга карап.

– Жок, энеке, алар жинди эмес, бактылуу жаштар, – деди Жапар Жамилага угуза.

– Койчу, Жапыке, алар бизден да бактылуу бекен? – деди Жамила жылмайып.

Кучер бала анда-санда атын чаап, кайыктан көзүн албай карап коёт. Кайыкта бара жаткан эки жаш да буларга карап, колдорун булгашты.

Жапарлар эл орунга отурганда «Кеңеш» колхозуна келишти.

Асман ачык. Жылдыздар жымыңдап көрүнө баштады. Кыштактын тиги бурчунан бир үйдүн терезесинен жалтылдап от чыгат. От жарыгы чачырап, көчөгө түшүп, көчөдө турган кишилердин карааны эрбең-сербең этип көрүнгөнсүйт.

– Атыңды от чыккан жакка айда, – деди Жапар балага.

Жамила үйгө жакындаган сайын жүрөгү дүкүлдөп, кысылып, уялгансыды, Уулжан карышкан бутун сунуп, жайланып отурду.

Кандайдыр бир бурчтан эки бала чыга келип:

– Келишти!

– Жапар байкем келди, – дешип, арабаны айлана чуркашты. Жамила арабадан түштү. Аны келин-кыздар курчап алып, ээрчитип, үйдү көздөй алып жөнөштү.

– Келгиле, кагылайындар. Аман-эсен келдиңерби? – деп, Бурулча элдин эң алды болуп, Уулжан менен көрүштү. Караңгыда Жамиланын жүзү Бурулчага жакшы көрүнгөнү жок. Бурулча аны Айша экен деп:

– Алдыңа кетейин, келчи бери, бетиңден өбөйүн – деп, Жамилага умтулду эле, Жамила уялып бетин басты.

– Кагылайын, уялып жатат, мейлиң-мейлиң, бактылу бол – деп, Бурулча жорук-жосун боюнча келин өтө турган жолго ун септи.

– Эми кагылайындар, келинди тигил бөлмөгө алып киргиле, – деп Бурулча шашып келиндерге.

– Токто, кемпирим, мен да келиним менен учурашайын, – деди Тойчубек.

– Жок-жок! Анан учурашарсың, – деди да Бурулча Тойчубекти жеңинен тартып, ага акырын шыбырады:

– Көрдүңбү, Айшакем уялып, жоолугу менен бетин калкалаганын...

Келиң-кыздар Жамиланы өргөөгө алып кирип кетишти. Бурулча үч-төрт колхозчу кемпир менен Уулжанды ээрчитип, Жамила кирген бөлмөнүн теке маңдайындагы чоң бөлмөгө алып кирди.

– Кандай, кудагый, жакшы келдиңиздерби? Жолдо чарчаган чыгарсыздар, – деди Бурулча Уулжанга.

– Ыракмат, жакшы келдик. Көңүлдө кубаныч болсо, чарчаганды да киши билбейт экен, – деди Уулжаң.

– Ал айтканыңыз ырас, – деди Бурулча да. – Биз да мында силердин кабарыңарды угуп, аягыбыз жерге тийбей тойго даярдандык. Бирок чарчоо деген бизде болгон жок. Эс алып, үйдө-отурган кишидей болдук. Келгениңиз ырас болду. Бизди кубанттыңыз.

– Уулуңуздун үйүмдө болгонуна мен да кубандым. Аман болсун, адамгерчиликтүү, жакшы уулуңуз бар экен, – деди Уулжан.

– Жашырып эмне кылайын, жаман эмес уулум. Бирок кудагый, сенин кызың да жаман эмес. Ушул күнгө чейин мындагы колхозчулардын оозунан түшпөйт.

Уулжан Бурулчага бир нерсе жөнүндө айтмакчы болду эле, бирок кемпирлердин бирөө анын сөзүн бөлдү,

– Ооба, кызыңызды баарыбыз да жакшы көрүп калдык. Быйыл жайында бизде болуп, улууну-улуу, кичүүнү-кичүү деп, ич койнубузга кирип, өз балабыздай болуп кетпедиби.

– Эми биз эки жаштын өмүрүн тилейли, – деди экинчи бирөө.

– Бурулча, деги сенин ырысың бар экен. Ушул кыз келиним болсо, арманым жок, дечү элең. Мына эми тилегиң орундалды, мындан артык сага эмне керек? – деди үчүнчү бир кемпир.

Уулжан сөз кайда кетип бара жатканын кемпирлерге түшүндүрмөкчү болду.

– Ооба, байбичелер, менин кыздарым жаман эмес, биринен-бири артык, – деди Уулжан.

– Ботом, кудагый, эки кызың барбы? Айшадан сурайынчы, – деди Бурулча.

– Айша жок, кудагый. Ал кече окууга – Фрунзеге кетти. Мында сага келин болуп келген менин улуу кызым – Жамила. Ал Айшадан артык болбосо, кем эмес.

– Токто, кудагый, токто! Эмне деп жатканыңды түшүнө албай жатам. Жолдо сизди араба чайкап кыйнап койгон экен го. Башыңыз да айланып жатабы? Эмне айтканыңызды билбей жатасыз го. Кымыз ичесизби, кичине сергип жакшы болуп каларсыз, – деди Бурулча шашып.

Бурулча ордунан туруп, кымыз куймакчы болуп, ашкана жака басты эле. Уулжан аны токтотту:

– Сабыр кылыңыз, кудагый. Башым айланган жок. Акыл-эсим ордунда.

Бурулча эмне деп айтарын биле албай калтаарып, иштин чынтөгүнүнө көзү жетпейт, орто жерде турду да калды. Отурган кемпирлер бирин-бири түртүшүп, шыбырашып сүйлөшө кетишти.

– Ошентип Айша эмес, Жамила – деңизчи, – деди бир кезде Бурулча Уулжанга.

– Ооба, кудагый. Жапар менен Жамила согуштан мурда эле тааныш болучу. Отуруңузчу, анын жайын сизге мен түшүндүрөйүн – деп, Уулжан Бурулчаны жанына олтургузду.

Күтүлбөгөн мындай ишке кемпирлер таңданып, эмне айтар экен дегенсип, Уулжанды караушты. Уулжан болгон ишти кыскача түшүндүргөндө, кемпирлер Бурулчаны шылдыңдап күлүп да алышты.

Ошол кезде эшиктен Тойчубектин:

– Кана, карыялар, үйгө киргиле, – деген үнү чыкты. Колхозчулар бирине-бири улуулата жол берип, үйгө киришти. Уулжан менен эсен соолук сурашып, учурашып, төргө чыгып отурушту. Тойчубек да карыяларга жакын олтуруп, сакалын сыйпап, эки-үч курдай тамагын кырып, Уулжанга карап:

– Байбиче, «кудай кошкон куда, пайгамбар кошкон дос болот» деп, минтип куда болушуп калдык. Дегеле ырас болду. Кызыңыз быйыл жайында бизде... – дей берген кезде, Бурулча анын сөзүн бөлүп:

– Ой, ал жөнүндө экөөбүз кийин сүйлөшөрбүз, андан көрө конок камын кылалы. Жүрчү бери эшикке, – деп ордунан турду.

– Алда, байбичем ай! Сөздүн кызык жерине келгенде буздуң ээ! Макул-макул, барайын, – деп күлүп, ордунан туруп, Бурулчага ээрчий тышка чыкты.

Төрдө олтурган чокчо сакал, чыйрак абышка Тойчубектин сөзүн улантып, Айшаны мактай баштады.

Бурулча Тойчубекти колдон алып, короонун тигил бурчуна барды.

– Билдиңби кызыкты, абышкам. Жапакеңдин алып келгени Айша эмес, башка кыз экен, – деди Бурулча.

– Кой тамашаңды, – деди Тойчубек ишенбей.

– Өлүп кетейин, чын. Жапардын алам деп жүргөн кызы ушул тура. Жакшы кыз дейт.

– Ооба, жакшы сага, – деп Тойчубек, «Айшадай кыз кайдан болсун» дегенсип, Бурулчанын сөзүн жаратпай, колун силкти.

– Кир эми, коноктордун үстүнө, Айша деп айтканыңды кой түшүндүңбү, – дди Бурулча,

Тойчубек Бурулчанын сөзүн көңүлү жакшы уюбай, эч нерсе деп айта албай, үйдү көздөй басты. Эшик алдына жакындаганда:

– Андай эмес, аксакал. Бул менин улуу кызым, эжеси турганда, сиңдисине кайдан жол тийсин, – деп үйдөгү карыялардын сөзүнө жооп кайтарып жаткан Уулжандын сөзү угулду.

– Уктуңбу? – деп Бурулча Тойчубекти колтукка түрттү.

Тойчубек үнсүз-сөзсүз Бурулчага башын ийкеди да, коноктордун үстүнө кирди. Бурулча да келини – Жамиланын үстүнө кирди.

Бурулча эшиктен киргенде келин-кыздар орундарынан тура калышты. Жамила да ордунан туруп, Бурулчага башын ийди. Бурулча анын маңдайынан өөп, айланып-үйрүлүп, кайра ордуна олтургузду да, дүкөндөн алган баягы бөртмө жибек ак жоолукту сандыктан сууруп чыгып, Жамиланын башына салды. Жоолук Жамиланы көркүнө чыгарып, жарашып калды.

– Кагылайын, эми жүр, тигил чоң үйгө кирелик, – деди Бурулча.

Жамила уялып башын төмөн салды.

– Уялба, кагылайын. Уялчу эмес.

Жамила тал чыбыктай буралып ордунан турду. Бурулча алга түшүп басты. Анын артынан келин-кыздар болуп Жамила да баратат. Бурулча алдан үйгө кирип, келини келе жатканын айтканда, «Кандай эме болду экен» деп, үйдө олтургандар эшик жакты караштыда калышты.

Жамила улаганы аттап, оң колун бооруна алып, төрдө отурган элге башын ийип, өзүнүн аларга айткан саламын, урматын билдирди. Төрдө отурган карыя, кемпирлер:

– Көп жаша, балам.

– Багың ачылсын, – дешти жарыша сүйлөп.

Терезе жакта отурган кемпирлер бирин-бири түртүшүп, Жамиланы карашып, шыбыраша башташты:

– Бечара, сулуу экен?

– Ооба, сулуулугунда өөн жок көрүнөт, бирок акыл-эси, адамгерчилиги кандай болду экен?

– Анысын кийин көрөрбүз.

Бурулча Жамиланын алдына күмүш акча, конфет чачты. Бала-бакыра, келин-кыздар аны жерден талаша-тартыша алып жатышат.

Эки конфет ыргып келип, улага жакта отурган кетик тиш кемпирдин алдына түштү эле, ал ала коюп, бирөөн чөнтөгүнө салды да, бирөөнүн кагазын сыйрып, оозуна салып, эмчек эмген жаш баладай, оозун бүлкүлдөтүп, көзүн бүжүйтүп, соро баштады.

Жамиланы ашкана жакка өткөрүштү. Ал этек-жеңин кымтыланып, көйкөлүп, сыңар тизелеп отурду. Жамиланын сыйда боюн, сымбаттуу сулуу келбетин көрүп, кемпирлер бирин-бири түртүшүп, тамшанышып коёт.

Тойчубек да келинине эки-үч курдай көз чаптырды да, «кудай бергениңе шүгүрчүлүк» деп, Жамиладай келиндүү болгонуна ыраазы болду. «Биз көрбөгөн билбеген кайдагы эмеге үйлөндү» деп, баятан бери уулуна нааразы болуп кабагы бүркөлүп араң отурган Тойчубек эми жаркылдап күлүп, кабагы ачылып, эшикти карап:

– Жетиген! Жетиген! Коюңду алып кел! – деп кыйкырды.

– Мал соёлук, карыялар. Отуруп, эт жеп кеткиле.

Шымаланган бир жигит оң колуна бычак кармап, сол колу менен кой жетелеп эшиктен кирди. «Тойчубек силерге мындай кой сойгону жатат, куйругун көрдүңөрбү?» дегенсип, ал койдун куйругун эл жакка каратып түртүп койду. Жигит эки жаштын бакыт-таалайы үчүн койго бата кылдыртты да, кайра тышка алып чыкты.

* * *

Абышка-кемпир жалгыз баласы Жапардан эмнесин аяшсын? Тоодон кымыз алдырып, мал союп, той берип, тойго коңшу колхоздордон киши чакыртты. «Өрнөк» колхозуна да кабар айттырды.

«Кеңеште» тойго даярдык көрүлүп жатат.

«Кеңештин» келин-кыздары тойго барабыз дешип, сандыкта жаткан сонун-сонун кийимдерин сууруп чыгышты. Жазгы гүлүн чачкан кызгалдактай кызыл-тазыл кийинишип, бурала басышып, Тойчубектикине келе жаткан келин-кыздар.

Короонун ичи азан-казан эл. Кемпирлер боорсок, жигиттер эт бышырууда. Бурулча үстүнө жаңы көйнөк, бутуна былтыр Тойчубек сатып берген жаңы көлөш, маасысын кийип:

– Кагылайындар, жакшылап бышыргыла! – деп, бирде келиндерге барса, «алдыңа кетейиндер, этиңер кантин атат, чий көбүгүн

алдыңарбы?» – деп, бирде эт бышырып жаткан жигиттерге барат. Тойчубек да келген конокторду каршы алып, тышта турат.

Бир кезде «Өрнөктөн» Жутабай, Чүкөбай, Осмонбек ырчы, Зуура, Күмүш болуп, бир топ киши тойго келишти. Конокторду ат арабаларынан түшүрүп, кийиз, килем жайылган бактын көлөкөсүнө алып барышты.

Коноктор абышка-кемпирди куттуктап, эки жаштын өмүрүн, таалайын тилеп, сүйлөшүп бир аз олтурушкан соң, алдыларына дасторкон жайылды, боорсок салынды. Чай ичилди, чайдан соң кымыз келди.

– Жүр, Күмүш байбиче, карыялар отуруп кымыз иче беришсин. Биз барып келин көрөлү, – деди Зуура.

Баятан бери келинди көрсөм деп, уятынан араң отурган Күмүш жым дей түштү. Ордунан турду.

– Ой, келинди биз да көрөлүк, – деп, Чүкөбай да ордунан тура калды.

– Алда Чепем ай ээ! Сага эмне жок, эсен болсок көрөрбүз. Отурчу, мындай! – деп, Жутабай этегинен тартып, аны кайра ордуна отургузду.

Олтурган эл дуу күлүп калышты.

Кымыз ичип, ала күү болгон абышкалар Чүкөбайды шылдыңдашты. Уялтпасын деп, сөздү башка жакка бурмакчы болуп, Тойчубек мурутунан бир аз жылмайды да, Осмонбекти карады:

– Осмонбек, айлыбыз жакын болсо да, сени биз көптөн бери көрө албай, ырыңды да угалбай кеттик. Бала-бакыра, карыларга комуз чертип, тамаша салып бере отур.

– Ошент, Осоке! Ошент!

Осмонбек комузун колуна алып, сол колунун сөөмөйү менен комузунун кулагын бурады. Комуздан дыңылдаган үн чыкканда, «сен жүр, мен жүр» болуп тогуз коргоол ойноп, четте отурган «Кеңештин» эки абышкасы, «кокуй, комуз угалы» дешип, оюнун жыйнаштырды.

Осмонбек оң колунун бармактарын алда нече түрлөндүрүп, комузун шартылдатып черте баштаганда, темир комуздарын кагып, ырдап, өз кызыктары өздөрүндө болуп, Жамиланын үстүндө отурушкан келин-кыздар да терезелерди ачып, Осмонбек жакка көздөрүн салышты. Осмонбек «Кара өзгөй», «Сынган бугу», «Кер толгоо», «Тогуз кайрык» деген күүлөрдү чертип келип:

«Эмгекти сүйгөн элим бар,
Эмгекке канган жерим бар.
Элиме таалай орноткон,
Партиям бар, демим бар. –

деп, комузуна үнүн кошуп ырдады эле, Жамиланын үстүндө отурган келин-кыздар чубуруп келе баштады.

– Кокуй, кагылайындар, менин келиним эмне болду. Үйдө жалгыз калбадыбы – деп, Бурулча чебеленип, үйдү көздөй жүгүрдү.

– Келинди мында алып келсеңерчи, Осмонбектин ырын уксун. Качырып жалгыз коё турган мурункудай заман барбы? – деген кимдир бирөөнүн үнү чыкты.

– Келин келсин!

– Келин келсин!

– Деги эле ырас болот, келин келсин, анан чертем, болбосо жок, – деп, Осмонбек да комузун четке таштап койду.

Бурулча бир топ келин менен Жамиланы ээрчитип, үйдөн чыкты.

Жамила жакындаганда, келин-кыздар тең жарыла ага жол беришти. Жамила, көлгө конгон аккуудай окшоп, эл четине келип отурду.

– Барамын деп чебелендиң эле, мына келин эми өзү келбедиби. Көрдүңбү, кандай экен? – деп, Жутабай күбүрөп, Чүкөбайды акырын колтукка түрттү.

Чүкөбай бирдеңке деп Жутабайга айта албай чекесин тырмап, тамагын кырып, Жамиланын сулуулугуна өзүнүн таңданганын билдирди.

Осмонбек ырчы Жамилага эки-үч карай көз чаптырды да, комузун колуна алды. Кулагын бурап, күүсүнө келтирип, элибиздин маданиятын, биримдик достугун, канкор жоону уюгуна киргизе кууп бараткан күрдөөлдүү күчүн, баатырдыгын ырдап келип:

Ырдагым келет агайын,
Отурган жаш, карыңды.
Той-тамаша өткөргөн,
Жыргалдуу мындай чагыңды:
Комуз чертип куттуктайм,
Жамила, Жапар, – баарыңды. –

деп келип токтоду.

– Бали!

– Жаша, Осоке, жаша! – дешкен үндөр туш-туш жактан жаадырды.

Осмонбек комузун жанына коюп, чөнтөгүнөн кол жоолугун алып, чекесинин терин сүрттү.

– Ыракмат, Осмонбек. Бала-бакыраны жыргатып салбадыңбы. Кана, эми, алдыңдагы кымызды ич, – деди Тойчубек.

– Муну ичкенде энтигип, ырдай албай жүрбөйүн – деп, Осмонбек элди күлдүрүп, алдында турган чоң кесени колуна алып, дем албастан кымызын тартып жиберди.

– Эми кымыз бойго тараганча мен силерге бир кызык аңгеме айтып берейин, – деди Осмонбек.

– Ыракмат, Осоке!

– Ошентиңиз, – дешти отурган эл.

Осмонбек оңдонуп отуруп, айлананы кыдырата бир сыйра карап алып, аңгемесин баштады.

## XV

Мындан эки миң жыл мурда, күн чыгыштын алыскы бир коңулунда, чокусунан ак кар, көк муз кетпеген чоң тоолордун бир өрөөнүндө Барпаң баатырдын эли жашап турган экен.

Күндөрдүн биринде Искендер хан түмөн колго баш болуп, Афганстан жактан бул өрөөндү каптап кирет. Мындан мурда бул өрөөнгө чет эл кадам баспаптыр. Түмөндөгөн жоо сел каптагандай, жердин бетин каптап, каарын төгүп, Барпаң баатырдын элин камап алат.

Барпаң баатыр элине жоо суук колун сунганын көрүп, элинин бардыгын жыйнап алды да, мындай деди:

– О, журт! Биздин элди өлүмдүн тузагы чырмаганы, кызыл кыргын болгону турат. Согушка жарабас катын, бала-бакыраны карыялар алып, алыстап кетишсин. Биз жарак-жабдык колго алып коркпостон, касташкан жоонун жолун тосолу.

Дүрбөгөн эл абышка-кемпир, бала-бакыралар – эки жагы кууш, асман мелжиген бийик чокулуу тар капчыгайды өрдөп жөнөштү. Алдыдагы бир жакшылыкты күткөндөй, сапырылып бара жатышат.

Барпаң баатыр, жоого мыкты жигиттерин ээрчитип, капчыгайга кире бериш кысыктан жоонун алдын тосуп калды.

Барпаң баатыр ачуусу келген жолборстой чамынып, жердин бе-

тин өлүк кылды. Анын жан кыйбас жан жолдошу Абан баатыр да тап жылбай, ок жаадырып жоону кайра сүрүүдө.

Алар канчалык кайрат кылып, көзгө илинген жоону атып, атынан кулатып, түшүрүп жатышса да, Искендер хандын көп колу өлгөн сайын өөрчүп, өрт чачып, чар тараптан буларды курчап алды. Барпаңдын далай мыкты жигиттерине жоонун огу жамгырдай тийип, уламдан-улам суюла баштады. Кара кочкул, кызыл кан жаандан аккан сел сыяктуу кокту менен акты.

Искендер хан ак кула атын минип, бир дөбөдө согуштун жүрүшүн карап турат. Барпаң баатырдын айланасына тийген жаанын огу мөңдүрдөй... Бирок анын мыкты калканын бир дагы ок тешип өтө алган жок. Бул укмуштуу окуя Искендердин кыжырын келтирди. Ошол жерден эле жигиттерине:

– Менин жаамды огу менен бергилечи! – деп кыйкырды Искендер хан.

Хандын буйругу дароо аткарылды. Искендер үзөңгүсүн чирене тээп, жаасын чойду да, аппак канат менен коздогон огун Барпаң баатырды көздөй узатты

Искендер көзгө атар мерген болучу. Анын огу түптүз келип калканга тийип, тешип өттү да, Барпаң баатырдын жүрөгүнө кадалды.

Барпаң баатыр атынын үстүндө теңселе түштү. Анын кансырап каруусу кеткен колунан калканы ыргып кетти. Өзү жарасынан аккан канга боёлуп, шалак деп жерге жыгылды.

Кара кочкул каны агып, өңү купкуу болуп, араң зорго ооз ачып:

– Мен өлүп баратам, – деди Барпаң баатыр: – мен өз элимдин эркиндигин коргоп, жарак-жабдыгымды бекем туткан бойдон дүйнөдөн кайтып бара жатам. Муну бардык элиме айткыла!

Барпаң баатырдын күчтүү денесинен жан кетип, анын жайнаган көзү түбөлүккө жумулду.

Барпаң сулап жаткан жер тең жарылып, анын денесин жутту да, жигин билгизбей кайрадаи жабылды. Бул укмуштан эл чочуп, жерге жата калды. Жалгыз ага Искендер хан мойнун буруп да койгон жок. Ал кашын бир серпти да, бир-эки курдай атын камчыланып алып, арт жагына чапкан бойдон жөнөдү. Анын эл бүлдүргүч жигиттери да кумурскадай кайнап, ханынын артынан чаап жөнөшкөндө, артында чаң уюлгуп кала берди.

Бул капчыгайда Абан гана жалгыз калды. Ал үнсүз-сөзсүз ба-

шын жерге салып, жерде жаткан Барпаң баатырдын калканына жакын басып келди. Ал эмнегедир чочуп кетип, кайтадан кетенчиктеди.

Искендер хандын жебеси тешип өткөн калкандын тешигинен балбылдап күйгөн беш жашыл ташты көрдү.

Бир аз карап тургандан соң Абандын көзү бул укмушка көнүгө түштү. Кайра келип, калканды колуна алды. Абандын колундагы калкандан жылаажындай шыңгыраган бир добуш чыкты. Кулагын салып тыңшады эле, мындай деген сөз угулду:

«Барпаңдын элинин башына бир мүшкүл иш түшсө, мен силерге жардам берем. Менин бетимде күйгөн беш жайыл таш – каармандын беш тамчы каны. Ал элимди беш жолу азаптан куткарат».

Үн бирден басылды. Калкандын бетиндеги беш жашыл таш жаркырап күйүп турбаган болсо, анда Абан кулагы уккан бул сөзгө ишенбейт эле. Абан калканды төбөсүнө бийик көтөрүп алып, качкан өз элинин артынан жөнөдү.

Эл болсо сапырылып үркүп олтуруп, ак кардуу, көк муздуу тоонун арасында гүлдөгөн бир татынакай өрөөнгө келип токтошкон. Ошол өрөөн, Барпаңдың наамында айтылган бойдон кала берди.

Келгин куштай зымырап, нечен күндөр, далай жылдар өттү. Калканда жаркырап күйүп турган Барпаңдын таштары төрт жолу жардам кылып, анын эли төрт жолу жоосун кайра качырды. Ошондо төрт ташы өчүп, бир ташы мурункудай жаркырап күйүп турду.

Барпаңдын өрөөнүн кайтадан кайгы басты. Анткени, тоо аркасындагы бир бай хан Барпаңдын элин өзүнө каратып алып, желдеттерин жиберип, ыгым-чыгым салып ала баштады.

Жаз болуп, күрткү эрип, ашуулар ачылганда, ал хандын желдеттери Барпаңдын элине келишер эле. Алар алым-салыкты, асыл буюмдарды абдан көп жыйнап, төөлөргө жүктөп, өңдүү-түстүү катын, кыздарын тартып алып, олжо менен кайрадан кетишер эле.

Далай айлар, далай жылдар өттү.

...Күндөрдүн биринде жаркырап-жайнап жаз келди. Күн нуруна карлар эрип, өрүк гүлдөп, ойго-тоого, жерге-сууга тиричилик кирди. Бир күнү жаңы ачылган ашуудан бир нече атчан кишилер көрүндү.

«Чыгым жыйноочу хандын желдеттери келе жатат» деген кабар өрөөнгө тез эле таралды.

Аялдар дароо жашынышты, балдардын ойну токтолду. Барпаң

уругунун бир аксакалы башын төмөн салып, атчандардын алдын тосо чыкты.

Карыя ал кишилерди көрүп, аң-таң калды. Анткени, алар, хандын солдаттарына окшош эмес эле.

Карыянын алдында көрпөдөн тумагы бар, тумагынын маңдайында орок, балка менен кооздолгон кызыл жылдызы бар кишилер турат.

– Эмнеге корктуң, карыя? Биз сизге кубанычтуу кабар алып келдик! – деп, көгүш көздүү жаш жигит ырайымдуу жүзү менен карыяга жылмая карады.

– Бул дүйнөдө канча жашаганымды билбейм. Бирок Барпаң өрөөнүнө эч ким эч качан кубаңычтуу кабар алып келбегенин жакшы билем. Чыгым жыйнаганы келген сен хандын желдетисиң. Алуучуңду алып тезинен кет. Асманды кара булут чулгап келе жатканын көрдүңбү? Кайра тартканда бороонго кабылып, ашуунун белинде өлөрсүң. Анда хан башка желдеттерин кайрадан дагы жиберет. Экинчи келгендер биздин айылыбызды өрттөп, малыбызды талап, жакшы келин, кыздарыбызды тартып алып, жолго түшүшөт. Мындай кордукту биздин эл көп көргөн — деп, карыя башын төмөн ийди.

Ал көгүш көздүү жаш жигит, атынан ыргып түшүп, карыяны кучактап, мындай деди:

– Сөзүмдү угуңуз, карыя! Ойдогу дыйкандар ханды кубалашты. Хан чет элге качкан бойдон кетти. Биздин жерде эми бай деген, хан деген болбойт. Биз алардын байлыгын, жерин алып кедейлерге бөлүп бердик. Мындан ары хандын желдеттери Барпаңдын жерине келбейт. Эми силер эч кимге чыгым төлөбөйсүңөр. Мына бул кызыл желекти колуңа ал да, элиңе кубанычтуу кабар айт!..

Карыя калтыраган колу менен желекти колуна алды.

– Хан менен байларга бул кызыл желекти каршы көтөргөн ким экен? – деп барпаңдыктар сурап калса, мен аларга эмне деп жооп берем? – деди карыя.

– Ал киши – Ленин! – деди жылдыздуу жигит.

Карыя кайра кетип бара жаткан жолоочулардын караанын үзүлгөнчө артынан карап, кубанычтуу жүрөгү толкуп, өзүнөн өзү:

– Ленин! – деп күбүрөдү.

Мына ошол күндөн тартып, Барпаң өрөөнүндө башкача турмуш

болду. Барпаңдын кара тоголок балдарынын биринчи үйрөнгөн сөзү «Ленин» болду

Айлананы ак кар басып, кычыраган кыш күндөрүнүн бири болучу. «Ленин өлүм алдында жатат» деген кайгылуу каңшаар бул өрөөнгө келип жетти.

Барпаңдыктар айылдын ортосунда желбиреген кызыл желектин жанына чогулушту. Барпаң баатырдын касиеттүү калканын катып жүргөн аксакал карыя эл ортосуна чыкты да, мындай деди:

– Ой жактан кайгылуу кабар келди. Алыскы Маскөөдө эл сүйгөн, эң кымбаттуу киши Ленин өлүм алдында жатат дейт. Эң мыкты докторлор дарыласа да, өлүм алыстабаптыр. Барпаң баатырдын калканында калган жалгыз асыл ташты биз Ленинге берип, анын жанын аман алып калалы. Биздин элдин мыкты, эң кайраттуу жигиттери бул калканды алыскы Маскөөгө – Ленинге алып барышсын.

Ошол эле күнү, Байыр, Дайыр, Сеит деген үч баатыр жигит алыскы жолго чыгышты. Капчыгайдын ичиндеги бийик беттин боорундагы борошо баскан ичке кыя менен ал үчөө жүрүп олтурушту. Ала-Тор суусунан өтүштү. Түбү көрүнбөгөн коркунучтуу, муздуу жарыктан атташты. Бул каарман жигиттердин ар бир баскан кадамын суук өлүм акмалап, аңдып кошо ээрчиди.

Жигиттер кук эткен кузгун, как эткен карга жок бир тоонун арасында – капчыгайга келе берген кезде, каардуу чоң бороон болду. Бороон ышкырып, удургуп, баатырлардын бетине муздак карды ургулады.

Бороон басылганда, мөңгүлөрдү жылтылдатып алтын күн айааламга нурун чачты. Ошол кезде лапыйта баскан кардын алдынан Барпаңдын калканы көрүнө калды. Тирүү калган эки жигит кардуу Казанактан чыга келишти. Үчүнчү жигит Дайыр жолдошторунан ажырап, кар алдында түбөлүккө калды. Аман калган эки жигит кайрадан жолго түшүштү. Байыр, чаалыккан жолдошу Сеитке кар үстүнө терең жол салып, алдында бара жатты. Ал жапан эчкидей таштан-ташка секирип бара жатканда, төмөн жагынан мейкин талаа көрүндү.

– Бар күчүңдү жыйна, Сеит. Эртең ойдо болобуз, – деп Байыр баса албай келе жактан Сеитке дем берди.

Сеит көкүрөгүн көтөрүп демин алып чымыркანып, Байырдын артынан келе жатат.

Бир кезде булар калтылдаган эски асма көпүрөгө келип токтошту. Жары өтө бийик, алды жагы караңгы, ал жактан аккан суунун табышы гана угулат. Жогору жагы жалама бийик зоо.

Байыр бир колуна калканды көтөрүп, экинчи колуна чириген арканды кармап, асма көпүрө менен жылды. Эптеп аркы өйүзүнө чыкты.

– Чымыркан, Сеит! – деди Байыр артта калган Сеитке: – Биз шашуубуз керек. Биздин ар бир алга баскан кадамыбыз эл сүйгөн Ленинге жакындатарын эсиңден чыгарба.

Сеит да асма көпүрө менен басты. Ал баскан сайын көпүрөнүн солкулдагы күчөдү. Сеиттин ар бир кадамы Байыр үчүн коркунучтуу болду. Бир убакта калдырап, таштар кулап келип, көпүрөгө тийип, асма көпүрөнүн жартысы кыйрады. Сеит төмөн карай чубалган арканга асылып калды. Байыр жолдошун өлүмдөн коргоп калмакчы болуп, арканды кармап, Сеитти көздөй төмөн жылды.

– Лениндин ысмын айтып, буюрамын, кайра тарт! – деп кыйкырды Сеит, – Аркан экөөбүздү көтөрө албайт. Үзүлүп кетип, экөөбүз тең жок болобуз. Анда Барпаң баатырдын касиеттүү калканын Маскөөгө ким алып барат?

Байыр Сеиттин сөзүнө кулак салбастан, чатыраган аркан менен төмөндөй берди.

Ошондо Сеит белинен канжарын сууруп алын, арканды кыркып жиберди.

– Сеит бул эмне кылганың? – деп Байыр бардык үнү менен кыйкырды. Бирок анын сөзүнө жооп болгону жок. Сеиттин денеси кулап түшкөн суунун табышы гана угулду. Байыр терең үшкүрдү да, кайра сыртка чыкты.

Байыр бар күчүн жыйнап жүрүп отуруп, таң ата тоонун этегине келди. Жайылып жүргөн, бир үйүр жылкынын жанына жетип:

– Кайсы жол менен Ленинге барууга болот? – деп, Байыр жылкычы карыядан сурады.

– Балам, сен Лениндин каза болгонун билгениң жокпу? – деди карыя кайгылуу түрдө.

– Оозуңа таш!.. Сен калп айтасың, – деп Байыр чалга кыйкырып жиберди.

– Эгерде бул жалган каңшаар болсо, мен жанымды курман кылар элем, балам, – деди карыя.

Арманга күйгөн Байыр үстүндөгү кийимин тытып, өксүп-өксүп ыйлап, жерге барып үстөмөнүнөн жыгылды.

– Ой, бактысыз, Байыр! Сен кечиктиң! Өлүм сенден мурда жетти! Мен эми уялбай Барпаң өрөөнүнө кайта кантип барам? Элиме эмне деп жооп берем?

Жылкычы карыя Байырдын жанына отурду да, баласын эркелеткендей эркелетип, мындай деди:

– Жигит, сен тургун! Көз жашыңды сүрт, капаланба, сөзүмдү ук. Ленин эми дүйнөдө жок, кантебиз, жазмыш ошол.

Байыр ордунан турду.

– Карыя, мага бир күлүк ат бергин. Алыскы Маскөөгө барайын. Мен улуу көсөмдүн табытына башымды ийип, Барпаң баатырдын касиеттүү калканын анын аягына коюп келейин, – деди Байыр.

Байыр бул сөздү айтканда, анын көзү жашылданып, жерге жашы тамчылай түштү.

Карыя бир жакшы атты Байырга туура тартты да:

– Мына, сага ат! Бул аттын көзү бүркүттүкүндөй, жүрөгү жолборстукундай. Жүрүшүнө жел жетпейт. Бул ат сени Маскөөгө жеткирет.

Байыр атка минип, чапкан бойдон жөнөдү. Нечен күн, нечен түн жол жүрдү. Далай шаарларды басып, далай элдерди көрдү.

Москвага жеткенде Байыр тупадан-туура мавзолейге кирди.

Байыр улуу көсөмдүн денесинин жанына келип, башын төмөн ийди да, кайгылуу үнү менен күбүрөдү:

– Ленин ата, сен ойгонгус болуп уктап жатасың! Каардуу бороон, катуу суукка кабылып, бийик бел ашып, нечен күн, нечен түн жол басып, мен сага келдим. Сенин өмүрүңдү аман алып калууга шаштым. Бирок тез учкуч канаттуу өлүм, менден озуп мурун жетти. Эми бизге мурунку хан менен анын байлары кайра келишет. Барпаңдыктар кайрадан аларга кул болушат,

– Жок, андай иш эми эч качан болбойт, – деген бир күчтүү үн угулду.

Байыр башын көтөрсө, бет алдынан бир киши көрүндү. Ал кишинин көзү капалуудай, күңүрт, бирок кайраттуу, ырайымдуу жылмайып турат.

– Кайдан келдиң, жигит? – деп сурады ал киши Байырдан.

– Барпаң өрөөнүнөн. Улуу көсөм катуу ооруп, өлүм алдында жа-

тат деген кайгылуу кабар угулганда, элибиз мени жана менден башка дагы эки жигитти Ленинге жардамга жиберген. Жолдошторум жолдо каза болушту. Мен – Байырмын. Нечен каардуу бороон, кыйын кезеңдерди жеңип, Барпаң баатырдын касиеттүү калканын алып келдим. Бирок... мен кечигипмин. Бул касиеттүү калкан элимдин ар кандай тилегин орундай алат. Бирок жан киргизүүгө күчсүз.

Ал киши Байырдын сөзүн ынтасын коюп укту да, мындай деди: – менин сөзүмдү тыңша, Байыр! Ленин каза болду. Бирок анын иши өмүрлүккө өчпөс болуп калды. Биздин өлкөбүздө жашаган бардык элди бактылуу кыла турган закон чыгат. Закондо мындай деп айтылат:

– «Эл өз өлкөсүн башкарат. Эл достугу өтө бекем болот. Аялдардын укугу да эркектер менен бирдей болот. Абышка-кемпирлер жыргалда, кубанычта жашайт. Муктаждык, ачарчылык деген такыр болбойт. Эмгек – кишини тилегине жеткирет».

Байыр бул сөздү үнсүз-сөзсүз өз көңүлүнөн кайталап айтканда, касиеттүү калканга анын бардык сөзү тамга болуп түштү. Тиги киши сөзүн токтоткондо, эң акыркы асыл таш өчүп, көз ачып-жумганча калкандын бетиндеги беш таш бешөө тең балбылдап күйдү. Алардан кызыл нурлар пайда болуп туш-туш жакка чачырады.

– Бул калканды колуңа алгын да, өз элиңе жеткир, – деди ал киши.

– Сиз ким болосуз? – деп Байыр кыйкырып жиберди.

– Мен часовой, – деди ал киши.

Закондун жаңкы касиеттүү сөздөрү калкандын бетинде алтындай болуп жаркырап турду.

Байыр асынган кылычын сууруп алып, калканды ого бетер жогору көтөрдү.

– Бул касиеттүү законду тартып алам дегендин бардыгына өлүм! – деп, Байыр бир кыйкырды да, тентек шамал тынымсыз жүргөн, каардуу бороон улуп, аскалуу тоону туман чулгаган өз жерине кайтадан жөнөдү.

Осмонбек аңгемесин айтып бүтүрдү да:

– Жамила менен Жапар силердин бактыңар, өлкөбүздүн бактысы ошол закондун алдында жаркырап-жайнап гүлдөсүн, – деди.

– Жаша! Жаша! Ура! – деп, отурган эл туш-туш жактан кыйкырышты.

* * *

Той тарады. Эл туш-туш жакка кетип жатышат. Баш кошкон эки жардын узун өмүрүн, бакыт-таалайын тилешип, Чүкөбай менен Жутабай да жолдош-жоросу менен атланышты. Ата– энесин кубантып, үйдө бир аз күн турбай, Жапар кантип кетет? Сабак башталар ченде гана «Өрнөккө» барарын айтып, ал үйүндө калды.

Жапар күндүн кандай өткөнүн сезбеди. Жамиланы ээрчитип, коноктон конокто жүрөт. Эки жаш бирин-бири карашып, күлүңдөшүп, түпсүз, терең кубанычтын кучагында. Түш мезгили эле. Жапар төрдө чыканактап, газета окуп жатып, үргүлөй баштаганда, үйгө кирип келе жаткан ата-энесинин табышын укту. Бирок жумулган көзүн Жапар ачкысы, таттуу уйкуга баш койгон денесин кыймылдаткысы келген жок.

Жапардын уктап жатканын көрө коюп:

– Акырын, – деди Бурулча Тойчубекке. – Акырын, ойгонбосун, көйнөк-кечеңди мен өзүм алып берейиң. Бирок тапталган жок эле, кандай кылар экем?

– Мейли, тапталбаса да, алып бер.

Бурулча бутунун учу менен бурч жакка басып өтүп, жүктөгү чоң сандыкты ачты. Андагы көйнөк-кечелер, кол жоолук, сүлгүлөр, – баары да тапталып, төрт бүктөлүп, жай-жайына коюлган.

Аны көргөндө, Бурулча:

– Садагаң, Жамилаш, таптап койгон тура. Муну ал кайдан билди экен? Башка бирөө болсо, айтмайынча билбес эле. Эсиңден кагылайын, эстүү да, – деп күбүрөп, Тойчубектин көйнөк-кечесин алып берди.

– Олдо, байбиче ай! Жакында эле «Айшага тең келер кыз жок» деп жүрбөдүң беле. Эми кайта минтесиң да – деп, Тойчубек муругунан күлдү.

– Дүйнөдө жакшы кыздар аз бекен! Айша жаман эмес эле, бирок Жамилама тең келер киши жок, – деди Бурулча.

Сүйгөн жары Жамила жөнүндө ата-энесинен мындай бааны укканда Жапар ичинен абдан кубанды.

* * *

...Бир күнү таң эртең калдырап келип, эшик алдына араба токтоду. Бир аздан соң шапалагын сүйрөп, эшиктен Сатар кирди.

– Э, Сатыке, кайдан? – деди Жапар.

– Колхоздон, Жапар ага, башкарма сизди алып кел деп араба жиберди, – деди Сатар компоюп, кадимки салабаттуу чоң кишидей.

Бурулча Жапарды жибербей дагы эки-үч күн токтоткусу келди эле, бирок Жапар ага көнбөдү.

– Мейли, эми кетишсин, окууларынын башталар убагы да болуп калды. Айыл арасы жакын го, кийин биз өзүбүз да катташарбыз, – деди Тойчубек да.

Бурулча аргасыздан макул болду.

Илгери үмүт деп көптөн бери жыйнаган жууркан-төшөк, идиш-аяк – баарын көтөрүп келип арабага салды. Уулу менен келининин ден соолугун, таалайлуу, ырыстуу болушун тилеп кала берди.

Күн кечтеп, аба салкындаган кезде Жапар менен Жамила да жолго чыгышты.

Араба «Өрнөккө» жакындай бергенде, Жапардын эсине бир нерсе түшкөндөй, өкүнгөндөй болуп, «аттиң» деп барып токтоду. Жамила аны сезди, сурамакчы болду. Бирок Жапардан ал эмнегедир башка нерсе жөнүндө сурады:

– Жапыке, эми биз кайда, кимдикине барып түшөбүз? Квартираң барбы?

– Бар, Жамилаш, бар, бирок...

– Эмнеге антесиң, Жапыке? Жашырбай айтсаң, жана да бир нерсеге өкүнгөндөй болдуң. Бирдемең бар го...

Жапар өзү Пржевальскиге кеткенден бери үйү аңгырап, ээн, бош турганын, мурда кабар кылып, анын ичин жуудуруп, жыйнаттырып, дайындап койбогонун ойлонуп, баятан бери өкүнүп келе жатканын айтты эле:

– О, Жапыке, кагылайын эмнеге анчалык өкүнөсүң? Эмнең бар экенин мага көрсөтүп эле койсоң... мен аны кандай жыйнаштырар экем, – деди Жамила, назик үнүн толкундатып.

Мындай боорукер, жагымдуу, жалындуу сөздү укканда, Жапар кантип чыдап тура алат? Жаш жүрөгү козголуп, көңүлү коргошундай балкып, Жамиланы колдон алды:

– Жамила жаным, Жамилаш! Кандай биз бактылуубуз?

Жамила да Жапардын колун кыса кармап, жароокер, сүйкүмдүү көзүн күлүңдөтүп, демин ичине алып, башын өйдө көтөрүп, Жапар-

ды тике карады да, эмне деп ага жооп берерин биле албай, кайта башын төмөн ийди.

Сатар арабасын калдыратып, атын айдап жүрүп келип, терезелүү бир үйдүн түбүнө тык токтоду. Үйдөн Зина болуп, бир топ бала колдоруна гүл кармап, көчөгө чуркап чыгышты.

– Жапыке!

– Жапар ага!

– Жакшы келдиңиздерби? – деп балдар арабаны курчап алышты.

Жамила арабадан түшүп, балдардын гүлүн алды. Кичинесинин бетинен өөп, чоңунун колун кыса кармап көрүшүп, алар менен бирге үйгө кирди.

Үйдүн ичи адам карап турарлык жыйнаштырылган, агартылган, жуулган; терезелерине парда тартылып, гүлдөр коюлган. Эки терезенин ортосуна Лениндин портрети илинген.

Жапар өмүрүндө көп иштерди көрүп, көп сыноолорду башыңан өткөрдү. Баарына дал туруштук берип келди. Бирок бул сапар ал чыдап тура алган жок, жаш жеткинчек бөбөктөрүнүн көрсөткөн камкордугуна жан сезими козголуп, унчукпастан басып барды да, Зинанын чачын сылап эркелетип, маңдайынан өптү.

Жамила да, балдар менен бат эле таанышып алды. Балдар анын алды-артына чыгып:

– Эжеке, муну кайда салабыз?

– Муну кайда коёбуз? – дешип, арабадагы буюмдарды үйгө алып кирип, Жамилага көрсөтүп жатышат.

Жамила да энелик, эжелик, мээримдүү сөзү менен аларга айланып, үйрүлүп, алардын колдорунан буюмдарды алып, жай-жайына таратып коюп жатты.

Арабадан буюмдар үйгө киргизилип бүткөндөн соң, балдар кетмекчи болуп Зина менен Сатарды карашты. Зина менен Сатар да «жумуш бүттү, эми кетели» дегенсип, эшикти көздөй жөнөй беришкенде, Жамила аны байкап, эшикти тосо калды:

– Жапыке, көрдүңбү буларды, кетебиз деп жатышат, – деди ал Жапарга.

Балдар кийиздин үстүнө тегерете отурушту. Жамила дасторкон жайып, ага чача боорсок салды. Балдар божурашып, күлүшүп, боорсоктон жеп жатышат.

Бир кезде Күмүш, Анткор эшиктен киришти.

– Келгиле, байбичелер, келгиле – дей, Жапар ордунан тура калды. Жамила да ордунан туруп, колун бооруна алып, башын ийип, аларга салам берди.

– Тилегиң кабыл болсун!

– Көп жаша, кагылайын, – дешти Күмүш менен Анткор жарыша сүйлөп.

Кемпирлер төргө өтүштү. Эсен-соолук сурашып, бир аз олтурушкандан соң, Жамила алардын алдына да бир патнос боорсок, бышкан эт койду. Самоор көтөрүп, эшикти көздөй жөнөй бергенде:

– Эжекебай, самоорду мен эле коёюн, сиз отура бериңиз, – деп Зина Жамиланын колунан самоорду ала коюп, тышка чыкты.

Зинага колкабыш кылмакчы болушуп, башкалары да анын артынан жүгүрүп чыгышты.

Жапар балдардын ынтымак, достугуна кубанып, ооз учунан, «Оо, садагалар!» деп койду. Жапардын ал сөзүн Анткор кемпир башкага жоруп, «Жапар балдардын топураганын, жаратпай жататко, коштошоюнчу» дегенсип:

– Ал тынчы жок курган балдар ай ээ! – деди да, «бысмылда» деп, дасторкондон бир кесим эт алып, оозуна салды.

– Андай эмес, байбиче, – деди Жапар. – Мен балдардын анысын жаратпай жаткан жерим жок. Кайта мен ошого кубанып жатам. Көрдүңүзбү садагаларды, баарысынын да жүздөрү жарык. Баарысы да бир кишинин балдарындай. Достук, таттуулук менен иштешет да, окушат. Мындай балдарга биз кантип кубанбайбыз? Таалайлуу, ырыстуу балдар биздин Совет өкмөтүндө гана бар. Мурунку кезде бизде балдар ушундай болуп өскөн, окуган бекен?

– Ал айтканың ырас, кагылайын – деп, Анткор кайта Жапарды коштоп койду.

– А, кокуй, ал кездеги балдардын күнү курусуң, – деди Күмүш да сөзгө аралашып. – Минтип азыркы балдардай бирине-бири жардам бермек, окумак түгүл, кайта чүкө талашып мушташып, бирине-бири жоо болушар эле. Курган Чүкөбай молдонун урганынан коркуп, окубай калган.

– Кайсы Чүкөбай? – деди Анткор.

– Нече Чүкөбай бар эле? Жанакы биздин күйкөлөк башкармачы, – деди Күмүш.

– Аны молдо эмне деп уруп жүрөт?

Күмүш бирдеме деп айтмакчы болуп, оозун кыбырата бергенде, алыстан аттын дүбүрдү угулуп келип, эшик алдына токтоду.

– Жапар! Жапар! Үйдө барсыңбы?

– Чүкөм экен. Чүкөм!

Жапар ордунан туруп, тышка чыкканча Чүкөбай да атынан ыргып түшүп, үйгө кирди.

– Чүкө, төргө өтүңүз, төргө! – деп Жапар Чүкөбайга орун көрсөттү. Жамила да Чүкөбайды урматтап, кымырылып-кымтылды.

Чүкөбай төргө чыгып отурду.

Жапар патносту бери тартып, колу менен ал жакка кесилген этти, боорсокторду шилеп, Чүкөбайдын карады:

– Кана, Чүкө, нанга, этке караңыз.

Чүкөбай патностон бир кесим эт алып, оозуна салды.

– Адам, сизди азыр эле кеп кылып отурдук эле, чакыргандай келип калганыңды карачы, – деди Күмүш Чүкөбайга.

Бырыш кирген бетин жыйырып, көзүн кысып, эрдин кыймылдатып, оозуна салган этти чайнап жутуп жатып:

– Кош, эмне жөнүндө кеп кылып отурдуңар эле? – деп Чүкөбай Күмүштү карады.

– Илгерки молдодон жеген таягыңды...

– Баса, Чүкө, молдо сизди эмне деп уруп жүрөт? – деди Жапар да.

– О-о, молдонун үйү күйсүн! – деп Чүкөбай, – молдонун үйү күйсүн! Айлыбызда Боркөтөн деген бир бай бар эле, – деп Чүкөбай сөзүн улантканда, «Ботом, аты жаман экен» деп Анткор ууртунан күлдү. Тиги жакта отурган Жамила да төмөн карап, акырын билинер-билинбес жылмайды. Аны Күмүш байкай калып:

– Ботом, мында келин-кесектер отурганда тамашаңды коюп, жөн айтсаңчы, – деди ал.

– Жок, Күмүш байбиче, – деди Чүкөбай да күлүп.

– Бул тамаша эмес, чыны ушул. Илгери кыргыздар балдарына көрүнгөн атты тандабай, коё беришкен. Койгон аттары эмне дейсиң? Итигул, Итибай, Итаяк, Мышык деген аттар болор эле. Мына эми Совет өкмөтүнүн тушунда гана сонун аттар чыкты. Боркөтөндүн Төлөгөн деген баласы бар болучу. Ал мени урбасынбы. Ал мындайча болду: бир күнү танапис убактысында эшикке чыгып, чүкө атыша кеттик. Баарыбыздын чөнтөгүбүздө шагыраган чүкөлөрүбүз бар. Мектепке барганда да, мектептен келгенде да ойногонубуз чүкө. Сабакта отурганда «се-

нин канча чүкөң бар, меники мынча» – деп шыбырашып, бир-бирибизди түртүшүп койчубуз. Молдонун кежигесинде чүйлүсү бар, тултук, кызыл бет, быйпык мурун, тосток көз, ийни менен дем алган кара чаар киши эле. Ал кара бачайы жуурканды төрт бүктөтүп алдына салдырып, ага малдаш токуна отуруп, анда-санда «окугула» деп, колундагы таягы менен бизди жаңсап коёр эле. Таякты көргөндө энесин көрүп жамыраган козулардай биз да чурулдап башыбызды ийкеп:

– «Алип лам забар ал, хе мим забар хам-алхам, далпешду-алхамдуу» деп, китептеги кандайдыр бир түшүнүксүз нерселерди колубуздагы чөп кат менен түрткүлөп окуур элек. Молдо чөнтөгүнөн кол күзгүсүн сууруп чыгып, ага каранып, сакал-мурутун сылап, «дүйнөдө менден да сулуу жан барбы?» дегенсип, кымыңдап, өзүнөн-өзү күлүңдөгөн кезде, биздин да жаагыбыз жап болуп, оюн, чүкөлөр жөнүндө кайра дагы сөз козгоп, бир-бирибизди чымчылап, түрткүлөшө кетишер элек.

– Оо, наэсептер! Окугула! – деген молдонун үнү чыкканда «алип лам забар алды» кайрадан башынан баштаар элек. Мында илгери биз ошентип окуучубуз. – Баса, – деди бир кезде Чүкөбай күлүп. – Мен молдодон көргөн кордугумду айтамын деп жатып, башка сөзгө кирип кеткен турбаймынбы. Төлөгөн менен чүкө атыша кеттим. Чүкөсүн ал мага уттуруп коюп, ызаланып, менин сакамды талашып, уруша кетпесинби.

– Иттин баласы, сакамды жоготуп жиберсем, сен уурдап алган турбайсыңбы. Бер сакамды, болбосо көрөсүң менден көргүлүктү, – деди Төлөгөн.

– Ой, бул менин сакам.

– Кантип сенин сакаң? Меники, бер!

– Бербейм!

– Кантип бербейсиң, бересиң!

Төлөгөн келип сакамды талаша кетти. Мен сакамды бербей тырыштым. Ал мени жаакка коюп жиберди. Андай кордукка кантип чыдап турсам болот? Мен да аны жаакка бир койдум. Бирок ал менден чоңураак да, күчтүүрөк да эле, мени ал жерге көтөрүп уруп, бетке көзгө койгулап жиберди да, бармагымды кайрып туруп, сакамды тартып алды. Сакамды тарттырып, таяк да жеп, ичим күйүп, абдан ызаландым. Ошондо жанымда бычак болсо, Төлөгөндү бышып таштоодон да кайра тартпайт элем. Жерди сыйпаласам, колума бир бодур таш илинди. Аны ала коюп жүгүрүп жетип, Төлөгөндүн башы деп туруп, колумду ага шилтедим эле, колум анын жаагын жанып өттү.

Бетинен кан жая берди. Жыландын куйругун басып алгандай коркуп, калтырап кеттим.

– Алып кел бери, наэсепти, – деген молдонун үнү чыкты. Бир чоң бала мени колдон алып, дегдеңдетип сүйрөп, молдого алып барды. Молдо эпке-сөзгө келбестен:

– Көтөр баччагарды! – деп кыйкырды.

Бала эки колумду мойнуна арта салып, так көтөрдү. Мен асынып, эки бутум жерге жетпей салаңдап калдым. Молдо бери карай басканда кандайдыр бир уу жылан мени чагуучудай, мага карай жылып келе жаткандай көрүндү.

– Молдокебай, күнөө менде эмес. Боркөтөндүн баласы Төлөгөндө, – дедим. Ыйлап жибердим. Менин көз жашымды молдо көргөн да, жалынганымды уккан да жок.

– Бас үнүңдү баччагар! Ким күнөөлүү, ким күнөөсүз экендигин текшерүүгө убактым жок. Күнөө сенде. Көтөр бери!

Молдо колун көтөрүп, балагы менен бир-эки деп санап, мени урганын гана билем. Андан кийиң эсим ооп жыгылдым. Бир кезде көзүмдү ачсам, балдар тарап кеткени жатыптыр. Мен араңдан зорго ордумдан туруп, китеп баштыгымды мойнума асынып, сүйрөлүп, үйгө араң жеттим. Энем байкуш көк ала болгон аркамды көрүп, өксүп ыйлады. Мен да ыйладым. Бир кезде кайдадыр бир жактан атам келди, ал да аркамды көрдү.

– Молдонун мунусу эмнеси, атасынын куну бардай жаш баланы урганы... Бар молдого. Аны өлтүрүп, же андан өлүп кел, – деди энем байкуш көз жашын көлдөтүп. Атам татар, орус, дунган, кыргыз байларына малай болуп, Алматы, Ташкен шаарларына барып, далай оор кыйынчылыктарды башынан өткөргөн, көптү көргөн, оорбасырык мыкты киши эле. Кабагын чытып, өңүн бузуп, төмөн карап, ойго батып турду да калды.

– Эмне унчукпайсың? Бар дегенде бар, молдону өлтүрүп же андан өлүп кел, – деди энем мурунку сөзүн кайталап.

– Айтканыңды иштээр, молдодон өч алар элем, – деди атам бир кезде башын көтөрүп. – Бирок молдону урган, же аны өлтүргөн менен өчүбүздү ала албайбыз. Кайта балааны башыбызга үйүп алабыз. Молдонун артында миңдеген анын колдоочулары турат. Заман ошолордуку. Заман оңолбой, биз алардан өч ала албайбыз. Заман оңолор. Ошондо алардан өч алабыз, – деди атам. Көрсө, кайран киши

таалайлуу ушул замандын болорун бирөөдөн билген, уккан экен го. Болбосо, мындай сөздү ал ошол кезде айтпас эле. Молдодон өч ала албасыбызды, алсыздыгыбызды билгенден соң, менин жүрөгүм өзүнөн өзү тызылдап, атамды да, энемди да өтө аядым, ыйладым.

Чүкөбай, эмнегедир, унчукпай калды. Жүрөгүнө так салган, кайгылуу оор из калтырган, каргыш тийген өткөн күнүн эсине түшүргөндөй, ага ичинен миңдеген наалат, каргыш айткандай кабагын бүркөп, башын төмөн салып үнсүз, сөзсүз олтурду да бир аздан соң кайта башын көтөрүп, жаап ачылган күндөй болуп:

– Молдодон окуп, мусулман болбой эле коёюн деп, ошондон кийин окубай калгам. Чүкөбай кыт-кыт күлдү. – Мына илгерки балдардын күнү мына ошондой болор эле. Эмки балдар ырыстуу балдар болбодубу. Жапар эми бүгүн келин менен бизде конок бол. Ошону айтайын деп, бери бастырдым.

– Ооба, ошент.

– Сен башкарма эмессиңби? Сенден кийин биз да карап турбаспыз, – дешти Анткор менен Күмүш да.

Патностон бир кесим эт алып, оозуна салып, бир-эки курдай аны чайнап жутуп, колун сүлгүгө сүрттү да:

– Жапар, мен эми бастырайын, – деди Чүкөбай.

– Отуруп, чай ичип кетиңиз. Эмнеге шашасыз?

– Жумушум бар, иничек.

Чүкөбай камчысын колуна алып,ордунан турду. Эшикти карай жөнөй бергенде, самоорун булоолонтуп көтөрүп, эшиктен кирген Сатарды, Сатардын артынан Зинага кошулуп кирген үч– төрт баланы көрө коюп:

– О, чунак балдар десе! – деди Чүкөбай. – Ботом, эмгиче кетпей булар мында эмне кылып жүрүшөт? Баргыла үйүңөргө.

– Чүкө, жанакы өзүң айткан ырыстуу балдар ушулар эмеспи. Менин ардактуу асыл конокторум ушулар. Буларды жөн коюңуз. Мында жеңесине эрмек болушсун, – деди Жапар күлүп.

– Мейли, эмесе, мейли, кагылайын, кагылайындар!

Чүкөбай эшикти шарт ачты да, тышка чыкты.

* * *

Экинчи күнү Жапар мектепке барды. Мектептин ичин, терезелерин, парталарын, доскаларын көздөн өткөрүп чыкты. Көбү эскирген, жарылган, сынган, жаңы окуу китептерин да районо алигиче жибере элек.

Жапар райононун башчысы менен кезигишкенин эсине түшүрүп, «мага ал жардам кылар. Аны менен мен эми мектеп жөнүндө мыктап сүйлөшөйүн» – деп Жапар ага бармакчы болду. Бирок ал кантип барат? Окуу башталарына аз эле күн калбадыбы. Жумуш болсо көп.

– Жапар ага, районого мен барсам кантет? – деди Кожобек.

– Деги эле жакшы болот, – деди Жапар Кожобекке. – Бирок кур кол кайта келе көрбө.

– Китептер болбосо кантем?

– Кантип болбосун? Эмгиче Фрунзеден келген чыгар. Келбесе, былтыркы окуу китептеринен да райондо калган чыгар. Бизге окуу китептердин керектигин айтып, таптырып ала кел. Уктуңбу? Ошент, – деди Жапар.

– Уктум, макул.

Кожобек районого жөнөдү.

Окууга алигиче жазыла элек балдар да бар эле... Алардын ата-энелерине, өздөрүнө барып сүйлөшүүнү Жапар Жамилага тапшырды. Жамила жанына Зинаны ээрчитип, көчөгө чыкты.

– Кимден баштайлы, – деди Жамила Зинадан.

– Салыйдыкына баралы, эжеке. Ал азыр үйүндө. Бир жакка кетип калса, баласы Адамбек бизди үйүнө да киргизбейт – деди Зина.

– Ал кандай бала? Пионерби?

– Пионер. Бирок...

– Жаманбы?

– Билбейм.

– Деги өзү бир укмуштуу бала. Быйыл жазда «мен эми окубайм» деп мектепке келбей койгон. Эгиндин баштарын да теришкен жок.

– Балким, ал оорулуудур.

– Жок, эжеке, оорулуу эмес.

– Жашы нечеде?

– Он экиде.

Салыйдыкына келишти. Салый Жамиланы жакшы чырайы менен каршы алды. Үйүнө киргизди. Үйүндө Салыйдан башка эч ким жок эле. Салый Жамиланы эки-үч курдай карап алып, терең үшкүрдү да:

– Кагылайын, эмне үчүн келгениңди билип жатам, – деди ал. – Баламдан такыр жадап болдум. «Мени элге уят кылбай, мектепке бар, оку» десем, тил албайт. Эркек баланыкы кыйын экен, атасы болгондо, анда иш башка эле. Эмне кыларымды билбейм, айлам кетти.

– Балаңыз кайда? Аны менен сүйлөшөйүнчү, – деди Жамила.

– Сүйлөш, кагылайын, сүйлөш! Жана эле ушул жерде турат эле. Чунак бала, кайда кетти? – Салый терезеден башын чыгарып:

– Адамбек, Адамбек! – деп кыйкырды.

Бир аз убакыт өткөндөн соң бетинин оту күнгө күйүп, какачтанып сыйрылган, боорсок мурун, кара тоголок бир бала дердеңдеп, чуркап келип үйгө кирди да, үйдө отургандарды көрө коюп, токтоло калып:

– Амансыздарбы? – деп койду ооз учунан.

Жамила Адамбекти уялчаак, жүүнү бош бир бала го деп ойлогон. Бирок көзүндө оту бар, чыйрак бала көрүнөт.

– Аманчылык, Адамбек, кел таанышалы, – деди Жамила. – Окууга балдардын баары да келип жазылышты. Сен гана калдың. Келеби десек, келгениң жок, өзүбүз келдик. Сага эмне болду? Бир жериң ооруйбу?

– Жок, – деди Адамбек.

– Андай болсо, эмне болду? Биз, окуучу балдар болуп, фронтко кат жазалык дедик эле. Сен жок, жазбай калдык. Кокустан сенин колуң коюлбаган кат атаңа барып тийсе, анда атаң эмне дейт? Балам эмне үчүн кол койбогон деп айтпайбы?

– Атам кайда, билесизби? – деди Адамбек, ишенбеген түрү менен.

– Жок, билбейбиз. Айтып бер. Атаңдын адресине салалык. Бирок каттарды балдардын баары да окуп чыгышы, кол коюшу керек.

Атасы жөнүндө мындай кубанычтуу кабарды укканда Адамбектин жаш жаны толкундады. Жамилага жакын басып келип:

– Макул, мен мектепке барайын. Кат жазалык. Бирок мен окубайм, – деди Адамбек.

– Эмне үчүн?

– Шаарга кетем.

Баласынан мындай сөздү укканда, Салый күрсүнүп терең үшкүрдү. Зина да таң калып, Адамбекти карады.

Жамила гана сабырдуулук менен:

– Шаарга барганда эмне кыласың? Жумушуңду айтсаң, биз да билелик, – деди Адамбекке.

– Заводго кирем, уста болом, мылтык жасайм, – деди Адамбек.

Зина жылмайып, бир нерсе айтмакчы болду эле, Жамилаанын сөзүн бөлдү:

– Мылтык жасай турган уста болоюн деген турбайсыңбы? Жакшы оюң бар экен, кагылайын.

– Ооба, эжеке – деп, Адамбек жандана түштү.

– Абдан жакшы. Бирок азыр айылдан кетсең, бир нече күндөн кийин кайта келесиң го деп корком.

– Эмнеге?

– Эмнеге дейсиңби? – деди Жамила. – Отурчу мындай, айтайын. Адамбек отурду. Зина да отурду. Жаш мугалим эмне айтар экен деп, Салый да ага көзүн салды.

Жамила ийнени машинага, көрүктү экскаваторго, кетменди тракторго, жааны автомат, пулемётко салыштырды. Көп тетиктүү машина жасоо үчүн көп билим керек экендигин, жакшы кесип үйрөнгүсү келген жаштар эң обол ФЗУда окуп, андан барып, заводдорго кирерин да айтты.

– Анда ФЗУга кантип кирүүгө болот? – деди Адамбек.

– Кирүүгө болот. Мектепте бардык ФЗУлардын адрестери бар. Кирүү шарттарын сурап, эң обол аларга кат жазалык. Кааласаң, мен сага кат жазып берейин, макулбу? Каттан жооп келмейинче баруугa болбойт.

– Ага чейин эмне кылат, эжеке? Мектепке барбайбы? – деди Зина, ойлонгон ою ордунан чыкпагандай өкүнгөнсүп.

– Эмне үчүн барбайт? Барат. Азырынча барып окуп турат, – деди да, Жамила Адамбекке карады. – Айтчы, кагылайын, ошентесиңби? Эсепти кандай билесиң?

Адамбек эсепти билем, же билбейм деп ачык айта албай күңкмыңк этип, кысылгансып калды. – Мына көрдүңбү, – деди Жамила. – Эсепти жакшы билбесең сени ФЗУга албайт.

Бул сөздү укканда Зина өзүнөн-өзү кубанып, күлүңдөдү. Бирок Адамбек өз оюнан кайтпады.

– Жок, алат, – деди ал, башын көтөрүп.

– Ооба, ошентет, алат, – деди Жамила да Адамбектин сөзүн коштоп. – Эң обол катка жооп күтөлү. Эмне деп жазышар экен. Ага чейин мектепке барып, окуп тур. Мектепке балдар «жандыктар бурчун» уюштурду.

– Ооба, – деди Зина да. – Кечээ бир бала кирпичечен кармап келди. Бөдөнө да кармап алдык. Эми үкү кармайбыз деп, кармай албай жатабыз.

– Үкүнү мен кармайм, – деди Адамбек. – Мен анын уясы кайда экенин билем.

– Эмесе, дегеле ырас болбодубу! – деди Жамила да билинер-билинбес жылмайып. – Биз эми кетели, кагылайын, сен бизди узатып коёсуңбу? – деди Адамбекке. – Күлүйпага барабыз. Уулунун кызын мектепке жаздырбаптыр.

– Эмнеге жаздырбайт? Жаман кемпир экен го, – деди Адамбек, мектепке өзү барып жазылгансып.

Зина күлүп жиберди. Жамила күлкүсүн токтотуп, сыр билгизбей, азыраак ооз учунан жылмайды:

– Билбейм, мен да ошондой деп ойлоном.

Салый Жамиланы дарбазадан чыгарды. Адамбекке башын ийкеп, колун силкип, бир нерсе айтып кетип бара жаткан Жамиланы карап, бир аз турду да:

– Кагылайын, кандай жакшы окутуучу келин? Эпке келбеген баламды, эпке келтирип койду. Өзү жаш эле экен – деп, ал башын ийкеди.

Булар барганда, Күлүйпа эки колун чыканагына чейин түрүнүп, короодо ийик ийрип жаткан кези болучу.

– Амансызбы, энеке? – деди Жамила Күлүйпа менен учурашып.

– Аманчылык, кагылайын, – деди Күлүйпа ийик ийрип жатып. – Эртелеп келип калыпсыңар, жумуштап келдиңерби?

– Ооба, энеке. Кызыңды мектепке жазалык деп келдик. Аны эмне жаздырбагансыз? Окуткуңуз келбейби?

– Жок, катыгүн, – деп, Күлүйпа чочуп, ийигин оң колуна кармап, Жамиланы карады. – Кудай анын бетин ары кылсын. Балдардын окуганы жакшы эмеспи. Кечээ жеңесиникине кетти эле, бүгүн келип калар. Кааласаңар, окууга азыр эле жазып алгыла. Окуу башталганда, мектепке өзүм алып барам. – Күлүйпа бырыш кирген бетин жыйырып, көзүн кысып же чыны же төгүнү экенин билдирбей: – мектепке балдарды гана жазасыңарбы? Чоңдорду жазбайсыңарбы? – деди ал.

– Кааласаңыз, энеке, сизди да жазабыз. Сизге окшогон кишилерди кечинде, жумуштан кол бошогондо окутабыз, – деди Жамила.

– А, кокуй, мен силердей китеп, газет окуганымча качан?

– Окуйсуз, энеке, окууга кечтик жок.

– Эл көрсө күлбөйбү? Баягы Күлүйпа карыганда жашарып, балдарга кошулуп окуп жүрөт деп.

– Күлсө мейли, энеке, окуңуз. Мен үйүңүзгө келип окутуп жүрөйүн, макулбу, – деди Зина да.

– О, кагылайын, – деди Күлүйпа Зинаны карап. – Сендей болуп китеп окуй алар бекем?

– Окуйсуз, энеке, окуйсуз, – деди Адамбек да Зинаны коштоп.

– А, катыгүн, – деди Күлүйпа өкүнгөнсүп. – Мага китеп окуганды ким коюптур. Эптеп эле кат окуганга жарасам болду эле. Уулум болсо, аскерде. Анда-санда кат келет. Окуп бергиле деп көрүнгөнгө барып жалдырайм. Кат билсем, окубайт белем. Уулумдун катын өзүм окугум, анын ар бир тамгасына көз жүгүрткүм келет. Айла жок, сокур кишидей катты кармаймын да, тим болом.

– Окуйсуз катты, энеке. Кат түгүл, андан да чоң китептерди окуйсуз. Кечки мектеп ачылганча Зина келип сизди окутуп жүрсүн. Мен да сизге келип турам.

– Ыракмат, кагылайын, ыракмат, – деди Күлүйпа да.

* * *

Сабак башталар мезгил жетти. Жапар менен Жамила бүгүн күндөгүсүнөн эрте турушту. Жамила жуунуп таранып, үстүнө жакшы көргөн көйнөгүн кийди.

Жапар да сакал-мурутун кырдырып, үстүнө жаңы костюмун кийди.

– Жапыке, мектепке чейин бир топ жер бар, чарчайсың го? Дрожкага түшүп барсаң кантет, – деди Жамила. Анткени, Жамила Жапардын ден соолугуна көбүрөөк көңүл бөлө турган.

– Жок, жаным, эчтеңке эмес. Бүгүн мектепке сени менен бирге басып баргым келет, – деди Жапар Жамиланы колтуктап.

Мектепке алар жөнөштү. Балдарды кантип окутар экемин деп, Жамила толкунданып бара жатты. Аны Жапар сезди.

– Сүрдөп бара жатасың го, Жамилаш, – деп Жапар кетип бара жатып.

– Ооба, – деди Жамила да жашырбай. – Биринчи ирет сабак бергени жатпаймынбы. Педагогия окуу жайында окуп жүргөнүмдө да, ушул жөнүндө көп ойлоно турганмын.

– Кайрат кыл, Жамилаш, кайрат кыл. Өзүңдү тута бил.

Жапар менен Жамила ошонтип сүйлөшүп, колтукташып жүрүп отурушуп, мектепке келишти.

Мектептин ичи-тышы таптаза. Терезе, эшиктери сырдалган.

Мына Жапардын кабинети. Ал коридордун эң аркы четинде. Окутуучулардын эртели-кеч дем алган, баш кошкон үйү да ошол. Жапар тупадан-туура ошого басып келди.

– Жамилаш, үй шыпыруучу аялды чакырып койчу, эшикти ачсын, – деди Жапар.

– Эшик ачык, Жапыке, кире бериңиз, – деген бирөөнүн үнү чыкты.

– Ботом, бул Кожобектин үнү го? – деди да, Жапар кабинетке кирди.

Столдүн үстү толгон китеп, дептер, калем сап, карындаш. Бир топ сыя челек тизилип, терезенин түбүндө турат.

– О, бул эмне? Магазин го, – деди Жапар күлүп, кубанып.

– Кур кол кайра кайта көрбө дебедиңиз беле, Жапар ага, өзүбүзгө тиешелүүнүн баарын да алып келдим, – деди Кожобек.

Мектепке балдар бирден-экиден топтошуп келе баштады. Кайсы бирөөлөрү чоңдорду туурап, акырын аттап, салмак менен жайбаракат басып келишти. Кээ бирөөлөрү тебетей, топуларын колуна алып, жерди чаңызгытып шашып, дердеңдеп чуркап, класска келип кирип жатышты.

Биринчи болуп, мектепке Адамбек келди. Класска кирип, ар бир партаны кармалап, бирөөн тандап, ошого барып отурду. Анын жанына Сатар да отурду. Зина болсо, Сатардын сол жагындагы партадан орун алды.

Күлүйпа Сайраны жетелеп келип, биринчи класстын балдарына кошуп отургузду. Өзү кеткен жок. Класстан классты баш багып, Зинаны издеди. Бир класста отурган Зинаны көрө коюп, башын ийкеп, жанына аны чакырып алды.

– Садагаң, бүгүн келесиңби? – деди Күлүйпа.

– Келем, энеке, келем, – деди Зина. Кечеки берген сабакты үйрөнүңүз. Аны мен бүгүн сизден сурайм.

– Макул, кагылайын макул. Эртерээк кел.

Күлүйпа да бирдеңке деп айтмакчы болду эле, коңгуроочу аял коридордун тигил бурчунан чыга келип, колундагы коңгуроосун какты. Коридордо жүргөн балдар бирин-бири түртүшүп, шашып класстарга киришти. Күлүйпа Зинадан бөлүнүп, көчөгө чыкты.

Жамила толкунданып, дароо ордунан турду.

– Жапыке, мен кеттим, – деди Жамила.

– Бар, жаным, бар. Ийгилигиңе тилектешмин, – деди Жапар да.

Жамила тез-тез басып, коридорго чыкты. Класстын эшигине келе берген кезде бир аз токтоп, көкүрөгүн көтөрүп, демин алды да, класска кирди.

Балдар жапырт орундарынан тура калышты.

– Олтургула, кагылайындар, – деди Жамила.

Балдар кайта отурушту. Кичине столдун жанында алда кимди күткөнсүп, эртеден бери бош турган орундукка Жамила да барып отурду. Көзүн класска, балдарга үйүр алдырмакчы болуп, Жамила класс журналын колуна алды. Аны барактап, балдардын тизмесин бир сыйра көзүнөн өткөрүп чыкты. Оң жагында турган сыя челекти, эмнегедир сол жагына жылдырды. Акырын башын көтөрүп, алды жагын карады эле, өзүнө тааныш ондогон жагымдуу жаш көздөр, «эмне айтар экен?» дегенсин, Жамиладан көздөрүн албай карап турушат. Аларды көргөндө, Жамила өзүнөн-өзү жеңилденип кетти. Өтө ишеним менен ордунан турду.

– Бүгүнкү биздин биринчи сабагыбыз – тааныштуу сабагы. Бул сабакта мен сиздерге өзүбүздүн Ата Мекенибиз жөнүндө бир нече сөз айтмакчы болом – деп, Жамила шашпай сабагын баштады.

Жамила дубалда илинип турган чоң картанын жанына басып келди да, аны колундагы сызгыч менен көрсөттү. Советтер Союзунун күчүн, жеринин кеңдигин, байлыгын, анда жашаган көп улуттуу совет элинин бузулгус достугун, таттуулугун балдарга айтты. Андан соң Союздаш он алты республикага токтолду.

– Биз ошол он алты республиканын бири болгон – Кыргызстанда жашап турабыз, – деп Жамила сөзүн улантты. – Биздин республика тоолуу. Анткени, көп тармактуу Тянь-Шань тоосу биздин республиканы күн батыштан күн чыгышка жарып өтөт. Биздин тоолор өтө бийик. Алардын көз жетпеген чокуларында дайым агарып кар жатат. Көрдүңөрбү, тигине – деп, Жамила колун сунуп, терезе жакты көрсөттү. Балдар жапырт ал жакты карап, терезе аркылуу алыстагы баштарын туман чалган кардуу Ала-Тоону көрүштү. – Мына биздин ошол тоолордо, – деди Жамила, – илбесиндер, аркар, кулжа, аюу, жолборс, бугу, маралдар бар. Алма, жүзүм, кызылча, жаңгак биздин тоолордо. Башы бир карыш болуп, ыргалып бышкан эгиндер да бизде колхоздордун миңдеген койлору, жылкылары, уйлары биздин тиги Ала-Тоодо багылат. Көргөн жанды суктандырган Ысык-Көлүбүз бар.

Ысык-Көл жөнүндө орус элинин улуу саякатчысы Пржевальский жазган. Ала-Тоонун байлыгы, суулары, токойлору эми мурункудай бай-манаптардыкы эмес, элдики. Элге Совет өкмөтү берди. Совет өкмөтү түштүктөгү кыргызды, тажикти, түндүктөгү жакутту, тунгузду, баарын да бирдей көрөт; баарына да бирдей мамиле, камкордук кылат. Баарын да ырыстуу, таалайлуу кылды. Ошенткен Совет өкмөтүнө совет эли, кала берсе, кыргыз эли миңдегсш алкышын айтып, анын өмүрлүк өчпөсү үчүн Ата Мекенине жан-дили менен кызмат кылат. Мекен деген эмне? Ата конуш жерди, туулуп өскөн элди Ата Мекен дейт. Андай болсо, Мекенди ким сүйбөйт? Силер да, мен да, совет эли да – баарыбыз да Мекенди сүйөбүз. Жакында, алыста, кайда, кайсы жерде жүрсөк да, аны эстейбиз. Ой-тоосу, көк-кашка суусу көз алдыбызга элестейт да турат. Бул жөнүндө фронтто жүргөн акыныбыз Үмөталиевдин «Мекен» деген ырын мен силерге окуп берейин:

«Демиң ысык жалындай,
Ташың кымбат жанымдай.
Тунук кашка сууларың,
Жүрүп түрган канымдай».

Ырдын аягын балдар өздөрү улап ырдап жиберишти:

«Учу-кыйры кең мекен,
Алдейлеген энем сен:
Бүт дүйнөнү кыдырсам,
Таба албапмын сага тең». –

Биринчи сабак Жамиланын ойлогон оюндагыдай өттү.

* * *

Аба барган сайын салкын тартып, күн кыскарды. Чөптөр кубарып, тал-теректер жалбырактарын түшүрдү.

Жапар өзүнүн сүйгөн колхоз ишин таштаганы жок. Колу бир аз бошоп калса, колхозго барат. Иш планын көрүп, ар бир жумуш жөнүндө Чүкөбайга акыл-кеңеш берет. Жамила болсо, күнүнүн көбүн мектепте өткөрдү. Комсомол уюмунун секретары Кожобекке кошулуп, колхозчуларга ал эки-үч курдай лекция окуду, зоок-кечелер жасашты. Ошентип Жапар менен Жамиланын бош убактылары өтө аз эле. Аз да болсо, алар кечинде китеп окушуп, биринин сабагын бири карап, бирине-бири жардам беришер эле.

Соңку кездерде согуш жайынан жаңылык угабыз деп, Жапар-

дыкына колхозчулар көп келе башташты. Көбүнчө көбүрөөк келген Тургундун уулу – Нурбай. Нурбайдын жарадар болуп, армиядан бошонуп, айлына келгенине мына эми бир айча болот. Ал өтө сөзмөр, жомокчул, шайыр жигит эле. Келген сайын ал кызык-кызык окуялар айтып, Жапар менен Жамиланы күлдүрүп, көңүлдөрүн ача турган.

Нурбай көзгө атар мергенчи да болучу. Согушка чейин колхоздо ал мергенчилик кылып, райондук союз пушнинага далай илбээсин терилерин өткөрүп, бир кош ооз мылтык сыйлык алган. Согуштан келери менен мылтыгын колуна алып, майлап-тазалап, мурунку өзүнүн кесибине кайра түшүп, жакында сыртка кеткен.

Жапар атасынын келишин күттү. Анткени, Тойчубек менен Чүкөбай сыртка барып, ашуу бекий электе андагы койлорду көлгө түшүрүшмөкчү.

Бир күнү Тойчубек келди. Тойчубекке кошулуп Бурулча да келди. Бирок Бурулча эмне деп жумуштап келгенин айтканы жок.

Бурулча куржунунун көзүн ачып, бир карын сары майды столдун үстүнө койду.

– Энеке, мунуң эмне? Өзүңөргө калтырбай эле, баарын да мында алып келгенсиңер го, – деди Жапар.

– Кой, андай сөздү, – деди Бурулча Жапардын сөзүн жактырбай, – Куржун көзү тамак-аш менен бар оокаты бүтө турган биз бекенбиз? Шүгүрчүлүк, үйдө да толуп атат.

– Бизде да жок эмес, энеке.

– Жок, деп жаткан ким бар? Ата-эненин алып келгени ашыктык кылбайт. Ата-энеси келди деп, үмүттөнгөн, умсунгандар болор.

– Аныңа ракмат, энеке. Бирок биз эки эле баш бүлөбүз го. Ошого карата мынча тамакты эмне алып келди деп жатканым да? – деди Жапар кайта өзүн-өзү акчылап.

– Бүлөңөр аз болсо, ал жөнүндө сүйлөшө жатарбыз. Мен бир күнгө, же эки күнгө келгеним жок. Атаңар сырттан келгенче бир топ күн турайын деп келдим. Ким билет, оордобосоңор эле болду.

– Кой, энеке, андай сөзүңдү! – деп Жамила чочуп кетти.

Жамиланын чочуганын көрүп Жапар да, Бурулча менен Тойчубек да күлүп калышты.

Тойчубек сөздү башка жакка бурду:

– Чүкөбай жакшы турабы, сыртка качан жөнөйт экен? Социалисттик милдешти унуткан жокпу? – деп, ал Жапардан сурап калды.

– Ушул жөнүндө бүгүн эле сүйлөштүк. Ал сиздин келишиңизди күтүп жатат.

– Эмесе, Чепем, убадасында турган экен. Сыртка бирге жөнөйт экенбиз.

– Атаке, мындан бир жума мурда келген болсоңуз, анда сизге дагы бир киши жолдош болот эле.

– Анын ким?

– Нурбай.

– Кайсы Нурбай? Мергенчи Нурбайбы? Баса, аны армиядан келди деп уктук эле.

– Ооба, атаке. Ал жакында согуштан кайтты. Контужин болуп, аскерден биротоло бошоптур. Өңү жок, арык эле, эми абыдан жакшы. Мурунку соо кезиндегидей, мергенчилигин кайра баштап, сыртка кетти. Сиздер аны, балким, малчылардан табарсыздар.

Жапар атасы менен сүйлөшкөнчө, Жамила столго дасторкон жайды. Ата-бала, келин, эне болуп аркы-беркини сүйлөшүп, шашпай отуруп, чай ичишти. Жапар сөз арасында Болгариянын борбору – София шаарынан Миколадан кат алганын, катында ал балдарынын табылган-табылбаганын сураганын айтты.

Бурулча эмнегедир Тойчубекти, Тойчубек Бурулчаны карады. Бирок унчугушканы жок. Бир аздан соң, Бурулча:

– Абышка, сүйлөсөң боло, – деди Тойчубекке.

Тойчубек сөөмөйү менен ээгин тырмалап:

– Ал аялдын жумушу, өзүң айт, – деди.

– Макул, айтса айтайын, – деди Бурулча чала ичилген чайын алдына коюп. – Жапарды алпечтеп багып өстүргөнүбүздө үйдүн ичи күндө кайнаган эли үзүлбөгөн бир сонун шаар эле. Жапар аскерге кеткенде эл таркап, ээн калган кечки шаардай болду. Бирок Жапардын аман-эсен кайта келишинен үмүтүбүздү үзгөнүбүз жок. Шүгүрчүлүк, үмүтүбүз орундалды. Жапар аман-эсен кайра келди. Келиндүү кылды. Өзүнчө өргөөсү тигилип өргөөсүндө минтип, биз чай ичип отурабыз. Куш балапанын өстүрүп, чоңойтуп, уясынан учурат. Балапан айланып учуп, өзүнө жолдош таап, уя жасап, турмуш күтөт. Мына силер да ошондой болдуңар, уя жасадыңар. Мына жаныңарда отурган абышка-кемпир силердин уяңардан балапандын үнүн уккусу келет.

Жамила уялып, башын төмөн салды.

– Антпе, балам, антпе, – деди Бурулча Жамилага бурулуп. – Не-

вере деген кандай жакшы. Турмушта боло турган чындыкты айтып отурам. Буга уялба балам. «Балалуу үй базар» деген сөз бар. Биз атаң болуп, үйдү базар кылсак дейбиз. Кантип базар кылабыз? Ошол жөнүндө сүйлөшөлү деп келдик. Өзүбүздө бала болбосо да, башкаларда бала бар. Башканын баласын багып, бала кылып алууга бизде кудурет жок эмес. Оокат болсо, өзүбүзгө гана эмес, башкаларга да жетерлик. Каргыш тийген бул согуш көп балдарды жетим кылды. Аларды көргөндө сайсөөгүм сыздайт.

Бурулча сөзүн бөлүп, алдындагы чайын кайра колуна алды. Бурулчанын сөзүн улантып, Тойчубек:

– Совет өкмөтү жетим балдарга камкордук кылып жетимкана ачып, тарбыялап багып, өстүрүп жатат. Бирок аларды ошентип, өкмөт багат экен деп, биз тынч жатып алганыбыз кандай? Өкмөткө да биз жардам көрсөтүүбүз керек да – деп, башын көтөрүп, Жапарды карады. – Кыскасын айтканда, уулум, – деди Тойчубек. – Чимкенттен биз кат алдык. Миколанын балдарын сурап жазган катыңа жооп жазышыптыр. Ачып окудук, ага капа болбо. Миколанын балдары ошол жакта экен.

– Чын айтасыңбы, атаке – деп Жапар ордунан тура калды. – Жаңылыш чыгар. Кана, көрсөтчү катты.

– Отур мындай – деп, Тойчубек Жапарды кайра жанына отургузду. – Жаңылыш эмес, кебете белгилери, кыштагы туура келип чыкты. Березовка деген кыштактан дейт.

– Туура атаке, туура! – деп Жапар кубанычынан кыйкырып жиберди. – Ысмын, жашын жазыптырбы?

– Жазыптыр. Кызынын жашы он экиде, уулунун жашы алтыда экен. Ысымдары...

Жапар атасынын сөзүн бирден бөлдү:

– Тарас, Лена?

Тойчубек унчукпастан, чөнтөгүнөн көк конвертти сууруп чыгып окуду:

– Тарас, Лена.

Жапар катка дароо колун сунду эле, Тойчубек:

– Токто, балам, токто! – деп, катты Жапарга бербей, Бурулчага берди.

Бурулча катты колуна алды.

– Уулум! Кат сенин наамыңа жазылыптыр, – деди ал Жапарга. –

Эгерде сен бир ишке макул болсоң, ошондо катты аласың. Мен ошого келип отурам. – Бурулча кызууланып, сүйлөй баштады. – Силер эмне, жашсыңар. Балаңар болот. Андан көрө бизди балалуу кылгыла. Миколанын балдары биздики болсун. Биз багып, бала кылып алалы. Жамила экөөңөр ушуга макул болсоңор, мына мен катты берем.

– Макул, энеке, макулбуз, – деп Жапар энесин кучактады.

## XVI

Тойчубек менен Чукөбай таң сүрө «Өрнөктөн» аттанышты. Күн кыска, жол алыс.

Бир кезде таң аппак атты. Тизмектелген Ала-Тоонун чокуларына күн нурун чачыратты. Кара корум шагылда түндө баскан тумандан бошонуп, алтын нурга куюнуп жаркырап, көз уялтат. Бирок төмөн жак – карагайлуу өзөн бою биликтүү шам жакканда үйдүн коңулдарына түшкөн иңирдей иңирттенип, үрөң-бараң көрүнөт. Күн жогору көтөрүлгөн сайын, ал иңир чайыттай ачылып, жыбыт-коктуларга жарыктык, тиричилик кирди. Каны качып, күчү кетип, саргайган чөптөргө түшкөн кыроолор күн нуруна эрип, көз жашына окшоп, мончоктоп, төмөн карай агып жатты.

Жогоруда, көк бетинде кандайдыр бир барчын бүркүт шаңшып, аскаларды айланып учуп жүрөт. Андан башка бул өрөөндө как эткен карга, кук эткен кузгун ток. Жол ээн...

Тойчубек менен Чукөбай күзгү көк беденин көрпөгүнө тойгон аттарын энтиктирип, бышкыртып карагайларды аралап, биринин артынан бири түшүп, жогорулап бастырып бара жатышат. Жол барган сайын кыйындап, өргө айланды.

– Жол кыйындай баштады го, – деди Тойчубек алдында бара жатып.

– Ашуу да. Жолу мындай болбосо, ашуу болобу? – деп Чүкөбай ашуу жакты карап алды:

– Кийик-кийик!

Алыста, аска таштын алдында бир топ кийик жайылып оттоп жатат. Текеси мүйүзүн каржайтып, күзөтчүлүк кылып, былк этпестен кайдадыр бир жакты карап тынч турат.

– Тубайт! Тубайт! – деп Чүкөбай кыйкырын, атын теминип, Тойчубектен өтө чапты.

Кийиктер Чүкөбайдын үнүн уктубу, же алардын жытын сездиби –

айтор, текеси бирден алга секирди да качты. Калгандары да эшик төрдөй жерди бир секирип, анын артынан түшүп, таш кулатып, бир кырга жетип, аны ашып, көздөн кайым болушту.

– Алда, чепем ай! Тынч жаткан кийикти жөн койбой, чаап алчудай, чочутуп качырдың, ээ? – деди Тойчубек күлүп.

– Аттиң, түз жер болбогонун карачы. Болбогондо бирөөнү кууп чаап алат элем, – деп Чүкөбай да күлдү.

– Ооба, сен анда кыйратат элен...

– Ананчы...

Ошентип, эки карыя бирин-бири шылдыңдап, тамашлап жүрүп олтуруп, түш оой ашууну ашышты. Ашуунун ары түшө калыш жери көк жашаң эле. Ага түшүп, аттарын чалдырышты. Жолго деп, бышыртып алышкан боорсок, эттерин куржундарынан алып, өздөрү да тамактанып, бир аздан соң кайра атtанышты.

Желдире бастыра жүрүп келип, тумшукту имериле беришкенде, бир жактан үргөн иттердин үндөрү угулду. Андан беш-он мүнута өтпөй эле, оң жагынан, коктудан боз үй көрүндү. Алачыктын ары жагында этекте жуушап жаткан калың койго күзөтчүлүк кылган көк дөбөт менен сур канчык үрүп, буларды көздөй чуркашты. Алачыктан үч эркек, бир аял да чыга келди. Башында малакай көрпө тебетейин, бутунда булгаары өтүгү, үстүндө кийген боз таар чепкени бар, аны кындуу кайыш куру менен олоңчо тартып, бекем курчанган бир киши:

– Чык, кудай ургандар! – деп, бери басып, колундагы таягы менен иттерди жаңсады. Көк дөбөт элден четтеп барып, куйругун жерге салып, башын бери элди каратып, шоңшоюп отурду.

Аял да атчандарды утурулай бери басты.

– Мунуң ким? – деди Тойчубек.

– Бул биздин чабан – Зуура. Тааныбай жатасыңбы, – деди Чүкөбай. – Эсиңдеби, быйыл социалисттик мелдеште биз менен бирге кол коюшпады беле!.. Тигиниси болсо, Зууранын күйөөсү – Шекербек. Калгандарын да барганда тааныштырам.

Тойчубек бирдеңке деп, жооп бергенче, аларга жакындап кирип да келишти.

– Зукеш мал-жаныңар аманбы? Кандай турасыңар? – деп Чүкөбай кыйкырып жиберди.

– Аманчылык, аксакал, жаман эмес. Кандай, өзүңүздөр жакшы келдиңиздерби?

– Жакшы-жакшы!

Зуура жашы отуздар чамасында, толмоч келген, кең ийиндүү, кара тору келин. Оорбасырык, кайраттуу экени анын сулуу, сүйкүмдүү өңүнөн көрүнүп турат. Өткүр чоң кара көзүнө адам батынып, тик карап тура албагандай...

Аңгыча беркилери да келишти. Ичинде Нурбай да бар эле.

– А, Нурбай, сен да мында белең, – деди Чүкөбай аны көрө коюп.

– Ооба, аксакал, бир жумача Ала-Тоону кокту-колоңун, тоо-ташын кыдырып, кече гана мында келдим, – деди Нурбай.

– Олжоң барбы?

– Бар, аксакал.

Жакшы-жакшы! – деди Чүкөбай.

Коноктorду аттарынан түшүрүп, боз үйгө киргизишти. Коноктор камчыларын керегеге илип, көлөштөрүн буттарынан чечкенче, Зуура да аркардын терисинен жасалган көлдөлөңдү төргө жая салды.

Коноктор төргө чыгып олтурушту. Малчылар коноктордон, коноктор малчылардан ал-жай сурашканча Зуура коломтого асма асты да, чай кайнатты. Чүкөбай улага жакта илинип турган бир топ суурдун терисин көрө койду да:

– Ботом, мынча суурду киминер кармагансыңар? – деди Чүкөбай.

– Чүкө, ал Нурбай иниңдин олжосу, – деди Шекербек.

– Баракелде, иничек, баракелде! Өкмөткө былтыркы пландан калган он сегиз суур карызыбыз бар эле, ошондон кутулат экенбиз, – деди Чүкөбай жаркылдап, чокчо сакалын улам-улам сылап.

– Иниңдин олжосу ал гана эмес, аксакал. Арт жагыңызды караңызчы, – деди Зуура.

Чүкөбай артына бурулуп, жүктүн бурчунда – керегеде илинип турган түлкүнүн терисин көрө койду.

– Баракелде! Мына олжо! – деп Чүкөбай дароо ордунан секирип турду. Түлкүнүн терисин колуна алып, аны ары оодарып да, бери оодарып да карады. Түлкүнүн жүндөрү алтындай кызарып, кулпунуп, оттун жарыгына көз уялтып, жалтылдап турат.

– Ботом, Тойчубек, бул калтар го, карачы, – деди Чүкөбай.

Тойчубек да түлкүнүн терисин колуна алып, ага үңүлүп карады.

– Ырас эле, бул калтар түлкү экен. Балам, сен муну кайдан кармап жүрөсүң? – деди Тойчубек башын көтөрүп Нурбайды карап.

– Кара күңгөйдөн, аксакал, – деди Нурбай жылмайып. – Адегенде аяп атканым жок эле.

– Эмне үчүн?

– Анткеним, аксакалдар, бул жөнөкөй түлкү эмес, артис түлкү болучу.

– Кандайча?

– Оо, мунун окуясы өтө кызык, – деди Нурбай.

– И-ии!.. айтсаң, – дешти малчылар жарыша сүйлөп.

– Эмесе, айт, кагылайын айт, – дешип Чүкөбай менен Тойчубек да бир жагынан чыгышты.

Нурбай оңдонуп отуруп, кайсы жагынан баштап айтайын дегенсип, ойлонуп бир аз турду да, айта баштады.

– Мылтыгымды ийниме илип, демимди ичиме алып, өтө акырындык, этияттык менен Кара күңгөйдү капталдап бара жаттым. Кайсы жерден илбээсиндер чыга калар экен деп, эки көзүм алды жакта. Бирок эчтеңке көрүнбөйт. Шылдырап агып жаткан көк кашка булакка келип токтодум. Булактын айланасында ат кулак, көк жашыл чөптөрдүн арасында чыйпылдаган чымчыктардын үндөрү угулат. Согушта жүргөнүмдө кагылайын ушул жеримди көрөр бекем деп дегдечү элем. Мына эми минтип өзүнө келип, мелтиреген асманын, миң түрлүү күүгө салып сайраган канаттуу куштарын, көк кашка тунук булак сууларын көрүп отурам деп отура калып, кочуштап булактын суусун жуттум да, кайра жолума түштүм.

Бир жерге келе берген кезде бет алдымдан «үч-төрт суур аңкыштап ийинине кире качты. Ийинине канча отурар дейсиң, бат эле кайра чыгар деп, үстү жагындагы бир кичине орсок ташка жашынып, мылтыгымды сундуруп, аңдып калдым. Ушинтип мурда далай суурду ийининен чыгарып, атып алганым бар эле, аңдып бир саатча отурдум. Бирок суур чыкпайт. Кетсемби-кетпесемби – деп эки ойлуу болуп турган кезимде сол жагымдан, чоң аска таштын алдынан аңкыштаган суурдун үнү угулду. Демимди ичиме алып, аска ташты көздөй жылдым. Эптеп ага жеттим. Суур дагы аңкыштады. Башымды акырын көтөрүп, аска таштын алдын карасам, алдымда, ийининин оозунда чокчоюп бир суур отурат. Алды жагын карап, анда-санда аңкыштап коёт. Эмнеге минтип аңкыштап жатат экен деп мен дагы кызыгып ал жакты карадым. Адегенде жалбырак, чөптөрдөн мага эчтеңке көрүнгөнү жок. Бир аздан соң, көзүмө кандайдыр бир булакта-

ган нерсе көрүндү. Көз жүгүртүп жакшылап карасам, – ушул түлкү, – деп Нурбай Чүкөбай менен Тойчубектин алдында жаткан түлкүнүн терисин көрсөттү. – Мунун кызыгы көп, суурга тамаша салып берип жатыптыр, кызыгына мен да таңыркап карай калдым.

Түлкү бир жатат, бир оонайт, буттарын бооруна алып башын жерге ургулап, куйругун жогору булгалайт. Суур кичине арылап тап койду эле, түлкү бир аз ары качымыш болду да, кайра жерге жата калып, кылыктанып, оозун ыржаңдатып, тиштерин шакылдатып, суурду көздөй аркасы менен жылды. Суур аңкыштап жиберди эле, түлкү кайра качымыш болуп, жашынып калды. Суур ийининен дагы арылады. Түлкү суурдун ошонусун гана күтүп тургансып, жашынган жеринен чыга келди.

Ооналактап мурунку өнөрүн кайрадан салды. Эки кадам бери жылып, бир кадам ары качып, суурга жакындап келе берди. Суур бардык коркунучту эсинен чыгарып, түлкүнүн тамашасына таңыркап карап турат. Бир кезде түлкү менен суурдун ортосу жакындаша түштү. Түлкү дароо оодарылып, ордунан тура калып, суурду көздөй секирди эле, суур ийинин көздөй булактап качты. Бирок түлкү аны узатпай эле кууп жетти. Экөө кармашып калды. Бир топко чейин ит жыгылыш болуп, биринин үстүнө бири чыкты. Акыры түлкү суурду жеңди.

Суурдун чыйкылдаган үнү гана угулуп калды. Мылтыгымды сундурдум да, тарс бир койдум. Түлкү көмөлөнүп жыгылды. Ошентип, суур түлкү колдуу болсо, түлкү мен колдуу болуп өлдү. Экөөнүн териси тең мага олжо болду, – деп Нурбай аңгемесин айтып бүтүрдү.

– Баракелде аңгемеңе!

– Жарайсың азамат, жарайсың! – дешти отургандар мергенчиге.

Нурбай ордунан туруп, түлкүнүн терисин колуна алды да, Чүкөбайга сунду:

– Чүкө, согуштан келгенден бери менин тапкан табылгамдын башы ушул. Муну мен сизге сыйлык кылып берейин.

– Жок, кагылайын, жок! – деп Чүкөбай чоочуп, колун силкти. – Өкмөткө берели. Өкмөткө былтыркы пландан калган колхоздун карызы бар. Ошондон кутулалы. Сыйлык деген ошол. Андан артык сыйлык болобу?

Чүкөбай түлкүнү Нурбайдан алды да, кайра керегеге илди.

Чайдан соң Тойчубек аттанмакчы болду эле:

– Конуп кетиңиз, бул турган жерге эртең эле барбайсызбы? – деди Зуура.

– Ошент, эмнеге шашасың. Малчыларыңа эртең эле барарсың. Анан кабарлашып, бирге көчөлү, – деди Чүкөбай да Зууранын сөзүн коштоп.

– Ошентебиз...

– Конуп кетиңиз, – деп Шекербек менен Нурбайлар да бир жагынан чыгышты.

Тойчубек койчуларына жетип, алар менен жаркылдап-жайнап черин жаза сүйлөшкүсү келсе да, булардын сөзүн кыя албай, конуп калды.

* * *

Чүкөбай таң эрте эмнегедир чочуп ойгонду. Үйдө Тойчубектен башка жан жок.

– Кош! Кош! – деп кой тосуп, жылкы кармап, тышта жүргөн койчулардын үндөрү угулат.

«Эмне болуп кетти буларга?» деп Чүкөбай шашып кийинип, тышка чыкты. Тойчубек да ойгонуп, ал да чыкты.

Асманды кара булут каптаган. Ашуудан бери карай соккон ызгаардуу жел бар. Койлор маарашып, жылкылар кишинешип, кандайдыр бир коркунучту сезгендей.

– Кудай сактай көр, эй! Бул эмне деген шумдук? Малды карга бастырып, кырып албагай элек, – деп Чүкөбай чебеленди. – Ай, Шекербек, Шекербек! Зуура балам, анда эмне кылып турасыңар? Болгула батырак, бороон башталып, кар жааганча, ашууну ашып кетели.

Чүкөбайдын үнүн укканда, Зуура берилеп басып келди:

– Көчүүгө болбойт, аксакал, – деди Зуура. – Көчсөк ашуунун ары жагынан, же ашуунун бери жагынан борошолуу бороонго учурап, малды кырып алабыз.

– Зуура балам туура айтат. Күндүн ырайы бузук го... Бүгүнчө байкайлы, анан көчөлү, – деди да Тойчубек Шекербекке бурулду. – Кагылайын Шекербек, атымды бери алып кел. Койчуларыма батыраак жетейин.

Тойчубек атына минди. Көчсөк да, көчпөсөк да жамаатташ бирге бололу деп, ал салып-уруп койчуларына жөнөдү.

Тойчубек кеткенде да, Чүкөбай мурунку оюнан кайтканы жок.

– Тойчубек айта берет. Анын койчулары көчүп, эчак ашууну ашып кетти. Минтип аба бузулуп, күн бүркөлүп, бороон болгону, кар жааганы турса, соо киши сыртта калсыңбы... Жок, көчөбүз. Болгула

батыраак, Зуура балам, үйүңдү чеч. Курман, сен коюңду айда. Эмне карап турасыңар?

Шекербек унчуккан жок.

– Аксакал, – деди Зуура. – Сизге айта турган болсом, көчүүгө болбойт.

– Эмне үчүн болбойт? Балам, сен бир шумдукту баштаганы, койлорду кырганы турасың го? Койго сен жооптуусуңбу, мен жооптуумунбу? Кана айтчы? – деп Чүкөбай чаңырып кызууланды.

Чүкөбай кызууланган сайын Зууранын өңү сурданды, бирок өтө сабыр, токтоолук менен:

– Жаңылышасыз, аксакал, – деди Зуура, – койго мен жооп берем, колхозчулар мени чабан кылып шайлашып, ишенип, мынча койду мага тапшырышкан. Аба ырайы бир жаңсыл болмоюнча, бул жерден карыш жылбайм.

– Ботом, эмне дейт, – деди Чүкөбай чоочуп. – Койлор үчүн мен жооп бербейт бекем? Мени да колхозчулар шайлашкан. «Аялдын чачы узун, акылы кыска» дечү эле илгеркилер, көрсө төгүнүнөн айтылган сөз эмес экен го.

– Аксакал, – деди Зуура өңүн бузуп, – сизди эл бекер шайлаган экен. Кандай киши экениңизди азыркы айткан сөзүңүз көрсөтүп отурат. Эскиликтен чыга элек экенсиз. Ал сөзүңүздү аялдар эчак жокко чыгарганын али күнчө биле элексизби?

«Ойлобой сүйлөгөн, онтобогон ооруга жолугат» деп, орунсуз, сүйлөп, орундуу жооп алганына Чүкөбай уялып калды. Зууранын көчпөйлү дегенине Тойчубектин макул болуп кеткендигин да эсине түшүрдү. «Бул сөздү кайдан айттым экен» деди ичинен Чүкөбай. «Эми Зуура муну элге айтып, мени маскара кылат го».

Анткени менен Чүкөбай айбын мойнуна алгысы келген жок. Зуураны бир аз жумшартайын деп, ага насаат айткысы келди.

Бирок Зуура анын сөзүн бөлдү:

– Кечириңиз, аксакал. Сөзүңүздү угууга убактым жок.

Чүкөбай буга наразылык түрүн салып, үнсүз-сөзсүз атын көздөй басты.

Батыш жактан калдайган кара булут уламдан-улам көтөрүлүп келет; ашуудан бери карай нымдуу, салкын жел согуп, бети-колду чымчылай баштады. Кара булуттун алды ашууга жетип, ашуу жак уюлгуп, туманданып жол кайсы, тоо кайсы экени билинбей турат.

– Күндүн ырайы бузук, – деди Зуура жанында турган Шекербек менен Курманга карап, – «Сактансаң калдың, сактанбасаң өлдүң» деп, табийгат тигинтип каарын төгүп, чабуул коюп, чаңырып кирип келатканда, эки колубузду боорубузга алып, башыбызды тосуп, тынч гана отура беребизби? Антиш болбойт. Төмөнкү кептеште нарындыктардын былтыркы мал кыштаткан кыштоосунда желбей бир үймөк чөбү калганын көрдүм эле. Нарындыктар көп болсо мал алар? Шекербек сен Курман экөөң барып ошондон жүктөп келгиле.

– Оо! – деди Шекербек Зууранын сөзүн жактырбай, колун сермип, – кайдагы бир болбогон ишти айтасың. Ага барып, качан келебиз? Ал, жердин түбү эмеспи?

– Сен мыңкылдаба эрсинип, – деди Зуура сурданып. – Мен азыр сенин зайбың эмесмин, командириң-чабаныңмын. Жөнө дегенде жөнө, токтолбостон жөнө! Көп болсо, түш оой келерсиңер.

Шекербек башын көтөрүп, Зуураны карады. Зууранын кабагы бүркөө, сүрдүү. Мындай учурларда Зуура айткан сөзүнөн кайтпасын Шекербек жакшы билет. Дароо атына минип, Курманды жанына ээрчитип, кашка өгүз менен кызыл өгүздү айдап алып, төмөн карай кирди да кетти.

– Кагылайын, – деди Зуура алар кеткенден соң Нурбайды карап. – Аскерге барган, тартип көргөн, кагылган, бышык жигит эмессиңби. Өгүнкү көчкөн журтта эки кап кургак тезек калды эле, башкарманын атын мине коюп, ошону барып алып кел.

– Макул, Зукеш!

Нурбай үнсүз-сөзсүз жүгүргөн бойдон үйгө кирип, үйдөн эки кап алып чыкты. Чүкөбайдын токулуу турган кер жоргосун мине салып, төмөн карай чугойду.

– Ботом, Нурбай сен кайда кеттиң? – деп Чүкөбай Нурбайдын артынан кыйкырды. Нурбай бурулуп, төмөн карай колун силкип, бирдеңке деп айткандай болду эле, бирок анын үнүн желаргы алда кайда учуруп, Чүкөбайга угузбады.

– Ботом, көчпөй, булар кайда житип кетишти? Түшүнө албадым, – деп Чүкөбай алар кеткенден соң далысын күйшөдү.

Зуура Чүкөбайдын жанына басып келди:

– Көчпөйбүз деп, мен сизге айтпадымбы, аксакал. Андан көрө, сиз азыр койлорго көз болуп туруңуз. Бир жакка буюкса, жооп бересиз. Мен үйгө кирип, от жагып, тамак-аш жасайын, – деди да, Зуура үйгө кирди.

– Балакет басат экен го. Койлорду эми кырат турбайбызбы – деп, Чүкөбай чебеленип, этек-жеңин кагынды.

* * *

Күн а дегенде себелеп жаап келди да, артынан кар жаады. Карга аралаш ышкырып ойду-тоону жойлоп, карды учуруп жел жүрдү. Желге боз үйдүн түндүк жабуусу желпинип бирде ачылып, бирде жабылып, ачылганда аппак карлар түндүктөн коломтого себеленип түшүп жатты. Эшиктин боолорун Зуура кырчоого мыктап байласа да, анын алды анда-санда босогону чапкылап, ал жактан кардуу жел төр жакка согулуп, коломтодо алоолонуп күйүп жаткан жалындуу отту төр жакка жапырат; төрдөн согулган жел отту кайра улага жакка жапырат. Ошондо коломтодо күйүп жаткан оттун кызыл тили жалмаңдап бирде оңго, бирде солго жүгүнүп жатты.

Зуура керегенин тешик-түшүгүнө жууркан, кийиз койду. Дасторкон, жайып, нан салды. Капкагынып төбөсүндөгү кичине тешиктен буркурап буу чыгып жаткан кара чөөгүндү дасторконго жакындатты. Тышка чыкты.

Тышта жел бирде дуулдап, бирде шуулдап, бирде ышкырып, бирде каткырып, ойго-тоого урунуп, улуп-уңшуйт. Чүкөбай эки колун жеңине катып, сакал-мурутун карга тоңдуруп, койлордун четинде турат.

– Аксакал, үйгө кирип чай ичиңиз, койго мен көз салайын, – деди Зуура.

– Оо, кудай сактай көр ээ! Бир балаа болбогой эле. Кандай заман болуп кетти. Малымды кырып алып, элге-журтка уят болбогой элем, – деди Чүкөбай.

– Кудайга ишенсек, аксакал, малдан анда кол үзөбүз, – деди Зуура.

Чүкөбай Зууранын сөзүн жактырбай, колун силкти да, үйгө кирди. Зуура жалгыз тышта калды.

Бир кезде эки кап тезек артынып, Нурбай да келип жетти.

– Кагылайын, тезек суу болбосун. Үйгө киргиз. Өзүң да үйгө кирип, аксакал менен бирге отуруп чай ич. Үшүгөн чыгарсың, – деди Зуура.

Нурбай дароо атынан ыргып түшүп, тезегин түшүрүп, үйгө киргизди.

Койлор куйругун жел жакка келтирип, башын төмөн каратып, ыкыс коюп турушат. Кокусунан козголсо эле, куюгуп кеткидей. Зуура таягын жаңсап, «кош-кош!» деп, үн салып, короону айланып, ары-бери басып турат,

Таштын кычыгында карга көмүлүп жаткан ак төбөл, көк козу Зууранын үнүн укканда маарап, тамтаңдап ордунан турду да, калчылдап басып, Зуурага келди.

– Аа, шордуу бечелим! Мени таанып жатканын кара. Өлөр кезде өлбөй, өлбөс кезде өлө турган болгон турбайсыңбы, – деп Зуура козуну көтөрүп, үйүнө алып келди.

Бул козунун өзүнчө бир кыска тарыхы бар.

Койлор кызуу төлдөп жаткан кез. Марттын аяк чени.

Чүкөбай, койчу, койлорун кыдырып көрүп келе жатып, Зууранын койлоруна туш келген. Зуура ушул учурда азык иччү чөйчөгүнө соолуктарды саап алып, сүтүн жанына коюп, анда-санда ууртап, ээкэрдин сүт кылып, оозу менен козуга сүт берип жаткан кези болучу.

– Зукеш, малың аманбы, – деп Чүкөбай бирден атын тык токтото калды. Зууранын колундагы жоолукка оролгон кандайдыр бир нерсеге көзү түштү.

– Зукеш, мунуң эмне? – деди Чүкөбай, ээрине өбөктөп.

– Козу, аксакал.

– Козу дейсиңби? – деди Чүкөбай ишенбеген кишидей. – Ботом, бул эмне деген козу? Эмне кылып ороп алгансың? Энесине эмизбейсиңби?

– Энесинин мындан башка да эки козусу бар. Көрдүңүзбү, тигине... – деп Зуура бет алдында эки козусун эки жагында эмизип, мекиренип турган көк соолукту көрсөттү.

– Ботом, бул үчүнчүсү бекен?

– Ооба, аксакал. Үчүнчүсү болгондо да кандай дейсиз. Чоңдугу арс чычкандай эле.

– Койчу... Эмесе көрсөтчү.

Чүкөбай атынан ыргып түштү. Зуура жарым жан жаш козуга эртеңки салкын жел тийбесин деп, жел жакка аркасын коюп отурду да, козуну койнунан алып көрсөттү.

Зуура айткандай, козунун чоңдугу арс чычкандай эле. Араң кыбырап, башын силкип, кулагын шалпыйтып, Зууранын бармактарын искеп, анда-санда маарап коёт.

– Ой, тобо ой! Ушундай козу туулат экен, э!.. Ушунча жашка келгени мындай шумдукту көргөнүм жок эле. Мунуң эми, кагылайын, мал болбойт го. Буга мынчалык эмне убара болосуң?

– Андай эмес, аксакал, – деди Зуура, – жаңылышасыз. Мал болбойт, деп алсыз, начарларын таштай берсек, колхоздун чарбасы кайдан көтөрүлөт? Киреше кайдан болот? Малды багуудан да, мен муну багып көрөйүнчү. Мал болуп калгысы бардыр.

Зуура мындан кийин козуну бара-бара упчуга үйрөткөн, телчиткен. Бирде көтөрүп, бирде ээрчитип, кой кайтарганда өзү менен бирге ала жүргөн. Аны Чүкөбай да бир нече курдай көргөн. Бирок Чүкөбай колхоздун жазгы-күзгү оруу-жыюу жумушуна айланышып, ал козуну такыр эсинен чыгарып койгон. Мына эми козуну көргөндө, Чүкөбай:

– Ботом, Зуура, мунуң эмне козу кирбийген? – деп сурап калды Зуурадан.

– Аксакал, бул баягы мен койнума катып, оозум менен сүт берип бакчу козу эмеспи.

– Ой тобоо! – деди Чүкөбай таңданып. – Ал ушунчалык ирденип, мал болгон экен го?

– Албетте, – деди Зуура күлүп. – Малды багуудан да. Көрдүңүзбү, эми кандай козу болгонун.

– Оо, кагылайын-кагылайын! Сен биздин бактыбызга бүткөн экенсиң. Сага окшогон малчым бар, менде эмне арман! – деди Чүкөбай, өзүнөн-өзү кубанып.

Чүкөбайдын бирде оңго, бирде солго кетме, оомалуу-төкмөлүү мүнөзү бар эле. Ал азыр эле Зууранын жек көрүп, ачууланып жаткан болсо, кайта минтип мактай баштады. Эгерде тышта Нурбайдын үнү угулбаган болсо, анда Чүкөбай Зууранын мактай берери анык болучу.

Тышта бороон күчөгөндөн күчөп, кардуу бороон бети-колду ургулайт. Нурбай койлорду айланып, ары-бери басып жүрүп, ашуу жактан келе жаткан атчан кишиге көзү түштү. Нурбай андан көзүн албай карап туруп, үйдөгүлөр уксун дедиби, ал эмнегедир:

– Тойчубек экен, Тойчубек – деп, кыйкырып жиберди.

«Тойчубек» деген сөздү укканда, Чүкөбай да үйдөн жаш балача чуркап чыкты. Зуура да жүгүрүп тышка чыкты.

– Ботом, кана, кайда келатат?

– Тигине, Чүкө!

Нурбай колун көтөрүп, ашуу жакты көрсөттү:

– Тигине, көрдүңүзбү, кашатка кирди.

Чүкөбай колун чекесине калкалап, ал жакты карады. Бир аздан соң Тойчубек да кашаттан чыга калды.

Бүткөн бою, муруту кар, колу кымтууга, оозу сүйлөөгө келбейт.

– Ботом, сен кайда элең? Кайда бардың эле? – деди Чүкөбай Тойчубекке. Тойчубек ат үстүнөн бирдеңке деп жооп бергендей болду. Бирок тоңгон ооздон араң чыккан алсыз үндү бороон учуруп, Чүкөбайга угузбады.

Нурбай жүгүрүп келип, Тойчубектин атын алды.

– Кокуй, кагылайын, кайним, сен койдо бол. Аксакалдарды мен өзүм үйгө киргизейин, – деди Зуура.

Зуура мамыга атты байлаганча, Чүкөбай эшик ачып, Тойчубекти үйгө киргизди.

Тойчубек камчысын керегеге илип, тебетейин кагып, кайра кийди да, чепкенин чечти. Чүкөбай чепкенди дароо ала коюп, кагып-силкип, карын түшүрүп, керегеге илди. Эшиктен Зуура да кирип келип, Тойчубектин бешмантчан от жанына отуруп жатканын көрө койду да, саң-саң кара көрпөдөн жасалган күйөөсүнүн ак тонун жүктөн алып, Тойчубекке жапты.

– Ракмат, ишиң оңолсун, балам, – деди Тойчубек тонду жамынып жатып.

– Тойчубек үшүгөн тура, жак отуңду чоңураак, Зуура балам – деп, Чүкөбай каадасынча чебеленип, коломтонун ары жагына бир чыгып, бери жагына бир чыгып, тезек калаймын деп, күйүп жаткан отту өчүрүп да алды.

– Алда, Чепем ай! – деди Тойчубек жылмайып. – Күйүп жаткан отту тынч койбой... отурчу мындай.

– Макул-макул, отурайын,-деди Чүкөбай отту өчүргөнүнө өзү да уялып. Тойчубектин жанына сыңар тизелеп отурду.

– Кана, каркыбарым, – деди Чүкөбай Тойчубекке.

Эми айтчы, кайда бардың? Кайдан келдиң? Эмнеге мынчалык суу болуп жүрөсүң? Ашуу жакка эмнеге бардың эле? Бул сууктун түрү жаман го? Койчуларың кантип жатышат?

– Оо, жатышканы курусун! – деди Тойчубек, терең үшкүрүп.

Тойчубек өзү барганча койчулары көчүп кеткенин, артынан кууп, ашууга чейин барганын, кардуу бороон бет алдынан согуп, бетке, көзгө койгулап, карыш алга жүргүзбөгөнүн, айла-

сы жок арманы ичинде болуп, кайта бери кайтканын Тойчубек айтты эле.

– Оо, каркыбарым, десе! – деди Чүкөбай. Ага сен анчалык эмне кайгырасың? Эмесе, койчуларың ашууну ашып кетишкен тура. Сенин койчуң Жакыптын билбегени барбы? Куруганда мына биз курудук. Алда Зуура балам ай, ээ!

Зуура Чүкөбайдын сөзүн укмаксан болуп, отун калап, кара чөгүндү бери четке тартты. Дасторкон жайып, нан салып, чыныларын койду да:

– Эми аксакалдар, чайды өзүңүздөр куюп ичиңиздер. Мен малга чыгайын, – деди Зуура.

– Бар, кагылайын.

– Ошент.

Зуура акырын жылып тышка чыкты.

Тышта бороон мурункудай. Нурбай менен Зуура төмөн карай качычуудай ыкыс коюп, тап берген койлорду имерип, кайра тосуп, үн салып, ары-бери басып турушат. Чүкөбай анда-санда тышка чыгып, төмөн жакты карап:

– Ботом, аларга эмне болду! Келе турган убактысы болуп калды эле го. Балакет басып бирдеме болуп калыштыбы? Алда Зуура балам ай, ээ! – деп күйүп бышып, чебеленди.

Зуура айыптуу кишидей башын төмөн салып, ооз, учунан:

– Келип калышар, жер алыс эмеспи, – демиш болду.

Бирок анткен менен, Зууранын өзүнүн да тынчы кетти. Сабыры суз тартып, ичи уйгу-туйгу болуп, ою алып-учуп: «Булар мынчалык эмне кечигишти? Жолдо ат-маты менен бирдеме болуп калыштыбы? Жок-жок, андайдын бетин ары кылсын. Келишер-келишер» – деп, Зуура өзүнө-өзү кайрат айтып, төмөн жакты кылчак-кылчак карайт. Ал жакта кыбыр эткен жан жок. Жер-суунун баары кар. Жайдак жерге, белге, дөңгө түшкөн карларды бороон учуруп, ай-ааламды алай-дүлөй кылып жатты.

Бир кезде төмөндө кардуу чаңдын арасынан кыбырап, бери карай козголуп, көтөрүлүп «келаткан, эки караанга Зууранын көзү түштү. Зуура аны адегенде адам экенин, айбан экенин жакшы таанный алган жок. Андан бир аз көзүн албай карап туруп:

– Чөпкө кеткендер экен го, келатат, – деди Зуура үнүн чыгарып, кубанып.

– Кана-кана! – деди Чүкөбай да.

Үстү-башын кар кылып, аттарын илкитип, араңдан зорго бастырып келаткан Шекербектерди көрүп:

– Ата, кагылайындар ай, ээ! Үшүгөн экен го, – деди Чүкөбай. Ботом, өздөрү эле келатабы? Өгүздөрү кайда? Жакшылап карачы, Зуура балам.

Зуура да алардын өздөрү эле келе жатканын көрүп, «балакет болуп, өгүздөрүн өлтүрүп алышканбы» деп коркуп, эмне деп жооп берерин билбей, мукактанып калды.

Үстү-баштары кар болуп, сакал-мурут, кирпик-каштарына муз тоңдуруп, бети-колдорун көгөртүп, Шекербек менен Курман да араңдан зорго бастырып келишти.

– Кагылайындар, аман-эсен келдиңерби – деп, Чүкөбай кыйкырып жиберди. Шекербек бирдеме деп, ээрдин кыбыратты. Бирок үшүгөн оозунан жакшылыктуу сөз чыккан жок.

– Күңкүлдөбөй жакшылыктуу, угуза айтсаңчы. Өгүздөрүң кана? – деди Зуура ачууланып.

Бети-башын борошого урдуруп, колу-бутун суукка калтырып, өлтүрө жаздайт да, эми минтип мунун урушканын кара. Ай ушунуку өттү! дегенсип, Шекербек кабагын бүркөп, акырая аялына карады да, үнсүз-сөзсүз атынан түшүп, үйгө кирди.

Көк муштум болуп көгөрүп, калтырап үйгө кирген Шекербек менен Курманды көрүп, Тойчубек:

– Келгиле, кагылайындар, үшүгөн экенсиңер го – деп, ордунан козголуп, жанынан орун бошотту.

Шекербек отко жакын отурду.

Бети-башын борошого урдуруп, колу-бутун суукка тоңдуруп, өгүздөрүн араңдан зорго айдап келе жатканда Шекербек, үйүндө отундун жоктугун эсине түшүргөн. Ошондо Шекербек, «каап төмөнкү көчкөн журтта бир үймөк кургак тезек калды эле. Нурбайды жиберип, ошону алдырып ал, деп айтсам болмокчу экен. Зуура аны өзү ойлоп билет дейсиңби? Эми бул суукта отуну жок кантип отурушат болду экен?» – деп, ичинен абдан кайгырган. Эми минтип, коломтодо оттун алоолонуп күйүп жатканын, улагада тирелип эки кап кургак тезек турганын көрүп:

– Кагылайын Зукешим, сага мен эми кол койдум, ишке жарапсың – деп, ичинен кымыңдап, кубанычын билгизип, өзүнөн-өзү күлүңдөдү.

Күйөөсү жылынып, бүркөлгөн кабагы ачылганын көрүп:

– Ботом, коркутпай айтсаңчы, өгүздөрүң кайда? Деги барбы? – деди Зуура...

Шекербек жылмайып, Зууралы тике карады:

– Ба...ар – деп созо айтып жооп берди.

– Анан бая эле айтпайсыңбы, мындагы элди коркутпай, – деди Зуура да жылмайып, – кайда таштадың? Баспай коюштубу? Чөптөрүң кана? Атайын барып, эки колуңарды мурдуңарга тыгып, куру келесиңерби? Силер дагы жигитпиз деп жүрөсүңөр, ээ? Мындай болгондо мен силерге өзүмдүн жоолугумду башыңарга салып, үйгө отургузуп, өзүм барсам болмокчу экен.

Бул сөз Шекербекке кана тиешелүү болбой, өзүнө да тиешелүү экенин билип:

– Эжеке, андай эмес, тапшырган кызматыңызды аткардык, – деди Курман.

– Анан кана?

Бет алдынан  соккон бороондон жер-суу көрүнбөй, жол табылбай адашышканын, өгүздөрү баспай, аттары жүрбөй кыйналышканын, эптеп ойдогу таш короого жетип, чөптөрдү түшүрүп, өгүздөрүн анда калтырып, божомолдоп жүрүп олтуруп, үйдү араң таап келишкедин Курман айтты.

* * *

Түн... Тышта бороон ого бетер күчөп, улуп-уңшуйт. Уу-уу-уу!.. Бирде-тиги аскага, бирде бул аскага тийип, кандайдыр бир коркунучтуу үн чыгарат. Бир кезде ал үнгө кошулуп, ойдогу коктудан улуган карышкырдын үнү угулду. Суукtан корунуп, башын колтугуна катып, боз үйдүн бурчунда жаткан көк дөбөт да, бир нерсенин жытын билгенсип, ордунан тура калып, ошо жакты карады да, эки-үч курдай үрдү.

– Кагылайындар, сак боло көргүлө! Карышкыр экен, койго тийбесин! – деген Зууранын үнү чыкты.

Көзүн бирде ачып, бирде жумуп коломтонун жанында жаагын таянып, үргүлөп отурган Чүкөбай:

– Ботом, эмне дейт? – деп ордунан ыргып туруп, тышка жүгүрүп чыкты.

– Каяктан улуп жатат?

– Жогортодон.

– Койго кол салганы турган экен го. Нурбай кагылайын, кайдасың? Мылтыгыңды ошо жакка каратып атсаңчы, – деди Чүкөбай чебеленип.

– Жарыктык, бул жерден мылтыктын үнү кантип угулсун. Жакындап барып атайын, – деди Нурбай.

Нурбай мылтыгын колуна алып, карышкыр улуган жакты көздөй чуркады.

Эмне карап турасыңар? Кыйкыргыла! – деди да Чүкөбай:

– Тубайт! Тубайт! – деп өзү да эки-үч курдай жанынын бардыгынча кыйкырып жиберди.

«Карышкыр улуйт» дегенде Чүкөбайдын артынан Тойчубек да удаа чыгып, эшик алдында ашуу жакты карап, ашуунун аркы бетиндеги кой-койчулары жөнүндө терең ойго батып, былк этпестен турган болучу. Борошолуу сууктан эмне кылар айласын таппай, араң турган кара теке, качанак көк эчкини улагы менен ээрчитип Тойчубекти жөөлөп четке түрттү да, үйгө кирди. Батынып үйгө кире албай, үйдүн кырчоосунда бүрүшүп, калтырап турушкан ак токту менен көк борук да, аларды ээрчий үйгө киришти, Тойчубек үйгө кирген кой-эчкилерди сезген да, билген да жок. Анын оюу алыста, кой-койчуларында болучу.

– Аксакал, тышта суукта эмне кылып турасыз? Кириңиз үйгө, – деди бир кезде Зуура келип.

Зуура эшик ачып, Тойчубекти үйгө киргизгенде үйдөгү кой-эчкилерди көрө коюп:

– Ботом, булар кайдан? Ата ак өпкөлөр ай, ээ! Демейде үйгө жолоочу эмес эле, эми минтип булардын үйгө кирип алышканын кара – деп, алаканы менен кой-эчкилерди ургулап, тышка кууп чыкты.

Бир кезде таң атты, бороон басаңча тартты. Бирок кар мурункудай эле лапылдап жаап турат. Койлор калтырап курсагы ач, биринин жүнүн бири жейт,

– Кагылайын, Нурбай, – деди Зуура. – Эрдик кыл садагаң тиги Шекербек менен Курманды ээрчитип, алардын кечеки төмөн жакка калтырып келишкен чөбүн алып кел. Чөптүн кереги мына эми тийди.

Нурбай атына минип, жанына Шекербек менен Курманды ээрчитти да, бирин-бири куушуп, дилдиреп асмандата түшүп жаткан чычкан кулак ак карларды жара бастырып, салып уруп төмөн карай жөнөштү. Үч-төрт саат убакыг өтпөстөн, алар келип да калышты. Дароо ат, өгүздөрүнөн чөптөрүн түшүрүп, койлорго чачышты.

– Баркелде-баракелде! Ошентип чачкыла. Эң эле ырас болбодубу, – деп Чүкөбай чак-чак болуп, чөп чачып жатышкан малчыларынын бирде анысына, бирде мунусуна барып, өзү да чөп чачышып жүрөт.

– Чепем сен акылды тапкан экенсиң. Сага ракмат айтсак болот, – деди Тойчубек Чүкөбайга.

– Оо, кокуй, – деди Чүкөбай. – Акылды мен таппай калайын. Акылды тапкан келиниң Зуура. Ракмат айтсаң ошого айт. Эсиңдеби, Зукеш жөнүндө мен сага айтпадым белем. Биздин Зукеш ушундай, – деди Чүкөбай, күлүп, Зурараны карап.

Тойчубек башын көтөрүп, Зуура жакты карады. Бул кезде Зуура кой-козуларды көмөлөтө сүзүп, тынчтык бербеген, баягы үйгө кирген кара текени шыйрактан алып, четке чыгарып байлады да, ага өзүнчө чөп салып берип жаткан кези болучу.

Ошентип кара теке көпчүлүккө келген ырысты тең жебей, өзүм жеймин деп, ач көздүк кылды эле, эми жек көрүндү болуп, жеке байланып, башын ийкеп, сакалын сербеңдетип, аздыр-көптүр өзүнө тийген шыбаганы жей баштады.

Бир кезде жааган кар лып басылды. Чүкөбай койлорунун ары жагына бир чыгып, бери жагына бир чыгып, баарысынын да аман-эсен түнөгөнүн көрдү да:

– Оо, шүгүрчүлүк! – деп, кубанчынан өзүнөн-өзү күлүңдөдү.

Бирин-бири түртүшө, талаша-тартыша чөп жеп жатышкан койлорду бир аз карап турду да, Шекербекке Зуура бирдеңке деп айткандай болду. Андан бери конокторуна басып келди да:

– Кана, аксакалдар, эми үйгө кириңиздер, эс алыңыздар, – деди ал.

Чүкөбай менен Тойчубек үйгө киришти.

Зуура коломтого тезек каламакчы болуп, каптагы тезекти бери тартканда, курумшуга оролуп улагада жаткан козусу маарап, ордунан козголду.

– Алда эсиме жара чыксын ай, ээ! Бечелимди унутуп койгон турбаймынбы? «Элге берген куруттан мени эмне куру таштадың?» деп жаткан тура, – деп Зуура кайра тышка жүгүрүп чыкты. Тыштан бир тутам чөп алып келип, козунуп жанына илди. Ызгардуу суук, борошолуу бороондо курсагы ачып кыйналып жаткан кезде мындай сонун тамак берген Зуурага бечел козу алкыш айткансып, башын ий-

кеп, ээгин бирде өйдө, бирдей ылдый кылып, керегедеги чөптү чубап, кыртылдатып чайнап, жей баштады.

Зуура коломтого тезек калап, отун алоолонтуп күйгүздү да:

– А, Шекербек-Шекербек! Эми алып кирбейсиңби? – деди эшик жакты карап.

Баятан бери Зууранын буйругун күтүп, эми качан чакырат деп тышта турган Шекербек да, бир семиз көк козуну жетелеп, үйгө кирди.

– Аксакалдар келиниңиздер сиздерди конок кылмакчы болот. Былтыр отуз эки козу сыйлык алган. Шүгүрчүлүк, чарбабыз жаман эмес. Кана, бата кылыңыздар, – деди Шекербек.

Тойчубек козуну союуга каршы болуп, бирдеме деп айтмакчы болду эле, Чүкөбай шашып, андан мурда озунуп:

– Болуптур балам, аллоакбар. Каркыбарым конок болуп кетсин. Кардуу бороондо койлоруна каралашып, үйүндө эки-үч күн болсом, койчулары кой союп, конок кылганга да жараган жок деп, колхозуна сөз кылып кетер, – деп Чүкөбай тамашалап күлдү.

* * *

Экинчи күнү таң эртең менен батыш жактан ызгаардуу бороон сокту. Ал бороонго ай-ааламды бүркөгөн кара булут тең жарылды да, жартысы Ала-Тоонун чокусунда калып, жартысы түрүлүп, чыгыш жакка жол тартты. Көк көгөрүп көрүнө баштады.

Түнү бою кирпик какпай бир үйгө кирип, бир тышка чыгып, кой-койчулары жөнүндө сабыркап, санаа тартып, каңырыгы түтөгөн Тойчубек:

– Күн болсо, ачылып келатат. Таң да атайын деп калды. Мен эми жөнөйүн. Кой-койчуларымдын эсен-соосун билейин. Силерди аманат тапшырдым, – деди Тойчубек бир кезде Чүкөбай менен Зуурага.

Зуура дароо казан асып, май сызгырып, талкан кууруп, жарма жасап жиберди.

Тойчубек тамактан соң кийинди, белин бекем курчанды да, тышка чыгып атына минди. Коштошуп жөнөмөкчү болгондо, Нурбай үйдөн шашып, чыга келди:

– Аксакал, мына муну ала кетиңиз.

– Кагылайын, мунуң эмне?

– Бул, термос деген идиш. Мында ысык жарма бар. Жолдо ичиңиз.

– Баса, ырас балам. Жапарда да ушундайдан бирөө боло турган эле.

Тойчубек термосту куржунуна салып байланып, алар менен дагы да коштошту да, атын эки-үч курдай шарт камчыланып, жолго түштү.

Зуура да Тойчубекти узата тышка чыккан болучу. Батышты, асманды, ашуу жакты карап алып:

– Кагылайындар, биз да эми көчөлү. Эми күн бүркөлсө куруйбуз, – деди.

Командирден команда болгондо алга жүгүргөн солдаттардай Шекербек, Нурбай, Курмандар ат, өгүздөрүнө чуркашты. Чүкөбай да жүгүрүп атын токунду. Белин бекем курчанып, колуна камчысын алып:

– Болгула, кагылайындар, эртерек ашып кетели, – деди Чүкөбай чебеленип.

Өгүздөргө жүк артылды, аттар токулду.

– Аксакал, эми сиз атыңызга минип, өгүздөрдү айдап, Тойчубектин изине түшүңүз, – деди Зуура. Андан соң Курманга карады. – Кагылайын, сен кой-эчкилер деп бир тобун бөлүп алып, аксалдын артынан айдагын, аларды ээрчип, башкалары да чубасын. Антпегенде, бул карда көп кой сыгылышып, бирин-бири түртүшүп баспас.

Чүкөбай дароо атына миңди да, тизгинин жыя, камчысын үйрө кармап:

– Кана, эмесе, мага өгүздөрдү жолго салып бергилечи, кандай айдар экемин – деп, карга кардыккан көзүнүн шоросун жеңинин учу менен эки-үч курдай сүртүп алды.

Шекербек менен Нурбай өгүздөрдү жетелеп, муруннтуктарын мүйүздөрүнө түрүп, чубата жолго чыгышты.

Курман ал экөөнө бир топ кой-эчкини кошуп, айдап жөнөдү:

Курман таягын колуна алып, койлордун ортосуна кирип:

– Эркеч! Эркеч! – дед кыйкырды.

Таң эртеңден бери бир нерсенин кабарын билгенсип, кой-эчкилердин ортосунда турган сары башыл, ак эркеч койлорду жөөлөп, алга өттү. «Мен да буга кошулбасам, бөйдөсүнөн таяк жээрмин» дегендей болуп, ага кошулуп, баякы бизге тааныш кара теке да, анын артынан жөнөдү.

Курман ал экөөнө бир топ кой-эчкини кошуп, айдап чыгып, арт жагын карап кыйкырды:

– Кырой! Кырой!

Далай ашуу ашып, далай суу кечкен көк соолук башын көтөрүп, бутун таптап, бир аз турду да, аларды ээрчип басты. Анын көк жаак ак козусу да маарап жүгүрдү. Ал экөөнүн артынан көк улагын ээрчитип, качанак көк эчки да жөнөдү. Жыйырылып, тыгылышып араң турган көп койлор да, аларды көргөндө убай-чубай орундарынан козголушту.

Эки өгүздү айдап, алда бара жаткан Чүкөбай кылчак-кылчак арт жагын карап: «Кыройлоп» анда-санда кыйкырып коёт.

Койлор короодон бүт козголгон соң, карга тыгылып, таш-маштын кычык-кучугунда калган кой, козулар болбосун деп, айлананы бир сыйра бүт карап чыкты да:

– Кош эми, конгон журтум! Кош эми, сонун сыртым! Келерки жылы дагы көрүшөрбүз, – деп Зуура аман-эсен кой түнөткөн журту, кой семирткен бетегелүү, атыр жыттуу сырты менен коштошту; таягын карга матырылта сайып, кериле басып, койлорунун артынан жөнөдү.

* * *

...Эки күндөн берки бороон жерге түшкөн карларды желпип учуруп, кокту-колот, тоолорго түшүргөн. Жердин үстү жаланып агарып турат. Тойчубек жолдун угуна салып, жогорулап келе жатты. Бет алдынан ыркырап желаргы согуп, бети-колун тоңдурат. Бул ашууну нечен ашып, нечен баскан кер кашка да кар муздарды кычырата басып, кулагынын түбүн тердетип, башын чулгуп, анда-санда бышкырып коёт. «Ашууга батырак жетсем, аны батырак ашсам, анын ар жагындагы кой-койчуларымды батырак көрсөм», – деген ой Тойчубекте. Керкашка канчалык ылдам басса да, араң эле буту кыбырагансыйт.

«Ботом, бул карабаскырга эмне болуп турат?» – деп, Тойчубек атын шарт камчыланып, теминип коёт.

Тойчубек бир жерге келгенде аты мүдүрүлүп жыгылды, өзү анын үстүнөн алыс кетти. Көрсө, кер кашка ат жолдон чыгып, күрткү карга тыгылып, жыгылган экен. Ат эки-үч курдай обдулуп, секирип чыгам деп чыга албай, ичин кагып, суулугун чайнап, таноосунан буу чыгарып турду да калды.

– «Ботом, эмне шумдук болуп кетти?» – деди Тойчубек, шашып ордунан туруп, этек-жеңин кагынып. – Эмне шумдук болуп кетти? Кыян жеген аң экен го! Эми атым мыңдан кантип чыгар экен? Чыгалбайт го. Жок, эптеп чыгарайын.

Тойчубек тебетейинин карда жатканын көрдү да, аны алып, карын силкип, башына кийди. «Атты кандай кылып чыгарам» деп, нары басып, атынын алды жагын карады.

– «Кой-кой!» – деди Тойчубек, бирөө аны капысынан түрткөндөй чочуп. – Алды бийик аң көрүнөт, атты козгобоюн. Чүкөбайлар келсин, күтөйүн.

Тойчубек бул ойго көчкөндө, ашуунун ар жагында жаткан койкойчулары дагы эсине түштү:

– «Жок, кокуй күтпөйүн, күткөндө алар качан келет? – деди Тойчубек кайта өзүнө-өзү ичинен суроо берип. – Түштө келет. Ага чейин эки колумду жеңиме тыгып, отура берүүм керекпи? Жок, антиш жарабайт, кандай кылсам да, атымды эптеп чыгаруум керек».

Тойчубек өз күчү менен атын аңдан эптеп чыгармакчы болду. Ойлонуп бир аз турду да бирөө айткандай, «ооба, ошентейин» – деди. Дароо белиндеги курун чечип алып, атынын чылбырына улаштырды. Курунун учун кармап, алыстан туруп «чү-ү!» деп, атын өзүн көздөй тартты...

– Секир-секир, жаныбарым! Чү-чү! – деп, Тойчубек эки-үч курдай кыйкырды эле, ат чабышта кыйкырык угуп оолуккан аттардай, Керкашка кулагын көтөрүп, элеңдеп кыймылдады да, бирден алга секирди. Кары катып жаланган жардын четине Керкашканын алдыңкы эки буту барып кадалды. Керкашка дагы обдулуп секирди эле, арткы эки буту да жардын четине келип, үч эмчектүү такасы жерге бата түштү. Эки арткы бутуна таканчык табылган соң, Керкашка ат карап турчубу, жардын четине секирип чыга келди.

– Кагылайын Керкашкам, кагылайын. Колхоздун ыйык малы элең, экөөбүзгө өлүүгө али эрте, жашайбыз,– деп Тойчубек кубанганынан атынын мойнун кучактай калды.

Керкашка да кожоюнунун анысын билгендей мойнун буруп, суулугун чайнап, көзүн жашылдантып окуранып, Тойчубектин этекжеңин искеди.

Күн алтын нурун ай-ааламга чачыратып, уясынан чыкты. Карт Тянь-Шань ал күнгө төшүн тосуп, көгүлтүр көккө чокусун тиреп, чалкайтып менменсинет.

Тойчубек туу белге чыкты. Белде соккон ызгардуу жел бар.

Тойчубектин сакал-муруту муз, колу да кымтууга келбейт. Каткан карды атынын туягы менен күртүлдөтө бастырып, эңкейиштеп бара жатты.

Көзүнө мал да, жан да чалдыккан жок. Жер-суу, тоо-таш – баары да кар. Жол боюнда, этек, боордо агарып, карга басылып жаткан көп таштар.

– Оо, тилегимди бере көр,– деди Тойчубек, атын желдире бастырып. – Аман-эсен ашышкан көрүнөт. Кай жерде болушту экен?

Тойчубек бир жерге келгенде аты эмнегедир үркүп, кошкуруп жолдон чыкты.

– Капырай, бул эмнеси? Жолдо эмне бар?

Тойчубек атын тык токтотту да, аты үрккөн жакты караса, жолдун таманында томпоюп, агарган бирдеме жатат. Үстү кар. Анын мал экенин билип болбойт. Бирок аты кошкуруп, ага жакын жолобойт.

Тойчубек дароо атынан ыргып түшүп, басып келип, камчы сабынын учу менен анын карын туш-туш жакка чачып, сайгылап караса, ал өлүп калган кой экен.

– А, кокуй! Менин койлорум ушул жерде кырылганбы? – деди Тойчубек. Башын көтөрүп, өлгөн койдун айланасын караса, дагы бир томпойгон, ак нерсе көрүнөт. Ага барып, карын шилеп, ачып көрсө, ал да койдун өлүгү.

– Кудай мени урган экен – деп, Тойчубек кыйкырып жиберди. – Койлорум ушу жерде кырылган тура.

Тойчубектин көзү ымыр-чымыр боло түштү. «Дагы бар го» дегенсип, эки жагын карады эле, «коркконго кош көрүнөт» болуп, айлананын баары да ага томпоюп көрүндү.

– А... Кокуй! Кудай мени уруптур. Койлорум да койчуларым да ушул жерде кырылган турбайбы... – деди Тойчубек. Жүрөгү анын дирилдеп, бүткөн бою калтырап, башын мыкчып, былк этпестен туруп калды.

– Оо, шордуу башым! – деди Тойчубек, терең үшкүрүп,– ушуну көрмөкчү экенсиң го, көрдүң. Ошончо жылдан ушунча жыл иштеп келип, ушуну көрө турган белем. «Кой көчүрөм деп, сыртка барып, малымдан, малчыларымдан ажырап келдим» деп, эми мен кайсы бетим менен элге барып айтам?

Тойчубек оор кайгыга батып, башын төмөн салып, үнсүз-сөзсүз турган кезде:

– «Эмне минтип турасың? Жок дегенде, койчулардын өлүгүн таап албайсыңбы?» – деп, жүрөгү шыбырагандай болду.

– Ооба, ошентейин, – деп Тойчубек ордунан козголду, нары басып барып, томпоюп агарып, ар кайсы жерде жаткан нерселердин карларын шилеп карады эле, койдун да, койчуларынын да өлүгү эмес, дөмпөйүп жаткан таш болуп чыкты.

– Таш экен-таш экен!

Тойчубек ылдамдай басып, ошого окшогон дагы эки-үч нерсени сайгылап ачты. Алар да таш экен.

– Оо, бере көр! Ылайым ушинтип эле таш болсо экен.

Тойчубек эмнегедир кубанды. Ичи жылынып, чекеси тердеп, чепкенин оордоп, үстүнөн чечип ыргытты.

«Дагы карап көрөйүнчү» – деп жүгүрүп, карга басылып ар кайсы жерде томпоюп жаткан нерселерге барып камчы сабы менен сайгылап карады. Баары да карга көмүлүп жаткан кой таштар.

– Оо, бере көр тилегимди! Койлорум, койчуларым аман көрүнөт.

Тойчубек чекесинин терин жеңинин учу менен сүртүп, карга жыгыла кайра жүгүрүп келип, чепкенин кийип, атына минди да, эңкейишти карай желдире бастырды.

Бир кезде Тойчубек эки коктунун башына, эки жолдун айрылышына келди. Кайсы жолуна кирип, кайсы кокту менен ылдый түшөрүн биле албай, ойлонуп, бир аз турду. Эмнеси болсо да, кыр ылдый түшөйүн, эки кокту экөө тең мага көрүнгөндөй болсун деп, ал кыр ылдый жөнөдү.

Тойчубөк эки көзүн бирде оңго, бирде солго жиберип, андасанда үн салып, кыйкырып коюп, койлорум, койчуларым кайдан чыга түшөр экен – деп, элеңдеп эки жагын карап, шашып кетип бара жатты. Эки коктунун ичи аппак кар. Кардын алды менен таштан-ташка тийип, шаркырап агып жаткан көк кашка суунун үнү угулат. Чалкар беттер агарып, маңдай-тескей болушуп, баш ийкешип, бирине-бири кайым айтышат. Жогоруда, ашуу жакта, касаба зоо, аска ташка токтогон көк булуттар козголуп, чыгыш жакка жылып бара жатышат.

– Ботом, буларга эмне болду? Төмөнкү ой карагайларга түшүп кетишкен экен го? Антсе жакшы иш болду го? Жок, анчалык узап

кете алышпаган чыгар. Ушул эки коктунун биринде, кар алдында жатып, тоңуп калыштыбы? Кой, кудай андайдын бетин ары кылсын.

Тойчубек жаны менен алп урушуп, күйүп-бышып кетип бара жатканда, оң жак коктунун ичинен кандайдыр бир үн чыкты.

– Ботом, бул кайдагы үн? – деп, Тойчубек атын тык токтото калып, ошо жакты карады.

Үстү жагы агарып, аппак кар болуп, асты жагы күңүрт тарткан чон аска ташка, аска таштын алдында корум-корум болуп, карга басылып, агарып жаткан калың кой ташка, кой таштардын жанында кыбырап, ары-бери баскан бир жандыкка Тойчубектин көзү түштү.

– Ботом, тиги жүргөн эмне? Жалбы, жанбы? Же кой таштарды аралап, жортуулдап жүргөн аюубу? Жакшылап карайынчы, – деп, Тойчубек башын көтөрүп, колун чекесине калкалап, ал жакты тиктей карады.

– Капырай, тааный албай жатам. Көзү кургурдун күчү кеткен экен го. Болбосо, мындай жердегини айныбай эле таанычу элем. Кыйкырайынчы, мал болсо басар, кайберен болсо качар, адам болсо бирдеме деп үн салар, – деп Тойчубек:

– Сен кимсиң, ой! – деп, эки-үч курдай кыйкырды,

Көрүнгөн караан дагы да козголуп, кыбырады. Ары-бери басты. Ошол жактан дагы чыйылдаган үн чыкты.

– Кокуй, адам көрүнөт, барайын. Менин койчуларым болуп жүрбөсүн. Булардын койлору кайда болду экен?

Тойчубек атынын да, өзүнүн да өлөр-тирилерине карабастан, тик ылдый сойголонтуп түшүп, ага жетти. Караса, койчусу Жакыптын аялы – Бүбүсара. Жанындагы корум-корум кой таштар дегеңи койлору экен.

– Оо, кагылайын, аман-эсен барсыңарбы – деди Тойчубек, шашып ат үстүнөн.

– Барбыз, аксакал.

– Оо, кагылайын-кагылайын...

Тойчубек мындан башка сөз айта албады. Атынан дароо ыргып түшүп, атасы кызын эркелеткендей Бүбүсараны кучактап, маңдайынан өптү. Өмүрүндө көзүнө жаш албаган кайраттуу кайран киши бул сапарда чыдап туралган жок. Мууну бошоп, көңүлү эргип, жүрөгү дирилдеп, эриксизден көзүнө жаш алды.

– Силер деп, мен онтобой оорудум, кагылайын. Эки күндөн бери чачымдын көбү агарды, – деди Тойчубек. – Жакып кайда?

Бүбүсара колун силкип аска таштын алдын көрсөттү. Тойчубек атын коё берип, ал жакка жүгүрдү. Аска таштын түбүндө бүткөн бою кар болуп, көзү жумулуп, дирилдеп Жакып жатат. Жакыптан бир аз ары бүрүшүп, калтырап Алымбек койчу да жатат.

– Жакып-Жакып! – деп, кыйкырды Тойчубек.

Жакып араң зорго көзүн ачып, алсыз үнүн чыгарды.

– Тойчубексизби?

– Ооба, кагылайын.

Тойчубек шашып Бүбүсарага карады.

– Кагылайын, Бүбүсара, атты бери алып кел. Жок-жок өзүм барайын.

Тойчубек шашкан бойдон атына жүгүрдү. Куржунун чечип, ичиндеги термосту алып, кайра жүгүрүп, Жакыпка жетти. Термостун оозун ачып, капкагына суюк жармадан куйду. Казанга кайнатып, азыр гана бышырып чыгаргансып, үстүнөн буркурап ысык буу чыгып турат. Тойчубек Жакыпка эптеп ысык жармадан бир аз ууртатты. Алимбекке да ысык жарма ичирип, кайта Жакыпка көзүн салса, ал жөөлүп жатат.

«Ай иш кыйындап калган экен. Жок дегенде, Зуура менен Чүкөбайлар батыраак келгей эле» деп Тойчубек ашуу жакты карады. Ашууда тентек жел кардын кыпындарын ызгытып, уюлгутуп учуруп өкүм сүрүп жатат.

Бүбүсара таягына жөлөнүп, басып келди.

– Кагылайын, жарадың ишке, – деди Тойчубек, – эркектер минтип суукка алдырса да, сен чыдаган турбайсыңбы?

– Эптеп чыдадым... – деди Бүбүсара, үшүгөн ээрдин бир аз жылмайтып.

Күн жогору көтөрүлдү. Бирок ашуу жакта ак кар, көк муздан башка эч нерсе көрүнбөйт. Тойчубектин өзүнүн да күч-кубаты начарланды. Анткени, эки күндөн берки окуя анын сөөгүнө жеткен болучу. Тойчубек ашуу жакты карай берип көзү талыды да, үмүтүн үзүп төмөн жакка көзүн салды. Төмөн жак агарып, ою-тоосу билинбейт. Колхозго чейин али да болсо, көп жер бар. Жол алыс. Койчуларынын ал-абалы мындай болуп турганда, Тойчубек ал жолду бир күндө басып өтөр эмес.

Тойчубектин ою онго, санаасы санга бөлүнүп, кайгырып, капалуу болуп турган кезде, төмөндөн кандайдыр бир караандар көрүндү.

«Көзүмө эмнелер көрүнүп атат?» деп, Тойчубек көзүн сүртүп, дагы да ал жакты карады. Кар үстүндө караандар кара нокот болуп, кыймылдап, бери жылып келе жаткан сыяктанат. Бара-бара жакындады. Тойчубек жакшылап караса, атчан кишилер. Атын камчыланып кылчактап, эки жагын каранып, шашып, эң алдында келе жаткан бирөө бар. Алы кетип, көзү карга кардыккан Тойчубек а дегенде анын ким экенин жакшы тааный алган жок. Көзүн үйүр кылып, бир аз карап тургандан соң гана анын киши экенин тааныды. Ал – Тойчубектин уулу Жапар болучу.

* * *

Тойчубектер сыртка жөнөп кеткенден соң, эртеси Жамила элден эртерек туруп, бутуна жумшак туфлисин кийип, Бурулчанын жанынан акырын басып өттү да, тышка чыкты. Күндө чаңкайып айкын-ачык көрүнгөн Ала-Тоонун аскаларын бүгүн эмнегедир кара булут каптаган. Көк жүзү бүркөлүп, көңүлсүз болуп, күн себелеп жаап турат.

– Балким, күн жогору көтөрүлгөндө жаан басылар, күн ачылар, – деди Жамила. Бирок күн көтөрүлгөн да, жаан басылган да жок. Кайта күчөп жаай баштады.

Жамила менен Жапар жаанга аралаш мектепке жөнөштү.

Күн кечтеди. Бирок жаан мурункудай эле шатыратып куюп турат. Бурулча көмүскөдө көз жашын сүртүп, токтоно албай, үй ичинде ары-бери басат. Жамила менен Жапардын да кабактары салыңкы, сабыры суз.

Экинчи күнү Жапар сабактан соң, колхоздун конторуна жөнөдү. Көчөлөр баткак. Күкүмдөнүп ун болгон көчөлөрдүн топурактары жаандын суусуна жуурулуп, сургулт тартып, Жапардын таягына да желимдей жабышат. Жапар оңго-солго калтылдап, бирде таягын, бирде бутун жерден тартып ала койгондо, сургулт балчыктар чыпчып этип үн чыгарат. Ошондо балдак тийген, бут баскан жерлерге дароо боз чамбыл суулар көлмөктөп толо түшөт. Балдак кармаган колунун талыганына, чарчаганына карабастан, Жапар конторго жетти.

Эшик алдынан Жапар Жутабайды учуратты. Жутабай жаңы гана конторго кирип, анда тынч отура албай, кайра тышка чыккан кези болучу. Жапардын үстү-башы бүт суу болгонун көрүп:

– Жапар кимге, мага келдиңби? – деди Жутабай.

– Ооба, Жутаке, сизге.

Экөө бирдей кайра конторго киришти. Жапар аркасын дубалга такап, балдагына таяна отурду. Үшүгөн бармактарын ушалап коёт. Жутабай да Жапардын сол жагына отуруп, төмөн карап, ойго батып отурду да калды.

– Эмнеге унчукпайсыз? – деди бир кезде Жапар Жутабайды карап.

– Эч нерсенин кабары билинбейт?

– Демек, билинбейт – деп, үйдө тынч тура берет экенбиз да.

Жапардын уктабай таңды атырган көзү чагылгандай жарк этип, өңү кумсара түштү.

– Сиздин оюңуз, ушул экен да. Ашууда мал, жан добулга калып жатса, сиз жата берет турбайсызбы?

– Жата берели деп жаткан жерим жок го, балам, ойлонушалы, – деди Жутабай да оорбасырык сөз менен.

Жутабайдын талган көзүнө, балчык болгон өтүгүнө, чолоосу жок суу болгон үстүндөгү кийимине көзүн түшүрдү да:

– Кечир, Жутаке, кечириңиз? – деди Жапар, кайра жумшап.

– Кечире турган мында эмне бар, кагылайын. Азыр таарына турган мезгилби?

– Айтсаң, Жутаке. Кайда, кайсы жерге чейин бардыңыздар? Деги бирдеңкенин дайыны билинеби?

Бүгүн таң эртең Оморбек экөө ат минип, Жуукунун алкымына чейин барганын, бурганактап бет алдынан кар согуп, жол көрсөтпөй, жүрө албай, кайра кайтканын, кийим-кечеңди кургат деп, Оморбекти үйүнө жиберип, өзү мында жумуштап кире калганын Жутабай айтканда, Жапардын жүрөгү өзүнөн өзү дирилдсди. Бир топко дейре жерге башын салып, унчукпай отурду да, кайра ал башын көтөрдү.

– Эми эмне кылуучубуз, Жутаке, акылын таппайсызбы?

– Аттарды, адамдарды дайындайын, бир аз күтөлү. Күн ачылып калар, – деди Жутабай.

Жапар кайгырып, кабагын салып үйүнө кайтты. Бурулча Жапар менен сүйлөшкүсү келди эле, бирок Жапар унчукпастан, өз бөлмөсүнө кирип кетти.

Ошол күнү Жапар кечке чейин мектепте болду. Сыртка кеткендер жөнүндө ал миң түрлүү ойго батып, тынчы кстип, коридордо ары-бери басты. Бурулча үйдө олтуруп, шолоктоп акырын ыйлады.

– Сабыр кыл, энеке, үстүндө кийми калың го. Атам сыртка биринчи жолу барбаган чыгар, – деп, Жамила Бурулчага кайрат айткан болду.

Үчүнчү күнү күн ачылды. Жаан да басылды. Жапар шашып, колхоздун конторуна жетти. Анда Жутабай, Оморбектен башка да бир топ колхозчулар бар эле.

– Кана, жөнөйлүк? – деди Жапар, аларды көрөр менен.

– Ооба, жөнөйлү, – деди Жутабай. Бирок Жапардын сыңар бутуна, балдагына көзүн түшүрдү да, «Жапар сен кыйналасың го, барбай эле койсоң кантет?» – деп айткысы келди эле, бирок эмнегедир аны айтпастан, кайта: – жөнөйлүк-жөнөйлүк, – деди шашып Жутабай.

Жутабай, Жапар, Оморбектер болуп бир топ киши аттанышты. Ошол күнү кечке жакын жамгыр кайра жаап, таң ата басылды. Көчөлөр баткак, көңүлсүз. Түш оой гана күн чайыттай ачылды.

– Келе жатышат.

– Келе жатышат! – дешкен бир кезде балдардын үнү угулду. Жамила менен Бурулча көчөгө чуркап чыгышты. Этек-жеңин баткак кылып, чымын-куюн болуп, көчө бойлоп Сатар чуркап келе жатат. Эшик алдында турган Бурулча менен Жамиланы көрө коюп, колун булгалап:

– Жапар байкемдер келатат! – деп, ал кыйкырып жиберди. Тигинден да, мындан да колхозчулар тышка жүгүрүп чыгышты. Көчөнүн аркы учунан бир топ атчан киши көрүндү. Алар Тойчубекти алып келе жаткан «өрнөктүктөр» болучу.

* * *

Тойчубек бир жумача төшөктө жатып калды. Уулу менен келини, кемпири Бурулча болуп кезектешип, жанынан карыш жылышкан жок. Ысык тамак берип, үшүгөн жерлерин койдун куйругу менен майлашты. Тойчубектин эти ысып, бирде жөөлүп, бирде соолугуп, эки сөзүнүн биринде айтканы – ашууда кырылган койлору.

Бир нече күн өттү. Тойчубек оңоло баштады. Ошондо да ал ашууда кырылган бир топ коюн оозунан түшүрбөйт.

– Эми койсоңчу өзүңдү да, бизди да кыйнабай... Койлорду сен кырганың жокко, – деди Бурулча ачууланып.

– Анан ким?

– Ким дейсиңби? Жаратылыштын кырсыгы. Борошолуу бороон болорун күн мурунтан сен билип коюпсуңбу?

– Анда буга, эч ким айыптуу эмес экен да – деп, Тойчубек башын көтөрүп, жастыгына чыканактады.

– Айыбың жок деп отурган жерим жок. Аздыр-көптүр бар чыгар. Бирок Жакып сени күткөн болсо... – дей бергенде, Тойчубек Бурулчанын сөзүн бөлдү.

– Жакып дегениңди койчу! – деди ал колун силкип. – Балким, ал азыр өлүм алдында жаткандыр. Сен ага күнөөнүн баарын үйгүң келет. Жакшы эмес мунуң...

Ким билет, балким, эшик кычырабаганда абышка-кемпир кырылган койлор жөнүндө дагы эле болсо, сөз козгоп, ким күнөөлүү, ким күнөөсүз экенин текшерип, сөз талашып айтыша берет беле, кантет эле?.. Эшик шарт ачылып, ал жактан Зуура кирди.

– Кел, кагылайын, кел! – деп Бурулча ордунан тура калды.

Тойчубек да обдулуп, төшөгүнөн козголду.

– Кел, балам кел!

Зуура Тойчубек менен кол кармашып көрүштү да, жанына отурду. Тойчубектин ал-жайын, ден-соолугун сурады:

– Ыракмат, балам. Жакшы болуп келе жатам, – деди Тойчубек Зууранын карап. – Өзүң кандайсың? Бир жериңди суукка алдырган жоксуңбу?

– Жок, бармактарымдын баштарын гана суукка азырак алдырдым – деп, Зуура ак марлиге оролгон оң колун сунуп көрсөттү.

– Жаш деген ушул да, – деди Бурулча башын ийкеп. – Тойчубек болсо жатып калды. А сен минтип басып жүрөсүң.

– Андай эмес, энеке, – деди Зуура. – Мен болсом, күн ачылганда, бороон басылганда ашууну аштым, Тойчукем таңды атырбай, күндү чыгарбай жолго чыкты. Анын үстүнө жолду ката көргөн азабы да укмуштуу кыйын. Далай койлордун өлүгүн да колу менен тырмалап кардан чыгарыптыр.

– Кой жөнүндө айтпачы, кагылайын, – деди Бурулча. – Аны эстесе эле, абышка кайгыра берет.

– Алда байбиче ай, ээ! – деди Тойчубек күлүп. – Мени кайгырат дейсиң, өзүңчү?

– Анан кантейин, – деди Бурулча да мойнуна алып. – Койлор биздики, колхоздуку эмеспи. Бөөдөсүнөн анча кой кырылып жатса, адам кантип чыдап турса болот? Бирок, Жакып...

– Дагы Жакып. – Койсоңчу аныңды! – деп Тойчубек Бурулчанын сөзүн бирден бөлдү.

– Тойчукем туура айтат, – деди Зуура Тойчубектин сөзүн коштоп. – Күнөө Жакыпта эмес, жайлоонун алыстыгында, жыл сайын азаптанып, койлорду ары-бери ашырууда болуп олтурат. Бул жөнүндө кийин Тойчукем жакшы болгондо кеңешербиз. Ырас, ашууда бир топ коюңуз кырылды. Анткени менен он миңдеген коюңуз дале болсо бар. Келерки жарым-жарты төл менен эле анын ордун толтурасыздар. Бул анчалык коркунучтуу чыгым эмес.

Зуура мындан бир аз мурда Жакыптын өлгөндүгүн уккан болучу. Аны айтууга оозу барбай, Тойчубек жана Бурулча менен коштошту да, тышка чыкты.

Алымбек сакайды. Бирок жоону жалгыз жеңгенсип компоюп, баарыдан өзүн жакшы сезген Чүкөбай үйдөн үй кыдырып, болгон иштерди колхозчуларга кайталап айтып жүрөт. Зуураны мактады. Өзү жөнүндө эчтеңке айтпаса да, «Чүкөбай да мында бир топ эрдикти көрсөттү», деген маанини ал өзүнөн-өзү билгизер эле.

* * *

Миколанын балдарына – Чимкентке кышкы каникулда бармакчы болушту. Эң обол Жамила гана барсын дешти эле, «мен да барамын, Жамила, жалгыз жолдо балдар менен кыйналып калар, балдарды да үшүтүп коёт» деп, Бурулча көшөрүп, болбой жатып, ал да бирге бармакчы болду. Жолго даярданышты.

Жол алыс. Колхоздон Пржевальскиге ат менен Пржевальскиден Фрунзеге машина менен, андан ары Чимкентке поезд менен барышат. Андай болсо, Пржевальскиге барганда Уулжанга түшпөй кантип өтүшөт? Жамила да Уулжандын колунан мында келип олтурбайбы? Демек, Уулжанга кур кол барбай, бирдеңке ала баруу керек да.

Бурулча эки куржун көзү тамак-ашты камдады. Аны көргөндө:

– Энеке, мунуңуз эмне, мынча тамакты жүк кылып эмне кылабыз? – деди Жамила.

– Кудагыйга, секет. Башка да бере турган кишилерим бар.

– Аларың ким?

– Балдарымчы. Тарас менен Лена. Куржунда аларга арналган кийимдер бар.

Келини менен кемпиринин сөздөрүн тыңшап, жерди тиктеп, баятан бери тынч отурган Тойчубек:

– Кемпирим ушундай, – деп башын көтөрүп, борсулдап күлдү. –

Бирөөгө бирдеме бергиси келсе, муну киши токтото албайт. Мунуңду мен да жаман көрбөйм, кемпирим. Ошент-ошент!

Бурулча менен Жамила шаарга келгенде, күн бата жаздап калды эле. Улжан конокторун зор кубаныч менен каршы алып, бар сыйын көрсөтүп, каймак майына, боорсогуна чейин столго койду. Кудагыйлар баш ийкешип, моокундарын кандыра сүйлөшүп, чай ичип жатканда.

– Айшакеден кат келип турабы, энеке? – деди Жамила Улжандан.

– Ооба, – деди Улжан. – Бирок бир топ күндөн бери кат келбей калды. Ооруп-сыктап калдыбы деп, санаам тынчыбай жатат, кагылайын.

– Телефонго чакырып сүйлөштүңүзбү ?

– А, кагылайын, – деди Улжан. – Бая күнү сүйлөшөм деп барып, сүйлөшө албай, кайра келбедимби. Жанакы-мурупка дейби, эмне дейт? Кудай ай, тилим да келбейт. Ошонусун колума алып, кулагыма тоссом, чырылдаган үн чыгат. Айшакемдин үнүнө окшоду. Мага бирдеңке деп айткандай болот. И... и... ооба-ооба, – демиш болдум. Башка сөз айта албадым. Анын сөзү да мага жакшы угулганы жок. Ошентип сүйлөшө албай, өкүнүп кайра келбедимби. Өгүнү бир катында кышкы каникулда барамын деп жазыптыр эле, өзү да келип калар деп турам.

– Каап! Айшакенин каникулу меники менен туура келбегенин карачы. Болбогондо мен аны Фрунзеден жолуктурат элем, – деди Жамила өкүнгөнсүп.

– Жайында сен аны конокко чакыр. Бизге келсин, – деди Бурулча да.

Булардын Чимкентке эмне жумуштап бара жатканын укту да:

– Кудагый, мунуң жакшы иш экен, – деди Улжан. – Бирок өз неберелериң болбогондо, асыранды бала кандай болор экен? Жакшылык, жамандыкты күн мурунтан ойлонгон жакшы. Бул сөздү мен чыным менен айтып отурам. Жаман көрбө, кудагый.

– Жок, катыгүн! – деди Бурулча да. – Эмнеге жаман көрөйүн, өзүң айткандай, муну биз да Тойчубек болуп, көпкө чейин акылдаштык, кудай берейин десе, этегинен жалгап, келиним да балалуу болор. Өз ата, өз энесинин колунда өсөр, чоңоёр. «Чоң ата, чоң эне» деп, бизге да келип турар. Бирок биз өзүбүз да балалуу болгубуз, аны

аймалап эркелеткибиз келет. Асыранды бала ашыктык кылбайт. Туу- ган баладан тутунган баладын кызыкчылыгы кайта артык болот.

– Ошончолук түйшүгү да бар.

– Аның ырас, кудагый. Бирок ал түйшүк – кубаныч түйшүгү. Ал түйшүктүн асылы, жыргалы да бар. Андай түйшүктөн качкан киши оңорбу.

– Ыракмат кудагый, ыракмат! – деди Уулжан. – Мен сени кантер экен деп, сынап айтып жаттым эле. – Көрсө сенин оюң меникиндей экен, ал оюңа тилектешмин. Жакшы барып, жакшы келгин, кудагый.

Уулжан конокторун үч-төрт күн үйүндө кондуруп, мейман кылып, Чимкентке жибергиси келсе да, Бурулча үй оокатын, Жамила кышкы каникулда иштей турган иштерин айтып жатып, Уулжанда бир түн конуп, экинчи күнү күн чыга жолго чыкмакчы болушту.

Күн суук. Ойдо-тоодо, көчөлөрдө жаткан аппак карлар таң эртеңки күн нуруна чагылышып, көз уялтат. Эшик сырты кыроолонуп, агарып, муз болуп турат.

Уулжан кандайдыр бир жакка барып келди.

– Капырай, күндүн суугу кантет? Бети-колду тызылдатып, жанды чыдатпай баратат, – деди Уулжан эки колун ушалап. – Кудагый жылуу кийин, суукка уруна көрбө.

Бурулча кабаттап башына жүн жоолук салынды, үстүнө жылуу ичик, бутуна кийиз чокой, колуна тери мээлей кийди.

– Балам, сен да жылуу кийине көр, – деди Бурулча Жамиланы карап. – Өтө эле жеңил кийинип алгансың го. Куржундун бир көзүндө жүн жоолук бар, аны алып, башыңа салын. «Мынча жүктү эмне кыласың» дедиң эле, мына көрдүңбү, керети эми тийип жатканын.

– Ыракмат, энеке. Үшүбөйм. Керек болсо, кийин алып салынармын, – деди Жамила.

– Кой, балам, антпе алып салын.

– Менин Айшакем да ушинтип үстүнө жылуу кийим кийчү эмес эле – деп койду Уулжан да.

* * *

Поезд Чимкент станциясына токтоду. Бурулча менен Жамила вагондон түшүп, шаарга келип, балдар үйүн табышты.

Айланасы дубал менен курчалган, көк тунукелүү бир чоң үй турат. Үйдүн айланасы бак. Бактын ичи аппак кар. Кары тапталган тас-

ма кайыштай жол келип, үйгө такалат. Бурулча менен Жамила ошол жолго түшүп басып келип, үйдүн жанына токтошту. Сыртына кийиз капталган бир эшик турат. Эшикти ачып, экинчи кабатына чыгышты. Экинчи кабатында узун коридору бар. Коридордо алда нече эшиктер көрүнөт. Кандайдыр бир жактан балдардын да үндөрү угулду. Жамила, Бурулча болуп ошол жакка басышканда, бир үйдөн чачына ак кирген, узун бойлуу бир аял чыга келди.

– Кечиресиздер, сиздер ким болосуздар? «Кеңеш» колхозунан болуп жүрбөңүздөр? – деди аял.

– Ооба, «Кеңеш» колхозунанбыз – Кыргызстанданбыз, – деди Жамила да.

– А сиздерди биз көптөн бери күтөбүз, телеграмма да алдык. Мен балдар үйүнүн башчысы болом. Таанышалык. Фамилиям Андреева, – деди аял.

Андреева Бурулча, Жамила менен кол кармашып көрүштү да, кабинетине киргизди.

Бурулча куржун-кечесин эшик түбүнө коюп, үстүндөгү ичигин, башындагы жоолугун чечти. Андреева аларды ала коюп, илгичке илди.

– Кагылайын, айтсаң бул кишиге, – деди Бурулча Жамилага. Мен эң эле жылуу кийиниптирмин, ооруу го деп ойлобосун. Шүгүрчүлүк, ден соолугум жаман эмес. Бирок кышта жылуу жүргөндү жакшы көрөм.

– Байбиче, ортого киши салбай эле сүйлөшөлү, – деди Андреева күлүп, казакча сүйлөп. – Ушул жердик болом, казакча билем.

– Ырас болбодубу, кагылайын. Казак тили да кыргыз тилине жакын. Келчи, эмесе, дагы бир ирет көрүшөлү – деп, Бурулча да Андрееванын колун кыса-кыса кармап, балдар жөнүндө андан сурай баштады. Жамила балдарды, балдар жаткан бөлмөлөрдү көргүсү келип, Андреевадан уруксат алды да, коридорго чыкты.

Жамила эшик ачып, бир бөлмөгө кирди. Бөлмө ээн. Ичи жыйнаштырылган таза. Үстүнө ак жапкычтар жапкан керебеттер, керебеттердин башында ак сүлгү, тумбочкалар турат. Кайсы бир тумбочкалардын үстүндө куурчактар да бар. Жамила андан ары басып, экинчи бөлмөгө өттү. Анда да керебеттер. Бирок мында куурчактар жок. Демек, тиги үй – кыздардыкы, бул үй – эркек балдардыкы экендигин Жамила билди.

«Издеп келген кичине баатырыбыз, балким, ушул керебеттердин биринде уктай турган чыгар» – деди Жамила көңүлүнөн. Жамила да ал баатырын тезинен көргүсү, аны көтөрүп алдына алып эркелеткиси, сүйгүсү келет. Бирок керебетте жаткан бир да бала жок, көрүнбөйт. Ушул учурда коридорго чыкты. Бир эшиктен балдар чуркап чыгып жатышат. Көрсө, тарбыячы аял аларды залда ойнотуп, ыр үйрөтүп жаткан экен. Балдардын кайсы бирөөлөрү, «бул кандай чоочун аял» – дегенсип, Жамиланы кылчак-кылчак карап, токтой калып, бөлмөлөрүнө тарап кирип жатышты. Балдарды ээрчий чыккан тарбыячы аялдан:

– Иващенконун баласы Тарас да мында барбы? Мага ал керек эле, – деди Жамила.

– Бар, тигине, – деп ал колуна жыгач кармап, аны пулемёт, автоматка окшотуп, алга сундуруп, «та-таа-таа» ден, балдардын артынан жүгүргөн сары чач баланы көрсөттү. Жамила туурасынан чыгып, аны кучактай калды.

– Колго түштүң, колго!

Күтүлбөгөн жерден кандайдыр бир чоочун аялдын кучагына киргенине бала жатыркап жулунуп, бошомокчу болду эле, Жамила:

– Бошотпойм сени, бошотпойм! – деди да, баланы көтөрүп, жүгүргөн бойдон Андрееванын кабинетине кирип барды. – Энеке, мына уулуңду алып келдим, – деди Жамила.

Бурулча ордунан тура калды. Андреева да ордунан турду. Жамила Тарасты полго түшүрүп, аны кандай кылып кармагандыгын айтты эле.

– Ботом, аның эмне? Баланы коркуткан турбайсыңбы? – деди Бурулча ачууланып.

– Жок, байбиче. Бул андай коркок эмес, – деди Андреева. – Жакшы бала. Өтө зээндүү. Көп ыр билет. Казакча да ырдайт.

Баланын башына колун тийгизип, эңкейип:

– Кагылайын, мен сени алып кетейин деп келдим. Мага бала болосуңбу, – деди Бурулча.

– А сен ким болосуң?

– Менби? Чоң энең болом.

«Бүшүркөп ушуну жакшылап тааныйынчы», деген кишидей бала башын көтөрүп, Бурулчаны тике карады. Райымдуу өңү, мээримдүү энелик сөзү менен күлүңдөп, Бурулча да аны карап турат.

Эмнегедир ал өтө жакын, өз энесиндей болуп көрүндү. Бирок бала бирдеме деп айта албастан, башын төмөн салды.

– Мен сага көп сыйлыктар алып келдим. Карачы, мына конфет, мына өрүк, бардыгы сеники. Үйдө да бир сонун козу бар, – деди Бурулча куржундун оозун сөгүп жатып.

– Козу кандай, тирүүбү? – деди Тарас кубанып, башын көтөрүп.

– Ооба, тирүү. Төбөсүндө агы бар.

– Жүр, эмесе баралык! Мага көрсөтчү!

– Токто-токто! Эң обол кийинип ал. Бурулча куржундан конфет, өрүк, балдардын кийим-кечесин сууруп чыкты.

– Мынча кийимди бекер алып келипсиз. Мында да бар эле, – деди Андреева.

– Эмнеге, – деди Бурулча баланы кийинтип жатып, – Бизге караганда силерде бүлө көп турбайбы. Көп бүлөгө ашык көйнөк артыктык кылбайт.

Тарас кийинип, күлүңдөп, бүткөн боюн карады. Ботинкасы бутуна бир аз чоңураак келди. Кыш эмеспи, жылуу байпак менен кийсе, туура келгендей. Көбүнчө Тараска жаккан шымы. Анткени, андай шымды Тарас мурда кийген эмес. Баарынан да бешмантын айтпайсыңбы, аны кийгенде чоң кишиге окшоп калды. Бешмантынын төш чөнтөгү, эки жан чөнтөгү бар. Ага Тарас катып жүргөн кызыл жылдыз сүрөттүү үч сары топчусун, ар түрдүү түстөгү айнектин сыныктарын, кур дүрмөттүү кол мылтыгын, дагы-дагыларын салса да баткыдай. Айнектерин көзгө тутса айланадагы буюмдар ар башка түстө көрүнөт. Баарыдан кызыгы, аппак карды мала кызыл кылып көрсөткөнүн айтпайсыңбы.

«Чоң энеси» Бурулча да куржунун оодарып, сонун-сонун буюмдар алып, Тарастын алдына коюп жатат. Тарас да аларды бирден колуна алып, кармалап, кайсы бирөөнүн аты-жөнүн Бурулчадан сурап, ага үйүр болуп калды.

– Козу кайда? Жүр, баралык! – деди бир кезде Тарас, козуну эсине түшүрүп, Бурулчаны колунан алып.

Ошол кезде эшиктен:

– Тарас! Кайда барганы жатасың? – деген бирөөнүн дирилдеген үнү чыкты. Баары да жапырт ал жакты карашты. Эшик алдында он бир, он эки жашар бир кыз турат. Бурулча «бул ким эле, ошобу» дегендей түр менен Андреевага карады. Андреева да башын ийкеп, «ошол» деген маанини билдирди.

– Лена, келчи мында – деп, Бурулча бирден кызды жанына чакырды, кыз келди.

– Биз менен бирге кетесиңби, Тарас да кетмекчи болду. Жамилаш садагаң, карачы, татынакай кандай жакшы кыз. Көзү карагаттай, – деди да, Бурулча Ленаны колдон алды. – Макулбу, кетесиңби? Сага да кийим-кече алып келдим.

Бурулча Ленага арналган кийим-кечесин да куржундан сууруп чыкты. Лененын атасы Микола Жапардын фронттош жолдошу экенин, жакында андан кат келгенин, катында ал Жапарга келмекчи, бирге турмакчы болгонун Бурулча Ленага айтты. Лена атасынын атын укканда бышактап ыйлап жиберди.

Немецтер кирип келгенде, колхоздун председатели дядя Черниченко машинага бир топ баланы түшүргөн болучу. Алардын ичинде булар да бар эле. Энеси машинага чыгып, эң обол Тарасты, андан кийин Ленаны өөп, «кайда болсоң да, бир тууганың Тарастан айрылба» – деп ыйлап, Ленага канкакшап айткан. Кол жоолугу менен көз жашын сүрткөн. Дядя Черниченко ага ачууланганда гана энеси ыйын токтотуп, кол жоолугун чөнтөгүнө салган. Машина жөнөп бергенде энеси ыргып түшүп, колун булгалап кыйкырып, бирдеме деп айткандай болгон. Бирок анын үнү балдардын уу-чуусунан буларга жакшылыктуу угулган эмес. Ал кезде атасы үйдө жок, согушта болучу. Бир ирет кат жазып, катына кошуп сүрөтүн да жиберген. Сүрөттү энеси катып дайым өзү менен бирге ала жүрө турган. Балдары менен коштошкондо энеси аны Лененын чөнтөгүнө салган. Ушуларды Лена баштан аяк баарын да айтып берди.

– Эмесе, садагаң, ошол сүрөттү көрсөтчү? – деди Жамила.

Лена эмнегедир чоочугансып, селт, этти, Жамиланы жалт карады да, башын төмөн салып, унчукпай калды.

– Көрүп эле кайра берем. Болбосо, көрсөтүп эле койсоң, – деди Жамила.

Лененын көзүнөн жаш кылгыра түштү.

Жамила Лененын көз жашына өзү айыптуу болгонсуп, эмне деп айтаарын биле албай, калтаарып, уялып калды.

– Лена сенде сүрөт барын мен көргөнүм жок эле. Сен анда аны жолдо жоготкон экенсиң го? – деди Андреева. Лена Андреевага жооп кайтарган жок, ыйлап жиберди. Бышактап ыйлап жаткан эжесине,

андан соң Жамила менен Андреевага көзүн түшүрдү да, Тарас Бурулчаны кучактай калды:

– Энеке, айтсаң, Лена ыйлабасын.

– О, кагылайын-кагылайын – деп, Бурулча Тарасты кучактап, бетинен өптү да, Ленага бурулду. Көрдүңбү, Тарас сени ыйлабасын деп жатат. Ыйлаба, кагылайын. Жоголгон сүрөткө ыйлачу эмес. Жакында атаң өзү да келет. Эми, кагылайындар, кийингиле, жөнөйлү. А, сиз Андреева жайында биздикине конокко келиңиз, Ысык-Көлдү көрүңүз. Кымыз ичиңиз.

– Мен да кымыз ичем, – деди Тарас.

– Ичесиң садага, ичесиң. Кымыздан балдар бат чоңоёт, – деп Бурулча оң колун жогору көтөрдү. – Көрдүңбү, мына мынча чоңоёсуң.

Бурулча Андреева менен кол кармашып коштошту да, балдарды жетелеп көчөгө чыкты.

Мындан бир нече күн өткөндөн соң, булар Ысык-Көлгө, «Өрнөк» колхозуна келишти.

Миколага кат жазышты. Жазышкан катында балдар жөнүндө ага толук билдиришкени жок. Балдардын табылганын, алардын ишенчиликтүү кишинин колунда тарбияланып, эсен-соо жатышканын гана билдиришти. Чынында да ал ошондой болду эле.

## XVII

«Өрнөк» колхозунун клубу. Клубда толгон эл. Эл ичи кыжы-кужу. Ар кимиси өз алдынча баш ийкешип, сүйлөшүүдө. Бир бурчта кимдир бирөө канча эмгек күн тапканын, эмгек күнүнө канча эгин алганын айтты. «Баракелде, азамат!» дешип, жанында отургандар аны мактай кетишти. Экинчи бурчта Оморбек райондук газетанын ошол күнкү санын колхозчуларга окуп берип жатат. Эшиктин сол жагында отурган үч-төрт келин тышка жайган эсепчинин ак кемселин колхоздун кызыл кашка музоосу чайнаганын айтып, эмнегедир алар ага ыраазы болгондой кыткылыктап күлүп калышты. Залдын орто жеринде олтурушкан карылар фронттогу балдарын сөз кылып, баш ийкешип, сүйлөшүп олтурушат.

Колхозчулардын жүздөрү жарык, көңүлдөрү көтөрүңкү. Өткөн жылкы ийгилик аларды кубантып, дагы жаңы ийгиликке шыктандырган. Ырас, таалай – эмгекте, көмөктөшүп иштөөдө экенин колхозчулар билишкен. Чүкөбай аны, колхозчулардын жүрөгүндө жаткан

терең сырды билген да, сезген да жок. Үзгүлтүктөн чыкканга гана ал кубанган. Чүкөбайдын керт башынын жаңылышы мына ушунда болучу.

Чүкөбай жыйналышта «эл мени чоң салтанат менен каршы алат» деп ойлоду. Бирок иш башкача болуп чыкты.

Жыйналышка Жутабай карыя председателдик кылып, жыйналышты ачып, Чүкөбайга сөз берди. Чүкөбай жаркылдап, менин сөзүмдү олтургандар кубаттабаганда эмне кылмак эле дегенсип, оюн-күлкү аралаштыра сөзүн баштады. Сөзүнө Чүкөбай, колхоз үзгүлтүктөн чыгып, райондо алдыңкы колхоздордун бири болгонун, колхозчулар эмгек күнгө алты килодон эгин алганын, мамлекетке дан тапшыруу планын да мөөнөтүнөн мурда аткарып, социалисттик мелдеште «Кеңештен» озгонун айтты.

Чүкөбай мал чарбачылыгында болгон ийгилигин да айтып, «Көрдүңбү, бизде кандай?» дегенсип, жанында отурган Тойчубекке карады. Тойчубек бүгүн Жапардыкына келип, кечте колхозчулардын жыйналышы болот дешкенден соң, «мен да катышайынчы, булардын эмне жаңылыктары болду экен» деп, жыйналышка келген. Чүкөбайдын анысын сезе койду да:

– Ооба, ооба, – деди Тойчубек Чүкөбайга башын ийкеп. – Айтканыңдын төгүнү жок. Биздин койлор бир топ кыргынга учурады. Силердики аман калды. Ал чын.

– Эмнеге андай? – деп, Чүкөбай, үнүн жогору чыгарды да, кайта өзү ага мактангансып жооп кайтарды. – Анткени, бизде Зуурадай сонун малчы бар.

Бул сөздү айтканда Чүкөбай «Зууранын тарбыялап өстүргөн бакырың мына менмин» дегендей маанини билдирип, күлүңдөп, эки жагын карап алды. «Менин мактоомду Зуура да жаратар» деп, көзүнүн кыйыгы менен ал Зууранын да карап койду. Бирок Зуурага Чүкөбайдын мунусу жакканы жок. Кайта Зууранын кабагы бүркөлө, өңү бузула түштү.

– Ага биздин мактанарлык жөнүбүз жок, – деди Зуура Чүкөбайга.

Чүкөбай буга эмне деп, жооп берерин биле албай, шашкалактап калды. Чарбачылык жагынан Чүкөбайдын мындан башка айтар сөзү жок эле. Ошондуктан, ал сөздү Зуурага берүүнү сурады.

Зууранын сөзү отургандарга абдан жакты. Өткөн жайда койлор

кайда, кайсы жерде жайлаганын, кандай семиргенин, көлгө аман-эсен түшкөнүн, – баарын да ал айтты. Ал гана эмес, баккан малы башка чабандардын малынан алда канча алда экенин да Зуура айтканда, «Оо, кагылайын, ыракмат! Көп жаша!» – дешти, карыялар жарыша сүйлөп.

Чүкөбай Зууранын сөзүн укканда:

– «Мен мактасам, жактырганы жок эле, эми көрбөйсүңбү, өзү да иштеген ишин мен мактагандай айтып жатат» деп, мурутунан жылмайды. Кезеги келе калганда сөз менен Зууранын ал чымчып өтмөкчү болуп.

– Мына эми Зуура, мен бүттүм дейт. Ошондо башкалар сүйлөп жибербесин. Мен мурда озунуп, сөз алайын, – деп, томогосун алганда алга умтулган ителгидей, улам-улам алдыга обдула отурду.

Бирок иш Чүкөбайдын күткөнүндөй болбоду. Зуура Чүкөбайды жалт карап алды да:

– Чынын айтканда, биз эмнеге мактанабыз? – деди Зуура. – Жакып антип калды. Биз минтип аман калдык деп мактанабызбы? Көбүнчө, буга Чүкөбайдын мактанарлык жөнү жок эле.

– Сыртта «көчөмүн» деп, чатак салган кылыктары Чүкөбайдын эсине түштү да, «балаа болуп ошону айтып, мени элге уят кылбагай эле» деп, Зууранын тике карай албай, кыйпычыктады. Бирок Зуура ал жөнүнөн ооз ачкан жок. Кайта ал, «Эрим айтып жибербегей эле» деп чоочулап жыйналышта отурган Шекербекти карады. Шекербек да Зууранын оюн билгендей жылмайып, өзүнүн ага макулдугун билдирип, башын төмөн ийди. Койлордун өлүмүнө Жакып айыптуу эмес, деген маанини Шекербек чырайынан өзүнөн-өзү билдирип турду.

– Ооба, ага Жакып айыптуу эмес, – деди Зуура да көңүлүнөн. – Ким билет, Жакыптын ордунда мен болсом, балким, мен да ошентип көчөт белем. Кеңештин койлору турган өрөөндүн аба ырайы ачыгыраак, жакшыраак болгондур. Жакып ашууну ашып кетебиз деп ойлогон чыгар.

– Менин мында айтайын дегеним бул, – деди Зуура сөзүн улантып. – Сыртта койчулар койлорун жаратылыштын кырсыгына көп учуратат. Кырсыкты күн мурунтан билүүгө болбойт. Билген болсо, кокустуктар болбос эле. Кантип билүүгө болот, сыртта радио болбосо?..

– О-о!, – деди эсепчи башын көтөрүп. – Сыртка радио койдуруп, артисттер чакырткың келип жаткан тура.

– Чакыртса эмне экен? – деди Зуура, эсепчиге бурулуп. – Карап тур, согуш бүтсүнчү, турмуш дурусталсынчы, артисттерди чакыртканды ошондо көрүп ал. Шаарга барып, өзүбүз да оюн көрөбүз. Бирок мен бу жерде ал жөнүндө айтып жаткан жерим жок. Эң обол алыскы жайытка радио орнотулса деп жатам. Радио болсо, өз өлкөсү менен малчылардын байланышы болуп турар эле.

Зууранын сөзүн кубаттап, бардыгы колдорун чабышты. Чүкөбай да балача ордунан тура калып:.

– Кагылайын! Зукеш жарайсың, – деп кыйкырып жиберди.

– Балам, – деди Жутабай Зууураны карап. – «Акыл жаштан, асыл таштан» деген. Акылдуу сөз айтканыңа, өскөнүңө мен өзүм да кубанып отурам. Айтканыңдын төгүнү жок. Бардыгы мамлекеттик иш. – Андан соң ал Тойчубекке бурулду. – Эмнеге кабагыңды бүркөйсүң, антип. Жаратылыштын кырсыгы да. Ал жөнүндө кийин сүйлөшөрбүз. Азыр бул маселени бүтөлүчү. Дагы ким сүйлөйт? Сүйлөөчү барбы? – деп, Жутабай олтурган элди карады.

Оморбек колун көтөрдү.

– Сүйлө, балам.

– Аксакал, – деди Оморбек Чүкөбайды карап. – Ийгиликтерди айтып өттүңүз. Аныңыз абдан жакшы. Бирок мындан аркы ишибиз жөнүндө эчтеке айтканыңыз жок го?

– Туура-туура!

– Оморбек туура айтат! – дешти отургандар.

Мындай суроого мурда Чүкөбайдын, эч бир даярдыгы жок эле. «Алда жубарымбек ай, ээ! Кайдан чыга калды, бул сүйлөсө, жаман уятка калтырат го» – деп, Чүкөбай Оморбекке жооп кайтара албай, мукактаңа түштү. Бир аздан соң өңүн бузуп, сузданып:

– Кандай ишти сурайсың? – деди ал Оморбекке.

– Мындан аркы ишибизди сураймын, аксакал. Ага кандай даярдыктар көрсөк болот? Ошол жөнүндө сурап жатам.

– Быйылкыдай эле мыкты иштесек, даярдык деген ошол да, андан артык даярдык болобу?

– Ал аздык кылат.

– Аздык кылса, кана, өзүң айтчы, – деди Чүкөбай жаман көзү менен Оморбекти акырая карап.

Чүкөбайдын сөзүн да, берген жообун да эл жактырбай, уу-дуу боло түштү.

– Оморбек балам туура суроо берип жатат, – деди Жутабай да. – Бир калыпта туруу болбойт. Биздин жолубуз бир шаты өйдө коюлган. Ошону менен өйдө карай көтөрүлүүбүз, шатыдан-шатыга көчүүбүз керек.

– Билбейм, кандай шатыңар бар экенин, билгениңер болсо, кана айткылачы. Биз да угалы, – деди Чүкөбай да Жутабайдын сөзүн жактырбай.

– Мага сөз бериңизчи, мен айтайын, – деди Оморбек.

Оморбек сөз алып, колхоздогу кемчиликтерди айтты.

Ал кемчилик – жердин аздыгы эле. Аны колхозчулар жакшы билише турган. Болгон жер жыл сайын айдала берип, арыктап, түшүмдү да аз бере баштаган. Түшүмдү котөрүү, эгин аянтын кеңитүү жөнүндө Оморбек сөз козгоду эле.

– Жок жерди сен кайдан кеңитесиң? – деди эсепчи Оморбекти олурая карап. – Мал болсо, анын жөнү башка. Ал эми жерди... билбейм, кантип кеңитериңди?

Оморбек көлдүн кылаасында соко тийбеген он беш гектар жерди айтты эле, эсепчи «ха-ха-ха» лап күлдү. Мени коштоор дегенсип, олтурган элди карады эле, ага кошулуп эч ким күлгөн да жок. Кайта алар Оморбектин сөзүнө уюгандай болуп отурушат.

Анда жылгын менен чычырканак. Таштары да бар. Кантип сен ага эгин айдайсың? Ошондой жерге эгин чыкчу беле? Колхоздо башка жумуш буткөнсүп, сен эми элге дүмүр каздырганы турасыңбы? – деди эсепчи.

– Андай эмес, Оморбек балам туура айтат. Жерди кеңитиш жакшы иш. Бирок ошол жерди актоо колубуздан келер бекен? – деди Иликбай карыя президиумда олтуруп.

– Неге келбесин? Келет, – деди Нурбай да. – Чычырканак, жылгын кесүү кантип колубуздан келбесин. Ал түгүл, колхозчулар капчыгайда тоону томкоруп, темир жол жасап жатышпайбы.

Эл ичинде жактоочулар болбогон соң, мени коштоор бекен деп эсепчи Чүкөбайды карады. «Кур арам тер болуп, ал жерди казуунун, эгин айдоонун эмне кажаты бар? Эсепчинин айтканы туура» деп, Чүкөбай да көңүлүнөн эсепчини жактаса да, эмнегедир унчукпады. Колхоздо ашык жер болобу-болбойбу, эсепчиге иш кылып, жанынын

тынчы гана керек болучу. Аны билген Чүкөбай эсепчини жактап, уят болуп калбайын деп, боюн сактап, башкалардын оюн толук билип, анан бир жагына өтмөкчү.

– Тойчубек, сен айтчы, көлдүн кылаасында «Кеңештин» да бир топ жери бар го? Ошого бирдеңке өнөбү? Өнсө, эмгиче силер бирдеңке кылат элеңер го? – деди Чүкөбай Тойчубекке бурулуп.

Олтурган эл, эмне айтар экен дешип, Тойчубекке караштты.

– Бирдеңке өнөбү дейсиңби? – деди Тойчубек Чүкөбайга, – арийне, өнөт. Ал жер ушул күнгө чейин айдалбаса, ага Чүкөбай экөөбүз айыптуубуз. «Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет» деп, жаштар билип айтып жатышат. Биз көп жашасак да, ал жерден чычырканак, жылгындан башканы көрбөппүз, балдар айткандай аны актап, ташын тазалап, эгин айдай турган болсок, эмгек талаага кетпеси анык. Бул акылды айтканыңыздарга ыракмат. Колхозума барарым менен мен да ушул жөнүндө колхозчулардын алдыңа маселе коём.

– Силерде кол күчү да, унаа күчү да мол эмеспи, – деди эсепчи. – Ошентсе да эмнегедир талаага кетер бекен деп корком.

– Ойлонушалычы, – деген кимдир бирөөнүн үнү чыкты.

Араң турган Чүкөбай кубанып кетти. Мени да жактоочулар бар экен деп:

– Туура айтат, ойлонушалы. Эмнеге шашабыз? – деди Чүкөбай.

Дубалда жөлөнүп, бир четте отурган сары сакал киши сөз сурап калды. Чүкөбай аны көрө коюп, мени жактайт экен деп, кымыңдады:

– Тигине, сөз сурап жатат, – деди Жутабайга.

– Сүйлөңүз, – деди Жутабай.

Сары сакал киши тебетейин колуна алып, ордунан турду сакалын сыйлап, ойлонуп бир аз турду да:

– Чүкөбай! – деди ал Чүкөбайды карап. – Көзүнө айткандын кайбаты жок деген. Көзүңө айтайын. Башкарма башың менен сен ушинткенде башкалар эмне кылбайт?

– Мен эмне кылыптырмын? – деди Чүкөбай.

– Кылганың ошол эмеспи, – деди сары сакалчан. – «Өгүз өлбөсүн, араба сынбасын» болуп, эки ортодо мүлтүлдөйсүң. Бизге башчы болуп туруп, оор жумуштан качканың жакшы болобу?

– Ботом, эмне дейт? – деп Чүкөбай чочуп кетип, ордунан тура калды. – Эмне дейт? Мен коркок экемин да... силерге көрө айтып ол-

турам. Болду-болду! Эмесе, эртеңден калбай чыккыла. Колума кетмен алып, биринчи болуп мына мен өзүм чыгам.

– Казан кайнады, көрдүңөрбү? – деди Жутабай күлүп. – Сага Чүкөбай мурда эле ушул сөздү айтууңа керек эле. Айткан болсоң, бул маселени мынчалык талашып олтурбай, эчак эле чечет болучубуз.

Оморбектин сунушу кабыл алынып, бардыгы да кол көтөрүштү. «Макул-макул! Мен да колумду котөрөйүн. Эгерде ишиңер ордунан чыкпай калса, ошондо меники туура экенин билерсиңер», дегендей ой менен, эсепчи да колун көтөрдү.

– Койлорду жыл сайын күздө көлгө түшүрөбүз, – деп Зуура кайра сөзүн улантты. – Ушунубуз туурабы? Арийне, туура эмес. Көл боюнда чөп аз, жайыт да тар. Сыртта жайыт да кенен, чөп да көп. Эмесе, сыртка малды кыштатууга болот экен. Анда эмне үчүн антпейбиз? Анын себеби бар. – Сыртта короо-жай жок. Тоюткорлору да камдалбаган. Эгерде биз аларды камдаган болсок, сыртка мал кыштатууга болор эле.

Зуура койгон бул маселе мындан мурда да башкармада сөз болгон. Ага Тойчубек да катышкан. Кайдадыр бир жакка кетип, Жутабай гана болгон эмес. Сыртка бара турган курулуш бригадасына эмне керек экенин эсептеп чыгууну ошондо Чүкөбай эсепчиге тапшырган. Эсепчи курулушка керектүү унаа күчүн, адам күчүн, аспап-жабдык, – баарын да эсептеп чыккан.

Эсепчи бул ишти зор кубаныч менен каршы алса да, кийин жумуштун оордугун билгенден соң, кайта ага каршы боло баштаган.

Ырас, жумуш оор, жол алыс эле. Эки ортодо ашуу да бар. Ашуу менен араба жүрбөйт. Демек, сыртка тамак-аш, аспап-жабдыктар жеткирүүгө да, карагай тартууга да аттар керек. Сыртка курулушка баруучулар жөө барышабы? Аларга да аттар керек. Ушунун баары да ак кагазга печать баскандай эсепчинин түзгөн тизмесинен көрүнүп турат. Эки председатель экөө бирдей тизмеге көз жүгүртүштү да, бул жумуштун оңой эмес, оор экенин түшүнүштү.

Тойчубек ойчул, оорбасырык киши эмеспи. Столдо жаткан тизмеге анда-санда көзүн салып, оң колунун сөөмөйү менен столду черткилеп:

– Аттиң! – деп койду, өз ичинен башын ийкеп

«Тойчубектин «аттиң» деген айласы кеткендиктен айтылган сөз

эле. Анткени, сыртка курулушка бир топ ат керек болуп жатпайбы. Адамдарды жиберүүгө болот го. Бирок алардын мине турган аттарын кантет? Ат болбосо, алар сыртка кантип барат? Жазгы кош айдоо да бар. Кандай кылсак? «Өйдө тартса өгүз өлөт, ылдый тартса араба сынат» – деген ушул экен го? деп, Тойчубек жаагын таянып, көзүн кысып, тизмени карап, ойго батып отурду. Бирок Тойчубек ал оюн эч кимге билдирген жок,

Чүкөбай болсо, тизмеге башкача мамиле кылды. Тизмеде көрсөтүлгөн адам, унаа, аспаптар жөнүндө Тойчубекче ойлонбостон, эсепчиге ачуулана кетти.

– Бул эмне кылганың, жакшылап эсепте десе, кайдагы жок нерсенин баарын да жазып алыпсың?

– Жок нерсе эмес, аксакал, баары да керек. Аларсыз курулуш бүтпөйт. Жакшылап эсептедим, мага ишенбегениңиз кандай? – деди эсепчи, Чүкөбайга таарынгансып, Чүкөбай эсепчинин бул сөзүн уккусу да келген жок.

– Ашырып жаздың. Мынча адам, мынча ат кайдан керек болсун? Кайта жакшылап эсепте, – деди ал эсепчиге.

Эсепчи Чүкөбайдын жемелүү сөзүн бүгүн гана эмес, мындан мурда да бир нече курдай уккан, ага көнүгүп да бүткөн. «Мен кетейин, Чүкөбай өзүнчө оолуга-оолуга басылар» деп, эсепчи кетмекчи болду. Бирок кайра: «жок, кеткенде болбойт. Андан көрө далилдеп көрсөтөйүн» деп, карагай, жүк тартуучу аттардан башка, минүүгө да бир нече ат керек экенин эсепчи айта баштаганда, Жутабай карыя да келип калды.

– И, эмне болуп жатасыңар? – деди Жутабай. Эсепчи ошондо муздак сууга чөмүлүп бой сергиткен кишидей, эс ала түштү. Чүкөбай жүк көтөргөн кишидей улам-улам демин алып, ары-бери басты да, колун серпип, сөзгө келди:

– Айткан сөз такыр мунун кулагына кире турган көрүнбөйт. Айтасың-айтасың, эчтеме жок.

– Ачууланбай айтчы, аның ким? – деди Жутабай.

Чүкөбай колун сунуп, эсепчини көрсөттү.

– Ботом, – деди Чүкөбай. – Курулушка эмне керек экенин эсептеп чык десем, ой-тоонун баарын да жазып алыптыр. Анан кантип кишинин ичи күйбөсүн. Анысынан да мунусучу... – деп Чүкөбай эмнегедир унчукпай калды.

Эсепчи эки карынын сөзүнө катышпайын деп, тышка чыга турган болуп, эшикти көздөй бурулганда, Чүкөбай аны көрө коюп, «кетпе» дегенсип:

– Тизме туура эле түзүлгөн көрүнөт. Ошондой болсо да тизмеде көрсөтүлгөндөр көп го?.. Анчалык атты биз кайдан табар экенбиз? – деди Чүкөбай кайта жоошуп.

– Анда эмне кылайын деген оюң бар? – деди Жутабай бирде столдо жаткан тизмеге, бирде Чүкөбайга көзүн салып.

– Билбейм, Жутаке! Ошонун айласын таппай, мен минтип капаланып жатпаймынбы.

– Айласын таппаганда ошентип кыйкырат бекен? – деди Жутабай. – Кыйкыргандан көрө, эл менен кеңешпейсиңби? Бардык жумушту өз мойнуңа аласың да турасың? Элди жыйнайлы, болгон кыйынчылыктарды жашырбай айталы, акылдашалы, Ошондон кийин бир корутундуга келгенибиз жакшы эмесии.

«Айтса-айтпаса төгүнбү» деп, Чүкөбай, ошондо эсепчини орунсуз жемелегенине да өкүнүп, Жутабайдын айтканына макул болгон.

Башкарманын мүчөлөрү ошондо, ошол маселени чече алышпай көпчүлүктүн ортосуна салганын Жутабай азыр айтты.

– Кана, жолдоштор! – деди Жутабай залда олтурган элди карап. – Эмне кылабыз? «Кеңешип кескен бармак оорубайт» деген. Кеңешели. Көрүп отурасыңар колхоздо болсо, эр бүлө аз. Көпчүлүгү согушта. Ушинтип кыйынчылыкка учурап олтурабыз. Кандай кылсак болот? Акылыңарды айткыла.

– Жутаке, – деди Жапар оор басырык сөз менен. – Жутаке, согушта мындан да оор кыйынчылыктар болот. Кан төгүшкөн катуу согуштарда жоокерлер азайса да, калгандары ого бетер өжөрлөнүп, кайратына келип, эки жоокердин милдетин бир жоокер аткарган күндөр да болот. А, тылдагы биз, неге ошолордой болбойбуз. Болгубуз келсе, ишке жарар кол күчү да табылат.

– Жапар ага туура айтат, – деп Оморбек ордунан тура калды. – Кол күчү бизде бар. Комсомолдун курулуш бригадасын уюштуралы.

– Макул.

– Ошентели, – дешти отурган комсомолецтер Оморбектин сөзүн коштоп.

– Ошол бригадаларга мени да жазып алгылачы. Комсомол бол-

босом да колкабышыңарга жарармын, – деп, мергенчи Нурбай да колун көтөрдү.

Мындан бир аз мурда үнсүз-сөзсүз олтурган колхозчулар кыймылга, сөзгө келип, залдын ичи аарынын уюгундай боло түштү. Кайсы бирөө кызууланып, мындай кылуубуз керек деп, далилдемекчи болсо, башкасы ага каршы болуп өз оюн сунуш кылып жатат. «Мейли, өздөрүнчө сүйлөшсүн» деп, Жутабай да аларды тартипке чакырбай, өз эркинче койду.

Отургандар ары кетип, бери кетип олтуруп баары да бир ойду туура таап, ошону жактай кетишти. Ал ойдун кимден чыкканын эч кимиси билишпей калды. Билүүнү алар каалашкан да жок. Каалашса эмне кылышат? Көпчүлүк аны жаратып отурбайбы. Элге жаккан ал эмне дсген ой? Ал – «бригада сыртка жөө барсын» деген ой эле.

Жапар сөз алды.

– Менимче, жолдоштор, – деди Жапар. – Бул маселе туура чечилди. Жумушу оор деп сырттагы курулуштан качканыбыз болбойт. Жумушчу аттарды да ал жакка жиберүүбүз жарабайт. Алдыбызда кош айдоо бар. Ага, албетте, аттар керек. «Сыртка бригада жөө барсын» деген сунуш абдан жакшы сунуш. Бул бизге коркунучтуу болуп көрүнгөнү менен иштей келгенде, анчалык коркунучтуу эмес. Мергенчилер да жайы-кышы дебей, Ала-Тоонун кокту-колоң, ой-чуңкурун кыдырып, жөө басып, мергенчилик кылып жүрүшпөйбү? Мында мергенчи Нурбай да отурат. Анын бул өрөөндө жүрбөгөн жери аз. Кай жерде кандай жол, кандай суу, кандай тоо, кандай ашуу бар, – баары да ага тааныш. Кышта сыртка барууга болобу деп, Нурбайдан сурагылачы. Балким, комсомолецтер өздөрү да айтар.

– Барууга болот. Неге болбосун? – деди Оморбек.

Жутабай Нурбайга сөз бергенде, залдын ичи жымжырт боло түштү. Нурбай ордунан турду. Курун кармалап этек-жеңин адатынча тарткылаганда, төшүндөгү медалдары бирине бири тийишип, билинер-билинбес шыңгыраган үн чыгарды. Ал үн жаштардын кулагына күжүрмөн сигнал сыяктанды. Олтургандар суздая тартып көздөрүн Нурбайдан алганы жок. Нурбай шашпай салмак менен тоо жолдорун айта баштады.

– Мен силерге коркута айтайын, – деди Нурбай. – Ашуу жолдору азыр кыйын. Кар калың түшүп, ашууну азыр алай-дүлөй кылып, өкүм сүрүп жаткан чыгар, Ошондой экен деп андан коркууга болобу? Жок,

болбойт. Алеша аттуу менин бир фронттош жолдошум бар эле. Алды жакта коркунучтуу иштер боло калса, «чорт не страшен, как его малюют» – деп айтар эле. Мен силерге да Алешанын ошол сөзүн айткым келет. Белсенип белди бууп, кайрат кылып, коркпостон жолго чыксак, ашууну да ашабыз, ашуунун ары жагына – сыртка курулуш да салабыз.

Нурбай сөзүн бүтүрүп, отурууга эңкее бергенде, көкүрөгүндөгү медалдары бири-бирине тийишип, жылаажындын үнүндөй дагы үн чыгарды.

Мындан бир нече күн өткөндөн соң, Жутабай «Өрнөктүн» коммунисттерин жыйнап алып, жакында болуп өткөн колхоздук чогулуштун жыйынтыгы жөнүндө доклад жасады. Бул, Чүкөбай үчүн күтүлбөгөн бир окуя болду.

– Кыскартып айтканда, – деди Жутабай сөзүнүн аягында. – Жыйналышта биз бир нерсени байкадык. Чүкөбай бизге башкарма боло албайт, жетекчилик кыла албайт экен. Аны биз өткөн жыйналышта көрдүк. Башка бирөө бизге башкарма болсун.

Жаратылышында оор басырыктуу Жутабай карыя бул сапарда эмнегедир кабагы бүркөлө түштү. «Кагылайын, Жутакем, иштин керектүү учурунда ушундай болот турбайбы» деп, Жапар өз ичинен көзүнүн кыйыгы менен Жутабайды карады. Жутабай сөзүн улантты:

– А сен, – деди ал Чүкөбайды карап. – Колхозчулардын жыйналышында эмне болгонуңду билесиңби?

– Эмне болуптурмун? – деди Чүкөбай.

Мындай сөздү укканда Чүкөбай чагылган тийгендей боло түштү.

– Эмне болуптур дейсиңби? – деди Жутабай Чүкөбайга. Болгону ошол эмеспи. «Киши болор киши миң кишинин ишин билет, киши болбос киши бир кишинин ишин да билбейт» деп, сен ошол болдуң. Колхозчулардын оюн, элдеги жаңылыкты, алдыңкы кыймылды сен көрбөдүң. Ал ага дейсиңби, эл өйдө тартса, сен ылдый тартып, элдин алдында болбой, артында жүрөсүң. Ошондой да башкарма болобу? Андай киши колхозго жетекчилик кыла албайт.

Чүкөбай таяк жеген кишидей эңги-деңги болуп, анын жүрөгү тызылдады. Жутабайдын далилдүү, туура сезүнө ал каршы боло алган жок. «Туура, туура» деп жүрөгү ага шыбырап, акырын айткандай болот.

Чүкөбай райкомдун бюросунда бир кездерде эскертүү да алган. Мына эми ага жарым жыл болот. Ошондон бери ал «мен эми оңол-

дум, ишимде да, өзүмдө да кемчилик жок», деп жүрө турган. Бирок соңку жыйналышта өзүнүн туткан жолуна эми өзү да нааразы болду. «Эсепчини ээрчип, мени кайсы кара теке сүзүп жүрөт? Өз жанынын тынчын ойлогон эсепчиге кошулуп, бүт колхозчуларга каршы болгон турбаймынбы» – ден, Чүкөбай эми өкүндү.

– Ооба, ооба! Айтканың туура! – деди Чүкөбай Жутабайга. Мындан башка сөз айтууга анын кудурети келе алган жок.

– Председателдикке кимди шайласак болор экен, – деди Жапар.

– Зуураны, – деди Жутабай.

– Жок-жок! – деп Зуура өзүнө өзү каршы боло кетти. – Мени койгула, мен башкармалык жумушту алып жүрө албайм, Жапар болсун. Эркектерден шайлайлы.

– Андай дебе, балам, – деди Жутабай. – «Эркектерден шайлайлы» деп аял өзүнө өзү ишенбесе, аялга эркек ишенбесе, анда аялды кызматка коюуга болбойт экен да. Ойло, балам. Антчү эмес. Башкарма болушуңду биз мында каалап олтурабыз.

Зуура кысылгансып, бир аз жылмайды.

– Билбейм, колхозчулар эмне дээр экен?

– Албетте-албетте, – деди Жутабай да башын ийкеп, Зууранын коштоп. – Эл эмгекти сүйөт эмеспи. Эмгек эткен киши элге жагат. Зуура балам, сенин эмгегиңди эл баалар деп ойлойм.

– Анда Жутаке, Чүкөбайды Зуурага орун басар кылсак кантет? – деди Жапар.

– Менин да оюм ошол эле, – деди Зуура да.

– Кой, антип мени маскара кыла көрбөгүлө, – деди Чүкөбай. – Башкармалыктан эл мени алып олтуруп, кантин кайра шайлашсын? Бир киши да мага кол көтөрбөс. Жок, мен десеңер, ал жөнүндө такыр ооз ачпагыла.

– Чүкөбай, сен колхозчуларды жакшы биле элек экенсиң, – деди Жутабай Чүкөбайга. – Балким, макул болушар, колдорун да көтөрүшөр, шайлашар. Аны сен кайдан билесиң? Билген болсоң, бул сөздү айтпас элең.

* * *

Мындан кийин колхозчулардын жалпы жыйналышы болду. Жыйналышта, председателдик кызматты алып жүрө албайт экемин, мени бошоткула деген өтүнүчүн Чүкөбай элдин ортосуна өзү салды.

– Башчы болгон кишинин өзү өткүр, көзү курч болушу керек экен, – деди Чүкөбай көпчүлүктү карап. – Андай болбосо, сөзү элге өтпөй турган, көзү көрбөй төөнү да жаза муштай турган көрүнөт. Ошондой кишилердин бири мен экемин. Аны мен эми билдим. Андай кишилер башкарма боло албайт. Башкармага башка кишини шайлап алгыла. Башкараманын мүчөлөрү да буга каршы эмес.

Колхозчулар Чүкөбайдын өтүнүчүн орундатышты. Зууранын председателдикке шайлоо жөнүндө Жапар сунуш киргизди эле, көңүлдөрүнө турган сөздү көрсөтө айтканда:

– Макул-макул!

– Дегеле ырас болот! – дешти отургандар.

– Алып жүрө алар бекем? – деди Зуура ордунан туруп. – Ылайыктуу башка бирөө табылып калар. Мында көптү көргөн, көптү билген бир канча аксакалдар олтурасыздар.

Иликбай карыя сөз алды.

– Зуура балам, – деди Иликбай. – «Мурда чыккан кулактан, кийин чыккан мүйүз озуптур» деген лакап бар. Аксакалдардын баары эле сага тең келе бербейт. Сенин түбөлүгүң түз, келечегиң кең. Сени эле шайлайлы.

Зуура Чүкөбайды орун басарлыкка шайлоону көпчүлүктөн сурады эле, көпчүлүк бир оздон аны кубатташты. Анткени, колхозчулар Чүкөбайдыи жакшылык жагын да, жамандык жагын да жакшы билише турган.

Жыйналышта эсепчиге гана катуу сөз тийди.

– Эсепчи өз ишин билет, ага талашыбыз жок, – деди Зуура. – Бирок колхоздо ал жат бүлө. Колхоз алга кетеби, артта калабы аны менен эсепчинин иши жок. «Бүгүн мында, эртең андамын, ким акыны көп берсе, мен ошонун кишисимин» деген ой эсепчиде. Мен аны байкадым. Эсепчинин мунусу жарабайт. Аттануучу коноктой болбой, иштесе жөн иштесин. Иштебейт экен колу-жолу бош, кайда кетсе, анда кетсин. Кармабайбыз.

– Туура-туура! – деген добуштар чыгып, колхозчулар колдорун чабышты.

Эсепчи бир кызарып, бир бозоруп, уятынан жерге кире жаздады.

Мындан бир нече күн өткөн соң «Өрнөк» менен «Кеңештин» курулуш бригадалары тамак-аш, аспаптарын аттарына артып, жөөлөп-жаландап, жолго чыгышты.

Жол, Нурбай айткандай, анчалык кыйын болгону жок. Жаштар, ырдашып, күлүшүп, көңүлдүү бара жатышат.

Нурбай анда-санда аны-муну айтып, жаштардын көңүлүн көтөрүп, күлдүрүп коёт. Туу белге чыкканда токтоп, чаалыккан аттарын бир, аз эс алдырышты. Ашуунун ары жагында бир түзөңгө токтоп, от жагып, жылынып, тамактанышты. Уй-мүйүз тартып отту курчап отурган жаштарга Оморбек газета окуп берди.

– Аттиң, китеп ала чыкпаганыбызды карачы. Болбогондо кыргыз акындарынын сонун-сонун ырларынан да окутуп укмакчы экенбиз, – деди кимдир бирөө отургандардан.

– Короо-жай сала турган жерге жетип, кызыл бурч уюштуралычы, – деди Оморбек аны карап. – Ошондо китеп да болот, ыр да табылат. Дубал газетасын да чыгарабыз.

– Баса, ага эмне деп ат коёбуз?

– «Комсомол барагы!»

– Жок, «Күжүрмөн күч!»

– «Сыртта» – дешип, комсомолецтер, жол үстүндө бара жатып эле, келечекте чыгара турган керегe газетанын аты жөнүндө талкуулай башташты. Тигинден да, мындан да ар кимиси өз оюн айтып, акыры келип, керегe газетасына «Сыртта» деген атты коюуну баары да макул табышты. Ошентип күн мурунтан эле керегe газетасынын атын да коюшту. Редколлегиясын да шайлашты.

Комсомолецтер мал кыштата турган жерге жетип, бир өрөөндөн жел тийбес жерди таап, ошол жерге токтошту. Эки бригада эки жерде иштей башташты. Балталар урулуп, аралар тартылып, таштар коюлуп жатат. Эң оболу өздөрү башмаанек кылып убактылуу кире турган бир нече жер тамдын керегесин көтөрүшүп, карагай, арчанын бутактары менен алардыл үстүн жабышты.

Адеп ишке киришкенде, Нурбай:

– «Мындай кылалы, андай кылалы!» деп, курулушта иштешип жүргөн болучу. Бирок жер там бүтүүгө жакындаганда Нурбай көрүнбөй калды. Кайда кеткенин эч ким көргөн да, билген да жок.

Оморбек жер тамдарга кийиз салдырып, аларга комсомолецтерди жайлаштырып жүрүп, Нурбайдын жогун билди.

– Ботом, Нурбай кайда кеткен? Көрүнбөйт, – деди ал эки жагын каранып.

Баары да жапырт Нурбайды издеп калышты.

– Мени менен карагай таарышкан.

– Жана эле мында болучу. Иштерин көргөнү «Кеңештин» бригадасына кеткен го.

Кимдир бирөө жүгүрүп кеңештиктерге барып да келди. Анда да жок.

– Кайта көлгө кетпесин?

– Койчу, жок сөздү. Андай иш Нурбайда болбойт.

– Анда кайда кетет! Башка бирдеңке болуп калдыбы?

– Бим билет, жер ээн да...

– Койсоңорчу, жок жороону баштабай.

«Нурбай жоголду» деген кабар угулганда, «Кеңештин» комсомолецтери да келишти. Эки бригаданын адамдары акылдашып, издемекчи болуп турганда, атып алган кийигин аркасына көтөрүп, кайдандыр бир жактан Нурбай да келип калды.

– Сен кайда болдуң? Айтып кетпейсиңби. Мында элди коркутпай, – деди Оморбек, Нурбайга ачууланып.

– Кийик уулап чыгып, кечки тамагыңарга эт алып келдим. Карагылачы, кандай кийик аткан экем. Аппак эле май. Карын майы өз кардына батпай калды – деп, Нурбай колун, сунуп, аркасынан жаңытада алып жерге койгон кийигинин этин көрсөттү. Оморбек өңүн суздантып, кийиктин этине көз чаптырды да:

– Бул эмне кылганың? Жумуш графиги бузулду, муну биз эмне деп айтсак болот? Бригадада катуу тартип болушу керек эмеспи?

Нурбай буга бирдеңке деп, каршы болгусу келди эле, бирок Оморбектин ачуулуу өңүн көрүп, кайта эмнегедир унчукпай калды.

Курулушка келүүчүлөрдүн эң улуусу Нурбай. Бригадирге айтпастан, ал минтип өз билгенинче жүрө берсе, курулушта кантип тартип болот? Албетте, болбойт. Муну Нурбай түшүндү. Оморбекке акырын басып келди да:

– Макул, жолдош бригадир. Мындан кийин мындай иш менде такыр болбойт. Бул жолкусун кечириңиз, – деди Нурбай.

Эт бышканча дубал газетасынып редколлегиясы Нурбайдын карикатурасын тараткан баракча чыгарып, аны көрүнөө жерге илип койду. Нурбай көпкө чейин аны карап турду да, артына бурулуп Оморбекке:

– Кечир, Оморбек. Мен жакшы ой менен иштедим эле, көрсө, мен ал оюмдагы иштин оң жагынан чыкпай, сол жагынан чыгыпмын. Бул мага уят иш.

Мындан кийин Нурбай убадасынан кайтканы жок. Ал дайым жумуштун оор участкаларында болду. Тоодон карагай кесишти, таарышты. «Өрнөк» менен «Кеңештин» адамдарын эт менен камсыз кылууну да ал мойнуна алды. Бригаданын руксаты менен гана Нурбай кийик уулоого чыгып турду.

«Бүгүн Нурбай эмне атып келер экен» дешип, комсомолецтер да кийикке кеткен Нурбайды эңсеп күтүшө турган. Албетте, көпчүлүктүн сүйгөн мергенчиси Нурбай да кур кол кайтуучу эмес. Атып келген кийигинен да Нурбайдын аңчылык жөнүндөгү аңгемеси өтө кызык. Аңгемени андай эч ким айта алчу эмес. Эчки, теке, кулжа, аюу, түлкүсүнө чейин жүргөн жерлер Нурбайга тааныш. Алардын изин табуу, кандай өңүү, кантип атуу, дагы-дагылар жөнүндө Нурбай жаштарга сүйлөй берет, Нурбайдын аңгемесин укканда, аңчылыкка жаштар да кызыга башташты. Кызыкканда алар кийин уулоого кантип чыгышат? Анда жумуш токтобойбу? Муну эстешкенде комсомолецтер өздөрүнөн өздөрү кайра күлүшө турган. Кийик уулоо бир-эки сааттык жумуш эмес да. Нурбай таң сүрө жөнөйт да, кайра күүгүм бараңда араң келет. Демек, ал бир күн кечке чейин курулушта болбойт. Нурбай менен барган кишилер да ошентери анык. Бир киши эмес, бир канча киши баргысы келип жатпайбы, Жок, мындай кылыш жарабайт. Анда курулуш токтоп калат. «Курулушту мөөнөтүнөн мурда аткаралы», деген милдет баарынын да алдында.

– Дем алыш жасап, ошол күнү кийик уулоого чыксак кантет? – деди бир комсомолец.

– Дем алыш күнүн жасасак, курулушту качан бүтүрөбүз? Дем алыш болбосун, иштейли деп макулдашпадык беле. Аны кайра бузабызбы? – деди экинчи бир комсомолец.

– Туура айтасың. Бузууга болбойт, – деди Оморбек да.

– Анан кантебиз?

– Менимче, – деди Оморбек. – Эки күндүк жумушту бир күндө аткарган ударниктерге гана руксат кылалы. Ошолор Нурбайга кошулуп, кийик уулоого чыгышсын.

– Жалкоону мен да ээрчитпейм, – деди Нурбай да күлүп.

Баары буга макул болушту.

Ушундан тартып, Нурбай кийикке чыкканда дайыма киши ээрчитип чыгып жүрдү.

Нурбайга бир киши, ашып кетсе эки гана киши керек да. Ки-

йикке чыгабыз дешип эки күндүк жумушту бир күндө аткаруучулар көбөйдү. Алардын баарын да Нурбай кантип ээрчитет? «Эки күндүк эмес, андан да ашык аткаргандар Нурбайга жолдош болсун» дешип, кайра баары бир оуздон макулдашты.

Курулушка, албетте, карагай керек. Карагайды кесип, даярдап, тоодон түшүрүп жаткан өңчөй комсомолецтер. Колдоруна араа алба-ган кайсы бир комсомолецтер карагай кесип, бара-бара ударниктер-дин катарына кошулушту.

Эки бригада эки жерде иштеп жатышат. Араларында байланы-шы бар. Бирине бири кеңештеш, акылдаш. Биринен бири аспап, жаб-дыктар алышат. Кайсы бир кечтерде «Кеңеш» комсомолецтери «Өр-нөккө» келип, Нурбайдын аңгемесин угушат.

Бир күнү кечте Оморбек «Өрнөктүн» үч адамын ээрчитип, «Ке-ңештин» бригадасына келди. Эки бригаданын адамдарын жыйнап, эң керектүү бир маселе чечүүнү Оморбек «Кеңеш» бригадири Дайыр-га айтты. Дайыр жыйналыштын эмнеге керек экенин билгенден соң адамдарын дароо жыйнады.

«Өрнөктө» иштелген иш «Кеңеште» да, «Кеңеште» иштелген иш «Өрнөктө» да иштелчү. Кол күчү, унаа күчү бөлүндү болгондугун бригада эчак эле билишкен. Бирок биргелешип иштөө деген маселе алардын ойлорунда жок эле. Көлдө эки колхоз эки жерде иштешкен-диктен бул маселе эч кимдин да оюна келген эмес. Мында жанаша иштешип жатып, иштин жүрүшүндө бириктешип иштөө деген ой жарыкка чыга келди. Бул ой – ар бир комсомолецтин көңүлүндө бар сыяктуу эле, бирок ал мындай болуп, жарыкка чыкпай келген эле.

Эки бригада биригип иштешсе, жумуш алда канча арбырын Оморбек эсептеп чыгып мында келбестен мурда өз бригадасына айт-кан. Ошол эсебин кагазга жазып келип, «кеңештиктерге» айтты.

– Эки бригада бириктешсе, анда жарышпай эле коёбузбу? – деди «кеңештиктерден» Садык деген бир жигит.

– Эмнеге? Бардык учурда да жарышууга болот, – деди Оморбек. – Маселен мына мен, мында кайсы бир курулушту биригип иштөө жө-нүндө сунуш киргизип жатам. А сен, Садык, меникинен да пайдалуу сунуш киргизсең, жарыш деген мына ошол.

Баары да күлүп калышты.

Кой короо, сарайлар бирге салынбаса да, устакана, ашкана, кы-зыл үй, мал доктор пунктун бирге салуу жөнүндө Оморбек сөз коз-

году. Алар бирге салына турган болсо, бир топ киши бошоп, башка жумушка өтөрүн да Оморбек далилдеди.

– Маселен, – деди ал. – Азыр бизде эки жерде эки устакана бар. Экөөндө эки көрүк басуучу иштеп жатат. Бириктешкенде бир гана көрүк басуучу керек болот. Эки ишкананы бириктирсек, андан да бир-эки киши бошору анык. Мал доктор пункту менен кызыл үйдү бирге салсак, келечекте алардан да кишилер бошойт. Ошентип адам күчүн, унаа күчүн үнөмдөө азыр да, келечекте да чоң мааниге ээ.

Оморбекке эч ким каршы чыкпай, баары да макул болушту. Оморбек буга кубанды. Проектимден жаңылыш кетип, оюм орундалбай калбасын, деп ал ойлоно-ойлоно таңды уктабай аткарган эле.

* * *

Ошентип, ашкана, устакана, доктор пункту, радио түйүнү, кызыл үй сыяктуу курулуштарды бириктирип салууга эки бригада экөө тең макулдашты. Бара-бара бардык курулушту бириктирүү деген маселе баарысынын да ойлорунда кала берди.

– Эми бул иш айтылган бойдон калбасын. Эртеңден калбай, биргелешели, иштейли.

– Макул, ошентели, – дешти комсомолецтер.

Ошондой болсо да, эки колхоздун оюн билүүгө – көлгө киши жиберишмекчи болушту. Кимди жиберүү, кимди коюу жөнүндө сөз болгондо, кимдир бирөө Дайырды айтты эле, Дайыр бригадасын таштап баргысы келген жок. Оморбекти барсын дешти эле, мында иштей турган жумуштарын айтып ал да макул болбоду.

– Эмесе, эң улуу аксакалыбыз Нурбайды жиберели? – деди Дайыр.

– Макул, ошентели!

– Нурбай барсын, – деди баары да Дайырдын сөзүн коштоп.

Ишеним, урмат менен караган жаш көздөр, жалындуу көп сөздөр Нурбайга ошончо жакын, ошончо жагымдуу. Аларга жооп бербестен обол өзүнүн адаты боюнча гимнастёркасын кармалап, бырыш-тырышын түзөттү да:

– Ыракмат, сиздерге, – деди Нурбай. – Мындай жооптуу жумушту мага тапшырганыңыздарга ыракмат, мен аны аткарууга аракет кылайын. Эртең эле жөнөйүн бир жуманын ичинде кайтып келип каларммын. Андан мурда келе албайм. Анткени, эки колхоздо тең

болуум, акылдашуум, мында болгон иштерди аларга айтуум керек, жол болсо алыс.

Экинчи күнү «Өрнөк» менен «Кеңештин» комсомолецтери жумушка чыкканда алардын ичинде Нурбай жок эле. Ал алыста, Ала-Тоонун арасында кайберендерче таштан-ташка секирип, көлдү бет алып, кетип бара жаткан кези болучу..

Эки бригада бирге иштешти. Бир жуманын ичинде иш планын эки эсе ашыгы менен орундатышты. Айткан убагында Нурбай да келди. Жогоруда айткан курулуштарды бирге курууга эки колхоз макулдугун берген экен.

Эки колхоз араба-соколорун ремонттон бүтө жаздап калганын, сокого салынуучу аттардын да семиргенин аттарга керектүү аркан-жип, ээр-токум даярдалганын, эскирген божу, каамыттарды карыялар жамап-жазгап ишке жаратканын, – баарын да Нурбай кечки тамакта олтурганда комсомолецтерге айтып берди.

Эң сонун жаңылык – фронт жөнүндө жаңылык эле. Биздикилер душманды уюгуна киргизе кууп бара жатканын, «жакын аранын ичинде жеңиш болот, согуш бүтөт», деген сөздөр эл ичине таралганын, жоокерлердин үйлөрү, ата-энелери алардын келишине той жасоого даярданып жатышканын Нурбай эл ичинен уккан. Аларды да Нурбай комсомолецтерге айтты.

– Жапарга жолуктуңбу? Эч нерсе айткан жокпу? – деди Оморбек Нурбайдан.

– Бери чыгар күнү мен ага жолуктум. Жакшы жатат. Баарыңарга салам айтты. Мындагы биздин ишибизди укканда, ал абдан кубанды, – деди Нурбай.

Нурбай келгенден соң да, жумуш күчөгөндөн күчөдү. Күн сайын курулушта жаңылыктар, жаңы жумуштар башталды. Жаңылыктар курулушта гана эмес, курулушту жасап жаткан комсомолецтерде да, абада да, асманда да бар сыяктуу.

Күн күндү, түн түндү кууп, убакыт өтө берди. Жаз жакындап келе жатат. Күн кызарып эрте чыгат да, иңир түнөрүп кеч батат. Тоолордун кары эрий элек, мурункудай эле агарып, жалтырап, көз уялтат. Төмөн жакта, көлдө болсо, жаз белгиси эчак келип, күн жылып, кар эрип, кош чыгар мезгил жакындаган. Албетте, муну сырттагы комсомолецтер жакшы билишет.

Комсомолецтер сыртта үч ай турушту. Үч ай деген аз убакыт

эмес го. Жаштар үйлөрүн, жолдош-журолорун сагынышты. Жумуш да аяктап келе жатат. Короо-жай, сарайлардын карааны көрүнө баштады. Сарайларга тургузулган дарбаза, эшиктери да шаңданып көрүнүп турат. Ар бир сарайдын эшигине биринчи, экинчи, үчүнчү деп жазган жазуулары да бар.

Комсомолецтер сыртка жөнөшкөндө ушул курулушту аяктаган ушул кубанычтуу күндү тилешкен. Мына эми алар ушул курулушту жасап, ошол кубанычтуу күндү көрүп олтурушат.

«Жумуш бүттү» деп биерден алар кеткени жок. Үйлөрдүн ичи аңгырап бош калбасын деп, жыгач кровать, стол, орундуктар жасашты; идиш-аяк, китеп, газеталар коё турган текчелер да жасашты. Аларды жайына таратып коюшкан соң, ашкана, устакана, сарайларды коомдоп, кызыл үйгө ураандар жазып илишкен. «Эми биз койчуларга уят болбойбуз. Эми келип кыштай беришсин» – дешип, алар кайра көлгө жөнөштү.

* * *

Жакында гана колхоз кыштагы аппак кардын кучагында эле. Бетти чымчып, кулакты черткен кыштын ызгаардуу суугуна кардын үстү катып, арабанын дөңгөлөктөрү, адамдын, аттын буттары тийгенде кырчылдап үн чыгара турган.

Кыштактын төш жагында боз үйдөй бир дөң бар. Мал жоготкон колхозчулар ошого чыгып, колун серепчилеп, айлананы кароочу. Ал соку канттай аппак болуп, ак кардын кучагында. Балдар дөбөгө бирде чыгып, бирде түшүп, дөбө ылдый жылгаяк тээп, чана сүйрөтүп, күн сайын анда ойношот.

Күн бара-бара узарды. Ала-Тоонун тизмектелген аскаларына асылган булуттар гана болбосо, асман чайыттай ачык. Күн төбөгө келгенде жер-суу ого бетер жылынып, чоңдор да, балдар да күлүңдөп, күндү карап, өздөрүнүн кубанычын билдиришет.

Ошондой күндөрдүн биринде балдар таң эртең муз упчуларды көрдү. Муз упчулар сөйкөгө окшоп, шалдырап, ар бир үйдүн төбөсүнөн ылдый карай асылып, илинип турат. Алар ар кандай болучу: узуну да, кыскасы да, чоңу да, кичинеси да бар эле. Күн жогору көтөрүлгөндө упчулар жылынып, учтарынан ак тамчылар мончоктоп, төмөн карай ага турган. Балдар аны жулуп алып, найза кылып, саямын деп, чуулдашып, бирин-бири куушар эле. Чарчап, суусаган кездерде

суусундарын басуу үчүн упчуларды соруп, эртеси үндөрү бүтүп, тамагы ооруп, энелеринен жемелүү сөздү угушат. Эне байкуш урушса да, балага кантип түтөт? Бала деген жан эт менен бирдей да. Кайра баласына айланып, үйрүлүп, ысык сүт ичирип, кой майы менен көкүрөк, тамагын майлар эле.

Күн узарып, жер-суу жылынды. Үй үстүндө, көчөдө, ай-талаада жаткан карлар эрип, жол үстү баткак боло баштаса да, күн нуруна алар бат эле кургады. Ат аягынан серпилип, жеңил чаңдар туш-туш жакка учуп жатты.

Чыгыш жак агарып, кызыл нурлар көк жүзүнө чачырап, эртеңки салкын жел ойду-тоону кыдырып жүрө баштаганда, колхоздо кыймыл-тиричилик башталат. Сарамжалдуу байбиче төшөгүнөн тура калып, тышка чыгып, салкын суу менен бети-колун жуунат. Түнү бою сыртта күзөтчүлүк кылган сур дөбөт да, бирдеме үмүт этип, байбичеге жакын келип, эркелеп, куйругун шыйпаңдатат. Аткан таң менен кошо ойгонуп, короодо жем издеп, койкоңдоп, ары-бери басып жүргөн тооктор да жем сурашып, байбичеге чуркашат. Бастырманын алдында турган күрөң уй да, байбичеге мойнун бурат. Мамыда байланып турган тор кашка да, байбичеге карап, эки-үч курдай окуранат. Байбиченин жумушу көп. Баарын да ал иштөө, баарын да ал тейлөө керек. Түндөгү арткан тамагын итине берет да, тоокторуна жем чачат. Окурантпай атына чөп салып, колун жууп, уюн шарпылдатып саай баштайт.

Абышкасы да шашып туруп, чайын ичип, колхоз жумушуна жөнөйт. Иштен калып, уят болбоюн деп келини да жумушуна, кызы болсо мектебине чуркашат. Үй-бүлө баары да тарап, жай-жайына кеткенден соң сарамжалдуу байбиче өзү да шашып, колхоз жумушуна жөнөйт.

Бул үй-бүлө кечте кайра үйүнө жыйналышып, тамак үстүндө колхоздогу, согуштагы жаңылыктарды божурашып сүйлөшөт. Келини күйөөсүнөн келген катты окуганда абышка-кемпир уулунун өмүрүн, армиянын жеңишин тилеп, улуу партияга, Совет өкмөтүнө миңдеген алкышын айтышат. Кызы – сабагына, байбиче, келин үй оокатына кам уруп, түн ортосу ооган кезде гана, эми жаталы, эртең эрте жумушка барабыз, – дешип, баары да жата кетишет.

Мектептин клубунда анда-санда лекция, зоок-кечелер болор эле. Байбиченин кызы да, келини да ага барышат. Бирок байбиче,

абышка эрте жатып, эрте туруунү каалап, жылуу төшөгүндө – үйүндө болушат.

«Өрнөк» колхозунда турмуш мына ушундай эле. Ал турмушту көрсөтүү үчүн сарамжалдуу байбичени мисалга алдык. Бирок соңку кездерде ал турмуш өзгөрдү. Байбиче да, абышка да кечки тамак-ашынан соң мурункудай жатууга кам урбастан, колхоздун конторуна барыша турган.

Колхоздун конторунда айрым бир бөлмө үй бар. Анда азыркы айткан абышка, байбиче гана эмес, бул экөөнөн мурда жеткен колхоздун башка адамдары да болор эле. Аларды магниттей өзүн тарткан ал эмне деген үй? Ал үй – радио үйү болучу.

«Өрнөк» колхозу райондун четинде болгондуктан буга кат-кабарлар кечигип тийүүчү. Колхоздо телефон да жок болучу. Ошондуктан райондо телефон уюштурулганда биринчи ирет «Өрнөккө» телефон коюлган. Бул, 1940-жылдын күз айларынын биринде болгон иш эле.

– «Биз эми областтык шаар менен жакындаштык. Радио койсок, анда борборубуз Фрунзе, Маскөө менен коңшулаш болобуз» – дешип, тамашалаша турган.

Бирок согушка чейин «Өрнөк» колхозу радио орнотууга үлгүрө албай калды. Согуш чыкты. Согуштун алгачкы жылдарында радио эстерине келген да жок. Бардык ой, бардык тилек – фронтто душманды жеңүүдө болду. 1945-жылдын жаз айларынын биринде Жутабай областтан кичине бир радиоприёмник алып келди. Чүкөбай «ушул кайдан сүйлөсүн» дегенсип, аны коюп жаткан радиотехниктен:

– Балам, мунуңдан бирдеме чыгар бекен, – деди.

– О, чыгат, аксакал, – деди техник. – Чыга турган үчүн коюп жатабыз да. Бүткүл жер жүзүн уга албасаңыз да, Москваны угасыз.

– Москваны уксак эле болду, – деди Жутабай, сөзгө аралашып. – Москваны уксак, бүткүл жер жүзүн укканыбыз ошол. Андан артык бизге эмне керек?

Радио коюлуп жаткан үйдүн ичи толгон эл. Радио качан сүйлөөр экен деп, баары да жарданып карап турушат. Бир кезде радио шуулдап калды. Андан соң дапдаана, ачык болуп, Москва дикторунун үнү чыкканда, үйдүн ичи жымжырт боло түштү. Отурган эл демин ичине алып, тыңшады да калды.

– Балам, а балам! – деди шыбыраган бирөөнүн үнү чыгат. Жапар бурулуп караса, Айымбүбү.

– Эмне, энеке, – дөди Жапар.

– Кыргызча да сүйлөйбү? Биз да түшүнбөдүк.

– Сүйлөйт энеке, сүйлөйт!

Жапар ордунан туруп, техниктин кулагына бирдеме деп шыбырады. Техник, радио приёмниктин бирдемесин бурады эле, кыргызча ырдаган ыр угулду.

– Апей! Кыргызча го? – деп, Айымбүбүнүн жанында отурган Анткор чоочуп кетти...

Жаштар күлүп калышты. Анткор да күлдү. Бирок анын бырыш кирген бетинде, бүйтүйгөн шоролуу көзүндө зор кубанычтын белгиси бар эле.

Колхоздо радио ушинтип башталды.

Жогоруда колхоздо «турмуш өзгөрдү» деп, айткан себебибиздин мааниси да ушул. Албетте бул чоң жаңылык эле.

Колхоздун чоңунан кичинесине, карысынан жашына чейин качан, кай мезгилде радио сүйлөөрүн көңүлдөрүнө түйүштү. Колхозчулардын кимиси болсо да, жумуштарын бүтүргөн соң, фронттон кабар угууга колхоздун конторуна, радио үйүнө чуркаша турган. Үйүнөн алыс чыкпай жүрүшкөн абышка, кемпирлер да радио үйүнө келишер эле. Макала, аңгеме, очерктерди, жер, суу, шаар, кыштактардын атыжөнүн да радиодон угушчу. Эмне деген жер, эмне деген суу, эмне деген шаар! Берлинге биздикилер канча калды, кай жерде согуш болуп жатат? деген суроолорду колхозчулар Жапарга үстөкө-босток бериш турган. Жер илиминен кабарсыз кайсы бир колхозчуларга согуш кайда, кайсы жерде болуп жатканы түшүнүксүз эле.

Жапар мектептен Европа картасын алып келип, дубалга илди. Балдар дароо кагаздан кызыл желектер жасап, ийнеге илип, ийнелерди согуш болуп жаткан жерлерге сайышты. Советтик информбюро болгон сайын балдар желекти батышка карай жылдырып турушту. «Биздикилер Берлинге аз эле калганын өрнөктүктөр өз көздөрү менен көрүшүп, «аз эле калыптыр, о, бере көр!» – дешип, күлүңдөштү. Күн өткөн сайын кызыл желектер Берлинге жакындоодо.

– Бул жерде менин атам согушуп жатат, – деди Сатар бир күнү кызыл желекти Берлинге жакындата сайып.

– Меники да, – деди Зина да.

– Балким, биздин балдар да ошол жерде чыгар, – деди Иликбай

карыя да. Башкалары да кызыл желектердин тегерегинде баласы, же атасы согушуп жаткансып, моюндарын созуп, картага карашат.

Жапар картаны карыяларга көрсөтүп, алардын бардык суроолоруна жооп бере турган. Буга Жутабай карыя да катышып, чөнтөгүндө катылып жүргөн газеталардын кесиндилерин сууруп чыгып, Жапарга окутуучу. Олтургандарга ал өзү да кызык аңгемелерди айтып берер эле. Жутабайдын аңгемеси радио ойнолгондо гана токтолуучу.

Ошентип радио үйүндө кезигишүү, сүйлөшүү, колхоздо, райондо, областта, республикада, кала берсе, бүткүл Советтер Союзундагы жаңылыктарды угуу, газета, китеп окутуу – колхозчулардын күндөлүк турмуштагы иши, адаты боло баштады.

Радио ойноого жарты саатча калганда колхозчулар келише турган.

Бир күнү күндөгүдөй колхозчулар радио үйүнө жыйналышты. Айганыш менен Нурийла бир бурчта баш ийкешип сүйлөшүүдө. Айганыш Нурийланы колтукка түрттү да, колун чекесине кармап, көзүн ирмеп, картадан көзүн албай, карап турган Анткорду көрсөттү.

– Көрдүңбү Анткорду? – деди Айганыш. – Айгүл деп өз атына көчкөндөн бери ал кайра жашарды. Бели да түзөлүп, көзүнүн шоросу да арылды.

– Эмесе, келиндердей болду десеңчи, – деди Нурийла.

– Ооба, болгондо да кандай дейсиң? Иликбайды буга үйлөндүрсө жакшы болор эле.

– Кой, антип кары кишини шылдыңдоочу эмес. Өзүң да бир кезде ушинтип карырсың, – деди Нурийла.

– Эң обол сен өзүң келин деп айтпадыңбы, а мен болсом, келинге күйөө таап олтурам, мында эмненин шылдыңы, – деди Айганыш жылмайып.

Ошентип эки келин Иликбай карыяга сыртынан тон бычып, «колукту» таап, бирин-бири түртүшүп, тамашалап, сүйлөшүп отурушту. Аны Иликбай карыя кайдан билсин? Таягына жөлөнүп, мойнун буруп, жанында отурган Жамантайды карап:

– Жамантай, сонун заманга биз туш келиппиз. Мына биз, эки абышка. Маскөөдө боло турган кепти угабыз, – деп бул жерде олтурабыз. Бул шумдук го. Маскөө кайда, биз кайда? Эки ортонун арасы ат менен алты айлык жол дешет. Ошентсе да, Маскөөнүн сөзүн жанында тургансып укканы жатабыз.

Жамантай да, «ооба-ооба, ал айтканың ырас» дегенсип, башын ийкеди.

Армияда жүргөн жоокерлердин каттарын радиого ала келип окутуу – ар бир колхозчунун адаты эле. Каттар көпчүлүктүн ортосунда окула турганын согушта жүргөн жоокерлер да уккан соң, ата-эңесине, туугандарына гана эмес, колхоздош адамдардын баарына, да арнап кат жаза башташты.

«Өрнөк» колхозу көп анчалык чоң эмес эле. Эли да чамалуу болучу. «Өрнөк» колхозуна келген каттар да ошончолук аз. Бирок соңку кездерде фронттон «Өрнөк» колхозуна каттар көп келе турган. Фронттон алда кайда алыс жаткан Кыргызстандын кичине бир колхозуна Европадан каттардын келиши колхозчулар үчүн таң каларлык иш болбой, адаттагы ишке айланды. Эки колхозчу жолугуша келгенде, бирөө Варшавадагы баласынан салам айтса, экинчиси – Бухаресттеги баласынан салам айтат. Ал каттарды Нурбай «жеңиш каттары» деп атады. Жеңиш каттары колдон колго өтүп, кайра-кайра окулуп турду.

Балтабайдан да кат келди. Кайсы жерди, кайсы шаарды биздикилер алганын ал толук жазып келип, «Өрнөк» жөнүндө көп-көп сураган. Жоокер «Өрнөктү» көбүрөөк ойлогону – анын катынан ачыктан-ачык көрүнүп турат.

Балтабай аялына да каттар жазып, каттарынын биринде ал мындай деген:

«Кымбаттуу жолдошум! Ооруңдан сакайып, менин ордума уй фермасына башчы болгонуңду катыңдан билдим. «Менин мындай зайбым бар» деп, мындагы жолдошторума катыңды окуп бердим. Бирок сен ал кызматты аткарар, колхоздун ишенимин актай алар бекенсиң? Жашырган менен болобу, мен ошондон корком».

Кат окулган жерде Иликбай да бар эле. Балтабайга жооп бергенсип:

– Аткарат! – деп, бирден ал башын көтөрдү.

– Аткарат-аткарат! – дешти башкалары да, Иликбайдын сөзүн коштоп.

– Эсен болсом колхозго барганда, – деген Балтабай. – Ошол күнү эле уй короого барам. Ар бир музоолорду көрөм. Жакшы бак. Музоолоруң да, уйларың да семиз болсун. Сүт бериши кемибесин».

Кимдир бирөө жөтөлдү. Отурган эл бурулуп, ал жактты карады.

Айымжан баары-жокту жазган эринин сөзүнөбү же олтурган элдин көңүлүн бөлүп жөтөлгөн кишигеби, айтор, ал уялып, кысыла түштү.

«...Албетте, колхоз башкармасынын жардамы болбосо, иштөөгө сага кыйын болор» – деген Балтабай катында.

– Туура айтат, туура!

– Бардык ишти Айымжанга жүктөөгө болобу? – дешти отургандар обдулуп.

– Макул-макул! – деди Чүкөбай да. – Айымжанга жардам берели. Антпесек болобу. Балтабай келгенде эмне деп ага жооп беребиз.

Балтабай «Өрнөк» колхозчуларына да каттар жазган. Жазган бир катында колхоздо сонун тегирмен, кино, клуб, кызыл үй, дагы башка имараттар болуу жөнүндө көбүрөөк айткан:

Колхозго электр керектигин да жазган.

– Электр, – деген ал катында, – чарбанын чоң жардамчысы. Ансыз чарбаңар жогору көтөрүлбөйт. Ар бир үйгө электр лампасын киргизүүгө, аткана, уйкана, кампага чейин электрлештирүүгө, молотилканы да электр менен жүргүзүүгө аракет кылгыла.

– Балтабайдын оюу өтө эле өргө чааптыр. Айткандарын орундата алар бекенбиз, – деди кимдир бирөө, мунун аткарылышын күмөн кылып.

– Орундалат, – деди Жутабай. – Орундалат. Балтабайдын жазгандары туура. Эгерде сиздер, мунун болушуна күмөн кылсаңыздар, мен айтайын, колхоздун партия уюму жакында бул маселени карап, тиешелүү чечим кабыл алды.

Жутабай сөзүн бүтүрүп айлананы карады эле, отурган эл анын сөзүн туура таап, дуулдашып, баш ийкешип, сүйлөшүп жатат. «Колхозду электрлештирүүнү эл да жактырып жатат» деп, Жутабай да өз ичинен кубанды.

Балтабайдын каты колхозчуларга чоң түрткү болуп, мал сарайында иштер бир топ жакшылануууда.

Уулунун сөзүн эл коштоп, айткандарын орундатып жатканда Иликбай карыя кантип чыдап тура алат? Өзү да элге үлгү көрсөткүсү келди. Өзүнүн айтууна караганда, Иликбайдын жашы жетимиш, жетимиш бештер чамасында. Оруктон кийин жумуштан аны бошотушкан. Бирок уулунун катынан кийин Иликбай председателге келип, колхозго кол кабыш кылуу жөнүндө тилегин айткан. «Оор жумуш берсек, оордук кылар, майда-чуйда жумушка абышка алымсынбас,

таарынар. Кандай кылсак болор экен?» дешип, башкарманын мүчөлөрү көпкө чейин кеңешти.

– Жарыктык үйдө эле тынч жата берсе боло. Жумушту эмне кылат экен? Башкалары да иштебейт беле, – деди Чүкөбай адатынча чебеленип.

– Демек, колхоздо колу бош бүлө көп деп жаткан турбайсыңбы? – деди Жапар Чүкөбайга.

– Колхоздо колу бош бүлөнүн бары-жогу сага да белгилүү, – деди Чүкөбай Жапардын сөзүн жаратпай, – Кана, кандай жумуш бересиң, берсең берегой, каршылыгыбыз жок. Жетимишке чыккан абышка сага эмне иштеп бермек эле?

– Чүкө, Иликбай карыя жетимишке келсе да, сизден өңү жаш го, – деп Зуура отургандарды күлдүрдү.

Чүкөбай кызарып-татарып унчукпай калды. Зуура сөзүн улантты:

– Иликбай карыяны саанчыларга берели, сүт ташысын. Менимче, аны аксакал аткара алат.

Зууранын сунушуна эч ким каршы боло алган жок. Иликбайды сүт ташуучу кылып дайындашты.

* * *

Кыштактын төш жагында, өрөөндө уй багылуучу жай бар. Мында тоодон ылдый карай кулаган көк кашка тунук суу агат. Суу бойлору көк шибер. Көк шиберде колхоздун уйлары жайылып оттойт, саанчылар да ошол жерде болушат.

Иликбай карыя кызыл өгүзгө кичине арабасын кошуп калдыратып айдап келип, сүттөрдү флягага куйдуруп, кайта сепараторго – колхозго алып кетип турду. Бирок бир күнү Иликбай бош фляга менен бирге сепараторду да ала келди. Уй ферманын башчысы– Иликбайдын келини Айымжан да аны менен бирге келди.

– Келиндер! – деди Айымжан. – Атама ыракмат айтыңыздар. Сонун акыл тапты. «Минтип колхозго сүт ташып убара болгондон көрө, сепараторду уй баккан жерге жеткирели, сүт ошол жерде тартылсын, ошентсек иш ылдамдайт» деп, аны өзү менен бирге ала келиптир. Атамдыкы туура. Карачы, мурун муну ойлобогонубузду».

Мындан кийин жумуш жеңиле түштү. Саанчылар бир жагынан уйларды саашса, экинчи жагынан сүттөрдү сепаратордон өткөрө

беришти. Мурункудай май тартабыз деп, сүттү колхозго жиберишкени жок. Саанчылар Иликбайга алкыш айтышты. Иликбай болсо, мактоону жактырбай тамагын кырып, күмүштөй аппак сакалын оң колунун учу менен улам-улам сылап коёт.

* * *

Күндөрдүн биринде колхозчулар радио угабыз деп клубда отурушканда, кайдадыр бир жактан ырдалган ырдын үнү угулду. Ал үн а дегенде акырын угулуп, бара-бара жакындай баштады. Карыялар аларды билишкенче көчөдө жүргөн балдар жүгүрүп киришип:

– Сыртка кеткендер келишти деп, кыйкырып жиберишти.

– Кимдер?

– Комсомолецтерби?

– Ооба, ошолор.

Карыялар шашып тышка чыгышты. Сыртка кеткен эки колхоздун комсомолецтери карыялардын алдына келип, тизилип тура калышты.

Комсомолецтер карыялар менен учурашып, ал жай сурашып жатканда, баятан бери унчукпай турган радио жанданып, Кремль мунарасынан шаңгырап, коңгуроо кагылды. Коңгуроо артынан замбиректер атылды.

– Ыракмат, кагылайындар. Жумушуңарды бүтүрүп кайтыпсыңар. Дегеле жакшы болду, – деди Жутабай карыя, замбиректердин үнү басылган кезде.

## XVIII

Кышында Жамила кайын энеси менен Чимкентте болгондо, балдар үйүнөн сонун-сонун гүлдөр көргөн. Балдар үйүнүн башчысы Андреева ошол гүлдөн Жамилага сыйлык кылып берген эле. «Өрнөк» колхозуна келгенде Жамила гүлдөрдү мектептин терезелерине койгон. Мектептеги балдар да, көчөдөн ары-бери өткөн чоңдор да гүлдөрдү көргөндө кызыгышар эле.

Бир күнү Айымбүбү мектепке кирди.

– Бул кандай сонун гүл? Кайдан алдыңар? – деди ал таңданып.

– Шаардан алып келдик, энеке! – деди Лена.

– Эң эле сонун гүлдөр экен го, – деди Айымбүбү. – Буларды үйгө койсо, үйдүн көркүн чыгарат го. Үйгө коюп көрө турган экен. Бизде мурда мындай гүлдөр болучу эмес эле.

– Болбосо, эми болот, – деди Лена. – Биздин Укринада үй сайын бар.

– Ошондой де, кагылайын, эмесе, бизде да болот. Болгону ушул эмеспи.

Бир күнү класста балдар кызууланып сүйлөшүп жатканда Жамила кирип келди. Балдар бирин-бири карашып, түртүшүп, шыбырашып калышты.

Балдардын ичиндеги эң токтоосу, сабырдуусу Зина эле. Бирок ал да толкунданып, бирде Сатарды, бирде Адамбекти карап, шашкансып отурат. Коңгуроо кагылды. Зина ордунан тура чуркап, Жамилага барды. Зинанын артынан башкалары да келип, мугалимасын ортого алышты.

– Зина, сага эмне болду? Эмне үчүн тынч отурбадың? – деди Жамила Зинага.

– Эжекебай, сизге айталык десек, сиз мугалимдердин үстүндө болдуңуз. Батынып кирип, айта албадык. Эмне кылсак болот? Акылыңызды айтыңызчы. Соңго калтырсак кеч болор, – деди Зина шашып, энтигип.

Жамила адегенде сөз эмне жөнүндө болуп жатканын түшүнө алган жок.

Акырында түшүндү, сөз мектеп багын тигүү жөнүндө болуп жаткан экен.

– Буга директор эмне дээр экен? Сабагыңардын каласыңар го? – деди Жамила.

Балдардын корккону да директор эле. Бирок сабактарын жакшы окушса гана бул жөнүндө директор менен сүйлөшүүнү Жамила айтканда:

– Макул, эжеке, макул! – дешти балдар туш-туш жактан.

Жапар, Жамила менен балдардын сунушуна каршы болгону жок. Колхоздун башкармасынын алдында бул маселени коюуну ал мойнуна алды.

Жапар, пионер отрядынын башчысы Сатарды ээрчитип, Зуурага барды. Зуура да бул маселени туура деп таап, башкарманын жыйналышында карап, мектеп багына жер бөлүп берди.

Жапар менен Сатар жер планын алып, кайра мектепке келишти. Кайда, кайсы жагына алма отургузууну Адамбек кагазга чоңойтту да, кеңешүүгө балдарга көрсөттү. Балдар Адамбекке макул болушпай,

өз ойлорун айтышты. Адамбек өз беделин көтөргүсү, оюн өткөргүсү келип, «меникине макул болбосоңор анда, мен кетем» – деп чатак салды. Бирок балдар Адамбектин анысынан коркушканы жок. Кайра бир нече бала биргелешип, өз планын түзүштү. Аларды көргөндө жалгыз каларын билип, Адамбек кайра жумшарган.

Адегенде балдарга участкага чыгып, жерди казып, багын тиге баштаса эле, жумуш бүтө тургандай көрүнгөн. Бирок жумуш андай болбоду. Оор болду: участкада таштар, отоо чөптөр, чийлер бар эле. Алардан участканы тазалоо керек. Ансыз анда кантип бак тигилет?

Сабактан кийин балдар колдоруна кетмен, күрөк алып, участкага чыгышып, отоо чөптөрдү, таштарды тазалап күрөктөп, жерди айдай баштаты. Балдар канчалык тырышып иштешсе да, жумуш арбыганы жок. Комсомолецтер жардам бербесе, пионерлердин жумушу узакка созулары анык эле.

Искендер кош өгүзгө соко сүйрөтүп келип калды.

– «Өрнөктүн» комсомолецтери жардамга жиберди, – деди Искендер. – Башчыңар ким болот? Көрсөткүлө. Кайсы жерден баштап айдайлы?

Айдала турган жерди көрсөтүштү.

Башчысы Сатар эки баланын колуна эки чыбык берип, соконун артынан жүрүп, айдалган жерди өлчөөнү аларга тапшырды. Эки бала бирде отура, бирде тура калып, соконун артынан чуркашып, башчысы тапшырган жумушту аткарып жүрүшөт. Калгандары участоктун башка жагында иштеп жатышты. Искендер анда-санда артына карап, «айдоо сапатын текшерүүчү инспекторлор» деп, эки баланы тамашалап коёт. Бирок бара-бара Искендер «инспекторлордон» сактана турган болду. Анткени, алар тайыз айдалган, ала калган жерлер боло калса, дароо Сатарга чуркап, даттанып, аны ээрчитип келип турушту:

Ошондо, Искендер:

– «Оо, пионерлер да комсомолецтердин жумушунан өөн табышат экен го» – дей турган күлүп.

Искендер да бөбөктөрүнө уят болбоюн деп жерди жакшылап, ала калтырбай айдай берди.

Зуура келип, жеткинчектердин ишин көрүп, кубанычынан жылмайды. «Инспекторлор» менен бирге басып, айдалган жерди көрдү:

– Карачы, Искендер, бизде кандай сонун кызматкерлер өсүп

келе жатышат. Иштеринде өөн жок. Буларды бригадирлерге берсек жаман болбос эле.

«Бизде да өөн жок» дегенсип, Искендер Зуурага жооп бербесен, өгүздү ылдамдата айдады.

Күн бата жер айдалып бүттү. Балдар чуулдашып, бирин-бири куушуп ойношуп, үйлөрүнө жөнөштү. Эки «инспектор» эки өгүздүн аркасына минип, колдору менен өгүздөрдү моюнга чапкылап, самолётто учуп бара жаткансып, кетип бара жатышат. Өгүздөрү да шашпай, эрине басып, анда-санда баштарын чайкап коёт. Чайкаган сайын өгүздөрдүн мүйүздөрүнө орогон Ленанын гүлдөрү бошоп, кечки желге кыймылдап бара жатты.

Балдарга чоңдордун жардамы жерди айдоо менен гана токтолгону жок. Күн сайын ал жерде адамдардын жүргөнүн көрүүгө болор эле. Жапар бир күнү участкага келип, Салыйды көрдү:

– Жеңе, мында эмне кылып жатасыз? – деди ал.

Салый башын көтөрдү.

– Адамбектин тынчы кетти. «Мектеп багы, мектеп багы!» – деп эле оозунан түшүрбөйт. Таң эртең ойгонуп, шам-шум этип алып эле, мында жүгүрөт. Жумушу тез бүтүп кетсин деп кол кабыш кылып жатам, кагылайын.

Салыйдан бир аз ары үч-төрт аял иштеп жатат. Аларды көрүп:

– Тигилер да Адамбекке жардамга келиштиби? – деди Жапар.

– О, кагылайын, – деди Салый. – Ар бир эненин өзүнүн Адамбеги бар.

Жапар шашып, үйүн көздөй кайра тартты, Анткени, Бурулча Тарасты алып бүгүн мында келмек. Лена Жапарды терезеден көрө коюп, сыртка жүгүрүп чыкты.

– Жапар ага, мен сизди күтүм жатам, – деди Лена. – Эки араба көчөт алып келишти. Жамила апай аны көрүүгө мектепке кетти. Мен да барып көрөйүн десем, «сабагыңды даярда, анан Жапар байкең менен бирге келерсиң» деди Жамила апай. Сабагымды даярдадым, жүр Жапар ага, мектепке баралы. Көчөттөрдү көрөлү.

– Курсагым ачты, тамак ичип анан барамын – деп, Жапар айтмакчы болсо да, Ленанын өтүнүчүн кыя албай, аны ээрчитип, мектепке жөнөдү.

Мектептин короосунун ичи ызы-чуу. Балдар көчөттөрдү кармалап, Сатар менен Кожобектен аны-муну сурап, арабаларды айлана

чуркап жүрүшөт. Жапар менен Лена да келип калышты. Көчөттөрдү арабадан түшүрүү керекпи, же туура эле тиге турган жерге жеткирүү керекпи, – ушул жөнүндө балдар өз ара чуулдашып, кеңешип жатышат.

– Жок, эртеңге калса, көчөттөр солуп калат. Бүгүн эле тигели.

Кечке чейин тигип үлгүрө алар бекенбиз?

– Эртең эле тиксек кантет?

– Минтип талаша берсек, бүгүн бүтпөйбүз, – деди Зина да кызууланып. – Күн батканча бир топ убакыт бар. Болгула, балдар батырак. Алгыла кетмениңерди, жүргүлө.

Балдар кетмен, күрөктөрүн көтөрүп, короодон чуркап чыгышты. Кожобек менен Сатар да арабаларын айдап, алардын артынан жөнөштү. Адамбек көчөт тиге турган жердин планын колуна алып, кандай көчөт кайсы жерге тигиле турганын балдарга көрсөтүп жүрөт. Кожобек менен Сатар да арабадан көчөттөрдү балдарга алып берип жатышты.

Балдар тизилип, көчөттөрдү тигип жатат. Жамила казылган жерлерди карап, тайыз болсо, аны өзү тереңдете казып, көчөт тигишип, балдардын арасында жүрдү. Көчөтүн отургуза албай жаткан эки кызды көрө коюп, аларга барып, жардамдашты. Бир бала да ийри көчөттү кандайча коюуну биле албай жатты эле, ага да барды. Жамила кайда, кайсы балдарга барса да, Жапарга көзүн сала турган. Балдарга болгон шыктануу Жапарда да бар эле. Бирде тиги, бирде бул көчөткө барып, жаны тынбай балдар менен Жапар иштешип жүрөт. Жамила Жапарга басып келип:

– «Жапыке, көп чарчаба» – деп айтайын дейт. Бирок батынып, оозу барып айта албады.

Жанынан кыя басып бир аз токтой калды да:

– Жапыке, бутуңа күч келбесин, – деди Жамила Жапарды карап күлүмсүрөп. – Биз кандай бактылуубуз, Жапыке? Карачы, балдарды...

Бул, Жамиланын Жапарга карата болгон чыныгы сүйүүсү гана болбостон, көнчүлүккө кошулуп, Ата Мекенине жардам берип жаткан советтик кишинин сезими, кубанычтуу жан толкуну боло турган.

– Токто, жаным, токто бир аз! – деди Жапар Жамиланы колдон алып, – биздин өмүрүбүз отургузулуп жаткан жаш бактардай экенин байкайсыңбы? Бул бактар азыр эле сонун. Күн өткөн сайын булар мындан да сонун болору шексиз. Ай өткөндө, жай толгондо гүлдөп көркүнө чыгат; көк жашыл жаш жалбырактарын эртеңки желге жел-

биретип, көргөн жанды суктандырат. Бактарды ошондо көрүп ал, жаным!

* * *

Бир күнү Сатар сабакка келе жатып, бактарына бурулду. Кандайдыр бир чоочун киши тизелеп, бактардын түбүн чукулап олтурат. «Руксатсыз мында жүргөн бул кандай киши?» деп Сатар аңдып, бир аз ага жакындай басып, токтой калды. Ал кишинин кийими аскерче, ийнинде погондору бар, кыймылдаганда көкүрөгүндөгү ордендери, медалдары күнгө жаркырап көрүнө түштү. Сатар мурда «Кандай ээнбаш киши? Бактын түбүн эмнеге чукуйт?» деп өз ичинен аны жек көрсө да, киши таңданып, бактарды карап жатканына кайра өзү да кубанып, «биздин колубуздан да ушундай иштер келет» дегенсип компоюп, эки колун аркасына алып, салабаттуу чоң кишидей ага карай басты.

Аскерче кийинген киши жерден чымчып топурак алды да, алаканына салып жыттады. Сатар жакын келгенде гана ал башын көтөрүп, Сатарды көрүп:

– Кош, жаш жигит, булар кимдики? – деди ал.

– Биздики! – деди Сатар.

Бул киши Сатарга эмнегедир тааныш өңдөндү.

Бирок анын ким экенин Сатар сураганы жок. Убакыт тар. Сабагы да башталып калды.

– Абаке, мен сабакка барам, – деди Сатар шашып.

– Анда жүгүр уулум, жүгүр! Баса, мектеп кайда? Мен дагы барам, – деди ал киши.

Сатар колун сунуп, мектеп жакты корсөттү да, алды кийнин карабай безеленип чуркады.

– Ооба, Ленанын атасы Микола, – деди Сатар жүгүрүп бара жатып.

Мектепке жеткенде Сатар токтоду. Бир нерсесин жоготуп, эстейинчи деген кишиче, чекесин тырмалап, ойлонуп, Миколанын кебете-кешпирин дагы эсине түшүрдү ди, класска кирди.

Класста балдар эчак олтурушкан. Сабак башталган. Жамила Сатарга ачуулана карап койду. Пионер отрядынын башчысы болуп туруп, сабакка мынчалык кечигип келгенине Сатар өзү да уялып айыптуу кишидей башын төмөн салып, акырын басып барып, партасына отурду. Мүмкүнчүлүк боло калганда Миколанын келгенин айтып, кечиккен күнөөсүн ал бир аз жеңилдеткиси келет.

Ошол кезде Миколанын өзү да, мектептин алдына келип, балдардын үнүнө кулак салды да, төшүн керип, терең үшкүрдү. Пилоткасын колуна алып, оң колунун алаканы менен чачын улам-улам сылап коюп, мектепке кирди.

Мына узун коридор. Коридордун тиги учунда, бир эшиктин сыртында «Окутуучулар бөлмөсү» деген жазуу турат. Ага баруу үчүн жарым-жартылай ачылган бир эшикти жандап өтүүгө керек эле. Ал – Сатар кирген класстын эшиги болучу. Сатар аны шашып жаппай кирген. Микола бутунун учу менен коридордо акырын басып бара жатты. Ачылган эшикти акырын жандап өтмөкчү болду эле, класста отурган балдардын жарым-жартылайы, дубалга илинген кара доска, досканын нары жагында бир стол, стулда отурган кандайдыр бир жаш аял көрүнө калды.

Үстүндө көк сатинден көйнөгү, ак капсурптап алжапкычы бар, чачына кызыл лента байлаган бир кыз, аркасын эшик жакка каратып, эсеп чыгарып жатат. Кыз эсебин чыгарып бүттү да, колундагы борун досканын кырына коюп, алаканын кагып, столдо отурган аялга карады.

– Жакшы, Лена, туура! Бар эми отур ордуңа, – деди аял.

Лена буга ыраазы болгонсуп, билинер-билинбес күлүндөп, бери бурулуп баса бергенде, эшик алдында турган киши көзүнө учурады. Лена артына чегинип барып, токтой калды. Өңү кубара түштү. Жамила да ордунан турду. Балдар да обдулуп, моюндарын созуп эшик жакты карашты. Лена бир аздан соң:

– Тату! Тату – деп жүгүрүп барып, атасынын мойнун кучактай калды.

Бул – Ленанын атасы Микола эле.

– Кызым, садагам... Леночкам – деп Микола кызын кучактап, маңдайынан өптү. Мындан башка сөз айта албай калды. Дирилдеген денесин токтотуп, эс-учун бир аз жыйнаган соң, кызын кайра-кайра кучактап:

– Бул түшүмбү, өңүмбү? – деди Микола.

– Түшүң эмес, Микола ага, – деди Жамила арт жагынан.

Микола ал жакка бурулду.

– Сиз ким болосуз? Жамила болуп жүрбөңүз?

– Ооба, Микола ага, мен Жапардын зайыбы Жамиламын.

Микола Жамилага колун сунду. Жамила Микола менен кол кармашып көрүштү да:

– Эми Микола ага, Жапарга баралы. Жүрүңүз. Ал мында, – деди Жамила.

– Мен Жапарды да, сизди да, мектептен жолуктурармын деп келдим эле, бирок кызымдын мында болушу таң каларлык иш. Айрылган үй-бүлөлөр бир нече жылдан кийин минтип баш кошот деген кимдин оюнда бар. Мындай иштер жомоктордо гана болучу эле.

Жамила Миколанын сөзүнө бирдеме деп жооп кайтарды эле, кубанычка баткан Микола аны жакшы уга алган жок. Кызын кучактап кайра-кайра көкүрөгүнө дагы кысты да, Жамилага карады.

– Өзүмдү ушунчалык коркокмун деп ойлоочу эмес элем, суроодон коркуп жатам. Эркек баламдын дайынын биле алар бекенсиз?

– Билем, Микола ага. Балаңыз да бар. Аны да көрөсүз. Бүгүн ал бизге конок болуп келди, – деди Жамила. – Эми жүрүңүз. Жапарга баралы.

* * *

Микола, Жапар, Жамила, Лена болуп мектептен чыгышты. Аларды узата чыккан кишидей арт жагынан бир топ бала келе жатат. Ичинде Сатар да бар. Сатар бутун шилтей басып, колун силкип, Микола менен биринчи ирет бакта таанышканын сөз кылып, балдарга айтып бара жатты.

Үйгө жакындай бергенде, алтындай сары чачтуу, алты-жети жашар бир бала буларды бет алып чуркады. Жакындап келе бергенде чоочун кишинн көрө коюп, токтой калды. Жапар бирдеме деп Миколанын кулагына шыбырады эле, ал да токтоду. Тарас кайраттанып, Жапарды көздөй кайра дагы жүгүрдү. Бирок Тарасты күтүлбөгөн жерден чоочун киши кучагына алды. Тарас кыйкыргысы, бошонгусу, Жапарга качкысы келди. Бирок чоочун киши аны коё бербейт. Анын эки көзүнөн эки тоголок жаш ыргып, Тарастын бетине түштү. «Бул эмне деген киши?» – деп Тарас таңданып, анын бетине карады. Ал эмнегедир ыйлап жатат. Жамила апайы да көзүнөн жашын сүрттү. Эмнеге мындай болгону Тараска түшүнүксүз. Муну Тарас ой жүгүртүп түшүнгүчө:

– Атабыз келди, атабыз! – деди Лена.

Тарас да атасынын мойнун кучактай калды.

* * *

Жутабай башкарманын жыйналышынан түн ортосу ооганда кетти, таң эртең ал районго бармак. Уйкусун кандырууга ага убакыт аз калды эле.

– Таң сүрө мени ойгот, уктап калбайын – деп, ал кемпирине жатарда кайра-кайра айткан. Бирок Жутабай түнү бою аяк үстүндө болуп, абдан чарчаса да, кемпиринен мурда ойгонду. Башын көтөрүп, терезени караса, таң сөгүлүп атып келетат. Ай-аалам мемиреп тынчтыктын кучагында. «Эртерээк го, азырак дагы тук этейинчи» деди да, Жутабай экинчи жагына оодарылып жатты. Бирок уйкусу келбейт. «Кемпирди ойготууга ат токунууга али эрте. Уйкум да келбейт, эмне кылсам, турсамбы?» – деп Жутабай кыялдана обдулуп башын котөрүп, жаздыгына чыканактады.

Жутабай эмне жөнүндө кыялданат? Ал бүгүн районго баруу, райкомго кирүү, райкомдун секретары Курманов менен сүйлөшүү жөнүндө кыялданат.

Мына секретардын кабинети. Секретарь ордунан тура калып, кол кармашып, Жутабай менен көрүшөт. Жанына олтургузат. Колхоз жумушу жөнүндө Жутабай да болгон жаңылыктарды, сырттагы курулушту айтат. Секретарь ынтаасын коюп уккандан соң, Жутабайга көп-көп кеңештер берет; газета, китептер да берет. Колун кармап, ишинин ийгилигин тилеп, башын ийкейт.

Курмановду Жутабай жакшы билүүчү. Ал колхоздо бир нече курдай болгон. Колхоздун чоңу да, кичинеси да ага тааныш. Алар жөнүндө Курманов сурап калса, Жутабай эмне деп жооп берет? Бул жөнүндө да Жутабайдын азыртан ойлонушу зарыл. – Ооба, Жутабай, өзү да секретарга суроо берет. Ал кандай суроо? Албетте, согуш жөнүндө. Радио менен берилген, газеталарга жазылган кабарларга, жоокерлердин каттарына караганда, согуш аяктоого жакын калган. Аны Жутабай жакшы билет. Ошондой да болсо, секретардан ал согуш жайын сурамакчы. Кубанычтуу жеңиш күнүнө ушул баштан даярданбаса болобу. Ал жөнүндө секретарь эмне дээр экен?

Жутабайдын секретардан сурай турган дагы бир иши бар. Ал да болсо, колхозду электрлештирүү. Ооба, секретарга ошону айтуу керек. «Өрнөк» колхозу уюшулган кезде, колхоздо телефон да, радио да жок эле. Эми колхоздо ал экөө тең бар. Демек, колхоз бир топ алга

кетти. Бир гана жери – электр жок. Колхозчулардын эки сөзүнүн биринде айтканы электр. Аны Курманов эмне дээр экен?

Курманов райкомдо болсо жакшы. Кокустан колхоздорго чыгып кетсе, анда Жутабай эмне кылмак? Колхозду электрлештирүү жөнүндө секретарга айта албай кайра келеби? Жок, андай болбос. Кантсе да Курмановду таап, сүйлөшүү керек.

Жутабайдын оюна дагы бир нерсе кылт этип түшө калды. Барарың менен районого бергин деп кече Жапар ага кат берген. Баса, ал кат кайда?

Жутабай бул ойго көчкөндө төшөгүнөн ыргып турду. Анткеыи, кат кече күнү колхоздун конторунда унутулуп кала берген. Азыр аны эсине түшүргөнү жакшы болду орто жолдо эстесе кантет эле? Аны барып алуу керек.

Жутабай шашып кийине баштады. Үй ичине терезедеи таңдын жарыгы түшүп турат. Көк жүзүндө түнкү сансыз жылдыздардын бири да жок. Таң бара-бара агарып, күн уясынан баш бакты. Короодо жүргөн короздордун бирөө эмгек жарчысы болуп, мойнун созуп, үнүн каргылдантып, эки-үч курдай чакырды эле, башка көчөлөрдүн короздору да аны коштоп, чакыра башташты.

Жутабай кийинип, белин бекем курчанып, камчысын колуна алып, эшикти кездөй бара жатканда, мындан бир аз мурда ойгонгон кемпири көрө коюп:

– Токто, кайда барасың? Тамак ичсең боло.

– Макул, анан келем. Конторго, барып келе турган жумушум болуп калды, тамагыңды даярдай бер, – деди Жутабай.

Талаа кандай сонун! Жер бетине жаш чөптөр килемдей төшөлгөн, көчөдө бир да киши жок. Таң эртеңки май айынын коңур салкын жели согуп, көчөлөрдө турган тал, теректердин жалбырактарын жүгүнтүп, желбиретип турат.

– «Бүгүн күн кандай сонун!» – деп Жутабай да жаратылыштын сулуулугуна суктанып, булутсуз, кирсиз чаңкайган көк жүзүнө, Ала-Тоонун кардуу аппак чокуларына, анын көйкөлгөн көк шибердүү бөксөлөрүнө көз жиберди.

Жапардын квартирасына жакын келе бергенде, кадамын бир аз басаңдатып, «терезесин кагайынчы ойгонсун, кечеги берген каттан башка райондо дагы кандай жумушу бар экен» – деди көңүлүнөн Жутабай: «Жок-жок!»– деп кайра. «Уктасын, балким, ал кече менден да кеч жаткан чыгар».

Колхозчулар төшөктөрүнөн турушту. Кай бир короого самоорлор коюлуп, түтүндөрү буралып асманга чыгат. Көчөлөр жанданды. Эртелеп ары-бери бастырган кишилерге арсылдап иттер үрөт. Үстүндө боз таар чапаны, колунда шапалак камчысы бар кара тоголок бир бала жайдак атка мине салып, төмөн карай чугойду. Эшик алдында эртеңки күн нуруна жүзүн каратып, тамга жөлөнө олтурган аксакал абышка балага бирдеме деп кыйкырды эле, бала абышканын сөзүн укканы жок, чапкан бойдон кете берди.

Абышка, баласы көчө имерилип, көздөн кайым болгон кезде, бери бурулуп, Жутабайды көрө койду.

– Э, Жутабай, сен эртелеп кайда баратасың? – деди абышка.

– Конторго. Бир аз жумушум бар эле, – деди Жутабай да.

* * *

Жутабай контордон кечеги унутуп кеткен катты алып, чөнтөгүнө салды. Орундук, стол, шкафтарды караса, бардыгы жайында. Кайра тартып тышка чыга бергенде радио эсине түштү.

– Баса, Маскөөнү угайынчы, эмне кабарлар бар экен? – деди ал кайра басып, экинчи бөлмөгө кирип, приёмникти кармалай баштаганда, кычырап эшик ачылды.

– О-о, Жутаке, эмне кылып жатасыз ээн үйдө? – деген бирөөнүн үнү угулду. Жутабай бурулуп караса, Жапар.

– Ботом, сен кайдан? Уктасын деп аяп, ойготконум жок эле. Көрсө, сен эчак эле турган турбайсыңбы? – деди Жутабай күлүп. – Жакшы болду келгениң. Радио угалычы. Эмне кызыктар бар экен. Андан кийин биздикине баралык. Чай ичели.

– Макул, Жутаке! – деди Жапар. – Соңку кездерде такыр уйкум келбей койду. Жүрөгүм дегдеп, кандайдыр бир кубанычты күткөндөй болом. Бул жакка өткөнүңдү көрүп, артыңдан келдим.

– О, кагылайын! – деди Жутабай да башын ийкеп. – Эмесе, кубанычтуу күндү күткөнүң ошол. Ал күн качан болор экен? Күткөндөр көп.

Бул тилек Жапар менен Жутабайдын гана тилеги болбостон, бүткүл колхозчулардын, совет элинин тилеги эле.

Жапар Жутабайга жардамдашып радиону коюшту. Радио дырдыр этип, шуулдап туруп, бирден: – «...Улуу Ата Мекен согушу биздин толук жеңишибиз менен аяктады, Европада согуш бүттү...» деген сөздөр угулду.

Тянь-Шандын коңур жели бул сөздөрдү алда кайда учуруп, ойдогу колхозчуларга, тоодогу малчыларга жеткирди.

Жутабай үнсүз-сөзсүз мурутунан күлүңдөдү. Жапар балдагына таянып, какайып аскерчесинен турду да калды. Приказ окулуп бүткөндөн соң, анын артынан Советтер Союзунун күчтүү, салтанаттуу Гимни ойнолду.

Жутабай көзүнө жаш алып, бурулуп, Жапарды кучактап, бетинен өөп:

– Кагылайын, Жапар, тилегенибиз ушул эле. Тилегибизге жеттик, – деди.

– Ооба, аксакал. Бул – улуу жеңиш.

Жутабай дароо тышка чыкты да, кайта бурулуп, терезеге карап:

– Радиону катуулатып кой, кагылайын. Келгендерге жакшыраак угулсун– деди Жапарга.

Жутабайга деп бир ат токуп алып келип, ат багуучу абышка аны баятан бери эшиктин алдында кармап турган.

– Эмне турасың? Тур батыраак атыңа мин. Элге кабар айт. Жеңиш болду. Согуш бүттү. Мен районго бүгүн барбайм, – деди Жутабай.

Үйүн көздөй ал ылдамдап басты.

Бир аздан соң Жапар да тышка чыкты.

– «Фашисттер жеңилиптир», «Уруш басылыптыр», «Берлинди биздин аскерлер алыптыр» – деген кабарлар бат эле кыштак арасына тарады. Бул жаңылыкты, бул кубанычты өз кулактары менен укмакчы болушуп, колхозчулар, кары-жашы дебей колхоз конторуна жүгүрүп келе жатышат. Контордун арт жагы аянтча. Аянтчанын айланасы калың бак. Бактын бир четине орнотулган узун карагайдын башында калдайып илинип радиопродуктор турат.

Тигинден да, мындан да топ-топ болуп колхозчулар аянтчага келе башташты. Тиги топко бир барып, бул топко бир келип, көчө бойлоп чуркап жүргөн балдар. Уктабай алар кайдан чыга келишти?

«Улуу жеңиш!» деген сөздөр чоң-кичине дебей барынын да оозунда.

Аянтчага колхозчулар жыйналышты. Трибунада сүйлөймүн деп эч ким бүгүн ойлогон да, даярданган да эмес болучу. Бирок Совет өкмөтүнө, улуу партиябызга айтылган миңдеген алкыштар, жалындуу сөздөр трибунада айтылып жатты.

– Кудая мунуңа канимет. Ушуну көрө турган күнүм болгон экен, эми өлсөм арманым жок, – деди «Өрнөктөгү» карыялардын эң аксакалы Карабек карыя.

– Кой, чоң ата! Антпеңиз! Бүгүнкү күндө өлүмдү ойлогонуңуз болобу? Кайта жашарып, жашаңыз, – деди кимдир бирөө келиндерден.

Жогорку Башкы Командачынын приказын диктор кайра дагы радиодон окуду. Эмгек, тынчтык таалайдын ачкычы, түгөнбөс булагы болгон бул приказды эл кайта-кайта уккусу келет.

Албетте, мындай кубанычтуу күндө колхозчулар той жасабай кантип турушат? Келин-кыздар үйлөрүнө чуркап, кийиз-килем алып келишип, көк шиберге жайылта салышты. Эт, май, ун да алып келишти. Былтыркы сыйлыкка алган койлорунан Зуура тойго деп эки коюн берди. «Мындай кубанычта мен кантип кур калам» – деп Чүкөбай да бир коюн өңөрө чаап келди. Тарсылдатып отун жарып, самоор коюп жаткан комсомолецтер. Май сызгырып, камыр жууруп, боорсок бышырып жаткан келиндердин шыңкылдаган кубанычтуу үндөрү угулат. Сатар болуп, бир топ бала, үйдөн-үйгө кыдырып, шыңгыратып, идиш-аяк ташып жүрүшөт. Жамила, кыздарда үйлөрүнө өстүргөн гүлдөрүн көтөрүп келип эл алдына жайылган дасторкондордун үстүнө кыдырата коюп жатышат. Абышка-кемпирлер гүлдөрдү карап таңданып, баш ийкешти.

Анткор кемпир гүлдөрдү көрүү менен гана канааттанбай көзүн кысып, мурдун тартып, алмак-салмак ар кайсынысын жыттады. Анткор ага да алымсынбай, колу менен да кармалап көрмөкчү болуп, колун суна бергенде:

– Энеке, кармоого болбойт, – деди Лена

– Апей! Эмне дейт? – деп, Анткор чочуп сунган колун кайра тартып алганда, жанында отурган кемпирлер күлүп калышты.

Үч-төрт жигит сельподон бир бочка пиво тоголотуп келип, бак түбүнө тикесинен коюшту. Сельпочу жигит белине ак белдемчи байланып, башына калпагын кыйшайта кийип, калпагына карандашын чыгара илди да, бочканын оозун ачты. Чайнек, чака, чыныларга пиво куя баштады.

Килем, кийиз үстүндө жаркылдап жайнап, кубанып күлүп, чай ичип олтурушкан карыяларга жигиттер чынылап пиво сунуп жатышат.

– Ичкиле, ичкиле бүгүн! Бүгүнкү күндө ичкендин өөнү жок, ичпегениңерге штраф салам, – деп Чүкөбай серпилип күлүп, бирде тиги топко, бирде бул топко барып жүрөт.

Осмонбек ырчы колун чыканагына чейин түрүнүп, мандаш урунуп, элдин ортосунда отурат.

– «Бул тойдо, бул кубанычта ырдабаган ырды качан ырдайм? Бар өнөрүмдү салайын» – деп элди күлдүрүп, булбулдай сайрап, Улуу Жеңишти, ал жеңишти алып берген Советтик Армияны кошуп, безелентип ырдап жиберди.

Колхозчулар чай ичип, тамактанып бүткөндөн соң улуу тойду оюн-күлкү тамаша менен өткөрүү жөнүндө Зуура сөз козгоду да:

– Аксакал, тойду сиз башкарыңыз. Аксакалдарга жаштар эми тамаша салып беришсин,– деди Зуура Чүкөбайга.

Мындай салтанаттуу, кубанычтуу күндө күчүн кайда коёрго жер таппай араң турган Чүкөбайга бул иш өтө жага бербей калды.

– Макул-макул! – деди Чүкөбай. – Азыр оюн баштайбыз.

Колхозчулар «Биринчи бригада», «Экинчи бригада» болуп, бөлүнө олтурушту. Биринчи бригада белине кур байлап, узун бойлуу, колу шадылуу бир жигитти, экинчи бригада – кызыл жүздүү, чолок мурун, жапалдаш бойлуу бир жигитти балбанга чыгарышты. Экөө беттеше келгенде кадимки чоң балбандарча тирешип, бирине-бири колун карматпай жулуп алып, бир аз турушту да, чапа-чуп белден алып, күрөшө кетишти. Узун бойлуу жигит, оң колун жапалдаш жигиттин ийнине чыгарып курдан алып, аны торой чалды.

– Ал! Ал!

– Ыргыт! Ыргыт! – дешип, биринчи бригаданын кишилери обдула кыйкырышты.

Бирок жапалдаш жигит алдыра койгон жок. Эки бутун эки жакка сунуп жиберип, беркини белден бекем сыга кармады. Берки жигит буту карышкан соң чалган бутун коё берди. Ошондо жапалдаш жигит дароо жата калып ыргытты эле, тиги жигит жерге шалак этип жыгылды. Ал сүйрөлүп ордунан турганча, жапалдаш жигит аны тургузбай басып калды.

– Балбан көтөр!

– Балбан көтөр! – дешип, экинчи бригаданын кишилери жапалдаш жигитти жерге тийгизбей көтөрүп алып кетишти.

– «Ооз кесири жок, муну мен көтөрүп урам», – деп, күчүнө сы-

йынган узун бойлуу жигит жапалдаш жигиттен жыгылып: «бул кандай болуп кетти?» – деп, жыгылганына ишенбей элеңдеп, боз ала чаң болуп, ордунан турду.

Микола, Жапар жана Нурбайларды эл ортосуна кадырлап олтургузуп, жылуу-жумшак сөздөрүн айтып, колдорун кармап, ар кимисин куттукташты. Осмонбек да комузун күүгө келтирип Ата Мекенибиздин эркиндик, теңдигин, ар-намысын сактаган Советтик Армиянын урматына деп согушта жүргөн, жанында олтурган жоокерлердин атын атап, ырдап жиберди.

Колхозчулардын эң ардактуу, эң кадырлуу коногу Микола эле. Анын келгенине аз эле күн болсо да «өрнөктүктөр» аны өз кишисиндей көрүшөт. Микола да аларга үйүр болуп калды. Жапарды кандай жакын, кандай дос көрсө, колхозчулар да Миколаны ошондой көрүшөт. Микола жоокер. Жоокерди эл сыйлайт эмеспи. Лена менен Тарастычы? Миколадан мурда эле аларды колхозчулар өз балдарындай көрүшө турган. Энеси душман колдуу болуп өлгөн эки жетимди ким жаман көрсүн? Колхозчулардын кимиси болсо да аларды эркелетип, жакшы көрүшчү. Анткор да, Тарасты үйүнө чакырып, бар тамагын берип маңдайынан сылап, эркелеткиси келер эле.

Жамила уялып, башын төмөн салды.

– Жетимим, садагам, – дей турган Анткор Тарасты көргөн кезде.

«Өрнөктүктөр» Тарас менен Лenaны биздики дешсе, «кеңештиктер» биздики деп, эки ортодо талаш чыккан күндөр да болгон.

Мына эми колхозчулар Миколаны куттуктап жаткан кезде, Карабек карыя колун көтөрүп, сөз сурады. Баш ийкешип, божурашып сүйлөшүп жаткан колхозчулардын үндөрү лып басыла түштү.

– Микола, балам, – деди Карабек карыя Миколаны карап.

– Биз сени өз балдарыбыздай көрүп калдык. Эми сен биздин колхоздо эле тура бер.

Микола көтөргөн жүгүнөн бошонгон кишидей, төшүн керип, кенен-кесири демин алды да:

– Кымбаттуу жолдоштор, – деди Микола. – Жүрөгүмдө жаттаган жалындуу сөздү, терең сырды бүгүн силерге айтайын. Таң кала көрбөңүздөр. Эртеби-кечпи, – баары бир, аны сиздерге айтуум керек эле. Мен мында – Кыргызстанга фронттош жолдошум Жапарга – конокко келгемин. Жапардан башка мында менин таанышым жок эле. Досумдун үйүндө бир аз күн конок болуп эс алып, анан башка

жакка кетермин деп ойлонгом. Мына мен келдим. Фронттош досум кучагын жайып мени жакшы каршы алды. Көрсө, менин балдарым да анда экен. Жапардын ата-энеси а дегенде эле мени «балам» деп мээримдүү сөздөрүн айтып, жүрөгүмдү жылытты. Ооба, ошентти. Ал эми силерге келейин. Силер да мени өз кучагыңарга, койнуңарга алдыңар. «Ага эмне керек болду экен? Керегин берели» – деп, Чүкөбай Жапардан сураса, Зуура Жамиладан сураганын мен далай сездим.

Жутабай карыя да менин оюмду билгендей карыялык сөздөрүн айтып, мага дайым кайрат берет. Эми мында жалгыз эмесмин. Убактылуу келген конок болуудан калдым. Жоголгон балдарымды да минтип мен силерден таап олтурам. «Кайда барсам да, мага эми баары бир» деген мурунку ой эми менде жок. Келечекте кайда болуу, кайда туруу жөнүндө сурасаңар, айтайын. Силердин колхоздо эле тургум келет. Силер менен бүлөлөш дос, тууган болоюн деген оюм бар. Буга сиздер эмне дээр экенсиздер?

– Ыракмат, кагылайын, ыракмат! – деп, Чүкөбай ордунан тура калып, Миколанын колун кыса-кыса кармады. – Биз сенин бүлөң, досуң экенибизде шек жок. Бирок ошондой болсо да, үй-бүлөңдүн болгону жакшы. Мында бир сулуу кыз бар, – деп Чүкөбай жок издегенсип, айланада отурган кыздарды кыдырата карап алды да:

– Эми эр эңиш башталат, – деп ордунан туруп, колун булгап, жар салды.

Эр эңишке дагы башка эки бригаданын жигиттери чыкты. Аларды да биз мында, «Биринчи, Экинчи бригада» деп атайлык. Биринчи бригада – бир жигитти бешмантчан кылып, топу кийгизип, белин бекем курчап, бир атка мингизип, ортого алып чыкты.

Экинчи бригаданыкы – башына кызыл жоолук байланган бир жигит эле. Күйүгүп кетпейин деп атынын жалын тарап, оозуна кыл салып, ууртун бүлкүлдөтүп, аны анда-санда чайнап коюп, атын жулунтуп, ал да эл ортосуна чыга калды.

– Кенен жерге, кенен жерге!

Кенен жерге чыгышты. Атчандарды ортого алып, кимиси жеңип чыгар экен деп, эл жарданып карап турушат. Топучан жигит оң жактан, жоолукчан жигит сол жактан качырып кирди. Жанаша түшкөндө үзөңгүлөр кагышып, тизгиндери бурулуп, аттары имерилип калды. Бирин-бири чокулайын деп тиктешкен короздордой, эки жигит үзөңгүлөрүн чирене тээп, бирөөнө бирөө колун сунуп, карматпай кайра тартып алып,

аңдышып бир аз турушту. Бирок жоолукчан жигит топучандан шамдагайлык кылды окшойт, топучанды билектен алды да, үзөңгүсүн чирене теминип, өзүн көздөй тартты. Топучан оң колун билектен алдырып коюп, эмне кыларын биле албай, жан талашып, сол колу менен атынын мойнун кучактоодон башкага күчү келе алган жок. Берки жигит мунун колун эки колдоп туруп, өз ээринин кашына мыктап басты да:

– «Чу-чу!» – деп эки-үч курдай атын теминди. Май айынын көк шиберине тойгон керкашка да соко сүйрөгөнсүп, топучанды ат-маты менен сүйрөп алып жөнөдү. Топучан жигит колун чыгарамын деп чыгара албай барып, ээринен көчүгү козголуп, үзөңгүсүнөн буту бошоп, атынын башынан алыс кетип барып жыгылды.

Жигитти чыгарган бригаданын колхозчулары жүгүрүп жетип жоолукчанды ардактап, атынан түшүрүп, карыялардын алдына алып барышты.

– Баракелде! Баракелде!

– Жарайсың, азамат, жарайсың! – дешти карыялар да.

Осмонбек ырчы колуна комузун алып, жаңы оюн башталганча эмгеги менен элге жаккан тылдын баатырларын кошуп, аттарын атап, ырдап жиберди. Аталгандардын ичинде Жутабай менен Зуура да, Чүкөбай менен Айсулу да, Жапар менен Жамила да бар эле.

Осмонбекти колхозчулар тегеректеп алышты. Баарынын да жүзү жарык. Бирок көкүрөгү күйүткө толуп, эл ичинде олтурган жалгыз гана Зейнеп. Берлинге кире бериш жерде күйөөсүнүн өлгөнүн ал мындан бир нече күн мурда уккан. «Күйөөм аман болсо, мен да ушинтин эл сыяктуу кубанбайт белем» деп ал, көз жашын кылгыртып, уятынан араңдан зорго олтурат.

Осмонбек согушта жүргөн «өрнөктүк» жоокерлерди ырдап келип, Зейнептин күйөөсүн да айтканда, Зейнеп чыдап тура албай, шолоктоп ыйлап жиберди.

– Зейнепти четке алып кетсеңерчи. Өзүнүн да, башканын да муунун бошотпосун, – деди Чүкөбай келиндерге карап.

– О, Чүкөбай, Чүкөбай! – деди Жутабай башын чайкап. – Элден четтегенде оор кайгы жеңилденет дейсиңби? Кайта күчөйт да. Андан көрө мында эле олтура берсин. Зейнептин көз жашын көрүп, эркиндик үчүн курман болгон эрлерди эл эскерсин.

Жутабай бул сөздү айтып ордунан турду. Зейнепке барып, аны колдон алып жетелеп, жоокерлердин жанына олтургузду.

– Карындаш, – деди Микола Зейнепке. – Элдин кубанычын көрүп олтурабыз. Бул кубанычты алып бергендердин бири сиздин баатыр күйөөңүз.

– Кайрат кыл, карындаш, кайрат кыл.

Микола обдулуп, Зейнепке дагы бирдеме айтмакчы болду эле:

– Эми тыйын эңиш башталат, – деп Чүкөбай элдин ортосуна чыга келди.

Аял-эркек, бала-чака дебей тең жарыла тура калышты. Чүкөбай ар кайсы жерге аркы-терки тыйын таштап:

– Кана, эми баштагыла, – деп шымаланып, ат үстүндө турган жигиттерге карап кыйкырды.

Жигиттер биринин артынан бири түшүп, чугоюп келип, эңкейип, жерде жаткан күмүш тыйындарды кайсы бирөө эңип, кайсы бирөө эңе албай өкүттө кетип жатышты.

Тыйын эңишке чыккандардын ичинде баягы балбанга түшкөн жапалдаш жигит да бар эле. Ал чугоюп келе жатып ээринен эңкейди эле, кыска... колу жерге жетпеди. Дагы ылдый эңкее берем дегенде, сол буту үзөнгүдөн тайып кетип, келиндердин арасына барып күп этип жыгылды.

– А, кокуй, бул балам жөөдө мыкты, атка бош турбайбы, – деди Күмүш. Эл дуу күлүп калышты.

Жапалдаш жигит сол бутун кармалап, сылтый басып, ордунан турду.

Чүкөбай ары-бери жүгүрүп, эңилген тыйындардын ордуна кайта жаңы тыйын салды.

Жапар Нурбайга карады:

– Кана, Нуке, жаштарга кошулуп, сен да өнөрүңдү көрсөт.

Нурбай жаралуу жерлерин, анын үстүнө жашы өтүңкүрөп калганын шылтоолоп, тыйын эңишке чыккысы келбегенин айтты эле, Жапар:

– И... билдим-билдим, – деди күлүп тамашалап. – эңе албайм деп коркуп жаткан турбайсыңбы?

Нурбай Жапарга жооп бербестен, атына секирип минди; эки-үч курдай атын камчыланып алды да, өрдөккө тийген туйгундай качырып сала берди. Чугоюп келе атып, атынын бирде оң жагына ооп, оң жагындагы тыйынды, бирде сол жагына ооп, сол жагындагы тыйынды эңгенде, жарданып карап турган калың эл:

– Бали! Азамат, бали! – деп колдорун чаап, кыйкырып жибериште.

Эңиш улана берди...

Тыйын эңип жаткан жигиттерди карап, жанында турган Миколага көзүнүн кыйыгын түшүрдү да:

– Жамилаш, кандай дейсиң? Айша жөнүндө Миколага айтсак кантет, – деди Жапар Жамиланы карап.

– Айтсаң айт, – деди Жамила. – Бирок Айша укса таарынат го? Жок-жок! – деди кайта ал. – Бүгүнкү мындай кубанычтуу күндө ал кайдан таарынсын, таарынбас.

Айша жөнүндө мындай болгон: жакында гана ал энесинин сыркоолуу кабарын угуп, отпуска алып, үйүнө келген; үйүнөн мында Жамилага келип, конок болуп, бир нече күн туруп, кайра кеткен. Ошондо Микола Айша менен таанышкан. Айшада болгон кайгы Миколада да, Миколада болгон кайгы Айшада да болгонбу, – айтор экөөнүн ортосунда кандайдыр бир жылуу сезим пайда боло баштаган.

Ошондо Микола Айша менен алда нече кезигишти, сүйлөштү. Айшанын көзү көбүнчө Миколада болгонун Жамила да байкаган.

Бир күнү Микола Айша менен сүйлөшүп көчөдө кетип бара жатканын терезеден Жапар да көргөн. Микола колун силкип, бирдеме деп Айшага айткандай, Айша, төмөн карап жылмайып, уялгандай болгон. Бирок экөөндө тең кандайдыр бир көз көргүсүз кубаныч бар сыяктуу эле. «Кандай булар? Бирин-бири жакшы көрүп калышкан го?» – деп Жапар да ойлонгон. Ал оюн Жапар кечте отурганда Жамилага айткан болучу. Бирок мындай жаңылык Жамиланы таң калтырган эмес. Кайта азыраак билинер-билинбес жылмайып:

– Балалыгың, Жапыке! Эмгиче сен аны байкай элек турбайсыңбы? Экөөнүн көзү бирине-бири түшкөнүн мен эчак эле сезгем, – деген Жамила.

Жамиладан мындай сөздү укканда, Жапар да кубанып:

– Ырас болгон тура. Эмесе, сөз баштап, аларды мен куттуктайын, – деген Жапар.

– Кой, андай сөзүңдү, – деп Жамила ага каршы болуп.

– Канаттуу кушту күн мурунтан түнөгүнөн чочутуп учурганыбыз болобу? Азырынча чочубасын. Убакыт мезгил жеткенде өздөрү да сөз козгор. Ошондо биз өз сөзүбүздү айтарбыз.

Жапар Жамиланын кеңеши менен ал жөнүндө Айша менен Миколага ооз ачпады. «Кийин өздөрүнөн сөз чыгар» деди Жапар өз ичинен. Бирок Айша да, Микола да өз ойлорун бир-бирине билдиргени, Жамила менен Жапарга да айтышканы жок.

Айшада Талыптын өлүмүнүн кайгысы бар. Андан ал али күнчө бошоно элек. Микола болсо, Айшанын оюн жакшы биле албагандыктан ага бирдеме деп айтуудан коркту.

Айшанын кете турган убакты жетти. Бирок анын Микола менен мамилеси мурункудай эле. Араларында эч кандай өзгөрүш жок. Миколанын эмнегедир тынчы кетти. Айшанын кабаты салыңкы, бүркөө. Мындай учурда Жапардын кийлигиши керек да.

Бул, албетте, фронттош жолдошу Талыптын өлүмүн же анын өлүм алдында айткан акыркы сөздөрүн, Жапар эсинен чыгаргандыктан эмес, Айшаны өз карындашындай жакшы көрүп, келечекте анын турмушунун жемиштүү болушун көздөгөндүктөн болгон иш эле.

Микола Айшаны сүйгөнүн Жапар жакшы билет. Бирок аны Айша сүйөбү, сүйбөйбү – белгисиз. Ошондуктан Жапар Микола жөнүндө Айшанын оюн билгиси келди.

– Айшаке, Миколаны кандай көрөсүң? Оюңду айтсаң, – деди Жапар Айшаны жалгыз кездештирип.

Айша унчуккан жок.

– Эмнеге унчукпайсың, Айшаке? Айтсаң.

– Унчукканда эмне деймн, Жапар ага? Эгерде Микола мага көп кишинин бириндей болсо, мен анда суроонузга бирдеме деп жооп берсем болор эле, – деди Айша уялгансып. – Бирок, бул жөнүндө Миколага бирдеме деп айта көрбөңүз.

– Айтпаганда, ал кайдан билет? – Фрунзеге барганда өзүм ага кат жазам.

Ошентип, Миколага айтпа деп Айша Жапардан көптөн көп сураган. Айтпаска Жапар да убадасын берген. Андан соң Айша Фрунзеге кеткен болучу.

Мына эми кубанычтуу күн болуп отурат. Мындай күндө кубанычка кубаныч кошулбаса болобу. Жапар Миколага келди да, аны четке алып чыгып күлүмсүрөп, аны тике карады:

– Досум, Микола бирдеме айтайын, угасыңбы?

– Угам, кана, айтчы! – деди Микола да күлүмсүрөп.

– Айтсам, Айша сени сүйөт экен.

– Койчу! Ырас айтасыңбы? – деди Микола. Өңү албыра, кызара түштү.

– Ооба, сени сүйөт. Кетеринде ал мага айткан. Сага да кат жазмакчы болгон. Жакында андан кат аласың.

Сөз айтууга Миколанын кудурети келе албады. Кучагын жайып, Жапарды кучактап тегеретти да, кайдадыр бир жакты көздөй жүгүрдү, Жапар артынан бармакчы болду эле:

– Жөн кой, – деди Жамила Жапарга, – Жөн кой, өзүнчө ойлонуп, өзүнчө кубансын.

Оюн аяктады. Кеч жакындады. Шоссе жол менен зымырылтып бир көк машина келе жатат. Ал «Өрнөк» колхозунун тушуна келе берген кезде, бери карай бурулду.

– Райкомдун машинасы экен, – деген эл ичинен үндөр чыкты.

Ооба, ал райкомдун машинасы эле. Машинада келе, жаткан райкомдун секретары – Курманов.

Курманов улуу жеңиштин кубанычына маашыр болуп, районду кыдырып, колхозчуларды куттуктап, тойлорду көрүп жүргөн кези эле.

Машина келип токтоду. Курманов машинадан түшүп, улуу жеңиш менен колхозчуларды куттуктады.

– Ардактуу агайындар, – деди Курманов. – Биздин тилегибиз ушул тынчтык эле. Мына эми тилегибизге жеттик. Тынчтык болду. Совет эли тынчтык үчүн күрөштү.

Анткени, тынчтык элдин жыргал, таалайы үчүн да, коммунизмге карай баруу үчүн да керек. Гитлердин сүйгөнү – согуш. Социализмдин имаратын согуш менен ал бузгусу, элибизди кул кылгысы келди. Бирок Гитлер жаңылышты. Эмгекти, тынчтыкты сүйгөн элибиз жоону жеңип, минтип жеңиш туусу желбиреп отурат. Жашасын улуу совет эли! Жашасын советтик Армия!

Курманов сөзүн бүтүргөндө колхозчулар колун чаап, ураалап тебетейин көккө ыргытып, туш-туш жактан кыйкырышты.

– Партиябызга, Совет өкмөтүнө ыракмат! – дешти кары-жаш дебей жыйналган эл.

– Сиздерге да ыракмат, аксакалдар, – деди да Курманов, колхозчулар менен улуулата кол кармашып учураша кетти.

Курмановду бак ичине, килемге отургузуп, дасторкон жайып, тамак-аш коюп, коноктоп урматташты.

Иликбай карыя Курмановго жакындай отуруп:

– Балам, айтчы, уулум Балтабайдан бир топ күндөн бери кат-кабар болбой кетти. Азыр анын кайда экенин билер бекенсиз? – деди.

– Чунак киши мындай суроону берип эмне кылат? – дегенсип, колхозчулар бирин-бири карашып, жылмайышты. Чүкөбай өз оюн ичине батыра албай:

– Жарыктык киши экенсиз. Согушта жүргөн уулуңду мында отурган Курманов кайдан билет? – деди этек жеңин кагынып.

– Жок, билем, – деди Курманов. – Уулуңуз азыр Рейхстагда, Гитлер олтурган столдо сизге арнап кат жазып отурат. Ага ишенип коюңуз.

Отурган эл дуу күлүп калышты.

– Кагылайын, кагылайын, – деп Иликбай карыя кубанычынан Курмановдун колун кармап койду.

Курманов кеткенден соң да, оюн-тамаша улана берди.

Түн кирди... Көк жүзүндө сансыз жылдыздар бири-бирине ым кагышат. Асманда сулуу ай да көмкөрүлүп, күлүңдөп, улуу жеңиш менен колхозчуларды куттуктагандай, аларга салам бергендей болот.

– Отунга от койгула, – деген кимдир бирөөнүн үнү чыкты. Май айынын күнүнө какшыган кургак отундар ширеңке жандырганда эле алоолоп асманга чыкты. Оттун кызыл тили жалмаңдап, айлананы жарык кылды. Үч-төрт бала бирде тиги костёрго, бирде бул костёрго чуркашып, отко отун ыргытып жүрүшөт.

– Качкыла, чунак балдар. Отко күйөсүңөр! – деп, күзөтчү карыя балдарды коргоп, оттон алыстатып жатты.

Жүрөктү кытыгылап, делебени козгоп, радиодон кандайдыр бир сонун музыка ойнолду. Музыканын үнү угулганда Микола, Жамила, Кожобек, Айсулулар болуп бир топ жаштар колтукташып бийлей кетишти. Бирде буттарын ылдамдатып, жерди таптап, тез-тез басып, чарк көпөлөк айланса, бирде ары-бери каалгып, Ысык-Көлдүн толкунундай толкушту.

Булардын сол жагында бир топ кыз-келин алты бакан асып;

«Кыл аркандын селкинчек,
Кыздар ойноор эркиндеп,
Айлуу түндүн салкын жел,
Айдай тепсек, желпинсек»

деп, селкинчек тээп жатышат.

Пионер балдардын да өз кызыктары өздөрүндө. Бирин-бири куушуп, күлүшүп, ырдап-ойноп жатышат.

Алардын жанга жагымдуу назик үндөрү, селкинчек тээп ырдап жатышкан келин-кыздардын, радиодон берилип жаткан музыканын үндөрүнө кошулуп, алыска, алда кайда угулуп жатты.

Күмүш, Айнагүлдөр да үйлөрүнө кетпей, салют угабыз деп бир четте отурушкан. Жаштардын бийине, балдардын ойнуна, келин-кыздардын шыңкылдап күлүп желпине тепкен селкинчегине көздөрүн түшүрүшүп:

– «Биздин турмуш кандай сонун!»

– «Кандай ырыстуу балдар!» – дешип, алар, толкунданып, бир-бирине баш ийкешти.

Бир кезде радио басылды. Жаштардын ойну да, бийи да токтолду. Айланадагы караңгылыкты алда кайда кубалап, бирде көбөйүп, бирде азайып, көбөйгөндө жаштарды айкын-ачык көрсөтүп, азайганда аларды караңгылык кучагына батырып, костёр күйүп жатты.

Кремлдин Спасский мунарасына коңгуроо кагылды. Ал коңгуроо совет элине ошончолук тааныш, ошончолук жакын, ошончолук кымбат. Коңгуроо артынан Башкы командачынын приказы окулду. Приказдын артынан жер-сууну дүңгүрөткөн замбиректер атылды.

– Салют!

– Салют!

Туш-туш жактан кыйкырган үндөр чыкты.

Ырас, бул улуу жеңиштин урматына совет элинин борбору – Москвадан атылган салют эле.

Карт Ала-Тоо Москвадан алда канча алыс жатса да, замбиректер чокусунан атылгандай койнунда жаткан колхозчулардын бардыгына да жаңыра угулду. Ал жаңырык – кыргыз элинин наамынан Кызыл Армияга жиберилген карт Ала-Тоонун саламы болучу.

Түн ортосу ооду. Бирок радионун жанынан эч кимдин да кеткиси келбей, оюн-күлкү тамаша менен уктабай таң атырышты.

Бир кезде күн ай ааламга нурун чачып, акырын жылып, уясынан чыкты. Түнү бою түнөгүндө жаткан канаттуу куштар да көккө учуп, миң түрдүү күүгө салып, сайрай баштады. Чегирткелер чырылдап, чымын-чиркейлор ызылдайт. Эртеңки соккон коңур желге бак-дарактар жаш чырпыктарын солкулдатып, көк-жашыл жалбырактарын желбиретет. Алыста – көз учунда Ала-Тоонун чокулары агарып, бөк-

сөлөрү көгөрүп, элес-булас шаңданат. Төмөндө, ой жакта Ысык-Көл көйкөлүп, жар бетине сөйкөнүп, күн нуруна жалтылдап, көз уялтат.

Бадачы абышка колхозчулардын уйларын чогултуп, «өш-өш!» – деп, качканын тосуп, артына түшүп, жогорку өрдөштү көздөй айдап кетип бара жатат.

Ошентип, бүгүн таң атып, күн чыгып, жер жүзүнө тиричилик кирип, бир миң тогуз жүз кырк бешинчи жылдын онунчу майы башталды.

* * *

Согуш бүткөндөн соң «Өрнөк» колхозу ошол жылы мол түшүм алды. Буга агроном Миколанын жардамы аз тийгени жок. Аны колхоз сыйламакчы болгондо:

– Иним, Микола, колхозго жардамың көп тийди. Колхоз сени сыйламакчы болуп жатат. Эмне каалайсың? Каалаганыңды ал, – деди Чүкөбай келип.

Сыйлык аларлык колхозго көп анчалык эмгек сиңирбегенин Микола канчалык айтса да, Чүкөбай ага макул болбоду.

– Эмесе, болуптур аксакал, – деди Микола. – Сыйлыгыңыздарды алайын. Бирок мага берген сыйлыгыңыздар ошол болсун, мени агрономдор курсуна жибериңиздер, окуюн. Согуш күндөрүндө агрономия билиминен бир аз артта калдым, – деди.

Башкарма жыйналышында Чүкөбай Миколаны Пржевальскиге окууга жиберүүгө сөз козгоду эле, Жапар ага каршы боло кетти:

– Окууга жибере турган болсок, туура эле Фрунзеге жиберелик. Фрунзеде окусун.

Муну айтууда Жапарда бир ой бар эле. Ал да болсо Айша. Ал Фрунзеде окуйт. Быйыл жайда мында Жамилага конокко келген. Микола экөөнүн ортосунда кандайдыр бир жакындык, кандайдыр бир достук пайда боло баштаганын Жапар да, колхозчулар да, азыркы мында отурган башкарманын мүчөлөрү да байкаган.

Жапардын Миколаны Фрунзеге барсын деген себеби да ошол.

Жапардан мындай сөздү укканда Микола башын төмөн салып, өзүнөн-өзү күлүңдөдү. Жутабай карыя аны көрүп, мурутунан жылмайып, жанында отургандарга көзүн кысты:

– Албетте-албетте! Барсын Фрунзеге!

– Макул, ошентсин, – деди Зуура да жылмайып, сөз эмне жөнүндө болуп жатканын биле коюп.

Бирок Чүкөбай: «Фрунзеде эмне бар? Жакын жерден – мындан эле окусун» – деп, көшөрүп такыр болбойт.

Жутабай кабагын көтөрүп, Чүкөбайды карап: «Бул сенин эмнең? Түшүнсөң боло» – дегендей маани билдирип, көзүн ирмеп, Миколаны көрсөттү.

«Эмне бул минтип жатат?» – деп өз ичинен Чүкөбай Зуура менен Жапарды карады. Ал экөөнүн да кабактары суз. «Эмне каршы болосуң? Барсын!» – дегендей болушат. Чүкөбай ойлонуп бир аз турду да, бирден оң колун көтөрүп, сөөмөйүн көрсөтүп, жоголгон буюму табылганда кубанган кишидей:

– А-а, түшүндүм-түшүндүм! Барсын-барсын! – деп өзүнөн өзү кыйкырып жиберди.

Отургандар дуу күлүп калышты. Миколанын бети тамылжып, эмнегедир уялды.

Микола Фрунзеге окууга кетти.

Кийинки күндөрдө Айша менен Микола жөнүндө Чүкөбай билгиси келип, Жапардан алда нече курдай сураса да, «окуусун бүтүрүшкөндө алар мында келишет» дегенден башка Жапардан тыңгылыктуу жооп ала алган жок.

Көлдүн кылаасындагы жерди актап айдашты. Көгү көйкөлөт. Андан мол түшүм аларына көзү жеткенден соң, Чүкөбай:

– Мына көрдүңөрбү? Мурда эле ушундай кыла турганда... – деп, аны актатып, айдатууда өзү себепчи болгонсуп, чебеленип, көрүнгөнгө айтып жүрдү. «Колхоздун аксакалы, председатели болуп жүргөн Чүкөбай Зуурага баш иер, моюн сунар бекен» – деп, кайсы бир колхозчулар адегенде экөөнүн биргелешип иштешине күмөн кылышкан. Бирок иш андай болгону жок. Чүкөбай Зууранын бирде «кызым», бирде «келиним» десе, Зуура да аны бирде «аксакал», бирде «Чүкө» деп, экөө бирин-бири урматтап, сыйлаша турган.

Чүкөбай Зууранын кажыбас кайратына, акыл-эсине ишенди; орундуу ишин көрүп, олуттуу сөзүн угуп, ошондой болууга өзү да тырышты. Мурунку шашкалак, күйкөлөгүн коюп, Зууранын жетеги, кеңеши менен иштээр эле. Аны көргөндө:

– Чүкөбайдын орду мына эми табылды, – дей турган Жутабай карыя.

Зуура менен Чүкөбай Пржевальскиге барып, электр станция-

сынын проектисин бекиттирип, сыртка куруунга радио жабдыктарын алып кайтышты. Сыртка Чүкөбай өзү баргысы, техниктин радио орнотконун көргүсү келсе да, жумуштан колу бошоп бара алган жок. Бул жумушту Оморбекке тапшырышты. Оморбек мындан бир ай мурда партияга өткөн болучу.

* * *

Жамила этегинен жалгап, эркек балалуу болду. Атын Мурат коюшту. Муратты Бурулча колуна алып, айланып-үйрүлүп, жума сайын Тойчубекти «Өрнөккө» чакырат да турат.

– Абышкам, көрдүңбү Муратты? Чоңоюп келатат.

Беш-алты күндүн ичинде баланын анчалык көзгө көрүнөрлүк чоңойбогонун сезсе да, кемпиринин сөзүн кыя албай, аны коштоп, башын ийкеп:

– Ооба-ооба, ошентиптир! О, садагам, небирем, муйдуңан! – деп, Тойчубек Муратты алдына алып, эркелетип, маңдайынан, мурдунан өбөр эле.

Согуштан кийин армиядан биринчи болуп бошонуп Балтабай келди. Атасы, агайин-тууганы, колхозчулар менен кол кармашып, көрүшүп:

– Уулум, садагам! – деп, Сатарды көздөй умтулду. Аны ал мурункудай эле өзү кеткендегидей деп жүрө турган. Көрсө, уулу чоңоюп, он беш жашка чыгып жигит болуп калган. Жаш жоокердей какайып бет алдында турат.

– Садагам, уулум! – деп Балтабай кубанганынан мурунку сөзүн кайталап, Сатарды кучактап, бетинен өптү.

Экинчи күнү Сатар атасынын пилоткасын кийип, мектепке барды. Пилоткага балдардың колун тийгизгени, башынан да алганы жок. Мугалима айтканда гана аны ал башынан алды.

Балтабай колхоздун иши менен таанышты. Короо-жай, сарайларын кыдырып көрдү. Көбүнчө, мал чарбачылыгы жөнүндө сурады. Согушта жүргөндө да Балтабайдын кат аркылуу сураганы – мал чарбачылыгы болучу.

Эки колхоз биригип, сыртка короо-жай салганын, радио орнотконун укканда, Балтабай кубанып, колхозчуларга алкыш айтты. Бирок, ошентсе да, колхоздун кайсы бир кемчиликтерин көрүп:

– Ишиңер бир топ түзүк экен, агайындар, – деди Балтабай. – Би-

рок ошондо да кемчилиги көп көрүнөт. Бүгүнкү күндү же эртеңки күндү ойлоо менен гана иш бүтпөйт. Бүрсүгүнкү күндү, анан аркы күндү, келерки жылдын ишин да ойлонуу керек. Силерде ушул болгонбу? Жок! Болбоптур. Электр станциясы мал чарбачылыгынын жыл санап өсүшүнө байланыштуу пландалбаптыр. Электр менен кой кыркуу, мал сааш, эгин бастыруу иши да проектиңерде жок көрүнөт. Фрунзеде мал чарбачылык илим изилдөө институту менен да байланышыңар болбогон.

Чүкөбай чебеленип, Балтабайдын сөзүн токтотуп, актанууга ага каршы бирдеңке айтмакчы болуп, ордунан обдула бергенде, Зуура аны токтотту.

– Чүкө, сабыр кылыңыз, сөз угуңуз, – деди да Зуура Балтабайга бурулду. – Сөзүңүздүн төгүнү жок, Баке. Баары да туура. Өзүң айткандай, ишибизде кемчилик көп, аны биз моюнга алабыз. Кел эми, Баке кеңеше бирге иштешели.

«Өрнөктүктөрдүн» эң акыркысы болуп армиядан Асан кайтты. Районго бара жаткан жүк ташуучу машиналардын биринде келе жатып, эки жолдун айрылышында машинадан түштү. Чемоданын колуна алып, көкүрөгүн кере демин алды да, салмак менен бут шилтеп, колхоз талаасында бара жатат.

Жаз айларынын бири эле. Ала-Тоонун чокулары агарып, бөксөлөрү көгөрүп, андан берки кең талаа, көл бою айдалып, эгиндери кыр жапкан. Алыста, жол четинде жер айдап жаткан кандайдыр бир трактордун күрүлдөгөн үнү угулат.

– Көрөйүнчү, жерди булар менсиз кантип айдап жатышат болду экен? – деп, Асан ошол жакты көздөй басты.

Жаңы айдалган айдоолордо үч-төрт коң карга шоңшоюп конуп отурат. Нымдуу топурактарда жем издеп, күнү бою конуп-учуп, майпаңдай басып, чарчагандыктан канаттары шалдайыңкы. Арык боюнда жалбырактуу жалгыз түп талда конуп отурушкан топ таранчы Асан жакындаганда тобу менен дыр коюп уча качты.

Асан айдалган жерлерге көзүн салат. Алакандай ала калган жер жок. Баары да сонун айдалган. Буга Асан бирде кубанса, бирде «мен жокто менден да мыкты айдаган бул кандай неме?» – деп, кайта ичинен ага эрегишкендей болот.

Асан эңкейип, айдалган жерди өлчөп көрсө, тереңдиги – 25 сантиметр. Бир жерге келе бергенде, дагы өлчөдү эле – 25.

– «О-о! Бул оңой жигит эмес экен го! Барайынчы көрөйүнчү. Бул өзү ким болду?» – деди Асан.

Асан айдоону айланып, арыкты жээктей басып, трактордун туурасынан чыкты.

Трактордун үстүндө бара жаткан бирөөнү ал көрө коюп, бирдеме деп кыйкырмакчы болду эле, үнү буулуп, тили күрмөлүп оозунан сөзү чыкпай калды, чемоданы колунан түшүп кетти.

– Ырас эле ошобу? – деди Асан көңүлүнөн.

Ооба, ошол. Трактор айдап бара жаткан Айсулу.

Айсулу өмүрүндө олдоксон бир иш кылды.

Тракторуң токтотпостон андан ыргып түшүп, Асанга чуркады. Үстүндөгү комбинезону, кара майга майланышкан бети-колу менен жүгүрүп келип, эки колдоп Асанды кучактады. Төрт жыл бою ушул күндү, ушул саатты, ушул минутаны Айсулу көптөн көп тилеген болучу.

Эки жаш сүйлөшүүгө кудурети келе алган жок. Үнсүз-сөзсүз кучакташып турду да калышты. Төтө жолдо айдалып бара жатып ээсиз калган малдардай, кайда барарын биле албай, күрүлдөп, кыртылдап, тескери кетип бара жаткан трактордун үнү угулганда, экөө бирдей ал жакты караштЫ. Шаңкылдап күлүштү, кучакташты. Кайра дагы күлүштү.

– Токто, Асаке! Мен барып тракторду токтотоюн, – деди Айсулу.

Айсулудан мурда Асан жүгүрүп жетип, жүрүп бараткан трактордун үстүнө секирип минди да, аны тык токтотту. Күрүлдөгөн добуш бирден басылып, айлана жымжырт боло түштү. Аз-аздап барып ал тынчтыкты бузуп, акын торгой абада сайрап, чымын-чиркей ызылдап, чегиртке чырылдап, кыштак жактан кандайдыр бир короздун чакырган үнү угулду.

Асан Айсулуга кайра келди. Айсулу асыл жарын көргөнгө бир жагынан кубанса, майланышкан кир кийими менен ай талаада аны каршы алганына бир жагынан уялды. Уялса да, Асанды жал-жал карайт. Асан кучагын жайып, шадылуу, күчтүү колун Айсулуга сунду эле, Айсулу аны колдон алды, агасына эркелеген кыздардай, Асанга эркелеп, башын көкүрөгүнө койду.

# АЖАР

Повесть

## I

Күн кылтылдап, уясына батып бара жатат. Ала-Тоонун чокусуна токтогон бирин-серин үлбүрөгөн ак булуттар күндүн батарда чачкан нуруна боёлуп, кызгылт тартып, дүйнөгө жаңылык киргизгендей. Учу-түбү жок туңгуюк көк да, казанбактай көмкөрүлүп, бүткүл макулукту кучагына алып, өзүнүн кечки жумшак илеби менен алда кимди сүйүнткөндөй болот.

Калың бейитти бет алган жалгыз аяк жол менен үч аял келе жатты. Бирөөнүн үстүндө шайы ала чапаны бар, жоолугу бош ийинине түшүп, жылаң баш, аягында кепич, маасы, өңү саргайыңкы, жүдөңкү, ак жүзүнүн көркү кетип, көзүнүн алды карарган. Жашы 15–16 чамасында, сенделип, буту араң гана шилтөөгө келип, муңдуу жумшак көз жашы тыйылбай, үшкүрүгү таш жарат. Бул – биздин азыркы сөз баштамакчы болуп олтурган Ажар деген кыз болуп, беркилери – Ажарга жолдош болуп бирге чыккан ошол жердик аялдар. Булар, кедейдин алачыгына окшоп, көп бейиттин четинде турган бир кичирээк мүрзөгө келип токтошту. Ал Ажардын энесинин мүрзөсү.

Ажар мүрзөнү көргөндө, токтоп тура албай, мүрзөнү кучактап, буркурап-боздоп ыйлап жиберди.

– Жаным, апа! – деди Ажар.

Үн жок... Жымжырт...

– Жаным, апа, тур! Жетим тайлактай боздоп, жетимсиреп, артыңда калган жалгызың келип, жалооруп жаныңда олтурат. Жалгызыңдын сөзүн ук, ая! Жалгызың бүгүндөн баштап, ата-бабасы таанымбаган бөтөн журттун бирөөнө башы байланганы, ага сатылганы жатат. Андан куткар, ал азапты көрсөтпө, койнуңа ал, ач, койнуңду!..

Сенин өлгөнүңө кайгылуу болуп, кан жутуп, сабыркап, санаа тартып жүргөн кезимде, багат-көрөт деген тууганың мени бул күнгө түшүрүп, бир жат кишиге сатып кетип, сай-сөөгүмдү сыздатты, зарлантты, муңдантты, мага да өлүм керексинтти. Бирок сага берген

ажалды кудай мага ыраа көрбөдү. Жасаган ай, мунуң эмне? Анык бар болсоң, мени эмне көрбөдүң?

Кантейин, эң болбогондо, теңтуш болсо, кыздын барар жери күйөө дегендей, жаттыгына карабай, «мейли» деп да коёт элем. Бирок ал, маркум атамдан да карыган киши экен. Ага канткенде барам? Кантип аны өмүрлүк жолдош кылам? Андан канткенде кутулам? Кимден кеңеш, кимден жардам сурайм? Айт, апа! Мага айла тап! Менин сенден башка барар жерим, таянар тоом, жашынар караган-бутам калбай калды. Бирок сен, апа, жоксуң... Сен боору суук кара жердин койнунда түбөлүк уйкуда жатасың... – деп, боздоп Ажар ыйлады. Көзүнүн жашы он талаа болуп, бетин жууду...

Ажардын ким экендигин окуучуга айта кетелик. Ажар 16-жылкы үркүндө кытай элине сатылган кыргыз кыздарынын бири. Атасы Айткулу үркүндө окко учкан, энеси Батма кече жакында, кытай жеринде өлдү.

Ажар Айткулунун карганда көргөн жалгызы болучу. Батманын мурунку балдары токтобой, бардыгы жаш кезинде өлгөн. Батманын боюнан түшкөн балдары да болгон. Айткулу ага көп аракет кылды. Айылдагы бакшы, молдолорго Батманы көрсөтүп, далай чыгымданды, карызданды, Кашкардан келген азрети аппак кожого да көрсөттү. Ал, Батманын мойнуна тумар тагып, чыныга аят жазып, эзип ичирип, бир топ күнү жаткан. Түн ортосуна чейин исми агзам дубасынан бир нечесин кабаттап окуп чыгып, бир канча ырым-жырымдарын жасаган. Түшүндө Батманы айлантып жүргөн кара чаар, көк жал жолборс менен күрөшүп, кырк чилтен менен сүйлөшүп, көп-көп кереметтер көргөн. Мунун бардыгын мыктап туруп эртеңки чайга олтурганда кожокем Айткулу менен Батмага айткан. Көп кечикпей, арысы эки, бериси бир айдын ичинде Батманын боюна шексиз бир эркек бала бүтүп, анын аман-эсен туулушуна Батманы да, Айткулуну да ишендирген. Бирок ал үчүн кырк чилтендин тапшырган жумушу деп, бир жылкы кудайы керек экендигин айтып жатып, Айткулунун жалгыз көк чологун алып, кожокем жолго түшкөн. Мындан үч жыл өткөндөн кийин кожосуз, молдосуз, бакшысыз эле Батманын боюна бүтүп, Ажар туулган.

Ажар үркүнгө чейин эч бир жаманчылык көрбөй, бир үйдүн эркеси болуп өстү. Эл үрктү. Чүй боорундагы элдер келип, Коңур-Өлөң, Ала-Башты каптап конушту. Түтүнгө бир кишиден ирет болуп, аскерликке чыксын деп, манаптар буйрук кылышты. Ал иретке

Айткулуну да чыгармакчы болушту. Айткулу андан калмакчы болуп, айыл манабы Сагындын алдына барды.

– Баатыр, мени нретке чыксын деген экенсиз, бирок мен чыга ала турган эмесмин. Үйүмдө мына бул турган чычкандай жалгыз кызымдан башка бүлөм жок. Минтип, ар ким өзү өлбөс камын кылып, журт бүлүнүп, жоо жакадан алып турган кезде, катын-баламды чыркыратып кайда, кимге таштайм? Мен бара албайм, мени коюңуз, башка бүлөлүү элден жибериңиз. Тиги Алымкулдун ортон колдой эки уулу да барбай калып олтурбайбы? Адилеттик кылып, ошого окшогондордон чыгарыңыз, – деди Айткулу.

– Чык, эшикке, ит! Сен Алымкулга тең келгиң келген экен, ээ! Муну көрбөйсүңбү?! Сен ким, Алымкул, ким? Муну билесиңби? Эртеңден калбай аттанасың! – деп, Сагын Айткулуну үйүнөн кууп чыккан.

Алымкул Сагындын жакыны жана байы. Сагын жалаң гана Алымкул эмес, Алымкулга окшогон өзүнө жакын далай бай, манаптын балдарын иретке чыгарткан жок. Иретке чыккан өңчөй кедейлер, кедейдин балдары.

– Айткулу, аттан!

Эртең мененки алачыктын сыртынан чыккан Сагындын жигитинин ачуулуу үнү Айткулуну уйкусунан ойготту. Айткулу төшөгүнөн шашып турду. Кийинди, белин мыктап курчанды. Куруна күздө бир кап арпа берейин деп, Эдилбай устага жасатып алган айбалтаны кыстарды. Алдына алып, Ажарды бетинен өптү. Ажар жумшак, ичке үнү менен ыйламсырап:

– Атаке, кайда барасың? – деди.

– Садагасы, ыраак барбайм, келем.

Бирок анын үнү каргылданып, жүрөгүндө бир коркунуч бар экендигин билгизет. Ал азыркы кеткен бойдон, кайтып үйүнө келбестей, Ажарды алып эркелетип, бүгүнкүдөй сүйбөстөй, мындан ары Батма менен ойноп күлүп, өмүр сүрбөстөй жүрөгү элеп-желеп болуп, алып учуп, токтолбоду. Эшикке чыгып бара жатып:

– Эл көчүп калса, жүгүңдү көк өгүзгө жүктөп, Ажарды үстүнө мингизип ал. Көчтөн калба. Алда кандай заман болот. Көтмалдыга падышанын салдаттары келди деген кабар бар, биз ошолорду бет алып кетип бара жатабыз, кайыр, кош! – деди.

– «Алда кандай заман болот» деп, жаман жороону баштабай,

койсоңчу. – Батма эрине кайрат айткан болду. Бирок аны да бир коркуу сезими баскан сыяктанды.

Батма эшикке чыгып, күйөөсүн атказды. Айткулу кызыл-тазыл желек кармап, көлдү бет алып, кылкылдап кетип бара жаткан калың элге барып кошулду.

Айткулунун кеткенине үчүнчү күн болгондо, эл эртең менен бака-шака түшүп, жапырт көчүп калды. Аскерликке кеткен жигиттер да качып келип, айыл-айылына тарады. Айткулу менен бирге кеткен жигиттер да келишти. Бирок Айткулу жок. Айткулуну көрүү ордуна, «Айткулу окко учту» деген суук сөз Батманын кулагына угулду. Батма бакырып ыйлап жиберди. Ажар да ыйлады.

Айыл-ападагылар келип:

– Нээти дурус киши эле, шейит болду, жаны жаннатта болсун. Мындай өлүмгө ыйлаган болбойт, ыйлабагыла! – дешип, Батма менен Ажарга кайрат айткан болушту; райымдуу, жылуу жүздөрү менен каршы алып, жер каратпай, аларды көптөп багып ала турган сыяктанышты.

Батма менен Ажардын ыйына кошулуп, экинчи айылда дагы бир ый пайда болду. Айткулуга кошулуп, Көбөгөн абышканын баласы Жапаркул да окко учкан. Бирок ал душман колдуу болбой, өз колдуу болуп өлгөн. Бул тууралу сөз укмакчы болушуп, Жапаркул менен бирге барган Кулубайды айылдагы абышка-кемпир, катын-балдар тегеректеп алышты.

– «Беш жүзгө жакын киши элек, – деп сөз баштады Кулубай. – Биз көлгө түшүп, Жел-Тийбестеги Кулумбайдын багына келип токтодук. Ичибизде беш кана барденке, он-чакты бараң мылтыгыбыз бар; калгандарынын колунда найза, кылыч, айбалта, союл, чочмор, шалк этме. Кошту ошол жерге түшүрүп, ар кайсы шектүү жерлерге караолчулар чыгардык. Өзүбүз жаттык. Экинчи күнү эртең менен «казак орус келип калды» деген кабар алып, жапырт атка минип, алардын келе жаткан жолун тостук. Биз бир аз жөнөй түшкөнүбүздө Боз-Бармактын талаасын каптап, жер-сууну бербей, бизди көздөй келе жаткан солдаттар көрүндү. Алардын карааны эки жүздөй киши эле. Биз шашып калдык. Алар бизди тарсылдатып ата башташты. Эки кишибиз окко учту. Биздин мергенчилер да атышкан болушту. Бирок аны солдаттар тоотпой, бизге жакындагандан жакындап, койчо жайылып келе беришти, бизди курчап, айлантып ала турган болушту.

Биз кийин чегинип, мурунку багыбызга келдик. Көтөргөн ханыбыз Жакыпбек:

– Ушул жерден аламан койгула. Качканыңар болсо, атып таштайм – деп, жигиттери менен элди камчынын алдына алып кекетти. Бир мезгилде солдаттардан кырктай киши бөлүнүп, биздин келген жолубузду бет алды.

Сыягы, биздин жолду буумакчы болсо керек эле. Журт удургуй түштү. «Аламан койгула» – деп кыйкырган хандын үнү чыкты. Кимди ким көрдү, аламандап кыйкырып, солдаттарды качырып сала бердик. Алар да шашып калды, кайта качышты. Ай, биз оңбойбуз го! Эгерде биз ирettүү, тартиптүү ошол солдаттардай боло турган болсок, биз аларды алып коймокчу элек. Солдаттарга жакындап кирип барганыбызда, бир-эки киши кайта качып жөнөдү. Ал аны көрүп, биз да качтык. Качып бара жаткан солдаттар кайта бурулуп, тарсылдактын алдына алышты. Көзүң жамандыкты көрбөсүн, туш-тушубуздан ок зуулдап өтүп жатты. Чиркин, жан деген таттуу го, атына ок тийип, кишиси жөө калып, аттуулар менен тең чуркагандар болду; кишисине ок тийип, атынын боорунда сүйрөтүлүп жүргөндөр да болду. Кыскасы, биз боо түшүп калдык. Кийин эсеп кылсак 72 кишибиз өлгөн экен. Журт кача турган болду. Хан болбой:

– Жакын келсин, эми бир аламан коюп көргүлө! – деп, каарын төгүп туруп алды.

– Жакын келтирип, союлуң менен уруп ала тургандай, сен аларды бөдөнө көрүп турасыңбы? Алар – биз эмес. Алар баштуу, тартиптүү солдат деген болот. Колдорунда биздикиндей союлу жок, мылтыгы бар, жабдыктуу. Биз аларга тең боло албайбыз. Ушунча кишинин убалына калганың да жетишер, – деп Жапаркул хан менен уруша кетти. Хандын бул кезде каны суюлуп, иштөөгө иш, урушууга киши таппай турган кези эле. Жапаркулду камчы менен жон талаштыра эки-үч курдай чаап жиберди. Мындай кордукка Жапаркул кантип чыдап тура алат?.. Тосуп туруп кайра аны бир чапты. Жапаркулдун камчысы хандын бетине тийип, бетин айрып кетти. «Жеп салды, ат!» деген хандын үнү угулду. Мылтык тарс этти. Карай салсам, Жапаркул жерде сулап жаткан экен. Эл чогулуп калды. Мен түшө калып, Жапаркулдун башын жөлөдүм, ыйлап жибердим... Журт өлүккө үймөлөктөшүп турган кезде, солдаттардын топту байлап аткан мылтыктарынын үнү чыкты. Арабыздан эки киши аттан кулап, Жапаркулдун жанына жыгылды. Токтоп тура албадык, качтык...».

Ушинтип Кулубай сөзүн бүтүргөндө, Көбөгөн кемпири экөө боздоп, өксөп ыйлаган. Экинчи айылдагы ый дегенибиздин мааниси ушул болучу.

Эл кымгуут болуп көчүп жөнөдү. Батма бирин-экин жүгүн Айткулу айткан көк өгүзгө жүктөп, Ажарды анын үстүнө мингизип, өзү жетелеп алып, эл менен бирге кетти.

Ар бир айыл манаптарынын өздөрүнчө ылайыкталып жасалган желектери бар. Сагындын желеги ак болучу. Сагын көчтүн алдына келип, ылайыктуу конуш таап, желекти мыктап жерге сайдыруучу. Арттагы көчтөр желекке келип жыйналып, тарап конушчу. Адашкан бала-бакыралар да желек менен үйлөрүн табыша турган.

Бир күнү көчтө Батманын өгүзү мүдүрүлүп кетип, жүгү ооп, үстүнөн Ажар учуп түштү. Батма бакырып барып баласын кучактай калды, анын бактысына Ажардын эти гана ооруп, эч бир жери майып болгону жок. Батма боз ала чаң болуп, аман-эсен ордунан күлүп тура калган баласын көрүп, чоң кубанды.

Ажарга өгүздүн мурунтугун карматып коюп, канча аракет кылса да, жалгыз арта албай койду. Кимге ким карасын, тиги көчтөгүлөр да, бул көчтөгүлөр да Батмага кылчайып карашканы жок. Көчтүн артында кырчаңгы, арык тору атка эмерегин артып, кемпири жетелеп, өзү атты айдап, таяк таянып, бүкчүңдөп кетип бара жаткан Көбөгөн абышка кездешти. Батманы башта эле таанычу: Айткулунун өлгөнүн да уккан. Ал токтоп, кемпири экөөлөп жатып, Батманын жүгүн артышып берди.

Батма Көбөгөн менен бирге жөнөдү. Бир кезде асынган мылтыктары бар бир топ атчан кишилер булардын жанынан кыя салып өтө беришти. Алардын бирөөнө барып, Көбөгөн:

– Өлтүр мени, мени да өлтүр! Маңдайыбызга бүткөн жалгыз балабыздан ажыратып, минтип бизди боздоттуң, кудай сени да боздотсун. Катын-балаңдын күнүн көрбөй ач бел, куу жолдо өл! – деп, чылбырына оролуп, сүйрөлүп калды. Бул – бизге тааныш, Жапаркулду өлтүрткөн Жакыпбек хан. Хан илгери бастырайын десе да Көбөгөн бастыртпады, буркан-шаркан түшүп, кыйкырып, өкүрүп, ыйлап жатып алды. Жакыпбектин ачуусу келди. Атынан түшүп, абышканын эки колун эки жигитине карматып алып, аябай сабады. Шордуу кемпири да абышкасына болуша кетти, атын таштай чуркап, таянып келе жаткан колундагы сынык, ыргай сабоосу менен ханды чаап жиберди. Ал «ханга колу тийди» деп, жигиттери кемпирди да тепкинин алдына алышты.

Жакыпбек жигиттери менен абышка-кемпирди моокуму канганча аябай урду да кылчайбастан, өз жолу менен жүрүп кете берди. Артынан каргап-шилеп, боздоп ыйлап абышка-кемпир калышты. Аларга кошулуп, Батма да ыйлады. Батманы көрүп Ажар да ыйлады.

Күн кечтеди. Көч тарап коно баштады. Эл арасына ызы-чуу түштү, кыйкырык-өкүрүк көбөйдү. Мал-жан көч жоготуп издегендер толуп кетти. Бирок Батма менен Ажарды издеген жан болгону жок. Батма ал күнү айлын таппай, Көбөгөн менен бирге конуп, эртеси кечке сурамжылап олтуруп, желектен улам өз айлын араң тапты.

Беш-алты күн өттү. Сагындан кордук көргөн бир топ кедейлер андан бөлүнүп, башка Тоң болушуна кетмекчи болушуп, сөз байлашты. Алардын ичинде Көбөгөн, Батма, Айткулунун кыйыр тууганы Козубек да бар. Козубекти жана дагы бир жигитти бир топ мал менен түн катырып, бир коктуга качырып, жашырышты. Таң атты. Журт жапырт алачыктарын сыйрып, көчө баштады. Көбөгөндөр көчүшкөнү жок. Сагындын көчсүн деп жиберген кишисине:

– Түндө бир топ малыбыз жоголуп, эки кишибиз ошону издеп кетишти. Алар келбей, малыбыз табылбай, көчө албайбыз – деп, жооп беришти.

Булар, Сагындын көчү шашкелик жерге узагандан кийин каткан малын, кишилерин алдыртып, башка жол менен Тоң болушуна жөнөшөт. Бирок муну куйту Сагын билип калып, бир топ киши менен артынан кууп жетип, көчтөрүн токтотуп, жүктөрүн түшүрүп, Көбөгөн менен Козубекти баш кылып, бир далайын урат. Ири карасынын бардыгын айдап алып:

– Эми кетчү жагыңарга кеткиле! – деп жооп берет.

Малдан ажырап, шордуу кедейлер жөө кайда, кимге барышмак? «Жаңылдык-жаздык!» – дешип, мойнуна курун салышып, Сагындын аягына жыгылышты, алдына Козубектин маңдайына бүткөн жалгыз кер атын тартышты.

Кер ат – жакшы ат болучу. Буга мурда эле Сагындын көзү түшүп, «кедейге мындай аттын эмне кереги бар, мага берсин» – деп, Козубекке нечен курдай киши жиберип, атты алалбай, «ай, сени!» деп, Козубекке тишин кайрап, кекенип жүрө турган. Эми Сакеңдин бактысына жараша иши оңдой берди болуп, кер ат опоңой гана колуна түштү. Сакең атты алып, ачуусу таркап, буларды кайта көчүрттү.

Бир топ күн өттү. Чек арага жетти. Тянь-Шандын Бедел, Бирик-

ти, Көк-Ирим, Ак-Өгүз деген ашууларына бөлүндү. Батманын айылы Ак-Өгүздү ашмакчы болуп, ашууну шыкап келип конушту. Эртеси көчтүн алды белге чыга берген кезде, күн бүркөлдү, туман түштү, борошолоп кар жаады. Шамал болду. Журт шашты. Кар аралаш ызгаардуу суук шамал туманга аралашып, аскадан аскага тийип, белдеги бардык карды ойго карай учуруп, көчтү жөнөтпөдү. Ордунан кыбыраган мал-жандын бардыгы тайгаланып, төмөн карай учуп жатты. Ар кайсы таштын кычыктарында жүнүн жеп, бүрүшүп, маарап турган кой-эчкилер, башын жерге салып, суулугун чайнап, калчылдаган жылкылар; чөгүп жаткан төөлөр, жүгү оогон уйлар; бутун үшүтүп, кан какшаган катын-балдар. Бирок буларга караган киши да жок, ар ким өз жаны менен алек...

Көч арасы да ызы-чуу, күрү-гүү... Кар жаап турат. Түн түштү. Эл турган-турган жерлерине кийизге, жуурканга оронуп жатышты. Таң атты. Күн мурункудай алай-дүлөй. Малды да, жанды да кар баскан. Карга көмүлгөн малдар араң кыбырап көзгө илинет. Кардын алдында үйдөй болуп, төмпөйүп жаткан жүктүү төөлөр, уйлар көрүнөт. Жамынган кийиз, жууркандары менен бирге тоңуп, сырайып өлүп жаткан кишилер да көп.

Үчүнчү күнү күн ачылды. Туман тарады, шамал басылды. Аман калган эл эптеп, жөөлөп-жалаңдап отуруп, белди ашты. Батма да аман-эсен Ажары менен бирге ашты.

Туу белге чыга бергенде Батма өлүп жаткан бир жүктүү жылкыны, анын жанынан эки адамдын өлүгүн көрдү. Бул –кемпири менен Көбөгөн абышканын өлүгү болучу.

Журт Турпанга түштү. Тарап, шаар-шаарга кете баштады. Батма, Козубек болуп, Турпанда калышты. Экөөнүн тең колдорунда малдан түгү жок. Батманын жалгыз көк өгүзү ашууда калган. Козубектин бирин-эки кой-эчкиси да жолдо жоголду. Эми кантишмек? Турпандык Сабитакундун ат кепесин жумуш кылып бермекчи болуп, Козубек батирге алды. Ал – терезесиз, эшиксиз, үстүндө жарык түшө турган киши баткандай гана тешиги бар, асты жер. Ал ымдашып, аттын чыласы жыттанат. Айла жок! Эшигине кийиз калап, жерине курумшу, чөп төшөп, Батма болуп киришти.

Күн өттү, ай өттү, кыш түштү, турмуш кыйындады. Жагууга отун, кийүүгө кийим, жешке тамак керек болду. Бирок аларды кайдан, кимден алмакчы? Тегерегиндегилер да «өлбө жаным, өлбө!»

деп, өздөрүнө окшоп, ач олтурган качкындар. Турпандыктардан алуу үчүн бир нерсе сатмак керек. Сатмайынча алардан алуу кыйын иш.

### III

Кыштын ызгаардуу түнү агарып, таң белгисин бере баштады. Чыгыштан жумуп-ачкан көз сыяктуу жылтылдап, Чолпон жылдыз көтөрүлдү. Берметтей тизилип, көктө жүргөн көп жылдыздар, «биз эми кетебиз, келерки күнгө чейин аман-эсен тургула» дегенсип, бир күлүп, бир жылмайып, дүйнө менен коштошту да, удургуп үркүп алып, батыш жакка таралды. Көп кечикпей, анын артынан алтын нурга боёлуп, акырын гана козголуп, күн да чыкты.

Дүйнөгө тиричилик кирди. Журт оокатына кам урду. Бирок күн суук. Жер – тушардан кар. Тышка жан чыга албайт. Ажар, Козубектин балдары: Талып, Мурат төшөктө.

Козубек эртең менен эле жаман керкисин белине кыстарып алып, отун издеп кеткен. Кайта элек. Батма, Айша (Козубектин катыны) болсо, колдорун жеңине катып, бүрүшүп, калчылдап, балдардын жанында олтурушат. Бардыгынын да кабактары салыңкы, үнсүз, сөзсүз, өлүм кайгысы бар. Бир жактан чыкылдап кыштын ызгаардуу суугу да ач курсакка бычактай тиет.

Бир кезде эшикке каланган курумшу кийиз ачылып, кар аралаш суук жел төр жакка согулду. Аркасында көтөргөн азын-оолак отуну бар, бүткөн бою кар, сакал-мурутуна муз тоңуп, Козубек кирди.

– Эртеден кара кечке чейин жүрүп, алып келген отунуң ушул элеби? – деп, Айша эрин жемелей баштады.

– Анан кантейин, керкимди турпандыктар тартып алды. Ушуну башка жерден колум менен жулгулап алдым, – деп Козубек ыйламсырап, төмөн карап, терең үшкүрдү.

Отунду Козубек шашкелик жердеги Кумарык дарыясынын жээгиндеги токойдон алып келүүчү. Бирок кийинки күндөрдө турпандыктар аны коруй баштап, качкындарды жолотпой койгон. Козубек анысына деле карабай, тозмочуларга көрүнбөй, таң алды менен барып, керкиси менен жаш чырпыктарды кыя-кыя чаап көтөрүп келип жүрө турган. Эми керкиден айрылып, кур кол калды. Керкисиз отун алынбайт да, табылбайт. Отунсуз жашоо кыйын. Үй суук, курсак ач. Сууктун ызгаары жаш балдарга кандай баткан болсо, чоңдорго да ошондой; чоңдор кандай кыйналса, жаш балдар да ошондой кыйналып жатат.

– Апа, үшүп кеттим – деп, бир кезде ыйламсырап. Ажар энесин карады.

– Садагасы, үшүсөң кантейин – деп, Батма муздак колу менен Ажардын жуурканын кумтулаган болду.

Алып келген Козубектин отунун эптеп жагышмакчы болушту эле, эшикке жабылган кийиздин тешиктеринен кирген борошо отту күйдүрбөй, үйдүн ичин түтүнгө толтурду. Түтүндүн илебине, адамдын демине тамдын, бооруна, жерге, эшикке тоңгон бубак эрип, үйдүн ичин көлдөтүп суу кылды.

Ач жатып калышты. Эртеси Козубек дагы отун издеп, сай жакка кетти. Батма менен Айша да карап жатпай, тамак издешип, турпандыктарды кыдырышты. Кечке жүрүп, бирөө жарым чака жүгөрү, бирөө бир токоч, бир чыны жүгөрү ун таап кайтышты. Бирок Козубек кечикти. Үйдөгүлөр: «Козубек отун таап келер, от жагарбыз, жылынарбыз, ысык тамак жасап ичербиз» – деген ойдо эле.

Бир кезде колу-бутун суукка алдырып, эшиктен кирген Козубекти алар билбей да калышты. Ал аябай үшүгөн, тили сүйлөөгө келбейт, колу тытылган, айрылган, канаган...

– Ээ, сага эмне болду?

– Отунуң барбы?

– Отуну курусун, – деди жашооруп Козубек, – жер суунун баары кар, көзгө көрүнгөн, колго илинген эч нерсе жок. Кардан кылтыйып баштары чыккан чекендилер кездешти, жулгуласам былк этпейт. Кайсы бир жерден чычырканак, алтыганалар көрүндү; бирок, түгөнүп калсын, жабдыксыз эч бир алына турган эмес. Куру кайттым.

Батма, Айша, балдар болуп ишенгени Козубек эле. Козубектин «куру кайттым» деген сөзү ийне менен сайгандай жүрөктөрүнө такалды. Жүгөрү унду укканда шилекейи чубуруп, Козубек келгенде тамак жасатып ичмекчи болуп, үмүттөнүп төшөктө жаткан жаш балдар кыңкыстап ыйлай баштады. Айшанын кичи баласы Мурат ыйламсырап:

– Апа! – деди.

– Айланайын, эмне дейсиң?

– Курсагым ачты...

– Меники да тоңуп кетти, ичим ысып бaратат.

Айшанын эки баласы тең өңгүрөп ыйлап жиберишти.

Ажар да араң турду эле, аларга кошулуп ал да ыйлады...

Козубектин куру кайтканын көрүп, Батма эбак эле эшикке чыгып кеткен. Ал бир боо куурай көтөрүп кирип келди, үй ичине шаттык-кубаныч, жаңылык кирди.

– Муну кожоюндун катынынан жалынып-жалбарып жатып, араң сурап алдым. Акысына кир жууп бермекчи болдум, – деди Батма.

Куурайдын жартысын, унду эртеңкиге калтырышып, жүгөрүнү кууруп жешти. Мурат андан көп жеп коюп, ичи көөп, эртеси ичи өтүп ооруп калды. Батма да кожоюнунун кирин жууп, бир күн кечке тышта болуп ооруга чалдыкты. Турмуш кыйындады. Бир үйдө эки оорулуу болду.

Батманын оорусу күчөдү. Төшөктөн тура албай калды. Бүткөн бою ысып тердеп, кыңкыстап, онтолоп таң атканча жөөлүп чыгат. Эки сөзүнүн биринде айтканы – Ажар.

– Жалгызым... кызым... сен кантесиң?.. Келчи мага!.. Окко учту... Айткул ай!.. Кайдасың?.. Ажарды алчы... алчы!.. Үшүдүңбү?.. Кууруп берейинби?..

Ажарда жан жок. Жүрөгү элеп-желеп болуп, алып учуп, бир нерсе сезгендей, билгендей болот. Энесин кучактагысы, ыйлагысы, сүйгүсү келет.

– Теңир ай, мен сыяктуу жетимдин тилегин кабыл кылып, жарыктык апамдын алтын жанын аман кыла көр! – деп, көз кылгыртып, Ажар күн-түн энесинин кашында. Бирок шордуу Ажардын тилеги кабыл болбоду. Батма тилден калды. Ажар ыйлап, энесинин башын кучактап:

– Апа, жаным апа! Ойгонсоң, көзүңдү ачсаң... мени карачы, мен кантем? Менин күнүм эмне болот? Бир ооз бирдеме десең? – деди.

Батма көзүн акырын ачып, Ажарды карап, бир нерсе айтмакчы болуп: «А-а-жар» – деди. Бирок тили күрмөлүүгө келбеди. Сөзү токтолду. Көкүрөгүн көтөрүп, эң соңку демин алды. Жан берди...

Ажар апакелеп, боздоп ыйлады. Анын көз жашын көрүп, муңдуу үнүн угуп, келген качкын кыргыздардын баары да ыйлашты. Козубек Айша менен Ажарды ээрчитип, дагы эки-үч киши менен өлүктү жогоруда айтылган көп бейиттин жанына коюп кайтты.

Эми Ажар толук жетим. Ажарда ата да, эне да жок. Ажар турмуш туткуну, турмуш кулу. Ажарга көрүнгөн ээ, көрүнгөн бий.

Март айы жаңырды. Жаз чыкты, сөөк жукарды. Качкын элдер бирин-эки малын, буюмдарын сатып, кыштан эптеп чыгышты. Эми

кара баштарынан башка эчтемелери калбай калды. Тамак издеп, туш-туш жакка тентип кете башташты.

Басууга да, арийне курсактын тогу, кийимдин бүтүнү керек го, кийим дегенден буларда эч нерсе жок. Үстүлөрүндө тынччылыкта жасатып кийген эле кийимдери. Алары да жазгы койдун жүнүндөй самсаалап, тамтыктары кетип, жыртылган. Жол боюнда ак шишик болуп өлүп жаткан кыргыздар: ыңгыранып, кынжыйып, арыгынан баса албай келе жаткан катын-балдар. Колдон-колго өтүп, сатылып жаткан кыргыздын кыздары, балдары. Баасы – бир кап жүгөрү. Оо, дүйнө ай! Ал күнкү окуялар кайсы кыргыздын баласынын оюнан кете коёр экен?

Талыптын оорусу да күчөдү. Бүткөн боюн ак шишик алды. Марттын орто ченинде ал да өлдү. Мүрзөлүк жерди сатып ал деп, турпандыктар өлүктү Батманын жанына койдурушпады. Сатып алууга Козубекке пул кайда? Ичээр-жээрге жок, өздөрү өлүм алдында олтурушат. Жанга көрүнбөй, таң алды менен барып, бир тамдын бооруна өлүктү көөмп, Козубек кайтты.

Элдин бир сыпырасы жөөлөп-жалаңдап, Какшаалдагы кыргыздарга кетмекчи болушту. Козубек да кетмекчи болду. Бирок Козубекти Сабитакун көчүрбөдү. Кыштан берки болбогон жалган чыгымын айтып, берген бир чымчым чайы, бир ичим көжөсү болсо да доолады. Козубек анын бутуна жыгылды, жалынды, жалбарды. Акысы болсо да, кечип коюшун сурады. Ага Сабитакун болгон жок. Райымсыз ажары менен каарын төктү. Коркутту. Бербесе, шаңыяга (болушуна) билгизип, набакка солоторун уктурду.

Козубек кыйналды-кысталды, эмне кыларын билбеди. Жашыган санаалуу ою алып учуп, тоо-ташка урунду.

– Ээ, катын!

– Эмне?

– Курсактын ачынан да Сабитакундуку өтүп кетти, кандай кылабыз?

– Мен кайдан билейин?

– Ажарды ага сатсак кантет? Сат деп жатат.

– Койчу?

Айша секирип кетти. Батманын өлөрүндө Ажарды тапшырып, айтып кеткен керээзи эсине түшүп, эрине бир нерсе айтмакчы болду эле, эшиктен келе жаткан буттун табышы угулду.

– Акырын, укпасын, келе жатат! – деди Козубек.

Бул табыш – Ажардыкы.

Ажардын сулуу, сүйкүмдүү, ак жуумал өңүн көрүп, Сабитакун мурунтан эле кызыгып жүрө турган. Анын бардык ою иш кылып Ажарды колуна алууда. Сабитакун ал тилегине жетти. Ажарды алды. Ажарга баалап, Козубекке бир эшек, үч зээр акча, бир пуд жүгөрү ун берди. Андан калганын доолаган акысы үчүн чегерди, Козубек Какшаалга көчүп кетти.

Эң обол Ажар чочуркап, ичкен-жегени аш болбой, анын үстүнө ата-энесин сагынып жүдөп кетти. Бирок кийинчерээк, Сабитакундун үй ичи менен таанышып, үйүр алышып, оңолуп, өңүнө кирди, каткан чери тарап, капасы, муңу жазылайын, унутулайын деди.

Бир жыл өттү. Ажар толук 15 ке чыкты. Ажар десе Ажар дегендей эки бети алмадай болуп, кара көзү балбылдап, көргөн жанды эриксиз өзүнө тарта турган болду.

Сабитакундун тамыры турпандык Чыр деген бир бай дунган бар эле. Сабитакунга ал коңшу туручу. Ажарды ал эки-үч курдай көрүп, бир күнү Сабитакунга келди. Ажардын түбү-жайы менен жакшылап таанышты.

– Бир олжоң экен, досум. Ажарды мага бер. Бул үчүн эмне алам десең да, мына мен даярмын,– деди Чыр.

– Досум, сенден мен эмне алмак элем? Колумдан чыккан чыгымдарымды төлөсөң гана болгону, – деди Сабитакун.

Чыгымга келгенде, Сабитакун эшегин ат кылып, унун күмүш акча кылып көрсөттү. Андан Чыр качканы жок. Шагыраган накта алтымыш зээр акчаны ага санап берди, Ажарды алды. Ажарды алгандагы анын ою – карыганда Ажарга үйлөнүү. Ошентип, аны кучактамакчы, сүймөкчү, өмүр кызыгын көрмөкчү.

Чырдын мындай суук кабарын уккандан кийин Ажар ошол жердик эки-үч катын менен энесинин мүрзөсүнө барып, капкайдагы бук болгон ичтеги арманын, муң-зарын айтып ыйлаганын аңгеменин баш жагында айткан болучубуз.

## IV

Той болду. Журт тарады. Түн кирди. Ажарга күчтөп нике кыйылды. Катындар анын ыйына, жашына карабастан, нике кыйылган бөлмө үйдөн боздотуп, сүйрөп алып келишип, күйөө-кызга дайындалган экинчи бөлмө үйгө киргизишти, күчтөп кийимин чечишип, төшөккө жаткызышты. Ажар жуурканды чүмкөнүп, шолоктоп ыйлады.

– Жасаган ай! Мени мынча кор кылып эмне жараттың? Чының менен эле мени ушуга туш кыласыңбы? – дедиАжар.

Көз жашы мөлт-мөлт этип, жаздыгына тамчылай түштү...

Күлүк ой, узун санаа, түпсүз кыял Ажарды курчап алды. Ажар алда кайда кетти. Жазгы өсүмдүктөй гүлүн ачкан мурунку жаш өмүрү, атыр жыттуу Ала-Тоосу, бал татыган тунук булак, өзөн суусу, ээн-эркин жашаган эли-журту Ажардын көз алдына келип элестеди.

Артыкча көзүнүн агы менен тең айланып, атка минсе алдынан, үйдө олтурса жанынан чыгарбаган ардактуу атасы – Айткулу, курсагын ачырбай, ийнин тоздурбай сылап баккан энеси – Батма, Ажардын оюнан чыкпайт. Кыз балага эне жакын го, атасынан да энесин эстегенде, анын көз жашы тыйылбайт. 12 ай көтөрүп, омурткасы сыздап, ак сүтүн берип, азап көрүп баккан байкуш Батма да Ажарды көптүн балдарындай кылып баккан жок эле. Ажар биртике үйдө жок боло калса, «жалгызым, кайда кетти?» – деп, жаны калучу эмес. Ошентип баккан бирөөнүн кирдүү колу тийгис жалгызы бүгүнкү күндө жетим болуп, малга сатылып, колдон-колго өтүп, жандын кору болуп, жат кишинин колунда, туткунда жатат. Ай, райымсыз жетимдик ай! Жетимдик кимди ыйлатпаган, кимди кууратпаган!

Эшик кычырай калса, «ошо го» деген кыял Ажарда. Бирок «ошону» менен Ажар кантип бир төшөктө жатмак, кантип бирге өмүр, сүрмөк? Ал өмүрдүн келечекте турмушта кандай пайдасы, кандай зыяны болмок? Бул маселе Ажарга чечилбеген караңгы маселе. Ошондо да Ажар эрдүү-катындуу адамдардын өткөргөн турмуштары жөнүндө төмөнкүнү билет: ал кезде Ажардын ондогу кези. Айлындагы бизге тааныш Алымкул байдын эки катыны болгон. Токолу – Айганыш. Айганыштын турмушу эң жаман, мындайча айтканда, итке эле берсин дээрлик. Отун алган, суу куйган, кир жууган, козу байлап, кой сааган – Айганыш. Бул гана эмес, башынан байбиченин таягы да кетүчү эмес.

Муну ойлогондо Ажардын жүрөгү ийне менен сайгандай тыз дей түшөт. Анткени – бүгүнкү боло турган күйөөсүнүн да бир эмес, эки катыны бар. Ажар үчүнчүсү. Ажар, ошондуктан, өзүн Айганышка теңеди, Айганыш болду. Айганыш сыяктуу жаш өмүрү турмуш тепкисинде жүрүп өтөрүнө көзү жетти.

Ажардын дагы бир билгени Буурабай 15 жашар кызы Сааракандына күнү үстүнө – Кожомкул байга бермекчи болот. Кыз көнбөй акыры кедей Сатаркул менен шаарга качып кирип кетет. Кайтып кийин-

ки жылы күйөөсү менен Саарakан атасыныкына төркүлөп келгенде, Ажар аны көргөн. Ошондогу экөөнүн бири-бирин сыйлашканы, бирге олтурса, жанаша чыккан гүлдөй болуп, окшошуп жарашканы Ажарды таң калтырган. Бирок ал кезде Айганыш менен Саараканды салыштырып сынай турган, эки турмуштун бирөөнү өзүнө шайлай турган Ажарда кудурет жок эле. Ажар ал кезде экинчи дүйнөдө болучу.

Турмуш жөнүндөгү Ажардын бар билими ушул. Бирок бөтөн журттун колундагы аялдардын турмушу кандай болуп, күн кечери Ажарга белгисиз. Алардын тили, үрп-адаты Ажарга жат нерсе. Ажар бул сыяктуу журтту биринчи гана көрүп олтурат. Андай болсо, Ажарга кантмек керек? Саракан сыяктуу өзүнүн теңин таап, бирөө менен качмак керекпи? Качканда ким менен качмакчы? Кимди издемекчи? Азыркы саатта ак көңүл, адал ниет, эр жүрөк жаш жигит Ажарга кайдан табылат? Ажар бактысыз. Ажар турмуш кулу. Эмесе, ал, күнү үстүнө бармакчы, үчтүн бири болмокчу.

Бир кезде эшик кычырап, ачылгандай болду. Ал жактан делдек таноо, кара чаар, көзү кылмыйып уясына кирген, ээгинде сербейген буурул сакалы бар, жашы 50–55 тер чамасында, эң сүйкүмсүз бир киши көрүндү. Бул биздин күйөө – Чыр.

Ажар чочуп кетти. Жүрөгү туйлай баштады. Бүткөн боюна калтырак кирди. Анын басканы, дем алганы Ажардын кулагына угулду. Жакындай баштады. Бүркүттүн бутуна окшоп, арбайган кол келип жуурканга жармашты. Чарымдай катуу, муздак дене жылып төшөккө кирди. Ажар жыйрылды, качмакчы, бакырмакчы болду, бирок алы кетти, үнү бүттү, дени өлдү. Колу-буту кыбыроого келбей барып, суук дененин кучагына кирди. Ал жулмалады, кучактады, бооруна кысты... чоп-чоп эткен үн чыкты...

Алты ай өттү. Чырдын сонуну таркады. Мурун Ажарга үзүлүп түшүп, Ажарды кысып-кысып сүйүп, күн сайын койнунда боло турган болсо, азыр жумасында бир, болбосо жок. Чырдын эки катыны да Ажардын кырына чыгып, жакшылык көрсөтүшпөдү. Ажарды таманга чаап, жумушка салышты. Күл чыгарган, чай койгон, от жаккан ким? Ажар. Ажарга ал да аздык кылды. Байбичелердин таягы да тие баштады. Ажар жүдөдү, арыктады, өчтү...

Соңку кездерде алардын көрсөткөн кордугу айтып бүтүргүсүз, Ажардын жанына батты. Ажарга өлүүдөн, болбосо тентип, бир жакка кетүүдөн башка эч бир айла калбай калды.

## V

Майдын аяк кези. Түн... Асман ачык... Мончоктой тизилип көк деңизинде сүзүп жүргөн сансыз жылдыздар бир-бирине ым кагышып жымыңдашат. Жаратылыш койнундагы нерселердин бардыгы да көшүлүңкү тартып, май айынын түнкү коңур, салкын абасына батып, жай алып, таттуу уйкуга бастырылган. Бирок кыбыладан жумшак жел согуп, өсүмдүктөрдүн жазгы жаш жалбырактарын кыймылдатып, желбиретип турат. Алыста ышкырып, «айт-айт таган» күзөтчүлөрдүн үнү угулат.

Акырын басып, Чырдын дарбазасынан Ажар чыкты. Ажарда өң жок, жүдөгөн, узун кара чачы чубалып, аркасында. Элең-селең этип кылчактап ал арт жагын карайт, жүгүрөт, шашат... Ажар чуркап отуруп, энесинин мүрзөсүнө келди. Мүрзөнү кучактады. Капкайдагы бук болгон ичтеги арманын көз жашы менен айтып, буркурап, боздоп, энесинин мүрзөсү менен коштошту. Түбөлүк таттуу уйкуда жаткан Батманын өлүгү да алыска сапар кетип бара жаткан жетимин аягандай болду, күңгүрөндү...

Ажар Какшаалды бет алды. Себеби: Какшаалда турган кыргыздар бар экендигин уккан. Какшаал Турпандын кайсы жагында, нече күнчүлүк жер экендигин да ал жакшы билет. Ажар иш кылып ошол кыргыз элине барып, башын жашырып, Чырдан кутулмакчы.

Ажар чуркап жүрүп олтуруп, таң сүрүүгө жакын калганда, бир калың чычырканактуу токойго келип бекинди. Токой ичиндеги майышкан жаш чөптөр Ажарды аягандай болду; шоодурап, баштарын кыймылдатып, Ажардын кайгысына тең орток боло тургандай, качкан жоосунан кутказып, ээн-эркин өз жолуна сала тургансыды. Буралган көк жашыл сабактары, жаш жалбырактары менен Ажарды жашырды, койнуна алды.

Күн чыкты. Түнү бою тилден калгандай үнсүз жаткан токой ичиндеги барлык нерселер эртеңки күндүн таза, күмүш нуруна балкыды. Ажар да бирге балкып кечке жатты. Бирок уктай албады. Бүткөн боюнун ооруганы, таманынын сыздаганы, жүрөгүнүн дүпүлдөп соккону – аны жашоорутуп, онтолотту. Бул гана эмес, бир жагынан курсагы ачты, ээрди кеберсиди. Алы да начарлайын деди. Байкуш, анысына карабай, каш карайып, ымырт жабылган кезде, сенделип ордунан туруп, кайта жолуна түштү.

Көп убакыт өттү. Таң саргайып ата баштады. Ажар Турпандын четинен өтүп, кургакка чыгып, Какшаалдын четине келди.

Какшаал суусуз чөл, ээн жер боло турган. Бириндеп ар кайсы жерине чыккан алтыгана, табылгы, жылгындары гана болбосо, башка жерлери чөпсүз, кумдуу мейкин талаа.

Ажарга мурункусундай жашынууга ылайыктуу жер табылбады. Издөөгө алы да келбеди. Бүткөн бою салмактанып, буту шилтөөгө жарабай калды. Илгери басайын десе, мүдүрүлүп буту кумга бата түштү. Жыгылып кетти...

Күн көтөрүлүп, ысый баштады. Ажар араң сүйрөлүп барып бир алтыгананын түбүнө жыгылды, жатты... Күндүн ысык шооласы алтыгананын арасынан Ажардын үстүнө түшүп, боргулдантып тердетип, бүткөн боюн ысытып, капалап жиберди. Таңдайы кургады. Суусады. Бир ичим муздак суу көзүнөн учту.

– Алда ай, суу болсо ээ. Бир чыны муздак суу ичип өлсөм, арманым болбос эле... – деди Ажар. Бирок мындай чөлдө суу кайдан болсун, суу жок. Сууга эми бир күн – түн катса, ошондо араң жете турган.

Күн чакчайып чак түш болду. Ысыгы мурункусунан да күчөп, мээ кайнатып турат. Ажардын кубаты кетти, өзөгү карарды. Ысып, тердеп, тили оозуна батпай калды. Чиркин, жан деген кыйын го, кантсин! Шордуу үстүндөгү чапанын чечип, алтыганага жаап, бетине калканчык кылды. «Өлөт деген ушул экен» деп, буркурап ыйлап, олтура кетти. Көп токтоп тура албады, чырым этип уйкуга кетти...

## VI

Майдын кечки салкын жели сокту. Кошоктошуп көктө жүргөн ак булуттар каалгып учат. Жел аларды көрүнбөгөн сүйкүмдүү колу менен түртүп учуруп, Тянь-Шандын көк тирешкен аскаларына айдап барып токтотот. Кээде булуттардын үзүлгөн бөлүндүсү, күндүн үлпүлдөп батып бара жаткан көзүн каптап, Какшаалдын элсиз, мейкин талаасындагы нерселердин баарын да кара күгүүм, ала көлөкө тарттырат.

Талаа тынч... Булуттардын көлөкөсү Ажар жаткан алтыгананын үстүнө түшүп, улакча ойноду. Коңур жел да Ажарды кытыгылады, эркелетти, ойготту.

Ажар кыбырап ордунан туруп, жолуна түштү. Каш карарып, ымырт жабылды. Түн кирди. Бирок сулуу ай муңайып, алтын бууга

боёлуп, чыгыш жактан көтөрүлдү. Аппак нур шооласы менен түндүн мээримсиз караңгылыгын алда кайда кубалап, кең талааны кубантты. Талаа да ыйлап сооронгон жаш баладай, жылмайып, койнун ачып, кучагын жайып, Ажарга жол берди.

Ажар бир аз жол жүрүп келе бергенде, арт жагынан көп нерсенин созултуп улуганы, үргөнү угулду. Ал Ажарга жакындай баштады. Ажардый жүрөгү опколжуп, дүпүлдөп алып учуп, оюна ар түрдүү коркуу сезимдери келди. Бир мезгилде Ажардын айланасына карышкырлар толуп кетти. Баары да ач, кабыргалары саналып, кынжыйып, эң эле арык тилдерин салышып, кыңшылашып, Ажарды камап алышты.

Ажар коркту. Ыйлап жиберди... Жан деген кыйын го, жанын корголоп, жерден тырмалап таш алып, туш-тушуна ыргытты. Качты. Жүгүрдү... Колу-буту ташка тийди. Айрылды. Кызыл-ала болду. Шордуу ага карабай жаш денесинин алып учкан кызуулугуна берилип, жүгүрүп олтурду. Бирок илешкен жоо калучубу? Ажарды бура бастырбады, кутказбады. Тийип качып, алды-артын тороп, бир алтыганага камады.

Ажар жан талашып, жанын сыйпалап, жанынан жарты боо ширенке тапты. Оттон карышкыр качат деген бала кезиндеги энесинен уккан сөз оюна түштү. Ширенкенин бирөөнү тартып жиберди. Тегеректеп алгандар жалындуу отту көрүп, азыраак алыстады. Ширенке өчтү... Карышкырлар кайта качырышты. Айтор, эстен танган Ажар, карышкырлар жакындап кирип келген сайын, ширенке тартып жатып, көбүн жерге чачып, ширенкесинин аягына чыгып болду. Жалгыз гана бир тал ширенкеси калды.

– Шамдай жанган жаш жаным, ушул ширенке өчкөндө, сен да кошо өчөт экенсиң, мына эми өчөм, карышкырга жем болом... – деди Ажар.

Ажар бирөө айткандай, жанындагы алтыганага өрт койду. Алты ай жазы менен жаан көрбөй күнгө куурап, араң турган алтыгана, ширенке жанданганда эле дүркүрөп асманга чыкты. Оттун жалындуу кызгылт ак шооласы учуп алып ыраак кетти. Айланасындагы нерселерди койнуна алып, апайкын кылып, бадырайып, Ажарга көрсөттү.

Карышкырлар жоголуп калышты, кеткендей, качкандай болушту. Ажардын биртике акыл-эси кирейин деди. Анын медери, жөлөгү

жалгыз ал – от. Андан чыккысы, кеткиси келбейт. Бардык үмүтү, тилеги, күн көрүү, өмүр сүрүү – ошол отто. Ошого байланышкан. От өчсө, от менен бирге Ажар да өчмөк.

От бастап, өчүүгө айланды. Кайтып алыстан карышкырлар улушту, жакындашты, Ажардын алды-артын тороп, айлантып, курчап алышты.

Ажар чындап эми жанынан үмүт үздү. Таянган жалгыз отунан ажырарын, жоосунун колуна түшөрүн, райымсыз жырткычтарга жем болорун билди, көңүлү караңгылады. Акылы, алы кетти. Эси ооду. Көзүнө жер, чөптөр, тоо-таш – баары да жоо болуп көрүндү. Арбайып-тарбайып, оозун ачып, жакындап келе жаткан сыяктанат. Ага айла кылмакчы, каршы турмакчы болду. Колу менен чоктуу күлдү шилеп, жан жагына ыргытты, чачты. Карышкырлар болбоду, күчүнө алды, кыңшылашып туш-тушунан качырышты.

– Мына эми, мен силердики, алгыла! – деди Ажар. Башка сөз айтууга кубаты келбеди. Жыгылып кетти...

Үстүнө карышкырлар үймөлөктөшүп калды. Жемди талашты, ырылдашты, ары-бери сүйрөштү. Чырылдаган Ажардын аянычтуу үнү гана угулду...

Асмандагы көп жылдыздар Ажарды аяшты, кызганышты, сулуу ай да муңайып, Ажарга актык нурун берип, кош айтышты.

Кош, боорум! Сага окшоп, өз боштондук, өз теңдигин талашып, кулдуктан кутулууну самаган эчен миңдеген ага-туугандарың, эжесиңдилериң канкор падышанын куугуну, сүргүнү астында тепселишти, көбү максатына жете алышпай, арманда кетти. Кыргыздын далай кыздары, балдары жер суусунан, эли-журтунан, ата-энесинен ажырашып, кан какшады... Сен ошолордун бирөөсүң. Сен көздөгөн тилегиңе жете албастан, азаттык, теңдик жолунда, ээн жер, элсиз чөлдө арманда кеттиң...

Кош, боорум Ажар!

# Касымалы Баялинов

(1916–1996)

Кыргыз адабиятынын негиз салуучуларынын бири Касымалы Баялиновдун чыгармалары мектеп программасына кирип, көп жылдардан бери жаш муундарга адабий мурас катары окутулуп келе жатат. Бул жыйнакта жазуучунун мектепте өтүлүүчү аңгемелери жана «Ажар», «Көл боюнда» повесттери киргизилген.

Кыргыз элинин тарыхындагы эң трагедиялуу учурдагы Ажар сыяктуу алдыңкы жаштарынын эркиндик үчүн болгон күрөшү «Ажар» повесттинде терең реализм менен сүрөттөлгөн. Туулуп өскөн эл-жеринен, эркелеткен ата-энесинен ажыраган Ажардын өз эркиндиги үчүн тайманбай жолго чыгышы, жаш өмүрү жана келечеги үчүн акыркы мүнөттөргө чейин талыкпай күрөшүүсү ишенимдүү берилген. Эзелтен эркиндикти сүйгөн кыргыз кыздарынын каармандыгы, кыйын кезеңдердеги кайраттулугу жана Ата Журтуна болгон аруу сезимдери чагылдырылган «Ажар» повестти окурмандарды азыр да терең ойго салат. Касымалы Баялиновдун «Көл боюнда» повести да согуштун катаал мезгилиндеги оор сыноолордон майданда жана ооруктагы эл менен бирге татыктуу өтө алган эки жаштын сүйүү сезимдерин чагылдырып берген. Башкы каармандар Жапар менен Жамийланын тагдыры аркылуу тарыхый улуу бурулуштарда күжүрмөн эмгек менен, асыл сезимдер жана мекенчил максаттар менен бириккен эл, коом бардык кыйынчылыктарды ийгиликтүү жеңе ала тургандыгын көрсөткөн.